
И. В. МОЖЕЙКО

ААЛАМДЫН 7 ЖАНА 37 КЕРЕМЕТИ




И. В. МОЖЕЙКО ААЛАМДЫН 7 ЖАНА 37 КЕРЕМЕТИ

63.3(0)/кир
М74

И. В. МОЖЕЙКО

ААЛАМДЫН 7 ЖАНА 37 КЕРЕМЕТИ



ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН» 1991

ББК 63.3(0)
М 74

Орусчадан которгон *Зарылбек Турсуналиев*

78584

БИБЛИОТЕКА
...ского государственного
...педагогического института
ИНЯ

Можейко И. В.

М 74 Ааламдын 7 жана 37 керемети /Орусчадан котор. З. Турсуналиев. — Ф.: Кыргызстан, 1991.— 336-б.
ISBN 5-655 00734-7

Бул китепте Азия менен Африканын көптөгөн өлкөлөрүндөгү маданий эстеликтер, чыгыш маданиятынын көп кырдуу жана кайталангыс кереметтүүлүгү жөнүндө баяндалат. Ошолордун жасалыш тарыхы, мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жана аларга байланыштуу ар кандай уламыштардан түзүлгөн очерктер эл, жер санжырасына кызыккандар үчүн өтө маанилүү маалымат бererинде шек жок.

Китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

М 0503010000—06 / М 451 (11)—91 — 19—91

ББК 63. 3(0)

В книге рассказывается о памятниках культуры многих стран Азии и Африки, о многообразии и оригинальности восточных цивилизаций.

© «Наука» басмасынын чыгыш адабияттарынын башкы редакциясы, 1983
© Можейко И. В. 1991-ж, Кыргыз тилине которулду.

ISBN 5-655 00734-7

КИРИШ СӨЗ

Кереметтин саны жетөө: Египет пирамидалары, Галикарнас мавзолейи, Родос алпы, Александрия маягы, Эфестеги Диана ибадатканасы, Олимпиядагы Зевс айкели жана Семирамиданын асма багы.

Булардын саны жети санынын табышмактуу сыйкыры менен, адамзат зардесинин чектелген мүмкүнчүлүктөрү менен, байыркы дүйнөнүн чен-өлчөмү менен, ары эң башкысы, салттардын туруктуу сакталышы менен аныкталат. Болжол менен, биздин эрабызга чейинки III кылымда кимдир бирөө кереметтин үлгүсү деп ушул жетөөнү оозанган экен, бул пикирге аалам калкынын Жер ортолук деңизинин жакаларында жашаган бөлүгү эч шек келтирбестен ынанат да, бирди-жарым жергиликтүү патриоттор гана негизги принцип менен келише отуруп, ич ара түзөтүү киргизген экен. Маселен, Рим акыны Марциал ааламдын жетинчи кереметі Колизей деп билсе, башка бирөөлөр Александрия китепканасын, үчүнчүлөрү Пергам мехрабын атаган.

Рим кулаган соң миң жылдан кийин, адамдардын түшүнүгү өз чөйрөсүнөн ары өрүш уланткан кезде, ааламдын кереметтерин кайтадан эске ала баштаган. Бул кезде көөнө дүйнөнү касиеттүү тутуучулуктун күчөгөнү өтө зор болуп, кээ бирлери жер бетинен алда качан жексен болгон, тек байыркы кол жазмалар менен аңыздардан жаңырыгы гана жеткен ааламдын жети кереметі алымча-кошумчасы жок түпкүлүктүү кудуреттей кабыл алынат. «Ааламдын сегизинчи кереметі» деп келишкен белгилүү каңшаар ошол кезде пайда болот.

Сегизинчи кереметтин санатына Пальмира, Петербург, Венеция, а түгүл Эйфель мунарасы да кошулат. Тогузунчу кеpемет болгон жок, болушу да мүмкүн

эмес эле. Калыптанган эрежелерден кийин, жети кереметке башкалардын баарынан талашсыз артык экенин көрсөтүүчү адам колу менен жасалган бир гана нерсени кошуу керек болчу.

Гректер эң сонун саякатчы болгону менен, Жер ортолук деңизинен алыска сейрек чыгыша турган, ошол себептүү алар Индиянын, Түштүк-Чыгыш Азиянын же болбосо Кытайдын ички аймагын аз билген, ал эми Африканын түштүк Сахара жагынан кабардар болгону так эмес. Гректер коңшу деңиздерге чыга баштаган кезде, алардан тышкары жерлерде пайда болгон, болбосо кыйраган же унутулган жана субъективдүү катаал тандоодон кийин дүйнөгө келген кереметтер «жетинин» санына кирбей калды. Тарыхый адилетсиздик ушундайча пайда болду да, анын шарданы белгилүү кереметтерди алмаштыргысы келген аракеттерге түрткү берди, ошентип, «сегизинчи» керемет деген түшүнүк дүйнөгө келди.

Эгер материалдык бүлгүн келтирбесе, кез келген тарыхый адилетсиздикти түзөтүүгө болот! Анын үстүнө адилетсиздик дегенибиз шарттуулук менен сабакташ болсо, анын жарасы абдан жеңил. Ошондуктан мен көөнө талдоо менен талашка түшпөй, тескерисинче, аны туур тутуп отуруп, байыркы эллиндердин назарына түшпөгөн ажайып эстеликтер менен белгилүү тизмени толуктоого аракеттендим.

Соңку беш миң жылда адамзат не бир айтылуу өнөр туундуларын дүйнөгө апкелди. Ошонун кайсынысын кереметтин сапатына кошмоксуң? Калыбы, ошол калктын маданиятында айрыкча маныздуу, тендеши жок татынакай, ага кошо төгөрөк Жердин башка да тургундарына тарыхы менен маданияты үчүн кайталангыс болсо, ошондо гана кереметтер санатына кошкон ылайык.

Дегинкиси, мындай талдоо менен келген күндө адамзат маданиятынын ажайып эстеликтерин текши камтуу мүмкүн эмес. Анткени, бир эмес, эки эмес, он китептин өзү бул максатты жүзөгө ашыруу үчүн аздык кылмак. Амал жок, кошумча талдоо — талаптар менен чектелүүгө туура келди... Ошонун натыйжасында 1969-жылы «Наука» басмасынан «Башка 27 керемет» деген ат менен китеп жарык көргөн болчу.

Бул жыйнакка Азия топурагында дүйнөгө келген жыйырма жети керемет тууралу аңгемелер топтоштурулган. Азия — эң бир көөнө да, албан түрлүү ма-

дания бар, дүйнөлүк маданияттын өсүп-өркүндөшүнө көп жагдайларда таасир эткен кургактык. Мындагы эстеликтерге кыскача токтолуп (арийне, алар 27ден алда канча көптүк кылат), бир китепке тизмелеп сыйгызган менен, дүйнө жүзүнүн кереметтерин камтуу мүмкүн эмес. Тарыхтын дүрбөлөңдүү окуяларына байланыштуу, байыркы дүйнө эстеликтерине караганда, азиялык маданияттын эстеликтери улагада калып келгени ырас. Бүгүнкү күндө Чыгыштын ар түрлүү аймактарын аралап, китепке кирген эстеликтердин бир тобун өз көзүм менен көрүүгө туура келди.

Кээ бир жагдайда тигил же бул эстеликтин маданий баалуулугу тууралу орунтуктаган пикирлерге арка сүйөп отурдум. Бул ыңгайда Таж-Макал, Боробудур, Ангкор эстеликтерин атоого болот. Калың окурманга белгисиздей болгону менен китепке кирген Паган, Баальбек, Канарак сыяктуу эстеликтер сөз жок, «дүйнөлүк маанияге» ээ кереметтердин катарына кошулат. Эгер менин тандоомо өткөн замандын эки же андан да көп бирн-бирине окшоштой ажайып эстеликтери туш болсо, ошонун ичинен дүйнөгө келүү тарыхы, кийинки тагдыры кызыктуу дегендери гана мыскалданып иргелип отурду. Бирок Сигирия фескалары менен Аджантаны, Канчипурам ибадатканасы менен Канаракты, Тодайдзи менен Камакураны салыштырып, биринен-бири артык деп талашуунун негизи жок. Мунун тигиниси да, мунусу да айтып бүткүс кундуу, андыктан, көпчүлүккө арналган китепти кургак тизмеге айландырбоо үчүн бир аз эстеликтерди аттап өтүүгө аргасыз болдук. Ошондуктан кээ бир субъективдүү тандоолорубуз бирөөлөргө терс көрүнүшү абдан ыктымал. Буга көнгөндөн башка чара жок.

Дагы бир айта кетчү нерсе: кээ бир элдер менен аймактар ошол замат оозго алынып, башкалары унутта калып жатат. Маселен, Бирмадан төрт эстелик сөз болсо, Таиланд оозго алынбайт. Ошондой эле, Индия менен Шри Ланка (Цейлон) эстеликтери өзүнчө бир тарамды кураса, Япониядан бир гана эстелик сөз болот. Мунун бир себеби — көп жылдар Бирмада туруп, мындагы эстеликтерди Япония менен Таиланд кереметтеринен көрө жакшырак билгендигимден да болор. Таж-Махалды, Чандрагупта колонналары менен Фатехпурсикрини көрдүм. Орто Азия-

да бир нече ирет жана Жакынкы Чыгышта да болдум, ал эми, тескерисинче, Кытайды аз билем. Арийне, билгениңди жазганга не жетсин. Демек, буга карап «кереметтер» санатына кошулуучу Японияда маданий эстеликтер аз экен же болбосо Таиландда эчтеңке жок экен деген түшүнүк туулбашы керек.

«Башка 27 керемет» китебим жарык көргөндөн кийин, арадан бир аз убакыт өткөндө, мага ушул китепти толуктап, кеңейтип жазуу сунуш кылынды. Ошондо, мурунку географиялык алкакта калган тууралбы же жокпу, Азиянын чек арасынан ары чыгуу керекпи, деген суроо туулду. Менин оюмча, Азиянын тарыхы менен маданиятына байланыштуу Чыгыш деген түшүнүктүн алкагын кеңири камтып караштыруу туура сыяктанды.

Ал эми Африканын маданий эстеликтерин камтуу тематикалык жактан кажеттүү деп билдим. Адамзат цивилизациясынын киндиги болгон түндүк африка жана жакынкы чыгыш бир-бири менен ирегелеш гана эмес, элдердин жер оодарышы, идеялардын оошушу, аскердик жортуул жолдору менен мамлекет чек араларынын өзгөрүп отурушу аркылуу бир-бирине таасир этип отурган. Бул жагдайлар Чыгыштын соода жолдору чырмактаган Азия менен Африканын бир-бирине тийгизген таасирин таанып-түшүнүүгө мүмкүндүк берди. Маселен, Инди ибадатканаларынын Түштүк-Чыгыш Азияда болушу, парсы ибадатканасынын Индияда салынышы, Кытай чөйчөктөрүнүн сыныгы Зимбабве урандыларынын ичинен чыгышы же болбосо аймактардын коюндашып жаткан байланышы айгинелейт.

Демек, колуңуздардагы китеп «Башка 27 керемет-тин» кайта басылышы гана эмес, ага «африкалык» тарам кошулган, кээ бир тарамдары кайта оңдолуп, өзгөртүлүп, ал түгүл жаңы материалдар менен толукталып отурат. Ушундан соң, алгачкы тарамды өз алдынча атап, ааламдын асыл нускалуу жети кереметине арноону жөн көрдүм. Мунун басымдуу көпчүлүгү ушул китепте сөз боло турган кереметтер менен сабакташ, Азия жерине орунтуктаган. Анын үстүнө кээ бирөөнүн аты маалым болгон менен, затын окурман журтчулуктун биле бербеши да мүмкүн.

Ушул китепти жазууга таануучулук максат гана демилгечи болуп койгон жок, ошону менен бирге, тарыхый проблемалар да түрткү болгон.

Аркы-берки заманда ажайып ибадатканаларды, айкелдерди, фрескаларды дүйнөгө апкелген азия, африка өлкөлөрү биринен сала бири европа державаларынын оторуна айланды. Мунун өзү ондогон, ал эмес жүздөгөн жылдарга созулуп, ушул кылымдын жоон ортосуна чейин жетти. Бул төгөрөккө алгачкы ирет европа оторлоочуларынын туягы илинген кездин өзүндө эле, Канарактагы Кара пагоданын (сагананын) же болбосо Делидеги темир колоннанын кимдин колу менен, качан тургузулганы унут болууга үлгүргөн эле. Эстеликтер тарыхы аңыз менен ашташып кеткен. Бул жагдай ала качма аңгемелерге да тээк болду.

Европа тарыхчылары менен оторчул төбөлдөрдүн жөөлүгөн сөздөрү өтө жөнөкөй болчу. Алардын оюнча: европалыктар мындай эч нерсени дүйнөгө апкелбесе да, ошол артта калган элди оп-оңой багындырып алды, демек, мындагы кереметтерди багынган элдин дүйнөгө апкелиши мүмкүн эмес. Анда ким болгон?

Маселен, Бирма оторлонгондон кийин Британдык Индиянын бир провинциясына айланды да, Британия империясынын курамында өзүнчөлүк укугунан да айрылып калды. Ошентип, Бирманын эзелки борбору Пагандагы ибадатканалар эч кандай илимий негизсиз эле бир ооздон Индия ибадатканаларынын көчүрмөсү деп таанылды. Ал эми, Зимбабведеги албан таш курулуштарынын өтө орошон болуп көрүнгөнү ушунчалык болсо, аны африкалыктардын тургузушу мүмкүн эмес деп эсептелди. Аларды Африканын түштүгүндө курулуш жумуштары менен алпурушкан Сулайман падыша менен финикийликтер салган имиш. Ифедеги айкелдер бийиктигине жеткен реалисттик кемтиксиздиги менен, эч кандай күмөнсүз, ажайып өнөр санатына кошулат. Булардын да авторлору оп-оңой көөнө гректер менен атланттар болуп чыга келди.

Бүгүнкү күндө археология, эпиграфика, тарых бир аз акыйкаттык бет пардасын ачып, бирмалыктарды «артта калган» деген пикирдин тайкы экенин айкындап берген сыяктуу. Бирок, бул акыйкат акыр аягына чейин салтанат курду дегенди түшүндүрбөйт. Эми өткөндүн ашкан арамзалыгынан башка, жаңы коркунуч пайда болду. Бул жолку коркунуч көктөн төнүп отурат.

Бүгүнкү күндүн купуя кумарлары жиндер менен перилерге канагаттануусу караманча койгон. Азыр ишеним-ынанымдын үстүндө илимге түспөлдөш жамынган кементай бар. Алиги, космостон курулуш куруу үчүн келген кудурети күчтүү башка планеталыктар тууралуу ала качма болжомдор ушундайча туулган. Мындан да өткөн осолдугу ошол, жанагы ойду айткан бетпактар Чыгыш цивилизациясын талоонго салды. Биздин бабаларыбыздын Египет пирамидаларын, Баальбек ибадаткаланарын тургузушу, Делидеги темир колонаны куюшу, ал эмес Тассилидеги фескаларды сылышы мүмкүн эмес деген сөзгө толгон китеп беттери менен кинофильм кадрларынан аяк алып жүрө албайсыз. Мындай желбооз пикирлердин таман тирер жери — белгилүү бир ибадаткана менен монументтин качан салынганын, кандай салынганын баары эле биле бербейт дегенге апкелип такайт. Андайда, көктөн келгендерди даңазалоочулар Эйфель мунарасы менен Москва Кремлинин курулушун эмнеге башкага тануулабаганына бир туруп таң каласың. Балким, француз менен орус тарыхын биле бербеген Индонезия тургундарын мындай болжомго ынандырууга болобу.


Бир чындыктын башы ачык: бүгүнкү бейкүнөөлөр үчүн аткарылган жумуштун кемтиксиздиги менен көлөмдүүлүгү миң мертебе алардын акылына сыйбаса да, керемет аталгандардын баары сырттын көмөгүсүз жер бетиндеги адамдардын колунан бүткөн. Менин максатым да кайыптан пайда болгон «күмөндүү» кереметтердин баарысы тең Таж-Махал же болбосо Хиванын ар бир эле мунарасы сыяктуу жер бетинде жасалганын көрсөттү.

Сөз аягында, «керемет» деген түшүнүк байыркы замандан бери орунтуктаган салт боюнча кең маанисинде колдонула турганын эскерте кетким келет (асыресе, Александрия китепканасы сыяктуу «чектен тыш» кереметтерге тиешелүү). Кереметтер санатына туташ калаалар, ал гана эмес Түркиядагы Гореме сыяктуу жерлер да кошулат. Ошондой эле бир нече миң чакырымга созулган — Улуу Кытай сепили, ондогон чарчы метрди алып жаткан Бехистун жазмасы, же болбосо Сигирия фескалары, колго кармап көрүүгө боло турган Ифе айкелдери сыяктуу кереметтер менен таанышууга болот. Китептин максаты адамзат тарыхында Чыгыш маданиятынын ал-

бан түрлүү байлыгы менен баа жеткис орду бар экендиги тууралуу кабар берүү.

Төмөндө сөз болуучу эстеликтердин дүйнөгө келгенине далай кылым өтсө да, алардын тарыхы тууралу ачгеме аякталмак эмес. Ал гана эмес, андай эстеликтен жер бетинде из калбаса да, ачгемелөө аркылуу боло бермек.

Бул китептин биринчи басылышы жарык көргөндөн бери этнографиялык, археологиялык жаңы даректер табылды, кээ бир табышмактын түйүнү чечилип, анын күдүк-күмөндөрү пайда болду. Ошондуктан автор экинчи басылышын сунуш кылуу менен, китептин мурунку курулушун аяктаган менен, аз да болсо керектүү деп тапкан түзөтүүлөр менен толуктоолорду киргизди.



I-БӨЛҮК

БИРИНЧИ ЖЕТИ КЕРЕМЕТ



Адегенде «жети керемет» деген түшүнүк пайда болгон кезде (биздин доорго чейинки III кылым), ушул кереметтердин баары бар эле жана алардын басымдуу көпчүлүгү убакыт табына да учурабаган, адамдардын колу тийбеген болчу. Эң башкысы, оп-оңой карап чыгууга болот. Александр Македонскийдин (Искендер Зулкарнайн) империясы түзүлүп, эллинизм пайда боло баштаган кезде, тогуз жолдун тоомуна айланган Жер ортолук деңизинин эзелки доорунда абазгөй саякатчылар үчүн жети кереметти тегиз көрүп чыгууга бир нече ай толук кетчү. Бир кызыгы ошолордун баарысы тең (Вавилондон — Бабылдан башкасы) деңиз жээгине жакын жайгашкан. Вавилондун өзүнө да сансыз тарам соода жолдору жалгашып жаткан.

Көп кечикпей кереметтер биринен сала бири жоголо баштады. Ал гана эмес, Рим саякатчысынын өзү жети кереметти толук көрө албай калды. Ал эми бүгүнкү күнгө, кызык болгондо, кереметтердин эң көөнөсү — Египет пирамидалары жетти.

Биринчи керемет

ЕГИПЕТ ПИРАМИДАЛАРЫ

Жер бетинде эң таанымал эстелик — Египет пирамидалары. Андан өткөн таанымалдууну табуу мүмкүн эмес. Анан калса, атактуулардын ичиндеги эскинин эскиси экенин ким билбейт. Мындан беш миң жылдай мурун тургузулган Египеттеги фараондордун төртүнчү мууну—Хафу (Хеопс) менен Хафрага (Хефрен) орнотулган бийик күмбөз убакытка да, жоо-

лошкондорго да былк этпестен түтүп келди. Ал салынгандан кийин Египет мамлекети үч миң жылдай өмүр кечти. Далай фараон менен падыша тактан тайды, бирок, Египет маданиятынын мөлтүр башатында дүйнөгө келген пирамидалар өз элиндеги гана эмес, бүткүл дүйнө жүзүндөгү эң кудуреттүү имарат болуп калды. Эгер биз 1889-жылдан баштап, Хеопс пирамидасы дүйнө жүзүндөгү бийиктиктин биринчилигин Эйфель мунарасына берди десек, анда имараттын салыштырууга болбой турган касиетин кургак сандар менен чүмкөгөн болор элек. Пирамидалардын бийиктиги анын көп кырдуу касиеттеринин бир жагы гана. Бийиктиги 137 метрлик ушундай бийик имарат (кыл чокусу үбөлөнүп түшпөй турганда 147 метр болгон) ар бири таасын жылмаланган 2300 000 акиташ кесегинен каланган. Анын ар биринин салмагы эки тоннага жетет. Эч кандай механизмсиз тек гана шынаа менен барскандын жардамы менен Нилдин жээгиндеги таш казмалардан омуруп, алынган албан таштар ошол жерде өңдөлүп, папирус аркандардын жардамы менен сууга жеткизилген. Ал жактан курулуш аянтына апкелишип, андан ары пирамиданын бийиктиги менен бирге көтөрүлүүчү эңиштеген дөбө аркылуу кылда башына чыгарылып турган. Геродоттун ишендире айтканына караганда, пирамида жыйырма жыл салынган. Курулуш иши менен бир мезгилде жүз миң адам алпурушуп, алар ар бир үч айда алмаштырылып турган. Булардын ичинде үч айда канча адамдын тирүү каларын фараондун жазгычтары гана билген. Бир адамга мүрзө болгон пирамиданы салуу үчүн канча адамдын курман болгону бизге белгисиз. Өлүмдүн кара түнөк дүйнөсүнө фараон өзү менен бирге ондогон, ал гана эмес жүздөгөн багыныччууларды ала кеткен. Деген менен, мында бир нерсе айдан ачык: элдин ушундай жыйырма жылдык эрдигине, менин оюмча, маанисиз орошон зор эрдигине тек гана египеттиктер менен коңшу өлкөлөрдөн келген кулдардан башкалардын эч кандай катышы болгон жок. Курулуштун ар бир баскычын сүрөтчүлөр тартып калтырышкан, аны бүгүнкү археологдордун изденүүлөрү далилдөөдө. Керек болгон учурда, курулушчулардын бардык ишаракетин далма-дал кайталап, пирамиданы ошол калыбында жаңыдан салып чыгууга болор эле. А түгүл, таш казмадан албан таштарды сүйрөй турган

папирус аркандар менен таш сомдоочулардын курал-жабдыктарына чейин табылууда.

Биз Египет пирамидаларынын пайда болуу сырына ой толгой электе эле, аларды жөн гана факт аретинде кабылдайбыз. Биз аларды экономикалык көз караштан түшүндүрүп бере алабыз: кошумча өнүм жыйылып көбөйүп жатты. Ошол байлыкты коом өзүнүн бийлеп-тескөөчүлөрү аркылуу көктүн асты менен жер үстүндөгү өктөмдүгүн ашыруу ишине жумшоодон башка амал таппады. Ошол сыяктуу башы тоголок пенденин ой-кыялын өзүнө сыйындырып коюу үчүн тирүү кудай — фараон о дүйнөдөн бейпил орун алмак болду деп, алардын пайда болушун психологиялык көз караштан да түшүндүрүп бере алабыз. Ошондо, андай турак эмне үчүн пирамида болушу керек? Эмне үчүн ушундай албан мүрзө ичинде алмага түшкөн курттай болуп, фараондун табыты жашырылган? Кантсе да, айтор бирөөнүн пирамиданы ойлоп таап, негизге салып, кураштыруусу керек го, мындай курулушту фараонго сал деп сырттан келгендер айтпаган болуш керек?

Андай даанышман, калыбы, адамзат тарыхында аталып өткөн тунгуч даанышмандын ысымы да, ал гана эмес өң-турпаты да белгилүү. Аны көзүнүн тирүүсүндө да таанышып, өлгөндөн кийин да миңдеген жылдар бою эске сактап келатышат. Андай болсо, ал адамдын аты — Имхотеп экенин биздин да айта кеткенибиз абзел. Леонардо да Винчинин алдында айтылуу жол башчысы болгон дегенибиз абдан адилеттүүлүк болор.

Өзүнүн ишмердик жөндөмү менен аткарган жумушу жагынан Имхотеп ар жактуу, ары даркан жандуу даанышман. Ал —үчүнчү мураскорлуктун керегесин тургузган Джосерге замандаш (биздин заманыбызга чейинки үч миңинчи жылга жакын). Ага чейинки, атап айтканда, биринчи мураскорлукка чейинки төрт кылым бою бириккен Египет элинде таш үйлөрдү салуу салты болбоду дейлик. Кадимки үйлөр жыгачтан, камыш менен балчыктан салынып, ал сарайлар менен мастабалар (туур таштар) — ороолонгон курулуштар ширецке кутусу сыяктанып кирпичтен, чийки балчыктан, көбүнчө күйгөн кирпичтен согулган.

Фараондордун салты боюнча Джосер да көзүнүн тирүүсүндө эле өзүнө күмбөз — *мастаба* салдыра

баштаган. Анын калдыктары али да бар. Бирок күмбөз салынып бүткөн менен ага Джосердин жамбашы деле тийген жок.

Кебетеси, фараондон Имхотеп жаш киши (Джосер сексен жыл падышалык кылып, узак жашагандыгы маалым) болгондуктан, Джосер падышалыгынын орто ченинде гана фараон менен архитектор кездешкен болуу керек. Бул кезде күмбөз — мастаба-курулушу бүтүп калган. Фараондун алгачкы күмбөздү таштан салып, Имхотеп ойлоп тапкан пирамиданы салдыра баштаган себебин мына ушундайча түшүнүүгө болот. Бул жолу, арийне, таш гана пайдаланылган.

Пирамиданын көрүнүшү мындай эле. Мурунку салттуу күмбөз-мастабанын үлгүсүндөгү орошон зор пирамиданын үстүнө бир тепкич кичирейип, экинчи бир пирамида орнотулмак. Ушундайча алты жолу бир-бир тепкичтен кичирейе каланган пирамиданын бийиктиги жетимиш метрге жеткен.

Имхотеп салган экинчи курулуш да Джосер ысымы менен байланыштуу. Бул жолу биринчи ирет фараондун сөөгүнүн үстүнө таштан каланган ибадаткана комплекси курулду. Ырас, Имхотеп көнүгүп калган жыгач архитектурасынан караманча кол үзүп кеткен жок. Ошондон да болуу керек, бул курулуштун колонналары, төбөсү, маңдай жагы менен капталдары Египет архитектурасындагы жыгач менен кирпичтен салына турган салттуу өрнөктөрүн айныбастан кайталаган. Арадан жүз жыл өткөндө мурунку үлгүдөн ажырап, жаңы түргө ээ болду.

Имхотеп даанышман бир гана курулуш иши менен чектелип калбаган. Көөнө замандагы көптөгөн даанышмандар сыяктуу, Имхотеп да олуя атыга жүрүп, урпактар эсинде улуу балгер, сыйкырчы иретинде калган. Анткени, илимдин башталыш мезгилинде өмүр өтөгөн илимпоздордун өмүрү милдеттүү түрдө балгерлик менен ашташып жатат. Египет адабиятынын бет ачаары сыяктуу. Имхотептин «Макал-лакаптары» фольклордо сакталган. Анын жазуучулук даңкты ишке ашырышы да кызык. Ал өлгөндөн кийин жазгычтарды колдоочу кудайга айланган. Жазгычтар колуна калем алгандан мурун жерге суу чачып, өздөрүнүн колдоочу кудайына кан чыгарбай курмандык чала турган болушкан. Имхотеп ал гана эмес эки жолу кудай деп таанылган. Арадан эки жарым

миң жыл өткөндөн кийин байыркы гректер ага медицанын кудайы катарында сыйынган. Имхотептин айкели, калыбы, илимпоздорго орнотулган эң алгачкы айкел болуу керек. Бул айкелдин сыныктарынын фараондун ибадатканасындагы бир капшытынан табылышы — накта илимпоздун көзү тирүүсүнө эле урматка бөлөнө тургандыгын далилдейт. Ал эми кийинки заман калдыктарында дүйнө жүзүндөгү музейлерден Имхотептин коло же таш айкелин кездештире албайбыз. Анын урматына Мемфисте орнотулган ибадаткана бар.

Экинчи керемет

ВАВИЛОНДУН АСМА БАГЫ

Вавилондун (Бабыл) асма багы пирамидага караганда жаш. Ал салына баштаганда эл-журт «Одиссеяны» күнүгө тыңшап, грек калаалары улам бири кереге көтөрө баштаган. Ошол мезгилде бул бак грек ааламына караганда Египеттин байыркы дүйнөсүнө алда канча жакын. Ушунчалык атактуу курулуш эски Египет менен ары тушташ, ары теңтайлаш болгон ассирия-вавилон державасынын күнү өтө баштаган мезгилдин айгагы сыяктуу. Эгер пирамидалар далайдын өмүрүнө күбө болуп, кылымдарды тепчип өтсө, асма бактын кудурети да, борпоң кыш капталы көп кечикпей Вавилон менен кошо кулады. Кайран ак чайыт калаа, көөнөнүн көзү...

Вавилондун күнү бүтө баштаган. Мурункудай улуу мамлекеттин борбору эмес, парсы баскынчыларынын келесоо, кеңкелес сатрап-төрөлөрүнүн бирине конуш болуп гана калган. Так ошол кезде ааламдын бир да бир кереметин салбаган, бирок өткөн замандардын улуу эстеликтеринин дүйнөгө келишине же жоголуп кетишине себепчи болгон, ошондуктан ушул китептин белдүү кейипкери катарында, өз заманында бүткүл Чыгыштын чаңын асманга сапырган атактуу Александр Македонскийдин (Искендер Зулкарнайн) аскери калаага кирген.

Биздин доорго чейинки 331-жылы Вавилон тургундары македондуктарга элчилерин жиберип, Вавилонго бейкут ниет менен киришин өтүнүшкөн. Александр ааламдын айтылуу калаасынын кунары кете

баштаган мезгилине туш болсо да, анын байлыгы менен салтанатына айран калып, бир аз аялдайт. Вавилон Александрды азаттыкка чыгаруучу катарында каршы алат. Ал эми, ал багындырууга тийиштүү болгон айкөл аалам али алдыда болуучу.

Арадан он жылга толор-толбос убакыт өткөндө, дүйнөнү дүңгүрөткөн жагдайдын жайы белгилүү боло баштады. Чыгыштын бийлеп-тескөөчүсү Александр сегиз жылкы адам чыдагыс азап-тозоктон кийин абдан чарчап-чаалыкса да, ичиндеги албан-албан ой толгоолору менен Вавилонго кайта келди. Ал Египетти басып алууга, андан кийин Батышка аттанып Карфагенди, Италия менен Испанияны багындырууга, андан ары ошол кездеги ааламдын чеги — Геркулес түркүктөрүнө чейин барууга бел байлаган. Бирок даярдыктын пакта кызыган кезинде ооруп калат. Бир нече күн бою катуу сыркоолоп жатып эле, кол башчылары менен кеңешип, жортуулга чыкчу кемелерди камдатат. Буга калаанын аптаптуу чаңдак кези тушма-туш келет. Жайкы саратан калаанын көп кабаттуу саргыч үйлөрүн мончодой сызгырат. Мындайда жоокерлердин инди чек арасынан апкелген арзан кулдары менен асылзаттарына толгон көчө базары да таркап, киши аягы тыйылат. Ал эми ысык менен чаң кең сарайдын калың дубалдарынан өтө колкосу кооптуу Александрдын демин кыстыктырат. Ушул жылдардын ичинде өз ээлигиндеги Чыгыштын аптабына көнүгө да албай койду. Ал өлүмдөн коркуп, айлапаны жыйган жан эмес го, башкасын мындай койгондо, өзүнө келген ажал сааты менен далай ирет бетме-бет келген. Анын тынчын алган өлүм мындан он жыл мурун келсе, балким, өкүнбөс да эле, так азыр тирүү кудайга айланган чагында алда кандай болуп кетүү акылга сыйбаган иш сыяктуу. Александр чаң менен аптап жайлаган жат калаада, өзүнүн саялуу Македониясынан ыраакта, тагдырдын таалайына жазганын тындырып, дегеле өлгүсү келбеген. Ушул убакытка чейин дүйнөнүн жармы туяк серппестен атынын таманында тапталганда, мына бүгүн ошол дүйнөнүн калган жармы да кошулуш керек го. Ал Батышты көзү менен көрүп, колу менен багындырбай кандайча өлмөк.

Мына, ушундайча абдан жабыркап оору ачынган кезде анын жанына сая болор Вавилондогу жападан жалгыз бир орун эсине түшөт. Эсине алганы

педагогического института

муң экен, Македониянын күн нуруна бөлөнгөн гүлзарлуу аймагы элестеп, чыдамын кетирет. Ошондо, али да улуу, али да тирүү калыбындагы Александр, түбөлүк сапарынын соңку аялдамасында, өзүн асма бакка жеткизүүнү буйрат...

Ошол бакты салдырган Навуходоносордун аракетин зулумдуктан туулган ак жарык десе болот, себеби зулумдардын да бирөөлөргө жарыгы тийиши мүмкүн, бирок бардыгына кайрымдуулук кыла койбос. Навуходоносордун сүйүктүү жаш аялы — мидиялык падыша кызы Вавилондун чаңдыгында Александр сыяктуу гүл буратын аңкыган жыты менен жашыл жалбыректын шыбырын эңсеген экен, чиркин. Вавилондун падышасы борборду Мидия тоолорунун көк жашыл койнуна көчүрбөйт, бирок анын эсесине ажалдуу пенденин колунан келбей турган кереметти жасатат. Ал аптаптуу өрөөндүн борборуна ошол Мидия тоолорундагы саябандуу мекендин элесин орнотурат.

Падышайымга паана богон асма бактын курулушуна бул падышалыктын бардык күч-кубаты, бүткүл курулушчулар менен математиктердин иш тажрыйбасы жумшалат. Дүйнө жүзүндө тунгуч ирет махабаттын урматына салынган айтылуу монументи да Вавилон ааламга таанытты. Ал эми, падышайымдын ажайып образы урпактар эсинде бүдөмүк тартып, Ассириянын аял падышасынын ысымы менен жуурулуша сакталган. Ошондуктан асма бакты «Семирамиданын багы» (Шаммурамат багы) дейт. Адамзаттын жады ар качан да кызганчаак келет, улуу окуяларды улуу ысымдарга ыйгара салуу алардын адаты. Тамара падышанын аты менен аталган жашыруун коргон ар кимге эле белгилүү. Өзүнүн экинчи күйөөсү менен балдарын жаныңдай сүйгөн Тамара асканын башынан сугалак ойношун ыргыттырганы мындай турсун ошол сепилди туракташ турган да эмес. Демек, кайгылуу окуяларга улуу ысымдарды аралаштырбаса кулактын курчу канбаган адат бар.

Вавилондун курулушчулары салган асма бак төрт кабат болгон. Ар бир кабаттын шыбы жыйырма беш метрлик колонналарга жалгаштыра орнотулган. Кабаттардын таманына таш тактала төшөлүп, анын үстүнө камыш жайылып, суу өтпөс үчүн камыш үстүнө асфальт менен кактала коргошун жабылган. Мунун үстүнө бийик бактын өзү тамыр жайып чыга

тургандай кылып топурак төгүлгөн. Ар бир кабаттын кемерлене көтөрүлгөн тушуна түрлүү-түстүү тактадан тепкичтер салынган.

Курулуштун кызып жаткан учурунда, жалпак калыптуу кирпич заводдордун түтүнү көккө булап жатканда, ал гана эмес андагы Евфраттын төмөнкү куймасынан суу айдаган кунарлуу топуракты артып ыңгырана чубаган кербендин арты жетүүгө үлгүрөлекте эле түндүктөн сейрек кездешүүчү чөптөр менен бадалдардын уруктары, жаш көчөттөр жеткизиле баштайт. Кыштын салкыны түшкөн кезде оор арабага кошулган өгүздөр тамыры этият оролгон бай теректерди калаага жеткизет.

Науходоносор өзүнүн махабатын далилдеп берди. Вавилондун кош араба катар жүрө ала турган жүз метрлик коргон дубалдарынын үстүнөн көгүлтүр желектей болуп бактын төбөсү көтөрүлөт. Эң үстүнкү кабатынын саясында суунун шылдырына ырахаттана кулак түрүп отуруучу падышайым төгөрөгүнө көз салганда, өзүнүн державасынын ич түтөткөн, будурсуз мейкин талаасын көрөт. Ал эми аккан суу шылдыры күнү-түнү Евфраттын суусун челектеп тарткан кулдардын мандай тери экени падышайымдын капарына да кирбейт. Ушул бакта жүрүп, ал өзүн бактылуу сезди бекен?

Александр бактылуу болгон жок. Ал өлүм менен өмүрдүн ортосунда алпурушуп жатты. Болгон арманы аскерин алга баштап чыгуу эле. Ошол арманына жете албай көз жумду. Балким, ал акыркы деми чыгар алдында саялуу бактын ичинде жатып, жанынан өткөн эски жолдошторуна көзү түшкөн чакта өзүнүн Македониясына кайрылгандай абалга келген чыгар.

Александр өлөрү менен, көп кечикпей анын империясы быт-чыт болуп, текеберсинген кол башчыларынын талоонуна учурады. Аалам борбору болуу Вавилонго буюрбады. Борбор болгон мындай турсун, аздап-аздап өмүр жышааны жоголуп, каңгырай баштады. Навуходоносордун сарайын ташкын суу жайпап, шашылыш чала бышырылган кирпичтер эзилип кетти. Бийик колонналар биринен сала бири кулап, кабаттары менен тепкичтери кыйрап калды. Ал эми күн-түнү Евфраттан суу тарткан жан болбогондуктан, даректар менен ажайып гүлдөр алда качан эле куурап калды.

Бул күндөрү Вавилондун жол шериктери каптаган

коңур дөбөнүн ичинен аябай жер менен жер болгон бирөөнө баштап келет да, андагы өрнөктүү кирпич сыныктарын Семирамида багынын калдыгы деп көрсөтөт.

Үчүнчү керемет

ЭФЕС АРТЕМИДАСЫНЫН ИБАДАТКАНАСЫ

Эфес Артемидасынын ибадаткапасы тууралу талаш-тартыш өтө эле эрте башталган. Ошол себептүү ушул ибадаткананын соңкусун жазуу керекпи же анын алдыңкысын жазуу керекпи, так болжош кыйын. Ааламдын ушул керемети тууралу калем шилтеген авторлор эбактан бери Геростраттын өрттөгөнү кайсы, Херсифрондун салганы кайсы экенин анык биле бербейт. Ошондуктан, кыскача болсо да эки ибадаткана, эки архитектор жана бир кылмышкер тууралу айта кеткен жөн. Бул окуянын чечилишин таптырбаган түйүнү көп, зулумдук менен боорукердиктин кайсынысынын өрүш алганын да ажыратуу оной эмес.

Грек ааламындагы өтө өнүккөн, байлыкка тунган ага кошо Чыгыш маданияты менен толо кулпурган Эфес калаасы Иониядагы грек калааларынын ичиндеги көрүнүктүүлөрүнүн бири. Ошол кезде Кара деңиз менен Африканын жээктерине жол салган тобокелчил деңизчилер менен оторлоочулардын да көп чыга турган жери ушул кичи азиялык калаалар эле. Ионияның дөөлөттүү полистери курулуш жумушун көп жүргүздү. Байыркы дүйнөдөгү ар ким Самостогу Гера, Милетке жакын орношкон Дидимадагы Аполлон, Эфестеги Артемида ибадатканаларын жакшы билген...

Соңку ибадаткана бир нече жолу салынды. Бирок, жыгач тез чирип, өрткө чалдыгып же ошол төгөрөктө тез-тез болуп туруучу жер титирөөдөн жапа тарта турган. Ошондуктан, биздин доорго чейинки VI кылымда каражат менен убакыттын чен-өлчөмүнө карабастан камкорчу кудай-энениң урматына эң бир кооз турак-жай салуу үчүн чечим кабыл алынат. Мындай чечимдин кабыл алынышына бул курулушка кол кабыш кылууга убада берген коңшу калаалар менен мамлекеттердин чын ыкласы болду. Ушул ибадатка-

па тууралу салынып бүткөндөн кийин, бир нече жүз жылдан кийин калем кайраткери Плиний мындай дейт: «...муну жыйырма жети падышанын сыйын билдирүүчү жүз жыйырма жети колонна курчаган». Арийне, Эфестин тегерегиндеги падышалардан дал ушундай оозеки бирдик табыла койбогондур, ошентсе да, коңшулардын курулушту орток иш санаганы байкалат. Канткенде да, Лидиянын дөөлөтү ташыган өктөм падышасы Крездин айрыкча үлүш кошкону анык.

Бул курулушту саларда архитектордун, сүрөтчүнүн же айкелчинин кемтик жери болбогон. Эң мыкты долбоор иретинде айтылуу Херсифрондун эмгеги кабыл алынган. Ал ибадатканы мармардан салууну жана ошол кездеги иония диптеринин шарты менен коошо бербеген кош катар мармар колонналар менен курчоону сунуш кылат.

Эфес курулуштарынын мурунку өмүрү өтө өкүнүчтүү жагдайды ойлонтот да, архитектор ибадатканын узак өмүрлүү болушуна басым коет. Чечим батыл да, үлгүлүү эмес да эле: ибадатканы өзөн жээгиндеги саздын үстүнө салмакчы болот. Хесифрондун ою боюнча солкулдак саздактуу кыртыш жер титирегенде турумдуу болот деп эсептейт. Ал эми салмагы оор мармар курулуш баткакка батып кетпес үчүн терең аң казылып, ага бир нече метр калың-дыкта жыгач көмүрү менен жүн кошмосу төшөлөт. Бул төшөлгө, накта маанисинде, архитектордун акылынан жаралып, ибадатканага узак өмүр тартуулады. Ырас, буга эмес, башкасына.

Көөнө даректерге караганда, ибадаткана курулушу инженердик татаал жагадайларга өтө мүрөл болгон сыяктуу. Ушундай батыл чечимде мүлт этпес үчүн жасалган эсептерди мындай койгондо, салмагы бир нече тонналык колонналарды баткак үстү менен жеткизүү маселесине кийин чечүү керек болгон. Курулушчулардын не бир тапкычтыгы оор салмакка айла болууга шаасы келбеди. Ошол тапта Херсифрон жөнөкөй гана ажайып чечим табат. Колонналардын чүркөлөрүнө темир өзөкчө кагат да, ага жыгач дөңгөлөк кийгизип, өгүздөрдүн моюнтуругуна байлайт. Ошол кезде колонналар албан дөңгөлөктүн омурткасы сыяктуу, ондогон кошоктолуу өгүздөрдүн жетегинде оп-оной дөңгөлөнүп жөнөгөн.

Ал эми улуу Херсифрондун дарманы кеткен кез-

де, жардамга Артамиданын өзү келген: анткени ушул курулушка пейилденген өзү болчу. Канча аракеттенсе да Херсифрон таш устундарды ордуна кое албады. Архитектордун баш бербеген курулушчулар менен, калаа кожосу менен, чубурган саякатчылар жана көрө албаган кесиптештери менен текетиреште жүрүп өткөргөн жылдары нервин жукартып бүткөн. Ал бул устунду эң соңку туяк серперине баалап, өзүнөзү өлтүрмөкчү да болот. Артемида так ушул тушта чукул чара колдонду: эртең менен калаа тургундары курулуш аянтынан уу-чуу болуп, архитекторго жүгүрүп келишкен. Көрсө, бир түндө эле таш устундар канчалаган оюктарга өзүнөн-өзү төп келе түшкөн.

Ибадаткананын бүткөнүн Херсифрон көрө алган жок. Ал капыстан кайтыш болду да, башкы архитектордун милдетин анын баласы Метаген мойнуна алат. Метаген өлгөн соң, ибадаткананын курулушун Пеонит менен Деметрий аяктайт. Ибадаткана болжол менен биздин доорго чейинки 450-жылдары салынып бүттү.

Ал кандай кооздолгон, кандай айкелдер коюлган эле, фескалары менен сүрөттөрү кандай, Артемида айкелинин өзү кандай бүткөрүлгөн, буларды биз билбейбиз. Ал эми, ибадаткананын өрнөктөлгөн колонналарынан баштап, Артемиданын айкелине чейин тер төккөн мындагы сан-салтанатты тамшана жазган авторлордун сөзүнө ишенбесе да болот. Мунун баарынын сөз болуп жаткан ибадатканага тиешеси жок. Херсифрон менен анын ишин улантуучалардын бүткөргөнү Геростраттын кесиринен жок болгон.

Геростраттын тарыхы тоголок жердин бетиндеги эң бир сабак боло турган жана чегине жете чиеленишкен мисалдардын бири. Ашып бара жаткан эчтемеси деле жок карапайым гана пенде. Эч бир жандын капарына келбеген кылмыш менен өзүнүн атын түбөлүк калтыргысы келет (бир өзгөчөлүгү бул ниетин жүзөгө ашыруу үчүн аскердин да, кечилдин да, зордук көрсөтөр күчтөрдүн да, баш кесерлердин да жардамын керектебегендигине таң бересиң). Ооба, тек гана даңк үчүн, түбөлүк атак үчүн салынганына жүз жылга жетер-жетпес убакыт болгон ибадатканаңы өрттөп жиберет. Бул биздин доорго чейинки 356-жылкы окуя. Айтмакчы, бул так Александр Македонский туулган күнү болгон.

Ибадаткананын күн кургаткан жыгач бөлүктөрү,

жер астындагы бөлмөлөрүнө төгүлгөн аштык кору, албан түрлүү сый-сыпаттары, сүрөттөр менен кечилдердин кийимдери — мына, ошонун баарысы тең оттун тилине тез көнө турган дүнүйөлөр эле. Алооло-гон жалын алеки саатка оттуу кучагына ороп, ибадат-кана күйүп кеткен.

Мындай шумдуктун болорун ким ойлоптур, эми Геростраттын мекендештери бул азгынга кандай жаза ылайык деген ойдо калат.

Балким, ушул жагдайда баш катырып, келечек урпак алдындагы жоопкерчиликти сезе тургандай эфестиктердин кыялы учкул болбосо, же анда фило-софтор менен акындар болбосо, анда Геростратты дарга асып, ишти тындыра салмак. Ошондон бир тон жыл өткөндөн кийин майда мүдөөлүү бирөө отуруп: «Биздин эң сонун ибадатканабызды өрттөгөн бир кеңкелес бар эле го... ошол неменин аты кандай эле... о, Зевс, жадымдан жаңылдыра көрбө...» дебесине ким кепил. Биз анда Геростраттын атын унутар элек. Бирок эфестиктер бир шилтем менен Геростраттын көзүн тазалады да, түзөлбөгөн каталык кетирип алышты. Алар Геростратты унутуу жөнүндө өкүм чыгарды. Түбөлүк даңкты көздөгөн неменин атын эч качан, эч жерде атабай, унутта калтырып жаза-сын тарткызмак болду.

Кудайлар болсо эфестиктердин акылмандыгына боору эзилгенче күлүштү. Бүткүл Ионияны, Элла-дагы, Египет менен Персиянын калкы кез келген жерден эле: «Ой, тобо-о, алиги өрт койгучка Эфеске кандай жаза ойлоп тапканын билесиңби? Эми аны бир жолу унутат. Анын атын эч ким билбей турган болот. Айтмакчы, аты кандай аталчу эле? Геростра-тат дейсиңби? Ооба, ошол, Геростратты биз сөзсүз унутууга тийишпиз,»— деп каткыра жөнөшөт.

Арийне, мындан кийин ал кантип унут болсун. Ал эми, эфестиктер болсо ибадатканаңы кайта салууга бел байлады. Экинчи ибадатканаңы архи-тектор Хейрократ салат. Бул — Эллин ааламынын айтылуу калаасы Александрия долбоорун жасаган дешет Афон тоосун Александр Македонскийдин ай-келине айландыргысы келген, анын колундагы куму-расынан өзөн суусу агып тургандай кылам деп мак-сат кылган айтылуу кыялкеч болгон.

Ырас, бул жолу курулуш саналуу жылдарга гана созулду. Мунун бир сыры Херсифрондун алда качан

өлүп калгандыгы болду. Эми купуяларга баш катырып, техникалык артыкчылыктарды издөөнүн кажети жок эле. Мурун салынган даңгыр жол бар да. Демек, мурунку жасалган ишти кайталап чыкса эле болгону. Ошондой эле жасалды. Тек, мурункуга караганда көлөмү чоң. Жаңы ибадаткананын узундугу — 109, эни 50 метрге жетти. Ал эми, жыйырма метрлик 127 колонна кош катар болуп, курчай орношту. Ар бир колоннага оюу өрнөк салынып, барельефтери айтылуу айкелчи Скопастын өз колунан чыкты.

Ааламдын керемети деген атка Херсифрон салдырган ибадаткананын жолу ылайык болгон менен, ошол атак кийинкисине буюрду.

Ибадаткананын кайта жаңыруу тарыхы менен андан кийинки окуялары бүткүл байыркы дүйнөнүн өнө боюн ала качма сөз менен ушак-айыңга толтурууда болду. Эфестиктердин досу бар, душманы бар дегендей талаш-тартыштын көөрүгүн жакшылап ныгыра басты...

«Геростратдеген бирөө ибадатканаңы өрттөп жибергенден кийин, журтчулук кайтадан күч бириктирип аялдардын шөкүлө-берметин ортого салып, өздөрүнүн дүйнө-мүлктөрүн курман чалып, мурунку ибадаткананын колонналарын сатып, акыры жаңы, мурункусунан алда канча ажайып ибадаткана тургузду», деп жазат Страбон. Бул пикирди ал тилектештик менен жазылган даректерден алган. Ал эми, Артемидордун жазуусу боюнча тавромениялык Тимей: «Эфестиктер экинчи ирет ибадатканаңы парсылардын сактоого берген каражатына салды»,— деген пикирде болгон. Ал эми, ошол Артемидор андай пикирлерди ызалана жокко чыгарды. «Дал ошол тушта алардын аманатында эч кандай каражат болгон эмес, — дейт ал. — Эгер, болгон күндө ибадаткана менен кошо күйүп кетмек. Анын үстүнө, өрттүн кесепетинен чатыры ортосуна түшкөн үйгө дени соо адам казына сактайбы?».

Ушул окуянын накта кызыган кезинде. Эфеске Александр Македонский келип кирет. Ал ар нерсеге өз маалында үлгүрө билген. Курулуштун баарына көз салып, касиеттүү орунга таазим эткенден кийин, Александр ички эсеби саясий салмагын арттырууда болгон. Ал ушул жерде мурунку чыгымды да, кийинки чыгымды да көтөрө турганын, тек гана ибадатка-

надагы арноо сөздөрдө анын да ысмынын болушун каалайт. Арийне, мындай кытмырлыктын сырты сыпайы болот. Антпесе, көк соот курчанган македондуктарга арка сүйөп турган мындай сыпайыга кандайча «жок» демексиң? Анын үстүнө сүйүктүү делбирим сулуулардын шөкүлө-мончоксуз жүргөнү мындай турсун, күмүш чөйчөктөрүн да коңшуларга саткан жайы бар... Бул жагдай калаа ичиндеги күбүр-шыбырды күчөтүп, жашыруун кеңешмелерин көбөйтүп жиберди: македондуктар миң жолу сыпайы болгону менен, калаанын аброю кымбат да.

Акыры, айтылуу Эфестен акылына айлакердиги шай келген бир азамат табылат.

— Александр,— дейт ал,— кудайга тектеш жандын башка кудайга ибадаткана салдырганы жарашпайт.

Ошондо кол башчы мыйыгынан жылмая нйнин бүлк эткизип: «Каалагаңынардай болсун...» деген экен.

Ибадаткананын ичине Пракситель менен Скопастын колунан чыккан эң сонун айкелдер коюлат. Мындагы сүрөттөр эң бир ажайып боло турган.

Биздин түшүнүгүбүздө байыркы грек өнөрүн, эң алды менен айкел, андан кийин имарат деп ойлойбуз. Ал эми кээ бир фескалары болбосо, сүрөт тартуу өнөрүн биле бербейбиз. Бирок, сүрөт тартуу өнөрү болгон, ал гана эмес кең өрүш алып, замандаштарынын жогору баасын да алган. Эгер ошолордун пикирине ишене турган болсок, кээ бир учурларда айкел өнөрүнө караганда алда канча алдыда турган. Ошондуктан, Эллада менен Иониянын бүгүнкү күнгө жетпей калган сүрөт тартуу өнөрүн дүйнөлүк эң бир орду толбос бүлгүнү деп ойлосок болот.

Эфестиктер Александрдын көңүлүнө келтирген ызаны жууп-чайыш үчүн сүрөтчү Апеллеске анын портретин тартууну тапшырат. Сүрөтчү колбашчынын сүрөтүн Зевс сыяктандырып, колуна чагылганды карматып тартат. Кийин сүрөттү кабыл алуучулар келгенде анын кемчиликсиздигине, кубулуп турган көрүнүшүнө айран калышат. Анын чагылган кармаган бир колу полотнодон чыгып келе жаткандай эле дешет. Авторго эмгеги үчүн жыйырма беш алтын талант берилет. Калыбы соңку жыйырма үч кылымда бир гана сүрөтү үчүн бир да бир сүрөтчү мындай гонорар алып көргөн эместир.

Ибадатканада мындан башка Одиссейдин алас урган кезиндеги өгүз менен атты катар чегип жаткан сүрөтү, ойго чөмүп отурган эркектин, кылычын кынга салып жаткан жоокердин сүрөттөрү болгон.

Ибадатканаңы саздын үстүнө салган архитекторлордун эсеби туура чыкты. Ошол калыбында ибадаткана жарым миң жылдай турган. Римдиктер аны жогору баалап, мүрөл сыяпаттары менен анын даңкына даңк, байлыгына байлык кошту. Рим империясында Диана ибадатканасы деген ат менен көбүрөөк таанымал болгон ибадатканага Вибий Салютарий толуп жаткан алтын, күмүш айкелдерди сыйга тартты деген сөз бар. Айтылуу майрам күндөрү элди сонуркатуу үчүн, ошол мүрөл байлыкты театрга алып чыгыша турган.

Ибадатканаңын даңкынын артышы христиан дининин алгачкы кезеңинде анын кыйрай башташына да себепчи болду. Эфес бутка табынуучулардын ордосу болуп калды. Себеби, Артемида өзүнүн даңкы менен дөөлөтүн жаңы кудайга жөн эле бере салгысы келбеди. Ал гана эмес, эфестиктер өз калаасынан апостол Павел менен анын колдоочуларын куулп чыкты деген сөз бар. Арийне, мындай күнөкөрлүк жазасыз калууга да тийиш эмес эле. Жаңы кудай Эфеске готторду каптатып, 263-жылы Артемиданын касиеттүү ибадатканасы талоонго түштү. Күч алган христиан дини кацгырап калган ибадатканага жийиркене карап жатты. Диндин үгүттөөчүлөрү даңгесе тобурду аларга каршы тукурган менен, ибадаткана дале каңкайып бош турду.

Кийин Эфес христиандык Византия (Урум) өкмөтүнүн кол астында калат да, куурап-кыйроонун экинчи кезеңи башталат. Ибадатканаңын мармар сыртын ар түрлүү курулуштарга ала бере турган болушат, чатыры да бузулуп, туташтыгы жок аңырайган-таңырайган абалга түшөт. Кийин колонналары кулай баштаганда, бир кездери таканч болгон саздак эми терең түпкүрүнө тартып кете берет. Арадан он жыл өткөндөн кийин Ониядагы айтылуу ибадатканаңын акыркы урандысы өзөн агымынын астына түшүп, көздөн кайым болду. Бара-бара анын турган орду да унутула баштады.

Англиялык археолог Вуд ибадатканаңын ордун табуу үчүн далай айларын сарп кылды. 1869-жылы 31-октябрь күнү анын иши оңунан чыкты. Ибадат-

кананын пайдубалы бир гана XX кылымда толук ачылды. Бул пайдубалдын астында бир кездери Геростратөрттөгөн ибадаткананын да изи бар.

Төртүнчү керемет

ГАЛИКАРНАС МАВЗОЛЕЙИ

Галикарнас мавзолейи экинчи Артемида ибадатканасы менен бир мезгилде салынган. Анысын айтпаган күндө да, экөөнүн тең курулушу менен жасалгалоо жумуштарын аткарган чеберлери бир эле. Алар өз заманынын чеберлери болушкан.

Салыштырып айтсак, бул мавзолей да Вавилондун багы менен индинин Таж-Махалы сыяктуу махабаттын эстелиги катарында дүйнөгө келген. Эгер биз Мидия падышайымын адам баласына жасаган кылдай кыянатынын жоктугу менен, сүйкүмдүү да, сүйүктүүлүгү менен өзүнө арналган эстеликке татыктуу жан катарында ыраазычылык менен эске алсак, Мавсолго келгенде байыркыдан жеткен оор күнөөдөй күдүк-күмөнгө соктугабыз. Бир кездери Геродот дүйнөгө келген атактуу калаа, Кариянын борбору Галикарнос тууралуу айта келип, Проспер Мерима мындай деп жазат: «Мавзол өз карамагындагы элдин какканда канын, сыкканда ширесин чыгара тургандыгы ушунчалык дейсиз, Гомердин сөзү менен айтсак, анын койчулары койду жылан сыйпагандай кылып кыркканда, башка элдин койчулары алардын жанында шоона эше албай калат. Ал өз кол астындагыларга кырк шылтоону алдыга тартып, пайда түшүрө алат: керек болсо көргө көмгөнгө да өзгөчө салык чыгарган го, чиркин... Чач салыгын жүргүзгөнүн айтпайсыңбы. Ушинтип өлчөмсүз байлык жыйнаган. Эмне үчүн Мавсолдун бейити ааламдын жети керемети-нин санатына кошулду, дегенге ушунча мүрөл байлыкты жана кариялыктар менен гректердин такай байланышта болгондугун айтсак түшүнүктүү болот».

Кандай десек да, бул падышаны Карияда жандили менен сүйгөн бир адам болгон. Ал — ары бир тууган карындашы, ары аялы Артемисия эле (мындай салт көп болгон — маселен байыркы Египетте). Мавсол жыйырма төрт жыл падышалык кылып дүйнөдөн кайтканда Артемисия да кайгыдан мерт болгон.

«Артемисия өзүнүн күйөөсүн өлүп-талып жакшы көрдү, деген сөз бар,— деп жазат Авл Геллий,— мындай махабатты айтып жеткизүү мындай турсун, чежиреден буга тең түшөр сезимди учуратуу кыйын... Падыша дүйнөдөн кайтканда Артемисия өлүктү кучактап, көзүнүн жашын көлдөткөн калыбында, отко өрттөлө турган табыт менен бирге өзүн да аябагандай салтанат менен алып жүрүүгө буйрук берет. Андан ары кайгыга катуу батып, өрттөлгөн өлүктөн калган күлгө жыпар септирет да, чөйчөктөгү сууга салдырып ичип коет. Аның көз жумган күйөөсүнө деген өлчөмсүз махабаты ушуну менен эле басылбайт. Кийин байлыктын эсеп-кысабына карабастан, маркум күйөөсүнүн урматына укмуштуудай күмбөз салдырат, анысы ааламдын жети кереметинин санатына кошулду».

Калыбы, Рим тарыхчысында калпыстык болуу керек. Себеби, Мавсол өлгөн соң эки жылдан кийин Артемисия кайтыш болгон. Жана өмүрүнүн соңку айларын такай согуш менен өткөрүп, аял башы менен эң мыкты кол башчы экенин көрсөткөн. Ошентип, тегерегиндеги душмандары курчаган алакандай гана Кариядагы күйөөсү курган падышалыкты кыйынкысталыш кезде сактап калды. Ошону менен бирге Мавсолдун өлгөнүнөн жыйырма жыл өткөндөн кийин, Карияда так үчүн болгон чак-челекей төңкөрүштөрдүн мезгилинде Александр Македонский келип, мавзолейди толук бүткөн салтанаттуу турушунда көрөт. Демек, Мавсолдун тирүү кезинде мавзолей салына баштап, Артемисия аны аяктады десе чындыкка төп келээр. Анткени, мындай албан курулуштун бир нече жылга созулары бышык.

Кичи Азиянын Эфестеги Артемиданын ибадатканасы сыяктуу имараттарга караганда Галикарнас мавзолейинин өзгөчөлүгү көп учурда грек салттары менен курулуш ыкмаларын сактагандыгы менен, чыгыш архитектурасынын таасирин өнө боюна терең сиңирип турат. Анткени, Галикарнас мавзолейинин прототиби грек архитектурасында жок, аның үстүнө бул мавзолейдин өзүнө таасирленген курулуштар Грецияда да, Жакынкы Чыгышта да ондоп дүйнөгө келди.

Галикарнас залимининн күмбөзүн архитекторлор төрт бурчтуу кылып салат да, биринчи кабатын Мавсол менен Артемисиянын бейитине айландырат. Кө-

лөмү 5000 чарчы метр, бийиктиги 20 метрдей болгон албан бейиттин сырты парсы үлгүсүндө өңдөлгөн ак мармар менен капталган. Биринчи кабаттын жогорку жагына жүргүзүлгөн эллиндер менен амазонкалардын согушун чагылдырган фриз (бедер сүрөт) улуу Скопастын колунан чыккан «Амозономахия» болчу. Скопастан башка мында, Плинийдин айтуусуна караганда, Леохар, Бриаксид жана Тимофей да иштеген. Экинчи кабатта колонналар менен курчалган курмандык сакталган. Мавзолейдин үстүнө орнотулган пирамида мармар квадрига менен (шатылуу чарчы менен) өрүлгөн, анын эң башындагы төрт ат чегилген арабада Мавзол менен Артемиданын айкели заңкаят. Күмбөздүн тегерегине арстандар менен чаап келе жаткан салт атчандардын айкели орнотулган.

Мавзолейдин бар болмушу классикалык грек өнөрүнүн эң соңку созолонткон обону сыяктуу. Калыбы, айрыкча асемдүүлүгүнө жараша анын байлагы менен сан-салтанаты да төгүн болбосо керек. Ал гана эмес, сүрөт-кайра куруулуларынын өзүнөн парсы бейиттери сыяктуу өтө оор да, текебер да бүтүм байкалат. Чындыгында, Грецияга караганда, мында Чыгыштын жышааны басымдуулук кылат. Балким, мындай таасирге себепчи — пирамида болор же нестейген төмөнкү кабаттын бийик дубалдары чыгар. Кандай десек да, биринчи жолу грек өнөрүндө бир имараттын боюна үч бирдей айтылуу үлгүлөрдүн синирилгендиги анык. Төмөнкү кабаты дориялык үлгүдөгү он беш колонна менен тирелген, үстүнкү кабатынын ички колонналары коринф үлгүсүндө болсо, сырткы колонналары иониялык үлгүдө жасалган.

Плинийдин айтуусунда, мавзолейдин бийиктиги жүз жыйырма беш чыканак болгон, мындайча айтканда алтымыш метр. Башка авторлордо мындан ашырып же кемитип айткан даректер кезигет.

Мавзолей деңизге эңкейиштей салынган калаанын так ортосуна орношкон. Ошондуктан бийик жерге орношуп, жогору турган өз катарындагы өтө зор Арес мазары, Афродита менен Гермес ибадатканасы сыяктуу Галикарнос ибадатканалары менен бой талашып, деңизден караганда алыстан эле көзгө түшүп, жакшы көрүнөт.

Байыркы дүйнөдө көчүрмө жасоо өрүш алгандыктан, бул салт Галикарнас мавзолейин да четте кал-

тырбады. Бирок көчүрмөнүн аты көчүрмө го, мындай аракеттердин баарысы тең солгун чыгып, көпкө узабай эле унутулуп калды. Бул имараттын даңктуу болгонун мындан билиңиз, кийин римдиктер ири күмбөздөрдүн бардыгын мавзолей деп атайт. Галикарнас мавзолейинин бышыктыгы ушул, канча тозсо да, эки мин жылдай турду. Ал эми мавзолейдин кандай кулаганы кийинки орто кылым тарыхчыларынан жазмаларынан белгилүү, анда Родос аралындагы иоанниттер үлүгүсүнүн соцку калдыгы жөнүндө сөз болот.

«1522-жылы, Сулайман султан родостуктарга чабуул жасоого даярданып жатканда, улуу магистр (башчы) коркунучтун алдын алуу үчүн бир нече рыцарын жиберип, сепилди бекемдөөгө жана душманга тоскоол коюуга аракет жасайт. Рыцарлар Мезинге (ал кезде Галикарнас ошондой аталган — *И. М.*) келери менен сепилди жөндөөгө киришет. Ошондо ылайыктуу материал болбогондуктан, булуңга жакын жердеги курулуштардын мармар такталарын, кирпичтерин, жыгачтарын пайдаланат. Ошентип, курулуштун кат-кат кабаттарын алуунун натыйжасында, бир нече күндөн кийин, кандайдыр бир үккүргө туш болушат. Алар чычала жагып ичине кирет. Ошол тапта ажайыптуу чарчы зал экенин көрүшөт, айлана мармар колонналар менен, кырбулар менен (карниз) жана ар түрлүү оюу-өрнөктөр менен жасалгаланган. Ар бир колоннанын аралыгы түрлүү түстүү мармар менен капталып, капталы менен төбөсүнө не бир окуялуу өңдөрдү жана кызыл-кыргын айкаштар чагылдырылган бедерлүү мармар жабылган. Мунун баарына рыцарлар айран калганы менен, сырттагы үйүлгөн урандылар сыяктуу бул залдан кийин алар жапыс эшиктен өтүп, экинчи бир кичине залга кирет. Мында алар мүрзө үстүнө коюлган төрт бурчтуу мармар бешикчени көрөт, анын үстүнө өлгөн адамдын күлү салынган куту коюлган. Бул белгинин аппак мармардан чебер жасалганы ушунчалык деңиз, көрдөй карангылыктын өзүнө ажайыптуу шоола чачып турган. Рыцарлар мында да көп аялдай албады, анткени дал ошол кезде добулбас кагылат. Эртесинде кайтып келишкенде, эстеликтин кыйрап, бейиттин ачылып калганын көрөт. Жерде зээрлүү матанын айрыктары менен какталган алтын үзүктөрү жатат. Алар өздөрүнчө муну түн жамынып жээктен келген каракчы-

лэрдын иши, толгон казына ошолорго буюрган экен деп ойлошот...»

Мына, мавзолейди бир кезекде бүтүн калыбында көргөн жана ошол эстеликтин түбүнө жеткен «археологдордун» оозунан жазып алынган сыпаттама ушул гана.

XIX кылымдын ортосунда Кичи Азияны аралаган саякатчылар Будрундагы түрк сепилинин капталдары иоаниттердин олуя Петр коргонун бузуу аркылуу салганына, капталдарында таштан көрө мармар көп экенине назар оодарган. Буга таң калууга болбойт: байыркы замандагы калаалардын калдыгы алды менен византиялыктар (урумдуктар), кийин арабдар менен түрктөр үчүн курулуш материалы болуу адатка айланган. Арийне, Будрундун мармар такталуу дубалдары айрыкча көркөм болгон: белгисиз бир даанышман ошол мармар такталардын бетин каардуу адамдар менен кудайлардын барельефине толтуруп койгон экен.

Ушул жагдай Түркиядагы англия элчисинин кулагына чалынары менен, ал Будрунга жетип барып, толуп жаткан келишүүчүлүк менен жең учунан каралоо аркылуу дубалдардан он эки тактаны омуруп алкетүүгө уруксаатты сатып алат да, ошол такталарды Британия музейинне жеткизет. Англия окумуштуулары сакталган жазмалар менен ошол мавзолей замандаштарынын пикирине карап, такталардын Скопастын айтылуу фризи — «Амозономахия» экенин далилдешкен.

Мындан ары Галикарнас мавзолейин Будрундан издөө керек экенине көздөрү жеткен соң, Британ музейинин сактоочусу сэр Ньютон шашылыш аттанып жөнөйт. Анын жээкке түшкөндө эң алды менен көргөнү — сепил үстүнө коюлган, бетин денизге караткан эки мармар арыстан болот. Аскердик курулуштарга жаратуу үчүн арстандын айкелин пайдалануу — кезинде крест жортуулуна катышуучулардан оошкон. Ньютон убактысын текке кетирбейт. Ал сепилди кыдырып чыгып, «уурдалган» такталар менен айкелдерди аныктайт. Ошондон кийин сепилден алыс болбоого тийиш деген эсеп менен ашыкпай мавзолейдин ордун издейт. Арийне, сепилден алыстагы материалга иоаниттердин убара болбогону белгилүү.

Будрунда өткөргөн тогуз ай ичинде Ньютон мавзолейдин үйүндүсүн таап, калың катмардын арасы-

нан Скопастын дагы төрт тактасына туш болот. Жазуу жумушу бүтүүгө такалган кезде эң башкы олжого учурайт. Бул — Мавсол менен Артемисиянын быт-чыты чыккан эки метрлик айкели болот. Бир кездери мавзолейдин эң башында араба үстүндө туруучу бул айкелдердин, чын маанисинде, Мавсол менен Артемисияныкы экени, асыресе, алтын жалатканы коло ооздугу менен суулугу бар аттын бир метрлик мармар башы кыйшык болуп чыгат. Мунун себеби Кария бийлөөчүлөрүнүн арабасына чегилген аттар алтымыш метрлик бийиктикке орнотулган эле. Ошондуктан, жакындан караганда кыйшык болуп көрүнүүчү аттын башы түз көрүнүшү үчүн аны алыстан, ары төмөнтөн карап керектиги эскертилген.

Бешинчи керемет

РОДОС АЛПЫ

Родостогу алп айкел — Артемида мавзолейи менен ибадатканасынын кичүү замандашы болгон. Биздин доорго чейинки 304-жылы Александр Македонский державасынын мурасчысы, Алдыңкы Азия менен Сирия бийлөөчүсүнүн уулу — Деметрий Полиоркет Кичи Азия жээктерине тийип турган чакан аралдын тургундарын узак убакыт курчоого алган соң артка чегинет. Родос аралынын калкы ушул курчоодон абдан жабыркап, кансыраган абалда деңиз төрүнө карай чегинип бара жаткан кемелерге карап туруп, айтылуу алп айкелди тургузуу тууралу ойго келет.

Родостуктарды тизе бүктүрүү үчүн Полиоркет ошол кездин эң жетилген аскердик техникасын калаага апкелет. Калааны курчаган аскердин сыймык тутары гелеополид деп аталган — аттама көпүрөсү бар, таш ата турган, чабуулчуларын түшүрө турган аянтчасы бар дубал бузгуч курал болгон. Темир менен каптап таштаган гелеополидди үч миң төрт жүз жоокер кыймылга келтирген.

Онунан чыкпаган чабуулдан кийин Полиоркет албан гелеополидди аралдын жээгине калтырып кетет. Керекке жарабай калганы менен бул куралды ааламдын керемети дешке ылайык болгон. Мына, ошол керемет калаага эң зор пайда гана келтирбестен,

даңкка да бөлөдү. Калаага агылып келип жаткан соодагерлер гелеополидди «металл сынагы» катарында сатып алуу үчүн үч жүз талант сунуш кылат. Талант — байыркы Грецияда, Египетте, Вавилондо, Кичи Азия аймагында колдонулган эң көп салмак менен сандын өлчөмү. Бул — ошол кездин наркы боюнча орошон мол каражат эле. Акыры, албан гелеополидди сатат да, акчасына калаа аман калабы деген ниет менен Родостун колдоочусу — Гелиостун айкелин орнотууга баталашат. Родостуктар өздөрү турак кылган арал ушул кудайдын тилеги менен деңиз түбүнөн көтөрүлдү деп ойлошкон.

Айкелди куюуну Лисиптин шакирти Хареске тапшырат. Харес Гелиостун туруп турган турпатын жасоону сунуш кылат. Сол колунан ылдый түшкөн жамынманын бир учу жерге жетип, оң колун маңдайына кармаган калыбында алыска күндөн серепчилеп карашы керек болгон. Ырас, мындай турушу салттуу үлгү менен шайкеш келбейт, бирок, кудайдын колун алга создурса, алп айкелдин ыңгайсыз болуп каларын Харес билген.

Отуз алты метрлик зөр айкелге ийнине деңгелдеш темир устун менен бекитилген эң зор үч таш багана негиз болот. Баганалардын түбү айкелдин эки аягы менен жамынма аркылуу туурга орнотулат. Ал эми ийни жана белине деңгелдеш туурасынан кеткен устундар менен карматылат. Баганалар менен устундардын сырты темир сүлдөр менен курчалып, анын сыртына каңдалган коло тунукелер кийгизилмек болот.

Алп айкел булуңдун жээгинде ак мармар менен өрүлгөн жасалма дөбө менен бирге көтөрүлөт. Он эки жыл бою айкелди эч ким көрө албады. Анткени, айкелдин сүлдөрүнө кезектеги коло тунукеси кийгизилгенде, усталарга ыңгайлуу болсун үчүн тегерегине үйүлгөн топурак бийиктетилип отурган. Кийин бош топурак алынганда гана родостуктар өздөрүнүн колдоочусу кудайын көрүп, башындагы нур чачкан таажыга суктана карайт.

Жаркыраган кудайдын айкели Родоско келе жаткан жолоочулардын көзүнө алыстан чалынат. Көп кечикпей, ал жөнүндө не бир имиш сөздөр бүткүл көөнө дүйнөнү кезип кетет. Бирок жарты кылым өткөндөн кийин Родосту кыйраткан өтө күчтүү жер титирөө алп айкелди да кулатат. Айкелдин эң мык-

ты кемтик жерге кош тизеси болуп чыгат. Ошондон «Балчык бут алп айкел» деген макал калган.

Родостуктар алп айкелди тургузмак болот. Ушундай жакшы ниетти жүзөгө ашыруруга коншулардын да тилектеш болгону маалым, Египет падышасы жүздөгөн жез талант менен усталарын жиберет. Бирок эч нерсе чыкпайт.

Алп айкел келген-кеткен кишилер сонуркай турган аралдагы эң башкы белги болуп, булундун жээгинде жата берет. Багы тайган алпты биздин заманабыздын I кылымында Улуу Плиний келип көргөн. Айкелдин баш бармагын ченегенде бир кишинин гана кучагы жете турганы Плинийди айран калтырат.

Жерде сулап жаткан алп айкелди дат басып аңызга айланат. Көргөн жандардын аңгемесине караганда, анын албандыгы айрыкча зор болгон. Рим адабиятындагы аңыз боюнча, ал абалкысында булуң үстүнөн менменсине көтөрүлүп турганда, албандыгы ушунчалык болуп, калаага келүүчү кемелер анын эки бутунун ортосунан өткөн экен дейт.

977-жылы акчага муктаж араб бийлөөчүсү бир көпөскө сатканга чейин эки бөлүнгөн алп айкел Родос аралында миң жыл жатат. Ал эми көпөс айкелди кайта эритүү үчүн бир нече бөлүккө бөлүп, таза колонун өзүн 900 төөгө артып алып кетет.

Алтынчы керемет

АЛЕКСАНДРИЯ МАЯГЫ

Александр Македонскийдин аты менен байланышкан классикалык кереметтердин эң акыркысы Александрия маягы.

Александриянын пайдубалы биздин доорго чейинки 332-жылы Ракотис деп аталган египет калаачасынын ордуна каланып, Нилдин куймасына жайыла салынган. Бул эллинизм доорунда бир туташ долбоор менен салынган алгачкы калаалардын бири болгон. Александрияда Улуу Александрдын табыты (саркфаг) турган, дагы мында музанын ордосу, көркөм өнөр менен илимдин боробру — мусейон болгон. Бүгүнкү «музей» деген сөздүн чыгуу теги ушул муза ордосу менен байланыштуу. Мусейон ары илим академиясы, ары илимпоздордун жатаканасы, ары

техникалык борбор, ары мектеп, ары жарым миллиондой жазылуу орому бар китепкана болгон. Ал эмес бүгүнкү, маалыматтардын дүркүрөп өнүккөн заманында да дүйнө жүзүндө буга тең келе турган китепкана саналуу гана. Ал эми эки жүз жыл мурун мындай китепкана дүйнө жүзүндө жок болчу. Өтө китепкөй, ары даңкка кумар жан Птолемей II падыша ушул китепканада грек драматургдарынын сейрек кездешүүчү кол жазмаларынын көө биринин болбогонуна катуу күйүнгөн экен. Ошондон ал Афинага элчи жиберип, афиналыктардан көчүрүп алууга убактылуу жазуу оромдорун суратат. Текебердүү афиналыктар кепилдикке — жарты тонна күмүшкө тең келген —15 талант сурайт. Птолемей бул талапты кабыл алат. Көп өтпөй күмүш Афинага жеткизилет да, афиналыктар убаданы орундоого мажбур болот. Бирок Птолемей өзүнүн китепкөйлүк сезими менен адал сөзүнө болгон мындай ишенимсиздикти кечирбейт. Ошондуктан, афиналыктарга кепил калтырып, жазуу оромун өзүнө калтырат.

Александрия гаваны дүйнө жүзүндөгү эли эң бир кымгуут түшкөн, жумушчулары көп жер болгондуктан ыңгайсыз эле. Нилдин бууракандаган ылай агындыларынан пайда болуучу кумкайрак менен таш чөгүндүлөрүнүн арасынан жол тапкыч чебер лоцмандарга такай муктаж болушкан. Акыры, деңиз жолунун коопсуздугу үчүн Александрияга кире бериштеги Фадос аралына маяк салууга чечим кабыл алынат. Биздин доорго чейинки 285-жылы арал менен кургактын бөгөт салынып, архитектор Сострат Книдский ишке киришет. Курулуш иши тууура беш жылга созулат. Себеби, Александрия ошол кезде дүйнө жүзүндөгү өтө өнүккөн техникалык борбор, ары эң бай калаа болгон, курулушчуларга жардам көрсөтүү үчүн эбегейсиз зор флот менен таш сомдоочулар келет жана мусейон академиясынын жетишкендиктери пайдаланылат. Маяктын бийиктиги 120 метрлик, үч кабаттуу мунара сыяктантып салынат (Египет пирамидасынын эң алгачкы кооптуу «атаандашы» эле). Анын чарчы негизинин ар бир капталы отуз метрден болот, мунаранын алтымыш метрлик алгачкы кабаты таш тактадардан каланат. Андан ары кырк метрлик сегиз кырдуу мунаранын ар бир кыры колонналар менен бекитилип сырты ак мармар менен капталат. Үчүнчү кабатынын мунарасы колонналар менен тегерек

абалда көтөрүлүп, анын үстүнө эбегейсиз түбөлүк от алоолоп, өтө күрдөөлдүү күзгүлөр тармагы шоола чачып турган. Жүз метрлик бийиктикке көтөрүлүүчү кең жана тегиз айланма шаты аркылуу эшек арабалар агылып отун ташыган.

Маяк Александриянын ары сепили, ары кароол мунарасы болгон: анын жарыгы ондогон чакырым жерден көрүнсө, башында туруп душмандын флотун калаага жакындап келгенден алда канча мурун байкоого болгон.

Мунарага желбагар (флюгер), астрономиялык жабдык, саат сыяктуу толуп жаткан куралдар орнотулган.

Маяктын ажайыптуулугу ушунчалык дейсиз, унут болом деген ой таянганда Состратт Книдскийдин өзү да тобокелге бел байлап, Птолемейдин жардыктарын бузууга дейре барган. Маяктын негизине «Книдден чыккан Декстифондун уулу Состратт деңизчилер үчүн колдоочу кудайга арнады» деп оюп жазат. Бул жазуунун үстү шыбак менен жабылат да, шыбак үстүнө Птолемей Сотердин аты оюп жазылат. Арийне, бул куулукту иштегенде Состратт шыбактын түшкөнүнө чейин өмүр сүрөм деп үмүттөнбөгөн, демек падышанын каарына учураймын деп кам жебеген. Бирок келечекте...

Состраттын жазуусун Рим саякатчылары көргөн. Ал кезде маяк бүтүн калыбында болгон. Рим империясы кулагандан кийин маяк да төгөрөгүнө жарык чачканын токтотту. Мындан кийинки жүз жылда абдан эскилиги жетип, үстүнкү мунарасы кулайт. Ал эми төмөнкү кабатынын капталдары узак убакыт туруп, XIV кылымдагы жер титирөөнүн курманы болот. Байыркы маяктын калдыктары кийин түрк сепилин салууга пайдаланылат ал сепилди азыр да көрүүгө болот.

Александрия маягынын кайта салынган үлгүсүнө Нью-Йорктогу көк менен тирешкен Эмпайр Стейтс Билдинг азыраак окшойт.

ОЛИМПИЯДАГЫ ЗЕВСТИН АЙКЕЛИ

Олимпиядагы Зевстин айкели Европа курлактыгындагы ааламдын жалгыз гана керемети.

Элладанын бирде-бир ибадатканасы трактер үчүн кереметтердин санатына кошулбаган. Тек Олимпияны керемет деп эсептеп, андагы ибадатканаларды да, мазарларды да көзгө илбестен, ичинде турган айкелди гана таанышкан.

Зевстин Олимпияга тикелей катнашы болгон. Бул аймактын ар бир тургуну так ушул жерде бийликти балдарынан кызганып, аларды тирүүлөй жуткусу келген кан ичер Кронду өзүнүн уулу Зевстин жеңгенин жакшы билет. Ар бир элдин жомокторундагы баатырларына мээрман жандын кездеше турганы сыяктуу, наристе Зевске да бир камкор туш болуп аман калат. Крондун аялы Рея күйөөсүнүн алдына Зевс деп көлөмдүү ташты койгондо, Крон ошол ташты жутуп жиберген. Кебетеси, Крон өз балдарын бүтүндөй жутса керек.

Кийин Зевс эр жетип, атасын жеңгенде мурда тирүүлөй жутулган бир туугандарынын баарын куструрат, ошондо Зевс деп жуткан кара жолтой таш да түшүптүр дейт. Олдо, катаал замандын катаал салттары — ай!

Олимпия оюндары, айтмакчы, ушул окуянын урматына өткөрүлүп, Зевске курмандык чалына турган болгон.

Олимпиядагы эң башкы ибадаткана улуу Фидий жасаган Зевстин айкели бар ибадаткана болгон. Фидийдин даңкын чыгарган тек кана Олимпиядагы Зевстин айкели эмес, ошону менен бирге Парфенондогу Афинанын айкели менен анын дубалдарындагы бедерлүү сүрөттөрү менен да даңктуу эле. Перикл менен бирге Фидий Афины калаасынын кайта салына турган курулушу менен жасалгалоо долбоорун жасаган. Ырас, бул долбоор Фидий үчүн оңойго турбады: анын кудуреттүү досунун, ары камкорчусунун душмандары ал жасаган айкелге да каршы чыгат. Кек алуучулар жүгөнсүз доону тилге тээк кылып, Фидийге Парфенондогу Афина айкелин жасап жатканда алтын менен пил сөөгүн кымтып калган деп айып тагат.

Айкелчинин данкы берки бетпактардан көрө кудуреттүү болуп чыгат. Эли да тургундары туткунга кепилдик берст да, Афины калкы бул ишенимди канагаттануу менен кабыл алып, Фидийди Олимпияга жумуш иштөөгө бошотот. Жазма даректер менен металл теңгедеги сүрөтү аркылуу белгилүү болгон, материалы синкреттүү (куранды) ушул айкелди жасоо үчүн Фидий бир нече жыл Олимпияда болот.

Зевстин айкели турган ибадаткананын бийиктиги 64 метр, эни 28 метр болсо, бөлмө ичинин бийиктиги 20 метрге жакын. Залдын төрүндө такта отурган Зевстин башы шыпка жетип турган. Белине дейре жылаңач отурган Зевс жыгачтан жасалган. Анын денеси эң сонун кызылт түстүү пил сөөгү менен капталып, кийми алтын каңылтыр менен асемделген. Бир колунда жеңиш кудайы — Никенин алтын айкели, берки колу менен бийик аса таякка сүйөнүп отурат. Зевстин теңдешсиз текеберлүү болуп жасалганы ушунчалык болуп, Фидий өз жумушун бүтүргөндөн кийин, ошол ибадаткананын кара мармар эденинде калкып келе жаткандай таасир берүүчү айкелге жакындап келип:

— Ыраазы болдуңбу, Зевс?— деп сураган экен. Так ошол тапта чатыр этип чагылган түшүп, айкелдин аяк асты как жарылат.

Эмки калганы — пил сөөгүнөн оюлган бедерлүү сүрөттөрү бар кудайлардын алтын айкели орнотулган Зевстин орунтугун сыпаттоо гана. Тактын капталдарын Фидийдин тууганы, ары жардамчысы сүрөтчү Панэн тарткан.

Кийин Византия императорлору айкелди өтө этияттык менен Константинополго алдырат. Алар христиан болгону менен, Зевске кол көтөрүүгө эч кимисинин батылы жетпейт. Ал эмес, христиандын эссиздери да, бутка табынуучулардын колунан чыккан сулуулук аттуунун кас-душманы да айкелди кыйратууга батынбайт. Византия императорлору алгачкы кезде сулуулуктун кадырын билгенсиди. Бирок христиан динин үгүттөөчүлөрдүн каалоосу боюнча кудай бутка табынуучулардын атаандаштарын күнөөгө тартып, жолдон тайган императорлорду жазалап отурган. Биздин заманабыздын V кылымында император Феодосий II сарайы өрттөнөт. Ошондо алп айкелди өрт каптап, Фидийдин мурасынан күйгөн сөөктөр менен алтын эритмеси гана калат.

Ааламдын жетинчи кереметн ушундайча мерт болгон.

Адатта, эстеликтен эч нерсе калбаган кезде адам кыялы анын кандай болгонуна астейдил ой жүгүртконү туура. Мындай жагдай көчүрмөсү сакталбаган Зевстин айкелин да четте калтырбаган.

Айкелди өз замандаштары сүрөттөп жазгандагыдай элестетүү үчүн, жок дегенде, жандама даректин өзүн табуу керек эле.

Ушул бизднн күндөрдө эле Фидийдин чеберканасын табууга аракеттер болгон. Анткени, мындай айкелди жасоо үчүн албан күч менен далай жылды сарп кылышы мүмкүн. Ошондуктан, Фидий менен анын көптөгөн шакирттерине атайын орундук керек экендиги бышык. Зевстин айкели кардын астында калтырууга боло тургандай мармар эмес да.

Немис археологдору Олимпияда казма жумуштарын жүргүзүү мезгилинде көөнө имараттын калдыгына назар оодарат. Муну кийинчерээк византиялык христиан чиркөө кылып кайта салса керек. Изилдөөнүн жүрүшүндө ушул ибадатканадан көлөмү кем түшпөй турган таш коргон — чеберкананын дал ушул жерге орношконун аныктайт. Ага кошо ушул жерден айкелчи менен зергердин куралдары жана куюу «цехинин» калдыктары табылат. Анткен менен эң кызыктуу олжо чеберкана менен катар орношкон ороо табылат, чеберлер ороого жүздөгөн жылдар бою жасаган буюмдарынын калдыктарын, айкелдин ката куюлган бөлүкчөлөрүн ыргытып турушкан. Мына, ошол жерден Зевстин сырт кийимининн куймасы, пил сөөгүнүн кацылтыры, жартылай асыл таштардын үймөгү, коло жана темир чегелер — кыскасы, Зевстин жасалган Фидий чеберканасынын ушул экенин толук, ары күмөнсүз далилдейт, ал аздык кылат десеңиз, көөнө ацгемелер менен шайкеш келген далилдер табылат. Акыр аягында, археологдор бардык далилдин түйүнү сыяктуу урандылардын арасынан кумура түбүн таап алышат, анда «Фидийдин мүлкү» деген жазуу бар экен.

Дегинкиси, аалам кереметтеринин ушунча кайгы менен тамам болгондоруна караганда, тагдыр оң көзүн салбаган экен деген ой келет. Арийне, андай эмес. Бүткүл Жакынкы Чыгыштагы, Орто Азиядагы, Индия менен Кытайдагы дөбө болуп жаткан урандыларга акыл салсаңыз, бир кездери тиричилик

кылган калаалардын бул күндө жер менен жексен болгонун, андагы имараттар менен ибадатканалардын аты да, заты да өчкөнүн көрөсүз. Жыл сайын археологдор ачышкан кызыктуу жаңылыктар менен жармакташып, аргасыз муңканткан жагдайлар да жетип жатат. Бир кездери Панжикент сарайынын дубалдарына салынган сүрөттөрдү эми кайтып эч ким көрө албайт; Орто Азияда ачылган, кулап жаткан Будданын айкели мында будда ибадатканаларынын болгонун айгинелеген менен, азыр изи да жок; Қолхидадан табылган орошон зор калаа — ибадаткананын курмандык чала турган орундары (алтарь) менен капителине арстан тартылган колонналар ажайып имараттар менен айкелдердин болгонун, алардын түбөлүк жоголгонун айгинелейт...

Эгер байыркынын ажайып белгилерин жыйнактар болсок, бүгүнкү күнүбүзгө жүздүн бири жетсе да шүгүрчүлүк кылууга болот.

Бир кубанарлыгы, адамдар белги салып, бедерлеп, көркөмдөп адемилөөнүн — кудуреттүү өнөр аркылуу өзүн жана өз мезгилин көрсөтүүнү эч качан токтоткон эмес.

Ал эми бүгүнкү күндөргө жеткен саналуу үлгүлөрдүн өзү Чыгыш өнөрүн элестетүүгө мүмкүндүк гана бербестен, ошону менен бирге мейли Индия, Сирия, Япония, Бирма же Эфиопия болсун, алардын өткөндөгү улуу чеберчилигин сыймык тутууга да мүмкүндүк берет...

2-бөлүк

ЖАКЫНКЫ ЧЫГЫШ ЖАНА ОРТО АЗИЯ



ВАВИЛОН ЗИККУРАТЫ

Мунара болгонбу!

Жөнөкөй эле тажрыйба жасоого аракеттенип, кимдир бирөөдөн ааламдын жети кереметин атап чыгууну өтүнүп көрүңүзчү. Алды менен Египет пирамидаларын атары бышык. Анан Семирамиданын асма багын, андан ары Вавилондун мунарасын атары турулуу. Бирок, жаңылат. Вавилондун мунарасы болгон эмес. Мунараны сала баштаган кезде курулуш башчылары керектүү өлчөмдө таржымачыларды таба албайт да, бир-биринин тилин түшүнбөөчүлүк жумуштун токтошуна себепчи болгону Тооратта (Библия) айтылган.

Бар болгону ушул. Албетте, эгер Тооратгы жазылганга ишенсек.

А, эгер ишенбесекчи? Ошол Вавилондо, чын-чынына келгенде, эмне болгонуна көз жүгүртүп көрсөк кантет?

Алды менен тарых катмаларын оодарыштырып, анан ошол Вавилондун купуя мунарасын элдин кандай элестеткенин, ошол элестин кандай кубулганын караштыралык...

Вавилон мунарасынын бизге жеткен эң көөнө бейнеси — Италиянын түштүгүндөгү Салерно чиркөөсүндөгү барельеф. Ал XI кылымга тиешелүү. Анда эки адамдын боюндай гана болгон тик бурчтуу курулуш Европанын бүтпөй калган мунарасына окшош чагылдырылган. Эки адам төмөндө ылай салынган чараны көтөрүп берип турат, үчүнчүсү жогорудагы алакандай аянтчага араң сыйлыгышып, төмөн колун созуп, алиги чараны алган жатат. Ал эми мунаранын сол жагында ошол мунара менен бой тирешип кудайдын өзү турат, курулушчулардын колу анын белине гана жеткендей. Ал ибараттуу түрдө мунарага кол созуп калган. Барельефтин авторунун ой-кыялы анча

өрүштүү болбосо керек. Ой-кыялды ал көрүүчүлөрдүн үлүшүнө калтырыптыр, көрүүчүлөр ушул жупуну имаратка карап, Вавилондогу чак-челекей башталган экен дегенге ишенүүгө тийиш.

Андан кийин жүз жылда Вавилон мунарасынын бейнеси анча өзгөрө койгон жок. XII кылымдагы Сицилия мозаикасында мунаранын көлөмү ошол калыбында экенин, тек эшик менен жанындагы курулуш жыгачтары сыяктуу арзыбаган деталдар кошулганын көрөбүз. Мунаранын ачык-айкыныраак бейнеси Праганын Велислав тооратынын (XIV-кылым) көркөмдөлүшүндө көрүнүш тапкан. Бул сүрөт боюнча орто кылымдагы Чехиянын сепил курулуштарын үйрөнүүгө болот. Мындагы мунара эки кабат үй менен тецдешкен, ал эми сүрөтчү кыябын таап, Вавилондун чак-челекейин да чагылдыра алган. Жогоруда булут арасынан, жараткан кудайдын өзү белине чейин умтулуп чыгып турат. Ал жаңы гана коюлган кирпичтин бүдүрүн ниемек таягы менен илип, омуруп түшүрүүчүдөй өнденөт. Ошондой эле булут арасынан периштелердин колу сороюп, жецилген кыш кыноочуларды мунарадан түртүп түшүрчүдөй. Башка курулушчулар эчтеме болбогондой өз иштери менен алектенип жүрөт.

Дагы жүз жыл өттү. Европада Кайра жаралуу доору башталды. Эми адамдар алды-артында эмне болуп жатканына гана назар оодарбастан, башка эл-журт менен башка убакыт жагдайына да баам коё баштады. Анан ошол башка эл-журт менен убакыт булардын өз чөйрөсүнөн дегеле кем эмес экенин сезди. Вавилон мунарасынын XV кылымдагы сүрөттөрүнүн даражасы анчалык деле төмөн эмес. Сүрөттүн өзүнөн мунаранын текебердүү көрүнө турганы ушунчалык дейсиз, ал жөнүндө урмат менен айтууга болот. Жаңы кызыктуу өрнөктөр пайда болгон XV кылымдын ортосундагы француз сүрөтчүсү мунаранын жанына жүк арткан төөнү тарткан, анысы — окуянын Чыгышта болгонун көрсөткөндөгүсү. Мунаранын башына чыгуу жана жүк жеткизүү жецил болушу үчүн, тегеректеги белестер жел тегирмендер орнотулуп, бакдарак отургузулган, ал эми жумушчулардын саны жыйырма чакты.

Деген менен, Вавилон мунарасын тартууда — атактуу фламанд сүрөтчүсү Ага Питер Брейгель 1563-жылы накта таланттуулугун таанытты. Тек ошол

гана Вавилон мунарасы чындыгында айта жүргүдөй албан, бөтөнчө болушу керек, өзүнүн бар болмушу адамдар менен кудайдын айкашын көрсөтүшү керек, ошону менен бирге кудайдын кудуреттүүлүгүн жана аны менен тирешкен адамдардын да текебердиги көрүнүүгө тийиш деген ойду тастыктайт.

Брейгелдин эргүүсүнө эң болгон бейне — Италияда саякаттап жүрүп көргөн Рим Колизейи болгон. Ал Колизейди бир нече эсеге чоңойтуп, бийиктигин узартып, мунаранын сырткы көрүнүшүн тартып гана койбой, ички көрүнүшүн да оодарып көрсөттү. Бул, чындыгында, алгачкы «Вавилон» мунарасы болгон, анын жанында кемелер оюнчук сыяктуу көрүнөт.

Дагы жүз жыл өткөндө Вавилон мунарасынын «жаңырган» нускаларын оп-оңой түшүнүүгө болор эле. Орто кылымдын аңкоолугу менен Кайра жаралуу доорунун авазкөйлүгү эми жаңы, сергек жана ишкер кадамга жол бере баштады. Ал эми XVII—XVIII кылымдардагы Вавилон мунаралары нагыз инженердик конструкциялар болгон, далилдүү айтсак, авторлордун өз көкөйүндөгү долбоорлор көрүнүш таап жатты. Ошолордун баарынан Афанасий Кирхердин мунарасынын келбети ашкере бийик эле. Ал гана эмес, анын мунарасы салынбай туруп, Останкинодогу телемунара менен теңме-тең бийикте заңкайды.

Вавилон мунарасын эч качан көрбөгөн, Вавилон тууралу өтө үстүрт түшүнүгү бар, керек болсо, эч кандай түшүнүгү жок далайлар миңдеген жылдар бою мунараны өздөрүнчө элестетип келди, бирок бир да бир сүрөтчү анын, чындыгында, кандай болгонун так тарта алган жок.

...Жети керемет тууралу жазган Геродот Вавилондо болгон. Болуп эле койбой, ошол атактуу, ары ылакап сыяктуу мунараны көзү менен көргөн. Бул — биздин доорубуздан төрт жарым кылым мурунку окуя. Ырас, Геродот бул мунараны кереметтер санатына кошпогон, деген менен ошол тууралу кыскача жазма калтырган: калаадан менменсине көтөрүлгөн мунара сегиз кабат болсо керек, ар бир кабаты төмөнкүсүнө караганда кичирээк. Ошондуктан, Брейгелден баштап, Геродот жазмасы менен тааныш сүрөтчүлөрдүн баарысы тең мунараны сегиз кабат кылып чагылдырууга тырышкан.

Геродот мунараны бузулбаган калыбында көргөндүгүн жазган. Арадан ондогон жылдар өткөн соң, Александр Македонский аскерлери менен Вавилонго келип киргенде, мунаранын урай баштаганын байкайт... Ошондон урандыны тазартууга буйрук берет. Жок, ал мунараны талкалоого ниеттенбеген. Тескерисинче, Александр Македонский аны калыбына келтирип, Чыгыштын бардык улуу кудайларына турак боло тургандай .өз борборунун чок ортосу кылгысы келет, бирок жумуш эми гана башталган кезде өзү дүйнөдөн кайтат...

...Жол боюнда мончоктой тизилген төөлөр маңмаң басып баратат. Алар талаага түспөлдөш, кажалган өркөчтөрү бир жак ыптасына кыйшайган. Коюу чаңга көмүлүп, жанынан зуу этип өткөн машиналарга мойнун буруп, аңырая карайт. Аңыраган ээн талаа... көк жээк да так ошондой көңүлсүз сургулт асман менен ашташып жатат. Деги бир адыр же бир ойдуң болсочу. Дал ушул жерде, абалкы заманда Жердин жалпактыгы туралу түшүнүк калыпташкан.

Жол Ирактын түштүгүнөн чыгып, борбору Багдадды беттейт. Артта эрме чөл, нефть мунаралары, газ жалыны менен көчмөндөрдүн кара алачыгы калып жатат. Борборго чейин жүз чакырымдай бар.

Хилла калаасынан өткөндөн кийин жол үстүнө жан бүтө баштайт. Машиналардын да карааны көбөйө түшөт. Ар бир экинчи машинанын үстүндө табыт таңылган. Мындай машиналардын барар жери — мусулмандардын касиеттүү каласы Кербала. Ар ким Кербала менен Неджед мечиттеринин катарынан түбөлүк орун алууну мартаба санайт.

Капыстан ошол жакты нускаган белги көрүнөт. Жол боюнун көзгө тааныш көрүнгөн белгисиндеги «Вавилон» деген жазууда канчалык терең маани бар экенин адегенде байкай албай каласың.

Ушул жерден адырлуу талаа башталат. Анча бийик эмес, кит жондонуп дөңкөйгөн дөңсөөлөр. Алар ааламдын атактуу калаасы —Вавилондун урандысын бооруна басып жашырып жатат.

Ошол адырлуу талаадан башка Вавилон мунарасы да, Семирамида багы да, сарайлар да, не бир колонналар менен дубалдар да көзгө чалдыкпайт — калаа да жок, анын болгонун билдирүүчү жалгыз айгак жанагы шилтеме белги гана.

Жол курма пальмасынын көлөкөсүнө жашырын-

ган эки кабат үйгө келип, тамам болот. Үйдүн капталында «Музей» деген жазуу бар.

Картаң араб музей эшигин ачты — анысы узуннан келген жалгыз гана бөлмө, анан үйрөнгөн адаты боюнча Хаммурапи падыша менен Вавилон мунарасы тууралу, «тарыхый жана табигый жагдайларга байланыштуу бүгүнкү күнгө чейин мунаранын сакталбагандыгы» жөнүндө туристтерге маалымат берүүчү жаттама сөздөрүн зуулдатып айтып чыкты.

Вавилон музейинин жолу болбогон. Ирак өз алдынча мамлекет болгонго чейинки изилдөө иштерин негизинен европалык экспедициялар жүргүзгөн, ошондуктан эң кундуу олжолорду европалык борборлордун музейлерине ташып алып кеткен.

Эгер музей сыртындагы дөбөгө чыксаңыз, Вавилондун бүткүл турпаты, тагыраак айтканда, археологдордун казмаларынын изи көрүнөт. Дөбөлөр ачылып, ар түрлүү тереңдик менен кеңдикте тилимделген, анын кээ бири мындан элүү жыл, жүз жыл мурунку из болсо, башкалары жакында гана түшкөн. Калаа бир караганда көмкөрүлүп жаткандай, бети тегиз десе болот, ал эми тереңдей түшкөндө түрлүү бийиктиктеги үйлөрдүн катары кездешет. Дөбөнүн башынан караганда сарайлардын аркалыктары, дубалдардын калдыгы, үйдүн астыңкы коңулдарынын үңүрөйгөн оозу көрүнөт...

— Мына,— дейт картаң араб бир-биринен айрылбаган дөбөлөрдүн калдыктарына нускап,— мобул — Семирамиданын асма багы. Эми, Черүлүү көчөсү менен өтөлүк.

Ал өзү он чакты кадам алдыда басып, бизди кол булгап чакырат.

...Бут алдынан түпсүз туңгуюк кезигет.

Көчөнү түпкү таманына чейин кылдат казыптыр, миңдеген жылдар бою капталган калаа калдыгы кумдак дубалдары менен, кече эле кыналгандай түптүз кирпичтери менен, жомоктогу айбанаттардын бедерлүү сүрөттөрү менен бир нече метр тереңдикте калган.

Черүлүү көчөсүнөн жакын жердеги аянтка чейин чатышкан (лабиринт) жол сыяктуу анча терең эмес каршы-терши кууш аң казылган. Күндүн ысыгында жүрүүдөн тажап бүткөн, ток этерин айтчу абышка:

— Вавилон мунарасы,— деди.

Мына, ошондо гана мунаранын жок экенине, ан-

дан бир кирпич да калбаганына көзүң жетет. Александр Македонский аянтты жакшылап тазартып, мунараны кайра калыбына келтирүүнү ойлогон, бирок жумуштун өтө мүрөлдүгүнөн аның да жүрөгү заарканган. Грек географы Страбондун эсеби боюнча, аянтты тазартуу үчүн оң миң адам эки ай бою жумуш иштеши керек экен.

Вавилон мунарасын алгачкы археологдор да, Вавилон дөңсөөлөрүнөн атайын казына издөөчүлөр да табууга аракеттенген. Вавилондо казма жумуштарынын жүрө баштаганына мына, эки жүз жылдын жүзү болду, аның алгачкы он жылы мунараны издөөгө арналды. Адегенде мунаранын турган ордун таап, аның негизин аныктаган археолог Колдевей болгон, ал казма жумушун 1899-жылы немис археологиялык экспедициясынын курамында баштайт.

Колдевей казма жумушунун биринчи эле аптасында дөбө болуп үйүлгөн кирпич урандысынын, кишинин баш сөөктөрү менен күлдүн арасынан аябаган зор дубалга дуушар болот. Аның жолу болот, анткени таман тиреген тушу Геродот жазган, төрт ат чеккен кош араба катарынан сыя турган баягы дубал болуп чыгат. Бирок андан ары карай казуу иштери көңүлдөгүдөй болбойт. Анткени, Вавилондун үстүн он эки метрден жыйырма метрге чейинки аралыкта топурак менен уранды басып калган эле. Ал эми түпкүрүндө не бар, не жогун аныктоо үчүн миңдеген тонна топурак менен күлдү тазартуу керек болгон.

Колдевей тапкан дубал — калаадагы көөнө сепилдин эң ириси. Мында аралары элүү метрден үч жүз алтымыш мунара болгон. Демек, дубалдын узундугу он сегиз чакырым деген сөз.

Бул кирпичтүү калаа капыстан болгон нөшөрлөр менен жер титиреөлөрдөн, кум бороондорунан аздап-аздап талкаланып, эки миң жыл бою тегерегиндеги тургундар үчүн курулуш материалдарынын кампасына айланган. Алар урандынын астынан кирпич бузуп алып, тургун үйлөрүн салышкан. Бүгүнкү күнгө дейре Хилла калаасы менен тегерегиндеги кыштактардагы үйлөрдүн дубалдарынан Вавилон падышасы Навуходоносордун тамгасы басылган кирпичтерди көрүүгө болот.

Колдевей Вавилон мунарасын, тагыраак айтсак, Вавилон зиккуратынын негизин тапкан. Аны вавилондуктар Э — Темен — ан — Ки («Асман менен Жер-

дин негизинин үйү») деп атап, мунарасын эң чокусунда улуу кудай Мардуктун өзү жашайт деп ойлошкон. Бирок, Колдевейге бул мунараны табуу үчүн биринчи аптада туш болгон калаа дубалына кийин дагы он бир жыл тер төгүүгө туура келген. Ушул калааны, анын архитектурасы менен курулуш усулун он бир жыл изилдөөнүн натыйжасында Колдевей мунаранын болжол менен кандай болгонун жазып калтырган.

Адатта, ар бир илимдеги, анын ичинде археологиядагы жаңылыктар жалгыз-жарым кишинин күчү менен ачылбайт. Ошентсе да ошол жаңылыкка толуктоо киргизип, өз пикирин айткан окумуштуулар болот.

Англиялык археолог Леонард Вулли Вавилон империясынын түштүгүндөгү Ур калаасынын зиккуратын казган. Бул Вавилон мунарасына караганда бир кыйла дурус сакталган, бул эң башында кандай болгонун ишенимдүү айтууга мүмкүндүк берген. Ошол себептүү Вулли Ур зиккуратынын чыныгы долбоорун түзгөн. Ал эми анын сүрөтү Колдевейдин долбооруна бүтүндөй окшош болуп чыгат. Ошентип, миңдеген жылдар бою Вавилон мунарасын тартуу менен алектенген сүрөтчүлөрдүн эмгеги аякталган.

Вавилон зиккураты Кош өзөн зиккуратынын ичиндеги эң ириси болгон. Ал жети тепкичтүү пирамида сыяктанып, эң башына кичинекей ибадаткана салынган. Биринчи кабатынын ар бир дубалы токсон метрден чарчы кураган. Бийиктиги отуз үч метрге жеткен. Экинчи кабаты биринчиге караганда саал гана кичирээк салынганы менен, бийиктиги алда канча аласа— бар болгону он сегиз метр, алыстан караганда эки кабаты туташ бир чарчы таш болуп көрүнгөн. Мындан аркы кабаттар алты метрден салынып, кичирейе түшкөн. Эң акырында, кылда башындагы аянтта Мардуктун он беш метрлик ибадатканасы турган. Ал алтын менен капталып, көгүлтүр түстүү сырдалган кирпич менен тышталган. Мунаранын жалпы бийиктиги негиз капталы сыяктуу токсон метр болгон.

Хеопс пирамидасынын көрүнүшү өз көлөмүн билгизбейт. Анткени, аздан-аздан кичинеден көтөрүлөт. Ал эми зиккураттын даана тулкусу көргөн көздүн тайгылбай көтөрүлүшүнө жол бербеген, караган адам милдеттүү түрдө тепкичтей секирип, курулуштун кудуретин сезүүгө мажбур болгон. Зиккураттын кылда

башында жаркырап, ондогон чакырымдан көзгө түшүүчү он беш метрлик ибадаткананын текебердүү көрүнүүчү ажайыптуулугу ушунчалык болуп, көчмөндүү-иддейлер аны адам кудурети менен дөөлөтүнүн, албандыгы менен текебердүүлүгүнүн айгагы катарында баалаган. Ошентсе да өздөрүнө түшүнүксүз тилде сүйлөшкөн жана кемсинте карашкан калаанын керсейген байларын жактырышпаган. Тек жек көрүп гана тим болбостон, алардын өздөрү сыяктуу катаал жана кедей кудайлары алиги калаа тургундарын Вавилон менен анын текебердүүлүгүнүн айгагы Мардук зиккураты — Вавилон мунарасы менен жазаласа экен деп тилек кылышкан.

Ак тилектин акыйкатка айлана турган кездери да болот. Адегенде вавилондуктарды кудайдын кандай жазалай тургандыгы тууралу жомок айтылган. Ошондон жүздөгөн жылдар өткөндөн кийин, Кирден кайрымдуулук көргөн, Ксеркстин кыйратуусуна учурап, Александр жер менен жексен кылган мунара жок болгон, ошентип Вавилон мунарасынын кыйрай тургандыгы тууралу жомок чындыкка айланган.

Вавилондогу зиккурат падышалыктагы эң башкы ыйык жер болуп эсептелген. Табынуу шаан-шөкөттөрү төмөндө орнотулган Мардуктун алтын айкелинен башталган, эгер Геродоттун сөзүнө ишенсек, анын салмагы жыйырма төрт тонна болгон. Мунараның үчүнчү кабатына тикелей алып баруучу үч бурч таш шаты каланган. Андан ары топ кылуучулар ар бир кабаттын шатысын өрдөй көтөрүлүп көгүлтүр ибадаткана турган үстүнкү аянтка чыгат. Ошол жерден төгөрөк түгөл көрүнөт. Көгүлтүр ибадатканага кечилдерден башка адамдардын киришине уруксат берилбеген. Муну Мардуктун өзү гана тырактаган. Анда анын жата турган орду менен алтындалган үстөлү болгон.

Зиккурат тегерегиндеги аянтты зыярат кылуучу ажылардын, империядагы эң кудреттүү ашкан кечилдердин үйлөрү курчай орношкон. Андан ары өз дубалдарынын бекемдиги менен түбөлүктүүлүгүнө күмөнсүз ишенген миллион калктуу калаа жайгашкан.

Айтмакчы, Вавилон мунарасынын жоктугуна карабастан, Багдаддан отуз чакырымдай узап чыккан киши, ошол мунараны азыр да көрүшү мүмкүн. Шору чыккан жазы түздүктөн ак чакмак кант сыяктуу заңкайган таң каларлык курулуш көрүнөт.

Бул — Агар-Гуфтагы зиккурат, тагыраак айтсак, ошонун калдыгы.

Зиккураттын ирилиги ушунчалык, кээ бир саякатчылар Вавилон мунарасы ушул, тек салынып бүтпөгөн соң, ушундай болуп калган деп эсептеген.

Баш сөөк менен кирпич урандысынан дөбө болгон бул жерге жакындап келген жан мындан бир аз гана убакыт мурун Ирак Археологиялык башкармасынын казма жумушун жүргүзгөнүн жана зиккураттан упуранып кулаган кирпичтин урандысын көрүп, алптын тегерек бүткөн таң каларлык түрүнө көзү жеткендей болот. Шамал менен мезгил мунаранын таманын жиптей жандырып, мүлжүп бүткөн. Жанындагы төшкө чыгып карасаң, жогорудагы кирпичтеринин илинип гана турганын көрөсүң. Төмөндө асфальт катмарлары менен пальма жалбыректары көрүнөт.

Археологдор бул зиккуратты кассит мамлекетинин борбору — Дур-Куригалзу калаасында биздин заманыбыздан он беш кылым мурун салынган деп таап отурат. Агургуф зиккураты өзүнүн көлөмү жагынан Вавилондогу Мардук ибадатканасынан саал кичирээк, анын түптөмө негизинин көлөмү алтымыш тогуз жана алтымыш жети метрге тең, бирок, турган турушу, ал гана эмес эң башындагы кудайлар турагына чейин жеткизе турган үч катар шатыга чейин Вавилон ибадатканасына окшой турганын археологдор аныктап отурат. Ал эми кийинки казма жумуштарынын баарысында табылган тегерегиндеги ибадаткаиалар, кампалар, Вавилондун алгачкы археологдору сунуш кылган тыянактардын тууралыгын көрсөтөт. Эң башкысы, бул күндөрү Вавилон мунарасынын кандай болгонуна эч ким күмөнданбайт.

БЕХИСТУН ЖАЗУУСУ

Эртеңкисин ойлогон падыша

Далай элге бийлик жүргүзгөн парсы падышасы, абалтан берки жоосу — гректер — Дарий деп атаган, падышалардын падышасы Дараявауш өзүнө эстелик белги калтыруу үчүн ойго келе бербеген тапкырлыгы менен таанымал.

Керманшах өрөөнүнө созулуп жаткан кууш адырлардын акыры Хамадандан Вавилонго баруучу кер-

бен жолуна жалгашып, кош өркөч тоо болуп бүтөт. Ошол жерде аскалуу тоонун алкымынан аккан мөлтүр булактар көлгө куюп жатат. Көлдөн аккан жылгалар Бехистун кыштагынын жанынан өтүп, мейкин өрөөнгө карай бет алат.

Тоону да Бехистун тоосу деп атайт.

Кербен аттуунун буйла тартып, тизе бүгөр жери да ошол булак, адатта сыр билги төөлөр асканын түбүндөгү дүпүйгөн бакты, көлөкөлүү жерди алыстан сезип, ашыга эмпендейт. Бул жерге Персия аркылуу өткөн черүүлүү аскерлер далай-далай токтогон, кош өркөч тоонун алкымында мөлтүр булагы шылдырай аккан бейпил өрөөндү солдаттар көпкө чейин унутпайт.

Дарий өзүнүн державасынын былк этпеген бекемдигине ишенсе да, урпактарынын чын ыкластуулугуна шектенүү менен караса керек, көзүнүн тирүүсүндө өзүнө эстелик орнотууну ойлойт. Ал кайталанбас түбөлүк эстелик тургузууга бел байлайт, бул нээти өзүнөн мурунку — соңку зулумдардын басымдуу көпчүлүгүнүн ойлогонунан жогору болуп чыгат.

Дарий биздин доорубузга чейинки 521-жылы такка отурганда, ошол такка талапкер тогуз атаандашы менен тирешет. Көп өтпөй бак талашкандардын баарысын аёосуз жазалап, асман астындагы акылман кудай Ахурамаздадан кийинки кудурет күчкө ээ болгон. Дарий мына ушул так үчүн болгон кармаштын монументин бедерленишине буюрат.

Падышанын амирин эки кылбаш үчүн айкелчи — бедизчилер тик асканы тандап, анын бетин колдон келишинче кең өлчөмдө төрт чарчылап тегиздейт. Төрт чарчынын төмөнкү жагынан баштап, жерге чейин элүү метр, ошондуктан бул монументти тек гана алыстан көрүүгө болот. Дарийдин айкелчи — бедизчилери туур кылган жыгач шатыларды алгандан кийин, бул монументке эки жарым миң жыл бою эч ким жакындай алган жок. Тек бир гана жагдай болгон, анын чоо-жайы өз кезегинде баяндалат.

Таш тактанын бетине киши боюндай болгон бир нече бедер-бейне оюлат. Баарынан ирдүүсү — Дарийдин өзү: айкелчилер салттуу тартиптен кымындай да оолактабаган. Дарийдин ар бир бөлүктөрүнө чейин тактыкты талап кылганы ушунчалык — бажырайган көздөрү менен догоо сымал каштары, бүйрө сакалы, башындагы жоокердик таажысына чейин ушунчалык

чеберлик менен кылдат бедизделген. Таажынын алтын менен капталып, асыл таштар менен көркөмдөлгөнү маалым.

Дарий өзүнүн үстүндө каалгыган канаттуу кудайга кол жайып турса, таман астында абалтан келаткан жоосу Гауматаны таптап турат. Падышанын буту Гауматанын курсагын эзе жанчыганы ушунчалык болуп, ал жанына баткан кордук менен азаптан кыйнала онтоп жаткандай.

Дарийдин артында эки сарай адамы турат. Алардын колунда падышанын жаасы менен найзасы. Падышанын каршы алдында калган сегиз зулум атаандаштарынын жеңилишке учурап, дарманы кеткен бейнеси. Баарынын колу байланып, моюндары бир арканга көгөндөлгөн.

Дарий көрөгөч болгон, эгер сыймыктуу бедер-бейненин маанисин ачар жазуу жазылбаса, балким, келечектеги урпак түшүнө койбос деп эсептеген. Ошондуктан, такта таштын калган бөлүгүнө үч тилде жазуу жазып толтурууну буюрат. Алар: байыркы парсыча — падыша менен сарай тили, мамлекет куласа да, тилдин улуулугу менен маалымдуулугу ушунчалык болуп, байыркы Персия ошол тилде сүйлөгөн, эң соцкусу — элам тили. Ошол туштa бир кош машакат болду.

Айкелчилер жумушун аяктап, жазуу чеккич бедизчилер узун сонор жазууну ташка түшүрүп бүткөн кезде, өзүнүн сарайында кол куушуруп карап отурбаган Дарий алыстагы «шоңшогой тумактуу» скиф падышасын жеңген кезектеги жортуулдан кайтат. Келери менен: жеңилген падышалар санатына скиф падышасын кошуу керек деген буйрук берилет.

Жумушту жетектеп жүргөндөр абдырап калат, алар тындырган иштин өтө кыйындыгын айтпаганда, атайы орнотулган бийик шатылардын алынып ташталганын, лагердин таратылганын, жыйноо керектигин мындай койгондо, эң кыйыны монументте скиф падышасын чегип түшүрө турган орун калбаган. Бош орундун баары жазууга толгон.

Калыбы, ушундай кыйынчылыктарды Дарий билгиси келбеген болуу керек. Зулумга каршы туруу дегеле жараксыз, айла жок, эмдиги ишти да жүзөгө ашыруу абдан кажет. Бехистунга мурдагыдай кербен агылып, кайта дагы бийик жыгач шатылар орнотулуп, борбордон алып келинген шоңшойгон бөрктүү

скифтин сүрөтүнө көздөрүн каныктырган айкелчилер кайтадан ишке киришет. Ал үчүн элам жазуусун өчүрүп, анын ордуна кишенделген падышалардын акыркысы кылып, скифти орноштурат. Бул бедер-бейне башкасына караганда жайпактай болуп чыгат, ирийне айырмачылыгы деле жок, төмөнтөн караганда көп байкала бербейт. Ал эми жаңыдан оюла турган жазууну башка орунга түшүрөт.

Монументти көргөн падыша ыраазы болуптур дешет.

Сактык үчүн монументти бүлдүрүүчү катуу жазаланарын билдирген коркунучтуу сүйлөм кошо жазылган. Бирок монументти бүлдүрүү үчүн ага адегенде кол жеткизүү керек да, бул оңой иш эмес. Төмөндө туруп, жазууну окуу мүмкүн эмес. Керек болсо, аны бүлдүрүүгө падышалардын падышасы жана парсы падышасы Дарийдин өзү уруксат кылбаган жазууну окуунун өзү мүмкүн болбойт.

Жылдар өтүп жатты. Дарий дүйнөдөн кайтып, империя кыйрап, Персополь сарайлары менен Ахеманиддердин кудуреттүү борборлору кыйрады. Мурунку тил да, ошол тилде жазылган жазуу да унут болду, тек гана кол жетпес, бекем аскага оюлган монумент былк этпестен тура берди.

Аска түбүнөн өтүүчү кербен да аздан-аздан сейректей берди, калың аскер кошууну да баштагы булакка сейрек тизе бүгө турган болду. Бара-бара шынаа жазууну жер бетинде бир да адам окуй албаган күн туулду.

Эң алгач шынаа жазууларга назар салган италья саякатчысы, Кайта жаралуу доорунун эң акыркы гуманистеринин бири Пьетро делла Валле эле. XVII кылымда Жакынкы Чыгышта саякаттап жүрүп, ал шынаа жазууну көрөт да, ал эмес анын бир нече бөлүгүн китепчесине көчүрүп түшүрөт. Кийин далай саякатчы мындай жазуусу бар белгилерди унут болгон эстеликтер менен бейиттерден, күйдүргөн сөз такталардан, байыркы урандылардан көп кездештиришет. Ошол саякатчылардын ичиндеги эң бир белгилүүсү, 1760-жылы дат королу Фридрихтин жумшоосу менен Чыгышка сапар тарткан тарыхчылардын санында болгон немис окумуштуусу Нибур эле. Ушул саякат башталган соң, арадан бир жыл өткөндө Нибурдан башка саякатчылардын баары өлөт. Бул жагдай Нибурдун да үрөйүн учуруп, үйүнө, Европага

кайтканына шылтоо сыяктуу болгону менен, ал жападан жалгыз саякагын улантып, дагы алты жыл эл аралоо менен жүрөт. Кийин ал «Аравия жазмасы» деген китеп чыгарат. Бул китеп журтчулуктун назарын өзүнө айрыкча оодарып, бир нече ирет кайта басылат. Тагыраак айтканда, китептин автору крестчилер жортуулунан бери карай бир дагы европалыктын аягы баспаган өлкөгө биринчи келген окумуштуу. Ал эми Европа Чыгышка тап коюп, жомоктогудай керемет элдерди билгиси келет. Ошондуктан, Наполеон Бонапарт египет экспедициясына чыгарда Нибурдун китебин өзү менен бирге алып, Жакынкы Чыгыш энциклопедиясын колунан таштабаганына таң калууга болбойт. Шынаа жазуулар тууралу Нибур да жазган, тек аны грек авторлору жазышкандай Персиянын байыркы борбору — Персеполдун урандылары менен байланыштыра келтирген. Себеби, анда Вавилон менен Кош өзөндүн башка калааларындагы урандылары сыяктуу шынаа жазуусу бар такталар көп кездешкен.

Шынаа жазуунун купуясын чечүүгө алгач кадам жасаган киши Георг Гротефенд. Бул кишини «бир түндө дааныпмандыкка жеткен» жиндерин санатына кошууга болот. Анын узак өмүрү кылдан тайбас кылдаттыкты айгактаса, гимназия мугалиминин жардамчысынан лицей директорлугуна чейин көтөрүлгөн мансап жолу «ортон кол» тиричиликти пир тутканларга үлгү болорлук. Ал гана эмес Гротефенддин илимий башталмаларынын өзү (ал немис тилин изилдөө коомун куруп, немис филологиясы тууралу бир нече макалаларды жазган) эч качан орто деңгээлден ары ашкан эмес, ошондон да болуу керек, жарык көрүшү менен тез эле унутулуп калып отурган. Ошондой күндөрдүн бир күнүндө Георг Гротефенд туура жыйырма жети жашка толгон чагында ошол кездери көп айтылып, жазылып жүргөн купуя шынаа жазуунун белгилерин чечемин деп бир таанышы менен мелдеше кетет. Бул 1802-жылкы окуя.

Гротефенд өтө эле бир сөздүү жана байсалдуу адам болгон. Эгер ал бир нерсеге убада берсе, ошол убадасында турат. Ошондонбу, айла жок, анын дааныпман болушуна туура келет, себеби түйүнүн тапгырбас табышмакты бир нече күндүн ичинде эле чечип таштоо дааныпмандын гана мандайына жазылса керек. Колунда шынаа жазуунун көчүрмөсүнүн на-

чар сакталган саналуу гана үзүмү бар, көөнө тилдин эмне экенин билбейт, ал эмес колундагы белгилердин оюу-өрнөк эмес, жазуу экенине бекем ишене да койбогон, анан бул белгилердин арип экенин же кытай иероглифтери сыяктуу маани бере тургандыгын билбеген, кыскасы, эч нерседен кабары жок Гротефенд алды менен бул жазуунун солдон оңго карай окула тургандыгын же колуна түшкөн сөздөр Дарий менен Кекеркстин бейитине орнотулган белги экенин аныктайт.

Ошентип, мелдеште жеңген Гротефенд бул жаңылыгы тууралу Геттинген академиясында анча байкала койбогон баяндама жасайт да, кайтып келгенден кийин, мурдагыдай эле мугалимдик жумуш менен жана немис философиясы менен алектенет.

Гротефенддин колунда жазуунун болбогон гана үзүндүсү болгон, анын өзү шынаа жазуу менен жазылган байыркы парсы тилиндеги жазуу эле. Аның жаңылыгын текшерип, байыркы парсы алфавитин кураштыруу үчүн жазуунун көп болушу керек болгон. Андай мол жазуу Бехистун монументинде боло турган. Анын 515 сабы байыркы парсы тилинде, 141 сабы вавилон тилинде жана 650 сабы элам тилинде жазылган. Азырынча, бул жөнүндө эч ким билбейт...

Айтылуу монумент менен андагы мол шынаа жазуу тууралу каңшаар Европага жеткен соң, француз илимпоздору бул жазууну көчүрүп алууга тап коет. Алар Бехистунда бир нече күн болуп, алаканынан кан агызып, таманын ташка тилдирип, аскага бир нече казык кагат. Акырында жазууга жетүү мүмкүн эмес деген атайын маалымдама менен Францияга кайтат. Француздар абдан түңүлүп кайткан кезде, алар ошол жазуунун кылдат көчүрүлгөнүн, аны көчүргөн адамдын ары алпинисттик, ары илимий эрдик жасаганын, анын анча алыс эмес жерде жазууну чечмелөө менен алектенип отурганын билишпеген. Ал адам Раулинсон эле.

Гротефенддин шынаа жазууну изилдөөлөрү жаңылыктын башы гана болчу. Мындан аркы изденүү жолу Г. Раулинсондун ысымы менен байланыштуу. Англия офицери Раулинсон он жети жашында Индияга сүзүп бара жаткан кеменин үстүндө Бомбейдин губернатору, белгилүү ориенталист Джон Мальколь менен кездешүү бактысына дуушар болот. Узак сапар арытууда губернатор жаш жигиттин Чы-

гышты изилдөөгө деген кумарданууусун ойготот. Акыры, 1837-жылы Бехистун кыштагынын жанында, айтылуу монумент оюлган асканын түбүндө Раулинсон менен Дарийдин жолу кесилишет. Байыркы Персия менен Вавилондун илимий изилденишинин тарыхы ошол күндөн башталат. Индиядан кийин Персияга жиберилген Раулинсон Бехистун жазуулары тууралу жергиликтүү тургундардан эшитет. Ошондо аз күнгө дем алыш алып, Бехистунга келгенде, шынаа жазуунун купуясын чечүү үчүн тек ушул жазуунун керек экендигин даана түшүнөт. Ошол тушта Гротефенддин жаңылыгынан да, Парижде буунуп-түйүнүп жаткан француз экспедициясынан да Раулинсондун али бейкабар экендигин айта кеткенибиз абзел.

Жазууга француздар сыяктуу төмөнтөн көтөрүлөмүн деген Раулинсондун аракетинен эчтеме чыкпайт. Бирок, Раулинсон беттегенинен кайтпайт. Төмөндөгү булактан жазууга чейин жүз метр. Кулама тик асканын өзү элүү метрлик. Арийне, жазууну мындайча көчүрүү мүмкүн эмес. Балким, төмөнтөн көтөрүлүүнүн ылайыгы келбесе, жогорудан түшүүгө мүмкүндүк болор? Ошондо мол кылып аркан алган Раулинсон бийик асканын башка тарабындагы кыйын кыяны жалдай көтөрүлүп, арадан бир нече саат өткөндө, чокунун кылда башына чыгат. Төмөндө, үч жүз метр жерде, жогорудан караганда көзгө көрүнбөгөн Дарий менен анын душмандарынын бейнеси бар.

Раулинсон оролгон кагаздарын аркасына таңып, жазууга чейин аркан менен түшөт. Тийиштүү чекке жеткен кезде бийиктеги жардын үстүндө теңселе туруп, бир урчукка таман тиреген калыбында, кез келген учурда кулап кетүү коркунучуна карабастан, жанын оозуна тиштеп, баягы жазууну көчүрө баштайт. Он үч катар жазуунун тогузун көчүргөндөн кийин, Раулисон аркан менен кагазын жыйнап, Тегеранга келет да, табышмакты чечүүгө отурат. Ошол кезде ал Гротефенддин баяндамасы басылган журналды да окууга үлгүрөт.

Раулинсон бир нече жыл эмгектенгенден кийин, ал жылдарды Улуу британиянын Персиядагы консулу болгон, белгилүү Чыгышты изилдөөчү, Лондондогу азиялык коомго Бехистун жазууларынын эң чоң бөлүгүнүн көчүрмөсүн гана эмес, анын котормосун кошо тапшырат.

Арийне, жазууларды изилдөө муну менен тынбайт. Анткени, Раулисондун которгону бир гана байыркы парсы тилиндеги жазуу эмеспи. Калган эки тилдеги жазууну которуу үчүн бир аз убара болууга туура келет. Анын үстүнө вавилон тили байыркы парсы тили сыяктуу арип менен жазылбаган, өтө татаал система болуп чыгат. Бир белги өзүнүн турган ордуна карай же арипти же муунду же сөздү билдиргенин билип болбойт. Окумуштуулардын бир тобу баш тарта баштайт, бирок Раулинсон сыяктуулар ушул тилдик түзүлүштү чечүүгө боло тургандыгына шек санашпайт. Акыры ошондой болуп чыкты. Арадан бир нече жыл өткөндө мектептерде окуу үчүн колдонулган кыш такта табылат, бул такталарга байыркы Персия мектептеринин окуучулары үчүн жазуу иштеринин ариптик аныктамалары басылган. Олжонун өз учурунда табылганы эң сонун болуп, кээ бир оозу боштор кыш тактанын чыны менен табылганына шектенишип, андай «сөздүк» менен эч кандай жазууну окууга болбойт деген ушак таратышат.

Ошол мезгилде Лондондун азиялык коому бир урумтал тажрыйбаны ойлоп табат. Вавилондун жаңыдан табылган жазууларын төрт адиске жолдойт, анын ичинде Раулисон да болот. Алардын ар кимисинен байыркы сөздүктү пайдалана отуруп, жазууну которуп чыгууну өтүнөт. Бир кызыгы, төртөө тең өзүнөн башка дагы үч адамдын жазууну чечмелөө үчүн алектенип жатканы менен дегеле кабарсыз болот. Окумуштуулар коомдун өтүнүчүн орундатышат, төртөөнүн котормосун салыштырганда бири-бирине айырмачылыгы жокко эсе болуп чыгат.

Шынаа жазууну чечүүнүн алгачкы кезеңи ушундайча аякталат.

Бирок изилдөөчүлөр шынаа жазуунун бардык купуясын билебиз деп айта алышпайт. Байыркы парсы, вавилон, ассирия, шумер, элам тилдериндеги жазуулардын саны көбөйгөндүн үстүнө көбөйө берет, ар бир экспедиция жазуулуу тактаны миң-миңден таап апкелет. Азыр дүйнө жүзүндөгү музейлерде мындай тактылар жүз миңдеп саналат, алиге дейре толукталууда. Месопотамиянын тургундары четинен эле сабаттуу, жазгыч келишет. Алардын бардык тиричилиги, эң акыркысы Вавилондун дүкөндөрүндөгү дүмүрчөктөргө чейин кыш тактага жазылып, күйдү-

рүлүп отурган. Миндеген жылдык өмүрү бар байыркы замандын улуу маданияты калтырган андай кыш такталарга сан жетпейт.

Бир караганда Бехистун жазуусун изилдөөгө окумуштуулардын алда качан эле убактысы жетпей калган сыяктуу. Бирок ошол баягы асканын түбүндөгү булак башына али да болсо жаңы-жаңы экспедициялар келип, абдан өркүндөтүлгөн альпинисттик жабдыктарын жайгаштырып жатат.

1903-жылы Джексондун, 1904-жылы Уильям Кингтин албан экспедициясы келип, жазуунун көчүрмөсүн алып, жел-күн жешкен күмөндүү саптарын аныктоого далалат кылды. Соңку бир «көчүрмө» жасоочу ири экспедиция профессор Камерондун башкаруусу менен асканын түбүнө 1948-жылы келди. Тарыхчылар нефтичилердин жардамы менен аскага көптөгөн илгич кагып, монументке жете тургандай шаты орнотуп, жазуунун бою менен каршы-терши жыла турган бешикчелер жасаган. Соңку экспедиция таштагы жазууну кайталап көчүрбөй, жабыштырма ыкма аркылуу накта көчүрмөсүн алган.

Монументтин изилдене баштаганына жүз жылдан ашты. Дарийге ылайыктуу баасын берүү керек: ал окумуштууларга, чын-чынына келгенде, чечилиши кыйын табышмак калтырган. Окумуштуулар да Дарийдин өтүнүчүнө урматтоо менен карап, күнү бүгүнкүгө дейре өткөн заман падышасынын өзүнүн душмандарын кандай жеңгенин баяндаган кызыктуу жазуулары бүлдүрө тургандай аракет болгон эмес.

ПЕРСЕПОЛЬ

Колонналар токою

Эгер Бехистун жазуусу Ахеменниддер тукуму бийлеп келген парсы державасындагы эстеликтин обологон бийиктиги болсо, Персеполь менен байланыштуу чаташкан окуялар бул державанын кулашын гана эмес, ошону менен бирге, өткөн заманда Нил менен Евфраттын жээктеринде аздап-аздап заңкая көтөрүлгөн пирамидалар менен Карнактагы, Ниневиядагы, Вавилондогу ибадатканалардын македон колбашчысынын чакан аскери каардана сокку ур-

ганда кандай таш-талкан болгонун да көрсөтөт. Ырас, андан кийин да Вавилондун өмүрү улана берди. Египеттин тагын бийлөөчүлөр алмашып жатты (алар Александрды жакташкандар эле), бирок, Персеполь сарайын жалмаган жалын тек гана ажайып эстеликтин түбүнө жатып тынган жок. Англия археологу Мортимер Уилердин айтымында, ошол тушта «чыгармачылыктын катуу умтулуусун баштан кечирген бүткүл орто чыгыш маданияты өлүмгө моюн суна баштаган...»

Персеполь сарайы — Бехистун жазуусунун замандашы. Ошол кезде өзүнүн касташкандарын талкалап, ахеменид империясында чексиз бийлик орнотком Дарий Кавказ тоолору менен Египет арасындагы билектин күчү менен, найзанын учу менен орногон бийлигинин сан-салтанаты боюнча айрыкча дит коюп, империясына ылайыктуу борбор издеген.

Империянын борбору Сузы бай жана албан калаа болгон менен, Вавилондон да, Фивыдан да, ал эмес эллиндин Эфес же Милет сыяктуу калааларынан да кийин болгон окшобойбу. Антсе да, Дарийге керектүүсү калаанын көлөмү эмес, империя борбору анын бийлеп-тескөөчүлөрүнүн кудурет карым-катнашына оңтойлуу болушу керек эле. Ошондуктан, ал жаңы борбор үчүн белгилүү калааларды тандабай, өзүнүн жол башчысы Кир IIнин жолун жолдоду. Кир II мидиялыктарды жеңип, Жакынкы Чыгышты карамагына караткан чечүүчү салгылаштын болгон жери Пасаргадда борбор салууну ниет кылган. Биздин доорубузга чейинки 530-жылы Кир ошондо көмүлгөн.

Калыбы, падыша менен айланасындагылардын туракту конушу Пасаргад болбогон окшойт. Казма жумушу мындагы өрөөндөн дөбөгө чейин тартылган кош катар шатылуу жол тапкан. Өрөөндөн, ошол төгөрөктөгүлөр «Сулаймандын (Соломондун) түрмөсү» деп атап кеткен, чакан сарай менен мунара да табылган (купуя аталышты айтылуу адамдарга жармаштыруунун бул да бир белгиси). Пасаргаддын түштүгүндөгү кумдуу түзүктө түптөмөсү тепкичтүү жөнөкөй таш курулуш турат. Кирдин бейити — ушул.

Пасаргад сарайынын калдыгы анын убактылуу гана турак болгонун байкатат. Далилдүүрөөк айтканда, Кир бул жерге айтылуу сарай салдырууну ниет кылган, бирок жортуул сапарларынан чолоосу тий-

беген. Анын уулу Камбиз Египетти басып алгандан кийин, атасынын империясын сактап калгысы келет, бирок Пасаргаддагы курулушка чындап киришүүгө ал да убакыт таппайт. Өкмөт башына ыктап отургандан кийин, Дарий Пасаргадга назар оодарып, курулуш жумушун баштайт, бирок, чийки кирпичтен убактысынча сарай салдыргандан кийин, андан ары улантылбай калат.

Дарийдин башка сарайга орун тандаганына бир нече жыл убакыт кетет. Мындай орун азыркы Шираздан элүү чакырым жердеги, Рахмед тоосунун алкымынан агып жаткан Пульвар өзөнүнүн жээгинен тандалат.

Бул жерде бир кездери Кир түптөмөсүн тургузган ибадаткана менен чакан калаача болгон сыяктуу. Жаңы борбордун «Персепол» — «парсылардын калаасы» деген аталышын гректер койгон, буга Александр Македонскийдин тарыхчысы Клитархтын жазмалары айгак боло алат. Ал эми парсылардын өздөрү, калыбы, Парс деп атаган болуу керек.

Касиеттүү имаратты дөңсөөлүү жерге салуучу байыркы парсы ырым-жырымы Персеполдо да сакталган. Падышалардын падышасы — көзү тирүү кудайга арналган сарай-калаанын, касиеттүү калаанын таманындагы түптөмөсү чоң таштар менен бекитилип, түздөн таш төшөлүп, кең мармар тепкич менен жалгаштырылат. Ал тепкичтин сырткы капталы бир келки албан бедер-бейнелер менен өрнөктөлөт. Мында чоочун көздү падышалардын падышасынын дөөлөт-даңкы менен табындыруу гана эмес, ошону менен бирге, мамлекет ичинде бир гана эркке багынган, бир-гана максатка баш ийген уюшкандык менен тартипти туу тутуу кароолго алынган.

Ахеменид Персиясында дүйнөнүн төрт бурчунан апкелинген толуп жаткан сүрөтчүлөр менен колөнөрчүлөр эмгек кылды. Улуу Александр Персеполго такалганда, жол үстүнөн азып-тозгон адамдардын калың тобун көрөт. Булар парсылардын туткунуна түшкөн грек сүрөтчүлөрү, айкелчилери менен бедизчилери болгон. Аларды качып кетпес үчүн аёосуз азапка салып, эмгекке тнешеси болбогон кулак, мурдун кесип таштап отурган. Бир сүрөтчүнүн сол колун чаап таштаса, башкасынын бутун, мурдун, кулагын кесип таштай турган болгон. Ушул сыяктуу кебетеси кеткен грек чеберлеринин узун саны Пер-

сеполдо сегиз жүздөн ашык эле. Булардан башка да сарай курулуштарында парсы баскынчыларынын тагдыр тузагына түшкөн элдер — египеттиктер, мидиялыктар, вавилондуктар, иудейлер, набетейликтер, армияндар болгон. Бирок парсылардын күч-кубатын айгактаган өзөктүү идеяны ушундайча таасындык менен ырааттуулук менен бүткүл турпатына жыйнактаган мындай сарайдын дүйнө жүзүнөн табыла коюшу белгисиз. Мында бөтөн элдин сүрөтчүлөрүнүн эрк-күчү негизги идеянын кишенинде калган. Ошондон, сүрөтчүлөр дене азабына кошо жан азабын тартып, чыгармачылык эргиген эмгектин ордуна башкаруучу кожоюндарынын каалоосу боюнча кол ишмердигин талап кылуучу жумуштар менен алпурушту. Ошонун натыйжасында дарбазалар менен шатылардын капталдары толуп жаткан бир түрдүү бедер-бейнелер менен чебер көркөмдөлдү. Так үстүндө падышалардын падышасы отурса, андан ары падышанын карамагындагы жоокерлер, салык төлөөчүлөр, карапайым калк бир калыптан чыккандай болуп, тизиле уланып кете берет. Ал гана эмес, Персеполдо сакталган сүрөттүн өзүнөн солдаттар сабынын түптүз катарын боолголоого болот.

Өзөктүү идеанын жүйөлүү жалгашы баарынан да айрыкча болуп Персеполдогу башкы имаратта, анын ичиндеги так турган кабыл алуу залы — ападанда көрүнүш тапкан.

Ападан дегенибиз — салтанаттуу кабыл алуу кезинде он миң адам сыя турган аябагандай зор төрт бурчтуу зал. Залдын жети кабат үй менен тең тайлашчу бийиктеги созулган устундарынын арасына жетимиш эки колонна коюлган. Персеполь сарайларынын колонналары ахеменид архитекторлорунун колунан чыккан. Египет менен Эллада мындай ыкманы билбейт. Ушунчалык жумурулапа тегизделген туурдан суурула көтөрүлгөн октой түз таш баганалардын жогору жактары арстан менен өгүз жондонуп туташып кеткен. Көргөн жан көзүн калкалабас үчүн колонналарды тыгылыштыра тургузган ниеттин жышааны жок. Баарысы тең залдын өнө боюнда кандайдыр бир ташка айланган токой сыяктуу сарайга кошумча салтанат даарытып, убакыттын өзүн ааламды бийлөөчүнүн дегенине көндүрүп койгондой таасирге бөлөйт.

Бир кызыгы, падышанын тагы залдын кайсы же-

ринде турган деген жөнөкөй сурооо ушул убакка чейин археологдор жооп бере албай келатат. Кайсы туштан карасаң да залдын бир келки көрүнүшү көзгө чалынат, кандайдыр бир башы менен аягы жок өз алдынча жалгыз турган аалам дейсиз. Демек, тактын кез келген жерде тура бериши да, турбашы да мүмкүн. Ал гана эмес, Персеполдун залдары дүйнөнүн төрт бурчунан шыпыра сузуп алып келген казына кампасы болбосун деген болжол да айтылат.

Персеполь сарайынын курулушун Дарий акырына чыгарбаган. Анын курулушун улантқан Ксеркс менен Артаксеркс экенин күбөлөчү жазуу сакталган. Бул курулуш да ондогон жылга созулган. Дарийдин залына кана аттанбаган Ксеркс менен Артаксеркс ага экинчи залды кошо салган. Бирок чоң залдын көлөмү менен бир аз бедерлүүсү — сүрөттөрдүн — өзгөрүшү болбосо, анчалык деле жаңыруу болло койгон жок. Ошентип, өзөктүү идеянын мөрөйү үстөм калыбында кала берген.

Дал ошол туштa, ар кыл уруудан жыйналган чеберлер өлүү токойдой серейген сансыз колонналардын өнө боюн өндөп жатканда, парсы державасынын бийлөөчүсү Ксеркс Элладаны жөнгө салып, бактылуу кыламын деген көшөгө менен, басып алмакчы болуп Афиныны өрттөйт. Бул биздин заманыбызга чейинки 480жылы болгон окуя эле. Бирок Грецияны баш ийдирүүнүн ынгайы келбейт, парсы флоту Саламандын түбүндө кыйрап, Ксеркс артка чегинип, ал Афинынын өрттөнүшүн гректердин унута албастыгы ушунчалык болуп, байыркы авторлордун баарысы тең Персеполдун кыйрашын ушул окуя менен байланыштырышат.

Эллиндердин Парсы Ахеменидлери менен тирешүүсү өөрчүй берди. Бул — Грециянын башынан далай өткөн көп согуштун бири эмес, эки ааламдын биринин өлүмү менен чечилер айкаш болгон. Кийин бир жарым кылым өткөндөн кийин, Александр Македонский Азиянын жээктерине туяк тийгизип, өзүнүн кезектеги курманы, ирип-чириген ахеменид державасынын эң соңку падышасы Дарийдин армиясын талкалоого барган кезде да, Афинынын өртү тууралуу эстеликтер унутулбаган эле. Балким, Грециялык сезим-туйгу убакыт күзгүсүнөн бизге сансыз кубулуп, өзгөрүп жеткен чыгар, андайда Диадор Сицилийскийдин жазганы боюнча, Александрдын

Персеполду жер менен жексен кылгысы келген ниеттин азап тамгасы басылган сегиз жүз сүрөтчүнүн эмгегин көргөн чактагы драмалык сезим-күүсү менен байланыштырууга негиз бар. Кайран чеберлердин көз майын короткон бажыракай бедер-бейнелерди көргөндө Александр, чындыгында эле, калааны күлгө айландырууга бел байласа керек.

Персеполдун өрттөнүп, кыйроосу кокусунан дегенге ишенүү кыйын, бирок, бир топ авторлор улуу адамга көлөкө түшүргүсү келбеген ниет менен ахеменидлер борборунун соңку күнүн кокусунан деп таануурга кайыл.

Персеполдогу той тууралу болжол, анда айтылган Птолемейдин ашыгы афинылык Фанда алоолонгон чычаланы көтөрүп, кыйраган Афинанын кеги үчүн Персеполдун талкаланышын талап кылышы, ошондон элирген элдин делебеси козголуп, күүлдөп чыкан кезде, алоолонгон чычаланы так турган таш токойлуу залга ташталышы ажеп эмес. Александрдын эсебинде да, эсинде да кемтик жок. Анын алдын ала, өрт чыкканга чейин жасаган аракет-эсеби Диадор Сицилийскийдин пикирин ырастайт. Антпесе, эмнеге ал өрт чыкпай туруп, бир нече күн мурун парсы падышаларынын бардык казынасын Персеполдон Сузыга ташыттырат? Эмнеге калаанын каршылыксыз берилгенине карабастан, солдатарынын толук талашына эрк берет? Буга кошо өрт чыгар чакта калаада тирүү жан калбаган.

Кандай десек да, сарайларды өрт чалганы анык. Өрт таңга жуук гана басылган. Так турган залдын төбөсү опурулуп түшүп, тегерегиндеги курулуштарды жалын чалган, күл-коктун ортосунда тек кана колонналардын өлүү токою калган.

Мына, ошондон бери миң жылдан ашык убакыт өтсөө да, колонналар токоюн убакыт суюлткан менен али да сороюп тургандары бар. Ал эми бедер-сүрөттөрдүн калдыгына карап туруп, каардуу армия менен каңгыраган сарайлар алда качан тыптыйпыл болсо да, ошол бедер-сүрөттөрдөгү солдаттар сабы менен туткундар тобуру түбөлүккө карай бет алып бара жаткандай, таасирге бөлөйт. Байыркы тарыхтын баянында, өзүнүн кызматкер төрөсүнүн (сатрап) колунан каза тапкан Дарий өлөр алдында айлана курчап анталаган топтун ичинен чын ниети менен жаны ачып турган бир гана адамдын жүзүнө назар оодар-

ган дейт. Ал — кууп жеткен Александр Македонскийдин өзү болсо керек. Соңку деми бүткөнү жаткан Дарий артында калар урпагына камкордук кылууну ошол Александр Македонскийге аманат кылган имиш.

Александр падышалардын падышасынын бетин жабуусу менен жаап, өрттөнгөн Персеполго көмүүгө буйрук берет.

Ырас, Александр кечигип калган деген да кашаар бар. Ал падышанын кербенин кууп жеткенде, Дарий жарык дүйнө менен коштошууга үлгүргөн эле дейт.

БААЛЬБЕК

Фантастикалык тактапар

Анкемени узак таасираттан баштайлык:

«Жердин ар кайсы бурчунда көлөмү менен, өзгөчө бүтүмү менен, «купуя» сырлары менен айран калтырган байыркы курулуштардын калдыктары сакталып калган. Маселен, Антиливан тоосунун алкымында орношкон Баальбек бастырмасынын узундугу 20 метр, салмагы миң тоннадай болгон, бодуракай өңдөлгөн, өтө зор трилитонун сөз кылып көрөлүк. Бул заңкайган таш казмадан апкелгенден кийин, 7 метр бийиктикке чыгарылган. Мындай жумушту тындыруу бүгүнкү өтө кубаттуу техниканын мүмкүндүгүнө да оңой болбойт. Таш казмада мындан башка дагы бир таш өңдөлүп, даярдалган калыбында калган. Анын узундугу — 21 метр, эни — 4,8 метр, ал эми бийиктиги —4,2 метр. Мындай заңкайган ташты ордунан жылдыруу үчүн 40 миң адамдын күчүн бириктирүү керек болмок.

Ушул убакытка чейин «алп» тактаарды кимдин, качан жана кандай максатка пайдаланууу үчүн жонулгандыгы табышмактуу калыбында калып отурат».

Жогоруда айтылгандардын баарын мен М. Агрестин «Байыркы космонавттар» аттуу макаласынан алдым. Анда башка планетадан келгендер Баальбек сыяктуу курулушту салып, учуп кетеринде Содом менен Гоморранын талкаланышына себеп болбодубу деген ойлорду астыга тартат. Ушул шартта бул болжол Баальбекке байланыштуу мындай дейт:

«Космонавттар Күн системасын изилдөө үчүн чакан кемелерди жасап алып, Жерден учуп чыккан деп ойлоого болот. Ал үчүн, балким, Жерден кошумча ядролук күйүүчү май өндүрүп, атайын аянт менен кампа салуу керек болгон чыгар. Алар ошондой эле өздөрүнүн жерде болгондугун билдире турган белги таштагылары келгендиги шексиз. Маселен, Баальбектин бастырмасы ушундай курулуштан калган эстелик болбос бекен?»

Мына ошентип, Ливандын түштүгүндөгү Антиливан тоосунун этегинде (тагыраак айтканда, жанында) Баальбектин купуя бастырмасы турат. Мүмкүн космонавттардын чакан кемеси коно турган туур иретинде салынган чыгаар дейлик. Эгер бул болжолго токтобосок, анда бул «алп» такталарды кимдин, качан жана кандай максат үчүн орноткону табышмак калыбында кала берет.

Кана, эми ошол өрөөнгө сапар чегип, Баальбек бастырмасынын эмне экенин байкап көрөлүк.

Баальбекти бет алганда, биз Жер ортолук деңизинин жээктерин артка таштап, мындан эки жарым миң жыл мурун Августтун бешинчи македондук жана үчүнчү галлдык легиондору өткөн Ливан тоолорунун кубарган төштөрүнө көтөрүлөбүз. Жээктеги финики калаалары багындырылып, легиондорду флоттун тылдан ишенимдүү коргошуна ыңгай түзгөн Колония Юлия Августа фешке Бейрутус мындайча айтканда, Юлия Августтун (императордун кызы) бактылуу отору Бейрут атанган жаңы коргон-калаа Бейрут артта калат. Алдыбызда — Күн кудайынын урматына коюлган Александр Македонскийдин мурасчысы Селевкиддердин кол астындагы семиттердин бай калаасы Гелиополис. Мурун бул калаа «Ваалдардын калаасы» деген мааниде — Баал Бек атанган.

Римдиктер Гелиополис калаасын финикийлер дининин байыркы борбору, эркектери чечендиги менен, аялдары сулуулугу менен даңкы чыккан калаа катарында билген. Мында ааламдын эң чебер филейтачылары бар, ошондой эле Күнгө багыштап ажайып ибадаткапалар салынган.

Ашууга чыга келгенде, эни он, узундугу жүз километрдей кенен өрөөн көрүнөт. Башка тарабынан Антиливан тоосунун башын алты ай бою кар чалып жатуучу ак мөңгүлүү бийиктери жаркырап көрүнөт.

Өрөөндүн түштүк капталында — камыштуу көл, түндүгүндөгү дөбөнү аралай агып, көлгө куйган өзөн боюнда калаанын катарлаган үйлөрү, таш дубалдар менен курчалган, базарлардын бастырмалары көрүнөт, дөбөнүн жоон ортосунда акрополь заңкаят, анын тегерегинде эллин үлгүсү менен чакан-чакан ибадатканалар салынган.

Бир кездери ушул ашуудан ашып түшкөн легиондорду, алардын бейкапар чубаган катарын элестетүүгө болот. Кыйындыгы жок кыска сапар чегип, жээкте өткөн көп байкалбаган уруштан кийин дем алган, күнгө күйгөн легиондордун азил-тамашасы кулакка эшитилгендей. Бул легиондор канча калаанын көчөсүн таптаганын өздөрү да билишпесе керек. Санай келсе, бир-эки калаа ары же бир-эки калаа бери болуп чыга тургандыгы бышык...

Баальбектин эсте жок эски заманда салынган башкы ибадатканасы арамей кудайы Хадатка арналган. Хадат күркүрөгөн күн менен чагылгандын кудайы болгон, эгин өстүрүү үчүн жамгыр жаадырса, ошол эгинди бүлдүрүү үчүн нөшөрлөтөт деп ишенишкен. Селевкиддер убагында Күн кудайы катарында байланган Хададдын башы нур чачып тургандай жасалган. Ошол себептүү Хададдын ибадатканасы Юпитер Гелиополитанустун да ибадатканасы болгон. Аны кеңейтип, кайта салгандан кийин, тооп кылуучулардын да саны өскөн. Бара-бара ибадаткананын даңкы менен калаа Гелиополис деп аталып кетет.

Римдиктер Жакынкы Чыгышты басып алгандан кийин Гелиополистин мааниси мурункудан да артта түшөт. Мунун себеби, тек гана Юпитер-Хадад ибадатканасынын болгондугунан гана эмес эле. Кунарлуу өрөөн, мол тузсуз суу, калың токой, жүзүмзарлар Гелиополистин бөксөрбөс дөөлөтү болду. Жээктен чыгып, элдин ичине жулуна кирүүчү кербенчилердин да тизгин тартып, өргүү жасай турган орду ушул жер. Ошондой эле, римдиктердин аскердик күчү да ушул калаада жабдыкталат. Рим кол башчылары Парфияга каршы жортуулга ушул калаадан аттанат.

116-жылы Гелиополистеги Юпитер ибадатканасындагы көзү ачык кечилге император Траяндын өзү келет. Ушул жолу көзү ачык кечилди текшергиси келип, суроо салуунун ордуна түпүрөккө оролгон ак кагазды сунат. Жооп иретинде дал ошондой ак кагаз

кайтарылса керек, буга император аябай ан-тан калат.

— Ошону менен, ток этер жообуңуз кандай? — деп сурайт император.

Ошондо Траянга чүпүрөккө оролгон бир боо куурай берет. Келерки жылы император Киликияда дүйнөдөн кайтат. Денеси куурайлардан жаккан отко өрттөлөт. Ошентип, анын айтканы келген. Аныз боюнча ошондой. Арийне, императордун өлбөшү да мүмкүн го, анда куурайга жоруу да башкача болмок. Албетте, бизге керектүү эң маанилүү дарек — II кылымда Гелиополис ибадатканасынын даңктуу болгону ушунчалык деңиз, андагы кечилге Рим императорлорунун өздөрү келип турган.

Император Антонин Пий (138—161) эски Юпитер ибадатканасынын ордуна дүйнө жүзүндөгү эң ири жаңы ибадаткана салууга буйрук берет. Буга эсепсиз көп каражат менен кулдар керек болот. Рим сарайынын Ливан аймагындагы курулушка ынтаа койгон себеби, ошол кездеги Рим императорлорунун бир тобу теги таза римдиктер болгон эмес. Септимий Север ливандык Юлий Бассиан Эмисскийдин үйүнөн кыз алып, баласы император Каракалла жарым жартылай ливандык болот. Мындан кийин да Северлер тукумунан чыккан императорлор үчүн биринин эжесинин, экинчисинин аялынын төркүндөрү болгондуктан, алар алыстагы ливан аймагын жатсынууну койгон. Каракалланын акылдуу жана айбардуу энеси Юлия Домна алды менен күйөөсү Септимий Северге, андан кийин уулуна мамлекет башкарууга көмөктөшөт. Ливан менен Сириядан чыккан илимпоздор менен мамлекет ишмерлери Римде да пайда боло баштайт. Финикиялыктардын эптүү урпактары империядагы маанилүү легиондорго башчылык кылып, соода жүргүзүп, сепат жыйналыштарына катышат.

Каракалла менен энеси «Гелиополис» деген сөздү өздөрүнүн тыйын акчаларына жаздырат. Булардын тушунда Антонин Пий баштаган курулуш иши кызуу арым менен улантылат. Император кайра салдырган Күн ибадатканасы, бүткүл акрополь саякатчылары менен тоон кылуучуларды айран калтырат. Бул акрополга бүткүл Рим империясында, керек болсо, борбордун өзүндө тендешер эчтеме жок эле. Кийин арадан далай жылдар өтүп, Баальбекти арабдар басып алып, акрополду чепке айландырганда, алар муну

улуу Сулайман падышанын өзү салдырган деп ишенген. Себеби, Сулайман (Соломон) падышадан башка эч ким жиндерге бийлик жүргүзгөн эмес, ал эми мындай ибадатканаңы жиндерден башка эч ким сала алмак эмес. Арабдар башка планетадан келгендер тууралу билбеген болуу керек.

Акрополь толук салынып бүтпөгөн. Курулуш жумушу созулуп кетет, ал эми империянын багы тая баштаганда башкарган император — кол башчылар болсо, ибадатканага керектүү эсепсиз акчаларды жумшагысы келбейт. Бирок, ибадатканаңын бүтөрүнө аз гана калып, Каракалланын тушунда эле жумуш аткарыла баштаган. Бир өзгөчөлүгү архитекторлордун алгачкы пландарынын жүзөгө ашпаганын, Каракалла ойлогондой болбой, салтанат курулушунун төмөндөшү экенин ар ким түшүнө бербейт.

...Туташ бир легион сыя турган кенен тепкич акрополго кирүүчү негизги колонналарга алып келет. Кире беришиндеги айкелдер менен кооздолгон аркаңын бийиктиги он беш, эни он метр. Анын астынан өткөн жан алты бурчтуу короого чыгып, анын да колонналар менен курчалганын көрөт. Андан ары акрополдун негизги короосу кезигет. Бул короонун көлөмү бир гектардан ашат. Анын так ортосунда мехраб турган.

Аянтты курчай орношкон колонналар баасы алтын менен барабар болгон. Ошондой кызыл-күрөң колонналар Кызыл деңиздин жаныңдагы Египет таш казмаларынан жылмаланып алынган. Аларды Египеттин өзүндө өңдөп, кооздоп Нилге жеткизген, ошондон кийин сал менен Александрга, андан ары кемеге жүктөп Бейрутка апкелген. Бейруттан дагы сүйрөтүп, тоо ашып Гелиополиске ташыган.

Мындай колонналар Римден да, ал эмес Пальмиранын өзүнөн да табылып отурат. Булар Юпитер ибадатканасынын колонналарына караганда албан да эмес, бирок салмагы бир нече тонна болорлук. Демек, мындай оор салмакты алыска жеткизүү байыркы адамдардын колунан эркин эле келген.

Юпитер ибадатканасы башкы короонун, кала берсе акрополь менен бүткүл Гелиополистин чок ортосу болгон.

Ибадаткана албан туур үстүндө орнотулса, ал туур такта таш үстүнөн көтөрүлгөн. Ар бир такта таштын узундугу — жыйырма, бийиктиги — беш, эни

төрт метр. Мындай такталарды кесип түшүрүп, курулуш аянтына жеткизүү оңой эмес, бирок архитекторлор муну Сулайман падышанын жиндери тууралу же башка планеталардан келгендер жөнүндөгү ачыкты туудуруу үчүн жасашкан эмес. Ибадатканын астында зор жер алдындагы үйлөр болгон, такталар ошолорду жабуу үчүн керектелген. Анын үстүнө Гелиополистин төгөрөгүндө тез-тез жер титирөө болуп турат (кийин ушул ибадатканын бир аз бөлүгүн жер титирөө кыйратты). Ошондуктан, ибадатканын түптөмөсүн мүмкүн болушунча бекем кылып салууга ынтаа койгон.

Бирок, жумуштун көлөмүнө Рим империясынын эң тандалуу деген курулушчуларынын да каруусу жетпеди. Ибадатканын түптөмөсүнө болгону үч такта гана төшөлөт. Ушул үч такта кийин «трилитон» деген атка ээ болду. Анын ар бири миң тоннадай жана ар биринин узундугу жыйырма, бийиктиги он беш метр, капталдарынын калыңдыгы жарты метр үй салууга боло тургандай.

Баамдап, акыл салган кишиге ибадатканын астында төртүнчү тактанын болуп калышы мүмкүн деген ой келбей койбойт. Анын ордун көлөмү кичирээк бир нече кесек такталар толтурган. Эмне үчүн мындай? Материал жетпегенби же космонавттар шашмалык кылды бекен? Карасак; төртүнчү такта да бар экен: ал Баальбектин жанындагы таш казмадан кезигет. Анын салмагы миң тоннадан да ашат. Тактанын албандыгы ушунчалык, тим эле анын үстүнө чыккан адам чемодандын үстүнө чыккан кумурскадай болуп көрүнөр эле.

Тактанын бетинен миңдеген бедизчилер кажаган оюктардын изин көрүүгө болот. Ошол тушта космонавттарга байланыштуу ала качма каңшаар угулат. Мындай каңшаардын эң бир белсемдүү демилгечиси да башка планетадан келгендердин сүйүктүү куралы кескич болгон эле дей койбос.

Алп такталар менен ошого агайындаш кичи тактадан согулган туурдун үстүндө Юпитердин ибадатканасы турат. Ага үч катар тепкич баштап апкелет. Ибадатканы курчай орношкон колонналар трилитон сыяктуу белгилүү болбосо да, ушул ыңгайда, сөз кылууга абдан төп келген. Колонналардын диамегри үч метрге жакын. Алардын бийиктиктери жыйырма метрден ашык, башкача айтканда, алты кабат

үй менен барабар деген сөз. Ар бири үч бөлүктөн турса салмагы такталарга жакын. Ага кошумча ар биринин кемерчелери кооз жасалгаланып, бир нече тонналык фриздер менен карниздерге тиреөч болгон. Колонналардын сымбаттуулугу ушунчалык, бир француз жазуучусу мындай деп жазат: «Эгер булар болбосо, дүйнө жүзүндө сулуулук кем жана Ливан асманынын астында поэзия да аз болор эле». Ошентсе да, колонналарды тургузуудагы инженердик, архитектуралык акылмандуулуктун бастырма такталарга караганда алда канча күрдөөлдүүлүгүнө карабастан, муну эч ким космонавттарга ыйгарган эмес. Эгер ыйгаруунун ыңгайы келди дегенче, башка планеталардан келүүчүлөрдүн так мөөнөтү менен ордун аныктоого жан талашып, ал эмес Юпитердин урпагы менен коңшулаш кылып жорууга мүмкүн

Ибадаткананын ичинде кудайдын алтын айкели турган. Байыркы авторлордун жазганына караганда, ал сакалы чыга элек жаш болгон, үстүндө далбактаган көйнөк, оң колуна чагылган камчысын, сол колуна чагылган менен боолаган буудай кармаган. Жыл сайын өтүүчү майрам күндөрү Гелиополистин эң таанымал тургундары бул айкелди жонуна көтөрүп, ибадатканадан алып чыга турган болушкан. Ал үчүн алдын ала дайындалып, сакал-чачын толук кырдырып, бул кызматка катуу даярдык көргөн. Ибадаткана казынасынын ичине ыйык кара таш тагылган. Бул ибадаткана бүткүл Рим империясындагы эң байы, эң таанымалы болгон. Анын кечилдери албан жер менен кулдарга ээлик кылып, ибадаткананын астына аштык, шарап сыяктуу тамак-ашы сактаган.

Юпитер ибадатканасынын сол жагында, саал төмөнүрөөктө акрополдун Чолпон кудайына арналган экинчи бир айтылуу ибадатканасы жайгашкан. Азыр бул ибадаткана Бахус ибадатканасы деп жаңылыш аталып жүрөт. Тарыхый эмгектер менен саякатчылардын жазмаларында ушундайча аталыш кездешет. Бул Юпитер ибадатканасынын жанында кичинекей болуп көрүнгөнү менен, көргөн көзгө салабаттуу эмес деп айтууга болбойт. Муну ибадаткананын сакталып калган он беш метрлик дарбазасынан көрүүгө болот. Марстын колуна жүзүм жалбыректарынан гүлдесте кармаган Бахустун, Меркуриянын, Плутондун жана бооруна эрке баланы кыскан Чолпондун бедер-бейнелери салынган.

Акрополдон үч жүз метрдей жерде кийинки Рим доору кезинде тагдыр кудайы Фортунанын эң сонун чакан ибадатканасы салынган.

Байыркы доордун толуп жаткан ачуулуу, ары көнүлдүү, акмак жана ишенимсиз кудайларын христиан дини сүрүп чыгарганга чейин Гелиополис гүлдөп көрктөнүүнүн үстүндө болот. Акрополдун — кечилдери бир нече жыл калаага бийлик жүргүзгөнү менен, жыл өткөн сайын той-тамашалар басаңдай берди, алтын Гелиоско таазим кылуучулар да азая түштү. Көп кудайлуу Гелиополистин кыйроосу Батыш Рим империясынын кыйроосу менен тушма-туш келди.

Чыгыш Рим империясы, Византия христиан мамлекети кудайларды даңазалоону жактырбады.

Бирок, Гелиополис али да болсо өз тиричилигин улантып жатты, Юпитер айкелинин алтыны алынып, кайта куюлганы менен, ошондой эле ибадаткананын кампасы тонолгону менен, акрополь сакталып турду. Гелиополис империянын маанилүү соода калаасы болуп турганда, анын ибадатканасыз болушу мүмкүн эмес эле. Ошондуктан ага жаңыдан христиандык чиркөөлөр салынып, мурунку ибадатканалар христиан талабы менен ыңгайлаштырып кайта курулду.

Феодосий император IV кылымда акрополдун так ортосундагы башкы аянтка собор салууга буйрук берет. Бул собор көп кудайга каршы күрөштүн жеңишинин жандуу күбөсү болушу керек эле. Бирок, арзан жана бекем кылып салабыз деп ашыккандыктан болсо керек, ондогон жылдар өткөндөн кийин андан да из калбады. Фортуна ибадатканасы христиан чиркөөсүнүн карамагына берилди. Аны олуя Варваранын чиркөөсү деп атады.

Император Юстиниан болсо акрополь аянттарындагы жаркыраган колонналарды кыйратып, Константинаполго жеткизүүнү буюрду. Ошентип, колонналар кайта дагы узак сапарга чыкты. Кайрадан ашуулардан ашып, кайрадан Бейрут булуңунда кемелерге жүктөлүп, кайрадан деңиз аркылуу жаңы борборго жөнөтүлдү. Бул колонналар Константинополдогу христиан собору — олуя Софиянын курулушуна жеткизилди. Алар күнү бүгүнкүгө чейин Чыгыштын түпкүрүнөн алып келинген башка колонналардын ортосунда, кийин христиандык соккудан кыйраган өтө зор жана ажайыптуу архитектуралык эстеликтердин ортосунда күнү бүгүнкүгө дейре турат.

Табигаттын каардуу күчү да Гелиополистин алсыраганын күтүп тургандай эле. Катары менен болгон бир нече жер титирөө калаага сокку болуп тийди, үйлөр менен чиркөөлөрдү кыйратып кетти. Бирок, Юпитер ибадатканасы чыдап турду.

Арадан дагы бир нече жүз жыл өткөндөн кийин мурунку даңкынан кол жууган калаачадан византиялык-христиандар да кете баштады. Бирок, алардын ордуна арабдар келди. Алиги, алп таш такталар менен ибадаткана тууралу Сулайман падышанын жиндери салды деген аңыз да ошол кезде туулган.

Арабдар акрополду күч-жигер менен жаңыртып салууга киришти. Далилдүүрөөк айтсак, калган-каткандын калыбына келтирмек болду. Бул кезде беш жүз жылдай турган имарат мурунку бекемдигинен айрылган эле. Юпитер ибадатканасынын бир нече ажайып колонналары кулап калган, ал эми анын капителдери аянтта чачылып жатат. Жер титирөөлөр акрополдун бир аз бөлүгүн кыйратып, ага кире турган жол бүтөлүп калды.

Арабдар акрополду сепилге айландырды. Ибадатканаын бийиктиги менен алп таш такталар аскердик коргонууларга төп келип тургандай эле. Кулаган такталар менен колонналардын жаңы дубалдары, коргонуу жайлары тургузулду. Үйлөрдүн ортосунда мечит салынды. Дагы бир зор мечит акрополдон сырткары тургузулду. Кудайлар кайрадан өзгөрүп, бул жолу да ага табынуучулар дүйнөнүн туткасын карман, бийлик курууга ылайыктуу нагыз кудай ушул деп ишенди.

Бирок Юпитердин колонналары курулар менен кудайлардын оош-кыйышы кайрадан көрүнөт. Крестчилер Боэмунд Антиохийский менен Раймонд Эддесскийдин армиясы дамаски армиясынан коргонуу багытында коргонду басып алып, ошондо бир аз убакыт болот. Ушул убакыт ичинде мечитти тоноого үлгүрүп, аз убакыт болсо да христиан кудайынын бийлигин жүргүзөт. Арадан бир нече апта өткөндөн кийин Юпитер колонналары заңкайып көрүнүп турду.

Бул курулуштар багышталган кудайлардын эбак эле өлүп жок болгонун ушундан бил, азыр ошол аймакта алар тууралу бир ооз сөз айтылбайт. Ошондон да болуу керек, христиандар менен мусулмандар Юпитер менен Марстын сүрөтүн көрө калса, көңүл жагдайына карай ой кулачы жеткен жерден кайтып

же шайтан, болбосо байыркы бир баатыр деп кабыл алат.

Геилополис деген шаардын аты да унут болгон. Мурункуча — Баальбек деп аталат. 1751-жылы Баальбектин урандыларын көргөн англиялык бир саякатчы ыпыр-сыпыр үйүлгөн аймактагы жүдөө шаарчанын ортосунда тогуз зор колоннанын турганын, анын тегереги толгон таштар менен такталар экенин жазат.

Мындан отуз жыл кийин келген дагы бир француз саякатчысы алты колоннаны санаган. 1759-жылы болгон кезектеги жер титирөө дагы үч колоннаны кулатса керек. Ошондой эле бир кездери ушул колонналардын ортосунан заңкайып көрүнүүчү аскердик мунаралардын да кулап жаткан үйүндүсүнө назар оодарат. Ал бул мунараны XII кылымда Дамаскинин башкаруучусу Бахром шах салдырганын билбеген Европалык саякатчылар бул жерге келе баштаганда, Баальбек өзүнүн аскердик маанисин жоготкон болчу.

Гелиополиске назар оодарган Германиянын императордук улуу мартабалуу кайзери болгон. Бул — биздин кылымдын алгачкы жылдары эле. Немис археологдору шаарды пландуу түрдө каза баштайт. Ушул шартта, алар Фортунанын чакан гана тегерек ибадатканасын аарчышкан. Ал жүздөгөн жылдар бою Жер менен жер болгон эски үйлөрдүн үйүндүсү менен жашырын дубалдын арасында көрүнбөй жаткан. Ал ушул убакыттын ичинде анча деле бүлгүнгө учураган эмес экен. Кийин бул жерде француз археологдору жумуш иштейт, андан кийин тизгинди байыркы заман тарыхы менен алпурушкан ливан Департаменти колго алды.

Бүгүнкү Баальбек кандай? Бир таң каларлыгы, шаар менен акрополдун тагдыры канчалык чаң-тополоң, ары кайгылуу болгону менен толук жоюлбаган. Рим менен ливан архитекторлорунун абдан жерине жеткизе курулуш салганына карабастан, Баальбекте христиан жана мусулман кезеңине караганда, Рим доорунун курулушу көбүрөөк сакталган.

Арийне, буга карап Рим доорунан албан мурас калган экен дээгө болбос. бул жерде Византиядан да, халифаттардан эчтеме калбаганын эске алсак, бутпарас кудайларынын кудурети көзгө уруптуктуу.

Юпитер ибадатканасынын аябаган зор алты колоннасы, тепкичтери жана секичеси, Баальбекке ким барса, бүгүнкү күндө да ар кимге эң зор таасир кал-

тырары турулуу. Күн батып баратканда саргыч ысык таш күйүп тургандай көрүнүп, ал эми көптөгөн чакырым алыстыктан даана көрүнгөн колонналар эч жакка алпарбай турган тримфалдык арка, капка сыяктанат.

Акрополдун борбордук аянты христиан соборунун үйүндүсүнөн аарчылып, колонналардын сыныктары тазартылып, такта үстүндөгү мехрап заңкайып көрүнөт. Бир кездери баатырлар менен кудайлардын айкелдери туруучу дубалдардагы оюктардын алдында бул күндөрү анда-санда бүтүн калыбында жаркын колонналар турат. Византия заманында асыресе кызылчыл христандар айкелдерди кыйратып кеткен. Алардан калганын мусулмандар талкалады.

Гелиополистин албан ибадатканаларынын ичинде эң жакшы сакталганы Бахустун ибадатканасы. Алыстан караганда али да бүлүнбөгөндөй көрүнөт. Бирок, андай эмес. Аман калганы эки капталынын дубалдары менен колонналары гана. Ибадаткана өнөр туундусу иретинде өтө ажайып жана таасирдүү, мында эл аралык драма, жана музыка фестивалдары өткөрүлүп турат. Жыл сайын Баальбекке ааламдын тандамалуу театрлары менен оркестрлери келип, бутка табынуучулардын ибадатканасына бүгүнкү концерт залдарынын кез келгенине келүүчүлөрдөн да көп кирүүчүлөр жыйналат. Баальбек жылына бир ирет жанданат. Мурун ибадатканада байыркы замандын көңүлдүү жана туруксуз кудайларына, андан кийин кудай энеге, андан кийин Мухаммедке табынуучу заман Баальбекке кайтып келгендей Ибадаткана өнөрдүн бешигине айланган.

ПАЛЬМИРА

Алдастаган аймак

Мен «Северная Пальмира» деп аталган чылымды бала кезимден билем. Ак кутучанын капкагына салынган биржа үйүнүн алдынан кооз колонналар заңкайып көрүнөт. Кутучадагы сүрөт купуялыгы менен назар оодарат. Мен Ленинграддын «Экинчи Венеция» экенин билем жана аны оңой түшүндүрүүгө болот. Венецияда да каптаган каналдар бар, деңиз иреегесинде, өзү аралдарга орношкон. Ал эми, Пальмирачы? Эгер ушундай шаардын бары чын болсо,

анда албан болсо да пальма өссө керек, ал эми Ленинградда пальма жок.

...Адамзат тарыхынын беттеринен куйруктуу жылдыздай баянсыз агып өткөн Чыгыштагы эң сулуу шаар, ажайыптуу жомок-калаа Пальмиранын тарыхы да Петра менен Баальбек тарыхына окшош. Балким, анын себеби, булардын баарысы тең биздин заманыбыздан көп мурда дүйнөгө келип, гүлдөп көрктөнүүсү (же экинчи ирет жаңыруусу) Рим үстөмдүгү менен тушташ болгондуктан чыгар. Болбосо, турактаган жайлары жакшы болгондуктан, ошол себептүү да Баальбектин көчөсүн жойлогон кургак шамалдын Пальмира колонналарын аралап өткөндүгүнөн болор.

Кандай деген менен, Пальмиранын кандай шаар экенин, кайсы жерге салынганын, эмнеси менен даңкы чыкканын аз гана эл билсе да, өзү өндөнгөн шаарларга караганда таанымал боло турган. Пальмиранын тагдыры да кайгылуу. Бул шаар башка коншулары сыяктуу бир нече кылым бою жүдөп-какап барып кыйрабаган. Анын ажалы бир эле түндө жеткен.

Бул кептин кыябын келтирүү үчүн сөздү Римдин чет жакасы Сириядан баштоо керек. Баальбекти басып өтүүчү Дамаск жолу түндүк чыгышка карай бурулат. Бет алдында чөл.

Бул жерлерде күнү бүгүнкүгө дейре байыркы Рим заманынын белгилери сакталган. Сириянын бир бөлүгүн Помпей биздин заманыбызга чейинки 64-жылы багындырган. Ошентип, Рим легиондору тунгуч ирет тоонун кубарган төштөрүнө лагерин курган. Бул узакка созулган конуш эле. Римдиктердин көптөн көксөгөнү — Сирияны биротоло багындыруу. Ал эми Сирия—байыркы замандагы Атлантиканын жээктериндеги Англия талаалары менен Испания тоолорунан чыгып, Рим жана Грецияны басып өтүп, Жер ортолук деңизинин жээктерин капталдап жаткан, ошентип батышынан — Италия, Греция, Египет, Тунис, чыгышынан Аравия, Индия, Кытай кемелери тогошкон тогуз жолдун тоому эле. Чыгышынан жибек маталар, таттуу тамактар, атыр, фарфор жана асыл таштар келет. Индиянын четке чыгара турган дүйнөсү жыл сайын жүз элүү миллион сестерциге жетти. «Биз качанкы байлык менен аялга чачылып төгүлө беребиз!»,— деп даттанган Плиний. Ал эми жаңыдан көз каранды болгон ушул элет жак Римге

эгин, жемиш, зайтун майы, анжыр, курма менен шаран жеткизип турган. Сидондо ак мөлтүр чыны өндүрүлсө, Тирде кызыл конур жүн көйнөк токулган.

Жүз жылга жакын убакыт бою Сирия менен чектешкен чакан падышалык менен княздыкты Рим империясы акырындык менен соруп турду. Петраны борбор туткан набатейлер падышалыгы Рим өкмөтүн тааныган. Рим өкмөтүн Пальмира падышалыгы да тааныган.

Пальмиранын көзгө атар жаа тарткычтары Дакияга каршы Траян жортуулуна катышкан. Набатей кошуундары түштүк чек араны күзөткөн. Ал эми Рим императорлору ардагерлерге Сирия жеринен конуш берип, кулдарды үлөштүрүп отурган. Өнүмү мол кунарлуу өрөөндө өмүр сүрүү жеңил эле. Бир үйлүү жанды жыл боюнча Сириянын жүз элүү динары менен асыроого болот. Римдин чет аймактарындагы эң бай эл Сирия болду. Анын шаарлары менен кыштактарында арабдар, еврейлер, арамейлер, набатейлер, парсылар, армяндар, египеттиктер, римдиктер, гректер өмүр сүрдү. Ушул аймактын борбору Антиохиянын тургундары азыркы Дамаск, Алеппо, Бейрут калкынан көп эле. Ал кездеги ири шаарлар азыркыдан эки эсе көп болгон. Азыр үйүндүсү гана жаткан жалгыз Апамееда археологдордун изилдөөлөрү боюнча, жарым милиондой тургун болгон экен. Азыркы Алеппо төгөрөгүндөгү радиусу отуз километрлик өрөөндөн археолог Лоуренс жүз жыйырма өлүү шаар тапкан.

Рим императору Диоклетиан (284—305) Иерусалимге жакын жердеги Босрадан баштап, Тигр өзөнүнүн боюндагы Мосулга чейин чыңдалган чек ара (бул Диоклетиан стартасы деп аталган) салууга буйрук берген. Анын узундугу — миң чакырымдай. Чыңдоонун милдети — парсы чапкынчылыгынан коргонуу болгон. Биздин кылымдын отузунчу жылдарында Старта аэрофотого түшүрүлдү. Бул — мончоктой тизилген чыңдоолор менен сепилдер эле. Ар бир чыңдоодо суу кампасы, казармалар жана ары-бери өткөн кербенчилерге арналган конуш-жай болгон. Чыңдоо боюнун кароол орундары бир-биринен көз жетер жерге орношкон. Парсылар менен парфиялыктардын аттары тоскоолдуктардан каргып үйрөнбөгөндүктөн, кароол орундары жапыс дубалдар менен жалгашкан.

Шаар аралык жолдордун бетине шагыл таш төшөлгөн, бул жолдордун нугу менен бүгүн да жүрүүгө болот. Жолдор колдон келишинче тартипке келтирилген. Жол боюна баганалар орнотулуп, алардын аралары кар суусунан коргоочу дубалдар менен тосулган.

Аэрофотосүрөттөргө карап ушул күнкү кангырап жаткан өрөөндүн басымдуу бөлүгүндө сугарылуучу эгиндин өскөнүн көрөбүз. Дамаскиден Пальмирага чейинки жолдун өнө боюнда кангырап ээн калган же жарым жартылай кум баскан суу сактагычтар, көлмө орундары, каналдар менен суу агуучу ноолор аябай көп. Кебетеси, бул өрөөнгө суу ошол кезде аябай керек болгон окшойт, бирок, мындан эки миң жыл мурун болгон мол сууну бүгүнкү тургундар кыялында гана элестете алат. Бир кездери Римдин асма ноолору үстүнөн өтүүчү кыштактарга азыр сууну алыстан ташып, кудуктан тартып, ар бир тамчысын асыл казынадай сактайт.

Эл-Харбаке тосмосу ошол кездеги инженердик өнөрдүн бир күбөсү сыяктуу. Бул жаз айларында кургап калып, жамгырлуу күндөрү күркүрөп сууга толуучу капчыгайга орношкон. Бүгүнкү күнгө дейре тосмонун эч жери кетилбей турат. Көлмөнүн таманы да, бийиктиги да жыйырма метр, узундугу жетимиш метр. Суу сактагычка жүз кырк миң куба метр суу сыйган. Эки миң жылдан бери саналуу гана такта таптамасы кабырчыктап түшкөн. Азыр суу сактагычтан жети метр жерден жол өтөт.

Көп элдүү элетке баш-көз болуу оңой эмес эле. Анын чек арасы сенирлүү тоолор менен мелмилдеген талааларды басып өтөт. Атаандаш коншулары парфиялыктар, андан кийин парсылар Сирия шаарларынын берекелүү аймактарына такай ач көздүк менен көз артат.

Римдиктер бул өрөөндө ондогон жылдар бою өздөрүнө ынгайлуу саясатты жүргүзө билди. Алар мурунтадан өз эркн өзүндө болгон падышалыктар менен княздыктардын көз каранды эместигин сактады. Так ээси кылып Римге адал болууга ант берген жергиликтүү бийликтерди калтырды. Ирада тукуму башкарган Иудея, набетейлик Петра шаарлары Түштүк Сириядагы Декаполис менен Пальмира шаарлары мамлекеттин тиректери эле. Алар Римге сый тартуулап, кербен жолдорун күзөтүп отурууга милдеттүү

болду. Мунун өзү башкаруучулардын далдалчылык милдет аткарышына, ошентип соодадан пайда түшүрүшүнө мүмкүндүк берди. Мындай тартип орундалбаган күндө падышалыктын ичине Рим легиондору басып кирип, өздөрүнүн дүйнө жүзүн бийлеп-тескөөчү экенин таанытып отурду.

...Азыркы Дамаскидеги жүз элүү чакырым жердеги кербен жолдору кесилишкен аймак биздин доордон көп мурун элдүү аймак болгон. Анда чакан Тадмор калаасы орношкон, эли асман кудайы Ваал менен Күн кудайы — Белге табынган. Шаарда бир нече кербен сарайы, базар, Бел кудайдын ибадатканасы жана эки-үч жүздөй кыш менен таштан салынган үйлөр болгон.

Көк жайыктын суусу мол болсо керек. Шаар оң миң адамды тамак менен, эң башкысы, суу менен камсыз кылган. Ошондуктан ал кеңейип, байлыкка тунган. Бул жерде Аравия менен Египеттин жолу чыгыш жолу менен кесилишкен. Ошол себептүү шаардагы ыкыбалдуу деген адамдардын «кербен башчысы», «базар башкаруучусу» деп аталганына таң калбоо керек.

Помпей легиондору бул көк жайыкка жете албаган. Мындай ниетти чейрек кылым өткөндөн кийин гана Марк Антония жүзөгө ашырды. Бирок Тадмор дубалдарынан ал да чегинүүгө мажбур болду. Арадан дагы жыйырма жыл өткөндөн кийин шаар Рим үстөмдүгүн тааныды. Ошол кезде бүткүл Чыгыш падышалыктарын өзүнө караткан алптар менен жекеме-жеке беттешүүгө тадморлук падышалар дармансыз болчу. Адриан императордун тушунда (II кылымдын башы) Тадмор Римдин вассалы болууга үлгүргөн, эми аны эч ким өз аты менен атабай турган болгон. Анын эмдиги аталышы Адриан Пальмирасы болуп аталат. Минтип атоо 130 жылы Адриан императордун келишинин урматына карата коюлган. Император Сентилий Север Пальмира менен ага караштуу аймакты империянын четки аймагына айландырат. Арадан дагы бир аз жыл өткөндөн кийин Пальмира империянын отору деген атка ээ болду.

Айтмакчы, Рим менен парфиялыктардын ортосунда согуштун мезгилинде Пальмира өз эркиндигин сактады. Байыркы дүйнөнүн кыйраткыч күчтөрүнүн арасындагы жагдай канча чиеленишкен менен, римдиктер менен парфиялык аскерлердин ортосуна

канчалык кан төгүлүш болгон менен, өкмөт арасында коркутуп-үркүтүүчү элчилер кара терге түшкөнү менен Рим патрицилери жибекке, таттуу тамактар менен атырга муктаж эле, ал эми парфиялык бийлөөчүлөр үчүн Рим товарлары керек болгон. Ошондуктан эки жакка тең кырдаалдуу соода күч алып, кербенчилердин өргүү кыла турган жери ушул Пальмира болду.

Шаарга айтылуу ибадатканалар, театрлар, оюн аянттары, мончолор менен сарайлар салынды. Рим модасы шаарды каптап кетти, балдардын атына чейин римче боло баштады. Бирок, баары бир шаардын башкы ибадатканасы болуп Римдин эмес, жергиликтүү кудайлардын ибадатканасы Бел болуп калды. Ал эми балдар Римче атына кошо өздөрүнүн мурунку арабча атын кошоктоп сактады. Ошондой эле шаардагы эң бир дөөлөттүү чалкыган ажайып орун Рим шаарларындай өкүм аянты да (форум) эмес, акрополь да эмес, базар боло турган. Базардын чоңдугу ушунчалык дейсиз, тим эле каз-катар тизилген колонналары менен дүкөндөрү зор сарайга окшойт. Күнү бүгүнкүгө чейин сакталган театры ошол байыркы замандагы дүйнө жүзүндөгү театрлардан дегеле кем калышпагандыгы таң калтырбай койбойт. Ал эми борбордук залынын өзү эки жүз чарчы метрлик Бел ибадатканасы Гелиополистеги Юпитер ибадатканасы гана алдыга чыгара турган. Ибадатканага алп колонналар учташа орношкон, алда канча метрге созулган колонналардын саны алгачкы да 1500 болгон алардын араларына айкелдер коюлган. Азыр колонналардын саны жүз элүүдөн саал ашат, бирок жыл сайын көбөйө түшүүдө. Сириянын археологиялык башкармасы бир кездери кулаган колонналарды акырындап калыбына келтирип, жетпеген бөлүкчөлөрүн бетондон куйду.

Пальмиранын ажайып мазарлары анча белгилүү болгон эмес. Алар шаардын ичинде эмес четки аймактарга жайгашкан. Кээ бирөөлөрү, маселен, үч агайындын бейити жер астында созулуп жайылып жатат, ал эми бир тобу ушунчалык кунары кеткен талаа бетинде отуз метрге чейин көтөрүлүп турат. Бейиттердин көбү ошол байыркы замандын өзүндө эле тоналган. Бирок уруулардын ындыны дүнүйөгө оогону менен, руханий ийгиликке анча зыян келтирбеген. Ошондон да болуу керек, Пальмира табыт-

тарындагы өймо портреттер бүгүнкүгө дейре жеткен. Булар өнөр туундусу гана эмес, психологиялык жактан да айран каларлык.

Пальмиралык байлар жаш кездеринде өз портреттерин айкелчиге жасаттырып отурган. Кебетеси, кийин мындай айкелдер үй ичиндеги сыйынуучу орундарда сакталган болуу керек. Бир кезде түп нуска болгон адам картайса да, о дүйнөлүк болгондо жараткан кудай мунун айкелин көргүсү келсе жаш кезин чагылдырган айкели көргөн жан кубана тургандай көркто кала бермек. Пальмирадагы портреттерди изилдеген адистердин бири мындай деп жазыптыр: «Алардын алакандай чоң көздөрүнөн өмүр илеби чалкыйт. Таш денеге көздөрү жан бүтүргөндөй. Пальмира айкелчиси адам боюндагы тек кана өчпөс баяндуулукка басым койгон».

Пальмиралыктар жоокер болушпаган. Алардын айтылуу саадакчылары саналуу гана болгон, алардын өзү, негизинен, кароолчулар эле. Кээде алар римдиктер менен бирге жортуулга аттанышкан, бирок айрыкча кажеттүүлүк сезилбеген шарттарда кайта кайтарылып турган. Бул саадакчылар Пальмираны байытуунун себепкери болгон сый сыяктуу эле. Муну римдиктер да, парфиялыктар да түшүнгөн. Бирок күндөрдүн бир күнүндө Пальмиранын коңшулары бул аймактын тургундары тууралу пикирин өзгөртүүгө туура келет.

260-жылы парсы падышасы Шапур биринчи Рим императоры Валерианды туткунга түшүрүп, анын легионунун таш-талканын чыгарып, римдик Сириянын зор бөлүгүн басып алат. Ошол тушта парсы аскери Пальмира өрөөнүнө жетет. Римдиктер болсо, Пальмиранын бийлөөчүсү Оденаттан көмөк сурайт. Убадага бекем Оденат өз аскерин жыйнап, парсыларга каршы чыгат да, аларды таш-талкан кылып, парсы борбору Ктесифондун дарбазасына чейин куып барат. Аябаган зор казнаны колго түшүргөн пальмиралык жоокерлер үйлөрүнө кайтат. Персия менен болгон согуштун созулушу римдиктерге пайдалуу болгон менен, Оденатка пайдасыз эле. Бирок согуштан баш тартуунун ылайыгы келбеди. Эсин жыйган парсылар римдиктерге кайтадан согуш ачып, бул жолу да жеңиш добулбасын кагууда чечүүчү роль аткарган пальмиралык жоокерлер болгон.

Бул эрдикке ыраазы болгон Рим императору

«Бүткүл Чыгыштын иреттөөчүсү» деп атап, Рим империясындагы экинчи адам деген мартабага ээ кылат. Мындай мартабага ээ кылбай турган чарасы да жок. Римдиктер Пальмира армиясы чыга берсе, Азиядагы ийгиликтеринен ажырап калабыз деп коркту. Император Галлиенин зор адамкерчилик кылганы бул, Оденатты падыша эмес, өзү менен даражасы тең император деп тааныды. Ага кошо Оденат Азиядагы бардык Рим легиондорунун кол башчысы болуп жарыяланды. Ошондон баштап Оденат Сирияга, Аравияга, ал эмес Арменияга толук бийлик жүргүзө турган болду. Пальмира Азиядагы башкы шаарга, Жакынкы Чыгыштын борборуна айланды.

Римдиктер менен болгон достук көпкө узабады. Рим өзү менен даражасы тең Азиядагы бийликтин кандай коркунучту туудурарын жакшы билди, бирок атак менен армияны эми кайтаруу мүмкүн эмес эле. Оденат болсо адалдыгынан танган жок. Жыл өткөн сайын анын аброй атагы менен күч-кубаты өсө берди. Рим эми аны душманым деп кароого батымы жетпейт. Ошондуктан да далай сындан өткөн бир гана жол — Оденатты эсебин таап өлтүрүү эле.

266-жылы Оденат менен анын улуу уулу Эмесске чакырылып, ошол жерде экөө тең чыккынчылык менен өлтүрүлөт. Өлтүрүүгө жумшалгандар римдиктер эмес эле, ошондуктан Римден «чын жүрөктөн көңүл айтуу» жеткизилди. Рим императору Чыгыштын атактуу кол башчысынын өлүмүн аза күттү. Ошентип, бир коркунучту бел ашырып таштагандай болду. Оденаттын кичи уулу али жаш. Пальмира эми экинчи катардагы княздык иретинде баш ийүүгө тийиш.

Бирок римдиктер бир жагдайды эске алышпады. Оденаттын жесири Зенобия, арабча аты Зубайдат, тек гана сулуу эмес, ага кошо акылына кайраты шайкеш келген аял боло турган. Ал такка кичүү уулун отургузуп, өзүн чыгыштын падышасымын деп жарыялайт.

Римдиктер мунун түпкүрүндө жаткан коркунучту дегеле сезе койбоду. Аял падыша али да жаш, анын үстүнө Оденат армиясынын ошол аялдын артынан ээрчий-ээрчибей койбосу да арсар. Эмне болсо да пальмиралык кош кол башчы — Заббей менен Забданын пикирин күтүү керек. Ал эми кол башчылар болсо, аял падышага адал кызмат кылууга ант берет. Ошентип, бүткүл армия аял падышага оойт.

Рим гарнизондору Сирия шаарларынан кача баштайт. Пальмира армиясы чыккынчылык менен өлтүрүлгөн падышасынын кегин кайтаруу үчүн казатка аттанат.

Пальмиралыктар менен алардын өнөктөштөрүнүн Рим империясынын сансыз аскеринин күч-кубатына каршы күрөшү үч жылга созулат. Өз аскерин баштаган Зенобия бүткүл Сирия менен Палестинаны басып алып, Египет менен бүткүл Кичи Азияны дээрлик каратты. 270-жылы Рим гарнизондору азыркы Анкарага чейин чегинди. Зенобиянын уулу Египет падышалыгынын таажысын кийди. Ал чыгарган тыйындар күнү бүгүнкүгө дейре бар, анын Рим тыйынынан айырмачылыгы — капталынан тартылган императору жок.

Зенобиянын Римге каршы күрөшүн жеңилдеткен бир жагдай, римдиктер басып алган элдердин бир топ тургундары пальмиралык жоокерлерди куткаруучусундай каршы алып, Зенобиянын аскерине кошулуп жатат.

Бирок аял падыша канчалык каарман болгон менен, согуштун кандай аяктала тургандыгы белгилүү эле. Пальмиранын казынасы толуп жаткан өнөктөштөрдү асыроого жетпеди. Анын үстүнө өнөктөштөрүнүн да аркадан сүйөй тургандай адал аттуулары чамалуу. Римдиктер алардын бирин алдап түшүрсө, экинчисин коркутуп, үчүнчүсүн күч менен алып жатты. Зенобия басып алган мейкин жерлер кырк уруу мамлекеттердин курамы болгон. Алар өз ара кырды бычак. Ал эми аял падышанын ишенимдүү аскерлери миндеген чакырым жерде чачырап жүрдү.

Бир нече майдандан кийин Зенобиянын Забда башкарган аскери Антиохия түбүндө жеңилип калды. Ал эми келерки 272-жылы калган аскеринин Эмесс түбүндө таш талканы чыкты. Дал ушул жерде мындан алты жыл мурун Оденат өлгөн. Ошол жылы Пальмира да кулады.

Арабдын текебер аял падышасы чөлгө качып кетти. Римдиктер аны узакка куугунга алып, акыры кууп жетти. Ошондон кийин император Аврелиан Римге кайткан кезде, анын арабасынын алдына алтын чынжыр менен байланган аял падышаны алып келет.

Аврелиан Римге кайтпай туруп, дагы бир жолу Пальмирада болгон. Туткун болгон аял падышаны

алып бара жаткан аскер жээкке жете электе, римдиктерге шашылыш кабар жетет: «Пальмира дагы көтөрүлүп, аял падышанын колдоочулары өкмөт бийлигин колдоруна алыптыр». Аврелиан шаарга кайтадан келип, аны экинчи жолу басып алууга мажбур болот. Бул жолу шаардын дубалдарын кулатып, ибадатканалардын бир тобун кыйратат, аймакка боорун басып жаткан борборду толук тонойт. Бел ибадатканасындагы казынаны шыпырып алып, Римге алып келет да, Юпитер ибадатканасына табыштайт.

Ибадатканалары менен үйлөрү кыйраган Пальмиранын тургундары өлтүрүлүп же кулдук камытын кийип, бир түндө эле каңгырап калат. Бирок римдиктердин куралдары жок эле, ошол себептүү зор ибадатканалар, театрлар, базар, албан аркалар, колонналар аман калды. Ошондон тартып Пальмирага мурунку атак-даңкы кайрылган эмес. Бирок арадан өткөн бир миң жети жүз жыл ичинде өзгөргөн да эмес. Талаанын кургак жели ошол баягы Рим легионерлеринин соңку аттанган кезиндеги калыбын сактап калган. Тургундары кайтып бара албаган бул шаардын аты сулуулуктун сыңарындай болуп саналда гана калган. Күнү бүгүнкүгө дейре ушул өлүү аймакта бара калган жан сирия чөлүнүн арасында түбөлүк сулуулуктун туткунунда жүргөндөй күн кечет.

НИМРУД-ДАГ

Төрт кудай жана Антиох

1097-жылдын көктөмүндө бүткүл Европадан жыйылган алтымыш миң крестчилер Гераклийдин түбүнө келип токтоду. Гераклийде крестчилерди түрк аскери күтүп турган эле. Нормандарды баштаган эр жүрөк Боэмунд динсиздерге казат ачат. Рыцарлардын кеңири колу түрктөрдүн заресин учуруп, майдан талааны таштай качат. Мындан ары Сирия менен Иерусалимге деген жол ачылат.

Ошол күнкү майдандан кийинки кечте крестчилердин көсөмдөрү папанын жеке өкүлү, де Ле Пю епископу Адемардын чатырында баш кошушат. Жыйында: мындан ары карай кандай жүрүү керек деген такилип коюлат.

Чатырдын эшиги кечки таза аба келип туруу үчүн ачык эле. Төгөрөктө нормандардын сыбызгыган обону угулуп турган. Аскер дем алып жаткан. Бул Кичи Азияны аралап өткөн жортуулда биринчи жолу нээти бир армияндардын арасына дуушар болуп, тынығуу болчу. Тамак менен шарап бул жерде мол.

Түштүккө баштоочу эң төтө жол Киликийск дарбазасы менен Тавра тоолору аркылуу өтөт. Бул жол менен жүрсө, бир топ күндү утаары анык, бирок аскерлерден чыгым болуу коркунучу бар. Анткени түрк аскерлери ошол тарапты көздөй чегинген, эгер тар капчыгайдан тосо турган болсо, аз гана түрк аскерлеринин рыцарларды токтотушу мүмкүн.

Епископ Адемар крестчилерди түндүккө карай, өздөрүнө шеттеш армяндардын мекени Каппадокия аркылуу Цезарееге карай, андан ары христиан аймагы Гореме аркылуу Евфраттын жогору жагы менен Эдесске бет алууга кеңеш берет. Византия императорунун тынчылары ал жакта түрктүн калын колу жок деген кабар берет.

Бул сунушка ойдо жокто Боэмундун туушканы, Түштүк Италиядагы нормандардын жетекчиси Танкред каршы чыгат.

— Сарациндерден коркууга биздин акыбыз жок,— деп кеңешмеде ал буркан-шаркан түшөт. — Бир жолу корксок, кудайдын амирине күнөө келтирген болобуз. Иерусалим мындан ары күтө албайт!

— Кудайдын табыты былк этпестен миң жыл күткөн! — деп, ошол тапта Византия императорунун досу, акылы жетик Раймонд Тулузский акырын гана тил катат. Раймонд башка көсөмдөргө караганда бай боло турган. Анын Франциядагы графтык ээлиги башка рыцарлардын ээлигинин баарын кошкондогудан көп пайда түшүрөт. Ошондуктан, Раймонд Чыгыштан империя күтүүнү зарыл деп эсептейт.

Танкред үчүн империя керек эле. Ал эмес, эң бир чаканы болсо да жарамак. Анткени, бийлөөчүнүн туушканы миң мертебе эр жүрөк болгон менен, Европа жеринен энчи алууга үмүтү жок эле. Ошол себептүү Танкред өз шериктеринен озуп, Сирия шаарларына биринчи кирүүнү көксөдү.

Арадан бир нече күн өткөндөн кийин негизги аскерди түндүккө аттандырган Танкред өзүнүн нормандары менен жолдогу түрк тоскоолун жарып өтүп, түштүктөгү Киликийск дарбазасына умтулат

да, андан да ийгиликтүү өтүп кетет. Көп кечикпей, Улуу Карл урпагы, Гатфрид Бульонскийдин иниси, ак сарынын сулуусу, авантюрист, ары рыцарлардын сүйүктүүсү Балдуин крестчилердин көсөмдөрү менен араздашып калат да, Киликийск дарбазасына ал да ат башын бурат. Ал өзү менен бирге фламандар менен лотарингтерди ала жүрөт. Негизги аскер тоолуу өрөөндөр аркылуу ашыкпай жолдо карата армяндардын меймандос кыштактарында өргүү кылып, узак жүрөт. Бирок Византия императорунун агенттери жолдун женил-желпи, тоскоолдуксуз боло турганын айтканы менен, эмнегедир армяндын Тавра тоосундагы татаал ашуу тууралу ооз ачкан эмес.

«Биз кыямат тоого туяк илиндирдик,— деп жазат жылнамачы соңку ашуу тууралу,— аскалуу кыялардын бийиктиги ушунчалык, элден мурун аттап басууга эч кимибиздин жүрөгүбүз даабады... аттар жар боорунан кулап жатты.

Ак сөөк рыцарлар кайгырып-камыгуунун үстүндө тагдырдын жазганына дал болуп, өз төштөрүн өздөрү койгулайт. Абдан арып-ачып торукканды ктан, болор-болбос баага соот-шаймандарын, курал-жарактарын сатты. Ал эми сата албагандары оор оокаттарын ыргытты».

Бул тоолордон ашарда Антиохия курчоосу менен Иерусалимдеги чабуул кезиндегиден көп крестчилер өлдү. Көп азапты көргөндөн кийин капчыгай акырын-акырын кеңий түшүп, армян Таврасынын тармагынан чыгат. Бул бир кездери кунарлуу болгон, бирок соңку жүз жылдыкта куурап калган Коммаген падышалыгынын журту эле. Чыгыш жактагы жапыс тоо кыркаларынан күмүш коргон көрүндү.

— Нимруд-даг,— деп тил катты жолбашчы. — Нимруд тоосу. Касиеттүү жер.

— Сарациндикпи?

— Жок. Мунун кудайларын биз билбейбиз.

Раймонд тоолорго чейин барууга рыцарларга буйрук берет. Рыцарлар ашыгат. Алар каш карайганча лагерге келмекчи болот. Күмүш мөңгүлүү каснеттүү тоо берки кырканын сыртында эле. Рыцарлар эски чыйыр менен жүрүп келатып, ойдо жокто керилип жаткан байыркы таш жолго туш болот. Жол албан таш көпүрөгө келип такалат. Калыбы, илгери эле тургузулса керек. Ушул жерде, тагдырын рыцарлар менен ортоктоштурган, армиясы жок генерал, кур

алакан Петр (анын Европа кедейлеринен кураштырган аскерин Босфордун түбүндө түрктөр кырып салган) мынабул көпүрөнүн Рим көпүрөсү экенин айтат.

Көпүрөдөн өтө бергенде, жол дагы түгөнөт. Нимруд тоосуна баштаган чыйыр жол кацгыраган айдоо аянттарын, какшыган каналдар менен аябай тамтыракайы чыккан кыштактарды жандап өтөт.

Рыцарлар кудайларга жете албайт. Тар чыйырларды кыя беттен омкорулуп түшкөн таштар басып калган. Анын үстүнө каш карайып, рыцарлар сарацин чалгынчыларына туш болуп калабыз деп сактанат. Алар төмөнтөн туруп, батып бара жаткан күн нурлары жасаган чокунун ары жагынан каз-катар тизилген кичинекей сөлөкөттөрдү көрөт...

Арадан бир нече жыл өткөндөн кийин бул тоону ак сарынын сулуусу Балдуин көрөт. Ал акыры жүрүп, чыгыштан падышалык ээлеген. Башка крестчилерден оолактаган соң, ал фламанд аскери менен чыгышка аттанып, Эдессаны басып алат да, ошондо христиан мамлекетинин дубалын тургузат.

Эдесса Нимруд тоонун жанындагы Евфрат жээгине жайгашкан. Балдуин өзүнүн бир жортуулунда тоонун башына чыгат. Тоонун кылда башында каз катар тизилген беш бут болот. Беш буттун үчөөнүн башы жерде томолонуп жатканын көрөт. Буттар сарациндердики эмес эле, курандын тыюусу боюнча мусулмандар адам кейпин бейнелешпейт. Бул айкелдер христиандардыкы да эмес. Алардын бет түзүлүшүндө сабырдуулук сакталып, аябай сымбаттуу, ажайып сулуу болгон. Балдуин касиеттүү жайды кыйратууга буйрук берет, бирок бул буйрукту орундатууга карамагындагылардын каруусу жетпейт. Алар бар болгону тегерек тебетейчен сулуу жигиттин үч метрлик башын мойнунан сындырып түшүрүп, кетип калышат...

Арадан дагы сегиз кылым өтөт. Балдуиндин падышалыгы кыйрап, Жер ортолук деңизинин жээгиндеги крестчилердин сепили кацгырап калат. Тек кана 1882-жылы Нимруд-даг өзүнүн купиясын илимпоздорго ачат. Касиеттүү жайды көрөрү менен немис жана түрк археологдору казуу жумуштарын жүргүзө баштайт. Бирок көп кечикпей казуу жумушу токтотулат. Тоо башына чыгуунун кыйындыгы, суунун жоктугу колду байлайт, асыресе, өтө бай табылгалар археологдордун жүрөгүн дүүлүктүрөт.

Бул жерде дагы бир жетимиш жыл кацгырап жатты. Акырында, 1953-жылы геолог Тереза Гелл баштаган америкалык экспедиция таасын даярдык менен келип, казуу жумуштарын жүргүзөт, беш мезгил бою ажайып эстеликтерди казып алды. Азыр касиеттүү жайдын бир аз купуясы белгилүү, тек бирөөнүн, гана купуясы ошол жашыруун калыбында калып, өзүнүн изилдөөчүсүн күтүүдө.

...1953-жылы Нимруд-даг тоосунун алкымында жаткан түрктүн чакан гана шаары Самсаттан экспедиция жолго чыкканда, Тереза Гелл казуу жумуштарын жүргүзөрүнө абдан ишенимдүү болгон. Анткени, таасын даярдык менен өткөргөн анын он төрт жылы ааламдын ушул кереметтин дүйнөгө апкелген касиеттүү жай тууралу, мамлекет тууралу андагы бийлөөчүлөр тууралу бардык маалыматты билүүгө мүмкүндүк берген.

Бейпил Самсат шаары гана тамамат эле ушул абалында болбогон. Биздин заманыбыздын баш ченинде бул Самосата деп аталып, батыш менен чыгыштын, Рим империясы менен Индиянын соода жолдорунун арасында Пальмира менен Петра сыяктуу, байлыгы чалкыган чакан гана соода мамлекети Коммагендин борбору болгон.

Коммагена Евфраттын эки капталына канат жайып, өзөн өткөөлдөрүнүн бирине бийлигин жүргүзүп отурган. Бул жерде алыс жана кыйын жолдорду артка таштаган кербендер Грециядан, Сирия менен Персиядан мончоктой тизилип келип, алып сатарлар, кайырчылар, дөөлөттүлөр парсы сарайына жайгаша турган. Шаар акырындап-акырындап өзү да өсүп, байып, эми анын өз соодагерлери төгөрөктүн төрт бурчуна кербен тарта турган болду.

Парсы мамлекети кийин Александр Македонскийдин соккусунан таш-талканы чыгып, ошондон кийин өмүрү кыска Александрдын империясы кыйраганда, Жакынкы Чыгыш менен Борбордук Азия жайнаган чоң кичине падышалыктардын жана империялардын мекенине айланды. Ошолордун бири эркин Коммегена боло турган, өкмөт бийлиги гректер менен парсылардын арасынан чыккан урпактардын колунда эле.

Көп кечикпей Коммегена Рим империясы менен Парфия падышалыгынын ортосундагы кыстырынды мамлекеттин бири болуп чыга келди.

Бул мамлекет эки жагындагы коңшусунун да кулкундарын тешкен каалагандай курмандыгы болду. Бирок мыкты коңшуларынын арасындагы атаандаштык-тең аталыкты ыгы менен пайдаланып, эки жагы менен да соода-сатык жасашып, эки жагынын да тилин таап, акырында узак убакыт өз алдынчалыгын сактай билди.

Евфрат сугарылуучу жерлердин башаты болгон, талааларды тилкелеп таштаган каналдар түндүгүнөн Тавра тоосуна такалса, анын ары жагында армян падышалыгы жатат. Түштүгү менен чыгышына Парфиянын чоң падышалыгы канат жайган, ал эми батышында Жер ортолук деңизин жакалай Римдин Сириядагы отору орун алган.

Коммагенанын бийлөөчүлөрү — улуу мамлекет кайраткерлеринин текебердүү жана айлакер урпактары бир нече кылымдар бою тегерегиндеги албан элдердин өз ара талаш-тартыштарын урумтал пайдаланып, ал эмес биздин доорго чейинки 64-жылы Коммагенанын падышасы Антиох Помпей менен келишим түзүүгө жетишти. Келишим боюнча римдиктер соода падышалыгынын кол тийбестигин бузбоого убада берди. Арадан дагы бир кылымга чамалаш убакыт өткөндөн кийин Рим акыры жүрүп, биздин заманбыздын 72-жылында Коммагенаны өзүнө кошуп алды. Жөн эле кошкон жок, өзүнүн чек арасындагы бир ээлиги кылды. Бирок мындан кийин да Коммаген бир аз убакыт гүлдөп өсүп, көпөстөрү Индия менен Армянга кербен жөнөтүп жатты.

Акырында, Рим кулап, соода жолдорунун изи сууганда, Самосата өз маанисин жогото баштады. Коңшу Эдессте өз рыцарлары менен кереге көтөргөндө, бул жер кайтадан жандангандай болду. Элдин кебине караганда, бул аймактан баягы крестчилердин урпактары болуп эсептелишкен көк көздүү, сары чачтуу дыйкандарды али да кездештирүүгө болот.

Коммегана азырынча аз изилденген. Бирок бир жагдайдын башы ачык, ал — ушул мамлекеттин жолунун болгону. Байыркы дүйнөдөгү соода жолдорунун кесилишкен жери, маданияттын тогошкон жери десе да болчудай. Коммагена дал ушундай жер болчу, мында батыш менен чыгыш ааламындагы Грециянын, Рим менен Персиянын, Парфиянын, Кошөзөндүн маданияты тогошуп, суудай сапырылган.

Ырас, тургундары негизинен дыйкандар менен соодагерлерден турган ошол чакан падышалыкта өнөрдүн өркүндөгөнү шек туудурат. Анткени менен, өз кезегинде Коммагена куну эселеп арта турган ири өнөрлөрдү жарата алган. Ошону менен бирге, анда жасаган өнөр дүнүйө жүзүнүн бирден-бир элинде кайталанбай, өзүнүн ажайып бөтөнчөлүгүн сактай билди.

Буга себепчи болгон — Коммагенанын бийлөөчүсү канагатты билбеген даңка кумар падыша Антиох. Жаш падышанын таякелери Александр Македонскийдин урпагы болгон, ал ата теги парсылардан чыккан айтылуу Ахемениддер тукумунан эле.

Падыша ары жаш, ары текебердүү болгон. Ал өзүн чынында эле, бөтөнчө жарала калган, бир башына Дарий менен Александрды бириктирген, тек гана улуу иштер үчүн туулган, түбөлүккү жаралгамын деп эсептей турган.

Бирок кол астындагылар бир нече мин гана дыйкандар менен соодагерлер болсо, көксөгөн максатын кандайча жүзөгө ашырмак? Алар эрдик үчүн туулган жандар эмес, мындай күч менен коңшуларын багындырамын деп ойлоонун да кереги жок. Римдин бир гана легиону бүткүл Антиох падышалыгын жер менен жексен кыла тургандыгы бышык.

Падыша борборундагы кан базардын кайнаган ортосун жарып өтөт. Көпөстөр кулдук уруп, мандайы жер жыттаганча таазим кылып жатат... Тиричилик өз агымы менен өтө берет...

Акырында Антиох өзүн кудаймын деп жарыялайт.

Карамагындагылар мындай жаңылыкты сабырдуулук менен каршы алат. Чындап келгенде, жөн падышага багынганы кайсы, түбөлүк падышага багынганы кайсы бары бир да.

Коммагена кудайларынын кору (пантеон) айткандай эле күрдөөлдүү болгон. Бир жагынан, гректер Аполлонду, Зевсти, Фортунаны пир тутканы рым-жырымдарды алып келсе, экинчи жагынан, жергиликтүү калк Митра, Ахура сыяктуу парсы кудайларына табынышкан. Ал аз келгенсип, алиги кудайлардын башы кошула калса, жаңыча аталыш— угумдар дүйнөгө келип жатты. Мунун өзү бир кудайдын бир нече кудайга өзгөрүлүп элестешине себепчи болуп отурат. Бул жагдай кудайга табынууга мур-

часы келбеген падышалыктын соодагер тургундары үчүн өтө ыңгайлуу эле. Ал эми саналуу гана кечилдер болсо, бир кудайдын атынан пайда түшүрүп, ал кудайларга кулдук уруп туруучу биринчи, экинчи, үчүнчү топтогу зыяратчылардан салык алган.

Антиох падыша өз ээлигинин тизгинин өзү кармоо жөнүндө римдиктердин келишимин алган соң, өзүн биротоло чон кудайлардын санатында кармай турган болгон. Эми калганы ушул жагдайды түбөлүк кылып калтыруу керек эле.

Бул үчүн падыша орошон зор курмандыкка тобокел кылат. Алды менен ээлигинин бир аз бөлүгүн корго салып, өз атындагы асыл мүлктөрүн сатат, кезексиз салык салат, ошентип Самосатанын үстүнөн менменсине көтөрүлгөн Нимруд тоосунун кылда башына бүткүл кудайлардын ыйык белгисин жасоого буйрук берет. Ал эмес, падыша алдын ала касиеттүү жайга эмне жазыла тургандыгына чейин ойлоштурат. Жазуунун сөзү мындай эшитилүүгө тийиш эле: «Мен Антиох, өзүм менен кудайларымдын даңкын ашыруу үчүн ушул ибадатканаңы тургуздум».

Ошону менен Европа менен Жакынкы Чыгыштын кудайларына айланган жана өзүнүн күч-кайратын кайда жумшарын билбей алдастаган, даңкка кумар, бышык, көзү тирүү жаш жигитке арналган ажайып зыярат жайдын курулушу башталып кетет.

Эки миң метрлик Нимруд тоосунун кылда чокусундагы аскадан ар биринин эни бир нече метрлик үч тектир жасалат. Эң үстүнкү тектирде ар бири беш кабат үй менен тендеше турган беш алп колонна каз-катар тизилет. Алардын заңкайган зордугу ушунчалык дейсиз, тим эле баштарынын өзү беш метрден эле. Тектирге падышанын өзүн, бабаларын, анын чын-төгүнү аралаш эрдиктерин, ошондой эле ибадатканаңын биздин заманыбызга чейинки 62-жылы салынганын окумуштуулардын чечмелөөсүнө мүмкүндүк берүүчү жоругуч тактасын чагылдырган бедер сүрөттөр салынган.

Тектирди арыстандар менен кыраандардын айкелдери коргоп турган.

Курулуш жумушу бүткөн кезде ибадатканага алып келүүчү таш жол төшөлөт да, падыша «ошол кезден баштап түбөлүккө» айына эки мертебеден бүткүл элдин айкелдин башына зыярат кылып кайтууларына буйрук берет. Бул эки күндүн бири — Ан-

тиох кудайдын такка отурган салтанатын айгинелөөчү ар бир айдын ону күнү эле, экинчиси — анын туулган күнүнүн салтанатын айгинелөөчү ар бир айдын он алтысы болгон.

Ырас, борбордун тургундары тегиз баш ийбесе да, кудайдын чакан гана мамлекет жеринен турак тандап, ага жердештерин чубуртканына айран калган тейде үнсүз көнүп, адегенде тоого чыгып жүрөт. Ал эми кийин... Кийин эмне болгонун эч ким билбейт. Ал эмес, эң акыркы жолу тоого кечилдер баштаган чубурган элдин качан барганы да белгисиз. Балким, падыша өлгөн чыгар, балким, чын-чынына келгенде, өз ажалынан өлдү бекен. Ошентип, Коммагена дагы бийлигинен тажаган кезде, көктөн бийлик жүргүзүү үчүн көзүнүн тирүүсүндө салдырган турагына кеткен чыгар. Анда Коммагена анын сөөгүн тоо башына коюп, башына элүү метрлик жалтжулт эткен пирамидадан бейит тургузуп, акырында Антиохту да анын кереметин да унуткан болуу керек.

...Ибадатканага барар жол татаал. Таң заарынан аттанган археолог Тереза Гелл бир кездери Рим императору Септимий Север салдырган көпүрө аркылуу Эсикарфа кыштагын кесип өтүп, Антиох тукумунун падыша аялына тургузулган колонналар үстүндө таш кыраандар күзөткөн коргон-бейит — Каракты жандап өтөт. Бул жерге он сегиз падыша аял көмүлгөн. Мурун алардын айкелдери коргон түбүндөгү колонналардын үстүндө турган. Азыр алардын тек экөө гана сакталып калган.

Бул бейиттерден ары карай армяндардын Тавра тоосунун кыркасына чыгуу башталат. Ошол тоо кыркаларынын ичинде Нимруд-даг өзүнүн турган турпаты менен бөтөнчө көзгө чалдыгат. Ага чыгуу кыйын, ары зериктирип жиберет. Аптап бир жагынан кысса, бут шилтеген сайын жалгыз аяк чыйырдан таштын кулап жатканын көрөсүң. Капыстан, кезектеги дөбөнү айлана бергенде, марадан эки миң жыл өтүп кетсе да кудреттүү болуп көрүнгөн ибадаткана көзгө чалдыгат. Жарк-журк эткен ак айлампа пирамида үстүндө беш айкел отурат. Алардын бирөөнүн гана башы сакталган. Ал — бактысы бар Фортуна. Башка айкелдер эки миң жыл ичинде тоолорду далай жолу силкилдеткен жер тигирөөдөн, жат жердик аскерлердин кыйратуусу менен баштарынан айрылган.

Негизги айкелдер, бедер сүрөттөр менен жырт-

кычтардын турпаттары не бир чеберлердин колунан чыккан. Антиох падыша парсы менен Рим айкелчилеринен, архитекторлорунан акча аябаган. Балким, өзүнүн кол алдындагылардын да кол кабышын көргөн чыгар? Ал жөнүндө эч качан эчтеме билүү мүмкүн эмес. Падыша өзү тууралу, өзүнүн бабалары тууралу жазуу калтырганы менен, сүрөтчүлөрдүн атын оозуна албаган.

Археологдордун экспедициясы күндүз элүү градустук ысыкта, түнкүсүн нөл градустан төмөндөп кете турган суукта, оймоктой көлөкөсүз тоо башындагы кыйын шартта эмгек өтөп, беш мезгил бою жарым жартылай кулаган ибадатканаңы аарчыйт, тектирдин алдын тазартат, андан кийин жерде төртөө кудайлардын башы, экөө ибадаткананын күзөтчүлөрү — арыстан менен кыраандын башы эле.

Тектирдин катарында турган кудайлардын баштары, асыресе, кудайлардын атасы — Зевс — Ахурамазданын башы «Руслан менен Людмиладагы» укмуштуу башка окшош. Анын кыска сакалы ээгине чыйратыла бүткөн, заңкайган парсы баш кийимдин алдынан көрүнгөн көзү алда кайда кадала тиктеп калыптыр. Анын катарында али да жаш, сулуу жана ал да заңкайган парсы калпагын — тиара кийген Антиох кудайдын башы. Анын түрү Александр Македонскийге окшош, башындагы тиарасы Ахеменидлер уруусуна жата тургандыгын айгинелеп турат. Саал арыраакта Күн кудайы Аполлон — Митра — Гелиос — Гермес кудайдын башы (мүмкүн, бир өзү аталышты энчилегенине караганда эң күрдөөлдүү кудайлардын бири болгон чыгар). Эң акырында жартылай кудай, Антиохтун сүйүктүү кейипкери, Геракл — Артагн — Арестин башы турат. Бардык айкелдердин бет түзүлүшү эллиндик өнөрдүн эрежеси боюнча жасалган. Бирок кудайлардын атасы Зевстен баштап Антиохко чейинки бардык кудайлар парсынын бийик калпагы — тиара кийген.

Археологдордун экспедициясы өз жумуштарын аяктайт. Беш жылдык казма жумуштун натыйжасында дүйнө жүзүндөгү эң белгисиз керемет тартипке келтирилет. Бирок археологдор жумушун бүтүрүп этекке түшкөн менен, Нимруд-дагдын бир купуясы — элүү метрлик пирамиданын купуясы чечилбеген калыбында кала берет. Эмнеге бул белгилер коюлган? Чын-чынына келгенде, Терёза Геллдин күткөнүндөй,

Антиохтун ушунда коюлганы жөнүндө ибадатканадан жазуу табылат. Анда: «Бийик чокунун башына Зевстин көктөгү тагынын жанында тургандар гана чыкса керек» — деп жазылган.

Экспедиция пирамиданын борбордук өзөгүнө жетмек болгон. Бирок заңкайган таштардын агылып кеткен арасына таш сыныктары толот да, үңкүр куушту басып калат. Айла жок чегинүүгө туура келет. Ошону менен, пирамида астында эмне жатканын эч ким билген эмес.

Коммагенанын бир аз купуясын соңку кезде коңшу тоого казуу жумуштарын жүргүзгөн немис археологу, Терёза Геллдин кесиптеши Дорнер ача алды. Ошол тоону жергиликтүү тургундардын «Эски кале» — «Эски калаа» деген сөзү археологдун назарын оодарат. Тоо башында эч кандай коргон болбойт. Ошентсе да Дорнер тоо башын изилдеп, бийик аскадагы жазууга кезигет.

Чаң топурак баскан асканы тазалап, бүткүл дүйнө жүзүндөгү грек жазуусуна учурайт. Анын узундугу жети, бийиктиги үч метр болгон. Ал аз келгенсип, бул жазууну жаздырган Антиох экени аныкталат. Антиох бардык ынтаа-шыгы менен атасы Митридаттын ошол ташты ибадаткана тутуп тандаганы, ошондуктан Коммагенанын тургундарынын бул жерге зыярат кылышы керектигин жаздырса керек. Андан ары касиеттүү жайга жагылуучу отундун жыпар жыты болушу керектигине чейин таптиштеп жаздырган.

Дорнер өзөн кошулган Терёза Геллдин көмөгү менен ошол жайда эң сонун сакталган, өтө чеберчилик менен чегилген төрт метрлик бедерлүү сүрөт табат. Бедер сүрөттө алибетүү келген эки эркек чагылдырылган. Бири дырдай жылаңач, сол колуна келтек жыгач кармаган, экинчиси — кооз кийинген, колунда аса таяк, башында парсы тиарасы, кийминин көрүнүшүнөн грек менен парсы үлгүсүнүн аземдүү аралашмасы байкалат. Эки эркек бир-бири менен ыкыластана кол алышып турат. Демек, бедер-сүрөт Митридат менен Гераклдин кездешкен кездерин чагылдырган. Митридаттын сырткы турпаты Гераклге аябай окшош.

Археологдор казуу жумушун улантуу менен жер астындагы залга кирүүчү жолду табат. Бул зал 72-жылы римдиктердин легиондору элди эркиндигинен

ажыратканда толук тонолгон болчу. Ошол жерде Митридаттын ибадатканасы болууга тийиш.

Эски калаада археологдорду дагы бир жаңылык күтүп турган эле. Ал — айрыкча сулуу аялдын башынын айкели болчу. Дорнердин болжоосу боюнча, сезимтал түйрүк эрини менен дөң муруну уулунан айрылбаган Лаодиканын аял падышасы, Антиохтун энесинин айкели болуш керек.

Эң акырында, Коммагенага байланыштуу кийинки кездеги жаңылык бул тоодон алыскы жерде болду. Америкалык окумуштуу Отто Нойгебауэр Антиох ибадатканасынын күзөтчү арыстандарынын бирин чагылдырган фотону изилдөөнүн аркасында, айкелдеги жылдыздар менен планеталар белгисине назар оодарат. Планета белгисинин астына өзгөчө аталыштары жазылган. Юпитер, Меркурий жана Марс жылдыздарынын айкалышуусу арстан айкелинин жасалган убактысын, ошондой эле ибадаткананын салынган кезин так аныктоого мүмкүндүк берет. Жылдыздардын мындай орун алышуусу биздин доорубузга чейинки 62-жылдын июль айына төп келет.

ПЕТРА

Моисейдин кызгылт шаары

Өткөн кылымдын башында Оттоман империясы Жакынкы Чыгыштын тизгинин али да болсо колуна мыктап кармап турду. Түрк ээлигиндеги жердин түпкүрүнө сапар чеккен Европа саякатчылары баштарын байгеге сайып баратты. Ошондой болгону менен Напелеондун Египет экспедициясынан кийин чыгыш элдерине тап койгон европалыктардын ынтаасынын бөтөнчө болгону ушунчалык дейсиз, мусулман соодагерлери менен дербиштеринин, диндарларынын кийимин кийип каптаган саякатчылар, тыңчылар, миссионерлер Ливан менен Сирия портторуна агылып, тизилген кербендер менен бирге Мекке менен Мединага жетүүгө умтулду. Ал аз келгенсип, баягы Тоорatта аталган, бирок Рим империясы кулаганы бирден-бир европалыктын аягы баспаган куу талаадагы кереметтүү шаарларды изилдөөчүлөр көбөйдү.

Ошондой кайырчы диндардын бири швейцариялык саякатчы, кара сакал Иоганн Буркхардт эле.

Ал 1812-жылы кербенге илешип Дамаскдан Каирге чейин бармакчы болот. Алды менен араб тилин үйрөнөт, намаз парызын үзгүлтүксүз өтөп, ал гана эмес шарият жөнүндө кез келген молдо менен айтыша тургандай болуп алат. Бирок, узак жолдун толуп жаткан балээ-жалаасынан кутула албайт, далай жолу кооптуу жагдайга туш болот. Динге сөзсүз берилгендер өз араларында «капырдын» барын билсе, аны дегеле шаарга жеткизип дин башылардын колуна тапшырып убара болушпайт. Кербен жолунда өлүм көп болуп турат жана бирди-жарым диндардын казасы эч кимдин кабыргасын кайыштыра койбойт.

Күнгө какшыган Синай тоосунун бир өңчөй кыркалары чексиздикке созулуп жаткандай. Туздуу суулуу кудуктарынын бир-биринен алыстыгы ушунчалык болуп, жазатайып биринин суусу тартыла турган болсо, кийинкисине чейин кербендин жетер-жетпеси арсар. Швейцариялык Тооратты зор ынтаа менен окуган — Моисейди ээрчиген еврейлердин Египеттен кайткандыгы жолу да так ушул жер. Так ушул жерде, сургулт аскалар менен шагылдуу дөбөлөрдүн ортосунда абдан арып-ачкан качкындар ачкачылык менен чөлдүн азабын тартып көз жумган.

Деги, ошол ушул жер бекен? Ушундай таштак талаада адам баласынын аман калышы мүмкүнбү?

— Эртең Увади-Мусага жетебиз,— деди кербен башы.

— Токтой турган орун ошол жердеби?

— Жок, биз береги көрүнгөн аймактан конуш тандайбыз. Ошол жерде булак бар.

Тоо этектериндеги көгөрүп көрүнгөн бет кербен башынын сөзүн ырастагандай.

Иоганн кербендин Моисей аймагын басып өтө турганын билет. Балким, бул жерде алиге дейре пайгамбардан бир белги сакталган чыгар. Бирок башкага шек алдырбас үчүн кербенди кантип таштап кетесиң?

— Мандай беттеги башка тоодон чокусу бийик бүткөн аскада эмне сыр бар? Швейцариялык муну тааныды. Бул тоо тууралу Дамаскда да, жол боюнда да далай ирет уккан. Бул — ниети түз мусулмандан башка эч кимдин чыгышы болбой турган, мусулмандардын касиеттүү тоосу Гаруна эле.

Эрбейген талдын саясына жүктөрү белин кайыштырган төөлөр тизе бүгүп, кербенчилер очок башына

жыйналган кезде, кара сакал диндар кербен башынын жанына келет.

— Мен Гаруна тоосунун башына чыксамбы дейм,— дейт.

— Бул кыйын го.

— Гарунага эчкини курмандыкка чалгым келет. Дамаскда ошондой кылам деп кудайы кылган элем.

— Өзүң бил,— дейт кербен башы. — Тек түнгө чейин кайтып келгендей бол. Таң ата жүрүп кетебиз.

Зар какшап, тартынган алсыз эчки тоо-ташты жаңыртып келет. Буркхардт кербенчилерден көздөн далдоо болгонго ашыгат. Акыры бир таман жол борчук ташты айлана берди. Жаагың сынгыр ай, көнсөңчү жетекке, сени Гаруна тоосуна курмандыкка чалган кайсы, карышкыр жегени кайсы баары бир эмеспи. Болуптур, ушул жерде бизди эч ким көрө койбос.

Швейцариялык эчкини мууздап, чакан коңулга катат да, ары карай ашыга жүрүп кетет. Күн так төбөгө көтөрүлүп калган, диндардын узун чапанынын этеги аягына оролуп, суу куйган көөкөрү санын койгулап, ар бир кадамы кыйындап баратат.

Көп кечикпей, жолоочу бир таман жолдон чыгып, эңиштеги карайып көрүнгөн тар капчыгайга бурулат. Тар капчыгайдын аркы бетинде Тооратта айтылган Синай шаары жаткан эле. Ал эми тар капчыгай арасындагы кереметтүү агыш жарака Моисейдин аса таягы тийгенде суу төгүлүп коё берүүчү Син жарыгы болчу. Ырас, кереметтүү ак түскө жүрөгү даап үңүлгөндөр чанда гана болор...

Калыбы, Моисейдин аса таягы бутактуу болуу керек деп ойлойт саякатчы, анткени жыйырма метрлик асканын кереметтүү жарыкчасы ийреленден бүткөн тар кууш болчу. Асканын көлөкөсү нымдуу эле, булактын суусу тамчылап, боорунда бир нече бадалча илинип турат. Жараканын түпкүрү жайпак келип, таштар толтура, алардын кээлери омурулуп түшкөнү турат. Жараканын таманынан бир кездери суу акканы байкалат.

Капыстан тар капчыгай түгөнүп, жолоочунун алдынан ажайып шаар көрүнөт. Кызгылт, сары, коңур, көк түскө малынган шаар өзүнүн салтанаттуу бүтүмү менен жанындагы түрлүү түстүү тоо аскалары менен ашташып кеткен. Бедерлүү колонналуу, ачакейлүү мандайчалары, үйлөрдүн эшик терезелери

карая көрүнүп, жаңы гана кеткен тургундары эшик-терезелерин жабууну унут калтыргандай таасир берет.

Бирок алгачкы таасир алдамчы болуп чыгат. Шаар алда качан жана биротоло өлүмгө бой таштаган болчу. Көпүрөлөрдүн тактасы урап түшүп, фонтандар менен көлмөлөрдү чаң басып, каңгырап калган. Кактаган керимсел үйлөр менен ибадатканалардын мандайчасын аркы-терки сойроткон.

Иоганн эки кабаттуу үйдүн алдына келип токтойт. Бир азыраак бүтүн калыбында сакталган үй ушул болчу, тек бир гана колоннасы кулаган экен. Бир көргөндө эле белгилүү болгон жай — бул үйдүн Рим архитектуралык өнөрүнө катуу таянуу менен салынганы. Балким, римдиктердин өздөрү салган чыгар. Анткени, Рим сарайлары да дал ушундай го деп ойлойт Иоганн. Тек бир гана көрүнүшкө айран калат. Ушундагы сарайлар да, ибадатканалар да, ал эмес бейиттерине чейин аска таштан чегип жасалган бир туташ, куйма бүтүмдө эле.

Үйлөрдүн көпчүлүгү аска таштан оюлгандыктан, төрү анча кең боло бербейт. Тек, асем жасалганган алды гана көргөн көзгө көрктөнүп, кең сарайдай элестейт. Ал эми ичкери баш баксаң чап-чакан оюктан башка эчтеме жок. Ушунун баары, жыйынтыктап келгенде, бир тамашакөйдүн далай жыл терин төгүп жасаган азили сыяктуу таасир берет.

Үйлөрдүн алдыңкы беттеринин баары бирдей римдик үлгүнү эске салбайт. Буркхардт туташ бир көчөлөрдү египеттиктердин ибадатканасына окшошот. Башка бир көчөлөрү саякатчынын мурда көрбөгөн имарат үлгүлөрү болуп чыгат.

Бир туштарга келгенде эки кабаттап таштан ойгон накта үйлөр учурайт. Үстүнкү кабатына кезинде шаты менен көтөрүлгөн болуу керек, бирок азыр шаты сакталбаган.

Буркхардт бүткүл шаардын ичинен окшош салынган эки курулушту көрөт. Бири-чакан ибадаткана, экинчиси — Рим заманынын салтанаттуу дарбазасы. Таш шагылдарына көмүлгөн ибадаткананын жер бетинен тоголок күмбөзү гана көрүнөт. Эгер бул курулуш Рим заманына жата турган болсо, анда дүйнө жүзүндөгү күмбөздүү курулуштардын эң алгачкыларынан болуу керек.

Күн эңкейе баштаган, эми кайтуу керек. Бирок

саякатчынын дагы бир аскалуу тоо кыркасына чыккысы келет, балким Моисейдин келип-кеткен изи ошол тушта сакталгандыр. Мындай ойлогону менен байыркы еврейлердин так ушул шаарды салып, ушул жерди туралтаганына Буркхард ишенбей турган.

Буркхардт амфитеатрдын алдына келип токтойт. Төмөнкү катарлары менен сахнасын топурак басып калган экен, деген менен элге жык толгон театрды элестетүүгө боло тургандай. Саякатчынын жон аркасы чымырай баштайт. Жүздөгөн жылдар бою каңгырап жаткан табышмактуу шаардын нагыз ээлери азыр ушунда келип калчудай көрүнөт.

...Диндардын узун этек киймин кийген карасакалдуу киши шаардан чыгып, тар капчыгайга карай ашыга жүрүп кетет. Батып бараткан күндүн нурлары кереметтүү сарайлардын дубалын мала кызыл, кандуу түскө боёп, бири менен бирин айкалыштыра кубултуп, чакырылбаган конокту нуру менен чарпыгандай болот. Кийинки эки чакырымда Буркхардт капчыгайдын ийри-муйру жолу менен делдектей жүгүрүп өтөт. Кандайдыр анын соңунан кимдир бирөө такымдын басып келе жаткандай болот...

Керbенчилер диндарды тамаша менен кабыл алат. Чынында эле, анын так азыркы түрү апта бою суусуз чөл кезгендей тотуккан түр эле.

Моисейдин шаары тууралу жазган Буркхардттын жол жазмасы арадан он жыл өткөндөн кийин, өзү өлгөндөн кийин жарык көрдү. Жазма чакан болгону менен Синай аймагындагы табышмактуу шаарга журтчулуктун назарын бирден оодарды. Бул шаар тууралу пикир арбын жазылып, божомолдор айтылып жатты. Буркхардттан кийин башка саякатчылар жолго чыгып, тарыхчылар көөнө кол жазмаларды ачтарып, кызуу талаш өөрчүй баштады.

Тооратгын сөзүн колдой тургандар бул шаарды римдиктер Петра деп атайт, Тооратгагы Синайдын так өзү деп ырастады (грек тилинде Петра «аска» деген сөз). Еврейлер так ушу жерге аялдап, ушу купуя шаарды салган болуу керек деп чечти. Бул пикирди кубаттай турган даректер да табылып жатты, крестчилердин королу Балдуин I диндары жана санжырачысы Фулчер 1101-жылы ушу жерде болуп, ал да шаарды Синай деп эсептесе керек.

Бирок Буркхардт тапкан шаарга канчалык адамдар көп келип, Петранын тарыхына байланыштуу

даректер ошончолук көп табылган сайын, Тооратгын болжолу күмөн боло берди. Акыры, үстүбүздөгү кылымдын башында жүргүзүлгөн казма жумушунан кийин, Тооратчылардын оозуна кум куюлду. Петранын Моисейге да, еврейлердин Египеттен чыгышына да эч кандай катышы жок экен. Биздин заманыбызга чейинки VI кылымдын башында Синай тоосунда арабдардын набетей уруусу көчүп-конуп жүргөн. Түндүктөн келген бир эл эдомиттер уруусун сүрүп чыгарат. Эдомиттердин башкы шаары Села көк жайыктуу аймакта болгон. Соода жолу менен жортуул жолунан окчун жаткан, кайнар булагы мол аймак тоолордун койнуна жашынып, айланасы кадимки сепил сыяктуу эле. Мында баштап келген жалгыз жол — Сик болсо, анын эки чакырымдык тар капчыгайын саналуу гана жоокер коргой алат. Кийин набатейлер коңшу уруулардыбагындырган соң, бүткүл Синай тоолоруна үстөмдүк кылат. Села көп кечикпей Түштүк Аравиядан чыгып, Сирия менен Ливанга барар жолдун үстүндөгү ири соода борборуна айланат. Наватейлер ушунчалык күчтүү болуп, биздин заманыбызга чейинки 312-жылы Александр Македонскийдин мурасчысы, Сирия падышасы Антигондун ушул тоолуу аймактагы бай падышалыкка жасаган эки жортуулунун тең мизин майтарат. Набатейлер египет Птолемейлери менен, кийин Рим императору Галлдын Аравияга каршы жүргүзгөн жортуулуна катышат. Набатейлердин падышасы Маликтен Юлий Цезарь египет согушунун учурунда атчан аскер сураган. Алардын борбору дүйнө жүзүнө Петра деген ат менен белгилүү.

Набатей падышалыгынын накта салтанат курган кези биздин заманыбыздын башына тушма-туш келет. Бул кезде алардын чек арасы Дамаскга жеткен. Бирок набетейлер Римге каршы тура албайт. Алар Сирия менен Палестинаны багындыргандан кийин, Петрага азуусун салды. Петранын эң соңку багынбаган падышалары курчаган тоолорду сепил катары пайдаланып, ондогон жылдар коргонду. Бирок, акырында жеңилүүгө аргасыз болду. 105-жылы император Траян Петраны басып алды. Ошентип, набатейлер падышалыгы Рим империясына багынды.

Бирок мындан кийинки Петра өз эркиндигинен толук айрылган эмес эле. Римдиктер өздөрүнүн кол астындагы Петра, Пальмира жана Коммагена сыяк-

туу чакан падышалыктардын көз каранды эмес болушун, Римдин чыгышын согушчан көчмөндөрдөн коргоп турушун каалайт. Петра, эң алды менен, парфиялыктар менен көчмөн бөдөө уруулары тоскоол боло берди. Алар Римдин Чыгышка аттандыруучу көптөгөн соода кербендерине чабуул жасап, айланы кетирчү.

Набатейлер араб уруусу болгону менен, арамей тилинде жазат. Кийин ошол жазуунун негизинде азыркы жазуу калыпташты. Петранын гүлдөгөн кыска доорону Римдин бийлик курган кези менен тушма-туш келет. Аравиядан чыккан ар бир кербен булак көзү мол ушул аймакка буйла тартпай өтпөйт. Бул жердеги ар бир кайнар булактын көзү эсепке алынып, бир тамчы суунун бекер жумшалбашы талап кылынат. Толуп жаткан идиштер менен суу көлмөлөрүнө жыйналган, мол суу жыл боюнча мөлтүрөп турганы турган. Ал эми алардын куну алтындан дегеле кем эмес.

Калыбы, Селанын алгачкы тургундары үңкүрлөрдү туректаса керек. Бул аймактын кумдак аскалары казганга оңой, анын үстүнө тегеректе бак-шак жок. Ошол себептүү таштан казылган шаар ушундай бийик аскалар курчаган аймакка жайната салынган. Бийик асканын этеги үй, баш жагы ибадатканалар менен курмандык чалынуучу орундар болуп келген.

Малчы — Эдомдор үңкүрлөрдү туректады. Алардын үңкүрдү жасалгалоону ойлонууга мурчалары болбойт. Эң башкысы, кышта жылуу, жайда конур салкын болсо болгону. Андагы адам чыгар эшиктен булаган түтүн өйдө көтөрүлүп, асканын бетине кара кочкул из калтырган.

Набатейлер көрктүү шаарда турууну калайт. Алды менен бейиттерин жасалгалоодон баштайт. Ассириялык, египеттик өрнөктөр кыя бетке каздай тизилет. Анан кимдир бирөө эшигинин үстүнөн үңкүргө карай кууш өткөөл казат, ошентип алгачкы үңкүр түспөлдөш ибадаткана пайда болот...

Шаардагы эң шаан-шөкөттүү курулуштар ибадатканалар менен падышалардын, Рим губернаторлорунун, бай көпөстөрдүн сөөлөттүү бейиттери болгон. Бул жерге дүйнөнүн төрт бурчунан көпөстөр агылып келип жаткан. Ансыз да үйдө отурууну сүйбөгөн набатейлер өзгө элдердин курулуш өнөрүнө

куштар болушкан. Ошол себептүү, бери болгондо бир кылымдын ичинде аска казуудан башталган курулуш өнөрү Египет менен Ассирияның жыйынтыктуулугуна, кала берсе, Рим менен Византияның салтанаттуу ибадатканаларына улашты.

Рим кулагандан кийин, кайнап жаткан соода жолунун үстү бейпил тартты, ошентип Петра өз маанисин жогото баштады. Рим кулагандан кийин бир-эки кылым тиричилик курду, ал эмес Византия епископунун турган кези да болду. Бирок крестчилер чабуул жасай турган тушта Петра унтулуп, өлүү шаарга айланууга үлгүргөн эле. Кайнар булактар да эч ким карабаган соң көзү бүтөлүп, тартылып, аймак каңгыраган чөлгө айланды. Тек шаарга айран калуучу бирди жарым көчмөндөрдүн оозунда гана бул тоону Монсей аса таягы менен как жарып, калкына жол салып, ушул жерде тыныккан экен деген уламыш сакталып калды.

Азыр Петра эр жүрөк швейцариялык келген кездегидей ашкере алыс жана татаал эмес. Аммандан бул жерге чейин таш жол тартылган. Мезгил өткөн сайын айран калган туристтер тобу Петранын көпүрөлөрүндө толтура чубуруп, падыша бейиттеринин башы менен театр тепкичтеринде туруп, сүрөткө түшөт. Соңку жылдары археологдор негизги көчөлөрдү тазалашты, тегеректеги тоо башындагы курмандык чалынуучу орундар менен ибадатканаларга казма жумуштарын жүргүздү, кулап жаткан колонналарды тургузуп, салтанаттуу дарбазаларды жаңыртты. Деген менен, али да болсо шаарда археологдор менен өнөр изилдөөчүлөрдүн далай урпагына жетчү жумуш бар.

Адатта, туристтер Сикке жете бергенде этият болууларын эскертишет. Себеби, Петра меймандарды дайым эле кучак жайып тосуп ала бербейт. Арийне, аскалар арасындагы жаракалуу капчыгайды алда качан сөөгү сөпөт болгон набатей жоокерлердин арбагы күзөтпөйт. Табигаттын өзү, мурун адамдарга мээримдүү болгону менен, кийинки кезде кекчил жана катаал болуп калган. Сейрек да болсо тоо башына кар түшсө, Петраны көздөй суу ташкыны чуу коёт. Мурун мындайда тоодон кулаган суунун бир тамчысы текке кетпестен, атайын жасалган суу көлмөлөрүнө жыйнала турган. Ал эми азыр таш менен баткакты эңтеңдете агызган ташкын салып уруп

Сик капчыгайына жетип келет. Мындайда капчыгайда жүргөн жолоочу өмүрү менен коштошору анык. Капыстан, эч кандай эскертүүсүз чүү койгон ташкын 5 метрге чейин көтөрүлүп, капчыгайдын капталындагы таштарды дөңкүлдөтө алып жөнөйт. Анан эр болсоң бул топон суудан кутулуп көр. Мындан бир аз мурдараак Петрага бет алган турист капчыгай ичинде ташкынга агып өлгөн.

Деген менен, бул аймакта жамгыр сейрек, кала берсе өтө аз жаайт. Ушундан жүз жыл мурун: «Кызгылт шаар, мезгилдин өзүндөй картаң»,— деп жазган эле англиянын бир акыны. Аскадан чегилип, аскадай былк этпей турган шаар сулуулукту сүйүүчү жана түшүнүүчү чакан элдин эстелиги сыяктуу болуп турат.

ХАДРАМАУТ

Көк мелжиген шаарлар

Кээ бир лингвисттердин далили боюнча «хадрамаут» деген сөз «өлүм элеси» деген маанини берет. Балким, башка да мааниси бар чыгар, бирок Жер бетинде Түштүк Аравиянын таштак талаасындай каңгыраган, катаал, адам баласынын өмүр сүрүшүнө ылайыксыз жерди кездештирүүсү шектүү. Байыркы гректер Арабии феликс — «Жер бейиши» деп атаган. Муну ошол аймактан атыр менен укмуштуудай кездемелерди алып келүүчү кербенчилерден угушкан.

Аденден чыгып Хадрамаутка бет алган жолоочу кыйын жолго күн мурунтадан тыкан даярданышы керек. Ырас, азыр бул аймакта Хадрамауттун кээ бир шаарларга чейин жол салынган, машине менен жетүүгө болот. Бирок мындан саналуу жылдар мурда Хадрамутка жетүү үчүн куралданган беш күзөтчү жана жетиштүү өлчөмдө суу менен тамак алып чыгышчу. Талаа жерде алда кандай бир эриккен шейхтин уюштурган баш кесерлери учуроосуз мүмкүн. Өздөрүн нагыз жоокерче баалаган алар үчүн убал-сооптун байымына баруунун кажети жок.

Башына бирин-серин жыгач өскөн жана бедөөлөрдүн чочойгон чатыры тигилген бир кудук менен экинчи кудуктун арасына анда-санда из салган кербен саргыч тоо кыркаларынын төшүндө бырдай бо-

луп чачылган бейиттерди, ташкын агызып кеткен сайларды, мунаралары сойлгон, чанда бир кездешкен кыштактарды аралап өткөн сайын, кырс мүнөз жан бул чөлкөмдө жандарын чүпөрөккө түйгөндөй болуп отурар эле. Шагылдуу кумдак жерде закым оюнкараак келет. Мындайда жолоочуга элтүрөгөн күзгүдөй көлдөр, көл жээгинде курмасы жайнаган кыштактар тим эле кыялдан бүткөндөй элестейт...

Ал эми, мобул жерге туяк илиндирсең болду, көк асмандан көлбүй созулган тоонун алкымынан ушул күнкүдөй ар кыл түстүү имараттын асман менен аймалашкандай болуп каз-катар чыга келгени кандай?

Ошол чакта кербенчилер да, адаттагыдай закымга көңүлкош караганын коюп төөлөрүн желдире айдайт.

— Шибам,— деген добуш кербен боюнча таркайт. — Алдыбызда Шибам турат.

..Дүйнөнүн кылда четинде, Түштүк Аравиянын суусуз ээн тоолорунун арасында, Парсы булуңунан эки жүз чакырым жердеги учкан куштун канатын талдырган чөлдө көк мелжиген ажайып шаар турат. Бир нече жүз жылдан бери өз тиричилигин өзү дөңгөлөткөн шаардын өз султаны, өз базары менен курма багы бар. Дүйнө жүзүндөгү эң ажайып закым ойногон жер бетинде бары да чын.

Аравиянын өткөнү али толук изилденип бүткөн жок. Азыр Аравия жарым аралында биздин заманыбыздан көп мурун күрдөөлдүү жана узак өмүр кечкен толуп жаткан мамлекеттердин сырын ачуу үчүн археологдордун экспедициясы жумуш иштөөдө. Сулайман падышага баа жеткис сыймык алып келаткан падышайым Савская так ушул чөлкөмдөн чыккан. Ошол Савскаянын купуя жана кол жетпес падышалыгын географтар далай жылдар бою тоголок жердин не бир кереметтүү ажайып түпкүрүнө жайгаштырып, ал эмес Түштүк Африкадан караманча чыгарып салган кездери да болду.

Азыркы кезде Түштүк Африканы эзелтеден араб урууларынын конуш кылганы толук далилденген. Семит тобундагы бул уруунун түндүктөгү арабдардан көп айырмачылыктары бар. Ал эмес, тилдеринин өзү классикалык араб тилинен өзгөчөлөнүп, эфиоп тилине жакын. Бул мамлекет тууралу катка түшкөн эң алгачкы дарек биздин заманыбызга чейинки 288-жылга жатат. Грек тарыхчысы Феофраст

эң байыркы мамлекеттердин бири катарында Сабе мамлекетин атайт.

Аравия жарым аралынын түштүгүн мекендеген сабеликтер Түштүк деңизинин финикийлери болгон. Турган турагы ыңгайлуу жерге орношкондуктан башка араб мамлекеттерине караганда алар мурунураак жетилген. Сабеликтердин мекени Египет менен Европанын Индияга чыгар жолунун үстүндө болду. Бул жерди басып өтүүчү соода жолунун үстөмү менен Парсы булуңунун бермети, Инди кездемеси, Кытайдын жибеги, Эфиопиянын маймылы, пил сөөгү, алтыны менен төө куш канаты агылып жатат. Сабенин өз жери да соодагы ылайыктуу өндүрүлгөндөрдү сыйга тартат. Бул чөлкөмдө даамдуу жемиштер өсүп, жыпар сагыз (мирра), атыр сыяктуу жана ошол замандын кундуу өнүмдөрү өндүрүлөт.

Байыркы замандагы негизги географиялык сөздүк болгон «Перипл Эритрей деңизи» аттуу китепте (биздин заманыбызга чейинки I кылым) Сабе порторун аябай бай жер катарында атайт. Сабеликтер Парсы булуңунун суусунда үстөмдүгүн жүргүзгөн. Бул жөнүндө жанагы китепте: «Аравия жээктери менен сүзүү аябай коркунучтуу. Анда же айлак, же кеме токтоочу орун жок. Токтой турган орундар аскалуу, суу бетине жакын таштары мол, аябай ыңгайсыз»,—деп жазат. Сабеликтер деңиздин тилин билген, бүткүл Түштүк Азияда алардан артык деңизчилер болгон эмес.

Бирок өнүмдү дамамат деңиз менен ташуунун ыңгайы келе бербейт. Көбүнчө, кемелердин жүгү Сабе кеме жайларына түшүрүлүп, ары карай кербен жолдору менен жөнөтүлө турган. Бул жолдор да, эң алды менен, сабеликтердин таламы менен салынган. Анын ар бир тармагы түндүгүндө — Петра менен Сирияга, батышында — Синай аркылуу Египетке, түндүк-чыгышында — Месопотамия менен Индияга баштап кетчү.

Ошентип, Аравиянын түштүгүндө арабдын соода мамлекеттери пайда болгон. Алардын ичиндеги эң белгилүүлөрү Маин, Катабан жана Хадрамаут. Кебетеси, Катабан менен Хадрамаутта деңизге чыгар жол болгондуктан, көк жайыктын ээн тоолорунун ичиндеги аймактарга пайдубал түптөлгөн.

Түндүк Араб мамлекеттери аскердик иштерде күчтүү эмес эле. Петра, Пальмира жана Коммагена

сыяктуу мупун шаарлары да көпөстөргө, дыйкандар менен кол өнөрчүлөргө турак болгон. Шаарларды курма бактары курчап жатат. Андан ары азаттык менен азапты эчнилеген бедөөлөр падышалыгы мекендеген чөлдүү тоо кыркалары созулуп жатат.

Алгачкыда бул мамлекеттер теократиялык (дин башчыларынын бийлөөсү) мамлекет болот. Бийлөөчүлөрү улуу кечил деген мааниде «мукарриб» деген наамды алып жүрүшкөн. Аравиялыктар табынуучу кудай Месопотамия кудайына окшош болот. Таң жылдызынын кудайы Астар (вавилондуктар үчүн эркек кейпиндеги Иштар), ар кайсы мамлекетте ар түрлүү аталган Ай кудайы (Сабел — Альмаках, Хадрамаут менен Вавилондо Син, Катабанда — Амм) баш кудайлар деп эсептелген. Аравиялыктардын корумунда башка да даражасы төмөнүрөөк толуп жаткан кудайлар болгон. Алардын көбүнүн аты да жок эле. Кудайларга ибадаткана салышкан. Таштан дөңгөлөтө салынган ошондой ибадаткананын бири Сабенин борбору Марибтен табылды.

Араб мамлекеттеринде кайсы мезгил болбосун суу тартыш болгон. Ошол себептүү аравиялыктар атайын канал казып, тоскоол тургузуп, суу сактагычтарды салышкан. Марибдеги суу сактагычтын аябай зор жана даңктуу болгону ушунчалык дейсиз, ал тууралу байыркы заман адабияттарында таасын айтылат.

Биздин заманыбыздан көп мурун арабиялыктардын жазуусу болгон. Ал тууралу Европа тек XVIII кылымда гана билди. Саякатчылар көөнө жазуулардын көчүрмөсүн Европага апкеле баштайт. Ушундай жазуулардын бирин 1837-жылы Эмиль Редигер чечип окууга киришет.

Түштүк Аравияда ар бир белги арипти билдирет, бардыгы 29 арип болгон. Окумуштуулардын болжолу боюнча түштүк араб алфавити синайлык деп аталуучу финикий алфавити менен Египет иероглифинин кошмосу болуу керек. Чындыгында эле көптөгөн ариптери финикий алфавитиндеги ариптер менен окшош. Бирок ал ариптер аябай өз алдынча жетилген. Ошондуктан, славяндар менен латын жазуулары сыяктуу айырмачылыктары бар.

Изилдөөчүлөрдүн болжолу боюнча эң алгачкы Сабе шаарлары биздин доорубузга чейинки II миң жылдыкта пайдубал соккон. Ал эми Сабе падыша-

лыгы миң алты жүз жылдан ашык жашаган. Болжолдоп айтканда, биздин доорго чейинки V кылымда Аравиядагы өкмөт бийлиги кечилдердин колунан ак сөөк падышалар бийлигине ооштu. Ошол кезден баштап мамлекет бай жана беделдүү үй-бүлөлөрдүн чакан тобунун бийлигинде калды.

Жылдар жылга тогошкон сайын Сабенин жоон ортосундагы падышалыктын бири тегерегиндеги мамлекеттерди биринен сала бирин багындырып, өз ээлигине кошуп ала баштайт. Эң алды менен, азаттыгынан айрылган түндүктөгү Маин мамлекети эле. Кийин, биздин заманыбызга чейинки I кылымда Сабеге Катабан кошулат. Эң акырында биздин заманыбыздын баш ченинде, тоолуу чөлдө жаткан Хадрамаут да өз боштондугунан айрылат. III кылымда сабеликтер бүткүл Түштүк Аравияны бир мамлекеттин кол астына бириктирет.

Бул кезде Түштүк Аравия мамлекеттеринин тагдырына Эфиопия айрыкча роль ойной баштайт. Тили менен маданияты жакын болгондуктан, Эфиопия падышалыгы качантан бери Түштүк Аравия менен карым-катнашы күчтүү болгон. Асыресе, архитектурасы менен маданиятында Эфиопия менен араб мамлекеттеринин бир-бирине болгон таасири ачык көрүнөт. Адатта, эфиоптор өз ичиндеги чыр-чатактарды шылтоо кылып, коңшуларынан, көмөк сурап көп келише турган. Кандай да болсо, байлыгы мол аймактан көз жазбоого тырышып, Аравия падышалыгын такай бакылап отурган.

Түштүк Аравиядагы диний талаш-тартыш Эфиопиянын колунда эле. Арабдардын байыркы кудайларынын күнү бүтө баштайт, анын үстүнө кечилдер да бийликтен айрылат. Аздап-аздап бул аймакка иудаизм жана христиан дини кирип, эми ошол диндерди колдоочулардын ортосунда айыгышкан күрөш башталат. Убакыт өткөн сайын иудаизм бел алат да, Сабенин акыркы падышасы бул динди мамлекеттик дин кылмакчы болот. Ушул жагдай христиан дининдеги Эфиопияга Түштүк Аравияны басып алуу үчүн ыңгайлуу кезең болуп чыгат. Ошентип, VI кылымда Сабе падышалыгы өмүр сүрүшүн токтотот.

Бул кезде араб мамлекеттеринин экономикалык шарты начарлай баштаган. Рим империясы кулаган соң, кербен жолдору менен суу жолдору каңгырап

калат. Европа бул кезде жибек менен атыр үчүн сыртка телмирбейт. VI кылымда инженерлик өнөрдүн бийиктиги болуп саналган Мариб тосмосу кыйрап, бир кездеги кунарлуу аймактар какшып калат. Шаарлар бир-бири менен катнашын токтотуп, ортодогу из сууган соң жолдорду кум басып, тикен өсөт.

575-жылы эфиоптордун ордуна парсылар келет. Арадан дагы жүз жыл өткөндө ислам динининн толкуну жетет. Ошентип, Түштүк Аравия араб империясынын эң четки тосмосуна айланат.

Арадан ондогон жылдар өткөндөн кийин, түндүктөн чыккан араб тарыхчыларынын эмгектери жарык көрө баштайт. Бирок алардын эмгектеринде Хадрамаут тууралу да, Катабан тууралу да, бир кездеги Эфиопия менен Сирияга чейинки аралыкта жазуусу болгон бай жана даңктуу падышалыктар тууралуу да, ал эмес кербенчилери Кытайга чейин жетип, римдиктердин түшүнө да кирбеген каналдар менен тосмолор салганы тууралуу да эчтеме айтылбайт.

Бирок чөлдүн эң четинде, бир кездеги Хадрамаут падышалыгынын ордунда бир нече шаар сакталып калган. Булар негизинен кербен жолдорунун үстүндө болгондуктан, тиричилигин жойбогон. Курма өстүрүп, төө багып VIII кылымдан кийин бир далай жанданды.

Бул аймакка бийлик жүргүзгөн шейхтер менен султандар Араб халифатынын бийлиги алсыраган кезде, өз эркиндиктерин сактоого тырышып отурган. Бирок алардын бир да бирөө өз даңкын коңшуларынан ашыра алган эмес. Чөл талаадагы Хадрамаут шаарлары аябай жүдөө, тургундары аз болгон. Ошондуктан, гүлдөп-өнүгүүгө да шаасы жетпейт эле. Анын үстүнө суунун ар бир тамчысы алтын менен барабар аймакта өсүп-өнүгүүнүн өзү да болбогон кепко. Ошол себептүү, артык баш арабдар мурунку деңизчи, соодагер бабаларынын салты менен Индияга, Сингапурга аттанып кетет. Азыр Хадрамаут шаарларынын жашоо шарты тек кудук санына гана байланыштуу эмес, ошону менен бирге түшүмдүн өлчөмүнө жана Калькутта менен Сингапурдагы кызыган соодага да байланыштуу. Эгер Сингапур кемелериндеги капитандын же Калькуттадагы дүкөн ээсинин жолу болуп, колуна акча түшсө эле алыскы чөлдө унут болгон Шибам шаарына жөнө-

төт. Андан карылыгы жеткен кезде ата-журтуна өзү да кайтат...

Сабеликтер заманында Шибамдын үйлөрү дал азыркыдай бир-бирине ийин тирешип салынбаса керек. Эл жүдөп, тиричилик кыйындаган кезде ар бир кыштак өз алдынча мунарага айлана баштаган. Себеби, жер менен суу жетпей кыйналган элдин өз ара чарпышканын мындай койгондо, бедөөлөр чабуулу укмуштуудай коркунуч туудуруп турган.

Хадрамаут шаарларына сепил салуунун кажети жок эле. Анткени, бир-бирине ийин тирештире салынган үйлөрдүн арткы дубалдары коргон кызматын аткарган. Шаарга жалгыз гана дарбаза аркылуу кирүүгө болот.

Ошентип ар ким өзүнчө сепил салган. Анын дубалдарынын калыңдыгы бир нече метр келип, биринчи кабаттарын кампалар менен мал ээлеп, отун коё турган короо-жай катарында пайдаланган. Ар бир үйдүн иректесинде чакан гана эшик, эшиктин босогосунан коргонуч көзөнөктөрү башталат. Коргонуч көзөнөктөрү экинчи, үчүнчү кабаттарда да бар. Тек, душман чыга албаган төртүнчү кабаттан баштап терезе салынган, демек, адамдар жогорку кабаттарда турат деген сөз. Адатта, бийик үйлөр жети-тогуз кабаттан келип, бала-чакасы көп адамдар жогорку кабаттарында толук жайлашкан.

Сепил үйлөрдөгү тиричилик өзүнүн тазалыгы менен назар оодарган. Ал эми чакан араба араң өткөндөй тар көчөлөрү ыплас, үп, жуунду-чайынды агып жатат. Жогоруда, арийне, таза жана салкын жай болору бышык.

Хадрамаут шаарларынын ичиндеги эң ириси Шибамда башка үйлөргө караганда заңкая көрүнгөн, жогору жагы кызыл жолдуу, ак чайыт акиташ менен акталган, көп кабаттуу султандын сарайы бар.

Азыр өз ара кырылышкан заман өткөн, бирок салт санаанын күчү кадимкидей. Эгер абдан эскирип, сепил үйлөрдүн бири кулай турган болсо, анын ордуна мурункудан да заңкайган дагы бир үй салынат. Шаардын пайдубалы жайыла өспөйт, жер жок, болбогон кунарлуу аймакка курма өстүрүү керек. Жер астынын суусу мол болгон менен, аны чыгара турган техника да, күч да жок.

...Шибамдын башкы көчөсү — шаарды как жарып агуучу сел ташкынынын салган нугу. Ушул туш-

тагы кумдактан кудук казылган. Таң заарынан бетине парда тарткан узун көйнөктүү, кумура көтөргөн аялдар кудукка карай агылат. Шибамдыктардын кийими көк түстөш, ал эми башка шаарлардагы тургундардын кийми жашыл, кызыл, кара болот.

Эртең менен базар аянтына кербендер менен алыскы чөлдөн бедөөлөр келет. Кыштак тургундарын башына кийген кең күн калкалагыч камыш калпагына карап, шаарлыктардан ажыратууга болот. Бедөөлөр баштарына чүпөрөк тартат, аялдары бетин ачып жүрөт. Бедөө аялдары беттерине көк боек сүйкөйт (татуировка). Ал эми, Хадрамаут калаалары нын тургундары беттерин ар түрлүү кылып боейт. Кээде мурдунун четин бастыра же кашынын үстүнөн көк, кызгылт тилке жүргүзөт, кээде бетинин учун жылтырак сары менен боейт. Мунун өзү аларды паранжысыз (чадра) көргөндө тирилип кеткен арбак сыяктуу коркунучтуу кылып көрсөтөт. Мындай салт Севская падышайымдын заманынан бери сакталып келе жатса керек. Мындай салтка айран калган европалык бир журналист аялга мындан эки миң жыл мурун алебастрдан жасалган айкелди көрсөтүшкөн экен. Ошондогу аялдын бет түзүлүшүнө түшкөн боёо үлгүсүн эч өзгөрүүсүз үйлөрү көк мелжиген калаа аялдарынын бетинен азыр да көрүүгө болот.

Байыркыдан жеткен салттын бири — үйлөрдү боео. Көккө бой созо соройгон үйлөрдүн эшик-терезелери чакан болгон менен, аябай асемдүү кооздук оюу түшүрүлгөн. Жогорку кабаттарынан аябай үлгүлүү колонналарды, дубалдарга жабыштырылган ачакейлерди көрүүгө болот.

Буга таң калуунун кереги жок, Түштүк Аравия эзелтеден айкел өнөрү менен даңкы чыккан. Алардын кээ бир үлгүлөрү, азыр да ааламдын далай музейлерине көрк берип турат. Хадрамауттагы мечиттер менен мавзолейлер да асем, мусулман үлгүсүндө салынганы менен, алардан абиссин эстеликтерин түзүү сызыктарын азыр да байкоого болот, ал эмес миң жылдык мусулмандык таасирлер да бул элдердин эски байланышын өчүрө албаган.

...Кербендер түн катып ашуудан ашуу үчүн, кеч түшө калаадан чыгат. Азыр бедөөлөр көпөстөргө чабуул жасабаса да, баягыдай деңизге түн катып аттанган салт сакталып калган Қалыбы, Хадрамаут

чөлүнөн төө арылбаса, кербенчилер түн катып жол жүргөнүн токтотпой турган чыгар. Аздап-аздап аңын себебин билгендер да калбай калар.

ГОРЕМЕ ӨРӨӨНҮ

Каподокия үңкүрлөрү

Ири маданият борборлорунун, калаалардын, эң сонун эстеликтердин албан жолдон алда кайда жаткан кездери да болот. Андай жерлердин тургундары көчүп кетет да, жолду чөп басып кетет... Эгер арадан бир топ жыл өткөндөн кийин адамдар кайтып келе турган болсо, анда алардын өздөрү ибадатканаларды же аскадагы үңкүрлөрдү кимдердин салганын биле бербейт. Ошондон кийин көргөнүнүн баарын — жиндин, рухтун, Сулайман падышанын же космостон келгендердин иши деген каңшаар таратат.

Так ушундай жагдай Петранын да, Баальбектин да башынан өткөн, мындай жагдайга Гореме өрөөнү дуушар болгон. Бул, арийне, өрөөнгө калың бадал өсүп же кум басып кеткен деген түшүнүк туудурбайт. Мында түрктөрдүн кыштагы жайгашкан. Ал эми тургундары каңгырап жаткан ибадатканаларга тар шаты менен көтөрүлүп, анда аштык менен өрүк сактайт. Бирок ааламдын ушул купуя ажайыбын кимдин, качан дүйнөгө апкелгенин тургундар биле бербейт.

Гореме өрөөнүн мындан элүү жылдай гана мурун бельгиялык иезуит «ачкан». Ошондон бир топко дейре окумуштуулар бул кызык жаңылыкты миссионердин тамашасы болуш керек же каталашкан чыгар деп жүрдү.

...Түркүянын как ортосундагы Анатолия провинциясында жападан-жалгыз алда качан өчкөн төрт чакырымдык Эрджияс жанар тоосу турат. Анын ак карлуу чокусу Анатомиянын ачык асманы астында мөлтүрөп көрүнөт. Жанар тоонун этегинде түрктөрдүн үч провинциясы — Кайсери, Невшехри жана Нигде жайгашкан.

Абалкы заманда тынымсыз атылган жанар тоо кенен өрөөндүн бир далай бөлүгүн балкыган чок кат-

мары менен көөмп салган окшойт. Кийин шамал менен жамгыр бир кездери балкыган чоктун кыртышын чайып, өрөөндү толуп жаткан аска-зоого, капчыгайжылгаларга айландырган. Мындан миңдеген жыл мурун бул жерге адамдар алгач конуштай баштаганда, алар түз жерге үй салгандан көрө сууган балкымадан казып чыгаруунун алда канчалык жеңил экенин байкайт. Анын үстүнө аштык, жүзүм сыяктуу ар түрлүү дандуу өсүмдүктөр менен жемиштерге ыңгайлуу кунарлуу топурактын ар бир бөлүгүн сарамжалдуу пайдалануу керек.

Ошентип, калаа пайда болот. Далилдүү айтсак, мунун өзү тоолору айды маанайына кондурган, зор очоктору бар, авангардчы — айкелчинин колунан чыккандай миң буралган айкелдери же сыйкырчынын өтө зор турагы сыяктуу кереметтүү көрүнүштөр эле. Бул жерде козу карын — үйлөр, ал эмес ракета сыяктуу үйлөр кезигет. Ошонун баары бирде топ-топ болуп, бирде жалгыз — жарымдап өрөөндү өрдөй жайгашкан. Миңдеген үңкүр үйлөрдүн канча экенин эч ким билген эмес.

Байыркы заманда Корамы деп аталып, кийин Горема атанган бул жерди конуштоо тарыхы миңдеген жылдар менен эсептелет. Римдиктердин заманында ушул өрөөндүн четине жайгашкан Кайсери (Кесария) калаасы Кара деңизден Сирияга, Арменидан Бейрутка өткөн кербен жолдорунун үстүндөгү кайнаган соода борбору болгон. Бул жерде далай улут өкүлдөрүнүн башы кошулуп, ал эмес жаңы пайда боло баштаган христиан дини өзүнүн колдоочуларын тапкан. III кылымда гректик, христиандык ири коом пайда болот. Бул жагдайды кербенчилер төгөрөктүн төрт бурчуна таратып жатты. Учу-кыйырсыз Чыгыш Рим империясынан дубаналар менен кечилдер агылып келип жатты.

Алгачкы христиандык кезинде такыбалар менен диндеп безгендер үчүн алардын такыбалык тиричилигине Корамы үңкүрлөрү аябай ыңгайлуу эле. Бул үңкүрлөр кургакчылыкта ыңгайлуу, жай саратанынын аптабында салкын, кыштын суугунда жылуу болгон. Этегиндеги өрөөндүн суусу менен жемиши мол. Анын үстүнө салбыраган сакалдуу такыбалар убактысынын баарын кудайларына сыйынуу менен үңкүрдө өткөзгөндүктөн, жергиликтүү тургундарды анча чочута бербейт. Ал эми каңгырап бош турган

пирамидалар менен мунаралар дагы миңдеген такыбанын турак кылышына жеткидей эле.

IV кылымда бул жерде алгачкы монастырлар пайдубал түптөп, аз сандагы каппадокиялыктарды сүрө баштайт. Ошентип, алар өрөөндүн бир аз бөлүгүн ээлөөгө мажбур болот.

Бул аймакта VI кылымда парсылар басып кирип, толуп жаткан христиан коомун кууп чыкканга чейинки эки жүз жыл боюнча монастырлар гүлдөп, өркүндөөдө болгон. Кийин мында арабдар келе баштайт да, Кесария калаасы христиандарга паана болуудан калат.

Бирок христиандар куугунга түшкөн менен, үңкүрдөгү монастырлар аман калды. Ушул эки жүз чарчы километрдей жерди алып жаткан, түнкүсүн мындай турсун таламандын тал түшүндө оп-оңой адашып кетүүгө боло турган өрөөнгө парсылар да, арабдар да толук үстөмдүк жүргүзө алган эмес.

Анатолияның Кесария калааларынан куулуп чыккандар ушул үңкүрлөрдү пааналашкан. Болжол боюнча I миң жылдыктын аягында Горемеде отуз миңге жакын христиандар болгон.

Ошентип, мунаралар менен конустар бир гана такыба эмес, бир нече үй-бүлөнүн турагына айланат. Жаңы үңкүрлөр казылып, үңкүрлөрдүн арасы шатылар менен, өткөөлдөр менен, туннель менен, көпүрөлөр менен жалгашат. Кыйынчылык кездерде үңкүрдүн төмөнкү кабаттарына эч ким турбайт, коркунуч туула турган болсо, шатылар жыйналып алынат. Анткен менен бешинчи, онунчу, он бешинчи кабаттарды турактай беришкен. Ал эмес, ушул күнгө чейин жыйырма кабаттуу бир «үй» сакталган, анын ичи кумурсканын ийни сыяктуу, ички бөлмөлөрү менен жолдору чалды-куйду.

Бир кездерде такыбалар турган күжүрөлөр (кельи) кеңейтилип, колонналар менен сүрөттөр салынган ири чиркөөлөргө айланган. Качкындар бир нече сектага бөлүнүп алып, аздап-аздап чиркөөлөрү менен монастырларынын салынышы боюнча атаандашып, мелдешке түшкөн.

Ал эми сыртынан караган жан мунун сырын билбесе, ичинин кандай экенине маани бербес эле. Пирамида сыяктуу бийик аскалардын ар кайсы жеринен карайып төрт бурчтуу терезелер менен тар эшиктер көрүнөт. Бир көргөндө мунун ары жагын-

дагы ала көлөкөдө бөлмөлөр, залдар, чиркөөлөр менен кампалар бар деп эч ким элес албаган ичиндеги чалкыган дөөлөт менен салтанатты экинин бири биле бербеген купуя аалам боло турган.

Чындыгында эле ушул аска-зоо көзгө байлыгы менен кунарын жашырып, чап-чакан болуп көрүнөр эле. Ошого карабастан, Азиядагы байыркы христиандардын эң ири очогу өзүн-өзү эркин асырап, жергиликтүү өкмөт бийлиги «динсиздердин» колунда болгону менен монастырлар байыгандын үстүндө байый берди.

Мусулмандардын согушу менен крестчилердин жортуулу, Византиянын кыйрап, кулашы бул аймакты айланып өткөн. Мурункусундай кудайчыл окумуштуулар дин тууралу талаштарын өркүндөтүп, дыйкандар монастырга тиешелүү терин төгөт. Ал эми, таш кампаларда сакталып, бабына келген шарап бочкелери калаанын базарларында кымбатка сатылат.

Бирок дини бир келгиндердин аягы сейректеген соң, мурунку тургундардын бири көчүп кетип, экинчиси ишенимин жоготуп, үңкүрдү таштап кете баштайт. Калаанын тегерегиндеги өрөөндөрдү түрктөр конуш кылат, эми ошолор бошогон үңкүрлөрдү кампа катарында пайдаланууну адатка айландырат. Мындан кийин бир нече кылым бою мында эки-үч чиркөө жумуш иштеп турат. Бирок 1923-жыл Лозанн келишими боюнча тургундарды алмаштыруу кезинде христиан — гректер Горемени биротоло таштап кетти. Үңкүрлөрдүн бир азын түрк дыйкандары конуштап, бир азы каңгырап бош калды. Бош калгандары аябаган көп көгүчкөндөргө турак болду. Дыйкандар көгүчкөндөрдүн кыгы менен жер семиртүүнү салтка айландырды.

...Али да болсо чиркөөлөр иш жүргүзүп, соңку монахтар эртең менен жүзүмзардын арасында күйпөндөп жүрүшөт. Европа болсо диний теке тирештин салдарынан түрктөрдүн ички жагынан кабар үзүп, Гореме өрөөнүн унутууга үлгүргөн. Ал эми белгиялык миссионер Түркиянын как ортосундагы саналуу гана күнү калган христиан коомуна капысынан туш болгондо, анын узак убакыт сакталганына айран калган экен. Андан да кызыгы, мындагы саналуу гана мээнеткеч олуялары бар Христиан жолун жолдоочуларды миң жылдан ашык убакыттын кучагын-

да бир дагы «кылычынан кан тамган мусулман падышасы» капарына алып көрбөптүр.

Азыркы мезгилге чейинки изилдөөчүлөр (ырас, алар анча көп эмес) үңкүрлөрдүн жарымын да изилдедим деп айта албайт. Азырынча, Гореме дегенибиз казынасы ар бир бөлмөдө чачылып жаткан Аладдиндин турагына окшош.

Горемениң калкаланган мунараларынын далдаасында жашырынып турган, күмбөзү зыңкыйган үч чиркөө бар. Алар текши баштан-аяк эң сонун сакталган Византия фескалары менен жасалгаланган. Арасындагы өтө бай жана жакшы сакталганы Түнөк чиркөөсү. Анын ак жаркын түстүү, майда жана назик сызыктуу фрескалары орус соборлорун эске салат. Чиркөөлөр албан балээ-жалаасынан жана кагып-согуусунан окчун салынган. Муну колуна таяк кармаган, жонуна желбегей чепкен жамынган кербез жигиттин бейне-фрескасынан көрүүгө болот. Ырас, бул жигит сейилде жүргөн жок. Ал — ажыдар менен айкашаар алдындагы Георгий Победоносец. Деген менен, ыйман жүздүү кейпин байкоо кыйын эмес.

Күмбөздүн уясына салынган Пантократордун ажайып албан фрескасынан да сабырдуулуктун илеби уруп турат. Созула салынган пайгамбарлардын бейнеси саал ийилип тургандай, анткени, кууштардагы колонналар менен тиреөчтөр тизмегинин өзү ийилген.

Ошол сыяктуу экинчи чиркөө — Алмалык чиркөөсү. Кечилдер өз ибадатканаларын ушундай атоо үчүн көп деле ойлонушуп баш катырбаган. Византиядагы чиркөө башчылары алыста болгон соң, такыбалар так ушундай өзү билгендикке бара берет. Ошондуктан, карацгыраак келген албан чиркөөнү Түнөк деп атап, экинчисин, кире беришинде алма багы өскөндүктөн, Алмалык деп атаган. Ал эми, эгер салтанаттуу расим кездеринде атала турган расми атоолору болсо, аны эсине сактап калган эч ким жок.

Үңкүрлөрдүн түз жана кургак капталдарында фрескалар кетилбөөгө тийиш болсо да, толук сакталбаган. Алардын күнөкөрү динсиздер эмес. Эч ким чиркөөлөрдү ачыктан-ачык маскаралабаган. Бирок XVII кылымдан баштап монастырлар менен чиркөөлөр бошой баштаганда, мында ар түркүн жолоочулар конуп-түнөй турган болгон. Кээде дыйкандар

турактаса, кээде бир келген жолоочу түнөп өтөт. Ал эми туристтердин качандыр бир кеде турган урпакка белги калтыргысы келип тура турган адаты бар. Туристтер кээде эби менен, кээде атайылап эң көрүнүктүү жерге жазуу калтырган. Мындай бир беткей чиймелерди көрүп, таң калбоо мүмкүн эмес. Туристтер сейрек келсе да, беш жүз жыл ичинде Горемеге келгендер бир топ эле болсо керек. Анын үстүнө соңку жылдары Анкарадан ушул жерге чейин автобус каттап, газеттер төгөрөктүн төрт бурчуна Горемени көрсөң да арманда, көрбөсөң да арманда деп жар салып жатса кандай айла кылмаксың. Азыр киши бою жетер жердин фескасы жок болгон, анын ордундагы ак дубалга кол тамга толгон.

Бул күндөрү өрөөндү түрк дыйкандары конуш кылат. Мындан миң жыл мурункудай эмес, эл сейрек. Ошондуктан, үңкүрлөрдүн көбү бош. Дыйкандар христиандар менен такыбалар сыяктуу дүйнө жүзүндөгү эң асыл тукумдуу жүзүм, зайтун, өрүк өстүрөт. Өрөөндүн тургундары миллиондогон көгүчкөндөрдүн кыгын пайдалангандыктан, алардын конушу жайлуу болушу үчүн үңкүрлөрдүн эшик-терезесин таш менен көтөрүп салышкан. Капталдардагы кароолго ылайыкталган тик бурч терезелер болбосо, мунаралар сырттан караган көзгө бир туташ шекилденип көрүнөт.

Жаңыдан үңкүр оюшпайт, тек кээ бир оокаттуу үй-бүлөлөр гана эшик терезелерин кеңейтип, турактоочу үңкүрлөрдүн алдын нагыз үйгө окшотуп коёт, Ал эмес кээ бир үйлөрдүн балкондору бар. Турак үйлөрдүн түпкү бөлмөлөрү кампанын кызматын аткарат. Ага эч убакта күн тийбейт. Кедей дыйкандар аскадагы кирүүчү оозго эшик-босогосун орнотуп, бөлмөлөрү жарык, кенен көрүнүшү үчүн жылына бир жолу актамыш этет. Бирок очок түтүнү көп кечикпей кайтадан ыштайт.

Үңкүрдүн тургундары мурункудай асканы оюп казган жогорку конуштарга тепкичтер менен чыгат. Асман тиреген кээ бир үйлөрдүн тепкичтери карацгы кууш менен ондогон метрге көтөрүлөт.

Бирок тоо башын турак кылуу ар кимге эле жага бербейт. Ошондуктан, кийинки кезде тегиз өрөөндө шаарчалар пайда боло баштайт. Ошол шаарчалардын ортосунда кереметке окшоп көккө бой созгон үңкүрлүү аскалар турат. Кайсериден келген автобус

бул жердин жолун чыйырлап өткөндө күрүлдөгөн доош салып, ак сур көгүчкөндөрдү үркүтөт... Ал таш тектирчедеги ачык кафенин алдына токтоп, көк тиреген жыйырма кабаттуу үңкүрлүү асканын салкын көлөкөсүнө сүңгүп кетет. Батып бараткан күндүн нурлары бул жерди жалап өтүп, төгөрөккө куюлуп тургандай.

ШАХИ-ЗИНДА

«Акыйкатта, биздин жайыбыз ишибизден таанылат»

Рыцарь Рюи Гонсалес де Клавихо кечиккен эле. Ал кеминде эки жүз жылга кечигип жеткенде Афрасиабдын дубалдары да, мечиттери да, мавзолейлери да, сарайлары да тып-тыйпыл болгон. Анткен менен, ысык күндө узак жолдон чаң жутуп, кечке жуук жеткен испан элчилери улуу Темирдин сарайынан көшүлүп жаткан Самаркандды көргөндө айран калат. «Бул жерде бакча менен жүзүмзардын көптүгү ушунчалык, калаага жеткен кезде бийик карагайлуу токойду жана ошол токой ортосуна салынган калааны көргөндөй болосуң»,— деп жазат Рюи Гонсалес де Клавихо.

Элчилердин көргөнү орто кылымдагы теңдеши жок, кайталанбай турган ажайып калаа болгон. 1404-жылдын жүзү ооп бара жаткан кез. Дүйнөнүн жарымын басып алган аксак Темирдин жаңы борборуна айдап келген кулдары: сүрөтчүлөр, сөөлөтчүлөр, бедизчилер, жыгач усталар, зергерлер эле... Темирдин бийлиги байтак, кудрети чексиз менменсингени жүгөнсүз боло турган. Самаркандын тегерегиндеги кыштактардын аты жапатырмак өзгөртүлөт. Ошол кезден баштап алар: Багдат, Каир, Шам (Дамаск) деп аталат. Ааламдын айтылуу калаалары Темирдин борборунун жанында кыштоо сыяктуу болуп көрүнүүгө тийиш.

Ошентип, чаңы булуттай калкып Самаркандын курулушу башталып кетет: карагайдай болуп Шахи-Зинда мавзолейи көтөрүлөт, каздай тизилген кулдар Биби-Ханымдын мечитине колдошуп кирпич ташыйт. Хорезмдин айтылуу чеберлери Регистандын тактарын куят. Калаанын түсү кызыл күрөң болгон, ал эми мечиттер менен хауздардын көгүлтүр оромдору саргыч талаага таштай салган көгүлтүр асмандын

бир бөлүгүнө окшойт. Төгөрөгүндө жап-жашыл болуп дөңгөлөнүп, он үч бакча жайкалат. Ошолордун ичинде Жехан багынын албандыгы ушунчалык, жылнамачылардын айтымында, бир жолу сөөлөтчүнүн аты жоголуп, ошол бактын ичинен бир айдан кийин табылыптыр деген сөз бар.

Анткен менен, Темир өлүп, арадан ондогон жылдар өткөндө, анын тукумдары мамлекеттин борборун Бухарага көчүрөт. Журтта калганы кайсы чебердин колунан чыкканы белгисиз имараттар эле. Бирок Самарканддык тарыхчынын Темирдин мечити тууралу: «Акыйкатта, биздин жайыбыз ишибизден таанылат»,— деген сөзүндө чындык бар. Буга мезгилдин өзү күбө, бир кезде жүзөгө ашкан иштер, ошол ишти дүйнөгө алып келүүчүнү гана эмес, туташ империяны артка таштап, бүгүнкүгө дейре жетип отурат.

...Эгер бир күнү бүгүнкү Самаркандга жол тарткан самолет менен, болбосо автобус менен келип калсаңыз, испан рыцарынын «бул жерде бакча менен жүзүмзардын көптүгү ушунчалык...» деген сөзүн эрксиз эске аласыз.

Азыркы Самарканд — университети, мектептери, театрлары бар, таш жолдорун көк жашыл көчөттөр көркөмдөгөн мезгил менен үндөш калаа. Канткен менен кандай десек да, Темирдин Самарканды да сакталган, ажайып мечиттердин турпаты калаанын азыркы келбети менен терең жуурулушуп кеткен.

Мындан беш жүз жыл мурункудай азыр да калааны бакча көркөмдөйт. Тек, булар Рюи Гонсалес де Клавихо көргөн бакчалар эмес. Өзүнүн миңдеген жылдык тарыхында бул калаанын тегереги далай ирет чөлгө айланып, далай ирет кайтадан жашыл көчөттөргө бөлөнгөн.

Калаанын түндүгүндө жылаңач белес жатат. Бул — көөнө Римдин курдашы, Самарканддын түпкү атасы Афрасиабдын калдыгы. Такта кирпичтерден катталган маданий кыртышы он беш метр болгон бул жер археологдордун гана сүйүктүү орду эмес, ошону менен бирге, Афрасиабдын көптөгөн кылымдык өмүрүн баяндай турган санжыра да. Бул калаанын дубалында Александр Македонскийдин аскери болгон, бул жерге кушан падышалыгы менен алгачкы халифтердин чалгынчылары келген. Ошол көөнө заманда эле Афрасиабдын коргошун суу түтүктөрү борбордук имараттарга далай кылымдар

бою суу берип турган. Казма жумуштары не бир кереметсарайлар менен мавзолейлердин бетин ачты..

1220-жылкы монгол чапкынчылыгы калааны кара туман болуп басты. Калаа каршылык көрсөткөндөрү үчүн сепилдери кыйратылып, суу түтүктөрү бузулуп, үйлөрү менен сарайлары өрт чалып, жер менен жексен болду. Мындан кийин жүз элүү жыл бою калаа өлбөстүн өмүрүн сүрүп, шуулдаган бакдарактардын ордун кум шагылдар баса баштады.

Бирок XIV кылымдын аягында баары өзгөрдү. Темирдин өз борбору кылып Самаркандды тандашы, калаанын экинчи жолу дүйнөгө келиши менен барабар болду. Чындыгында, арадан жыйырма-отуз жыл өткөндө, Самарканд соода менен кол өнөрчүлүктүн гана борбору эмес, ошону менен бирге, алыс-жакындагы эл тагдырынын тизгинин каруусуна илген Азиянын борборуна айланды. Гүл-бакчалар кайтадан бүчүр жарды.

Темирдин өлүмү Самаркандга көлөкөсүн түшүрө алган жок. Темирдин небереси Улукбек бийлик курган кезде Самаркандга салынган имараттар улуу атасынын тушундагы имараттардан кем эмес эле. Ажайып бийлөөчү, илимпоз, астроном, гуманист Улукбектин тушунда көптөгөн медреселер салынып, Самарканд азиялык маданияттын борборуна айланды.

Тек, жакынкы кезде гана Улукбектин эң ажайып мурасы — обсерваторияны окумуштууларыбыз байымына жете изилдей баштады. Кезинде, бул жерде өз заманынын айтылуу акыл ээлеринин эмгек өтөгөнү, обсерваторияда телескоптун болбогонуна карабастан, Улукбектин башкаруусунда «Жылдыздар кестесинин китеби» жазылганы, бул китептин күнүн бүгүнкүгө чейин кунун жойбогону азыр маалым болуп отурат. Бул — өз алдынча бөлөк аңгеме..

Ал эмес, кийин борбор Бухарага көчүрүлгөндөн кийин да курулуш жумушу токтогон жок. Мында XVI—XVII кылымдарда салынган мечиттер менен мавзолейлер кездешкени менен, асыл нускалуу архитектуралык мунаралар Темир менен Темирдин тукумдарынын заманына байланыштуу.

Самаркандда болгон ар кимдин өзүнө гана жага турган орундары болот. Бирөөлөрдүн түшүнөн Биби-Ханымдын айтылуу мечити чыкпайт. Ал эми бирөөлөр үч медресенин башы кошулган Регистан

чарчысын унута албайт. Үчүнчү бирөөлөр өмүр бою Гөр-Эмир мавзолейинин заңкайган карапайым турпатын көңүлүндө сактап өтөт. Ушул табиттин эч бирине да доомат арта албайсың.

Деген менен, жүрөктүн каалоосун жашыруу кыйын. Тек гана Шахи-Зинданын тынчтыгына чөмүп, сыйкырлуу көчөлөрүн көрүү үчүн Самаркандга алда нече ирет келүүгө болор эле. Ырас, Шахи-Зинда өзүнүн көлөмү менен ажайып тапкырлыгы менен мактана албайт. Анын көчөлөрүн атайын салган эч ким жок, жүздөгөн жылдар бою катташып, кабатташа салынган мавзолейлер өзүнөн өзү ансамбль курган.

Шахи-Зинда «тирүү падыша» деген маанини берет.

Бул жерди пир тутуу ислам дининен көп мурун, Афрасиабдын гүлдөп турган кезинде өрүш алганы ушунчалык болуп, ислам динин насыяттоочулар өктөмдүк жүргүзүүнүн ордуна, ошол аймактын чачбоосун көтөрүүчү жаңы динге ынтаа койгон. Пайгамбардын небере иниси Мухаммед Кусам ибн Аббас тууралу аңыздын туулушуна себепчи болгон бир жагдай ушул.

Аңыздын айтымында, Мухаммед Кусамдын аскери намаз окуп, жай намазга баш коюп жаткан кезде «капырлар» келип калыптыр дейт. Мухаммед үмөтүнүн намаз бузбай турганын билген «капырлар» ошол жерде баарынын башын алат. Көп менен бирге Мухаммед Кусамдын да башы алынат. Бирок башым алынат деп ал кабатыр болбогон имиш. Чабылган башын колуна кармап, терең кудукка түшөт да ары карай бейишке жол тарткан имиш. Кийин далай эрлер башы алынган падышанын купуясын билүү үчүн терең кудукка түшсө керек.

Акырында, Самаркандга барып көрбөгөн Мухаммед Кусамдын мазары, бейити, тагыраак айтсак, аңыз боюнча салынган молосу Шахи-Зинда комплексинин эң алгачкы мавзолейи болгон. Ыйык орунга жакын жерделген жан о дүйнөдө ошол олуянын мээримине бөлөнөт деген ишеним калыпташкан, ошол себептүү толуп жаткан акимдер менен молдолор ушул орунга жерделүүнү каалаган. Ырас, мындай урматка экөөнүн биринин колу жете бербеген, ал эми колу жете тургандар саналуулар, чынжыр белгилүү менен атактуу адамдар. Ошондуктан алардын

мавзолейлери Орто Азияда эң айтылуу имарат болуп саналат.

Шахи-Зинда эки жолу салынган. Биринчи жолу монгол чапкынчылыгына чейин салынат. Мавзолейлер арасындагы көчө Мухаммед Кусамдын мазарынан башталып, чукул төмөндөйт. «Самарканд тарыхынын кант китебин» жазган автор бир бейиттен экинчи бейитке карай жүрүүчү жолоочу үчүн сактай турган жол-жоболорду таптиштеп баяндайт. Археологдор Шахи-Зинда комплексинин алгачкы нускаларынын калдыкка гана туш болгон, башка мавзолейлердин бир да бири сакталбаган.

Самаркандды басып алган монголдор бөтөн олуянын айбар даңкынан сактанып, тирүү падышанын мазарына тийишпеген. Анын эсесине башка мавзолейлерди тып-тыйпыл кылган. Шахи-Зинданын экинчи жолу эңсе көтөрүшү Темир менен Улукбектин заманынан башталат.

Бул жерге Темирдин тукумдары менен белгилүү диний адамдар жерделген. Ар бир мавзолейди ислам өнөрүнүн чакан гана бермет-маржаны десе да болчудай. Жаңы мавзолейлер тартип боюнча Мухаммед Кусамды мазарынан боюн ашырбашы керек. Ошондуктан, курулуш аалими таасын сакталып отурган. Мунун өзү курулушчулардын бейит салууда жаңы үлгүлөр, жаңыча ачакей-өрнөк табышына себепчи болгон. Бирок бүткүл ансамбль бир колдон чыгып, бир максатка багышгандай таасир берет.

Шахи-Зинда мавзолейи, негизинен, чарчылана салынган, көп күмбөздүү курулуш. Мавзолейлердин күмбөзү, мандайчасы, колонналары, ал эмес дубалдары да көгүлтүр жана башка түстүү такталар менен капталган.

Мындагы мавзолейлердин саны жыйырма беш. Ошолордун баарынан Мухаммед Кусамдын мазарынын эңсеси бийик. Бул мазар тууралу XIV кылымдагы араб саякатчысы, географ, араб ааламынын Геродоту Ибн Баттута мындай деп жазган: «Бейиттин болумушу мээримге толгон. Бейит үстүнөн күмбөздөрү бар төрт бурчтуу курулуш көтөрүлгөн, ар бир бурчуна мармар колонна коюлган, мармар көк, кара, ак жана кызыл түстөн тандалган. Курулуштун дубалдары да алтын оймолуу түрлүү түстүү мармар менен капталган. Ал эми төбөсү сакталган коргошун менен жабылган».

Кийин бул курулуш далай жолу кайта салынып, көгүлтүр түс менен капталып, түрлүү түстүү бедер оймолор менен жасалгаланды.

Мухаммед Кусамдын мазарын башка мавзолейлер курчай жайгашкан. Ар бир мавзолей ээсинин ыйык орунга жакын болгусу келгендиктен, курулуш аябай тыгыз салынган. Булардын ичинде үч мавзолейдин айрыкча жолу болгондой. Алар — Темирдин аялы Туман-ака, ири дин кайраткери Кожо Ахмала жана 1360-жылы «он экисинде бир гүлү ачылбай өлгөн кыздын» мазарлары. Менимче, бул кыз тууралуу башка дарек жок.

Туман-аканын мавзолейи айрыкча асем. Мындагы оймолор менен мозайкаларды Темир доорундагы жасалгалоо өнөрүнүн чокусу дегөө болот. Мавзолейдин астанасы аябай салтанаттуу, ачык боёонун үстүнө түшкөн гүл тармактары жазуу менен кыюулашкан. Ал эми түсү өзгө имараттардай көгүлтүр эмес, күлгүн түстүү. Мунун өзү тегеректеги кызгылт түстүү топурак менен көгүлтүр асман арасында айрыкча ажайыптуу көрүнөт.

Темирдин кол башчыларынын бири Бурундук өмирдин мавзолейи карапайымыраак. Жортуул кезинде бул кол башчы абдан байыган болуу керек. Бирок урпактары падыша тукумунан бой ашырып мавзолей тургузуудан тартынган сыяктуу. Балким, каражатты тирүүлөр үчүн сакташы да мүмкүн.

Эгер эч ким, эч качан турактап көрбөгөн тепкичтүү көчө менен төмөн түшө турган болсок, мавзолейдин үлгүлөрү кулпура түшөт. Ырас, этек жагын чаң-топурак баскан, бирок, ар бир кезеңдин өзүнө таандык табит талабын таануу кыйын эмес. Көчөнүн этегине салынган мавзолейлер Темир өлгөндөн кийинки кылымдарга дүйнөгө келген.

Архитекторлор менен сөөлөт өнөрүнүн тарыхчылары мавзолейлерди түрлүү мектептер менен агымдарга телип жатат же тиреме аркалыктар калааларды тамшана кеп кылып жатат. Мунун баары маанилүү. Бирок, ошондой болгондо да, мени башка бир ой кыйнады: мындагы падышадан баштап жоокерге чейинки, молдодон баштап «он экисинде бир гүлү ачылбай өлгөн кызга» чейинки аябаган текүү адамдарды тагдыр ортоктоштуруп, бир көрүстөндөн баш кошушу эрксиз таң калтырат. Деген менен, бардык мавзолейлердин ичинде, көчөнүн эң төмөнкү

жагына салынган астроном Руминин мавзолейи бийик көрүнөт.

Руми Улукбектин досу ары мүдөөлөшү. Ал тирүүсүндө байлыктын да, байтак жердин да ээси болбогон, чыккан теги да атактуу эмес. Анын эсесине өз заманынын атакгуу математиги ары астроному. Ошондуктан, Улукбек Руминин бейитин хандар менен падышайымдардын мавзолейлери менен катар коюп, бийиктигин аз да болсо бийиктеткен.

Кандай десек да, эң жакшы мавзолейлер аны долбоорлоп, салып жүргөндөргө бир таман жакын болгон илимпоздорго, эмгек адамдарына салынган.

Шахи-Зиндага кай жагынан карасаң да сонун. Белестин белине чыгып карасан, кош өрүм күмбөздөр мончогу көрүнөр эле. Төмөнтөн караса түрлүү-түстүү тар көчөнүн боюнан кабатташа бүткөн астаналар көрүнөт. Ал эми, арыраак чегинип, калаа жактан караганда Шахразаданын жомогунун ачык калган бир бетине окшотууга болот. Эгер жакындан карасаң канаттуу кыял менен каныk боёкко эркиз айран каласың. Ал анча көлөмдүү эмес, бирок Чыгыш борболорундагы байлыкка көмүлгөн мечиттер менен бийик мунараларга караганда алда канча таасирдүү.

УЛУКБЕКТИН ОБСЕРВАТОРИЯСЫ

Жан алгычтар менен жаратуучулар

Ал Кайра жаралуу доорунун гравюрасында илимдин аллегориялык бейнесинин оң жагынан, ааламдын улуу окумуштууларынын ортосунан орун алган. Кылымдар бою бир дагы астроном эсептөөлөрү менен байкоолорунун тактыгы жагынан,өз обсерваториясында изилдөө жүргүзгөн улуу самаркандык менен теңдеше албаган.

Бирок, 1908-жылы обсерваториянын калдыгын орус археологу Вяткин тапмакчы болгондо, Самаркандда бир дагы адам анын кай жерде экенин айтып бере албаптыр. Кебетеси хиджранын 853-жылындагы жарамазан айында болгон чан-тополондо из-түзсүз жоголгон сыяктуу...

Хиджранын 853-жылы жарамазандын жетисинде, биздин жыл санагыбызча 1449-жылын 24-октя-

брында Самарканддын бийлөөчүсү, Темирдин небереси Улукбек өз сарайына келип, тагдырына моюн сунган калыпта дарбаза алдына токтойт.

Кире бериштеги күзөтчүлөр абдырап калат. Ошол замат күзөт башы эмирдин сүйкүмсүз уулу Абд ал — Латифке канча күн бою зарыга күткөн жаңылыкты жеткизүү үчүн ашыга жүгүрөт: Улукбек ары карай күрөшүүдөн баш тартып, жеңишкөйдүн алдында баш ийимекчи.

Улукбек ошол күнү шайыктардын сотуна түшөт. Абд ал-Латиф болсо, өзүнүн жеңишине өзүн да, өзгөнү да ишендире албайт, ары зөөкүр, ары орой болгон. Ал атасына ырайымсыз, адилетсиз деген айып тагып, карыяга каарын салып, өлүм жазасына кесмекчи болуп коркутат.

Улукбек бир гана өтүнүчүн айтат, Самаркандда калып, илим менен алектенмекчи болот. Сот өкүмү мурунку ханга өзүнүн күнөөсүнөн арылуу үчүн Меккеге ажылык сапар тартышы керек деп чечет. Баласы атасынын өмүрүн сактоого убада берет.

Ошол күнү түнкүсүн Улукбек абдан чарчап, кечээ гана таманын жалап жүргөн саткындардын кордогон сотунан түңүлүп (ал эми андай соттун өкүмү ар качан да катаал), көз илген кезде, экинчи купуя сот болот. Бул сотто Улукбектин эзелки жоолору, исламдын чач боосун көтөрүүчүлөр, шайыктар ханды өлтүрүүнү чечишет. Купуя соттун өкүмү Улукбекти өлүм жазасына кесет.

Арадан үч жыл өткөндө Улукбек Хусрой ажы менен бирге Самарканддан чыгат. Жолоочулар жакын кыштоого келгенде соңунан куугунчу жетет. Куугунчулар: «Улукбек мырза, жаңы хандын жардыгы боюнча астындагы атты калтыруун керек, Темирдин небересине ажылык сапарга минтип баруу келишпейт. Жолго кандай даярдык менен аттануун керектигин дин башчылары аныктап чечкенче, ары карай жүрбөйсүң» дейт.

Улукбек бир шумдукту сезет. Бирок качып кутулар жер жок эле.

Бул арада кыштоого Сулдуз уруусунан чыккан Аббас жетет. Анын атасы мындан бир нече жыл мурун Улукбектин амири менен дарга асылган. Аббастын кисесинде Улукбекти өлтүрүүгө укук берүүчү өкүм бар болгон. Өлүмгө ислам дининен четтегени үчүн кесилет делинген.

Аббастын нөкөрлөрү чыпардын түбүндө отурган карыяны алыстан көрөт. Жазбай таанышат. Көп кечикпей Улукбекти байлап-матап арык жээгине алып келет да, тизе бүктүрөт. Аббас туткунунун көзүнөн корккондукту көрөмүнбү деген ой менен алдынан чыгат. Анан кылыч сермелет. Ааламды бийлөөчүнүн башы кум үстүндө кара кочкул из калтырып, баткактуу арыкка томолонуп түшөт. Нөкөрлөрдүн бири лып этип эңкейди да башты илип алып, касапчынын бутунун астына чимирип таштайт.

Арадан бир саат өткөндө мурунку бийлөөчүнүн өлүмү бүткүл Самаркандга маалым болот. Кечке жуук бул кабарды Улукбектин жакын жардамчысы, шакирти ары досу, жылдызчы Али-Кушчу да эшитет. Боз бала кезинде Али хандын кушбеги болуп, Улукбекке акыл-парасаты менен, билимге болгон кумардыгы менен жаккан болчу. Хан аны өзүнө жакын тартып, анысына өкүнгөн да эмес.

Хандын өлүмү Али-Кушчунун эсин эңгиретип кетет. Улукбекке деген өлүм жазасын анын шакирттеринне, эмгектери менен китептерине да байланыштуу экенин ал жакшы түшүнөт.

Али-Кушчу соот үстүнөн эски кийим кийет, белине канжар катат. Ошол кейпинде атка минип, бооруна Самаркандды алып жаткан тоо башына карай тар көчө менен чаап жөнөйт...

Тоо башынан Самарканд алаканга салгандай көрүнөт Жапыс жер үйлөрдүн арасынан мунаралар сороёт. Вяткин жазы дөбөнү дагы бир жолу айланып чыгат. Кадам баскан сайын купуя үңкүрдүн жаңырыгы эшитиле турган сыяктуу. Археолог бут астынан күзгүдөй тактанын сыныгын көтөрөт, таң алдындагы көк чайыт асманга окшош.

Бул дөңгө Вяткиндин келиши тегин эмес. Далай айлар бою Самаркандын тегерегинен обсерваториянын калдыктарын издеп, архивдерди оодарыштырып, көөнө көз карттардан сураштырган. Акыры, жер башкармасынын архивин карамакчы болот.

Жер башкармасынын чиновниктери аптап менен чаңдан жабыркап, жумуш күнүн аяктаган кезде, археолог архивге кирип, көөнө документтерди бир четинен карай баштайт. Документтерден чымчыктын кыгы менен Самарканд топурагынын тозоңу буркурап, таноону өрдөйт. Май шамдын ала көлөкөсүндө

жарганаттар жалжылдай учуп, шыбагы түшкөн дубалдарды чыркылдай жанып өтөт.

Арадан бир нече ай өткөндө Вяткин XVIII кылымдын документине туш болот. Анда «тал-и-расад» жерин, башкача айтканда, «обсерватория дөңүн» сатуу жөнүндө жазылган. Бул жер Кухак дөбөсүнүн башында Кырк кыз мазарынын жанында болот.

...Дөбөнүн боорунда Вяткинди дыйкандар күтүп турган. Алар кайнаган күн астында бейтааныш орустан эмне издеп жүргөнүн билмек. Вяткин өзүнө жер казуучулардын керек экенин, эмгегине жакшы төлөй турганын айтат. Казма жумушун жүргүзүү тууралу уруксатты губернатор өзү берген. Болгону ошол, губернатордун канцеляриясы сегиз жүз сом бөлгөн. Арийне, мындай болбогон каражатка Вяткин анча үмүт арткан эмес.

— Бул ыйык жер,— деди карт өзбек. — Казууга болбойт. Мурун бул жерде мазар болгон..

— Бирок, мазардын бүткүл дөбөнү алып жатышы мүмкүн эмес го

— Билбейбиз, билбейбиз...

— Илгери бул жерде Улукбектин обсерториясы болгон. Мазардан алда канча зор. Ошону тапкым келет.

Карылар ишенбегендей баш чайкашат. Алар ичтеринен бул орус казына издеп жүрөт деп ойлошсо керек.

...Али-Кушчу обсерватория салынган дөбөгө чаап чыгат. Төгөрөк алп имараттын айланасындагы кара талдардын жалбырагы сооттой жылтырап, күзгү жел менен үн алышып тургансыйт.

Эшиктин көзөнөгүнөн шектене караган күзөтчү Али-Кушчуну таанып, аттан түшүрүп алат.

— Жаман түш көрдүм,— дейт күзөтчү,— жана кыштоодон Юсуф келди.

— Баары чын,— деп жооп берет Али-Кушчу,— өкүмдардан айрылдык...

Анын чаң баскан жүзүнөн салкын көздөрү гана жылтырайт.

— Жылдызчылар кайда?— деп сурайт ал.

— Баары арык сыртындагы үйлөрүнө жашынган бир тобу эртең менен эле из суутуп кетти.

Али-Кушчу кең тепкич менен жүгүрө жөнөдү. Адаттагыдай май шамдар балбылдап турду, күзөтчү өз милдетин унутпаган. Дубалда асман ааламы-

ның көзгө тааныш жылдыздары. Жакында гана Улукбек өз жардамчылары менен бирге ушул илим үйүн кандайча көрктөндүрүүнү акылдашкан болчу.

Өтүгүнүн өкчөсү мармар тактага тык-тык тийет. Эшиктен урган жел чакан бөлмөдөн чиеленишкен сандар жазылган кагазды учуруп, Али-Кушчунун бутунун астына таштады. Ага карай турган чама жок. Ашыга басып, жогорудагы Улукбектин бөлмөсүнө көтөрүлөт.

Жарым сааттан кийин Али-Кушчу төмөн түшөт. Анын соңунан капка толтуруп салынган кагазы бар күзөтчү чыгат.

— Жолго бир таба нан бер,— дейт Кушчу капты атка өңөрүп жатып. — Үйдөн ала чыгууга үлгүрбөдүм.

...Мындан кийин бул жерге эч ким келген эмес, асман ааламынын козголушун байкоо үчүн анын жайнак төбөсүнө да эч ким чыккан эмес. Аздап-аздап жасалышы кызык аспаптарды чаң басат. Жылдыздар менен жер шарынын сүрөтү салынган карталар менен схемалар аба ырайынын алкактарын билдирүүчү бедер сүрөттөр салынган дубалдар каңгырап калат. Шайыктардын каргышына учураган дөбөгө жакындоого элдин батылы жетпейт. Арийне, бул убактылуу гана эле.

Күндөрдүн бир күнүндө эртең мененки асанчы шайыктын жардыгын кабардайт: күпүрлүк менен зулумдуктун уясы болгон обсерватория кыйратылышы керек. Улукбекти эске сала турган белги жер менен жексен болууга тийиш.

...Дөбөгө, эң алды менен, дербиштер ашыга чыгат. Алардын соңунан динди үгүттөөчүлөр менен кызыгуучулар жапа тырмак көтөрүлөт. Дербиштер элге жол көрсөтүп, ак урат. Оор кетмендери менен, аса таяктары менен обсерваториянын бедерлүү өрнөктөрүн кыйратып, куралдарын сындыра баштайт. Көп кечикпей Абд ал-Латифтин амири менен дөбөнүн башына дубал кыйраткыч машина чыгарылат. Бекем салынган дубал бир азга чыдаганы менен, тынымсыз урган оор соккудан акыры жалп этип кулайт. Аптаптуу асман астында бурк этип, коюу чаң көтөрүлдү. Мындан ары каш караят, дөбө башынан элдин аягы сээлдейт. Жер бетинен Улукбектин мурасын өчүргөн шайыктар да көңүлдөрү жайланып, уйкуга баш коёт.

...Али-Кушчунун Геранта достору каршы алат. Алар жылдызчыны жакшы билишет. Али-Кушчу Улукбектин тапшырмасы менен далай-далай элди аралап, астроном-математиктер менен таанышат. Ал эмес Кытайга да жолунун түшкөнү бар. Ал эми Герат ал үчүн эң коопсуз жер эле.

Арадан бир топ жыл өткөндө Али-Кушчу Чыгышка «Экинчи Птолемей» деген ат менен таанылып, Константинополго келет. Бул калааны жакында гана түрктөр басып алып, Стамбул деп атай баштаган. Бул жерде Али-Кушчу өзүнүн өмүрлүк максатын жүзөгө ашырат. Ал Улукбектин негизги эмгеги — жылдыздар кестеси менен анын сөзүн басмаканадан бастырып чыгарат.

О дүйнөгө кеткен хандын китеби көп кечикпей Шам менен Каирде басылат. XVII кылымда бул китеп Лондондо үч жолу басылып, Парижде, Флоренция, Женавада жарык көрдү... Жылдыздар кестесинин тактыгы ушунчалык дейсиз, көптөгөн илимпоздор бул эмгектин XV кылымда, телескоп чыга элек кезде жазылганына күмөндөр болушат.

Китеп дүйнө жүзүн аралап кетет. Бир жолу бул китеп магараджа (улуу падыша) Джайсингх II көзүнө түшөт. Магараджа китепкөй болгон. Бирок империясына кыроо түшүрүп аламынбы деген кооптонуу менен катаалдыкты шерик кылган Улуу Могол Аурангзеб он беш жашар Джайсингхтин тиричилигин балалык обу жок жорук деп күлө караган. Бирок бала болсо да тегерегине адал шериктерин топтоштурган батыл эле. Кезектеги бир салгылашта он беш жашар Джайпур баштаган атчан аскер көзгө түшөт да, ошол жолу аны Аурангзеб эрдин эри деп кучагына кысат.

Бирок эрдин эри атанган боз бала жеңиш тоюнан жылып чыгып, өз чатырына кирет. Ал үчүн Улукбектин жылдыздар тууралу китебин окуу даңк менен салтанаттан алда канча кызык болот.

Жылдар өтүп жатты. Джайсингх далай салгылашууну баштан кечирет. Бирок түбөлүк бүтпөй турган согуштар менен жортуулдардан колу кандай бошой калса болду, Делидеги же Джайпурдагы үйүнө ашыгат. Мына ал абдан эскирип бүткөн Улукбектин китебин окуудан жалкпайт. Кол башчы окуй берет.

Джайсингхтин сарайында эң алгачкы индилик

логарифдер кестесинин автору, Улукбекти инди тилине которуучу Уддамбри Гуджараты жана улуу астрономдор жана математиктер Пундарик Ратнакар менен Джаганнатх сыяктуу өтө атактуу инди окумуштуулары жумуш иштеген. Жаш магараджанын билими менен даанышмандыгын эшиткен илимпоздор ар кайсы элден мунун сарайына агылып келип жатат жана ар кимге сарайдан бир чөйчөк күрүч жана турган орун гана эмес, эң башкысы өздөрүн түшүнө турган орток табылат.

1724-жылы Джайсингх биринчи жолу обсерваториясын салдыра баштайт. Ал өз өмүрүндө беш обсерватория салырган, азыр анын төртөө сакталган...

Индилердин кереметтерин сөз кылуучу китеп археолог Вяткиндин столунун үстүндө Улукбек менен Али-Кушчунун китептери менен бирге жатат. Бул китепте кереметтүү геометриялык байыркы гравюралардын жанына «табышмактуу», «сырдуу» деген сөздөр жазылган. Бул китепти жазган немис саякатчысы көзү көргөн курулуштардын байыбына бара албаптыр. Албан таш төгөрөктөрдү, үч бурчтуктар менен көк мелжиген зор шатыларды Джайпура Джайсингх II сыйкырчылыкты абаз көрөт деп укkан.

Арийне, Вяткиндин ынтыктырган астрономиядан кабарсыз саякатчынын ойлору эмес. Вяткин Джайсингхтин улуу астроном экенин жакшы билет жана ал өз эмгектеринин арасын үч кылым бөлүп жатса да, Джайсингхти Улукбектин шакирти деп атап көрсөткөн.

Анын үстүнө, Джайсингх Улукбектин жылдыз кестелерин текшерүүчү өзүнүн куралдарынын көпчүлүгү улуу Самарканддыктын куралдарынын көчүрмөсү экенин жазган. Ырас, Джайсингх телескоп сыяктуу оптикалык куралдардын бар экенин билген, ал эмес өзүнө Португалиядан, Англиядан кеңешчилерди чакырткан, бирок, аларга ишенбеген. Ал албан таш курулуштар алда канча ишенимдүү, ары так деп эсептеген.

Джайсингхтин куралдарын изилдеген соң, Вяткин Улукбек обсерваториясында да мындай куралдар болуш керек деген корутундуга келет. Эгер чынына эле ошондой болсо, анда эч кандай молдонун да, дербиштин да фанатизм Улукбектин обсерваториясынын толук талкалап жибериши мүмкүн эмес.

Кымбат убакыттар өтүп жатты, бирок обсерваториянын изи табылбайт. Дөбөнүн четинен баштап, ортосуна карай тилине казылган терең үч ороодогу кирпич кабаттарын, цемент үйүндүлөрүн, оймолуу такта сыныктарын кубалай түшөт. Бирок чет чегине жетип бүтөр эмес. Кандайдыр бир кимдир бирөө мурунку имараттардын бир дагы кирпичин калтырбастан кемирип таштагандай, дегеле бүтүн кирпич кездешпейт.

Эки метр, үч метр казылды...ороону казуучулардын төбөсү көрүнбөй кетти. Бирок, өзгөрүш жок. Төрт метр казылгандан кийин, кетмен дөбө үстүндөгү ташка тийет. Бул кезде узун ороо созула казылган калыбында дөбөнүн как төбөсүндө биригүүгө жакындап калган. Үч ороонун үчөө тең жука дубалдардын калдыгына тирелет. Курулуштун пайдубалы ошол болгон. Дубалдын калыңдыгы бар болгону бир кирпич боюндай гана болуп чыгат.

«Курул төгөрөк салынбады бекен?»— деп ойлойт Вяткин. Арийне, мындай ойго эмненин түртку болгонун так айтуу кыйын. Азыркы түшүнүгүбүздө, обсерватория төгөрөк салынган, анткени, бул телескоп үчүн ыңгайлуу болгон. Ал эми, Улукбектин заманында телескоп болгон эмес, демек, курулуштун төгөрөк салынышы бышык эмес. Мына ошентип, туурасынан түшкөн төгөрөк курулуш белгилүү бир жылдыздардын азимутун аныктоо үчүн керек болгон. Вяткин бул оюн тактоо үчүн дагы он жерден айландыра ороо каздырып, анын да пайдубалга жанашканын жазат.

Мындан ары бул курулуш обсерваториянын бир бөлүгү экени белгилүү болот. XV кылымда диаметри элүү метрлик төгөрөк курулуш салдыруу эмне үчүн керек болду экен.

Ангектердин бирөө өзгөчө болот. Анын түбү башкаларына караганда бир нече сантиметр тереңирээк жана төмөн карай алып баруучу тепкич табылат. Вяткин казма жумушун ушул багытта жүргүзө берүү керек деп чечет. Өкүнүчтүүсү, бүткүл чокуну толук изилдөөнүн оңтойу келбейт, бөлүнгөн чакан каражат түгөнүп калат.

Жаңы ороо күн сайын жер астына тепкичтеп түшө берет. Казма жумушу да кыйындайт. Кебетеси, далай жылдар бою таштанган таштандылар абдан тапталып калган. Таш жана сөөккө тийген кетмен

менен күрөк туруштук бере албай сына бөрөт. Төмөнгө терендеген тепкичтин кош капталы мармар менен көмкөрүлгөн. Мармарга арабдын өрнөктүү жазуусу менен градусту белгилөөчү сандар чегилген. Тепкич терендеген сайын жантая түшкөн. Бул жылдыздын ордун аныктоодо ишенимдүү курал экенин Вяткин даана байкайт. Чындыгында, курулуштун төмөнкү кабатынан сексен градустук белгинин сакталганы көрүнөт. Мындан соң таштандынын арасынан жыйырма жана он тогуз градустук белгиси бар мармар такта табылат. Бул квадратынын узундугу алтымыш үч метрлик, радиусунун айланасы кырк метрлик обсерватория экенин аныктоого себепчи болот. Калыбы, бир кездери төгөрөктүн жартысы жер астына сиңип, төрт бурчтуу кырк метрлик мунарага тиреле салынса керек. Казуу учурунда табылган да ошол курулуштун калдыгы.

Вяткиндин олжосу ушул гана. Казма жумушу бүтөт, жумушчулар тарайт, квадраттын тар өзөгү каңгырап бош калат. Аянтка эч ким баш-көз болбойт. Арадан беш жыл өткөндөн кийин келген астроном Сикара Вяткин казган жердин аяк-асты болуп жатканын көрөт. Мармар такталардын бир тобу жоголгон, ороолорго кум толо баштаган.

Улукбек обсерваториясы тууралу Сикара жазган макала губернаторго жакпай, чуу көтөрөт. Акырында, ороо квадрантынын үстүнөн кирпич «калка» салынат. Бул калка күнү бүгүнкүгө чейин турат.

Биздин кылымдагы астрономдордун арасынан обсерваторияга айран калып, пикир калтыргандардын бири Сикара. «Улукбек обсерваториясынын жука шыбагы гана калган,— деп жазат ал,— сакталганы квадрант боюнун саналуу градустары гана. Ошого карабастан ушул үйүндөгүгө туш болгон ар бир астроном обсерваториянын негизги идеясы менен анын ээсинин улуулугуна айран калат».

Обсерваторияга жаңыдан казма жумушун жүргүзүү согуштун алдында, 1941-жылы башталып, 22-июнда токтоп калды. Анан 1948-жылы кайтадан башталды. Бул жолу археологдор акчага муктаж боло койгон жок. Ага кошо археологдордун колунда Вяткиндин материалынан башка, күкүмдөп жыйналган орто кылымдын тарыхы жана астрономиялык даректери болгон. Ал эмес, бул кезде архитектор Засыпкиндин айтуусу боюнча, Вяткин тапкан төгө-

рөктү, чындыгында, тегерете салынган өтө зор обсерваториянын сыртқы кабаты деген пикир орунтуктоого үлгүргөн.

Ошентип, соңку казма жумушу Улукбектин обсерваториясын толук калыбына келтирүүгө мүмкүндүк берет.

Самаркандын кез келген жеринен караса көрүнүүчү жападан-жалгыз, тегерете салынган сырдуу курулуш дөбөнүн үстүндө турат. Сыртынан караганда бул курулуш үч кабат болуп салынган эле. Бирок, чындыгында, бийиктиги — тогуз кабат үй менен барабар, кырк метрге жеткен, диаметри — элүү метрден ашык болгон. Курулуштун төбөсүнө чакан аспаптар коюлган, ал эми ортосунда Вяткин ачкан квадрант турган. Квадранттын өзөгү жер астынан башталып, аздап-аздап жогору карай ийиле көтөрүлгөн. Сол бетинде төбөсүнө чейин жеткен тепкич калың дубал менен улашып жатат. Квадранттын эки жагына жылдыздар менен Күндү байкоочу, теориялык жумуштар жүргүзүлө турган ар түрлүү бөлмөлөр жайгашкан.

Обсерваториянын капталы мармар менен капталган, ал ар бир кабатына отуз экиден салынган мандайча менен оюктары түрлүү, түстүү оймолор менен жасалгаланган. Имараттын жогору жагына жазуу жазылган жалпак керамика тилке жүргүзүлгөн.

Үйдүн ички дубалдары тогуз асман денесин, жети планетанын, жылдыздардын жана тоголок жердин табигый жактарын чагылдырган сүрөттөргө, схемаларга толуп турат. Имарат ичинде өтө бай китепкана болгон. Себеби, обсерватория тек жылдыздарды байкоочу орун гана эмес, мында өз заманынын эң акылман ойлуу математиктери менен философтор эмгек өтөгөн. Ошону менен бирге астрологдор да болгон, себеби, Улукбектин заманында математика менен астрономиянын өзү кудурети күчтүү астрологияга кызмат кылган. Улукбектин китептеринин беш бөлүгүнүн экөө жылдыздарга карап тагдырды аныктоочу астрологияга арналган.

Улукбектин астрономдорунун арасында латынча котормосу менен белгилүү «Козголбогон жана кестелүү китеп» деп аталган эмгекти жазган Жамшид, Муинпадин жана анын уулу Мансур сыяктуу математиктер, астрономдор менен алардын устаттары, обсерватория архивин куткарган Али-Кушчу, ошон-

дой эле, улуулардын улуусу Руми сыяктуу окумуштуулар болгон.

Кийинки астрономдордун жазганына караганда, Индия менен Араб элдеринде салынган обсерваториялардын бардыгы Самарканд обсерваториясындагы куралдарга чапталып салынганы анык. Джайсингх Улукбек пайдаланган куралдардын арасында жылдыздардын ордун аныктоо үчүн колдонулган бир нече тегеректен турган армиллу; астроляб менен квадранттын арасын кошуучу трикветр жана шанилу деген куралдардын болгонун айтат. Ар-ийне, булардан башка да бурч өлчөй турган куралдардын, күн нуру менен жана суу менен өлчөй турган астрономиялык сааттардын болгону анык. Кандай деген менен, эң алгачкы астрономиялык университеттин дубалдарында астрономиялык эмгектер жазылып, кестелер жасалуу үчүн өз заманынын өтө атактуу аспаптары кажет эле.

...Илимпоздор менен болгон согушта шайыктар жеңилип калды. Обсерватория кыйрады, Улукбек өлтүрүлдү, бирок, Али-Кушчу жылдыздар кестесин аман сактап, дүйнө жүзүнө өзүнү устаты тууралу айта билди. Улукбек өзүнүн эмгектери аркылуу өмүрүн узартып, даңкы арта берди. Археолог Вяткинге бир нече жыл убактысын жумшатып, Самарканддын XV кылымда эң негизги илим борбору экенин далилдеттирген Темир тукумунун даңкы эмес, окумуштуунун даңкы болду. Ошол даңк кырк биринчи жылы согуш башталардан беш күн мурун гана бир нече окумуштууну, дарыгерлерди, криминалисттер менен тарыхчыларды Темирдин өзүнө жана урпактарына корум болушу үчүн салдырган Гөр-Эмир мавзолейине алып келет.

Бул жердеги такталардын биринде мындай жазуу бар: «Бул касиеттүү бейит... бейиштин багын нурландырган, мындагы жандарды бакытка бөлөгөн, жаралышынан султан болгон, билимдүү халиф, тиричилик менен ишенимге колун берген Улукбек-султандын — Алла анын топурагын торко кылсын — сонку тынч алган орду. Анын уулу өз атасына чыккынчылык менен суук канжар шилтеп, кийин өзү азаптуу өлүмгө туш болду... пайгамбардын хиджрасы боюнча, 853-жылдын рамазан айындагы 10-чу күн».

Комиссия мүчөлөрү ушул жазуу жазылган так-

тага такалат. Мавзолейдин астындагы түнөк куушка көчмө прожектор нур чачат. Дубалдарга бүгүлүп, жазылган көлөкөлөр түшөт. Жумушчулар тактаны жана анын астындагы саркофагдын капкагын алат. Саркофаг ичинде Улукбектин сөөгү болууга тийиш.

Комиссия эң алды менен, ушул саркофаг менен Улукбек көмүлгөнбү, эгер көмүлгөн болсо жарамазан айында Аббас хан башын кылыч менен бир шилтем менен чаап түшүргөн деген тарыхчылардын сөзүндө канчалык чындык бар экенин аныктоо керек болот.

Бир караганда, сөөк бүтүн сыяктуу көрүнөт. Баш сөөгү өз ордунда жатат. Комиссия курамындагы медициналык эксперттин адамы акырын гана кармап, баш сөөктү көтөрөт. Моюн омуртка как бөлүнгөн. Ошондой эле, жаак сөөктү да кылыч чапкан. Улуу астроном тууралу айтылган аңгеме чын болуп чыгат. Сулдуз уруусунан чыккан Аббас күчтүү, бирок эбегейсиз баш кесер болгон.

Белгилүү айкелчи Герасимов баш сөөк боюнча Улукбектин портретин жасайт. Хан жаак сөөгү узунураак, мурундуу келген, эрди даана көрүнгөн, жардай кабагынын астында бакырайган көздөрү бүткөн карт болгонун байкайбыз. Азыркы тарых сабагынын окуу китептеринде Улукбек ушул калыбында чагылдырылат.

Мына ушинтип, астроном өлгөн соң бир жылдан кийин анын уулу Абд ал-Латиф тактан тайдырылып, өлтүрүлгөнү, ошондон кийин бийликти колуна алган жаңы хандын Улукбектин сөөгүн Темир тукумдарынын мавзолейине зор урмат менен көөмп, атасын өлтүргөн уулду мунарадан алыстатканы да аныкталат. Ал эми өлүм жазасына уютку болуп, өкүм чыгарткан окумуштуунун эзелки жоолору шайыктар аман-эсен калган. Ал мындай турсун, кайтадан акталган Улукбектин сөөгүн мавзолейге көчүрүүгө белсене киришкендер да, ошол шайыктардын өздөрү болгон. Тарыхтын мындай кызыктары көп эмеспи.

ХИВА

Музейдин көчөлөрү менен мунаралары

Чөл көктөмүнүн төгүп өтүүчү нөшөрлөгөн жамгыры сепилдин чополуу дубалдарын катуу чаят. Кээ бирөөнүн сөзүнө караганда, мындай нөшөр кезинде дубалдарга кошо каланган адамдын баш сөөгү ачылып калат көрүнөт. Өз өктөмдүгүн жүргүзүүчүлөр дубал бекем болот деген ишеним менен кулдардын, туткундардын денесин кошо калай турган болгон...

Бул Орто Азиянын как ортосундагы эрме чөлгө жашырынган, зулумдукка бөккөн хандык болгон. Ушундай уч-кыйырсыз кум дөбөлөрүнөн мезгилдин өзү тосулгандай эле. Бул жерде суу алтынга барабар болуп, ал алкынган Амударыядан башталып, ондогон километрге созулган арык аркылуу ылайланып жылжып гана агат. Хива ханынын сарайы сепил ичиндеги сепил сыяктуу. Көзөнөксүз көтөрүлгөн кум түстөш дубалдары тиш-тиш болуп турат. Хан караңгы калктын каардуу бийлөөчүсү болгон. Баш көтөргөндөрдүн базар аянтында кекиртегин жулган, ал эми, күнөөлүү кулдардын кулагынан дарбазага кагып, өткөн-кеткен анын бетине түкүргөн.

Эрме чөлгө жашырынган хандык тууралу Петр I ге жетет. Бул XVIII кылымдын башы болгон.

Падыша сырткы дүйнөгө чыга турган жолдорду издеген. Бул кезде Балтик жээктерине жаңы борбор пайдубал согуп, орус аскери Кара деңизге чыккан. Ошол кезде саякатчылар Арал деңизине куюучу Амударыя өзөнүнүн бир кездери Каспийге куйганын падышага кабардайт. Петр өзөндү мурунку нугуна салып, Индия менен Кытайга соода жолун ачкысы келет.

Ал князь Бекович-Черкаскийдин жанына казактарды кошуп, Хивага жумшайт.

«Хива ханына аттансын,— деп жазылган буйрукта,— жолдо карата мурунку өзөндүн бою менен жүрө турган болсун (Петрдин айтып отурганы Амударыянын эски нугу Узбой. — *И. М.*) ... Эгер агып жаткан суунун мурунку нугуна буруу мүмкүн болсо, анда Арал деңизине куюп жаткан нуктарды бекитип көрүү керек».

Бир кудуктан соң экинчи кудукту кубалган отряд бир нече аптага созулган жолдон абдан чаа-

лыгып, акыры Хорезм өрөөнүнө чейин, Хивага чейин жетет. Хан элчилерди кубаныч-мээрим менен каршы алып, дем алуу жагдайын жасайт. Үй-жайдын жетишпестигин шылтоо кылып, казактарды бөлөк-бөлөк жайгаштырат. Ойлорунда эчтеме жок Бекович менен офицерлерди даамга чакырат.

Анан даам үстүндө кыргын башталат. Бул кыргындан тилмеч түркмөн гана качып кутулат. Амударыя эч тоскоолдуксуз мурункусундай эле Аралга куюп жатат. Ал эми Хива ханы кийин Россияга багынганын мойнуна алганы менен, кум курчоосундагы чүйгүн өрөөндө бийлигин жүргүзө берет. Бул жагдай 1918-жылы хивалыктар баш көтөрүп, эл республикасын жарыялаганга чейин созулат. Бул таң каларлык республика болгон. Маселен, бул жерде кагаздан жибек арзан болгондуктан, жибек акча чыгарылган. Өз көзү менен көргөн бир карыянын айтымына караганда, 1920-жылы Хорезм республикасынын делегациясы Москвага келгенде, ала чапан кийип, кылыч асынган делегаттарга сонуркаган борбордуктар бир саат бою тегеректеп туруп алат. Мындай жагдай борбордо мурун дегеле болуп көргөн эмес.

...Хива жолу Хорезм көк жайыгынын пахталуу өрөөндөрүн аралап өтөт. Жаз мезгилинин аягы, май айынын жадыраган кези болот, азырынча гүл бакча бүрдөй элек. Пахта өскөн чарчы аянттардын тегиздиги ушунчалык, арык менен келген билектей суу өзү эле текши жайылгандай эле.

Бул өрөөндүн көктөмдөгү көрүнүшү сүрөттөй сулуу. Жер менен көктү атайы жууп чайып тазартып койгондой көрүнөт. Кара көк таш жолдун кош капталында конуздай кыбыраган тракторлор жүрөт. Арык бою менен шылдыраган суу тыт жыгачтарын айлана агат. Кен терезелүү жаңы үйлөр да, тар терезелүү сепилче сыяктуу дыйкандардын жоокер болгон кезиндеги үйлөр да талдын көлөкөсүнө жашырынган.

Хива таң заарындагы закым менен кошо ойгонот. Алды менен мунаралардын чокусу гана көрүнөт. Андан кийин аздап-аздап аянтка сыгылыша салынган калаа бак-даректардан бой ашыра алдыңан чыгат. Бейпилдиктин кучагындагы чакан калаа адегенде жаңы курулуштар менен көзгө түшүп, эскиликтин калдыгы калбагандай, сансыз кылымдык тарых менен байланышы жоктой көрүнөт.

Мындагы кош кабаттуу үйлөр тез бой көтөрүүчү бак-даракгардын арасынан шыкаалап, арык үстүнө салынган таш көпүрөлөр гүлзар менен улашып жатат. Карапайым гана үйлөрдүн дубалдарына жазылган «Ресторан», «Китептер», «Нан» деген өзбекче-орусча сөздөр адаттагы калаа турпатын таанытканда.

Эки кабаттуу мейманканага келип, анын алдында администратордун коңшусу менен жайбаракат аңгемелешип отурганын көргөндөн кийин, бул тааснрин күчөй түшөт. Мейманкананын салкын, көлөкөлүү аянтынан мунайчыны же албан папкелүү сүрөтчүнү сейрек көрөсүң...

Капыстан желп этип согуп өткөн жел терезе пардоону көтөрөт да, мейманкананын короосу эски калаанын дубалдары менен улашып жатканын көрөсүң. Эмнегедир калаанын ортосунда турууну олжо көргөндөй, эски коргондун пайдубалы чөгүп, чочойгон жондору урай баштаган. Бир кездери бул коргондор өзүнүн тутумундагы кирпич үйлөрдү чөлдүн кумунан, жоокер коңшуларынан коргосо, азыр заңкайган үйлөрдүн арасына чөгө түшкөн. Бирок коргондордун калкайып турганынын өзү эле көрөр көздү тарых менен тилдештирип тургандай. Хандын катаалдыгы, кир-чаң, өзү менен өзү чектелген караңгылык алда качан келбеске кеткен. Анын эсесине Хорезмдиктердин далай урпаганын көзү сыяктуу коргондор, мунаралар, мечиттер, медреселер, сарайлар сакталып калган.

Азиянын бир дагы калаасы көктөмдөгү Хивадай гүлгө бөлөнбөй турган чыгар. Чакан аянтчалар, көшүлгөн кенен парктар, жол бою гүлгө толуп, гүл менен көркөмдөлгөн. Асыресе, роза гүлү көп. Калаанын кинотеатрга такалуучу баш көчөсү, анын бет маңдайындагы чоң арыкка көпүрө болуп асыла салынган чайханасы гүлгө оронуп, майрамдык көрккө бөлөйт.

Чайкананы, паркты, жасалма көлмөнүн үстүнө салынган жайкы кафени жакалап жол өтөт. Бул Дишан-Калаа аталуучу жаңы калаа менен Ишан-Калаа аталуучу, сепили бар эски калаанын арасындагы чек ара сыяктуу. Арийне, бул шарттуу бөлүк. Анткен менен, ошол тушта эски калаа менен жаңы калаа жуурулушат. Кинотеатрдын аянтында туруп, азыркы үйлөрдү да, анын октой түз көчөлөрүн да,

соңку бир хандын сарайын да, эскиден калган тар көчөлөрдү да, ал эмес кыр башындагы Ишан-Калаанын дубалдарын да көрүүгө болот.

Дубалды бойлоп ондогон метр бассаңыз, далай кылым бою жамгыр чайган жол коргонго бурулат. Жаңы калаанын бул туштары сууга чөгө түшкөн. Коргон дарбазасы алда качан бузулган. Сепилге кирер оозу кең жана жайпак. Башкасынын баары мурунку калыбында сакталган.

Хива, тагыраак айтканда, анын ичиндеги Ишан-Калаа-өз бетөнчөлүгү, бар музей калаа сыяктуу. Эгер Самарканддын медресеси менен мечиттери алда качан жаңы үйлөрдүн арасына сиңип кетсе, эгер Бухарадагы көөнө эстеликтер азыркы курулуштар менен аралашып кетсе, коргон ичиндеги Ишан-Калаа архитектура коругу сыяктуу.

Көөнө калаа ичинде бир нече сарайлар, туташа тизилген медреселер, мунаралар менен мечиттер, мончолор, жабык базарлар, түрмөлөр менен тургун үйлөр сакталган. Бул чөйрө тек гана музей эмес, мында азыр да адамдар турат. Дөбөнүн башына суу түтүктөрү тартылып, электр жарыгы орнотулган. Балдар күн сайын дөбөнүн башынан түшүп, жаңы калаадагы мектепке каттайт. Бирок, ийрелеңдеген тар көчөлөр менен калың көрүстөндүн арасынан, көк күзгү капталган күмбөздөр менен жылчыксыз дубалдардын түбүнөн бир кездери хан аскерлеринин, жабык базарга карай чубурган кайырчылар менен дербиштердин, чадрага кымтынган аялдардын, селделүү молдолордун жүргөнүн жана ошолордун баарынын башынан аша асанчынын үнү эшитилип тура турганын элестетүү кыйын эмес.

Мындагы көчөлөрдүн тардыгы ушунчалык, орус падышасынын өз кол астындагы ханга сый тарткан арабасы бир дагы көчөгө сыйбагандыктан, али да ошол калыбында турат. Ишан-Калаага келе жатып, жакында гана артта калган жаңы калаа менен болгон айырмачылыкты сезесиң. Жаңы калаада бактын көптүгүнөн үйлөр көрүнбөй турат, ал эми эски калаада сарайдын короосунда гана өсүп турган бактын тобун көрүүгө болот. Жаңы калаанын терезелери сыртка караса, эски калаадагы үйлөрдүн сырткы дубалдары бүтөп, тек кана кыйшык көчөлөрүнө караганда оюктуу конур дарбазалар көрүнөт. Жаңы калаанын боёгу мол, эски калаа эки түстөн турат.

Анын бири чопонун түсү, экинчиси — көк түс. Ошого карабастан, калаа ажайып, сырттан караганда бир беткей көрүнгөнү менен, Хива өрнөктөрүнүн турушу кайталанбайт.

Батар күндүн нурлары дубалдарга алтын жалаткандай, көчөлөрдүн арасына кызгылт-көгүш көлөкө тунат. Алыстагы парктан оркестр барабанынын түмпүлдөгөн үнү эшитилет. Сепил тынчтыкка чөмүп, өзүнүн өткөнүн эске түшүрүп тургандай.

Догоолордогу үңүрөйгөн, оюк шаардагы Шергазы хандын медресесине караган. Хан Корасан жортуулунан мол олжо менен, беш миңден ашык кулдар менен кайткан экен. Медресени салган да ошол кулдар. Алла алдында көзгө түшүү үчүн, курулуш бүтөрү менен кулдарга эркиндик берүүгө хан убада кылат. Хандын өкүмүнө дит койгон кулдар медресени мөөнөтүнөн мурда бүтүрөт. Ошол жерде хан беш миң кулдан айрылгысы келбей калат. Ал медресени кырдатып-сырдатып, ар кайсы жасалгасын жана оймолонушун мурдагыдан да көрктөндүрүп, кошумча жумуш жүктөй берет. Кулдар күнкүлдөп коюп, жумушун аткара беришет. Акырында, алардын чыдамы түгөнөт. Бир жолу хан медресеге келип, дагы жумуштан кыйкым тапмакчы болгондо, кулдар кол салып, жүндөй тытат.

Дагы бир данкка кумардыктын эстелиги — батып бараткан күнгө көк жолдуу бөйрөгүн жаркырата төшөгөн алп бочке сыяктуу Кальта-минар. Бул дүйнө жүзүндөгү эң ири мунара болууга тийиш эле. Хива хандыгынын бар күчү ушунда жумшалган. Бирок хан өлгөндөн кийин анын ордуна отурган хан курулушка тиешелүү акчаны башка максатка жумшайт. Ошол бүтпөгөн калыбында калаанын ортосунда турган таң каларлык курулуш өзүнүн көлөмү менен, батыл жобосу менен азыр да айран калтырат.

Кандай деген менен ,бүткүл Ишан-Калаада Конурат тукумунун ханы Балбан Махмудга салынган күмбөз көрктүү. Анын көгүлтүр күмбөзү асмандын көчүрмөсү сыяктуу. Күмбөздүн капталына түшкөн булуттун сүрөтү, чындыгында, көктүн бетинде калкып бара жаткан булуттарды элестетет. Балбан Махмуд — баатыр Махмуд аябагандай кызык адам болгон. Анын тагдыры өзүнүн каардуу тукумдарына окшобойт. Мындан алты жүз жылдай мурун ал согуш-сүргүн менен эмес, адабият менен, спорт өнөрү

менен даңкы чыккан. Ал профессионал балбан катарында жана акын катарында танылган. Хорезмде ага тең келер балбан болбогондуктан, күрөшүү үчүн Индияга барчу экен. Акын катарында бизге парсы тилинде ыр түрмөктөрүн калтырган.

Кавказ тоонун үч жүз кырын таман менен санайын,
Жүрөк канын тогуз кабат көк зеңгирге жагайын,
Он жыл бою жер астынын түрмөсүндө калайын,
Тек арсызга каш кагымга кошоктобо агайын!

деп жазды ал.

Бирок бул акындын жана балбандын эң жакшы көргөн иши тон тигүү болгон. Сепил ичинде анын чеберканасы болгон, өмүрүндө ошол жерге жердөөнү осуят кылат. Көп жыл өткөндөн кийин бул жерден Мавзолей бой көтөрөт. Анын жанына кийин чакан мавзолейлер, алачык түспөлдөш күмбөздөр түшөт. Хиванын кыртыш алдындагы суусу жер үстүнө жакын, ошондуктан өлгөн адамдын сөөгүн сагана тамга коюу кылымдар бою калыпташкан салт.

Күмбөздөрү менен кең калкалары бар жабык базардын чоңдугу ушунчалык, анын салкын саясына азыр дүкөндөр жайгашкан. Мындай орун Ишан-Калаада жалгыз эмес. Башкасы да бар. Бул базарларга салынуучу салыкка ыйык китептер сатып алынып, хандын китепканасына кошулат.

Калаадагы толуп жаткан медреселер да аябагандай бай. Хандар кудайы берүүгө ич тарлык жасабаптыр. Ала-Кули хандын медресесинин тогуз миң гектар сугат жери болгон. Мындай байлык менен бул чөлдө эч ким теңдеше алган эмес.

Калааны аралап жүрүп, дубалдары кошула жаздап турган тар көчөгө кездешесиң. Бул — эки сарай арасындагы өткөөл. Базардын каршысындагы ошол сарайдын бирине кирип көрүүгө болот.

Бул — сепил ичиндеги сепил. Соңунда оймолуу капка жабылган кезде караңгылык басат. Ошондон кийин дагы бир эшик ачылып, башка дүйнөгө киргендей болосуң. Тегерегинди дубалдар курчаганы менен, сарайдын ички короосунун абасы таза, салкын сыяктуу.

Короого такта төшөлгөн, кээ бир жерлеринде бак өсүп турат. Айлана төгөрөк оймолуу колонналар тиреген калка менен курчалган. Калка астындагы сарай ичиндеги казынага, гаремге, так залына хан бөлмөсүнө баштап баруучу эшиктер бар. Бардык

жер — көк чаар оюуга толгон. Айнектей катуу көгүлтүр сырдын түсү ажайып. Мындай кемчиликсиз сырлар Бухара менен Самаркандда да жок. «Бул оймолордогу гүлдөрдөн жаздын өзү үлгү алган» деп жазат жылнамачы.

Негизги короо сарай ичинде жалгыз эмес. Эгер дагы ала көлөкө далистер менен залдардан өтсөң, маңдай мечит салынган экинчи короого туш болосуң. Бул жерге зыярат кылууга келген түркмөн жана кара калпактын уруу башчылары өздөрүнүн кийиз үйлөрүн тигет, сарайдын бөлмөлөрүндө турууну жактырышпайт. Мындай салт башкы сарайдын короосундагы гаремдин алдында да болгон. Элдин айтымына караганда, хандын көчмөндөрдөн алган бир аялы турган.

Азыр бул сарай тарых музейи. Таалим-тарбиясы зор жер. Башкесердин курал жарагынын жанында чеберчилик менен жасалган каз моюн кумуралар, чапан үлгүлөрү коюлган.

Чоң залдагы стол башында такыя кийген толмоч эркек шашпай кагазга сүрөт тартып отурат. Бул — Хорезм оюусун оюучу атактуу чеберлердин бири. Кезинде Ташкенттин опера театрын салганда, анын залы менен далисин жасалгалоо үчүн республиканын бардык областарынан чеберлер келген. Ошонун ичинде кышка түшкөн Хива оюуларынын да үлгүсү бар.

Көөнө салт жаңырып, кайра жаралууда. Көркөм өнөр мектептеринде кышка оюу түшүрүү, жезди чегип өрнөктөө боюнча карыялар сабак берет. Эгер дүкөндөрдөн чаң соргучтун жанынан миндеген жылдар бою үлгүсү сакталган оймолуу кумура көрсөң, ага таң калууга болбойт.


Күн уясына батар кезде, бул жер менен коштошуу үчүн эски мунаралардын бирине көтөрүлүү керек. Бул жерден эски калааны да, жаңы калааны да көрүүгө болот. Эски калаага жакында миң жыл толот. Хайва калаасын араб географтары X кылымда сөз кылат. Жашыл жамынган түз көчөлөрү бар жаңы калаанын бой көтөргөнүнө көп боло элек. Дишан-Калаанын алдынкы жагы — мунара, этеги — калың бак, ал эми сырт жагы топурагы буркулдаган өтө чатышкан тар көчөлөргө улашып жатат. Тек Балбан-күмбөздүн кылда учу менен көк тиреген мунараларды гана күн нуру чалган.

Бул жерден калааны курчаган айдоо талаалары, жасалма көл, ичке арыктар, сайлуу каналдар көрүнөт. Жасалма көлчүктөрдө балык менен ондатр өстүрүлөт.

Хива үстүнө самолёт менен көтөрүлсөң, жашыл талааны өзөнгө карай итере түшкөн чөлдүн ага өтө такай жатканын байкоого болот. Канчалык бийиктеген сайын жашыл талаа кичирейип, көк майсандуу айылдар менен кыштоолор эрме чөлдө кылдай жолдор менен жалгашкан жеке имараттардай көзгө түшөт. Ушул оймоктой жашыл жерге каналдар менен кудуктар наар берет. Жыл сайын мындай жерлердин катары көбөйө түшүүдө. Бир кездери бул аймакта Хивадан да мурун гүлдөгөн калааларды болгонун археологдор аныктап отурат. Ошол көөнө калаалар менен бүгүнкү жаңы Хиванын ортосундагы көпүрө сыяктуу болуп музей-калаа турат.

«Миң бир түндүн» калаасы уйкуга бой сунат. Анда-санда гана өргө көтөрүлгөн машинанын күрүлдөгөнү менен парктан кайткан жаштардын күлкүсү эшигилет.

Мындан соң таң да атат, албан музейдин коноктору фотоаппараттарын шырпылдата баштайт, сүрөтчүлөр көлөкөгө жайгашып алып, кызыл күрөң жана берлиндик көкчүл түстүү боёгун бабы менен жабат. Бул кезде алгачкы экскурсия да сарай дубалдарындагы жапыс эшикке келип үлгүрөт.


3-бөлүк
АФРИКА
ТИМГАД
ТАССИЛИ
КАРНАК
АБУ СИМБЕЛ
МЕРОЭ
БЕНИН
ИРЕ
АКСУМ
ЛАЛИБЕЛА
ЗИМБАБВЕ
АТЛАНТИКА ОКЕАНЫ
ИНДИ ОКЕАНЫ

ТАССИЛИ ФРЕСКАЛАРЫ

Күнөкөрдүн аты — Сахара

Адамзат тарыхын узакка созулган сынак же тажрыйбалар тизмеги десе да болчудай. Андай сынак менен тажрыйбалардын басымдуу көпчүлүгү кезеңсиз, мезгилсиз, ал эмес кайгылуу аяктап жатат. Бирок артта калган чыйыр жолсуз биздин ашкере бай тажрыйбабыз да, албан тармактуу маданиятыбыз да болбос эле. Ошондой белгилүү чындыктын бир айгагы — Сахарадагы фрескалар. Бул да адамдар менен табигаттын миңдеген жыл мурунку кезеңсиз сынагынын айгагы. Кийин баары унутулган. Соңку кездеги изилдөө жаңылыктарынын натыйжасы мындагы аракеттин арымы менен маанисине эрксиз айран калтырат.

Тоголок жердин ар бир аймагында өзүмдүк жыл саноо салты калыпташканы белгилүү. Биздин доорубузга чейин бир нече миң жыл мурун алгачкы коомдогу адамдар, аңчылар жана балыкчылар улуу жаңылыктарды ачуу кезеңин баштаган. Ал — отту кантип сактоо, айбанаттарды кантип колго үйрөтүү, таш менен сөөктөн түрлүү куралдарды кантип жасоо, эң башкысы жер айдоо сыяктуу жаңылыктар болгон...

Белгилүү тарыхчы Брестеддин айтымына караганда, алгачкы коомдогу адамдар үчүн эң оңтойлуу прогресс «жеминштүү жарым ай» болгон. Өз эмгектерин үстүбүздөгү кылымдын баш ченинде жазган Брестед берекелүү жерлердин катарына Нилдин, Тигрдин, Ефраттын өрөөндөрүн, Жакынкы Чыгыштын кээ бир райондорун кошкон. Натыйжада археологиялык жаңылыктар боюнча жеминштүү жарым ай үзүрүнөн Инда жана Кытайдын улуу өзөндөрүнүн өрөөндөрү да четте калбай турганы да белгилүү болуп отурат. Бул жерлердин баарында жыл

мезгилдери айкын болгон, аба ырайы жылуу, жери кунарлуу, эң башкысы суусу мол аймактар.

«Жемиштүү жарым ай» Азиянын чыгыш четинен баштап, Нил өрөөнүнө чейин созулган. Эң алгачкы улуу цивилизациянын да башталган жерлери ушул аймактар. Ал эми Нилдин батыш жагында акыркы кезге чейин цивилизация болушу мүмкүн эмес деп эсептелген. Эбегейсиз чөл адамдарды Жер ортолук деңизинин жакаларына тыгылууга мажбур кылган.

Кандайдыр Сахара түбөлүк ушундай болгон сыяктуу. Биздин заманыбызга чейинки V кылымда Геродот мээ кайнаткан эрме чөлдөгү кум дөбөлөр тууралу, туздуу күмбөздөр тууралу жазган. Геродоттон төрт кылым өмүр сүргөн Страбон Сахарадагы көчмөндөрдүн сууну торсукка куюп, аттын канжыгасына байлап жүрө турганын айткан. Арадан жүз жыл өткөндө Плиний бул өңүрдө сейрек жаай турган жаандан кийин чөлдө өзөндөрдүн пайда боло турганын, андагы кудуктар тууралу жазат... Бир караганда, Сахара адам баласынын түбөлүк өзгөрбөгөн туруктуу жоосу сыяктуу көрүнөт.

Бирок, мезгил өткөн сайын, изилдөөчүлөр кумдуу өңүрдү тереңдей барышып, Сахаранын төрүндө аскага салынган кандайдыр бир сүрөттөрдүн бар экенин, дүйнө жүзүндөгү өтө кубарган өңүрдө бир кездери адамдардын болгонун кабарлай баштайт.

Өткөн кылымдын орто ченинде француз Дюверье Ливиянын Гат жана Ин-Салах көк жайыгына жакын жерден петроглифтерди көрөт. Арадан бир нече жыл өткөндө немис саякатчысы Нахтигаль өгүздөр менен төөлөрдүн сүрөтүн байкаган. Биздин кылымыбызда табылган аскадагы петроглифтер менен сүрөттөр өтө көп. Бирок булардын көөнөлүгү менен көркөмдүгүнө маани берилбегендиктен бир аз убакыт назардан тышкары калып келди. Африканы койчу дей салышчу! Кийин Испаниядагы Альтамира үңкүрүнөн кез келген тарыхы башталуучу алгачкы коомдогу айтылуу сүрөттөр табылган соң, ошол баягы окумуштуу сымактар аларды карап чыгып, баарын түшүнгөндөй мыйыгынан күлүмсүрөйт. Ошентип, ошол жердин бүгүнкү ээсинин колунан даам татып, үй-үйлөрүнө тарашат да: мунун баарын салган үңкүрдүн меймандос кожоюну, алгачкы коомдогу адамдын колунан мындай нерсе келбейт.

Ооба, күнүн көрө албай жүргөн байкуштарга өнөрдүн кандай кажети бар деген каңшаар таратат.

Анткен менен, биздин кылымдын отузунчу жылдарында жагдай өзгөрө баштайт. Европадагы жана жер бетинин башка аймактарындагы аска сүрөттөрүнүн жаңыдан табылган нускаларына окумуштуулары-быз башкача карайт. Биздин байыркы бабаларыбыз сүрөт салууну жакшы гана көрүшпөстөн, жакшы да сала билген. Сахарадан кайткан экспедициялар акырындык менен фрескалар менен петроглифтердин үлгүлөрүн көбүрөөк алып келе баштайт. Мунун өзү бул чөл тууралу көз карашты өзгөртүп гана койбостон, ошону менен бирге фрескаларда эмнеге суу ую (бегомот), төө куш, пил, керик, ал эмес жираф тартылган деген суроо туулат. Чыны менен, бул сүрөттүн авторлору Сахара тургундарына таңсык көрүнгөн айбанаттарды көрүү, алыстагы түштүккө барып кайтканбы? Сүрөттөгү аттар менен арабалар кайдан пайда болгон? Сүрөттөрдүн биринде-ги египет кайыгы кандайча салынган?

1932-жылы Бренан аттуу жаш француз офицери Алжирдеги Феццанга жакын жердеги Тассилин — Аджер үстүртүнө оторлоочулук милдетин өтөө үчүн келет. Бул — бир беткей, адамды зериктире турган кызмат болгон. Бренан ар нерсеге абазгөй, чыйрак, ага кошо эң сонун сүрөт тарта билген жан эле. Ал үстүрттүн бир топ жеринен фрескаларды издеп таап, көчүрмө сүрөттөрүн алгачкы коомдогу өнөрдүн айтылуу билерманы А. Брейлге жиберет. Сүрөттөрдүн айрыкча кызыктуу болгону ушунчалык, Сахаранын как ортосуна атайы жиберилге турган экспедицияны уюштырууга Брейлдин өзү себепкер болот. Бирок, согуш башталып кетет да, экспедиция тууралу ангеме өзүнөн өзү басылып калат. Ошондон он жыл өткөндөн кийин согуш аяктаганда, Сахарага аттанган экспедицияны саякатчы жана тарыхчы Анри Лот баштайт.

Бул бүгүнкү түшүнүктөгү талапка шайкеш келген экспедиция болгон. Ал үчүн биз алды менен француз изилдөөчүсүнө ыраазылыгыбызды билдиребиз. Анри Лот Сахарадагы фрескаларды ошончолук көп түшүрүү үчүн жана ал фрескалардын так көлөмү менен түсүн дал өзүндөй көчүрүү үчүн даярдык менен аттанат. Ошондуктан, курамында сү-

рөтчүлөрү, фотографтары, кинооператорлору бар экспедиция бир жарым жылга созулган оор жумуштан кийин дүйнө жүзүнө Сахара өнөрүн жарыя кылат.

Хейердал, Лот, Бомбар, Тазиев, Кусто сыяктуу адамдардын арасында окшоштук бар. Булар азыркы саякатчылар менен изилдөөчүлөрдүн көч баштоочусу сыяктуу. Алар тек гана кыйындык менен тобокелге барып калбастан, тек гана чечиле койбос туюктан жол таап гана чыкпастан, ошону менен бирге, ачкан жаңылыктарын өзүнүн миллиондогон тилектештерине кызыктуу кылып айтып да бере алат. Ошондуктан, булардын батыл кадамдарын адистер колдогону менен, өзгөчө жайылган атак-даңктарына кызганыч менен карайт.

Мындай абалдан Лот да четте кала албайт. Ырас, ал баштаган экспедиция бизди көөнө Сахаранын өнөрү менен тааныштырды. Бирок алардын калпыстыктары, асыресе, апырткандары тууралу да тез-тез сөз чыгып жатат.

Арийне, Хейердал менен Лоттун кээ бир каталыктары менен калпыстыктарын актагандык эмес, эгер алардын тындырган иштери болбосо, биздин турмушубуз алда качан көңүлсүзүрөөк, жүдөңкүрөөк болор эле.

«Тассили» деген сөз туарегдер тилинде «өзөндүн нугу» деген маанини берет. Ырас, бул өңүрдө өзөн деген аты менен жок. «Мындагы кырлардын тутуму (узундугу 800, эни 50—60 чакырым),— деп жазат Анри Лот,—аябагандай ар түрлүү. Тассилинин түштүк өрөөнү Ахаггаранын жайпак дөбөлөрүнөн чукул көтөрүлүп, 500-600 метр бийиктикте жатат. Адырлуу дөбөлөрдүн тилкелегенген кумдак сай-салаалары түштүктөн түндүккө карай созулган. Этекке кулаган суу ташкындары толуп жаткан терең нуктарды жасаган. Бул нуктардын көрүнүшү жомоктогудай ажайып, суунун чайындысы абдан такырайып, кемирип, кажап, ал эмес кээде чоң кой таштардын өзүн кештедей өрнөктөп кеткен. Ошондо, эч качан жамгыр жаабаган өрөөнгө суу кайдан келген? Арийне, мунун баары эсте жок, эски заманда болгон. Миллиондогон жылдар бою шагылдуу таштак өрөөн табигаттын таасирин баштан кечирди... Орто кылымдагы калаалардын албан үйүндүсүнө окшогон же канча бир каракчы сыяктуу арбайган-тар-

байган талаанын кашынан жол өтөт. Бул жердеги көптөгөн жарлар аянтчага орношкон калаа үйлөрүнө окшойт. Алгачкы коомдогу адамдардын бул жерди эмне үчүн тандаганы өзүнөн өзү белгилүү...»

Бул жерде бир нече проблема менен беттешүүгө туура келген, маселе алардын кайсынысы өтө маанилүү, өтө кооптуу экендигинде. Кайнаган аптап. Арийне кайнаган аптап Сахаранын башкы белгиси болгондуктан, көнүгө туура келет. Күндүн сууктугу. Бул да Сахара үчүн көнүмүш болуп калган. Тоо этектеринде түнкүсүн идиштеги суу тоңуп калып, уктоочу каптардын сыртына кыроо турат. Шамал. Бул жер андан да куру эмес, дуулдап соккон добул лагерди кум менен көөмп, чатырды сүйрөгүлөп, кагаздарды учуруп алек кылат. Ал эмес, бул өрөөндө суу ташкындары да сейрек эмес. Бир нече жыл тамчы тамбаган бул жер эки жолу нөшөр ташкыны болуп, таш калаа сыяктуу аймакты күрпүлдөгөн ак толкун каптаган. Ал эми жылан менен чаянычы? Лот чатырдын жанына конуш кылган мүйүздүү ок жылан коркок жана коргончок болгон деп ишендирет окурманды. Ошондой эле сүрөтчү Гиппар күн сайын төшөгүнөн түртүп чыгаруучу чаяндар да жооп мүнөздө болушкан. Арийне, буга ишеним коюу кыйын. Кыйын кыялуу ашуулар. Андай жерлерде абдан чаалыккан төөлөр жардан кулап өлгөн.

Ошондон амал жок, кербендин жүгүн толуп жаткан ашуулардан кол менен ташууга мажбур болот. Ачкачылык жана чанкоо. Бул да экспедициянын тез-тез баштан кечирген жагдайы. Кээде курту быжыраган чөөттөрдөн суу ичүүгө туура келген. Мына, ушул сыяктуу кыйынчылыктарды айта берүүгө болот...

Лот эмне үчүн бир жарым жыл бою башын коркунучка сайып, оору менен ачкачылыкты баштан кечирип, жайнаган кыя жарлар менен үнкүрлөрдү эринбей тинтип жүрүп, андагы сүрөттөрдүн көчүрмөсүн бирин калтырбай кагазга көчүрүп убара тарткан. Анткени, алар байыркы сүрөтчүлөрдүн талантына тан берип, ушул кудуретти жалпы адамзат урпатына тааныштыргысы келген. Дал ошол кезде алардын атак-даңк жөнүндө ойлонгону анык эмес. Ошол тушта Лоттун айланасына өз эркн менен илешкен жаштардын көп болгондугун айта кеткен жөн. Ырас, Сахарадагы азаптуу сапарга баары эле

чыдай беришпеген. Ал эми акырына чейин чыдагандары жаап өткөн жамгырга, капыстан кез келген бак-даракка, аткан таңга, аска түбүндөгү мөлтүрөгөн аккан булакка таңдана кароодон жалкпаган. Эң башкысы, байыркы өңүрдүн ажайып үлгүлөрү аларды кызыктырып, кыйынчылык менен кооптонууну унуттуруп отурган.

Азыр Лоттун экспедициясы апкелген Тассили фрескаларынын миңдеген көчүрмөлөрү Париждеги Адам музейинин төрүнөн орун алган. Лоттон кийин да далай окумуштуулар Сахара өнөрүнүн миңдеген сүрөттөрүнөн көчүрмөлөр апкелген. Ошонун баары тең чөлдүн тарыхы тууралу күтүлбөгөн жаңылыктарды астына тартат.

Тассилинин эң байыркы фрескалары мындан жети миң жылдай мурун дүйнөгө келген. Мындагы алгачкы бейнелердин шарттуу сөлөкөттөрүн байкоого болот, акырындык менен аңчылар (томолок баштуулар) менен пил, кулжа, бөкөн, керик сыяктуу жаныбарлардын сүрөттөрү ары так, ары таасирдүү салынган.

Тропикалык жаныбарлардын бейнесин көргөн тарыхчылар менен өнөр изилдөөчүлөр Сахаранын соңку кездерге чейин берекелүү өрөөн болгонун түшүнөт. Эгер Сахарада гүлдөгөн тиричилик болгон эмес деген түшүнүк өрүш алып келсе, бул ал жердин тарыхын билбегендиктен болот. Соңку муз доору мындан 10 миң жыл мурун аякталган. Бул жерде «аякталган» деген сөздүн өзү аябагандай шарттуу. Тассилиде алгачкы фескалар пайда боло баштаган кезде, Европанын басымдуу бөлүгүн муз басып жаткан, ал эми Сибир тундурасынан зилди (мамонт) кезиктирүүгө болот. Сахаранын цивилизациясы Нил өрөөнүнүн цивилизациясынан алда канча байыркы Нил өрөөнүнүн төмөнкү жагы отурукташкан тушмушка ыңгайсыз эле. Себеби азыркысынан алда канча суусу мол өзөн жайылып жаткан сормо саздын ортосу менен агат. Мындан 8 миң жыл мурун Жердин аба ырайы салкын жана суусу мол болгон, чындыгында «жемиштүү жарым ай» мезгили мол түшүм берип турган.

Прогресстин негизги шартына байланыштуу аңчылар менен жемиш терүүчүлөр жетишкендиктен дыйкан болбойт эле. Эриккендиктен малчы болбойт. Бул, же аба ырайы өзгөргөндүктөн, болбосо

ачкачылык кекиртектен алгандыктан туулган шарт. Атап айтканда, аңчылык да муктаждыкты өтөй албаган.

Көк жамынган Сахара акырындап-акарындап куурай баштайт, жирафтар түштүккө ыкташат, пилдер менен бөкөндөр азаят, жапайы аңдарды уулагандан көрө колго мал кармоо алда канча оңтойлуу жана ишенимдүү экени акылга салынат. Болжол менен, биздин заманыбыздан 4000 жыл мурун Сахарада малчылар доору өрүш алат.

Мал чарбачылыгы эмгектин мүнөзүн өзгөртөт. Эгер туурасын айтканда, аңчыларды аягы асыраса, колго үйрөнгөн мал тайпанын турмушуна жаңыча тартип-заң ченемдүүлүктү орнотот. Бул жагдай Сахара өңүрүндө көрүнүш тапкан. Ал ары көрөсөндүү, ары албан түрлүү боло баштайт. Бул сүрөттөрдө адам албан түрлүү тиричилиги бар коомдук таяныч иретинде көрүнөт. Мал жаюу, айылдын күндөлүк турмушу, кудуктан суу алып жаткан чак, оюн-зоок, көчүп-конуу, ал эмес бийлердин башкы жыйынына чейин чагылдырылган. Ошону менен бирге, сүрөтчүлөр турмуш чындыгынан алыстап, кудайлар менен кайдагы бир кереметтүү тиричилик ээлеринин өтө эле албан сүрөттөрүн салган. Сүрөтчү өзүн курчаган чөйрөнүн мааниси тууралу алгач ойлогондой, дүйнө дидарына суктана карап отуруп, өз чыгармаларында анын ички байланышы менен жеке бөлүктөрүнүн катнашын чагылдыргысы келген. Беш метрлик береке-байлыктын уюткусу сыяктуу «марстык кудайдын» элес бейнеси салынган, үңкүр дубалдарынан төрт метрлик арыстан үңүлө карап тургандай, кээде пил денелүү бөкөндөр, арыстан баштуу төө куш сыяктуу макулуктар да кездешет... Ошондуктан, таң каларлык баш кийими бар, жеңил жүгүрүп келе жаткан өңү кара аялды «Ак аруу» деп атаган Лот ошол кездин айтылуу фрескаларынын санатына киргизет.

Мындагы өнөр алгачкы коомдук ишеним менен ашташып, анын таасир-ыкпалы акыл-ой алкагынан ашып түшүп жаткандай.

Сахара сүрөтчүлөрү Тассилиде көп кездешкен ак чопонун, коңур жана түрлүү түстүү балчыктын табигый түрүн чебер пайдалана билген. Коңур чопону табигый желим менен сүткө кошуп, фрескаларды асканын оюктары менен үңкүрлөргө сала

турган болушкан. Көбүнесе бийик шыпка же жерден бир нече метр жогорудагы заңкайган таштарга эң сонун көрүнгүдөй кылып тартып отурган. Мезгил өткөн сайын сүрөтчүлөрдүн табити чыңдалып, сүрөттүн көрүнүшү байый түшкөн. Эки миң жылды камтыган мал чарбачылык кезеңи, болжол менен, биздин доорубузга чейинки бир жарым миң жылда аякталды. Андан кийин жылкы доору башталды да, биздин доорубузга чейинки 600 жылда төө доору менен алмашат.

Мал чарбачылык доорунун соңу — Тассили фрескаларынын күнү бүткөн кезеңи. Бул кезде Сахара чөлгө айлануурга үлгүргөн. Балким, дал азыркыдай чет-чеги жок чөл боло койбогон чыгар, анткен менен жашоонун кыйындаганы анык. Аздап-аздап Палеочадга жеткен Тафассасет менен Соро сыяктуу сайлуу өзөндөр тартыла баштайт, тоонун кайнар булактары да соолот. Ошентип, жер чарбачылгы Сахарада өркөн жая албай калат. Бул кезде Нилдин мол суусунан наар алган Египет цивилизациясы Сахараны артка таштоого үлгүрөт. Какаганга муштаган дегендей, ошол тушта сахаралыктардын алсыраганынан пайдаланып, Түндүк Африканын берберлер тайпасы түндүгүнөн басып кире баштайт. Тассилинин соңку фрескалары жоо менен кармашуу чактарын чагылдырат. Ошол кездин ажайып драмалык «полотносу» катарында, жаралуу болгон же өлүм үстүндөгү жоокер үйүнө кайтып, жаасын колуна кыскан калыбында, аялынын аягын кучактай жыгылган кезди чагылдырган фресканы атоого болот.

Анчылык менен малчылык ары жаш, ары чынчыл сүрөттөрүнө башталыш алган Тассили фрескалары ааламдык өнөрдүн кылда чокусуна көтөрүлө алат. Кийин Сахараны душмандар басып алып, ага кошо табигаттын кедери кете баштаган кезде, Тассили өнөрүнүн күнү бүтө баштайт. Ошондогу эң акыркы салынган сүрөттөрдүн бири төөчөн жоокер, ал эки жашар баланын колунан чыккандай таасир берет.

Акыры тиричилик тынат. Тек туарегдердин чатырларын гана чөлдөн сейрек кезиктирүүгө болот. Бирок туарегдер ушул сүрөт галереяларын кимдердин эмне үчүн тартканын жана андагы жаныбарлар менен адамдарды да билбейт. Ал эмес, мындагы

негр түрүндөгү же египеттик менен ливиялык турпаттагы адамдардын кейпин да айыра албайт.

Жүздөгөн чакырым жерге созулган, дүйнө жүзүндөгү эң ири сүрөт галереясы — күн нуруна бөлөнүп, өзөн суусуна мээрим кандырган өлкөдөгү адамдар цивилизациясынын көзү сыяктанат. Белгисиз элдер жараткан бул мурас кийин башка маданиятка кошулат. Мындагы фрескалар Сахарадагы цивилизациянын мүмкүндүгүн чындык менен жарыя салат. «Жемиштүү жарым айдын» батыш бөлүгүндө да Мисир, Инд, Хуанхе маданияты сыяктуу гүлдөгөн кезеңдин болгону сүрөт болуп ташка түшкөндөй. Бирок табигаттын айтканы болот экен, азыр бул өңүрдө эмгектин жемишин көрүү оңой эмес.

Сахара цивилизациясы калаалар менен ибадатканаларды салууга жетпей үзүлдү... Бирок салынып үлгүргөнүнүн өзү эле, көчмөндөрдүн малчылар менен дыйкандардын көркөмдүк даанышмандыгынын астында бизди таазим кылууга аргасыз кылат. Алардын көркөмдүк каармандыгы өз коңшуларынан көп озуп кеткен. Жүз миңдеген сүрөттөрдү тек гана диний ишенимден туулду деп тыянак чыгаруугa дегеле болбойт. Муну тарткан сүрөтчүлөр өздөрүн курчаган чөйрөнүн сулуулугуна суктана билген, алар адам денесиндеги сымбаттуулукту, жаныбарлардын сулуу кыймылын, бийлердин азем ийкемин, чындыгында, тунгуч ырдоочулар. Алар табигаттын курман болгон сулуулугун ырдашкан эле.

КАРНАК

Миң жылдык мурас

Фараондордун XVIII тукумунун борбору Фивы Каирдин түштүк жагында жети жүз километр жерде Нилдин жээгинде жатат. Бул Жогорку Египеттин төртүнчү номасынын мекени болгон. Ушул тушта нубийлердин жери деп эсептелген Нилдин башкы босогосу да алыс эмес. Пирамидалар салынган кезде жат жер болгон бул аймак биздин доорубуздан мурунку II миң жылдыкта багындырылган.

XVIII тукумдун заманы көөнө Египет тарыхындагы эң белгилүү учур. Анын фараондорун биз мектеп партасынан билебиз. Бул элдин тарыхы да

ошол фараондордун ысымы менен түздөн түз байланыштуу: Тутмос III менен анын кекирейген кенешчиси Хатшепсут, Эхнатон деген ат менен белгилүү болгон бүлүкчүл Аменхотеп IV менен анын аруу аялы Нефертити, Амон абыздарына табынып өткөн жаш Тутанхамон...

Уасет деп аталган фараондор заманынан белгилүү болгон Фивы бул күндөрү Луксор деп аталат. Бул кооз аталыштын Египетке тиешеси жок. Бир кездери римдиктер ушул өңүргө чейин келип, «каструа» деп аталган сепил орноткон экен. Ушул сөз адегенде Аль-Кусур аталып, кийин европалыктардын айтымында Луксор болуп кеткен.

Куу талаада калып кум баскан Фивынын ибадатканалары менен үйлөрү орто кылымда унут боло баштаган. Тек жакын жердеги феллахтар гана жиндердин калтырган мурасы деп эсептейт. Өткөн кылымдын башында пирамида түбүндө мамлюктарды талкалаган Напелеон качкан жоонун изине генерал Дассектин дивизиясын түшүрөт. Улуу өзөндү жээктеп чубалган солдаттар узак жолдон чарчап келе жатып, бир кезде кум арасынан сороё көрүнгөн колонналарды көрөт. Ошол жерде революциялык Франциянын жүздөрүн күн тотуктуруп, шамал аймаган солдаттары өздөрү тизе бүктүргөн пирамидалар менен Төмөнкү Мисирдин төгөрөгүндөгү теңдеши жок эскерткичке командасыз салют берет.

Кебетеси, солдаттар адегенде Амон кудайынын түштүктөгү үйү — Луксор ибадатканасынын колонналарын көргөн болуу керек. Болбосо, азыр Карнак деп аталган, ушуга атташ араб кыштагынын жанына жайгашкан Фивынын негизги ибадатканасы чыгар.

Напалеон Мисир жортуулунан кайткан соң Европаны таш талкандап, Мисирге ынтаа коё баштайт. Тек гана анын өнөрү эмес, ошону менен бирге ибадатканалардын каралжын колонналарын, октой түз кырлары бар пирамидаларын; мумиялары менен күмбөздөрүн чырмаган купуялар менен ала качма апыртмаларга чейин ынтаа коюп, изилдей баштайт. Эң алды менен, оозго алынып, көңүл бургузган көөнө Мисирдин бирден бир көрктүү жана купуяга толгон ибадатканага мол жери Луксор менен Карнак болот. Булар өткөн кылымдагы петербургдук же париждик сарайлардын салтанатына да

таасир эткен эле. Лотос гүлүнүн зээри менен асемделген үйлөрдүн маңдайчалары, каар менен карматкандай алпир үлгүлүү курулуштар, таш сааттар менен императордук фарфорлор, толуп жаткан сфинкстер менен майда пирамидалар ошол окшоштуруулардын айгагы болгон.

Акыйкатта, Мисир эстеликтери, негизинен, карапайым, эң көркүү театрлары менен чаташтырма үйлөрү акылга чакыргандай келишимдүү болсо, Карнак андай эмес. Орто кылымдын калаасынын адам адашкандай тар көчөлөрү бар, жайнаган далистери менен оюктарынан, күжүрөлөрү менен колонналарынан, кудайлардын жүздөгөн айкелдери менен сфинстер галереясынан, касиетүү көлчүктөрдүн күзгүдөй бети менен бедерлүү заңкайган таштардын үйүндүсүнөн баш айланганы турулуу. Мындай эстеликтерди бүткүл Мисирден кездештире албайбыз.

Мунун сыры Мариетта, Шеврья, Легрен сыяктуу өткөн кылымдагы айтылуу археологдор жүргүзгөн казма жумуштардан кийин белгилүү боло баштады. Алды менен Карнактагы Амон ибадатканасынын сопок баштуу экени аныкталган. Бул элдин башкы кудайынын негизги касиеттүү орду болгондуктан, эки мин жыл бою жүздөгөн фараондор менен бийлөөчүлөрдүн амири менен эч качан курулуш иши токтобогон. Ар бир амиран бир айкел койдуруп, бир бедер сүрөт жабыштырып, айтор өзүнүн изин калтырууга тырышкан. Ирийне, улуу фараондор колонналарды орноттуруп, айкел коюу менен чектелбеген, алар улуу курулуштун кылымдарга созулган аламан байгесине катышкандай, Амондун урматын башкадан көрө мурдараак ээлөөгө дитин койгон.

Калыбы, Карнак ибадатканаларынын пайдубалы XV тукумдун тушунда, Фивынын чакан гана эл жашаган жерден ири борборго айланган кезинде тургузулса керек. Нилдин ортоңку агымынын тушунан бой көтөргөн бул калаа Нубиядан, Пунттен, Кызыл деңиз менен батыш тарабындагы берекелүү көк жайыктан тартылган тогуз жолдун тоомунда болгон. XII тукум бийлик кылган кезде (биздин доорубузга чейинки 2 миңинчи жыл) Фивынын негизги табынары Амон болчу. Ошондуктан айтылуу курулуштардын салынышы ошол кез менен тушташ келет.

Азыркы кезге чейин сакталган ибадаткананын ортоңку бөлүгүнө казма жумушун жүргүзгөн кезде Сенусерт I фараондун кезиндеги ибадаткананын изи табылган. Мындан башка Сенусерт I чакан ибадаткана салдырткан, аны египет таануучулар «киоска» деп атайт. Бул да сакталбаган, бирок, кийинки курулуштардын керегине жараган анын кирпичтерин изилдеп отуруп, француз архитектору Шеврья долбоорун жасап чыккан.

Фараондор өзүнөн мурункулардын эмгегин кадыр тута бербеген, өз даңкын ашырып түшүрүү үчүн башка ибадатканаларды тоноого чейин барышкан. Арийне, мындай жагдай өзүнө чейинки менен эч кандай байланыштуу болбогон кезде көрүнөт. Ал эми, өзүнө чейинкилер менен кастыгы болсочу,.. Мындай драманын тагы Карнакта даана байкалат. Тек гана Мисир архитекторасынан эмес, аны Египет тарыхынын монументтеринен да учуратууга болот.

Өлкөдөн гиксосторду кубалагандан кийин, фараондордун XVIII катары Мисирди кайтадан бириктирип, бир нече баскынчылык согуш аркылуу чек араны Нил өрөөнүнөн ары чойгон эле. Мисирдин дөөлөтү менен даңкы дың сала баштады, бул Амон ибадатканасынын курулушуна таасир кылбай койгон жок.

Аменхотеп I тушунда кыштан ибадаткана салына баштаган. Мунун блокторун азыркы күндүн археологдору таап, калыбына келтирген. Тутмос I ибадатканасы менен жалгашкан үч ажайып пилон жана колонналуу зал салдырат. Ал эми Хатшепсут падышайым Амонго багышталган ырасим үчүн кварцит блоктон жасалган зал менен бир нече кошумча курулуштарды жана төрт бийик обелиск тургузган.

Бирок Хатшепсуттун мураскору жана үзөнгүлөшү болгон Тутмос III эң алды менен өгөй энесинен калган эстеликти жер менен жексен кылууну максат кылган. Тутмостун мынча өчөшүнүн себеби да бар эле.

Улуу фараон Тутмос I өлөрүндө өзүнүн падышалыгын ойнош күндөн туулган уулу Тутмос II калтырган болчу. Ошол Тутмос II өзүнүн укугун орнотуу үчүн, көп кечикпей Тутмос I байбичесинен туулган, өзүнүн энеси, бөлөк карындашы, ары жаш, ары сулуу Хатшепсутка үйлөнөт. Ошентип, агалуу-

карындаштын экөө Мисирди он сегиз жыл бийлейт. Качан, биздин доорго чейинки 1501-жылы Тутмос II өлгөндө такка он жашар баласы Тутмос III отурат. Өкүнүчтүүсү, мунун да энеси ойнош күң болгон.

Жаш Тутмос бийлеген алгачкы эки жылда мамлекет ичинде көзгө көрүнөрлүк өзгөрүш болбойт. Хатшепсут мамлекет бийлигин агалары аркылуу жүргүзөт. Бирок дамамат көлөкөдө жүрүү падышайымга жакпайт. Ошондон бул аял өзүн фараон деп жарыялап, кан төкпөй эле төңкөрүш жасайт. Падышайымдын бул нээтин ири ак сөөк төрөлөрдүн баары колдойт. Себеби, жаш фараон мамлекеттик ишти жөндөй албай, эл ичин алаяктар каптап кетет деген кооптонуу бар эле.

Ошондон кийин жыйырма жыл боюнча Тутмос өзүнүн өгөй энесине каршы эчтеме иштей албайт. Өмүр болсо өтүп баратат, ал эми узак жашаган Хатшепсут тактан айрыла турган эмес. Ошондон Тутмос отузга келгенде гана өз ажалынанбы же өзгөнүн колунанбы, ким билсин, өгөй энеси дүйнөдөн кайтат.

Тутмос III бийлеген кийинки жылдарынын баарында падышалыктын ээлигиндеги өгөй энесинен калган бедер сүрөт, айкел, жазуу аттууну кыйратып, жер бетинен изин өчүрүүнү максат кылган.

Тутмос Карнактагы Хатшепсуттун отуз метрлик ири обелискисин кыйратмак болот. Бир караганда, мурунку белгини алып таштап, өз белгисин орнотуу, кайра салуу күрөштүн эң бир карапайым түрү сыяктанат. Бирок кудрети күчтүү Амон абыздын касиети болсо керек, Тутмос батынбайт, анын үстүнө жан адам ойлобогон чечимге келип, обелискини дубалдардын арасына салып, бүтөп таштоого буйрук берет. Анысы эч кимдин көзүнө түшпөсүн дегени эле.

Отуз метрлик обелискини жашыруу үчүн, арийне, ошол көлөмдө дубал тургузуу керек. Дубалдын жыйырма метрдейи тургузулат да, түрмө сыяктуу курулуш ары карай тургузулбай эмнегедир токтоп калат. Обелискинин кылда чокусу түрмөнүн дубалдарынан жирафтай узун мойнун чыгара тургандай көрүнүп калат.

Анын эсесине Хатшепсуттан калган бедер сүрөттөр менен жасалгаларды Тутмос аёосуз кыйратып салган. Падышайымдын бети тешкичтер менен талкаланып ысымы жазылган жазууга чейин өчүрүлгөн.

Ырас, мындай кылыкка таш калоочулардын ичинде да нааразы болгондору болгон, анткени абыздар өз ара жикке бөлүнүп, ошол себептүү Хатшепсут падышалыгынан калган белгинин бардыгын Тутмос өчүрө алга эмес.

Өгөй энесинин изин өчүргөн соң, Тутмос өзү ибадаткана салдыра баштайт. Эки обелиск менен бир нече айкел жана падышанын мүчөл тоюна («хебседа») арналган салтанат залын салдырат. Мурунтадан турган курулуштарды кайрадан жаңыртып, Тутмостун жоокердик эрдиктерин баяндаган бедер сүрөттөрдү киргизди. Ушундай курулуштардын бири «ботаникалык бакча» деген атка конот, анын дубалдарына Мисирдин өсүмдүктөрү менен жан-жаныбарлары тартылат.

Бул тукумдун кийинки фараондору ибадаткана курулуштарына айтарлык өзгөрүү киргизбейт. Анын эсесине Аманхотеп III (биздин доорубузга чейинки 1411-1375- жылдар) ибадатканаларды жаңыртууга белсене киришет. Ал, турпатын жаңы тууган айга окшотуп, көлдү жартылай курчап жаткан ибадаткана салдырат. Буга Сахнет кудайдын граниттен жасалган эки метрлик 600 айкелин койдурат. Эмне экени белгисиз, бул айкелдер биздин заманыбызда саякатчыл болуп алган, азыр аларды дүйнө жүзүнүн ири музейлеринен көрүүгө болот. Мындай айкелдин бирөө мамлекеттик эрмитажда турат. Аменхотеп касиеттүү көлдүн жээгине таң каларлык кылып ыйык коңуздун монумент айкелин жасаткан. Ошондон кийин борбордук колонналарды орнотуруп аны кабык жарган лотос гүлүндөй кылып капителдер менен ачакейлеген. Жыйырма метрлик жоон колонналардын зордугу ушунчалык, анын ар бир капителинин үстүндө жүз адам сыйып кеткендей.

Аменхотеп III Амондун ибадаткапасын жаңыртуу менен чектелбеген. Анын өзүнө арнап салынган дагы бир айтылуу ибадаткана — Нилдин башкы жээгинде турат. Эки босогосуна фараон Мемнондун заңкайган кош айкели коюлган. Ат чабымдай жерде айтылуу пилон менен Монт ибадатканасы да Аменхотеп III тушунда салынат.

Бул күндөрү биз Амнехотеп III ылайыктуу баасын берип, экинчи Аменхотепке, анын уулу Хапка алды менен урмат көрсөтүүбүз керек. Бул Аменхотеп III баласы болгон. Анын жаак сөөгү чыгыцкы

келген, түйрүк эриндүү, чымыр ээктүү, бүтүк көздүү толукча келген жагымсыз айкели Карнактагы ибадатканалардын биринде турат.

Эгер Имхотеп — тарыхтын биринчи акылгөйү, пирамидалар менен Мисирдин таш имараттарын тургузуучу болсо, аты уйкаш фараон жаңы түрдөгү классикалык ибадаткананын курулушун бүтүргөн. Хапунун уулу сөөлөтчүсү Аменхотеп өтө даңктуу болгону ушунчалык, ал фараон тарабынан жогору бааланып, Фивыдан өзүнө арнап ибадаткана салдыруу укугуна ээ болот. Бул имараттын айкын жана карапайым көрүнүшүнөн Египет архитектурасынын жетишкен бийиктигин көрүүгө болот.

Долбоорун архитектор Инени жасап, негизги үлгүсүн Аменхотеп жүзөгө ашырган ибадаткананын турпаты төмөндөгүдөй болгон.

Ибадаткана Нилден башталган. Ошол жерде майрам кезинде кудайлардын айкелин жеткизүүчү кайыктын жакындашына ылайыктуу курулуш болсо керек. Суудан ибадатканага чейин созулган сфинкстер аллеясы болгон. Бул бедер сүрөттөр менен, жазуулар менен жасалгаланган бийик жана салтанаттуу пилондорго жалгашкан. Адатта, пилондордун алдында фараондордун заңкайган айкелдери коюлган. Пилондордун алды менен жүргөндө, аябагандай кенен короого туш болгондой абалга келесиң, үч тарабынан бийик колонналуу акталган залга туш болосуң. Бул бир нече катар курап, эки капталынан созулган калыбы узунураак далисти элестетет. Андан кийин Амондун ырым-жырым тууруна арналган зал менен кудайлардын айкелине арналган зал бар. Ибадаткананын арткы жагына асыл заттар сактаалуучу орун, казына кампасы, архив сыяктуу бөлмөлөр жайгашкан. Ибадаткана комплексине парк менен каснеттүү көл көрк бергендей.

Мындай көрүнүштөр ар түрдүү өзгөрүштөргө учураган. Ажайып ибадаткананын залдарын кээде чоңойтууга же кичирейтүүгө болгон. Карнактын үлгүсү сыяктуу фараондор пилону менен айкелдери башка ырым-жырым орундарына караганда көлөмдүү жасалган. Анын эсесине сөөлөтчү Аменхотептин өзү жаткан ибадатканадагы бөлмөлөрдүн саны менен көлөмү чектелүү, ары карапайым.

Мында бардыгы таасын ойлоштурулуп, муундардан бери келаткан тажрыйба менен сыналган. Анын

негизинде Фивынын залкар ибадатканалары курулуп, сөөлөтчүлөр биринчи кезекте ибадатканалардын бараандуулугу менен табынуучулардын аң-сезимине таасир этүүгө умтулушкан.

Адатта, салтанаттуу чеpүү каз-катар тизилген сфинкстер менен пилондордун арасы менен өткөндө, аздап-аздап заңкая көтөрүлүп кандайдыр бир табышмактуу дүйнө менен жалгаштыргандай сезимге бөлөгөн. Фараондордун козголбогон алп айкелдери ибадатканага келген адамдын жүрөгүн алып, пенделигин бетине баскандай болот. Кенен жана шаңдуу нурга бөлөнгөн короодон өткөн адам купуяга толгон алакөлөкөлүү залга туш болот. Бул залдын ичиндеги кол тийбеген токой сыяктуу бийик колонналары түпсүз көктүн өзүн тиреп тургандай, шып менен туташкан салтанаттуу капителдерден алтын жылдыздар жылтылдайт.

Сарайдын башка бөлмөлөрү тарыраак, аласа, башкаларга караганда караңгыраак. Тек гана касиеттүү мүлктөр коюлган бөлмөлөрдүн дубалдарынан же төбөсүнөн атайы жасалган оюктардан күн нурлары түшүп, кудайлардын айкелдерин нурландырып турат...

Карнактын кийинки тарыхы да идеялары менен партиялардын күрөшүнө толгон. Бүлүкчүл Аменхотеп IV (Эхнатон) Атонду олуя тутуп, борборду Амарнга көчүргөн соң, күтүүсүз мүнөзгө жендирип, өзүнчө гуманизмге оронгон декаденттик стилге ынтаа коюп, бирде ишкер, бирде сезимтал көрүнгөнү менен, абыздык өкмөттүн уюткусу болгон Амондун ибадатканасын жактырбайт. Ошондон Карнак ибадатканасынын чыгышынан Атонго ибадаткана тургузат. Бирок, азыр анын калдыгы да жок, берекени кетирип, үзгүлтүккө учураткан аракеттен кийин абыздар менен кийинки фараондор Атондун ибадатканасын жер менен жексен кылган. Деген менен, бардык жерлер сыяктуу Карнакта да изсиз жоголгон эч нерсе жок. Буга кийинки курулушчулар себепкер болуп отурган. Казма жумуштарынын мезгилинде бүлүкчүл Эхнотандун айкели табылат. Ибадаткананын мындан башка бедерлүү блоктору, амарн мектебинин үлгүсүндөгү өрнөктөр кийинки Амондун урматына салынган курулуштарга пайдаланылган.

Эхнатондун күнөөсүн анын мураскорлору Тутанхомон менен Эйе жууп-чайкап, өкмөт башына кел-

ген Амондун урматына Карнакта белги мунара тургузат. Фараондордун мындан кийинки XIV тукуму Сети I менен Рамзес II да Карнактын даңкына даңк кошуп, дагы бир салтанаттуу зал салдырат. Рамзес Карнакта мындан башка да белги калтырат. Ал өзүнүн отурган кезин чагылдыруучу эки албан айкел чектирип, эки жагына аялы Нефертарининн кичине айкелин койдурган.

Муундар өзгөрүп, фараондор алмашып жатты, ал эми Карнак болсо такталар менен, мунаралар менен, пилондор менен, ибадатканалар менен жана «киоскалар менен» толуктала берди. Асыресе, касиеттүү такта отурууга ишеними чамалуу фараондор жан-дили менен үлүш кошуп отурушкан. Маселен, нубий фараону Тахарка ибадатканасынын башкы короосуна албан колонналарды тургуза баштайт. Азыр анча көздү тарта койбогон, бочкеге окшош, жыйырма метрлик бир гана устун сакталган. Бул ибадатканага кезинде жат кудайларды сыйлаган болуп көрүнүү үчүн Александр Македонский келген. Ал Тутмос III залынын бир бөлмөсүн кайта салууга буйрук берет. Бул зал күнү бүгүнкүгө чейин «Искендер зыяраты» деп аталат.

Карнакка далайлар белги калтырган, ошонун бири — Александрдын империясы үлөшкө түшкөндө Египетти энчилеген Птолемей. 1903-жылы француз археологу Легрендин ибадаткана төгөрөгүнөн ачкан ажайып жаңылыгы ошол Птолемейге байланыштуу.

Легрен бир пилондун жанындагы чуңкурдан тактанын сыныгы менен айкел табат. Буга адегенде эч ким таңдана койбойт, анткени миңдеген жылдар бою ибадатканаңын тоскоону, душмандардын соккусуна учураганы белгилүү. Маселен, биздин доорубузга чейинки 663-жылы Ассирия падышасы Ашшурбанипал Фивыны толук тоноп, өрттөгөн болчу. Мындайда ары оор, ары керексиз заттардын кошо көмүлө турганы бышык. Бирок казма жаңылыгынын өлчөмү бөтөнчө эле. Легрен чуңкурдан сыныктарды көргөндө анын астында айкелдер менен бедерлүү такталардын жатканын айттырбай эле сезет. Айларга созулган казма жумушунун мезгилинде тынымсыз эмгектенген жумушчулар терең чуңкурдан көөнө Мисирдин не бир керемет эстеликтерин кезиктирет. Ошондо казма жумушу он төрт метрлик тереңдикке жеткенде, жер астынан суу чыгып, аргасыз

токтотууга мажбур болот. Ошого дейре эле таш айкелдердин жетимиш беши табылган. Мындан сырткары такталар менен бедерлүү куймалар эле канча көп болгон.

Мына, ушул үйүндү бир кездери ээлигине тийген дөөлөттү иретке келтирмек болгон Птолемейдин калтырган белгиси деген болжол бар... Анткени, ал үчүн алда качан сөөгү сөпөт болгон фараондордун мурасы дегеле маанилүү эмес эле.

Ошол кезде эле Карнак туристтик борборго айлануга үлгүргөн. Ал эми туристтердин «кесиптик» оорусун убакыт өзгөртө албайт, мындан эки миң жыл мурункудай азыр да соргок адатынан танбаган. Ошонун айгагы сыяктуу «Мында Вася-Петя болду» деген көөнө жазуулардан көз тунат. Ырас, археологдорду Карнак дубалдарындагы мындай жазуулардын көөнөсүнөн көрө азыркысы көбүрөөк алагды кылып жатат.

АБУ-СИМБЕЛ

Кайра жаралган ажайып

Пирамиданы ааламдын керемети санаган байыркы заман авторлору Фарос аралындагы Александрия маягына назар оодарып, андагы китепкана тууралу далай-далай жазма калтырганы менен, Абу-Симбел тууралу ооз ачпаган. Калыбы, Абу-Симбелди билген эмес. Бул ибадаткана тууралу Наполеондун шериктери да эчтеме дебейт, анткени анын полку бул жерге жеткен эмес. Ошондон, 1813-жылы арабча кийинген швейцариялык Буркхардт Нилди өрдөй саякаттап жүрүп, Нилдин үчүнчү босогосуна жеткенде, Эбсамбал ибадатканасы жөнүндө эшитет да, ошол курулушка алып барууну өтүнөт. Бирок бул ибадаткана асем болуп көрүнгөнү менен, айтарлыктай таңдандыра койбойт. Себеби, Мисирдин төмөнкү жагынан Буркхардт мындан алда канча артык ибадатканаларды көргөн.

Буркхардт Нилдин биринчи жана экинчи босоголорунун ортосунда, Судандын түштүк чек арасы менен кошулган жээкте туруп, аскага салынган пилондорду көрөт. Пилондордун арасында ибадатканага кирүүчү оозду күзөткөндөй зацкайып алты

айкел турат. Алардын төртөө эркекке, экөө аялга арналган, тизеге чейин кум баскан. Бул айкелдер да аскадан чегилген.

Буркхардт ичине көз салат. Жапысынан келген кенен зал караңгылык менен жалгашып жатат. Ошол жерде жол баштоочулардын колундагы отчычала жарыгы менен дубалдарга салынган боёлгон бедер сүрөттөрдү көрөт. Бут астынан отко тамызгы болгон чырпыктардын чытыраганы, эски-уску чүпүрөктөрдүн куудураганы эшитилет. Буркхардттын шериктери тегеректеги фелахтардын бедөөлөр чапкан кезде ушунда баш калкалаганын айтат. Абасы капа экен, бирок кудайларга жалбарына созгон ажайып падышайымдын салалуу манчалары ошол умсунган калыбынан жазар эмес. Буркхардт ибадаткананын далисинен ары карай баргысы келбейт. Жол-жол тарткан кумду кечип отуруп, жээке кайтканда чакырайган күн көзүн карыктырат.

Өзүн күтүп турган кайыкка отурган соң, Буркхардт артына мойнун буруп таш айкелдерге, тик аскалар менен миндеген жылдар бою сапырылган кум тилкелерине акыркы ирет көз чаптырат. Капыстан, ошол жактагы бөксө тоонун суу жээгинен, серпиле бүткөн өзгөчө бир көрүнүшкө назар оодарат.

Байтак талаа менен улашкан кум жалдары ташкындап келип сууга тирелген. Ал эми кум ичинен кош таажылуу фараондун албан башы суурула көтөрүлүп, жолоочуларга үнүлө карап турат. Андан ары кум ичине баткан дагы эки таажынын карааны көрүнөт.

— Бул эмне керемет? — деп сурайт Буркхардт жол көрсөтүүчүгө бурулуп.

Ал ийнин кыйкап эткизди. Жиндердин айкели кылымдар бою кумга жашырынып жата берген.

— Ал жерде да ибадаткана барбы?

Жол көрсөтүүчү жооп бербеди. Кайыктын бийик тумшугун кармаган калыбында абазгөй ажынын кайтышын кайдыгер күтөт. Бирок Буркхардт бул арада кумга матып алып, айкелге карай жүгүрө жөнөгөн...

Буркхардт башка эчтеме көргөн жок. А түгүл мындагы айкелдер ибадаткананын купуя оозунда кароолдо турган калыбындабы же Фивыдагы Мемнондун эбегейсиз айкели сыяктуу отурган калыбындабы, таасын ажырата албады.

Арадан төрт жыл өткөндө италиялык саякатчы Джованни Бельцони Абу-Симбел калаачасындагы эбегейсиз айкелди ачуу үчүн экинчи ирет аракет жасайт. Италиялык авантюристтин абалы өзүнө чейинкилерге караганда өзгөчө эле. Бельцонинин колунда англиянын башкы консулу берген, түрк өкмөтү бекиткен документ болгон. Ага Британия музейи үчүн көөнө казына издөөгө уруксат берилген.

Буркхардт ачкан жаңылыкты Бельцони билген. Ал мүрөл казынаны сугалак колдон чөлдүн коргоп жаканын, Абу-Симбел айкелдерин ибадаткананын сактап турганын боолголойт.

Абу-Симбелге келген соң Бельцони жумушчуларды жалдап, айкелдердин арасына толгон кумду тазалата баштайт. Бир нече күн өткөндөн кийин бийиктиги он метр болгон бир нече кенен залдары бар өтө чоң үңкүр — ибадаткананын кирер оозу көрүнөт. Бельцонинин жазганына караганда «бул өзгөчө турпаттагы бедер сүрөттөрү, эбегейсиз айкелдери бар дүйнө жүзүндөгү эң атактуу ибадатканалардын бири». Ичкери чөнтөк дептерин ала кирген Бельцони көргөнүн сүрөткө тартып ала коймок нээтте болот. Бирок ибадаткананын ичинин ысыктыгы ушунчалык, думукмадан качып чыгат.

Саркофаг — табыттар, мумия — сөөктөр, асыл таш — казыналар ибадатканада жок болуп чыгат.

Арадан бир нече жыл өткөндөн кийин ибадаткананын оозунда, өзөнгө жакыныраак турган айкелдин бири тазаланат. Айкелдин бийиктиги жыйырма метр болуп чыгат, ибадаткана сыяктуу туташ аскадан чегилген. Ал эми салмагы (кийин XX кылымдын ортосундагы аныктама боюнча) 1200 тоннадан ашык.

Бул айкел жаңы падышалыктагы эң акыркы улуу бийлөөчүлөрдүн бири Рамзес II чагылдырылган айкел экени белгилүү болот. Демек, биздин доорубузга чейинки он үчүнчү жүз жылдыкта салынган.

Ошондон бери Абу-Симбел Мисир туристтеринин эң бир атактуу табынуучу орду болуп кеткен. Туристтер бул өрөөндүн түштүк чегине чейин жетет.

Ошолордун бири Амелия Эдвардс 1870-жылы октябрь айында ушул жерге туш болот. Ал эртең мененки күн Нилдин аркы жагынан эми гана көтөрүлүп, ибадаткананын алдын нурга бөлөй баштаган салкын мезгилде ибадаткана ичине кирет. Дал ошол

чакта, Амелия Эдвардс албан пилондорунун арасынан өтө берген кезде күн нурлары айкелдердин бетине түшөт. Бирине-бири окшош эбегейсиз үч айкелдин бет түзүлүшү көрүнөт, төртүнчү айкелдин башы томолонуп жерде жатат.

Амелия ашыкпайт. Ибадаткананын ичинин думугурган ысыгына карабастан ар бир бедер сүрөттүн алдына токтоп, ынтаа менен көз жүгүртөт. Жанындагы чыракчы да чыдамдуулук менен дубалды кыдырата жарык түшүрүп, айкелдердин кубула көрүнүшүнө мүмкүндүк жасайт. Акырында, Амелия эң акыркы табынуучу залга жетет... Капыстан аны от жалыны чарпыгандай болот: көрсө, көздү карыктыргандай күндүн жарыгы тээ сыртынан түшүп турган экен, жарыктын тилкеси табынуучу залдын төрүндө турган Рамзес менен Амон кудайынын турпатын нурландырат. Айкелдер бир нече минута нурга чөмүлгөндөй болот да, жарык ооп, зыяраткананын ичин кайтадан караңгылык каптайт. Жаңылык ачылды.

Көрсө, жер астындагы залдарды аралап өтүп, зыяратканадагы айкелдерди нурландыруучу күндүн жарыгы ибадаткана ичине жылына эки ирет түшкөндөй эсеп менен салынган экен. Эсептөөлөрдүн жүрүшүндө алгачкы жолу күн жарыгынын айкелди нурландыруусу биздин доорубузга чейинки 1274-жылдын 20-октябрында, Рамзес II падышалык кылуусунун отуз жылдыгына карата болгону аныкталды.

Балким, Абу-Симбел тууралу аңгемени ушуну менен аяктоого болор эле. Деген менен, ибадаткананын кандай салынып, кандай жасалгаланганын, эмнеге ушул албан курулушту салуу үчүн Рамзес өзүнүн мамлекетинен чек ара аймагындагы элсиз чөлдү тандаганын айта кеткен жөн...

Тагдырдын жазганы десе да болчудай, Абу-Симбелге байланыштуу эң бир чийеленишкен тарыхый окуя ушул биздин тушубузда өтөт.

Асуан тосмосун салып жатканда Насер көлүнүн суусу көтөрүлүп, Нилдин биринчи кемеринен аша турганы, Жогорку Мисир менен Нубиядагы бир топ эстеликтердин суу астында кала турганы белгилүү болот. Эгер андай болсо Абу-Симбелдеги Буркхардт көргөн, Нефертари падышайымдын урматына тургузулган кичи ибадаткана жана Рамзес менен Амондун урматына тургузулган албан ибадаткананын суу астында кала тургандыгы бышык.

Ушул жагдай айкындала түшкөн кезде Абу-Симбелди куткаруу жөнүндө көптөгөн сунуштар айтылат. Ибадатканалардын куткаруу өнөктүгүн башкарган ЮНЕСКОго дүйнө жүзүнөн толуп жаткан долбоорлор түшөт. Ошолордун ичинде кыялга бергисиз же кыял жетпей тургандай кымбатка түшүүчү долбоорлор менен кошо, пакта аракетке баштоочу алгылыктуулары да болот. Маселен, франция долбоорчулары ибадатканаларды таш менен курчап, арасын топурак тосмо менен бекитүүнү сунуш кылат. Бирок, мындай тосмону салууга болгону менен жылчыктан агып жыйылган сууну төгүп отуруунун чыгымы тосмонун өзүн салуу чыгымынан ашып кете турганы, ага кошо коопсуздукка кепилдиктин жоктугу көп кечикпей аныкталат. Италия инженерлери ибадатканаңы жарташтан оюп алып, аларды домкраттар менен көтөрүүнү сунуш кылат. Бул үчүн 300 тонналык эки жана 60 тонналык бир зор ташты көтөрүүчү домкраттарды жасоо керек болот. Мындан башка эки калкыма салуу сунушу да түшөт. Ушул сунуштун натыйжасы боюнча суу көтөрүлгөн кезде ибадатканалар кошо көтөрүлмөк. Польшадан түшкөн долбоор боюнча ибадатканалар темир калпак менен жабылып, суу астында калууга тийиш эле. Эң акырында англиялыктар ибадатканаларды Нилдин ылай суусун чыпкалоочу жука дубал менен курчоону сунуш кылат. Ошондо аквариум ичиндеги таза сууда тургандай болуп көрүнүүчү ибадатканаларды ары-бери өткөн туристтер сонуркап карашат дейт.

ЮНЕСКО менен Мисир өкмөтү жүздөгөн долбоорду карап, узакка акылдашкандан кийин ибадатканаларды домкраттар менен көтөрүү жөнүндөгү италиялыктардын долбооруна токтошот. Бирок акыркы сөздү инженерлер эмес, финанс ээлери айтууга тийиш эле. Италия долбоорунун баасы токсон миллион долларга жетет да, мындай каражатты төлөөгө мүмкүн болбойт.

Убакыт күн сайын азая берет, көп кечикпей тосмону сууга толтуруу өнөктүгү жакындайт. Ошол кезде шведдер сунуш кылган долбоорго ыклас коюуга мажбур болот. Бул долбоор боюнча ибадатканаңын ири блокторго бөлүп, араланган бөлүктөрдү жогору карай көтөрүп, жаңы аянтка ибадатканаңы кайта тургузуу керек эле.

Бирок бул жобо да аябагандай күрдөөлдүү болот.

Ошол тушта Абу-Симбелди куткаруу XX кылымдын инженерлик жетишкендиктеринин эң атактууларынын бири десек, эч кандай ашыра чапкандык болбос.

Курулуш аянтына инженерлер менен жумушчулардын шаарчасы орноп, жабдыктар менен материалдар жеткизиле баштайт. Ошону менен катар, Абу-Симбел ибадатканасына кум тартуучу түтүк кошо жүргүзүлөт. Бир кызыгы, курулушчулар ибадатканаңы мындан жүз элүү жыл мурун Буркхардт көргөн калыбында сактоого дит коюшат. Ошондо ибадатканаңын айкелдерин басып жаткан миңдеген тонналык кум тазаланган соң, ошол айкелдердин үстүнө конуп турган калка ташты кулатып, таш сыныктарын тазалоо керек болот.

Акыры, калка таш алынып, этектеги сууга оop түшкөн соң, казма жумушу башталат. Алды менен калыңдыгы бир нече метрлик борчук таштан өтүп, үңкүрлүү ибадатканага жетүү керек болот. Бул арада көктөмдөгү ташкындан Нилдин суусу көтөрүлүп ибадатканаңы суу басуу коркунучу туулган соң, коргон боло турган болот чарбактар тургузулат. Болот чарбактарга жаба тосмо салынат. Ошентип, 1965-жылдын көктөмүндө Абу-Симбел тосмо менен кум тоосунун далдасына түшүп, көрүнбөй калат.

Ошол кезде эле даярдык жумуштары аяктalып, эң негизгиси — ибадатканаңы бөлчөктөө жумушуна киришет.

Аска айтарлыктай жумшак болуп, жумушка женилдик туудурганы менен, өзгөчө сактыкты талап кылат. Таштын жумшак, борпоң болушу кооптуу болгон да жайы бар, анткени өзөндөн караганда экинчи турган эбегейсиз айкелдин башы Рамзестин көзү тирүүсүндө кулаган.

Ибадатканаңы бөлчөктөөдөн мурун адистер эстеликтин ар бир сөөмүн тыкылдата текшерип, ар бир жарака менен оюктун белги-долбоорун сызып, ал эми шектүү жерлерине полимер желимин куят. Арааны ташка салганда ары жука, ары эптүү болушу үчүн Италиянын мармар өндүрүүчү жерлеринен атактуу чеберлерди атайы чакырат. Италия жумушчулары менен алардын көмөкчүлөрү, Мисир бедизчилери жупжука араа менен ташты аралай баштайт. Алар кээ бир жерлерде ибадатканаңын ичине керип таштаган темир тордун куушунда бүктөлө туруп аралоого мажбур болот.

Айтылуу 1965-жылдын 10-октябры да келип жетет. Бул жылы ибадаткананын зыярат жайы күндүн жарыгынын сырттан түшүшүн күтпөйт. Анткени, ибадаткананын төбөсү алынат, кесек-кесек албан таштар дайындалган аянтка жеткизилген. Ал эми аянтта жакында гана ибадаткананын калкасы болуп турган киши боюндай чулу таштар номерленген, арчындалган калыбында колонналар кандайдыр бир мумия сыяктуу каз-катар тизилип коюлган... Мындагы жумушту өз көзү менен көргөн журналист күндөлүгүнө мындай жазуу калтырыптыр: «Чыккан күн менен бирге аянттагы айтылуу окуя башталып кетти. Кранчы көтөрүүгө буйрук алган кезде күндүн көзү да көк жээктен көтөрүлө баштаган. Акырындап-акырындап кудай падышанын бети кулагынан бөлүнүп, жай гана көтөрүлө берди... бул эч качан унутууга болбой турган көрүнүш эле. Ошол кезде ажайып бир сезимдин кучагында калгандай болдум, кандайдыр бир бүгүнкү күндүн каракчылары улуу фараонду курутканы жаткандай көрүнөт. Темир арканга илинген адамдын албан бети жай гана айлана берди. Ошол кезде күндүн нурлары кишинин бети кубулуп тургандай таасирде болдум... Андан ары фараондун бетин жай гана даярдалган трайлердин жумшак төшөнчүсүнө түшүрүп, ары карай ибадаткананын башка бөлүктөрү сакталган тектирге алып кетти».

Фараондун бети курулушчулар үчүн миңдеген чулу таштын кандайдыр бир номери бирөө гана болот. Алардын ар бири тийиштүү жерге эч жери кетилбестен жеткизилиши керек. Арийне, бул жерде инженерлер менен жумушчулар албан айкелдин сулуулуксымбатын журналист сыяктуу түшүнө алышпаган деген түшүнүк туулбашы керек. Алардын карабаластаган жумушун да эскерген жөн. Абу-Симбелдин куткаруу жумушу кандайдыр бир Нил менен үзгүлтүксүз мелдешке түшкөндөй абалда эле. 1966-жылдын август айына чейин бардык жумушту аяктоо кажет болот, себеби Насер көлүнүн көтөрүлгөн суусу убактылуу согулган тосмону бузса болду, алууга үлгүрүлбөгөн таштар суу астында калмак.

Миңдеген жылдар бою биринчи жолу күн менен желге койнун ачкан ибадаткананын залдары, колонналары көргөн адамды таң калтырар эле. Көөнө Мисир сүрөтчүлөрү менен айкелчилеринин чеберчилигинде чек болбогон. Жүздөгөн бедерлүү сүрөттөр ме-

нен фрескалар думуктурма бөлмө ичинде чырак жарыгы менен салынган. Дубалдардын сүрөт салынбаган жери жок, мындай өнөктүктөгү эмгек фараон-кудайдын даңкына багышталган. Бул жерлерде анда-санда зыярат кылуучулар менен мамлекеттик улуктар болуп турат. Ошондон кийин кээде гана ушул залдар менен, Рамзес айкелинин жанынан абыздар өтөт. Ошол тапта чырагдандын жарыгы дубулдагы фрескаларды бир чарпып, кайтадан караңгылыктын кучагына бөлөнөт.

Бул ибадаткана фараондун такка отурганынын отуз жылдыгына карата салынган. Ал кезде такка отуруу расими эсте каларлыктай болгон, себеби тайпа көсөмү картайган чагында тагын өзүнөн жаш бийлөөчүгө берүү үчүн өлүүгө тийиш эле. Демек, такка отуруу расими көөнө Мисирде падыша өкмөтүн жаңыртып, жаңы падышалыктын салтанат курушу өзүнөн мурунку падышалыктан күч-кубатынын кем эмес экендигин таанытуу үчүн улуу фараон-кудайларга жаңы курулуш арнап салдырууга тийиш. Ошондуктан, ибадатканалардын кире беришиндеги айкелдер аябагандай ири, бедер-сүрөттөрү аябагандай салтанаттуу болуп келет. Арийне, мунун баары келип-кеткен адамдар үчүн эмес, караңгыда да көрө ала турган кудайлардын эсине фараондордун ылайыктуу ордун басуучулар экенин салуу үчүн курулган дүйнөлөр.

Ибадатканаларды ооштуруунун жүрүшүндө Мисир археологдору да изилдөө иштерин бир катар жүргүзө баштайт. Арийне, мындай онтойлуу кездин кезиге бербегени белгилүү, окумуштуулардын көз алдында туташ бир ибадаткана койнун ачтара ачкандай, жазуулардын ар бирин, ар бир жаракасын, сүрөтчүлөр жиберген ар бир жаңылыштыкта адам баласынан өзүнүн осолдугун жашырган фараондордун ар бир кылык-жоруктарын ийне-жибине чейин байкоого болор эле. Маселен, бедер-сүрөттөрдүн биринде фараон адегенде Амондун, андан кийин аял кудай Муттун алдында турганы чагылдырылган. Андан кийин даражалуулук өзгөрүш киргизүү жөнүндө буйрук болсо керек. Айкелчилер бедер-сүрөттү кубултуп, Рамзести эки кудайдын ортосуна тең ата кылып отургузат. Бул да оной жүзөгө аша койбогон, жаңы кудайды сыймдуу орноштуруу үчүн, аял кудай Мутту саал жылдырып, кичирейтип салган.

Ибадатканаңы тургузуу жана жасалгалоо кезинде фараондун сүйүктүү ойнош аялы Исет-Нефертинин кайтыш болгону аныкталды. Анткени, Рамзестин кызы менен Исет-Неферти башкы залдагы бедер-сүрөттө падышайымдар сыяктуу ата-энеси менен катар чагылдырылган. Ал эми карацгы залдан Исет-Нефертини накта падышайым катарында чагылдырылган фреска табылды. Бул анын энеси өлгөндөн кийин гана ушундай чагылдырууга тийиштүү жагдай. Фараондордун өзүнүн карындаштары менен кыздарына үйлөнүшүнө уруксат этүүчү салтта белгилүү даражада адап-ахлактык чектөөлөр болгон.

Курулуш бүткөн соң көп кечикпей, балким, фараондун көзү тирүүсүндө болуу керек, албан айкелдердин биринин башы кулап түшөт. Кебетеси, ибадатканаңы салуучулар асканын жаракасын же көңдөйүн көрүшпөсө керек. Ал эми кулаган башты ордуна коюу мүмкүн эмес эле. Анын үстүнө муну фараон жаман жөрөлгө көрүп, кудайдын кудрети менен болгон иш деп эсептеген болуу керек, айтор ибадатканаңын алгачкы он жылында байкалган каталыктар ошол калыбында калган.

Мындан кийин ибадаткана дагы үч жүз жыл жумуш иштейт, андагы абыздар жылына бир ирет кудайлар менен Рамзестин айкелдерин кайыкка салып, Нилге бара турган болгон. Кийин Мисир Төмөнкү Нубияга жүргүзүп келген бийлигинен айрылган соң, ибадаткана кацгырап бош калып, акырындап-акырындап кум айкелдерди көмө баштайт.

Ибадатканаңын ордун ооштуруунун жүрүшүндө дагы бир кызык жагдай байкалат, биздин доорубузга чейинки VI кылымда кум көчкүнү албан айкелдерди санына чейин көмүүгө үлгүргөн экен. Ошол кезде ушул туштан гректер менен финикийлердин жалданма аскерлери Нубияга кезектеги бир чабуулун жасоо үчүн өткөн. Калыбы, алар шашпаса керек, эки жалданма аскер кум жалдарын өрдөп Рамзеске жетет да, кудай-фараондун жоон санына өчпөгөндөй кылып мынабул «маалымдама» жазып калтырат: Псамметих падышасы Элафантинге келди, ошол Псамметих менен бирге болуп, өзөндү өрдөй бирге сүзгөндөр ушул жазууну калтырды. Потасимто чет элдиктерди, ал эми Амасис мисирликтерди баштады. Ушул жазууну биз калтырдык: Амонбихос уулу Архон жана Удамос уулу Пелкос».

Бул эң көөнө грек жазууларынын бири.

...Акыркы курулушчулар үлгүрдү. Жакында гана ибадаткана турган жерге Насер көлүнүн суусу жеткен кезде, чулу таштарды кураштыруу жумушу да башталды. Алды менен албан айкелдер кураштырылат да, ошондон кийин орошон зор ибадаткананын сырткы калкасы тургузулат. Эми курулушчуларды башка бир маселе кыжалат кылат: албан айкелдин бир кездери кулап түшкөн башына эмне иштөө керек? Анын жаракасын кантип эптештирүүгө болот...

Бул жөнүндө Мисир археологиялык башкармасынын директору көпкө ойлонгондон кийин мындай дейт: «Фараонго келтирилген майыптык эмделүүгө тийиш. Эптешер жериндеги жаракалар баткак менен толтурулат. Биз мындан көрө ишкердүүлүктү таанытып, эптешкен жерин билгизбей салар элек. Бирок биздин бул аракетибиз бабаларыбыз үчүн, өзүбүз үчүн, бизден кийин ушул жерге келүүчү урпактарыбыз үчүн адилеттүүлүк болор бекен?»

ТИМГАД

Римдин үлгүлүү калаасы

Түндүк Африкада байыркы заманда бир нече цивилизация болгон. Булар өздөрүнүн эрк-калоолорунан тышкары бир-бири менен аралашып отурган.

Мисир өз өктөмдүгүн батышындагы Ливиядан ары ашырбаган. Бирок, идеялары менен элчилери кээде Атлант жээктерине чейин жетип турган. Мисирдин таасири Тассилия фрескаларынан байкалышы тегин эмес.

Бул өрөөнгө мисирликтерден кийин, көөнө замандын улуу соодагерлери менен деңизчилери финикиялыктар келет. Алардын калаалары мындан беш миң жыл мурунку бүгүнкү Ливан менен Сирия жээктеринде бой көтөргөн.

Тоорат (Бибилия) деген сөз кыргызча «китеп» деген маанини билдирет. Бул сөздүн пайда болуу төркүнү финикиялык Библу (Гублу) калаасына байланыштуу. Кээ бир лингвистер буга келишпегени менен, бул калаада фонетикалык жазуунун ырааты пайда болгон.

Финикиялыктар фонетикалык жазууну дүйнөгө

апкелген башка өрөөнгө караганда, бул жазууну «тутунуп» гана калган жок, ошону менен бирге бүткүл Жер ортолук деңизине таратты.

Ошол финикиялыктар Васко да Гамадан эки миң жыл мурун Африканы айланып чыккан. Алар Мисир фараону Нехонун буйругу боюнча Нилдин чыгыш жак айрылышы менен Кызыл деңизди жээктеген эски канал аркылуу чыгыштан батышка карай сүзгөн. Каналдан өткөн соң финикиялыктардын ай тумшук кемелери төрт чарчы жел тоскучтарын керип, Африка жээктери менен түштүккө карай сүзөт. Алардын болжолу боюнча күз түшкөн кезде деңизчилер жээкке чыгат да, буудай эгип, анын бышышын күтүп, ошондон кийин орулган түшүм менен кемелерин толтуруп алып, ары карай сүзүп кетет. Ушинтип сапар тарткан финикиялыктар ачкачылыктан сактанууну, жолдун узактыгынан коркууну билишпеген. Бир жылдан кийин финикиялыктар дагы жээке чыгып, эшкекчилер дыйканчылык кылышат. Тек үчүнчү жыл дегенде, алар Геркулес баганасы аркылуу Жер ортолук деңизине кайтып келишет.

Бул сапардын жайын Геродот уккан, бирок ишенбейт. Ишенбегенин себеби да бар. Даанышман грек мындай деп жазыптыр: «Алардын кайтып келгендеги айтканы (бирөөлөр алардын сөзүнө ишенет, ал эми мен ишенбейм), Ливияны айлана сүзгөндө күн оң тараптан чыгыптыр».

Арийне, жердин Түштүк бөлүгүндө күн оң тараптан көтөрүлөт эмеспи. Жерди жайпак деп түшүнгөн Геродот үчүн эч кандай далилди керектебеген финикиялыктардын сөзү ойдон чыгарылган керемет жомоктой болуп көрүнгөн.

Финикия калааларынын бышык жана ишкер тургундары кай жерге туш болсо да баш калкалап, пайдубал согуп, соодасын өрүштөтүп, тез эле ынгайлашып кетишет. Өздөрү менен бирге кол өнөрү, билим өркөн жайып, көчүп-конууга деген ынтаалары суубайт. Алардын соода жүргүзгөн жерлери көп кечикпей калаага айланат, бул сыяктуу финикиялык турактар бүткүл Жер ортолук деңизинде мончоктой тизилип жатат. Саякатчылар Африканы айланып келип, Жер ортолук деңизине туяк илсе болду өз үйүнө жеткендей сезишет. Анткени, финикиялыктардын кыштактары Родосто, Кипрде, Критте, Мальтада, Сардинияда, ал эмес Испания менен Туниске чейин

боло турган. Ушундай сапардан үйүнө кайткан деңизчилер, балким, өздөрүнөн үч жүз жыл мурун финикиялыктар пайдубалын тургузган Карфагенди да көргөн чыгар.

Финикиялыктар Атлант мухитин өтө терендеп кетишет, бирок канчалыкка узаганын бул күндө эч ким айта албайт. Кандай деген менен, алар Англияда болуп, ал жерден калай менен коргошун сатып алган. Ошондон кийин гректер менен римдиктердин түшүнө кирбеген Азор аралдарында болгон. Финикиялыктардын Америкада болгону жөнүндө да болжол бар.

Көөнө дүйнөдөгү ири калаалардын бири Карфаген акырындык менен өз бийлигин бүткүл Түндүк Африкага жүргүзүп, көп кечикпей Римдин башкы атаандашы болот. Бул өнчөй соодагер байлар бийлеген, соодасы жүргөн республикага окшош эле. Анын кемелери Жер ортолук деңизинин төшүндө сайрандап, Карфагенден чыккан кербендер Африканын түпкүрүндөгү саваннага чейин терендеп кирет. Ал жактан Карфагенге пилдер, кара кулдар, алтын менен темир агылып келип турат.

Ар бир мектеп окуучусуна белгилүү пуни согушу, Карфагендин атактуу кол башчылары Газдрубал менен Ганнибал, Рим дарбазасынын алдындагы согуштар, деңиз төрүндөгү айкаштар — ошол кездеги өтө кубаттуу мамлекеттер арасындагы абдан зор күрөштүн натыйжасы болгон. Мунун акыры Карфагендин кулашына алып келди. Карфаген жаңы заман босогосун аттаар туште кулап, кыйрады, бирок Түндүк Африкадагы финикиялык оторлор жоюлган жок. Анын тургундары кырк уруу болгон, алар ливиялыктар, берберлер, Азия менен Италиядан чыккан арабдар менен негрлер болуп, финикиялыктар азыраак эле. Бирок Африка жээктеринде өзүмдүк өмүр салтын орното билген финикиялыктар, акырындык менен жергиликтүү тургундарды айтканына көндүрүп, бийлигин жүргүзгөнгө үлгүрдү.

Ушул эле усул менен карфагендиктерди алмаштырган римдиктер да бийлик жүргүзөт. Булар Түндүк Африкадагы үчүнчү өкмөт болгон. Рим тартиби Карфаген өкмөтүнө караганда орунтуктуу жана натыйжалуу эле. Бир кездери Мисир пантеонун сыртан кабыл алган кушит падышалыгы сыяктуу, Түндүк Африкадагы финикиялыктардын ордун баскан Рим

да мындагы калааларына өзүмдүк кол тамгасын даарыта билди. Римдиктер империянын чебер уюштуруучуларынан болушкан...

Ошого карабастан, Магрибдин калаалары ар кандай типтеги тургундардан турат. Римдиктер эч качан элдин көпчүлүгүн түзө алган эмес. Анткен менен римдик калаалардын белгиси четинен көзгө урунганы ушунчалык, эгер мезгил менен чапкынчылык бүлдүрбөсө, аларды Рим империясынын кайсы районунда салынганын таамай айтуу оңойго турбас эле.

Түндүк Африкадагы мезгил менен үндөш ошондой калаалардын бири Тимгад болгон. Биздин доорубуздун 100-жылында Карфаген тургундарынын эски журтуна император Траян Тимгад калаасынын пайдубалын согот. Ошентип, римдик калаа деген атакка ээ болуп, тургундары империянын тең укукту адамдары катарында эсептелет. Өзүнүн кудрет-күчүн алыскы аймактарына чейин жая билген империя адалдыкка да дит коё билген.

Тимгаддын жолу болгон: анын башынан багы тайып, кулдураган кезде, капыстан көчө качкан журтчулуктун назарынан тез унут болууга үлгүрөт. Ал эми Рим империясы кулаган соң, ал Византия өкмөтүнүн карамагына алынат. Бирок калаанын накта жоюлган кези деп зор кыйроого учураган жер титиреөнү айтуу керек.

Рим империясынын экономикалык жүйөсү бузулат, бүткүл Түндүк Африканы асырап отурган буудай ташуу токтойт, табигатты кургакчылык каптап, Тимгаддын суу оргумалары менен көлмөлөрүнө он үч чакырым жердеги тоо булагынан ноолор аркылуу суу берип турган өтө күрдөөлдүү суу системасынын кызматы жоюлат. Ошентип, Римдин тушунда жаңы суу көздөрүн таап, ноолорду казып, далай чакырым жерге суу жеткизүүнүн эч кандай кыйынчылыгы болбосо, орто кылымдын башында мындай жумушту жүзөгө ашыруу өтө кыйынга турат. Сахара өз билгенин иштеп, бел ала баштайт. Адамдар акырындык менен калааны таштап, акыры аны такыр унутат. Бул чөлкөмдө суу болбогондуктан, дыйкандар жакын жерге турактай албай, калаанын асыл имараттары чети кетилбестен, аман калат. Калаанын түбүнө жеткен Сахара, Помпейди басып калган күл сыяктуу кум көчкүнү менен басылып калат.

Римдин үлгүлүү калаасы болгон Тимгад сызгыч-

тар менен циркулдар жардамы менен салынган. Анын эки кең көчөсү дал ортосунан кесилишкен. Андан ары калаанын коргон дубалына чейин Тимгаддын отор калаа экенин билдирет, бир үлгүдө салынган турак жай үйлөрү шахматтын чакмагындай жалгашып жатат. Кийин калаа ошол райондун борборуна айланган кезде, аскердик лагерь Ламбеске көчүрүлөт. Мунун таң каларлык айгагындай болуп, орто кылымдын дубалдарына окшош атактуу арка сакталган.

Рим калааларында салтанаттуу келишкен имараттарды салуу салты болгон. Тимгадда да чатырланган кичинекей үйлөргө толгон бир беткей маалалардын арасынан коомдук үйлөр заңкайып көрүнөт. Калаа мончолорунун дагара ысытуу үчүн от жагып, ысык буу айдай турган системалары сакталган. Мында күнү бүгүнкүгө чейин ысык жана муздак суу толтурулган бассейндерди, «накта» римдик атуулдардын ашыкпай узун кепке түшүп, жышына турган орундарын байкоого болот. Римде салтанаттуу арка тургузулбаган калаа болгонбу? Мында да Декуманус деп аталган бош көчөнүн таш көпүрөдөн өтүүчү көөнө жолунун үстүнө атактуу Траян аркасы тургузулган. Анын айкелдери менен ар түрдүү ачакейлери жоголгон. Бирок кош капталынан жөөлөр, ортосу менен унаа-көлүктөр жүрүүчү үч аралыктуу кең жолду боорунан эркин өткөзгөн колонналуу арка али күнчө заңкайып турат. Римдин көчүрмөсү экенине көзүң жетет. Арийне, жоон ортодо форум бар. Негизги залдан калган калдык муниципалдуу кеңеш өтүүчү бөлмөнүн одуракай адени гана. Анын каршысында сот, соода иштеринин үйү жайгашкан. Тимгад, эң алды менен, соода калаасы болгон. Негизинен эгин сатат. Императорлор менен башка атактуу адамдардан калганы айкелдердин тууру гана. Бирок ошол туурлардын санына карап, кырк уруудан жыйналган атуулдардын борбордук салттан калышпаганын байкоо кыйын эмес. Кош катар алп колонналардын тизмеги бийиктеги дөбөгө барып тирелген. Кезинде бул дөбөнүн башында Юпитер, Юнон жана Миневр сыяктуу үч кудайга арналган капителий-ибадаткана турган. Ал кезде капитолийдин маңдайындагы колонналардын саны алтоо эле. Ал эми, ибадаткананын ичиндеги ар бир кудайга арналган өзгөчө кенен үч зал болгон.

Тимгаддагы жакшы сакталган базар Рим калаалларынын ичиндеги кызыктуу жана бөтөнчө жер. Андан азыр таш столдор менен төгөрөктөр гана калган. Мындагы дүкөндөрдүн асем ачакейлер менен жасалгаланганын байкоого болот. Кезинде, чөлдүн түпкүрү менен деңиз жээктеринен агылып келип жаткан убаган-чубаган кербенчилердин кыркарын элестетүү кыйын эмес.

Рим атуулдары өзүнүн европалык кесиптештерин тууроого аракеттенишип, асыресе, өнөр тармагында мелдешке түшүүгө куштар болгон. Тимгаддагы чоң театрдын диаметри алтымыш үч метрге жетсе, ага төрт миңдей көрөрман сыйган. Арийне, мындай көлөмдү жөн гана даңкка кумарлангандыктан дешке болбос. Бул калаа өз чөлкөмүнүн маданий уюткусу сыяктуу эле. Тимгаддагы маданий мурастардын бири — китепканасы. Анын эки кабаттуу үйүндө кагаз оромдору коюла турган орундар, китеп сакталуучу шкафтар, ал эмес короосунда да китепкана курулушун салуу 400 миң сестерциге түшкөн. Ал акчаны Марк Юлий Квинтан деген бирөө берген имиш. Бул китепкананын кору азыркы өлчөм менен салыштырганда да таң калтырат. Мында 25 миңдей китеп сакталган.

Сырттан караган көзгө калаа изсиз жоголгон сыяктуу. Форумдагы уй мүйүз тарткан жыйыны, кыжы-кужу базары, оргумадан атылган мөлтүр суусу менен мончо алдындагы акылман кеңештер биротоло унут болгон. Римдиктердин багы тайган соң бул өңүргө аяк таштаган баскынчылар китепке да, мындагы кудайларга да, театрларына да назар оодарган эмес...

Кандай десек да, баары башкача эле. Кандай гана «римдик чындыкты» жамынган менен, бул калаа африкалык болгон. Кезинде ушул жерден Ливиялыктар, финикиялыктар, берберлер, негрлер сыяктуу соодагерлери бар, кулдары бар, кол өнөрчүлөрү бар — римдин акыркы атуулдары капыстан көчкөндө, алар бул калаанын ар бир эсте калар белгисин көңүлүнө сактап кеткен. Ошондогу эстеликтер, китептер, театр беткаптары тууралуу эскерүүлөрү кийин урпактан урпакка оошуп, Кара кургактыктын түпкүр-түпкүрүнө аңыз болуп тарап, кийин африкалык маданияттын кенири нугуна кошулду. Ошондуктан, Ноктун айкелинде, Ифенин башында, Зимбабвенин

дубалдарында тикелей көчүрмө болбосо да, мындан бир жарым миң жыл мурунку эстеликтин изи, жышааны бар дегенге ишенгибиз келет. Ошондой эле Тассилия фрескаларын жараткан чеберлердин урпактары башка аймакка көчкөн кезде, башка замандар менен башка элдердин жетишкендиктеринен кем калбаган жана Ифе менен Бенин айкелдеринин кайталанбас бөтөнчөлүгүн жокко чыгарбай турган эң сонун өнөр туундуларын жараткан тажрыйбалары менен эскерүүлөрүн өздөрү менен бирге ала кеткени бышык. Арийне, башка кезендер менен башка элдердин Ифеде, Бенинде жараткан кайталанбас айкелдеринин түпкү бөтөнчөлүгү толук сакталган деп кесе айта албайбыз.

МЕРОЭ

Эрктүү мештеринин күлү

Фараондор элинин жер жарган даңкы, өнөрүнүн байлыгы, Мисир эстеликтеринин текебердүүлүгү түштүгүндө жаткан, азыркы Судан жеринде өмүр кечкен элдер тууралу эстеликти далдоого калтырып отурган. Ошондой далдоодо калган элдердин ичинен эң алды менен Куш элин атоого болот.

Биздин доорубузга чейин эки жарым миң жыл мурун өмүр сүргөн фараондордун алтынчы тукуму Пепи II Нил босогосу үчүн болгон жортуулдан кайткан Югдун мураскору Хуефордон салам кат алат. Мураскор мүрөл олжону (кара жыгач, пил сөөгү, атыр, төө куш канаты жана капкара эргежел-пигмей) тизмелеп чыккан. Фараон салам катты тыңшагандан кийин, ошол жерден жооп катты баяндайт. Бул — Хуефхор бейитинин башынан чегилип жазылган соң гана сакталган, көөнө падышалыктан бизге жеткен жалгыз кат.

«Биздин ээликтин түндүгүнө чыгып кел,—деп буйрук берет фараон. — Өзүң менен бирге алиги эргежээлинди ала чык... жолдо өзөн жээги менен сүзүп келе жатканда сууга кулап кетпес үчүн ишенимдүү адамдарга кайтартып кой. Ал эми түнкүсүн сергек адамдар менен бирге уктасын, өзүң он жолу туруп текшер. Биз үчүн бул эргежээл Синай менен Пунттун бардык тартуусунан артык».

Эгерде фараондун сегизге жаңы толгонун эскере турган болсок, каттын маанисин түшүнүү кыйын эмес. Фараондор да бала болгон, алар да кара эргежели үчүн Пунттун тартуусун тамшануу менен кабыл алган.

Орто падышалыктын баш чениңде, жүз жашка чыга жашаган Пепи фараон саргая күткөн эргежээлин көргөн соң, арадан беш жүз жыл өткөндөн кийин, Мисир Нилдин түштүк өңүрүндөгү Нубияга өз бийлигин жүргүзө баштаган. Ал кездин тарыхы бүгүнкүдөй шашылыш өтпөгөн сыяктуу, дагы беш жүз жыл өткөндө Тутмос I Нилдин төртүнчү босогосуна жортуулга чыгып, кушит тайпалары мекендеген жерлерге көзөмөл коёт. Мындан кийин дагы беш жүз жыл өтөт. Мисирдин башынан бак тая баштайт. Кушиттерге жүргүзгөн бийлигинен да айрылат. Кушиттер өз мамлекетин курууга үлгүрөт.

Нилдин төмөнкү агымында, азыркы Шенди калаасынын түштүгүндө, Судандын борбору Хартумдан чыккан темир жол боюнда таң каларлык дөбөчөлөр бар. Ошол темир жол бир жерлерге келгендей бийиктиги он метрдей болгон жылтыраган кара тектерди жарып өтөт. Бул дөбөчөлөрдүн бир кездери адам колунан жасалганына күмөн жок. Ал эми кара тектер болсо, кылымдар бою эритүү мештеринен чыккан күлдүн үйүндүсү.

Дөбөчөлөрдүн ары жагынан Мисир ибадатканалары менен пирамидаларын эске түшүрүүчү үйүндүлөр көрүнөт. Бирок, мисирлик кол тамганы канчалык эске салганы менен, түндүгүндө миң чакырым жерде жаткан эстеликтерден бөлөкчө экени да бышык. Пирамидалары анча албан эмес, бийиктиги бир нече метр гана, Мисир пирамидаларына караганда чукул көтөрүлгөн, кээсинин кылда чокусун чаап түшүргөндөй. Бул жер кандайдыр бир алптардын балдарына арналган оюн аянттары шекилдүү. Алар бул жерде метрлик таштарды метилеп, аны оюнчук сыяктуу жасап, көңүл көтөргөн сыяктуу.

Куш мамлекетинин борборлорунун бири болуп саналган Мэроэ калаасына туш болгон Англия тарыхчысы Бэзил Дэвидсон азырынча изилдене элек өлүү калаа тууралу мындай деп жазат: «Мэроэ менен анын тегерегиндеги сарайлар, ибадатканалар, мындан эки миң жылдан ашыгыраак мурун гүлдөгөн цивилизациянын изин баамдатат. Ал эми калың ура-

дынын айланасында ушул ибадатканаларды жана сарайларды дүйнөгө апкелгендердин коргон бейиттери жатат. Мэроэнин урандысын бир нече саат аралаган адам алыста калган доорду өз көзү менен көргөндөй болор эле. Жанар тоонун кызыл тегинен (базальт) согулган калакалар не бир купия жазууларга толгон. Бир кездери ажайып ибадатканалар менен сепилдердин ачакейи болгон аппак бедер сүрөттөрдүн сыныктары, боёлгон карапа идиштер менен таштардын бөлүкчөлөрү, али да ачык түстүү боектору өчпөгөн оюулар — бир кездеги кубаттуу цивилизациянын изи сыяктуу. Кээ бир туштан түнөрүп Күн кудайы Амон-Ранын ээсиз калган гранит айкели көрүнөт. Ышкыра соккон шамал бул жердин үстүнөн кумдун кызгылт сары тозонун үзгүлтүксүз боройлотуп турат...»

Мероэге казма жумуштары далай жолу жүргүзүлдү. Бирок ушул мезгилге чейин Куштун борбору да, Мисирдин түштүк чек араларында пайда болгон бул мамлекеттин башка калаалары да толук изилденген жок. 1958-жылы Судандагы көөнө мурасты изилдөөчү Депортаменттин директору эстеликтер тууралу маалымдама жасаган кезде, анын тизмесиндеги эстеликтердин саны эки жүздөн ашып кеткен. Бул тизмени жакында ГДР археологдору толукташкан.

Кандай деген менен да азыркы археология асыл заттарды тергенден көрө адамзаттын өткөнү тууралу илимге кол кабыш кылып отурган чакта, Мероэде бир аз иштерди тындырууга үлгүрөт: калың урандылардын жана кум астынан Күн ибадатканасы аарчылып алынды, эсте жок эски заманда тонолгон Куш бийлөөчүсүнүн пирамидасы изилденди жана падышайымдын мүрзөсүнө баштап бара турган жер астындагы жолдор табылды. Андан кийин биздин доорубузга чейинки 1200-жылдан баштап, биздин заманыбыздын 200-жылына чейин мамлекетти жергиликтүү муундардын үзгүлтүксүз бийлеп келгенин далилдей турган Куш падышаларынын тизмеси табылды. Ошондой эле карапалар (керамика), белги такталар менен бедерлүү сүрөттөр изилденип, жазуулардын ачкычы табылып окулду... Куштун ибадатканалары менен калааларынын калдыктары тымтырс табышмактуу калыбында деп айтууга болбойт, алар сүйлөп жаткандай... Эң алды менен тил каткан Сахаранын түштүгүндө жаткан улуу африкалык цивилиза-

ция. Ал бир кездери Мисирден үлгү алып, ошонун таасири менен өнүккөн, кийин өзүмдүк жолун тапкан, ал эмес кээ бир жагдайларда өз устатынан алдыга озуп отурган.

Куш тарыхынын алгачкы кылымдары мисирликтердин бийлик кылышы менен түздөн түз байланыштуу. Жергиликтүү ак сөөктөр, абыздар, падыша үйлөрү, Мисир үлгүсү менен салтын катуу тууралган. Ошондой болгону менен, түндүктүн таасири элдин калың катмарына терең киргени анык эмес. Себеби, алар мисирликтерден этникалык жагы менен гана айырмаланбастан, ошону менен бирге Кушит тургундарынын жашоо-тиричиликтери да башкача болгон. Кушиттер өмүргө өтөлгөлүү өзөн аймагын сагалоо менен чектелбеген. Мындагы саванналар мал чарбачылыгынын өркүндөшүнө себепчи болгон. Куштун карамагындагы көптөгөн тайпалар көчмөндү өмүр салтын сактап калган.

Калыбы, биздин доорубузга чейинки 800-жылдары Мисирдин XXII тукумунун алсыраган фараондору айласыздан Кушка эркиндик берсе керек. Куштун борбору Нилдин төртүнчү босогосунда жайгашкан Напата калаасы болот. Бул — Кушиттердин кой түрүндө чагылдырылган, Амон кудайды пир тутуучу борбор эле.

Арадан азыраак убакыт өткөндө, Кушит падышаларынын өздөрү түндүккө карай жыла баштайт. Куштун Кашта деп аталган эң биринчи «улуу» падышаларынын бири Мисирдин түштүгүндөгү көчмөндөр менен согушат. Анын уулу Пианхи Мисир бийлөөчүлөрүнө каршы бир нече чабуул жасайт. Мындай чабуулду Амон ибадатканасынын абыздары колдоду деген негиз бар. Себеби, Мисирдеги атактуу бийлөөчүлөрдүн да Амон кудайы пир тута тургандыгын абыздар эсепке алган. Ал эми, мурунку-соңку жазма даректерге караганда, Амондун таасири Мисирге караганда Кушта басымдуу болгон. Мындагы көптөгөн бийлөөчүлөрдүн иш-аракетине Амон абыздары башчылык кылышкан. Алар бир гана ибадатканаларды эмес, мамлекетти башкарууда да зор тажрыйбалары болгон.

Көп кечикпей, Фивы кулайт. Ошондон соң Мемефис курчоого алынгандан кийин Пианхи өзүн душмандарынын алсыз жерлерин шак басып ала турган, аскерлерин билгичтик менен башкара ала турган жа-

на Мисир абыздарынын айтканына ынтаа коюп, ич ара араздашкан княздар менен чиркөөлөргө шерик боло коюучу ишкер кол башчы катарында таанылат.

Мисирдин башынан бак таят. Кушиттер менен болгон согуштун жайы мындайча жүргүзүлөт: мисирликтер атактуу шаар-сепилдеринен таман оодарбайт. Бирок алынбаган сепил барбы? Сырттан колдоо албаган сепилдин эртеби, кечпи, айтор, акыры жеңилип берери бышык. Пианхи муну жакшы билген.

Мисирдин акыркы фараонун жеңген соң, кушит падышасы кезектеги XXV «Эфиопия» тукумунун негизин салат. Ошентип, жарым кылым боюнча Мисирди африкалыктар бийлейт.

Ырас, ошол кезеңдин өлчөмүндөгү аз убакыт гана жүргүзүлгөн бийлик аяк астынан чорт үзүлөт. Нилдин төмөнкү босогосунан кушиттер да, мисирликтер да эрөөлдөшө албаган кооптуу жана катаал жаңы душман бой көтөрөт.

Африкага басып кирген ассириялыктар темир найза менен, кылыч менен куралданышкан эле. Мунун өзү арадан бир нече кылым өткөндө, Чыгыш элдеринин европалык кошуундарга каршы тура албагандыгына окшош эле. Мисирликтер менен кушиттердин коло жана таш куралдары темир куралдын алдына дармансыз болот.

Кушиттердин бактысына, ассириялыктар аларды Нилдин жогору жагына чейин такымдап куубайт. Ошентип, Куш өзүнүн боштондугун сактап калат.

Ушундай жарамсыз согуш Кушит коомунун өнүгүшүнө жагымдуу таасир этет. Дал ошол кезден баштап, Мерэо менен башка калаалардын эритүү мештеринен тоо-тоо күл чыгарыла баштайт. Бул жагдай кылымдарга созулат. Ал эми Мерэо болсо, англиялык археологдун тили менен айтканда, акырындык менен Африканын «Бирмингемине» айланат. Биздин заманыбыздын баш ченинде Куш мамлекети Африкадагы темир өндүрүүчү борборго айланат. Бул жерде темирдин кеңири таралганы ушунчалык, ал эмес темирдин жыйналма отургуч жасаган. Чыгыштын ири мамлекеттеринен обочолугу, жеринин алыстыгы (жоо аскерлери кушит калааларына жетүү үчүн суусуз талаалар менен жүздөгөн километр жол жүрүү керек болмок), өзүнүн түндүгүндөгү империялар алмашып, мамлекеттер кыйрап жатканда, Куштун өз алдынчалыгын сактап калышына мүмкүнчүлүк берет.

Биздин заманыбыздын баш ченинде Римдин кол астындагы Мисирге басып кирген Куш римдик кошуундарды таш-талкан кылып, Жакынкы Чыгыш саясатына дагы аралашат. Рим армиясынын жазалоочу экспедициясы Напату калаасын кыйратат. Ушул жортуул тарыхчылардын айтымында, Кушту тизе бүктүрө албаган. Тек гана туткундагы римдиктерди бошотуп, Август императордун кушиттер мурда колго түшүргөн айкелин кайтарган. Кебетеси, мындай айкел жалгыз болбосо керек, себеби Мероэдеги калаалардын бирин казуунун жүрүшүндө ошол императордун колодон куюлган башы табылган.

Бул кезде Куштун борбору Мероэнин түштүгүнө оошот. Мунун башкы күбөсү Напатуга караганда Мероэде падышайым-кудайлардын табыттары көбүрөөк кездешет. Балким, мунун бир себеби чөлдүн ыкташтыруусу болушу да кадиксиз.

Ошол тушта Кушиттин башка да ири борборлору гүлдөп, көрктөнө түшөт. Мероэден отуз чакырым жерде, чөлдө, бир кездеги Куш бийлөөчүлөрүнүн бири турак кылган албан сарайдын урандысы жатат. Бул жерде да али күнчө казма жумушу жүргүзүлбөгөн бир нече дөбө бар. Ошолордун арасынан калың дубалдар, жоон колонналар сороё көрүнөт. Мындагы аябай мүлжүлгөн калдыктарга карап, эки миң жылдай дооран сүрүп, абдан алсырап барып өчкөн Чыгыш цивилизациясынын болумушун байкайсың. Сугат тармактарынын калдыктары сарайлардын тегерегинде айдоо аянттарынын болгонун, бийик чынарлар таш үйлөрдүн үстүнө саялуу көлөкөсүн түшүргөнүн түшүндүрөт. Бул жерге Индиядан, ал эмес Кыкайдан келишкен көпөстөр албан түрлүү оокаттарды апкелген. Мунун бир күбөсү Мероэден табылган кытай чөйчөгү.

Ушул уранды дөбөлөрдөн отуз чакырымдай жерде Нагаа ибадатканасынын урандысы жатат. Бул биздин заманыбыздын баш ченинде Мисир маданияты иш жүзүндө жашоосун бүтүп, ал эми Кушит маданияты али да болсо өмүр сүрүп турган кезде тургузулган. Нагаадагы бирден-бир жакшы сакталган негизги ибадатканалардын бири — Арстан ибадатканасы. Кудрети күчтүү Амон Кушит кудайларына жол берген, Ибадаткананын бөлмөлөрүндө Кушит падышаларынын эрдик менен санжыралары маалымдалган. Ал эми ибадаткананын сырт жагында арстан

кудай Апедемаактын үч баштуу, төрт колдуу таң каларлык бедер-сүрөтү бар. Бир көргөндө бул сүрөттөр инди кудайларын эске түшүрөт. Мындагы жазууларды окумуштуулар окуганы менен азырынча сөзүн түшүнө албай жатышат. Инди кудайларына окшош бул сүрөттөрдүн кокусунан болушу да шексиз. Бирок инди буюмдары Кушка чейин жеткенде, ошону менен бирге идеялардын, көркөм образдардын кошо жетиши да абдан ыктымал.

Римдиктер менен согушкандан кийин арадан жүз же эки жүз жыл өткөндө, Кушит мамлекетинин кооптуу коңшусу — Аксум падышалыгы өнүгүп, гүлдөй баштайт. Кемелине бет алган соода жолдоруна тоскоол болот. Ошентип, көөнөдөн келе жаткан кудреттүү падышалыкты биротоло алсыратат. Куш каршылык көрсөтөт, бирок биздин заманыбыздын IV кылымынан тартып анын падышалары тууралу жазмалар байыркы авторлордун эмгектеринде кездешпейт. Куштун эч кандай жардам күтөр жайы жок эле. Көөнө дүйнөнү варварлар таш-талкан кылат. Ошол себептүү Кушит мамлекетинин кыйроосу эч кимди кабатыр кылбаган. Африканы аз билген европалыктар Аксум мамлекети менен анын алдындагыларды айра тааный алышпастан, баарын эфиопиялыктар деп атаган.

Куш калаалары кулаган соң, суу тармактары иштен чыккан. Ошондон кийин чөлдөгү сарайлар менен ибадатканаларды оп-оңой эле кум көчкүнү басып калат. Мындагы отурукташкандар көп кечикпей көчмөндү турмушка оошот. Көчмөндү болгон соң ибадатканалардын да, андагы кудай сөздөрүнүн жазуусу да кажет болбой калат. Кыскасы, бир кездерде Мисир менен Африканын ортосуна көпүрө болгон Кушит мамлекетинин маани-маңызын толук тааныу үчүн археологдор менен тарыхчыларга али да болсо кыйла тер төгүү кажет.

АКСУМ

Жан уялары

Европанын Эфиопияга катнашы айрыкча болгон. Эфиопияны эсине сактап отуруп жоготуп алган же көз менен көрүп отуруп унуткан да кездери тарыхтан маалым.

Мындан бир жарым миң жыл мурун Эфиопия ааламдагы төрт улуу мамлекеттин бири болуп эсептелген. Муну, арийне, экинин бири биле бербейт. Бирок, парсынын пайгамбары Мани ааламда төрт улуу падышалыктын бар экенин жазып кеткен: парсы менен Вавилон падышалыгы, Рим падышалыгы, Аксум падышалыгы жана Кытай падышалыгы. Пайгамбарды географиядан кабары жок деп күнөөлөгө болбос, ал жеткиликтүү билимдар адам болгон.

Рим кулагандан кийин, Эфиопия мамлекетиндеги Аксум биротоло унутулган. Ошондон крест жортуулуна чейин ал тууралу эске да алынган эмес. Байтак Европага христиандык Иоанн баба (пресвитер) падышалыгы тууралу каңшаар тарай баштаган кезде, ал падышалыктын Чыгыштын бир жеринде «динсиздерден» запкы көрүп жатканы маалым болгон чакта, Аксум тууралу дарек да бирге жеткен. Мындан ары Иерусалимди куткаруу менен кошо дини бирлерге көмөк көрсөтүү кажет болгон.

Христиан мамлекети чыгыш жакта деп эсептелген. Ал кезде Африка караманча белгисиз болгон. XV кылымдын аягынан тартып португалиялыктар бир кездери Александрия лоцмандарынын көзү көргөн, ал эмес Мисирдин асыроочусу падышайым Хатшепсут аралаша жүргөн, Түштүк Аравияның деңизчилери менен инди көпөстөрү өз элиндей жайлаган Африканы кайтадан ачууга туура келди. Ошондуктан, олуя Иоанн падышалыгы деп Эфиопияны эсептеген менен, анын турган турагын так таба албаган. Иерусалимдин басып алынышы крестчилерди Эфиопия чиркөөлөрүнө жакындата түштү. Ал эми, христиан дини болсо, тек кана Эфиопиянын өзүндө эмес, Нилдин ортоңку агымында да аябагандай белсемдүү аракет үстүндө болгон. Ошону менен бирге, XIV кылымдан тартып мусулман дини кеңири тараганга чейин, нубий жана конт ээликтеринде да христиан дини үстөмдүк кылган.

Эфиопия христиан дининин бийлигинде узак мезгил болгон. Бул жагдайда португалдыктардын эң көрөгөч королу Деңизчи Энрико өзүнүн элчилери менен тыңчыларын төгөрктүн төрт бурчуна аттандырып, Европадан түрктөр бөлүп таштаган Чыгышка сапар тартуу үчүн даярданган кезде жеткен. Кийин христиан Эфиопиясынын дүйнөдө бар экенин билген соң, Португалия вазифачылары ошондон баштап агыла

баштайт. Алардын баары Эфиопияны католиктик ишенимге көндүрүп, христиан адеп-ахлагын ойрондотобуз деген ниетте катуу киришкен. Бул Эфиопияда нааразылыкты туудуруп, акыр аягында келгиндерди эл ичинен кубалоого мажбур болгон. Ошентип, Эфиопияда католицизмдин изи да калган жок. Миң жылдын аралыгында душмандардын колунан келбегенди португалиялыктар да тындыра алган жок. Анын эсесине, элдин алыскы түпкүрүнө бара алган Португалия вазифачыларынын жазмалары калды.

Вазифачылар Аксумга да жеткен.

...Аксумга баруучу жол дениз жээктеп отуруп, Аксум падышалыгынан алда кайда жаткан көөнө Адулис портунан башталат да, түз эле Аксумдун өзүнө алып келет. Адулис порту биздин доорубузга чейинки ондогон кылымдар мурун Эфиопия тайпалары мисирликтерге хабашандар деген ат менен белгилүү болгон кезде пайда болгон. Күнү бүгүнкүгө чейин кара базальтан каланган курулуштарынын калдыгы, колоналары менен белги таштары сакталган Адулис порту аркылуу Эфиопияга тек соодагерлер гана эмес, баскынчылар да туяк илиндирип отурган. Соодагерлер менен деңизчилердин арасында сабейликтер, Түштүк Аравиянын тургундары көп болгон. Алар бул жерди конуш кылып, азыркы Эфиопиянын этникалык негизин түзүүгө орчундуу таасир эткен. Аравия тургундары өздөрү менен бирге кол өнөрчүлүк, курулуш тажрыйбасын, диний ишенимдерин бирге ала келген. Мунун баары кушит маданияты менен, салт-санаасы менен, өнөрү менен жана абиссин тайпаларынын ишенимдери менен аралашкан кезде, Аксум цивилизациясына негиз болгон.

Эфиопия — мамлекеттик туруктуулуктун ажайып үлгүсү сыяктуу. Эфиопия маданиятына кандайдыр бир руханий агымдар келип кошулганы менен, не бир камкор баскынчылар ат изин салганы менен, мындай тоолуу салкын аймак, аптаптуу талаада алардын изи жоголуп кетет.

...Португал вазифачылары кемелеринен түшөөрү менен элдин алыскы түпкүрүнө сапар тартышкан. Деңизден башаталган жол аларга айрыкча таасир этсе керек. Аксумга барар жолдун бою таш текчелерге, эстеликтерге, сепилдер менен сарай калдыктарына аябай бай. Ырас, бир кездеги кайнаган турмуш-

тун изилдей болуп көрүнгөн ошол белгилердин христиандардын мээрим шооласы калтырат деген түшүнүк вазифачылардын көңүлүндө мактаныч сезимин уялткан болуу керек. Эгерде алар чыны менен ошондой түшүнүктө болгон болсо, анда катуу жаңылганы. Эфиопиянын кургак аба ырайы христиан динининн эмне кени белгисиз кезде эле салынган курулуштардын сакталышына себепчи болгон. Вазифачылар Аксум мамлекетинин эң ири борборлорунун бири байыркы Колоэ кааласынан суу сактагычтын калдыгын кезиктирет. Акиташ менен көтөрмөлөнгөн суу сактагыч эки бөлүктөн турган. Диаметри 50 метрлик суу сактоочу оюк тоодон аккан сууну жыйнап, андан ары төмөн жактагы көлөмү 5 миң чарчы метрлик төрт чарчы бассейинге суу берип турган. Бул экөөнүн ортосунда узундугу 70 метрлик өтө күрдөөлдүү суу агызуучу системалары бар таш тосмо орнотулган. Бир кызыгы, суу өткөзбөс үчүн кыналган чулу таштардын арасына баткак салынбаган. Алардын аябай тактык эптешкени ушунчалык, таш арасынан суу өтпөйт.

Йехе калаасында Альвареш вазифачы таң каларлык таш сарайды көрөт. Бул жерде айрыкча чеберчилик менен тургузулган бийик мунара вазифачынын эсинде калган. Ал салтанаттуу үйлөр менен курчалган оокаттуу мырзалардын турак-жайына окшош эле дейт. Азыр оокаттуу мырзалардын турак жайы тозуп, калдыктары гана калган. Ошолордун ортосунда мармар шатылуу текчеси бар 15 метрлик мунаранын сыныгы зацкайып көрүнөт. Вазифачы бул белгинин христиан дининен калгандыгына күмөн санабаган. Бирок ушул күндүн археологу Мюллер сарайдагы жазууну окуп, мунаранын биздин эрабызга чейинки VI—V кылымдарда салынганын жана Аксум маданияты пайда боло баштаган доордогу сабейлер мурасы экенин аныктайт.

Ошол эки изилденбеген аймактын борбору — Аксум өзүнүн урандылары менен, ал эмес, аңыздын айтымында, бирде айкелдердин тууру, бирде Аксум бийлеринин мажилис орду деген албан таш орундуктары менен да эмес, ошондой эл, жер астындагы мавзолейлери менен да, төрт мунаралуу сарай уранкылары менен да эмес, обелискилери менен данктуу.

...Ошол кез улуу падыша Эзананын падышалык курган ажайыпка толгон жылдары болгон. Жаш жана баскынчы Аксум не бир атактуу окуяларга толгон эле. Ошол 20—30 жылдын аралыгында кийинки бир нече жүз жыл боюнча аңгемеге арка болуп келген.

Аксумдун созолоно бийикке көтөрүлүп, улуу падышалыкка айланган тушу да ушул кез. 330-жылы Эфиопиянын жаш падышасы Эзана Кушту басып кирет. Бул кезде Куштун абдан алсыраган чагы эле. Бута так тарыхый документтер гана эмес, ошону менен бирге, Кушит мамлекетинин 72чи падышасы Малекеребаранын бейити төмпөйгөн гана, кирпичтерден үйүлө салынганы да айкын далил болот. Байтак чөл талаадан тап койгон көчмөндөрдүн курчоосуна түшкөн кушиттер өзүнүн падышасын салтанат менен көмүүгө кудурети жетпегенин көрсөтөт.

Эфиопия падышасы Эзана өзүнүн жортуулу тууралу жазуу калтырган. Бул жазма боюнча жортуулдун максаты Кушту басып алуу же өзүнө кошуп алуу эмес, «нова» деп аталган көчмөндөрдүн курчоосунан азаттыкка чыгуу болгон. Жазмада Эфиопия элчилерине ноба чабуул жасап, ээн баштык көрсөткөнү айтылан. «Алар эки-үч ирет антты аттап, убадасын бузду». Ошондон Эзана тийиштүү шыбагасын берүүгө мажбур болгон. Акыры, албан айкаш болуп, көчмөндүлөрдү талакалап жеңди. Андан ары 23 күн бою көчмөндөрдү такымдап кууп отуруп. Куштун «кыш калааларына» жетет. Эзана бул калааларды басып алып, ага кошо көчмөндүлөрдүн «камыштан согулган калааларын» өзүнө каратат. Бирок көчмөндөрдү серпип таштаганы менен кушит тагын Малекеребаранын мурасчылырына кайтарбайт. Ошентип, Куш Аксум падышалыгынын бир бөлүгүнө айланат. Куш тургундары өзүнө багынган көчмөндөр менен аралаша XV кылымга чейин өмүр сүргөн христиандык Нубия мамлекетинин жаңы маданиятына чыйыр салат.

Эзананын армиясы Түштүк Аравияга чейин жетет. Ошентип, Эфиопия Инди мухитине чейин чек арасын кеңейтет. Адулис калаасы ааламдын эң ири портторунун бирине айланат. Аксумдун эл аралык байланышы тууралу бир мисал келтирүүгө болот. 1940-жылы Аксумдун жанындагы монастрдан ичине алтын тыйындар салынган чөйчөк табылган.

Бул тыйындар Аксумдуку эмес, кушандардыкы болуп чыгат. Ал кезде кушандар Орто Азия менен Түндүк Индияны бийлеп турган.

Дал ошол жылдары Аксумда тургузулган мүрзө таштар менен карапайым курулуштар айрыкча түрлөнүп, эң сонун эстеликтердин дүйнөгө келишине себепчи болот. Алар саякатчыларды күнү бүгүнкүгө чейин айран калтырат.

Андан ары саналуу гана жылдардын ичинде баары өзгөрүп кетет.

Мүрзө таштарды тургузуу салты токтойт. Тыйындардын бетиндеги Ай менен жылдыздардын ордуна крест басылат. Ал эми, анын астындагы жазууда текебер падыша Эзананын байыркы кудайларды даңктап, дүйнөнүн баарына амирин жүргүзгөн, баарынан кудуреттүү жалгыз чындыкты мактаган сөздөрү жазылган. Бул жерде Эзана падышанын олуя Ферментияга тоон кылып, өзүнүн ишенимин абиссин христиандарына бурушун талаш маселе дешке болот. Бирок, андан көрө бир маанилүү жагдай, дини башка Аксум өнөрү Аксум мамлекетинин көкөлөгөнүнө дал келе тургандыгын айткан жөн. Жаңы ишеним качан болсо өмүр кечет. Ошондон болуу керек, Аксумдун байыркы ибадатканалары каңгырап бош калат.

Бирок, ошол жылдары тургузулган Аксумдун мүрзө таштары сакталып калган. Ырас, алардын бирөө гана өз ордунда турат, калгандары кулаган, сынган.

Аксум мүрзө таштары арбактарга табынуунун белгиси деген пикирдин ката экенин айгинелеген сыяктуу. Бул мүрзө таштар бейитке көбүрөөк окшойт. Алиги айткан аман калган жалгыз таштын бийиктиги 21 метр. Ал акырындык менен сүйрүлөнө бүткөн төрт кырлуу бийик чынарга окшош. «Чынардын» кылда учунда жалпак жагы жогору карап турган желпигичке окшош нерсе бар. Изилдөөнүн жүрүшүндө, бул желпигичтин бир кездери алтын менен капталгандыгы белгилүү болуп отурат. Азыр ал алтын желпигичти бекиткен оюктардын орду гана калган.

Мүрзө таштагы бедерлүү сүрөттөр айрыкча таң калтырат. Ал сырттан караганда мүрзө таш сыяктуу салынган бирдей бийик үйлөргө окшойт. Аксумдун ошол бийик мүрзө ташы тогуз кабаттуу үйгө

барабар. Мүрзө таштын төмөнкү жагында эшикке окшош оюк бар. Аны ачып-жабууга болбойт. Мүрзө таш канчалык үйгө окшош болуп жасалганы менен жаны тирүү адамдарга арналбаган. Тескерисинче, өлгөн адамдардын көөдөнүнөн учуп чыккан чымындай жанына турак болгон жайга окшош. Мындай болжолго жерде кулап жаткан байыркы бир мүрзө таштын турпаты айгак болгонсуйт. Анын узундугу 9 метр, эни 2,5 метр. Мүрзө таштын бетине лотос гүлүн элестеткен өсүмдүктүн оюулары терең бедер менен салынган. Анын үстүндө чакан гана «үйчө», үйчөнүн ичинде куту турат. Бул көрүнүштү өлгөн адамдын сөөгү салынган деп кабылдоого болот. Эгер өлгөндөргө арнап тургузулган мунаралар Эзана падышанын жаш мамлекетине ылайыктуу ишеним менен байланыштуу экени чын болсо, анда биз ары жолу болбогон, ары кудреттүү тажрыйбага күбө болор элек.

Мында мүрзө таштын тууру жерге терең бойлогон, анын жалпы узундугу 30 метрге жакын. Бул Мисирдеги эң ири деген мүрзө таштардан алда канча чоң.

Аксумдагы мүрзө таштар атайы оюк жасалган чулу таштар менен курчалган. Археологдордун болжолу боюнча, бул жерге курмандыкка чалынган малдын каны төгүлүп турган.

Эгер окумуштуулардын сөзүнө ишене турган болсок, Аксумдагы бийик мүрзө таштар өлгөн адамдардын жаны тиракташы үчүн жасалган шарттуу үйлөр. Себеби, эшик, терезелери ачылып-жабылбаса да, өлгөн адамдын чымындай жаны мындай жанга эркин кирип чыга алат деп эсептеген. Мындайча айтканда, азыркы фантасттардын тили менен айтсак, бул үй өзгөчө өлчөм менен тургузулган.

Өткөн кылымдын башында Аксумга келген англис саякатчысы жана сүрөтчүсү Генри Салт мүрзө таш тууралу «Мен көргөн белгилердин ичиндеги эң ажайып жана эң асем монумент»,— деп жазат.

Башка диндеги кудайларга арналган эстелик белги христиандык Эфиопияда да сакталган. Эфиопия падышаларынын динге берилгендиги бул элден алыстагы элдерге да маалым болгон. Буга кызыктуу күбөлөрдү да келтирүүгө болот. Ислам дини алгач калыптана баштаган жылдарда, Мухамеддин туугандары менен жакындарына коркунуч түшүп,

куугундала баштаган кезде пайгамбар аларды түштүккө карай аттандырган. «Эфиопияга качкыла,— дейт ал,— анын падышасы эч кимге жабыр көрсөтпөйт. Адаттагыдай, бул жолу да пайгамбардын сөзү чындык болуп чыгат. Айтылуу Аксумдун падышасы качкындарга паана болот. Ошентип, Жакынкы Чыгышты ислам дини кадыресе турук алганча, Мухамед пайгамбар өзүнүн куугун көргөн жакындарын ошо тарапка аттандырып турган.

Ырас, чындыкты айтпаса болбойт. Кийин Мухамеддин жолун жолдоочулар өз мекенинде үстөмдүк кылган кезде, алар өзүнүн чыгышындагы коңшуларына алкыш айтууну да көп көрүшкөн. Көп кечикпей, 702-жылы арабдар менен Аксумдун ортосунда согуш оту тутанат. Согуштун жүрүшүндө Эфиопия аскерлери Джидданы басып алып, Меккеге чоң коркунуч түшүп, кыйын абалга дуушар болот. Бирок, көп кечикпей Аксумдун багы тайып, белдене түшкөн арабдар Ядулис портун таш-талкан кылат.

ЛАЛИБЕЛА ЖАНА КАЙЛАСАНАТХ

Окшошпогон эгиздер

Зейлынын имамы Ахмет Гран Түндүк Африкадагы эң акыркы «диний жат» эфиопия элине каршы жортуулга чыгып, пайгамбардын ишенимине шек келтиргендерди аёосуз жасалоо үчүн такымдап жүргөн кез болчу. Ырас, эр жүрөк имамдын эсинде Мухамед пайгамбардын айткан сөздөрү сактала бербейт. Бир кездери анын туугандары Эфиопия падышасына баш калкалап, анын камкор болгону да эсинде калбайт.

Кылычын жаландата кармаган имам Эфиопия жерин аралап өтүп, башка имамдар да падышалыктын акыркы тирегин жоюу үчүн ашыга умтулган.

Бир жолу ислам аскерлери Иордан деп аталган суунун жээгине келип токтойт. Ал эми алардын жол баштоочусунун да аты Иордан экен. Имам бул шайкештикке мыскылдоо менен күлөт.

— Касиеттүү өзөн,— дейт ал күлкүсүн токтотпостон, бирок, анын сөзү жол баштоочуну таң калтырбайт.

— Бул касиеттүү жер,— дейт жол баштоочу. Бул жерге ааламда тендеши жок ибадатканалар салынган.

Имам кайдыгер башын ийкеген болду. Ал ушул каршылыгы көп өлкөнүн ичин ары-бери кезгенде, далай нерсени өз көзү менен көргөн. Бирок аны таң калтыра турган эчтеме боло койбос деп ойлогон. Лалибела калаасынын үстүнөн Абуна-Иосиф тоосу зацкая көтөрүлөт. Тоонун боорунан вулкан тектеринин кызгылт жошолору көрүнөт. Мындан башка ажайып жок сыяктуу. Жол баштагыч тоонун боорына көтөрүлүүнү өтүнөт. Солдаттар алды жакта бактурмада жаткан душмандар жокпу деген ой менен имамдан озо түшүп, жол баштоочу араб айткан кереметке мурунураак жетмекчи болот. Айткандай эле, алардын алдынан кечилдерге, кары-картацдар менен балалуу аялдарга жашына турган таштан казып чыгарган монастрь кездешет.

Имамдын каршы алдынан христиан кудайынын чиркөөсү зацкая көрүнөт. Ырас, анча чоң эмес, айтарлык ачакейи деле жок, тоо тегинин кызыл жошосунан оюлуп жасалган.

— А, кана,— дейт имам жол баштоочуга мойнун буруп. — Керемет кайда?

Кечилдер менен аялдар дубалдарга жабыша түшөт. Зареси учкан балдар ыйлап коё берет.

— Аттан түшсөңүздөр экен.

— Эмне үчүн?

— Ичин аралап көрөсүздөр.

Имам макул болот.

Ал чиркөөнүн астанасын аттай берип, баарын түшүнгөндөй болот. Имам чиркөө ичин узакка аралайт. Бир айкелден экинчи айкелге өтүп, бедер-бейпелерди үңүлө карап, колонналар менен дубалдарды алаканы менен сыйпап коёт. Андан кийин кечилдер менен качкындарды ибадатканага камоо жөнүндө буйрук берет.

Ал дегеле дүйнөдө жок кудайга бериле ушунчалык табынып, тер төккөн адамдар үчүн өзүнчө бушайман болот.

— Бул жерде он бир чиркөө бар,— дейт жол баштоочу. — Алар жер алдындагы жолдор жана галереялар аркылуу жалгашкан. Эгер амир этсеңиз...

Имам колун бир жолу шилтейт. Ал башка чиркөөлөрдү көргүсү келбейт. Ага аскадан кажап чы-

гарган аркалары, колонналары, айкелдери, бедербейнелери бар кудай менен ибадатканы салуучуларга арналган түбөлүк эстеликтин бирөөнү гана көрүү жеткиликтүү эле.

Имам дароо от тамызгы тердирип, ибадатканын так ортосуна от жагууга буйрук берет.

Куурап турган тамызгы дүрт этип тутанып кетет, ибадтканын ичиндеги олуялардын сүрөтү мин кубулуп, ыржалактап, шаңкылдап күлүп тургандай болот.

— Сиздер кудайларыңардын даңкы үчүн ушул таштарга тоон кылсаңыздар болот,— дейт имам. — Ал эми, ошол кудайларыңарды артыкча сүйө турганыңыздар чын болсо, ким өз эркн менен отко түшөт?

Кечилдер үндөбөйт.

— Болгула!

Ошол кезде бир аял ортого чыгып, жалындап жанган отко карай жөнөйт.

Имам чыдай албай алиги аялды оттон алып чыгуу үчүн нөкөрлөрүнө шаңк этип буйрук берет. «Бир өкүнүчтүүсү,— деп жазат араб жылнамачсы,— ал аялдын бетинин бир жагы күйүп кетиптир. Ал эми, имам болсо бул ибадатканы кыйратпоого шерт кылат. Тек гана мунун ичиндеги асыл эмеректерди шыпырып алып, олуялардын бейнелерин бүлдүрүп таштоого буйрук берет.

Ошентип, белгисиз бир аял Лалибела ибадатканасын аман сактап калат. Бул окуянын болгону чын, себеби араб тарыхынын жылнамачысы үчүн христиан дининин кереметин даңктап, Ахмед имамдын эрдик иштерине көлөкө түшүрүүнүн эч бир кажети болобсо керек.

...Араб аскерлери Эфиопиянын борборуна карай бет алат. Абдан алсыраган мамлекеттин бул жортуулга каршылык көрсөтүүгө кубаты жок эле. Бирок мухит жактан күтпөгөн жардам келет. Алар Эфиопиянын диндештери болгон.

Португалдыктардын Инди мухитине чыгышы — Чыгыш тарыхындагы эң бир кан төгүшү көп кайгылуу окуялардын бири. Мухитке чыккан Васко да Гаманын кемелери жана аны такымдаган эскадралары жолдо карата индилер менен арабдардын калааларын талкалап, кемелерин өрттөп, чөгөрүп, тоноп, талап турушкан. Жолунда кездешкендин бар-

дыгын жайлап, жок кылып, ушул мухиттин байыркы ээлерин чак-челекей түшүргөн.

Мындай ахвалга учурабаган тек Эфиопия гана, дин маселеси жөнүндөгү кээ бир келишпөөчүлүктөр кийинкиге калтырылып, бул элди Португалиянын шериктеши деп жарыялайт. Ошондуктан, негус португалдыктардан жардм сураганда, Эфиопия жакаларына көп кечикпей Португалиянын кайрымы мол 500 солдаты менен матростору келип түшкөн. Булардын башчысы дамбал жана кызыл чий баркыттан бешмант кийген, алтын саймасы бар, алтын жип менен адаттан тышкары өтө кымбат кара матадан тигилген француз плашын жамынган, асыл таш орнотулган кара калпакчан адмирал Васко да Гаманын бешинчи уулу Дом Криштовандын өзү болчу. Бул өрөөндүн ысыгына ак сөөк Дом Криштован чыдай албады. Бирок ал өзүнүн христиан динининн эң атактуу королу деп эсептелгендиктен, баарына көнөт. Араб имамдарынын таш-талканы чыгат.

Санаалуу жылдар ичинде португалдыктар Эфиопияны чегирткедей жайлайт. Солдаттар менен соодагерлерден мурун христиан вазифачылары жетет. Португалдыктар Эфиопияны өз эркн менен кошулган оторуна айландыруу үчүн жанталаша аракет кылган . Ач көз, ары ичи тар оторлоштору менен жыл өткөн сайын нараазылыгы күчөй берет. Акырында, негустардын бирин католик динине каратуунун ыгын тапкан неуисттин аракетинен соң, терс жарылган чоң козголоң башталат. Эфиопия көтөрүлүшүндө көптөгөн вазифачылар өлтүрүлүп, түрүү калган 7000 португалдыктын бул элден качып чыгуусуна туура келет.

Адаттагыдай, Португалия вазифачылары тек гана жамандык жактары менен көрүнгөндүктөн, ушундайча жазасын алган. Бирок, алар бүгүнкү тарых илимине урунтуктуу пайда келтирди деп айта алабыз. Тынчы катарында алар, чын маанисинде, өз ишинин чеберлери болушкан. XVI кылымда эле вазифачылар Эфиопиянын эң алыскы түпкүрлөрүнө чейин барууга үлгүргөн. Мындан кийин бул чөйрөгө үстүбүздөгү кылымга чейин европалыктардын таманы тийген эмес. Ал эми вазифачылардан көздөрү көргөн чындыктар тууралу ажайып жазмалар жеткен.

Альвареш аттуу вазифачынын бири Лалибелага чейин жетип, Ахмед Гран имамдан кыйрабай аман

калган ибадатканаңы көрөт. Ал Лалибела чиркөөсү тууралу зор таңдануу менен жазган эмгегин аяктап келип, мындай дейт: «Мен ушул эмгектен чарчаганымдан жана мындан ары жаза берсем, менин сөзүмө эч кимдин ишенбей турганын билгендигимден, анан мени жалганчы атыктыра тургандыктан жазуумду токтоттум. Бирок ушул жазгандарымдын чындык экенин кудайдын аты менен ант беремин. Мен жалганчы деген аттан коркпосом мындан да көп жазар элем». Андан ары өзүнүн аброй-бедели баары бир айрандай төгүлөрүнө көзү таасын жеткен вазифачы тобокелге салып, дагы мындай деп жазат: «Лалибела ибадатканасындай кудуретти дүйнө жүзүнөн кездештире албайсың».

Коңгуроодой шыңгырап эшитилген Лалибела деген сөз тек гана географиялык аталыш эмес, бул Загве тукуму кезиндеги Эфиопия падышаларынын бири. Эфиопия жана Европа календарларында ар түрлүү айтылганы менен, анын падышалык курган кези 1182—1221-жылдар деп эсептелинет.

Негус Лалибеланын башка падышалардан айтарлык деле айырмачылыгы болгон эмес. Чиркөө кийин ага түрлүү эскерүүлөрдү таңуулап, олуя деп жарыяласа, анын себеби ибадатканаңын Лалибела ысымы менен аталышы гана болот.

Кээ бир шартта белгилүү бир эстеликтердин кандай себептер менен тургузулгандыгын абдан түшүндүрүүгө болот. Маселен, Карнак ибадатканасы элдин эң негизги ыйык жайы катарында пайда болгон Ал эми, Гаж-Махал болсо Улуу Моголдун аялынын эстелик мазары катары салынган. Ырас, бул эстеликтердин өзгөчө турпатта болушу толук мүмкүн, бирок, анын пайда болушунда белгилүү бир мыйзам ченемдүүлүктөр бар. Ушул жагдайда, Лалибела ибадатканасынын дүйнөгө келишин эч кандай себеп менен түшүндүрүүгө болбойт. Мындай дешибизге бир гана себепти алдыга тартып көрөлүкчү. Эфиопияда мурун да, кийин да мындай курулуш дегеле болгон эмес. Ал эми, ушуга окшош дүйнө жүзүндөгү жалгыз курулуш бул жерден миңдеген километр алыстыктагы Инди мухитинин башка жээгинде. Анын үстүнө эгиз турпаттагы бул эки курулуштун арасында бир жарым миң жылдык айырма жатат.

Бир өкүнүчтүүсү, Лалибела падышага эмненин

түртку болгонун аныктоо кыйын, анын эсесине натыйжасы көз алдыбызда турат.

Кандай десек да, болжол менен 1200-жылы бул падыша чакан өзөндүн жээгинде «Иордан» деген үмүткө болгон ат менен кереметтүү имарат тургузууга бел байлайт. Кебетеси, бул жерлерде христиан дубаналары, ал эмес олуя такыбалар турак кылган үңкүрлөр мурун да болгон сыяктуу. Деген менен, мындагы курулуш салты өзгөчө чеберчилик менен жүргүзүлгөн. Алды менен тоо боорунан терендиги он-он беш метрлик арыкты казып түшүрүү кажет эле. Бул төрт бурчтуу заңкайган таштын оюлуп түшүшүнө себепчи болгон. Андан ары карай ошол заңкайган таштан чиркөөнү оюп чыгарган. Бул ыкма бир эле мезгилде эки максатты жүзөгө ашырган. Биринчиден, адаттагы курулушчулар сыяктуу кыйынчылыктарга кезикбестен, туташ ибадатканаңы ажайып айкел сыяктуу оюп чыгарууга мүмкүндүк алган. Экинчиден, ошол кездин кажеттик тартибине жараша чиркөөлөр көздөн далдоо орундарга жайгашышы кажет болгон. Тоо арасындагы чиркөөлөр өз ара ылдам жана жашыруун өтүүгө боло турган жер астындагы купуя өткөөлдөр аркылуу байланышкан.

Он бир чиркөөнүн ону Лалибела падышанын көзү түрүүсүндө салынган. Он биринчиси анын жесирининн урматына тургузулат. Чиркөөлөрдүн баары эфиопиялык үлгүдө, бирок, бир-бирине дегеле окшобойт жана буларды башка жерге ушул калыбында тургузуу мүмкүн эмес. Эфиопия архитектурасынын чебер үлгүсүндө байсалдуу турпаты жана анын Аксумда дүйнөгө келиши, күнү бүгүнкүгө чейин ошол салттын уланышынын үзгүлтүксүздүгү окумуштууларга эзелки курулуштарга реконструкция жасоого көмөк берет. Эгер ушул жагдайда күдүктөнүү туула турган болсо, аны жоюу үчүн Колоэ менен Аксумдагы сарайларды орто кылымдагы Гондара сепили менен салыштырган жетиштүү болот. Гондарадагы тиштүү дубалдар, капталдан чыккан төрт кырлуу колонналар көөнө салттын көзүндөй болуу менен бирге, Аксумдун бүгүнкү архитектурасына да өз үлгүсүн даарыта билген. Эгер Лалибела падыша ушундай албан курулушту жүзөгө ашыруу үчүн чет элдик жана эфиопиялык чеберлерди жыйнаганын эскерсек, эфиопиялык курулуш өрнөгүнүн бедели заңкая түшөт.

Жылнамада Лалибелага Мисир менен Иерусалимден 500 курулушчу менен сүрөтчү келгени тууралу айтылат. Жылнамалар дагы бир кызык мисалды сактаган: курулушка керектүү куралдар бүткүл эл ичинен жыйналып, жаңыдан атайы устаканаларда жасалган. Ошондон кийин курулуштун жыйырма төрт жылга созулганына да таң калууга болбойт.

Мындагы ибадатканалар толук калыбында сакталган. Тек бирди-жарым айкелдер менен бедер бейнелерди мусулман баскынчылары бүлдүргөн. Ушундай болор-болбос чыгымдарды эскербесек, христиан көчилдеринин Лалибеладан эч качан таман оодарбаганын жана чиркөөлөрдү көздүн карегиндей сактай билгенин көрөбүз.

Мындагы он бир айкел — чиркөөнүн бардыгын таптиштеп сөз кылуу мүмкүн эмес, ошондуктан эң кызык деген бир-экөөнө кыскача токтолуп өтөлүк.

Олуя Георгийдин чиркөөсү башкалардан окчун орношкон. Бул курулушка качан такалып келип мандай тирегенче, көзгө көрүнбөй турат.

Маселен, тоо жолунун жазы бети менен, сейрек өскөн жоон тамырлуу даректардын арасы менен басып кел жатам деп элестетиңиз. Капыстан аягыңыздын алдынан терең кылып казылган түптүз жар көрүнөт. Ушундай тереңдиги он эки метрлик таш кудуктун ичинде чиркөө турат. Чиркөөнүн төбөсү тоонун жантаймасы менен бирдей. Ибадаткана көзгө толук көрүнө турган туштун өзгөчөлүгүн эскерип, курулушчулар аны тепе-тең айкашкан крест үлгүсүндө долборлогон. Узундугу он эки метрлик, бетине геометриялык оймо-чиймелер түшүрүлгөн ушундай крестти аягындын астынан көрөсүң. Бардык эле курулуш сыяктуу чиркөөнүн да төрт дубалы бар. Ал эми бешинчи дубалы — асманга караган төбөсү.

Эгер кудук ичине түшсөңүз, анда бийик кызыл ибадатканаңын алдынан чыгасыз. Анын асем ашташкан, тизилген колонналары бар. Ар кыл оймо-чиймелүү терезелери көз алдыңызда кубулуп тургандай. Сөөлөтчү терезе кашектеринин кыйылышы, ошол аркылуу терезелердин крест, чарчы, свастикалуу, ийнек болуп бүтүшү сыяктуу майда-баратына чейин маани берген.

Лалибела ибадатканалардын ичиндеги эң чоңу — Медане Алем ибадатканасы. Анын бир жак дубалы отуз метрге жакын. Төрт тарабы тең алп колонна-

лар менен курчалган. Он метрлик төрт бурчтуу колонналар карапайым оюулар менен өрнөктөлүп, аркалыктарды, ибадаткананын маңдай бетин кыйылыша тиреп тургандай.

Дүйнө жүзүндө мындай кудурет жок деген сөз бул жерде далай айтылган. Бирок, Лалибела ибадатканасы жөнүндө андай деп айталбайбыз. Себеби, мындай ибадаткана бар. Ушул тушта канчалык негизсиз көрүнгөнү менен, мезгили менен мейкиндиги канчалык алыс жатканы менен тоголок жердин ар кыл булуң-бурчунда жайгашкан эки курулуштан өз ара окшоштук таппаска чараң жок.

...Индияда үңкүр курулушун салуу салты биздин заманыбыздан бир нече кылымдар мурун калыпташкан. Бул чөлкөмдө буддизм орунтуктаган соң үңкүр ибадатканаларын салуу таанымал адатка айланат да, андай курулуштар орто кылымдын баш ченинде бир нече миңге жетет. Ошолордун ичиндеги эң атактуусу Аджант менен Элур үңкүр-ибадатканалары. Адегенде будда дубаналарынын карапайым үңкүрүнөн башталган үңкүр-ибадатканалары бара-бара күрдөлдүү курулуштарга улашат. Ошентип, индилердин сыйына турган курулуш өнөрүндөгү негизги үлгүгө айланып, жалпы инди архитектурасынын өркүндөшүнө айрыкча таасир этет. Ал эмес тоо капчыгайларынан алыс салынган ибадатканаларда үңкүр архитектурасынын үлгүсү айкын байкалат. Мындагы ибадаткана оюп түшүрүлгөн пирамидага окшош, ичи айкелдер менен бедер бейнелерге толгон. Ал эми бөлмөлөрдүн арасындагы өткөөлдөр атайын үңкүрдү элестете тургандай болуп оюлган.

Биздин замандын I миң жылдыгынын ортосунан тартып, үңкүр ибадатканалары ары чеберчилик менен, ары күрдөөлдүү да, көлөмдүү да салына баштайт. Ушул ыңгайда, Элурдагы Тхин-Тхоль үңкүр ибадатканасынын жайын айтсак да жетиштүү болот. Ал үч кабаттан турат, ар бир аянты сегиз жүз чарчы метр. Ал эми Дас Аватар үңкүрүнүн аянты бир миң чарчы метрдей.

Орто кылымдын башынан тартып, үңкүр ибадатканалары акырындык менен кичирейе түшөт. Анын бир нече себептери бар: буддизмдин начарлашы, ыңгайлуу аска таштардын азайышы, инди бийлөөчүлөрүнүн өзүнүн борборлоруна ибадатканаларды

тургузууга көбүрөөк көңүл бөлүшү, ошентип, табигый орундардан ибадаткана тургузууга кыйын болгон кедергилеринен кача баштоо, дагы башка себептер.

Көөнө доордун соңунда Түштүк Индиядагы Элурда Кайласанатха үңкүр ибадатканасы дүйнөгө келген. Бул курулуш Раштракут урусунан чыккан раджи Кришнанын буйругу боюнча VIII кылымдын аягында тургузулган. Анын жүзөгө ашканы сегизинчи кылымдын аягына таандык. Кайласанатха ибадатканасы инди сөөлөт өнөрүнүн эки багытын өз боюнда тогоштурган. Арийне, Аджанат ибадатканасынын салты менен Канчипурам ибадатканасынын салтындагы үйлөр бир нукка кошулган.

Ушул эки ыкманы өзүнө сиңирген Кайласанатха ибадатканасы Лалибела чиркөөсү сыяктуу тоо кыркасынан оюлуп жасалган. Тегерегинин баары заңкайган борчук таштар. Ал эми оюлуп алынган албан ташты айкелчилер ибадатканага айландырып, ичин эки залга бөлүп, анда толуп жаткан айкелдер менен бедер-бейнелерди чегип чыгарган.

Кайласанатха ибадатканасы Лалибела чиркөөсүнөн 500 жыл мурун салынган. Көлөмү да, бөтөнчө чебер үлгүсү да Лалибеладан артык экенин көрсөтөт. Ошондуктан, Эфиопия чеберлеринин өзүнчө ойлоп табуучулугуна таң калууга болбойт. Бирок, ар бир ибадаткана өз мекенинде ары биринчи, ары жалгыз көрүнүшү абдан орундуу. Индия архитекторлорунун курулуштук өтө мол тажрыйбасынын болушу менен бирге, ошол курулуш өнөрүнүн бардык ыкмалары тууралу атайы жазылган трактаттарды жетекчиликке алып отурган. Ырас, бул сөөлөтчүлөрдүн изденүүдөгү табылгаларына белгилүү даражада кедерги болгон. Ошого жараша жүрөктөрүндө ишенимдүүлүк уялаган. Ошондон соң Эфиопиянын жакырданган кезинде кылган Лалибела падыша курулушка керектүү куралдарды бүткүл эл ичинен жыйнап, башка элдин чеберлери менен, айкелчилери менен, бедизчилери менен соодалашууга мажбур болсо, ал эми декан империясынын бийлөөчүлөрүнүн кол астында өтө тажрыйбалуу он миңдеген чеберлер болгон жана куралдар да жеткиликтүү эле.

Салыштыруу үчүн Кайласанатхадагы ибадаткананын көлөмүнө назар оодарып көрөлүк. Бул иба-

даткананын жайгашкан — оюлган кудугунун узундугу жүз метрге жакын, эни элүү метр. Ибадаткананын пайдубалы алтымыш бирден отуз үч метр, ал эми бийиктиги отуз метр. Мындайча айтканда, Элурдагы ибадаткананын ордуна Лалибеланын бардык курулушу сыйып кетчүдөй. Буга кошумча Эфиопиянын бардык чиркөөлөрүндөгү байлыктан Кайласанатханын айкелдери менен бедер-бейнелери сан жагынан алда канча көп.

Ырас, арифметикалык салыштыруулар көп учурда көкөйдөн чыга бербейт. Себеби, өнөр туундусун көлөм менен өлчөөгө болбойт. Ошондуктан, Лалибела менен Кайласанатха атаандаштар эмес. Алардын турпат-болмушун салыштыруунун кажети жок. Бирок окурмандын назарын оодарууу үчүн адамзат акыл-оюнун кандай жолдор менен чийелешишип, бири-бирине окшоп жаткандыгын сөз кылуунун артыкчылыгы жок.

ЗИМБАБВЕ

Сулайман падышанын кенчи

Адаттагыдай, Африка тууралу айтыла турган көп аңгеменин бири сыяктуу, бул да португалиялыктын жазмасынан башталат.

«Бул элдин жоон ортосунда,— дейт Африкадагы Түштүк Родезия жайгашкан аймак тууралу XVI кылымдагы Португалия саякатчысы ди Гоиш,— заңкайган таштардан каланган сепил бар... Бул кыйла кызыктуу жана онунан чыккан курулуш, даректер боюнча каланган материалдардын арасына эч кандай бекитүү ыкмалары колдонулбаган... Мындай ыкма менен салынган сепилдер бул өрөөндүн башка жерлеринен да заңкайып көрүнөт. Анын бардыгында падышанын жардамчылары бар... Бенометапы падышанын ээлигинде байтак мамлекет бар...»

Далилдүүрөк айтсак, португалиялыктар бул кургактыкта терең бойлой албаган. Ошондуктан, Зимбабве тууралу ошол кездерде кездешкен даректер Африканын чыгыш жээктеринен келген соодагерлердин айткандарынан алынган. Мындай соодагерлер орто кылымдагы кубаттуу Африка мамлекетинин мономатапы (португалиялыктар падыша наамын

бенаматапы деп атаган) падышалыгына тез-тез катнашып турган.

Кийин Европа саякатчылары үчүн падышалар менен сепилдер тууралу аңгемелер анча кызыктуу эмес көрүндү: европа алардын байлыгын соргоктук менен сорун турган, эң алды менен кулдарды колго түшүрүү айрыкча өрүш алган. Ошентип, бир нече кылымдар бою купуя сепил тууралу эч кандай дарек Европага жеткен эмес.

Тек гана мындан жүз жыл мурун англия саякатчысы Адам Роджерс Лимпопо өзөнүнүн өрөөнүнө жетип ,ошол өзөндөн 300 чакырым жердеги калың бадалдуу жайыктын ортосунан албан таш курулуштун калдыгын кездештирет. Ал мурун мындай дүйнөнү көрбөгөндүктөн, адегенде курулуштун жайын кандай айтып жеткизүүнү билбей кыйналат. Маселенин байыбына жеткен немис геологу Маух эле. Ал арадан бир нече жыл өткөндө, ушул өрөөнгө туш болуп, мындагы курулуш калдыгын эч күмөндөнбөстөн, Сулайман падышанын ибадатканасынын кенчи деп жарыялайт. Ал эми өрөөндөгү сепилди бир кездери Иерусалимге келип кетүүдө жолу түшкөн падышайым Савскаянын кенч сарайы деп эсептеген.

Бул күндөрү Маух геологдун Сулайман падышанын ибадатканасы менен Савская падышайымдын турак жайы тууралу теорияны кайдан алганы, эмнеге таянып айтканы белгисиз. Бирок ошол кездери Африкага жутунган европалык державалар үчүн Маух ачкан жаңылык тууралу каңшаар катуу таасир эткен. Балким, ошондон болуу керек, мындай аңгемелерден чабыт алган англия жазуучусу Райдер Хаггард атактуу «Сулайман падышанын кенчи» аттуу роман жазган.

1980-жылы Лимпопо өзөнүнүн өрөөнүнө англия отряды келип жетет. Маухтун аңгемесиндеги даректердин чын экендиги белгилүү болот. Чындыгында, бул аймакта албан таш курулуштар сороюп көзгө түшөт. Ал эми алардын жанында курулуштарды качан, кимдердин салганын билбеген тайпалар өмүр сүрөт.

Көп кечикпей, аскердик отряддан кийин, машина менен матабела элдери жайлаган жерлерге алгачкы ак түстүү конуштоочулар да келип жетет. Бул өрөөндүн жери кунарлуу, ал эми табигаты Батыш Африкага караганда алда канча жакшы болгон.

Мындагы конуштоочулар алгы купуя курулуштарга карап, биз биринчи оторчулар болбосок керек деп чоккон көңүлдөрүн жубатат. «Эми,— деп жазган алардын бири. — Офир өлкөсүндө байыркы казнаны ача турган англичандар бар».

Бул күндөрү тооратта айтылган Офир алтын өлкөсү англичандар чыгарган апыртма кеп эмес, чындык экени аныкталып отурат. Бир кездери Васко да Гама туткунга түшкөн зинджейдин бирин Мозамбик жээктеринде кыйнаганда, жаны кыйналган зинджей Африканын чыгышындагы Софала порту аркылуу кетип жаткан алтындардын, чындыгында, кургактыктын алыскы түпкүрүнөн алына тургандыгын айтат. Ал көөнө китептер менен жазуу оромдорун өз көзү менен көргөнүн, ал көргөндөрү Сулайман падышанын үч жылда бир ирет алтын алып туруучу кенчи экенин айтат.

Бул дарек Португалия королу Бактылуу Маноэлдин кулагына чалынары менен, ал дароо алтын тек гана өзүнө жетиши үчүн бардык чаралар колдонулсун деген буйрук берет. 1489-жылдан баштап Софала Португалиянын расми документтеринде «алтын кенчи орношкон жер» деп аталат.

Португалия королдору Африканын алтындарын каалаганынча эле сузуп алган эмес. Алардын колуна болор-болбос өлчөмү гана тийген. Аларга жергиликтүү соодагерлер кедерги болуп турган. Андай соодагерлердин көптүгү ушунчалык, бардыгынын изине түшүү мүмкүн эмес эле. Бирок Португалия королунун эң биринчи жоосу өзүнүн кол астындагылар болгон. Эсеп боюнча Африкадан алынуучу алтындын төрттөн үчү ошондогу сепилдердеги чиновниктер менен коменданттардын чөнтөгүндө калат.

Биздин кылымдын баш ченинен баштап Офир тууралуу аңыз кайтадан козголот. Алтынга деген ач көздүк машона менен матабела жеринде өзүнүн көлөмү жагынан Калифорния менен Аляска жериндеги жагдайдан дегеле кем болбогон. Тек гана мында өзүнүн Брет Гарты же Джек Лондону болбогон, ошондуктан данкы элге жайылбай калган. 1900-жылы бул аймакта алтын өндүрүлүүчү жерлерге 114 миң бил-дирме берилгенин айтсак жетиштүү болот. Алтын изилдөөлөр үчүн Офирдин байлыгына баштап келе турган эң төтө жол байыркы кенчтер болгон. Арадан саналуу жылдар өткөндөн кийин кенчтерден из да

калбайт, ал эми табылган алтын да болор-болбос эле. Анткени, бул кенчтер көптөгөн жылдар мурун эле иргелип бүткөн болчу. Алтын издөөчүлөр жөн эле келип кетпей, байыркы эритүү мештерин, чеберканаларды жана кен казуучулардын үйлөрүн кыйратып кеткен.

Мындан кийинки кезек көөнө сепилдер менен сарайларга келген. Сулайман падышанын казнасын ушундай жерлерден издөөгө бел байлаган Поссельти деген неме 1888-жылы ишке киришкен. Ал Зимбабведеги кыйрап жаткан курулуштарды кыдырып чыгат. Бирок алтын табылбайт. Анын ордуна алар самын таштан (стеатит) жасалган куштун бир нече бейнесин таап алып, муну жаман жөрөлгө деп эсептеп, жолшериктеринин үрөйлөрү учат.

...Алтын издөөчүлөр Зимбабвенин жайык өрөөнүндө жаткан крокодилге окшош сепилин биринчи жолу ошол тегеректеги бийик чокунун башына чыкканда байкайт. Кийин археологдор акрополь деп атаган бул курулуш алиги «крокодилдин» эң бийик жону болот. Аны менен жалгашкан табигый аска таштар курулуштун курашкан бир бөлүгү сыяктуу эле. Мындагы калыңдыгы он метрлик чоң таштардан согулган дубал ийилип келип короого такалган. Дубалдын жогору жагынан колонналардын сыныгы көрүнөт. Сепилдин ичинде кыйын кезендерде ошол өрөөндүн тургундары жашына турган толуп жаткан бөлмөлөр бар.

Ошол туштан, эң бийик жеринен караганда, толуп жаткан таш үйүндүлөрдүн арасынан сүйрү көрүнүштө салынган Зимбабвенин ажайып курулуштары көзгө түшөт.

Маух да, башка саякатчылар да Зимбабвени түндүктөн келгендер салды деп ишенген. Өзүн өзү ишендирүүнүн күчү керемет эмеспи, камыштан жасалган мал камоочу африканын классикалык сүйрү краалынан Жакынкы Чыгыштын архитектурасынын изин байкоо оной эмес.

Заңкайган таштардан каланган чоң сепил кандайдыр бир асканын бетине салынган сызык сыяктуу. Анын узундугу 300 метрлик, байдубалынын калыңдыгы 5 метрлик, бийиктиги 10 метрлик, таштардын жиги аябагандай чеберчилик менен кыналган. Зимбабведеги бул дубалга он беш миң тонна таштын каланганы эсептелип чыкты.

Сепилге баштап кирүүчү дарбаза эбак эле кый-

раган. Сепилдин ичине кирип, тепкич менен жогору көтөрүлсөң, сол жакта мунарага өтүүчү «жашыруун» кууш көрүнөт. Негизги дубал менен кошумча дубалдын ортосундагы жарака сыяктуу бул кууштун узундугу алтымыш метр. Зимбабвенин ошол мунарасын жана башка курулуштарын Поссельт бүтүн калыбында көргөн. Бирок аларды бүгүнкү күндө көрүү мүмкүн эмес. Буга дагы Сулайман падыша менен геолог Маух күнөөлүү.

Поссельттен кийин Лимпопо өзөнүнө иудей падышасынын алтынга кумар адамдары жеткен. Алардын бул аймакта алтын мол деп ишенгендиги ушунчалык, байыркы курулуштардын, сепилдер менен сарайлардын астын үстүнө чыгарып, жер менен жексен кылган. Булардын ичиндеги эң атактуусу «байыркы курулуштарды изилдөөчү өнөктүктүн» негизин салган Нил деген алтын издөөчү. Ошол Нилдин өзүнүн айтуусу боюнча, «изилдөө» жүргүзгөн 5 жылдын ичинде 43 курулуш ордун омкоруп, салмагы 500 унций болгон алтын заттарды тапкан. Бул алтын заттарды «көркөмдүк баасы жок» деген ой менен кайтадан эритип жиберген. Безил Дэвидсондун жазганы боюнча Нил сыяктуу көркоолордун канча алтын зат таап кайта эритип, сатып жибергенин эч ким билбейт. Алтын издөөчүлөрдүн баары таап алган алтын заттарын жашыруун кармаган. Анткени, өкмөт назары менен атаандаштарынан сактануу керек болгон. Арийне, Нил сыяктуу ач көздүн мойнуна алганы 500 унций алтын болсо, бул 10 килограммдай гана алтын заттар, ал эми мойнуна албагандары канча. Акыйкатта, негрлер өнөрүнүн канчалаган баа жеткис үлгүлөрүнүн жоюлганын элестетүү мүмкүн эмес.

Бирок байыркы курулуштарга көз арткандардын «эмгеги» тек гана алтын заттарды бүлүндүрүү менен чектелбеген. Алар алтындарды алуу менен, көзүнө түшкөн эстеликтерди ыраттуу түрдө жок кылып отурган. Нил тоногон 43 курулуштун көпчүлүгүнүн азыр изи да жок. Зимбабведеги мезгил менен жоонун колунан келбеген шумдуктар Нилдин колу менен жүзөгө ашты. Ал сепилдин ички бөлүктөрүн кыйратып, анын бийик мунарасын кулатты.

Анткен менен, курулуштарды пир туткан абазгөйлөр эч кандай дүрбөлөңсүз эле даңктуу иштерге демилгечи болушкан. Мындай ийги кадам 1902-жылы көөнө эстеликтерди коргоо жөнүндө указ чык-

кандан кийин да жалганышын таап жатты. Мунун жаркын мисалы Мапунгубве дөңсөөсүнөн табылган олжо эле.

Бул дөңсөө Зимбабвенин түштүгүндө жайгашкан. Мындагы бавенда тайпасынын жайлаган жерлеринде бурлардын чачырай жайгашкан фермалары болгон

1932-жылы фермер Ван Граан Мапунгубве дөңсөөсүнүн касиети тууралу эшитип, ошол ыйык жайды өз пайдасына ыйгаруунун ылайыгын караштырат. Фермер тик аскалуу дөңсөөнүн башына чыгуунун жолдорун узакка көрсөтүүдөн баш тартканы. «Актар ыйык дөңсөө тууралу сөз козгоп башташа эле болду, алар тетир бурулуп кетет. Себеби, дөңсөөнүн башына чыккан адамды өлүмгө дуушар болот деп эсептешкен. Бул жерге тек кана биринчи жол салып, казына көмгөн улуу бабалар гана жетүүгө тийиш».

Анткен менен Ван Граан дөңсөөгө баштап бара турган, калың бадал баскан, тар жолду билген адамды табат. Ван Граан, анын эки уулу жана үч жолоочу жолдогу бутактарды бутап отуруп, кууш жолго жетет. Алардын алдынан аскалуу ташты жонуп салган тепкичтүү жол кезигет. Арадан бир нече мүнөт өткөндөн кийин казына издөөчүлөрдүн каршы алдынан бийик таш сепил кездешет. Алар бул коргондон өтүп, акыры дөңсөөнүн жайык төбөсүнө чыгат.

Жакында гана төгөрөктүн чаң-тозоңун басып, нөшөрлүү жамгыр жаап өткөн. Ошондуктан төгөрөк мөлтүрөп көрүнүп, жакындагы карапа сыныктары, темир менен жез калдыктары көзгө айкын чагылат. Кайсы бир жерден алтын кыпындары жылтырайт.

Казына издөөчүлөр дароо бычактары менен жерди чукуй баштайт. Көп кечикпей, алтындан жасалган кериктин турпаты, какталган жана зым алтындар көздүн жоосун алат. Булардын жанынан адамдын сөөгү да көрүнөт, бирок алтынга куунаган одоно кыймыл бул сөөктөрдү чачып кетет... Бул жолу эки килограмдай алтын табылат. Арийне, «изилдөөчүлөр» бул байлыкты эч ким менен бөлүшкүсү келбейт. Ошентип, бул олжо эч кимге белгисиз калыбында кала бермек. Бирок, Ван Граандын баласы тарыхчы студент болгондуктан, бир жолу өзүнүн Преториядеги профессоруна айтып коёт.

Профессор болсо өкмөт адамдарына айтат да, бул жерге төрөлөр келип, «экспедицияга» катышкандарды таап алып, олжолорун эритип жибербөө керектигин айтат.

Кийин бул жерде жумуш иштеген археологиялык экспедиция дөңсөөгө көөнө көрүстөндүн жайгашканын, ага тайпа көсөмдөрү менен уруулардын ак сөөк адамдары көмүлгөнүн аныктайт. Бул дөңсөөгө адамдарды көмүү үчүн төмөнтөн он миң тоннадан ашык топурак ташылган. Археолог Ван Тонден бир бейиттин ичинен «королдук» жердөө расими менен коюлган жыйырма үч адамдын сөөгүн кезиктирет. Булардын ичиндеги эки сөөктүн өнө бою эки килограммдык алтын чынжыр менен курчалган, ал эми үчүнчүсүнүн аягы жүздөгөн алтын билерик менен муунактакталган. Бул жерден толуп жаткан кацылтыр алтындар менен 12 миңге жакын алтын шөкүлөлөр табылат. Азыркы мезгилге чейин Мапунгубведеги көрүстөн акырына чейин казылып бүткөн жок.

Бирок, Зимбабведеги бул көрүстөндүн негрлер мурасы экени көпкө чейин таанылбай келди. Алардын пайда болушу тууралу эмне деген гана болжолдор айтылбады! Мындайда Сулайман падышанын биринчи себепчи болуп чыга келчү адаты эмеспи. Бирок, мезгил өткөн сайын анын байдубалын кургак Түштүк Арабиядагы сабейликтер, финикиялыктар менен мисирликтер деген болжолго такала берет. Бул курулуштун салынганына кем дегенде эки миң жыл деген болжол айтылат. Кыскасы, бул айтылган пикирлердин бардыгы Зимбабве мономотапы падышалыгында болот деп келген XVI кылымда португалиялыктар айткан пикир менен салыштырганда, байкарлык деңгээлде тескери кеткендик эле.

Ошол чөл талаадагы белгилүү Африка билерманы Селоустун пикири аргасыздан назар оодарат. Ал күнү бүгүнкүгө чейин кээ бир африкалык тайпалардын алиги дөңсөөгө окшош курулуштарды курганын аныктайт. 1905-жылы Британиянын илимий ассоциациясы бул маселенин чын-төгүнүн аныктоого бел байлайт. Ошентип, Зимбабведеги курулуш калдыгына тажрыйбалуу археолог Дэвид Ренделл Макайвер атайын командировка менен жиберилет. Бул окумуштуу Зимбабвенин көөнө заманда пайда болгону же чет элдиктерден калган мурас

экени таптакыр туура эмес деп маалымдайт. Анын пикири боюнча бул сепилди XIV—XV кылымдарда африкалыктардын өздөрү курган.

Ушуну менен иш бүтүп, доолашар эчтеме калбаган сыяктуу эле. Бирок Англиянын тарыхчы дилетанттары менен толуп жаткан окумуштуулар асыресе, Родезия менен Түштүк Африкада Макайвердин маалымдамасы айрыкча каршылыкка дуушар болот. Бул каршылыктын белсемдүү аракет кылганы ушунчалык болуп, 1929-жылы Гертута Кейтон-Томпсон баштаган бир экспедицияны атайын жиберүүгө туура келет. Изилдөөнүн натыйжасында Кейтон-Томпсон «Зимбабве маданияты» деп аталган классикалык китебин жазат. Мында ал Макайвердин пикирин толук кубаттайт. Ал бул курулуштун орто кылымда салынганын, ал эми автору банту калкы экенин аныктайт. Кийинки химиялык анализдер аркылуу жүргүзүлгөн казма жумуштары Зимбабведеги алгачкы курулуштардын биздин заманыбыздагы VI—VII кылымдарда салынганын далилдейт. Бул курулуштан болжол менен 1750-жылдары адамдар көчүп кеткен. Бирок бул корутундалардын баары «Офир өлкөсүн» жактоочулар кармаштан кайтты деген пикир туудурбайт. Мындан он жылдай мурун Түштүк Африка республикасында Зимбабве тууралу асем жасалгаланган монография жарык көрөт. Анын автору финикиялыктар менен мээримдүү «ак» адамдардын рухун даназалоо үчүн убактысын да, эмгегин да аянбай жумшаган.

Ушул мезгилге чейин, кандай десек да, бир маанилүү маселе негиздүү чечимин таба албай келе жатат. Биз Зимбабвенин накта ээлерин билбейбиз. Ушул арада ошол комплексти дүйнөгө апкелүүчү Африка элдеринин бири деп келген, теориялык далилдер да бир нечөө. Ошондуктан орто кылымда Африка тайпалары менен элдери дамаамат аралаша жашоодо болгондуктан, ага кошо жазма эстеликтердин жоктугунан, бул күндөрү Зимбабве курулушун кайсы элдин салганын таамай көрсөтүп айтуу кыйын. Бул ынгайда Зимбабвенин негизин салган биринчи курулушчулар банту элинин бабалары деп келген Кейтон-Томпсондун пикиринде чындык бар. XII кылымга жакын банту тайпасын машона эли өзүнө багындырып, анын бийлөөчүсү мономотапы деген наамга ээ болгон. Бул жердеги курулуш иш-

тери да жана башка аймактагы мономотапынын падышалык курулушу да жалгаша берген. Таш сепилдер менен курулуштар Налеталды, Регинде, Камиде жана башка жерлерде пайда болот. Лимпоподон түштүккө карай жүздөгөн элдүү кыштактар менен сепилдер салынган. Мапунгубведеги көрүстөн да ошол курулуштар сыяктуу же ошого тектеш болуу керек.

Мономотапы мамлекети 1693-жылы баразви (баротсе) элинин чабуулунан соң өмүр сүрүүсүн токтоткон. Дал ошол кезде момбо Чангамирдин буйругу менен чоңойтулуп кайта салынган Зимбабве сепили, мындагы курулуштун эң акыркы созулган бийиктиги болгон. Андан кийин бул жерге жаны баскынчылар келген, ал эми Зимбабве четте кала берген ..

Мындан кийинки кезеңдерде жаңы изилдөөлөр менен казма жумуштары канчалык толуктоолор жасап, дааналай түшкөнү менен шек келтирүүгө болбой турган бир жагдай бар: Зимбабве — Африканын өткөндөгү тарыхынын атактуу эстелиги, мындай теңдеши жок мурасты дүйнөгө апкелген да Африка эли.

ИФЕ МЕНЕН БЕНИН

Коло жана чопо

Өткөн кылымдын акыры — Африканын биротоло Европа державаларынын бөлүштүрүүсүнө түшкөн кези. Өз ара мандай тийиштирип, жан талашып, империянын жаны чек арасынан атаандаштардын замбиреги көргөндө ичтерин тартып, ал эми сыртган караганда Африканын азаттыкка чыгаруучу «мээримдүүлөр» болуп көрүнгүсү келген Европа державалары туяк илген жерлеринде дароо «жапайыларды» азаттыкка чыгаруу деген шылтоо менен диний мектептерди жардамга чакырат.

Бир кездеги өтө кубаттуу токой империясынын калдыгы, негрлердин Бенин мамлекети Улуу британиянын эң акыркы энчиси болгон. Кан төкпөй ыкчам кыймылдай турган экспедиция Бениндин эң алыскы түпкүрлөрүнө чейин барат. Вазифачылар, журналисттер жана соодагерлер Британ тагынын кудуре-

тине сүймөнчүлүк менен баш ийет. Сыноо жортуулуна катышуучулардын жазмалары жерге түшпөс бестселлерге айланат. Бениндин акыркы күндөрүн жазган туштары, үрөй учурган романдарды элестетип, бейпил күндү баштан кечирген түркөйлөрдү кирпидей жыйрылты.

«...Биз Бенин калаасына такалганда курмандыкка чалынган бир нече адамдарды, курсагынан илинген күндөрдү, төрт бөлүп чаап таштаган жергиликтүү тургундарды көрдүк... Бактысыз аялдар кактаган күндүн астында өлүмгө моюн сунган. Жол боюнча колу артына байланган кулдар жыландай жыйрылып жатты... Ушундай шумдуктардын жанынан ак жоскерлер өткөндө, биздин жаш солдаттардын жүрөгүндөгү булкуна баш көтөргөн мактанычтуу сезимдерин элестетүүнүн өзү кыйын. Бирок, алардын көз бирөөлөрү ачуу ызага буулугуп, ал эми бири адам чыдагыс ахвалда каллы... Адамдын өлүгү кээде королдун сарайынын ичинен да кездешет. Кандайдыр бир төгөрөктүн баары кескиленген денелерге толуп кеткендей... Кудайдан тилерим эми кайра мындай шумдукту көрбөсөк экен. Ушул шумдуктарды көрүп келе жатканда, бактын арасынан бир карыя чыкты Чыга калып, бизге саадак кезеди. Кийин билсек бул чал өзүнө ок даарыбайт деп ишенсе керек. Бирок ал ишеними жүзөгө аша койгон жок, таман астында атылып жатты...» Мына, Бениндеги жазалоочу экспедициянын аскердик хирургунун жазмасы ушундай.

Арийне, атылган чал да Бениндин акыркы коргоочулары да ошол кезде эле жапайылыктын курманы деген ала качма сөз жууп чайылган.

Газеттердин эң алгачкы кабарларында эле Бенин «кандуу калаа» деп аталган Бул аталышка бой көнүктүрүп, акырындык менен расми атка айланган. Бирок, ошол кездеги англиялык тарыхчы мындай деп жазат: «Жазалоочу экспедициянын мүчөлөрүнүн элестеткенине караганда бини эли убактысынын басымдуу көпчүлүгүн адамдардын курмандыкка чалуу менен өткөзгөн. Чындыгында, мындай каншаардын чындыктан алыс экендиги анык. Ырас, дүйнө жүзүнүн башка аймактары сыяктуу, керек болсо бир кездеги Британия аралдары сыяктуу, адамды курмандыкка чалуу тажрыйбасы Бенин динине да жат эмес...»

Бенин мамлекетинин эмне экенин элестетүү үчүн анын тарыхына кайрылуу керек. Бул биздин береги аңгемебизге да тикеден тике байланышы бар.

Бенин бир кездери арабдар менен европалыктардын таасиринен тышкары пайда болгон кубаттуу мамлекет эле. 1486-жылы Бенинге келген эң биринчи европалык португал Жоао Аффонсо да Авейро бул элдин гүлдөп, өнүгүп турган чагын көргөн.

Бенин аңыздарынын айтылышына караганда, бул элдин алгачкы оба тайпасынын падышасы иоруба элини касиеттүү калаасы Ифеден чыккан. Алгачкы тукумдан он эк падыша бийлик курган. Мындан кийин төңкөрүштөр менен дүрбөлөңдүү кезең башталды да, падышалыктын тагын кайтадан Ифеден чыккан обалар ээлеп, бүгүнкү күнгө чейин жеткен бийлик тизмегинин негизин түзөт. Жоао Аффонсо да Авейро Бенинге келгенде, ушул бийлик тизмегинин он бешинчи обасы падышалык куруп турган. Демек, бул падышалыктын негизделиши XII кылымга дал келсе, мамлекеттин түзүлүшү X кылымдарда болуу керек.

Бениндеги оба ары ак сөөктөрдүн, ары диний өкмөттүн бийлигин бир өзү колго алган. Ошондуктан падыша аябай ыйык саналып, бөтөнчө салтанаттуу шарттарда гана чыкпаса, өз сарайынан чыкпай турган болгон. Бенин коомунун социалдык системасы өтө таасын иштелип чыккан. Мында башкы бийликти жүргүзүүчүлөр падышанын кеңешчилери, абыздар, «калаа бийлөөчүлөрү», «сарай бийлөөчүлөрү», ошондой эле тегеректеги энчилеш провинциялардын башчылары.

Тегерегин бийик жолдор менен арыктар курчаган Бенин калаасы болжол менен жыйырма беш чарчы километр жерди алып жаткан. Бул калаанын курулушу так долбоорлонуп, чоподон, согулган үйлөр салынган. Ал үйлөрдүн алды короого карап, тегерегине пальма өстүрүлгөн. Мындагы үйлөрдүн бардыгында Бениндин толуп жаткан кудайлары менен арбактардын рухуна арнап курмандык чалуу үчүн жасалган михраптар табылат. Борбордогу эң чоң курулуш падыша сарайы эле. Анын тутумунда кенен сарайлар камтылып, тегереги бийик дубалдар менен, галереялар менен курчалган. Иш жүргүзүүлөрдүн үйлөрү, атканалар, казармалар, мамлекет тарыхынын ордосу эсептелген ибадатканалар менен толуп жат-

кан курмандык чалган орундар ушул сарайдын ичинде боло турган.

Европалыктар менен беттешкен эң алгачкы африкалык ири мамлекеттин бири ушул Бенин болчу. Бул анын алдындагы тарыхы үчүн бактысыздык апкелди.

Эгер португалиялыктар Түштүк-Чыгыш Азия менен Индиянын, эң алды менен, таттуу татымалдарына табиттери тартылса, Африкага алтыны менен кулдары үчүн кызыкты. Кургактыктын алыскы түпкүрүнөн кул апкелүү экспедиция үчүн кооптуу болгон, кээ бир шартта күтүүсүздүккө да учурайт. Ошондуктан, африкалык көсөмдөрдү далдаага пайдаланып, кулдарды каруу-жаракка, кездемеге, окдарыларга айырбаштоого көндүрүп турган. Бениндеги оба тайпасы португалиялыктар үчүн ушундай далдалдык кызмат аткарган. Мунун натыйжасы көп кечикпей өрүш ала баштайт. Бениндин бийлөөчүлөрү португалиялыктарга тобуратып кулдарды карман берсе, бениндиктер курал-жаракка карк болот. Ошентип, Бенин жоокер элге айланып, өзүнүн да, өзгөнүн да тынчтыгын кетирет. Кийин португалиялыктарды голландыктар сүрүп чыгат, андан кийин англичандар келген кезде, Бениндин түбүнө жетүүчү ошол аракет улана берет. Акырындык менен империя начарлайт. Багындырып алган аймактар каңгырап бош калып, чарбалар кыйрап, Бениндин өзү аскердик империяга айланып, тек кана коңшуларын тоноодон байлык жыйнаган бийлөөчүлөр менен абыздар кайгы-капасыз тиричилик курганы менен, мамлекет сенектикке дуушарланат. Акырындык менен эл ичиндеги чарбалар бүлгүнгө учурап, эл башы ооган жакка кача баштайт. Түштүк Нигериядагы туташ элдүү жерлер Бенинден качып чыккандардын турагына айланат. Ал эмес, Бенинден качкан Гинува падышанын уулу ал жерде «качкындардын» Варри королдугунун негизин салат.

Өзүнүн күч-кубатын жоготуп, токой ичине жашырынган Бенин мамлекетинин акыркы он жылдыктары азып-тозууга учураган. Абыздардын, байыркы кудайлардын камкордугунда болгон оба тайпасынын жашоо-тиричилигин кулдук менен каранғылык жайлайт. Ушундай чакта, Бенинге басып кирген англия экспедициясы бийлөөчүлөр менен абыздардын үрөйүн учуруп, мамлекеттин жоюлуп

кетишине ынандырышат. Англия тарыхчысы Ян Бринкуортс жазгандай «Бенинде жалпы курмандык чалуу тек өтө оор кезеңдерде гана болгон. Ал эми, акыркы миң жылдын тутумунда Бениндин тарыхындагы эң кайгылуу кезең жазалоочу экспедициянын келишине байланыштуу. Эси чыккан эл кудайларынан жардам тилеп, жалбарынуу менен болгон...»

Буга чейин эле Бенинде толуп жаткан саякатчылар менен соодагерлер болуп жазмаларды калтырган. Бул жазмалардын бирда-бирөөндө Бениндеги бийлөөчүлөрдүн айрыкча кан ичерлиги жөнүндө бир ооз сөз айтылбайт.

Канга баткан мамлекеттин кыйроосу, өртке оронгон борбордун абалы, баскынчылар үчүн көнүмүш болуп калган сыяктуу эле.

Королдун сарайында,— деп жазат аскердик хирург Рот,— узатасынан узак созулган бийик секилердин же курмандык чалына турган орундардын үстүнөн биз укмуштай чеберчилик менен жасалган сыйынуучу айкелдерди кезиктирдик. Булардын баарында кан сиңген. Ушулардын ортосунда колодон куюлган баштар иретсиз чачылып жатты. Алардын ички кууштарына өзгөчө чоң пил тиштери сайылган. Бул көрүнүштөрдүн таасирин сөз менен айтып жеткизүү мүмкүн эмес... Биз курмандык чала турган жерлерди кыйратып жаттык...»

Ошентип, тоноо башталды. Колодон куюлган баштар менен такталар, пил сөөгүнөн жасалган буюмдар Англияга ташылып, офицерлер менен чиновниктердин үйлөрүн толтурат. Ошол өнөр чыгармаларынын кээ бирөөлөрү гана музейлерге коюлуп, кээ бирөөлөрүн бениндиктер жашырууга үлгүргөн... Акыркы жылдары Нигерия өкмөтү уурдалган буюмдарды элге кайтаруунун мүмкүнчүлүктөрүн карап-тырууда. Маселен, жакында Лондондогу аукциондо сатылган XVI кылымда жасалган король эне портретин бейнелеген коло айкелди нигериялыктардын беш миң фунд стерлингге сатып алышынын ыңгайы келди.

Бенин өнөрү бейнелөө куралдарынын айрыкча чеберчилиги менен гана назар оодарбайт. Байыркы салт боюнча өтө ири борбордоштурулган мамлекеттерде кудайларга тоон кылуу өзгөчө өнүккөндүктөн, жазуу-сызуу болгон эмес. Анын ордуна жез куюу жана сөөк оюу өнөрү өзгөчө өнүккөн. Бениндин жез

куюу өнөрүн образдар менен бейнелеген мамлекеттин санжырасы десе да боло турган.

Бениндин ар кыл айкелдүү өнөрү эки топко бөлүнөт.

Биринчиси, белгилүү бир бийлөөчүлөр менен иш жүргүзүүчүлөргө арналган эстеликтер. Булар көп жагдайлуу бедер-бейне салынган коло тактaлары болуп эсептелет. Адатта, келиштирип салган мындай бейнелөр ортодо турат да, анын тегерегин кесиптештери менен аялдарынын бейнелери курчайт. Мындай бейнелер ошол адамдык накта турпатынан көрө, ал тууралу башка адамдын элесин көбүрөөк көңүлгө уялатат. Кандайдыр албан ай сыяктуу башынын жогору жагына орнотулган пилдин сөөгү бар бийлөөчүнүн портрети ушундай таасирге бөлөйт. Мында да ошол бир шарттуу стиль, жалпылаштырылган образ көзгө урунат. Ал эми пил сөөгүнө оюлган сүрөттөр пиктограмманы элестетет.

Ушундай шарттуулуктар көп бейнелүү композицияларда кээде бузулган сыяктуу. Төгөрөк бүткөн курмандык жайына башкы кейипкер Энуанын келишимдүү бейнеси салынган. Ал коло тактага жабышып тургандай. Жанындагы шериктери да тирешип турат. Тек кана күтпөгөн жерден композиянын жогору жагындагы аскерлер менен карапайым элдин бейнеси кыймылдап бийлеп тургандай. Жонунда атып алган бөкөнү бар, ит ээрчиткен аңчы же кабылан бейнеси салынган белгилүү айкелдер ушундай таасирге бөлөйт.

Эстеликтердин экинчи тобу портреттер менен пил сөөгүнөн жасалган бет кептерден куралат. Буларда чеберлер кандайдыр бир башка милдетти максат кылгандай, сарайдан табылган олжолорго таптакыр окшобойт. Бул эстеликтер тарыхый санжыралык милдет аткарбайт, катып калган даңазачыл эрежелерди да сактай бербейт. Булар накта сүрөтчүлүк өнөрдү пир тутуунун айгагындай.

Пил сөөгүнөн жасалган бет кептерди өнөрдүн кадырын билгендер аз даңазалаган жок. Алардын бул бет кептерди Нефертити менен катар коюуларында да чындык бар. Пил сөөгүнүн назик ийримдери жылуулук даарытып, жамалы жарык бадана көз айкелдердин өңүнө ажайып сабырдуулукту уялаткандай.

Бул бет кептерге XVI кылымда жасалган корол-

дордун портреттери көзде окшошот. Буларды жасаган сүрөтчүлөр кандайдыр королдордун кудуретин эстен чыгарып салган сыяктуу. Биздин көз алдыбызда башына бийик таажы калпак кийген, анын астынан булайып бүйрөлөнгөн көкүлү көрүнгөн уяң да, ойчул да жаш аял турат. Анын темирден кагылган кара көзү, саал гана серпилген кабагы ойлонуп төмөн карап отурганын билдирет. Купуя ойго чөмүлгөн аял өзүнүн замандашы Леонардо да Винчинин коло Джокондасы сыяктуу таасирге бөлөйт.

Бенин өнөрүндөгү салтанаттуулуктан караманча алыс турган башкача бүтүмдөгү ушул айкелди карап отуруп, бул калаанын падышалары бир кездери Ифеден келгенин, аныз боюнча, Бенин падышасына эң биринчи коло куюучуну XIV кылымда йоруба элинин касиеттүү калаасы Ифенин падышалыгы падышасы Огулое жибергенин эрксиз эске аласың. Йоруба падышалыгы менен Бенин чек аралаш болгондуктан, бул экөөнү арасына тыгыз байланыш үзүлгөн эмес.

Бениндеги коло айкелдер дүйнө жүзүнө белгилүү болуп, ал тууралу алгачкы макалалар жазылган кезде, Британия империясынын толуп жаткан ээликтеринин бири Ифе тууралу саналуу гана оторчул төрөлөр менен офицерлерден башка эч ким билген эмес.

Качан Бенинди багындыргандан кийин, арадан бир нече жыл өткөндө, Атландиданын ачылгандыгы жөнүндөгү кабар тарайт.

Немис археологу Лео Фробениус Батыш Нигериянын территориясында жашаган йорубалыктардын жерине казма жумушун жүргүзөт. Казма жумушу болгону эки-үч жумага гана созулат. Бирок ушул убакыттын ичинде Фробениус казма жумушун жүргүзгөн жерден айнек мончоктордун калдыктарын, карапаларды, айнек эриткен калыптар менен башка да заттарды кезиктирет. Акыр аягында аябагандай ишеним менен жана чынчылдык менен жасалган коло башты тапкан Фробениус Африка өнөрү менен таанып болгондуктан, бул баштын башка жерде жасалганын даана байкайт. Бирок кайсы жерде?

1913-жылы Фробениус «Африка добушу» аттуу китеп чыгарып, бул китебинде Ифеден көөнө грек оторунун табылганы жөнүндө ишенимдүүлүк менен пикир айткан. Анын оюнча, бул отор байыркы заман

авторлорунун эсинен чыккан Атландида болгон. Ал эми коло баш болсо, атлант кудайларынын биринин башы эле.

Ушинтип, Африканы төл маданиятынан айыргысы келген кезектеги кадам жасалган болот. Фробениусту ири окумуштуу катарында Кара материкке аң-сезимдүүлүк менен кастык ойлоду деп айта албас элек. Ал Африкага тек гана жупуну өнөр таандык деген өз заманынын жаңылыш ишенимининн курманы болгон.

Кийинки жылдарда Фробениустун пикири кадиксиз салтанат курду. Ырас, Зимбабведеги окуя сыяктуу мында да мураскорлукту талашуучулар аз болгон эмес. Алар финикиялыктар, сабейликтер, эфиоптор, кушиттер, ал эмес парсылар да болгон.

Бирок мындан кийинки кезендерде йоруба борборунан изилдөөчүлөрдүн тапкан жаңы олжолору Фробениустун зыкыйган теориясын акырындык менен кыйрата баштады. 1939 жылы касиеттүү токойдо кулап жаткан сарайдын ордуна жүргүзүлгөн иштин учурунда, курулушчулар он үч коло баш коюлган казынага туш болот. Ара-чолодо келген археологдор дагы төрт башты жана Ифе бийлөөчүсүнүн сан-салтанат менен кийинген портретин табат.

1947-жылы Нигерияда көөнө мурастарды изилдөөчү бөлүм ачылат. Ошентип, байыркы борбордун ордуна ырааттуу түрдө казма жумуштары жүргүзүлө баштайт. Жыл өткөн сайын жаңы олжолордун саны да көбөйө берет. Анткен менен, изилдөөчүлөр үчүн эң олжолуу жыл деп 1952-жылды айтууга болот. Анткени, ушул жылы табылган олжолордун ичинде коло менен чопо айкелдер менен кошо, йоруба маданияты тууралу түшүнүктүн чек арасын алда кайда кенейте турган бийлөөчүнүн туташ турпатын бейнелеген портрет табылат. Падыша менен падышайымдын кош кабат портрети, мындан башка сыйынуу куралдары жана жип менен кошоктолгон эки кулдун башы табылат.

Жазманын жүрүшүндө Ифеден табылган баштардын атланттарга катышы жок экендиги аныкталат. Бул өнөр туундулары Нигериянын өзүндө жасалып, турмушта болгон чыныгы адамдарды чагылдырган. Ошол тушта Ифе менен Бенин өнөрүнүн ортосунда байланыш болду деген туура пикир туулат.

Бирок Ифе айкелчилери качан, кайсы убакта адам

бою менен бирдей акыйкатчыл жана таасирдүү портреттерди жасап, аларга куюу өнөрүн үйрөткөнү купуя калыбында кала берет. Кандайдыр Ифе өнөрү көкөлөгөн бир бийиктиктен башталып, өзүнүн алдында үйрөтүүчү устаты болбогон сыяктуу.

Йоруба эли мындан миң жылдан көбүрөөк мурун чыгыш жактан келген. Бул элдин ага чейинки тарыхы белгисиз. Ал эми йорубалардын мындай өнөрдү өзү менен бирге алып келгени эле ушул жердин байыркы калкынан үйрөнгөнү беймаалим.

Ырас, өткөн турмуш тууралу бир аз даректер да жок эмес. Борбордук Нигериянын Нок кыштагынан англия археологу Фегг көөнө калай кенчинин ордун казуунун жүрүшүндө өтө чебер жасалган бир нече айкел портреттерди табат.


Нок кыштагынын байыркы маданияты калай, темир өндүрүшү менен тикелей байланыштуу болгон. Нок маданиятынын кээ бир портреттери биздин доорго чейинки биринчи миң жылдык менен биздин доорубуздун алгачкы кылымдарына тушма-туш келет. Нок айкелдери менен Ифе такталарынын бири-бирине окшоштугу йоруба тайпасынын ушул аймакка келгенде көптөгөн байыркы тургундар менен аралаша түшкөнүн билдирет.

Ифе айкелдери эки негизги топко бөлүнөт. Мунун бир кыйла белгилүүлөрү тез-тез көчүрмөлөрү алына турган аябагандай текебердүү, ары төп жасалган падыша менен падышайымдын коло баштары. Кээ бир падышалардын ачакейлүү таажысынан башталган тик сызыктар татуировканы элестетет же майда назик мончоктор менен таажыга тагылган парданы жамынганын түшүндүрөт.

Экинчи топко жата тургандары Ифедеги бедер-сүрөттүү айкелдер. Бул жерде сүрөтчүлөр өздөрүн алда канча эркин, алда канча жандуу да ар кыл кырынан көрсөтө билген. Ифедеги бедер-сүрөттүү айкелдер көөнө Грекиядагы айкелдерди эске түшүрөт. Бирок адамзат ынтаасынын ортоктугун жана ар кайсы тектеш маданият сүрөтчүлөрүнүн образды ойлоо ыраттуулуктарындагы шайкештикти билдирет.

4-БӨЛҮК

ИНДИЯ ЖАНА ШРИ ЛАНКА



ЧАНДРАГУПТЕР КОЛОННАЛАРЫ

Дагы эле жат келгиндерби

«Мен Делиде эң сонун темир колонна көрдүм,— деп жазат Эренбург. — Аны бешинчи кылымда орнотконо. Ошондон бери түштүктүн жамгыры жаап, күнү кактап турса да, темирди дат баспаган. Мен байыркы индилердин металлургия купуясын ушунча терең өздөштүргөнүнө айран калганымды жашыра албаймын...»

Биз өткөн заманга кийинки кылымдарда жыйнакталган тажрыйбанын деңгээлинен карай турганыбыз бар. Ырас, бизди майянын пирамидалары менен Улуу кытай дубалы таң калтырат. «Ажайып,— дейбиз биз,— алар ошол кезде бульдозерлор менен эсептөө машиналарынын жоктугуна карабастан, кантип жасаган. Биз пирамидалардын да, календардын да, дубалдардын да такыр жерде турбаганын эскере бербейбиз. Буларды дүйнөгө алып келүүчүлөрдүн боюнда жыйылган өзүнө чейинкилердин мол тажрыйбасы болот. Кээ бир көөнө маданияттар ар түрлүү билим тармактары боюнча ажайып бийиктикке көтөрүлө алган. Бирок купуя сырларын урпактарына үйрөтүүгө үлгүрбөй кыйрап калган. Себеби алар көп жагдайда урпаксыз калышкан эле. Маселен, гундар менен монголдор өздөрү басып алган элдердин келечеги жөнүндө баштарын ооруткан жок. Мындай шартта адамдар көп жолу өткөнүнө кайра кайрылып, баарын кайтадан баштоого мажбур болот.

Жер бетиндеги кереметтерден космостук тектештикти издеген теориялардын пайда болушу байыркы маданияттын мүмкүндүгүнө күмөндөнүүдөн чыкса керек. Ошонун салдарынан, мээримдүү марстыктар же Сириустун төгөрөгүнүн филантроптору тууралуу каңшаар күч алат. Мындай каңшаар боюнча келгиндер Жер бетине из калтырып, Баальбектин такта таштарын кажап, майялар үчүн календарь эсептеп, Сахара сүрөтчүлөрүнө өз бейнелерин салдырткан шекилдүү.

Делинин тегерегиндеги темир колонна да мындай каңшаардан качып кутулган жок. Аны дат баспайт, бир жарым миң жыл өтсө да жаңы гана куюлгандай. Ал эми ушунча көөнө темир колоннанын мындай сакталганы керемет эмеспи. Анан калса, көлөмү чакан болсо бир жөн, жок андай эмес, бийиктиги жети метр. Ал эми диаметри бир жарым метрге жакын. Демек, болгону бир нече тонна дат баспаган темир.

Делинин борборунан колоннага чейин жарым саттык жол. Алды менен жаңы жана жакшы долбоорлонгон калаанын сөөлөттүү коттедждери, бийик коомдук үйлөрү жана жашыл жамынган парктары артта калат. Акырындык менен коттедждер сейректеп, эски чопо коргондуу жепирейген жер үйлөр артта калып жатты. Капыстан, оң жактан ар кыл үлгүдөгү самолеттору тизилген аэродром көрүнөт. Эскирип бүткөн баш калкалоочу алачыктар да көбөйө түшөт.

Мына, ошол кезде теректер менен үйлөрдүн төбөлөрүнөн боюн ашырып, көлөмү да, формасы да ушул күнкү телемунаралар сыяктуу Кутбминар (куттуу мунара) көрүнөт.

Алды менен дүйнө жүзүндөгү эң бийик мунаралардын бири деп эсептелүүчү ушул мунарага чыгып көрүүгө болот. Ырас, аптаптуу күндө жетимиш метрлик мунаранын өтө тар тик өйдө кеткен тепкичи менен жогорулоо да оңой эмес. Тик кеткен тепкич акырындык менен тарыла берет. Кандайдыр бир чекебели жок түтүккө туш болгондой эсиң чыгат. Ошондон, кылда башына чыгамын деген ойдон күдөр үзүп, мындай шумдукту жиндин көмөгүсүз салуунун мүмкүн эмес экенине ишене баштаган кезде (себеби, курулушчулар бул мунаранын башына чыкканча күн кечкирип, тезирек кайра кайтууга мажбур болгон), күтпөгөн жерден эң үстүнкү аянтчага туш болосуң.

Эпкиндей соккон жел байкатпай төмөндөгү саргыч тарткан жерге учуруп түшүргүсү келгенсийт.

Төмөн жакка карап туруп, инди элинин байыркылыгын сезгендей болосуң. Жайнаган ак, сары үйлөр менен нокоттой карайган бактар жана көк жээкке чейин созулган өлүү калаалар менен сепил калдыктары көрүнөт.

Төмөндө, мунаранын так түбүндө, көөнө ибадаткананын жанында ширецкенин чийиндей болуп бирдеме караят — бийиктиги жети метрлик колонна ошол. Колоннаны куюучулар Кутб — минарды, Таж-

Махалды салуучулардын бабалары, Аджант үңкүрүн жасалгалоочулардын жана аскадан Элур ибадатканасын оюп жасагандардын замандаштары... Ырас, кээде чоң ибадаткана салгандан көрө темирдин табышмактуу тилин түшүнүп, от менен темирди өз эркине көндүрүүнүн кыйынга турган кездери болот.

Жогорудан караганда бул колонна чакан эле. Аны жакшыраак билүү үчүн төмөн түшүп, кол тийгизип көрүү керек.

Колоннанын киши боюндай бөлүгү көз карыктыра жаркырап турат. Зыярат кылуучулар менен туристтер сыйпалай-сыйпалай берип, жалтыратып жиберишкен. Колоннанын көрүнүшү карапайым, түркүктүн башына чейин сүйрүлөнүп бүткөн. Ушундай темирге өзү тууралу белги калтырган ким? Мобул ичке тамгаларды оюп жазган ким болду экен?

— Мындан тогуз жүз жыл мурун Делини Ананг Пал деген даанышман падыша бийлеген,— дейт Хасан, баарын биле турган адам сыяктанып.

Хасандын кийгени келишимдүү тигилген кара бешмант менен ак дхоти. Биз аны менен Кутб-минардын үстүндө тааныштык. Ал аябай меймандос болгусу келген жана марка алмашуу үчүн менин тааныш студенттеримдин адресин алууга ынтызар жигит болуп чыкты.

— Ананг Пал,— дейт Хасан мени биротоло ынандырып салгысы келгендей түр менен,— анын замандында илим менен өнөр аябай өнүккөн. Ацыз боюнча, ал ан менен кушка да бийлигин жүргүзгөн. Бирок менин оюмча, бул — апырткан гана сөз болуу керек.

— Мен да ошондой ойлоймун.

— Ананг Пал таза темирден колонна куйдуруп, алп жыландын башына койдурууга буйрук берет. Кебетеси, анысы таштан жаралган жылан болсо керек.

— Андай жыланды көргөн барбы?

— Жок, балким, бул да аңыз болуу керек. Ошондон колоннаны куюп, орнотот. Бирок арадан бир аз убакыт өткөндө падыша урпактарынын бири шектене баштайт. Ошондон соң колоннаны жылдырып, астында жыландын бар-жогун билгиси келет. Мындай ишенимсиздиги үчүн ал жазасын тартып, бийлиги талкаланат.

— Демек, колонна ордунан козголбогон экен да?

— Кайдан. Бирок, мына бул кичинекей жазууда Ананг Палдын ысмы жазылып, бийлик курган мез-

гили көрсөтүлгөн. Кандай десек да, аңыз аттуунун астарында чындык болот. Демек, тогуз жүз жыл болгону чын. Сиздин карандашыңыз болсо мен адресимди берер элем.

— Ал эми, мына бул экинчи жазуучу? — деп сурадым мен. Аңыз астарында чындык боло турганын мен да жокко чыгарып жатканым жок. Менин ынтызарланып турганым кымындай болсо да чындыктын үлүшү го. Ушул ынтызарлык менин китепканага келүүмө себепчи болду да, «Индия археологиялык коомунун кабарларынын» биринчи томун карап чыгууга туура келди. Бул басылмадан жанагы эки жазуунун факсимисин да, таржымасын да окудум.

Ал байыркы индилердин Гуптер падышалыгында колдонулган белгилер менен жазылыптыр. Буга окумуштуулар шектенишкен жок. Демек, ал V кылымдын мурасы, ал эми акылгөй Хасан азыраак жаңылган.

Бул жазуу 413-жылы дүйнөдөн өткөн Чандрагупт II падышага арналган белги — эпитафия. Ал эми, жазууда көрсөтүлгөндөй, ошол падышанын урматына Вишну Тууру деп аталган тоого, Вишну кудайына багытталып орнотулган. Жазуунун көрүнүшүнө караганда, бул колонна адегенде Индиянын чыгышындагы Аллахабадда болгон. Эми тарыхчылардан Вишну Тууру деп аталган тоону табуу керек.

Аны да таптык. Ошентсе да, бул колонна бир кездери Вишну аскасындагы ибадаткананын алдында турса керек. Эң башы касиеттүү Гаруд кушунун бейнеси менен жасалгаланыптыр дейт. Бул тегеректе ушуга окшош, бирок темирден эмес, таштан жасалган колонналар табылган.

Ананг Пал падыша, чындыгында эле, турмушта болгон. Мына бул колоннаны Делиге жеткизген да ошол. Бирок анын даярданышына эч кандай катышы болгон эмес.

Колоннанын кандай пайда болгонун түшүнүү үчүн тарыхка ынтаа коюп, мындан бир миң беш жүз жыл мурун Гунтер заманындагы Индиянын шартына кайрылуубуз керек.

Өтө бийик деңгээлде болгон гуманитардык илимдин албан тармагы, эң сонун адабияты менен өнөрү Чандрагупта колоннасына тикеден-тике катышы болбогондуктан, тек гана металлургиясына токтолуп көрөлүк.

Гуптер заманындагы индилер ар түрдүү металлды эрите билген. Алар ар түрлүү ачакейлерди алтын менен аптап, күмүш менен күптөп, кымбат металлдын кошмосун эрите алышкан. Алтын менен күмүштөн башка алар темирди, жезди, коргошунду, калайды жана ушул мезгилге чейин сыры ачылбаган «вайкринта» деген металлды билген. Индиянын байыркы жазма эстелиги — Ведаларда коло сөз болот. Ал эми кийинки кездин археологиялык маалыматтарына караганда, темир биздин доорубузга чейинки X кылымда пайда болгон. Металлдардан курал-жарак, колдонулуучу мүлктөр, ачакейлер жасалган. Ошондой эле сымапты да байыркы индилер негизинен, медицинада колдонгон. Инди жазмаларында ар түрдүү химиялык процесстердин кычкылдар менен шакарларды алууга байланыштуу тундурмалары келтирилет. Индиялыктар курулуш жумушуна кеңири колдонулуучу асфальтты да металл санатына кошкон. Алар асфальтты төрт металлдын кошмосунан турат, күндүн таасири аркылуу бөлүнүп чыгуучу «май булганычы» деп эсептеген.

Александр Македонскийдин жортуулуна байланыштуу жазмада Пенджаб княздыктарынын бийлөөчүлөрүнүн бири Александрга жүз талант чоюн апкелгени айтылат. (Талант болжол менен 25,9 килограммга тең). Арийне, биздин өлчөмүбүз боюнча 2,5 тонна чоюн деген анчалык мол дөөлөт эмес. Бирок ошол кез үчүн бул аябагандай байлык эле.

Демек, Александр Македонскийдин заманында металлургия ушунчалык өнүккөн болсо, анын тегин, ал эмес, тереңден издөөбүз керек. Чындыгында, темир эритүү тууралу, болжол менен, биздин доорубузга чейинки IX—VI кылымдардын каснеттүү китеби Брахманда айтылат. Арийне, ушул колонна дүйнөгө келген кезде, Индия металлургиясынын бир жарым миң жылдык тарыхы болгон. Ал эми темирдин табигыйлыгы ушунчалык, андан соко жасаган.

Бирок, байыркы инди металлургиясы дүйнөгө апкелген заттардын көбү бүгүнкү күнгө жеткен жок. Аларды металл аттуунун кас душманы дат жеп куруткан. Бүгүнкү окумуштуулардын эсеби боюнча жыл сайын бир миллиард сомдон ашык турган металлды дат жейт экен. Рельстерди, куйма темирлерди, машиналарды дат жеп жатат. Бирок Чандрагупта колоннасы ошол калыбында турат.

Мен: «ушул убакытка чейин мындайды эч ким жасай алган эмес. Накта болот куймасы деп инди колоннасын айтуу керек... Мындай керемет кайда бар? Чынында эле, купуясы унут болгонубу?» — деген сөздөрдү да эшиттим. Бир өкүнүчтүүсү, колоннаны белгисиз ыкма менен табышмактуу жан жасады деген теорияны жактоочулардын көңүлүн калтырууга туура келет.

Бул колоннага өткөн кылымда эле металлургдар назар салган. Ошондон бери ага далай-далай анализдер жасалган. Анын натыйжасын купуя сактап жаткан эч ким жок. Бирок, экинин бири биле бербейт. Тарыхчылар металлургия тууралу китепти окуй бербейт. Ал эми, металлургдар болсо, тарыхчылардын талашына аралашпайт.

Аныкталган шарт мына бул:

биринчиден, колонна темирден эмес, көмүр теги азыраак болоттон куюлган. «Күкүрт кычкылы аябай таза жана фосфору аябай каныk» мындай металл «азыркы эң көп жумшала турган 15 болотко окшош». Мындай металлдын сапаты тууралу металлургдар мындай дейт: «Эгер металл иштетүү жөнүндөгү азыркы адис мындай эритме ырааттуулугун микроскоп менен карай турган болсо, анда мындай металлдан жооптуу деталдарды жасоого болбойт, ал эмес өнө боюнда металл эмес кошулмалардын көптүгүнө байланыштуу кармап, кереги жок деген болор эле»;

экинчиден, бул колонна туташ эмес. «Салмагы 20—30 кг болгон туташ эритме менен бирге куюлган колоннада балканын тагы жана данакерлөөнүн изи бар».

Эң аягында, үчүнчүдөн, колоннаны дат баспайт деген сөз анчейин каңшаар. Шведдин металл изилдөөчүсү Вранглен жөнөкөй тажрыйба жасоого дит койгон. Ал колоннанын жерге көмүлгөн түбүн казып, тарыхчылар менен келгин-изилдөөчүлөрдүн көзүнө түшө бербеген бөлүгүнө байкоо салат. Бул бөлүгүн бир сантиметр калыңдыкта дат басып, даттын калыңдыгы 10 см чейин тереңдеген.

Ошентип, аңыздын түп тамыры аныкталган сыяктуу. Ырас, мындай каршы пикирдин айтылышы да турулуу: «Бирок, колоннанын жер бетиндеги бөлүгүн дат баспай турат. Балким, бул бөлүгү башкача жасалган чыгаар?»

Дегеле андай эмес. Жанагы Вранглен колоннадан бир нече кесекти аралап алып, анын бир бөлүгүн

Швецияга алып кетет. Бул кесектерди аябай ылдам дат баса баштайт. Көрсө, аңыздын туулушуна себепчи болгон Түндүк Индиянын кургак жана жылуу аба ырайы экен. Жердин ар түрлүү өңүрүндө жүргүзүлгөн изилдөө боюнча дүйнө жүзүндө аба ырайынын кубулушу жагынан Дели Хартумдан кийинки экинчи орунда турат. Ал эмес, дат чалгыч калай Делиде узакка сакталат.

Колоннанын жасалган мезгили менен ордун көрсөтүүчү жазуудан башка, анын Гуптер заманында Индияда жасалганын билдирүүчү бир айгак бар. Бул айгак бизди Александр Македонскийдин заманы менен беттештирет. Парсыларды талкалап жеңип, мамлекеттердин чек арасын бузган улуу баскынчынын тек гана адамдардын суудай аралашышына себепчи болуп калбастан, ошону менен бирге, жаңы бөй көтөргөн Элинин ааламынын жаңы идеялары менен, маданий тектер менен аралаша түшүшүнө таасир эткен. Александрдын жортуулунун бир натыйжасы катарында Индияга монументалдык архитектураны ала келгенин айта кетүүгө болот. Бул адегенде грек жана парсы чеберлеринин жардамы менен жүзөгө ашкан. Бул, асыресе, Александрдын жортуулунан кийин Түндүк Индияда пайда болгон Маурье бийлик тизмегинин заманындагы сөөлөт өнөрүнөн айкын байкалат. Маселен, Чандрагупт колоннасынын түркүк башынан парсы үлгүсүн байкоо кыйын эмес. Лотоско же коңгуроого окшош бул түркүк башы Персеполдогу колонналуу залды эске түшүрөт. Мезгил сабакташтыгы, жер үстүндөгү жалгаштык деген ушул болоор.

Кандай десек да, колоннаны өзгөчө турпаттагы керемет деш кыйын. Дал ушул сыяктуу дат баспаган, узундугу 10 метр, диаметри 20 сантиметрлик темир устун Канарактагы (Конарактагы) ибадаткананын курулушуна пайдаланылган. Эмдиги аңгеме ошол тууралу болмок.

КАНАРАКТАГЫ ИБАДАТКАНА

Кара зыяраткана

Ханзада ары сулуу, ары акылдуу, ары шайыр болгон. Кудайлар анын боюна албан жөндөмдүүлүк менен абройду үйүп-төккөн сыяктуу. Ханзада туулган-

дан брахман эле, ошол брахмандыкка ылайыктуу касиеттер да айрыкча мол болгон. Анын үстүнө ханзада көңүлдөгүдөй теңине үйлөнгөн соң, атасынын таажысын ээлерине күмөн кылбаган.

Бирок, каргашалуу бир күнү ханзада пилди жаралайт. Мунун атайы болгонуна же байкоосуздан болгонуна эч ким маани бербейт. Ал эми кудайлар жана Индра кейпинде түшкөн Вишну катуу ачууланат да, аңкоо ханзаданы алапес кылып жазаламак болот. Ошондо алапестин биринчи белгиси ханзаданын бетинен билине баштаган кезде, аны атасы сарайдан кууп жиберет. Ал эми күзөтчүлөр бактысыз шордууну калаадан да четтетет. Ошол кезден баштап ал куулган адам атыгат.

Ханзада бир нече жыл бою эл ичин кезүү менен болот. Ал эми адамдар, ал эмес эң төмөнкү кастанын өкүлдөрүнө чейин ага сыртын салат.

Бир жолу ханзада таң алдында мухиттин жээгине келет. Абдан шайы кетип, жээктеги кумга кулаган боюнча көзүн жумат. Капыстан жумулган кирпиктеринин арасын жарык шоола чалгандай болот. Бул деңиздин төрүнөн жаңы көрүнгөн күндүн нурлары эле...

— Сурья! — деп кыйкырып жиберди ханзада катуу толкунануу менен. — Сурья, Күн кудайы, жардам кыла көр мага! Мен сага ушул жерге дүйнөдө теңдеши жок ибадаткана курамын. Ал сенин арабаңа окшош болот, ал эми сен ошол арабаң менен күн сайын көк бетине көтөрүлөсүң! Жардам кыла көр, мага! Айыктыр дартымдан, ошентип, сарайга кайтуума жагдай жаса!

Өзүнүн жарк-журк эткен арабасы менен деңиз төшүндө калкыган кудай бир саамга аялдап, төмөн жакка назар салат. Кичинекей гана пенде оору менен азаптан касирет чегип, кум үстүндө алдастап жатат. Анын кайгылуу жүзү кудурети күчтүү кудайдын жүрөгүн элжиретет.

Анын үстүнө байыркы замандагы Индияда кудайлар ханзаданы карапайым адамдардан алыстан туруп эле ажырата алган. А балким, бардык ханзаданы өңүнөн тааныган чыгар. Же болбосо Күн кудайына ушундай ыңгайлуу жерде дүйнөдөгү эң албан ибадаткананы саламын деп эч ким убада бербес эле.

Сурья колун бир сермеп калат. Ошол тапта ханзада өзгөчө бир жеңилдикти сезет. Ал алдындагы

чөөт сууга эңкейе берип, өз дидарын көрөт. Анын бетинде алапестин изи да калбаптыр, жүзү мурункудай мөлтүрөп турган эле. Ханзада жакын жердеги кыштакка келип, андагы балыкчыларга өзүнүн жөн киши эмес, келечектеги бийлөөчү экендигин айтат. Ал эми балыкчылар болсо, зээндүүлүккө келгенде кудайлардан дегеле кем түшпөйт эмеспи, дароо ханзадага эң жакшы арабаны даярдашып, борборго жеткизип салат.

Оорудан айыккан баласын көрүп падыша катуу кубанды жана аны такка отургузду да, көп узабай кайтыш болот. Ошентип, ханзада падыша болду.

Ал кудуреттүү падыша болгон, тегерегиндеги далай элди тизе бүктүргөн. Бирок согушта жүрсүн, тактыкта болсун, дегеле Күн кудайына берген убадасын эстен чыгарбайт.

Анан бир күнү анын казынасы керектүү өлчөмдө алтынга толгон кезде, архитекторлорду чакырып алып, ибадаткананын долбоорун түзүү жөнүндө буйрук берет. Бул долбоор боюнча келечектеги ибадатхана Сурья кудайынын арабасына да окшош болууга тийиш. Ал эми, мындай максатты жүзөгө ашыруу үчүн борбордун жанында кулдар да жетиштүү. Ошондон жумуштун чиймелерин кагазга түшүрүп бүтө электе эле падыша кулдарды, сүрөтчүлөрдү, айкелчилерди бөөдөй кууруп, дыйкандарга таш менен курулуш материалы жүктөлгөн арабаларды тийиштүү жерге жеткизүүгө буйрат.

Көк бетинин жети тулпары чегилген он эки дөңгөлөктүү арабага окшош ибадаткана бир кездери бактысыз алапес жаткан деңиз жээгиндеги жерден бой көтөрөт. Долбоор боюнча деңиз толкуну ибадатканалардын тепкичтерин чайкап турууга тийиш эле. Күн кудайы ар бир таң алдында өзүнүн арабасына түшүп алып, курулуштун саат сайын көтөрүлүп бара жаткан дубалына сүймөнчүлүк менен көз салат.

Ибадаткананын көтөрүлүшү менен бирге бир кездеги ханзаданын падышалыгы да өсүп-өркүндөөнүн үстүндө болгон. Падышанын убактысынын көбү согуш менен жортуулга кетет, себеби баскынчыга буюрган тагдыр ошол эле. Бирок баскынчынын бир дагы көкөйүндөгү арманы толук орундалган эмес. Бир княздыкты же мамлекетти басып алса, анын ары жагынан андан өткөн байлыкка тунган падышалык төбөсүн көрсөтөт. Арийне, мындай падышанын ибадат-

канага кайрыла турган чамасы да болбойт. Ээгинин алдында кандуу майдан менен тактикалык чегинүүлөр жүрүп жатканда, курулуш ишине көңүл бөлүп, андагы шалаакы башчыларды жекиргенге кайдан чамасы болсун?

Ал эми, бул кезде курулуш башчылары адаттагыдай ууурулукка түшөт. Кыштак башчылары таш жүктөлгөн унаа-көлүктөрдү өз учурунда жеткизүүнү эстеринен чыгарышса, айкелчилер коңшу калаадагы көлөмү кичинекей болсо да акчасы мол ибадаткана курулуштарына которулуп кетет. Анын үстүнө курулуш аянты да Индиянын кайдагы бир ылайыксыз жерине жайгашкан. Же болбосо, жанында же калаа же кыштак жок, тек кана көңүл чөгөргөн кум менен деңиз. Ошондой эле падышанын жаңы кулдарды жиберүүсү да токтогон. Андай кулдар падыша үчүн алыскы чек арадагы сепилдерди салдыруу же алыскы Гималай тоолорундагы жайкы сарайларды салдыруу үчүн керек болгон. Ошондо бир жолу өзүнүн арабасы менен курулуш үстүнөн учуп өткөн Сурья назар салып, курулуштун токтоп калганын жана кыш кыноочулардын кетүүгө камданып жатканын көрөт.

Сурья өзүнүн кынтыксыз көңүлүнө көлөкө түшкөндөй абалда калат. Ай, адам баласы — ай, жакшылыкты жадыңдан тез чыгарасың — ээ, деп ойлойт ал. Мейли, мага ибадаткана салгыңар келбесе, өзүңөр билгиле. Ал колун бир сермеп, ибадаткананын катарындагы мунараны кагып жиберет. Мунара болсо, кум үстүндө чачылып калат. Ошол кезде Сурья колун экинчи ирет серпип калганда, мухиттин суусу кийин серпилип, ибадатканаңы калың шагыл кумдун ортосунда калтырат. Ал үчүнчү ирет кагып өткөндө, падышаны бардык күч-кубатынан кур жалак калтырат.

Эмне болуп кеткенин падыша тез түшүнөт. Себеби, анын аскерин жеңген душманы анча күчтүү болбойт. Чегинип келе жаткан падыша өзүнүн чабармандарына кезигет. Алар кайгылуу муңкана туруп Сурья кудайынын кылган кылыгын айтат.

— Мен кантсем да курулушту салып бүтүрөмүн! — деп кыйкырат падыша.

— Бүт өмүрүмдү сарп кылсам да, бул курулушту бүтүрөм!

Бирок, убададан тайган пенденин сөзүнө экинчи

кайрылып ишенүүнүн өзү кыйын эмеспи. Арийне, Сурья да ишене койбойт.

Көп кечикпей, өзүнүн падышалыгына туш-тушган басып кирген жоого каршы жүргүзгөн айкаштардын биринде падыша курман болот. Ал эми ибадаткана болсо, мухиттин жээгинде бир аз кыйраган, кангыраган, кудайлар менен адамдын назарынан тышкары калган калыбында каркайып кала берет.

Орисса жээгинин тургундары бул жерди Кара зыяраткана (пагода) деп атай башташты.

Зыяраткана элдин үрөйүн учуруп, кудайдын каргышына учураган жер сыяктуу көрүшөт. Ал эми бул төгөрөккө таманы тийген тарыхчылар менен саякатчылар болсо, тандангган сөздөрүн аябай айтышкан. «Ал эмес жакшылык ойлоону билбегендер да кадыресе таңданып, таңыркоону билбегендер да көргөндө таңыркай карап, туруп калат»,— деп жазды 1585-жылы император Акбардын тарыхчысы Абдул Фазыл.

Бирок, мындан башка пикирлер да жок эмес. Имараттын батыл чечими, айкелдеринин көрүнүшү, жасалгаланышы жакпаган христиан вазифачылары муну салган адамдар кишилик касиеттен караманча ажырап калган, табити начар бетпактар деген пикирди туудурат. Вазифачылардын бузук оюн оторчул төрөлөр да туура дешет. Эл болсо бул ибадатканаңы көрүп-билген эмес. Таж-Макал буга караганда белгилүү болот. Ошондой эле үңкүрлөр да, Боробудур да белгилүү эле, ал эми Канарактагы Күн ибадатканасы же Кара зыяраткана белгисиз калган.

«Биздин көз алдыбызда чексиз мейкиндикте созулган тактайдай кенен түздүк көк жээк менен ашташып агыш тартып жатты,— дейт Канаракта болгон азыркы замандын саякатчысы. — Ошол бүдүрү жок жылаңач талаанын төшүндө нокоттой болуп саялуу бак көзгө чалынат. «Ошол бактан ары,— дейт аткошчу,— Кара зыяраткана».

Күн төбөгө көтөрүлгөн кезде биз чакан жонго чыгып, көз алдыбызда жаткан аябаган чоң, аябаган ажайып, ары ээсиз калган Кара зыяратканаңы көрдүк. Ал өзүнүн текебердүү чокусун көккө созуп, тегеректеги бак-даректан боюн ашыра көрсөтүп тургандай. Бул түбөлүк алмашып жаткан балыкчылардын урпагынын жарык жылдызы, аңыз аңгемелеринин кайнар көзү, инди сөөлөт өнөрүнүн эң бир көкөлөгөн бийиги сыяктуу эле. Бул бүткөн боюна индуизм бел-

гилери менен тантризмдин купуя рэсимдерин билдирүүчү фрагменттерди жыйнаштаган ажайып ибадаткана болуучу».

...Бул индиин Орисса штатынын мухит жээгиндеги кумдак дөбөлөрдүн ортосунан зацкая көрүнгөн курулуш эле. Тегереги кум менен саз. Бул жерге адамдар да сейрек каттайт. Анда-санда балыкчылардын кокусунан тийип өткөнү бар, ошондон кийин жылына бир ирет зыяраткана майрамында уучууга бөлөнөт.

Эгер жакын барсаң, кандайдыр дөңгөлөк үстүндө турган албан имаратты көргөндөй таасирде болор элең. Алты жеринен бедер-бейне түрүндө 4 метрлик дөңгөлөктөр кажалган.

Ибадаткана, чындыгында, дөңгөлөктүү арабанын символу сыяктуу. Анын каршы алдында ат тууруна арналган кенен тепкичтердин калдыктары бар. Бир кездери жалын сапырылтып, туягын ташка жанып, ушул араба-ибадатканы деңизге тартып бара жаткан 7 аттын бейнеси болгон.

Канарак бүткөн кездеги турпатынын кандай экенин билүү үчүн Ориссадагы башка ибадатканаларга назар салуу керек. Себеби, чоң-кичинелүү курулуштардын баарысы бир үлгү менен, бир заңга багынтылып салынган.

Түштүк Индия ибадатканаларынын үлгүсү болжол менен VII кылымда калыпташкан. Ошондон бери жүздөгөн жылдар бою Ориссанын ибадатканалары эки бөлүктүү болуп салынып келди. Анын бири джагамохан деп аталган пирамидалуу чатыры бар негизги имарат болсо, экинчисинде пайдубалдуу салынган — деула мунаралары болгон. Ал далистер менен жалгашкан коңгурооканалары бар орус чиркөөлөрүн элестетет.

Табынуучу орун менен кудайдын сүрөттөрүнө арналган бул ибадаткана негизги үйдөн жана мунараларга оңношкон бөлмөлөрдөн турат. Ал бөлмөлөрдү гарбхагриха деп атайт... Ибадаткананын кире беришинде мындан башка бий залы жана садага залы сыяктуу башка курулуштар салынат.

Инди ибадатканаларынын символикасы аябагандай күрдөөлдүү. Анын ар бир бөлүктөрү өзүнчө аталыштар менен аталып, бул курулушчулар үчүн заңга айланган атайы эмгектерде көрсөтүлгөн. Ал түгүл, дүйнө жүзүндөгү ибадаткана салуучу курулушчулар-

дып бирда-бири дал ушул сыяктуу толуп жаткан зан-дар менен тартиптер аркылуу курчалбаган болуу керек. Маселен, мындагы расим боюнча, төрт жана жети деген эки санга багынуу кажеттүү. Жети — ыйык жана касиеттүү сан. Төрт кез келген курулуштун чарчы дубалдарын билдирет. Ошону менен бирге, ибадатканалар адам денесинин көрүнүшүн билдирет. Маселен, курулуш ишине каражат бөлгөн адам, мейли раджа болсун, мейли брахман же катардагы дөөлөттүүлөрдүн бири болсун, алар ибадатканаңы өзүнүн денесинин бир бөлүгү деп эсептеген. Ошондой эле, ибадаткана курулушу бүтпөй калса же белгилүү бир бөлүгүндө кемтик болсо, аны салдырган адамдын да денесинде ага шайкеш бир бөлүгү зардап чегүүгө тийиш деген ишеним туулган.

Ошону менен, Канаракка кайта кайрылалык. Албан дөңгөлөктөрү бар бийик туурдун үстүндө джагамохан турат. Мунарадан болгону бирди-жарым такталар калган. Байдубалдын көлөмүнө жана инди курулушчуларынын, баш ийе турган заңына карап, бул мунаранын көлөмүн эсептеп чыгуу кыйын эмес. Анын бийиктиги жетимиш беш метр болгон. Мухиттин жээгиндеги кум үстүнө салынган ибадаткана үчүн бул керемет бийиктик эле. Бир кездери мунаранын кандай таш-талкан болуп, такталарынын кандай кыйраганын элестетүү кыйын эмес...

Бирок, ар кайсысы ондогон тонна болгон такталар күнү бүгүнкүгө чейин байдубалдын жанында чачылып жатат. Ошол чачылып жаткан калыбынын өзү эле өтө бийиктен кулап түшпөгөндөй, кандайдыр бир кол менен жыйналгандай тейде. Алар же жарылган эмес, же кумга сиңген эмес. Ар бир такта өзүнчө-өзүнчө жатат.

Арийне, мындай болушу мүмкүн эмес эле. Бир гана корутунду чыгарууга болот: бул такталар эч качан каланбаган жана эч качан бийиктен кулаган эмес. Буларды калмакчы болуп даярдаарын даярдаган, кийин курулушчулар аянтты таштап кеткен.

Демек, аңыздын чындыгы барбы? Башкача айтканда, чындыгында эле, жортуул менен согушта жүргөн падыша кудайга берген убадасын унутуп, өзүнүн кайрат-күчүнөн ажыраганбы? Андан ары аңыздын күчөгөнү ушунчалык, бүтпөй калган ибадатканаңын курулушчуларга тийгизе турган зыяны бар деген ишеним болгон. Ал эми, мунаранын бүтпөй калышы

падышанын башына түшкөн коркунуч менен барабар эле.

Ибадатканаңы изилдөөчү окумуштуулар Канарак ибадатканасы эч убакта салынган эмес деген пикирге бир ооздон басым жасашат. Ибадатканаңын салынып бүтпөй калышы Индияда сейрек кездешүүчү жагдай. Ал көргөн жандын көкөйүнө курулушту салдырууга буйрук берген падышанын кайгылуу тагдырын элестетет. Ошентип, аңыз дүйнөгө келет.

Анткен менен, чындыгында эле, бул ибадатканага эмне болгон?

Орто кылымда Чыгыш Индиянын Орисса провинциясы бир-бири менен өчөшкөн бир нече княздыкка бөлүнгөн. 1106-жылы такка князь Чода Ганга отурат. Ал жетимиш жылдан ашык убакыт үзүрлүү бийлик куруп, Ориссанын көптөгөн княздыктарын жана ага жанаша жаткан бир нече мамлекеттерди өз карамагына каратат. Анын көзү тирүү кезинде толуп жаткан ибадатканалар дүйнөгө келди. Ырас, булар Канарак ибадатканасы менен атаандаша албайт деген менен, өтө баалуу айкелдери менен бедер-бейнелери көргөн көздү табындыргандай эле.

Бул бийлик катарынан кийинки урпактары үчүн анча жеңил тиричилик болбогон. Индиянын түндүгү ислам динине дит коюп, мусулман болот. Алар Дели султанынын кол астында биригип, Индиянын түштүк-чыгышын каратуу үчүн жортуулга чыгат. XIII кылымдын ортосунда Ориссанын акыркы императорлорунун бири Нарасимха-Дева I мусулман чапкынчыларын бөгөгөндүгү үчүн даңкка бөлөнөт.

Ошол императордун тушунда Кара зыяраткана салынган.

Император Нарасимха-Дева — тарыхый инсан. Анын эч качан алапес болуп оорубаганы жана согушка кумар болбогону даана далилдер менен белгилүү. Ал бардык күч-кубатын салып, мусулман чапкынчылыгын бөгөө үчүн саясат менен алектенген. Нарасимха — Деванын атасы баласын жакшы көргөн, аны эч качан сарайынан кууган эмес. Демек, император өзүнүн жаш кезинде Орисса кумунда болуп, Күн кудайы менен кездешсе, анда ал каңгып жүрүү менен эмес, тактын зандуу мураскору катарында кездешкен.

Нарасимха-Дева салгысы келген ибадаткана өлкөдөгү эң ири ибадаткана болууга тийиш эле. Бирок курулуш башталган соң, көп кечикпей эле байдуба-

лы түшкөн кумдун аябай ылайыксыз экени аныкталат. Бирок ибадаткананын ордун император өзү көрсөткөндүктөн, аны өзгөртүүгө эч кимдин жүрөгү даабайт.

Арадан айлар, жылдар өтөт. Курулушчулардын долбоору боюнча албан ибадатканаңы көтөрө турган орошон зор туур да салынып бүтөт. Албан туурдун капталдарына күн арабасы чегилет. Мындан ары джагамоханы салууга киришет. Аны менен бирге пайдубалдан мунаранын да таманы катар көтөрүлө баштайт. Джагамохан курулушу мунарага караганда ылдамыраак көтөрүлөт. Анткени, анын бийиктиги анча эмес, пайдубалы жалпак болот. Ал эми, мунаранын жайы башка эле.

Бул курулуштун ары карай жүргүзүлүшү кооптуу экенин курулушчулар байкашып, жумуштан баш тарткан кезде, анын кандай бийиктикке жетип токтогонун билүү кыйын. Мунара элдин көз алдында кумга сиңип, чөгө баштайт. Мындан ары курулушту улантса пайдубалдын туруштук бере албасы ачык болуп, тек кана мунара эмес жартылай салынган джагамохандын да кулоо коркунучу туулат.

Бирок, курулушту андан ары улантуу керек. Бул императордун буйругу. Эми имараттын бекем болушу үчүн эмне иштөө керек? Ошол жерде албан түрлүү материалдардын мол коруна ээ курулушчулар ибадатканаңын ортосунан өзгөчө көзгө түшө тургандай кылып, Ориссанын курулушун ары карай улантат. Алар бул курулушка темир скелет пайдаланган.

Ибадатканаңын дубалдарындагы тактапар темир биликтер менен жана шынаалар менен бекитилет. Ал эми джагамохандын борбордук залынын төбөсүнө темир устундар пайдаланылган. Мындай устундардын орто кылымдагы чыгыштын сөөлөт өнөрүндө дегеле болбогону анык, анын узундугу 10 метр, туурасынан кесиндиси 20 сантиметрге жеткен. Бул устундардын бири ысыктай, экинчиси сууктай жалпак темирге данакерлене бекитилген.

Ошол тушта аябай бийикке оор кесектер менен такталарды көтөрүү ыгы да назар оодарарлык экенин айта кеткен жөн. Курулушчулар тактанын биринчи катарын калап бүткөн соң, анын тегерегиндеги аянтчаларды кум менен көөмп отурган. Ошентип, дубал көтөрүлгөн сайын, анын тегерегине үйүлгөн кум да көтөрүлө берген. Башкача айтканда, курулуш-

чулардын бул ойлоп тапканы өздөрү салып жаткан курулуштун сырткы турпатын көрүп отурууга мүмкүнчүлүк бербеген.

Бийик дөбөгө окшоп үйүлгөн кум үстү менен калоого керектүү оор тактылар чыгарылат. Курулуштун тек гана сырты эмес, ичине да кум толтурулуп отурган. Бул салып жаткан курулуштун ары бекем, ары ишенимдүү болушу үчүн кепил эле. Анткени, дубалдарды байланыштыра турган шыптын тактылары эң акырында коюлууга тийиш. Джагамохан курулушу салынып бүтөт. Ал эми мунаранын курулушун токтотууга мажбур болот.

...Мунаранын курулушунун токтошу жөнүндөгү кабарга падышанын кандай караганын эч ким билбейт. Арийне, кайдыгер караганы анык эмес. Анткени, ал ибадаткана өз денеси экенин, эгер анын бир бөлүкчөсү салынып бүтпөсө өзүнүн өлө турганын жакшы билет. Балким, ал курулушчуларды дарга асууга буйруп, өзүнө кастык жасагандарды жазалаган да чыгар. Кандай десек да, падыша акылга дыйкан болгон. Ал курулуштун жүрүшү менен тааныша отуруп, башталган имараттын мүмкүн болгон бөлүгүн ары карай улантуу керек деп чечкен. Ошого жараша бир аз адамга мээрими түшкөн болуу керек.

Эң акырында, ибадаткананын куруучулары өз жайларына кеткен соң, курулуш тегерегиндеги каптаган соодагерлер, жумушчулар, кайырчы кечилдер туш-тушка тараган кезде, ошол тегеректин балыкчылары аңыз чыгарган. Бул аңыз боюнча ачууга укkан Күн кудайы мунараны кулатып жиберет.

«...Ибадаткана кандайдыр бир колу менен башы жоголгон классикалык атактуу айкелдин турпаты сыяктуу жарым-жартылай кулаган калыбында, тоскон, кум баскан, тула бою кертилген кейпинде көргөн көзгө аябагандай бийик өнөрдүн өзү экенин билгизет»,— деген Кара зыяраткана тууралу инди архитектурасынын белгилүү билерманы Перси Браун.

Бир караганда, айкелдер жана башка бейнелер менен жасалгаланган джагамахан аябагандай күрдөөлдүү курулуш сыяктуу таасир берет. Бирок кылдат көз салсак, анын белгилүү даражада карапайым экенин байкоо кыйын эмес. Анын болгон турпаты төрт бурчтуу пайдубалы менен сүйрүлөнө бүткөн төбөсү гана. Пайдубалынын узундугу бийиктиги менен

бирдей. Башкача айтканда, джагамохандын ар бир капталы 36 метрлик текчеге окшош.

Сүйрүлөнүп турган төбөсү үч бөлүктөн турат, анын ар бирине көтөрүлө турган тепкич бар. Ошол ар бир бөлүккө киши боюнан ашык музыканттардын айкелдери коюлган. Бул инди ибадатканаларындагы жаңылык эле. Башка ибадатканалардан мындай айкелдерди кезиктире албайсыз. Дегеле, Индияда айкелдерге айрыкча бай мындай ибадатканаңы кезиктирүү кыйын. Балким, курулушчулар Күн кудайына арналган ибадаткананын Ориссадагы башка ибадатканаларга караганда салтанаттуу болушун ойго алган чыгар.

Ибадатканаңы сүйрөп бара жаткан жети шайкүлүктөр менен кошо анын алдына пилдердин, жылкылар менен арстандардын дал көлөмүндө жасалган айкелдери коюлган. Бул айкелдер ибадаткананын астанасын күзөтүп турат.

Канарак ибадатканасынын дубалдарын жасалгалаган бедер-сүрөттөр менен айкелдер да арбын. Эгер Ориссанын мурунку ибадатканаларында адам кебетесиндеги кудайлардын, анын көңүлүн көтөрүүчү музыканттар менен бийчилердин айкелдери чагылдырылса, Канарактагыдай кийинки ибадатканаларда кадимки турмуштагы адамдарды бейнеси басымдуулук кылат. Мында адам өмүрүнүн карапайым көрүнүштөрү ибадаткананын айкелдеринде көрүнүш тапкан. Инди айкелчисинин түшүнүгү боюнча өзүнүн тегерегиндеги адамдардын тиричилиги менен махабаты кудайлардын жашоо-тиричилигинен дегеле кем эмес деп билген. Ибадатканалардагы айкелдерге салт-санаалар менен каргыштарга айрыкча маани берүүчү тантризм илимининн таасири өзгөчө болгон. Тантризм илими арбоо, пир тутуу сыяктуу элементтерге толгон. Тантра боюнча, адамдын денеси чексиз ааламдын көчүрмөсү сыяктуу. Ошондон да болуу керек, тантра таасиринде болгон айкелчилердин өнөрү ибадатканаңы адеп көргөн англиянын тарбиялуу саякатчылары үчүн барып турган адепсиздик сыяктуу таасир берген. Христиан чиркөөлөрүнүн пакизалуу тарбиясын көрүп өскөн саякатчылар мындагы махабат көрүнүштөрүн көргөндө беттери чыдабаган. Алардын түшүнүгүнчө, кылымдар бою караңгыда гана жасалуучу ишти ашыкча сөз кылуу, ал аз келгенсип инди ибадатканаларынын дубалдарында аябаган чоң

көлөмдө сүрөттөп көрсөтүү барып турган обу жоктук сыяктуу эле. Ошондуктан вазифачылар менен төрөлөр колунан келсе, Канарак ибадатканасын каргап-шилеп, алда качан жер менен жексен кылмак.

Индилердин түшүнүгү боюнча кудай менен адам бир бүтүмдөгү жаратылыш. Ошондуктан ибадаткананын дубалына тартууга ылайык эмес адам да болбойт. Ушул түшүнүккө жараша өнөрдүн да калыптанган тартиптери болгон. Андай тартиптердин кармanары — адам өмүрү кудайлардын өздөрүн кызыктыргандай сулуу болушу керек.

Ориссадагыдай чегине жеткизе жасалган айкелдер менен бедер-бейнелерди жана алардын архитектура менен өзгөчө үндөштүк тапканын эч бир жерден кезиктирүүгө болбойт. Ал эмес бүтпөй калган Кара зыяраткананын кылда чокусу Орисса өнөрүнүн эң бийик чекити сыяктуу таасирге бөлөйт.

ФАТЕХПУРСИКРИ

Козголоңчунун калаасы

Фатехпурсикрини (Фатехпур-Сикри) ойлоп тапкан да Акбар, салган да Акбар жана каңгыратып таштап кеткен да Акбар.

Акбардын атасы экинчи Улуу Могол, Индияның жогорку бийлөөчүсү Хумаюн бул элди анча узак бийлебептир. Бирок тарыхый китептерде анын 1530—1556-жылдары бийлик кылганы айтылат. Ал 1530-жылы улуу Бабурдун ордуна такка отуруп, Индияны бирдиктүү мамлекет кылмак болгон атасынын жолун улантууга бел байлайт. Хумаюн өзү мусулман болгон, бирок индилер менен Индиядагы башка дин өкүлдөрүнүн шериктештигисиз бирдиктүү мамлекет курууга болбой тургандыгын жакшы түшүнгөн. Ошондуктан, Индустандын баш ийбес княздарына каршы жортуул жасап отуруп, кызматка индустарды тарта баштайт. Аларга жогорку улуктардын жана кеңешчилердин кызматын берет. Бирок бир жортуулда Хумаюн бир жеңилишке учурап, падышалык кылганы 10 жыл толбой эле Раджпутан куму аркылуу үй-бүлөсү менен Персияга качууга мажбур болот. Жолдо карата кыйынчылыктарга учурап, каракчылар менен кек кууган душмандарынын куугун-сүргүнүн көрөт.

Ушул сапар жол үстүндө уулу Акбар дүйнөгө келген. Персияга эмчектеги ымыркай кезинде келген ал, атасы такка кайта отурганча мында 15 жылын өткөзөт.

Хумаюн үй-бүлөсү менен Индияга кайтып келип, үзүлгөн жумушун жалгаштырмак болот. Бирок эчтеме тындырууга үлгүрбөйт. Ал кайтып келгенден кийин бир жылдан кийин дүйнөдөн кайтат. Такка бала Акбар отурат.

Акбар ээлеген мамлекет аябай чакан болгон. Мындайча айтканда, индинин кез келген башка мамлекеттери алда канча ири жана бай эле. Парсы сарайынын тарбиясын көргөн, эркин ойлоп, елкөнүн келечегине назар салып үйрөнгөн, ага кошо мусулман акимдеринин, молдолору менен улуктарынын курчоосунда болгон Акбар тек гана кадырлуу туткун эмес, ошону менен бирге, ар тараптуу түшүнүгүн да жатыктыра билет. Убактылуу бийлик жүргүзгөн Байрамхан Акбар үчүн коңшу жаткан Гвалиор жана Джаунпур сыяктуу майда княздыктарды басып алып, батыл кадам жасайт. Бирок бүткүл Индияны бириктирүү үчүн али да бир аз убакыт кажет эле...

Жаш жигит төрт жыл падышалык кылганы менен, чындыгында, өзү бийлик жүргүзбөгөн. Бешинчи жыл дегенде, ал ойдо жокто тегерегиндеги кеңешчилерин кууп чыгып, убактылуу бийлик-жүргүзүүчү Байрамханды четтетип, өз падышалыгынын тизгинин колуна кармайт. Ушул кезден баштап Улуу Моголдор ичиндеги эң атактуусу, Улуу Могол Акбар болуп тарыхка кирет.

Падышалыктын башкы ээси болгон Акбар атасынын саясатын улантат. Тек улантып эле тим болбостон, ары карай өнүктүрүп, көп кечикпей кырын салып жүргөн молдолордун оозуна кум куят. 1562-жылы жыйырма жашка толгон Акбар раджпут князы раджа Амберанын кызына үйлөнөт. Бул кыз мусулман эмес. Мындай жагдай молдолорду эсинен тандырат. Акбар бир нече индилерди ишке тартып, аларга кызмат берип, мурунку мусулмандарга гана тиешелүү урматка бөлөйт. Ал сикх Ман Сингхти мусулман калаасы Кабулдун бийлөөчүсү кылып коет. Акбар индилердин киши башына салынуучу салыкты өзгөртүп, ошондой эле инди ажыларын салык төлөөдөн бошотот. Ошентип, көптөгөн жылдар өткөндөн кийин индилер өз өлкөсүндө өздөрүн чакырылбаган меймандай сезгенди биринчи ирет унута баштайт.

«Индия мусулмандар үчүн» деген түшүнүк өз маанисин жоготот. Арийне, Акбарды кедей индилердин жогун жактоочу кыйтыксыз пенде дешке болбойт. Ал өз кол астындағылардан душмандын чыгышын каалабаган саясатчы болгон. Бул нээтинин дурус экени көп кечикпей далилденет. Бенгалия менен Бихор көтөрүлүш чыгарып, оогандар ушул учурду пайдаланып, Индиянын түндүгүнөн кол салганда раджпут княздарынын аскери Акбардын тегерегинен карыш жылган жок.

Арийне, Индия королдугунда баары ойдогудай дегенге болбойт. Акбар бактылуу болбогон. Ал 30 жашынын 10 жылын азап менен чыккынчылыктын, кастыктын жана жагымпоздуктун ортосунда, жортуул жолунда өттү. Анын жалгыз болбошу мүмкүн эмес эле. Тегерегиндеги эң жакын ишенимдүү деген достору аны бир тууган агасы менен атандаштырып, таман тиреше күрөш жүргүзгөн пенделерден.

Бир саамга Акбардын өмүрүнүн кандай өткөнүн элестетип көрүүгө болот. Жаш кезинен жат элде тарбияланып, жалаң шектенүү менен карооо көнгөн жаш жигитти көз алдыңызга келтириңиз. Мындан соң Индиядагы сарайда өткөн жаштык чагы да, мусулман бийлөөчүлөрүнүн иттей ырылдашкан доо-дооматынын ортосунда өттү. Ал эми бийликтин тизгини көлкө чейин колуна тийбеди. Ушул жерде өгөй атасы сыяктуу Индияны өзүнчө сүйгөн Темир тукумдарынын бир урпагы Акбардын да жан дүйнөсүн түшүнүп көрүңүз. Ал раджпуттар менен маратхтар күрчаган Ашок императорлорунун Индиясында өзүн аябай жат сезет...

Акбар жакшы тамак ичип, көңүл көтөрүүнү унуткан. Бирок өмүрүнүн теңи жортуулда өтөт. Ал дем алууну да жакшы көргөн, бирок ага чамасы келбеген. Ошондой эле поэзия менен илимди жактырган, бирок сабатсыз эле. Ал турмуштун маанисин билгиси келип, ар тараптуу дин ойлоп тапмак болот. Бирок исламдан кол үзүүгө дити чыдабайт.

Акбар моголдордун борбору Аграда турган. Бирок ал Аграны өтө жек көргөн. Ал өзүн урматка бөлөнгөн туткундай сезет. Бул жер билерман молдолор менен көпкөн сарай адамдарына жыкжыйма эле. Аграны Акбардын жактырбай турган дагы бир себеби, дал ушул жерде анын эки эгиз уулу чарчап калган.

Ошол кезде ушул калаа тегерегиндеги чакан кыштакта бир дубана турат. Ал кыштак жанындагы аскаларды турак кылып, анда-санда жамгыр менен кургакчылыкты алдын ала айтып жайчылык кылат. Дыйкандардын берген кайыр-садагасын тиричилигине тирек кылып, канагат тутат. Ошондой күндөрдүн биринде, алиги дубана императорго байланыштуу көрөгөчтүк сөзүн таратат. Өзүнүн тегерегиндеги дыйкандарга көп кечикпей императордун уулдуу болоорун, ал уулдун такка мураскор боло турганын айтат.

Мындан ары баары туура чыгыш жомокторундай өтөт. Буга тең калууга болбойт, анткени чыгыш жомокторунда ушундай чындыктар арка болгон эмеспи. Дубананын сөзү Акбарга да жетет. Бул сөзгө Акбардын ынанганы ушунчалык, көп кечикпей эле аялын жанагы кыштакка жеткизет. Айткандай, арадан чамалуу убакыт өткөндө балканактай бир уул дүйнөгө келет. Дубананын айтканы чындыкка айланат.

Ушул жерде Акбардын Аграга болгон жек көрүүсү кандайдыр бир күч-кубат менен тогошкондой болуп, ал жаңыдан борбор салууга бел байлайт. Али изи да түшө элек борборду Фатехпурсикри деп атайт.

Бул борборду Индия менен Персиянын эң атактуу сөөлөтчүлөрү салган. Фатехпурсикрини аябагандай таасын жобо боюнча 14 жыл салган. Ошондон болуу керек, бул калаа орто кылымдагы Индия калааларына караганда Ленинградга же Бразилия калааларына көбүрөөк окшош. Мында дегеле тар көчөлөр же орто кылымдагы калаалардай өтө иретсиздиктер болгон эмес. Баары XVI кылымдагы Индиянын табити менен бирдиктүү ойго багынгандай, бирдиктүү максат менен дүйнөгө келгендей таасир берет.

Жаңы калаада Акбардын эң биринчи басым койгону калаанын кеңдиги эле. Бүткүл аскердик кошуну, бардык пилдери менен аттары, армиясы менен салтанат черүүлөрү, калаа калкынын кубанычтуу кобуру эркин жүргүдөй жердин болгонун каалаган. Калаада толуп жаткан аянттар бар. Ошонун эң негизгисинде көзү ачык дубанага арнап салган чоң мечит заңкайып көрүнөт.

Бул калаа эч убакта зериктирбейт. Бул болсо курулуштарынын ар кандай болгондугунан эмес. Негизги имарат Фатехпурсикри болсо, ар түрлүү кызтылт таштардан каланып, ар түрдүү деңгелде мар-

мар менен көркөмдөлгөн. Буга кошумча табигый жер көркөмү, дөбөчөлөр ыгы менен пайдаланылган. Фатехпурсикри жайгашкан башкы көчө түз эмес, саал ийилип турат. Бул да калаага өзгөчө бир сулуулук менен аземдикти даарыткансыйт. Кең талаанын төшүнөн зоокая көтөрүлгөн Фатехпурсикри алыстан көрүнөт.

Ушундай суусуз аймактагы бийик дөңгө салынган калааны курулушчулардын суу менен кантип камсыз кылгандыгы да назар оодарарлык. Ал үчүн жакын жерден жасалма көл казылат. Ал көлдөн атайы суу сактагычтарга жогорулатып берилүүчү суу кан тамырдай таралган арыктар аркылуу калаага жетет. Калаада мындан башка жер астындагы суу сактагычтар да болгон. Акбардын борбору саналуу гана жылдын ичинде Түндүк Индиядагы калаалардын ичиндеги эң бир жашыл бак-даракка бөлөнгөн болчу.

Бийик дарбаза аркылуу калаага киресиз. Бул дарбаза да Жеңиш дарбазасы деп аталат. Анын бийиктиги алтымыш метр. Дарбазанын эки босогосунан тиштүү жапыс дубал созулуп жатат. Астананы аттарыңыз менен эле албан аянтка туш болосуз. Бул аянт жарым чакырымга созулуп жаткан галерея менен курчалган. Узун галерея Чоң мечитке жете бергенде үзүлөт. Мечиттин катарында даңктуу дубананын бейити жайгашкан.

Бул жердин бир галереясынан экинчи галереясына өтүп, бир имараттан соң экинчи имаратты көрүп же чакан аянтчалар менен кең көчөлөрдү кесип өтүп, жолдо карата атканаларды, пилканаларды, кампаларды көрүп, тажабастан бир нече саат бою жүрүүгө болот. Кургак абалуу аймакта мунун баарысы тең эң сонун калыбында сакталган. Фатехпурсикриден тек гана дарак менен темирди кездештире албайсыз. Бул калаанын ээсиз калганына төрт жүз жыл болду. Анын тегерегинде кедей-кембагалдар өмүр сүргөн. Ал эми аларга дарак менен темир күндөлүк тиричилик үчүн аябай кажет.

Калаа каңгырап жатат. Кез-кезде түш ооп калганда борбордук аянтка чубуруп туристтер келет. Бирок аянттын аябай чоңдугу ушунчалык, туристтер анын ортосунда элдир-селдир гана көрүнөт. Ошондуктан, калаанын көчөлөрүн туристтер канчалык кезсе да, баары бир ошол каңгыраган, тым-тырс калыбына өзгөрүү киргизе албайт.

Бул калаанын долбоорун жасап, курулуш ишине башчылык кылган адам ары жаш, ары чыйрак болгон. Фатехпурсикри Акбардын ошол рухун боюна сактап калгансыйт. Калаа анда сөөлөттүү, кенен жана бекем. Анын өнө боюнда парсылык жана индилик өрнөктөр тунуп турат. Акбардын Персияда тарбияланганы белгилүү. Ал жактан Акбар көптөгөн архитекторлорду чакырткан. Бирок, калааны салган инди чеберлери болгон. Бул кезде Индиядагы Моголдор өрнөгү толук калыптанган эмес. Андай өрнөк Акбардын урпактарынын тушунда бардык салтанат шаңы менен көрүнүш табат.

Кээ бир имараттардын ичи үңүлүүгө арзыйт. Алардын да бүткүл турпаты ушул калаа сыяктуу. Акбардын жаштык чагы менен, ишеними менен жана чарк урган сезими менен байланышып турат.

Мындагы кабылдама залы галерея менен курчалган аянттардын бирине жайгашкан. Ал алдынан караганда эки кабаттуу үй сыяктуу көрүнөт. Ар бир бурчуна төрттөн дем алуу орундуктары орнотулган. Ичине кирсеңиз анын бир эле кабаттуу экенин көрөсүз. Залдын жоон ортосунда шыпка жетер-жетпес таң каларлык колонна бар. Анын түркүк учу пайдубалы сыяктуу чөйчөктүн кенен таманындай төгөрөк бүткөн. Бул дагы инди архитекторунун кыялынан жаралган. Колоннанын түркүк учундагы алиги төгөрөк кемерден асма галереялар залдын бурчтарына карай созулат. Айткандарына караганда, кабылдоо кездеринде жаш император колоннанын үстүндөгү жайпак кемерде отурган. Ал эми анын министрлери асма галереяга жайгашкан, калгандары төмөндөгү аденга жайгашкан. Балким, бул коопсуздукту ойлогондуктан же Акбардын калоосунан болгон чыгар. Кандай десек да, бул сыяктуу журтчулуктун үстүнө төнө жайгашкан такты дүйнө жүзүнөн кездештире албайсыз.

Коңшу аянтта Бирбалдын кош күмбөздүү үйү турат. Ал кайырчылык кылган инди ырчысы эле. Акылдуулугу менен тапкырлыгынын аркасында жаш императордун көңүлүнө жагып, анын тегерегинде болгон. Бирок акылдуу жана көңүлдүү Бирбал жакшы кол башчы болбоптур. Ал эми Акбардын тушунда, ар бир министрдин боюнда мындай касиет болууга тийиш эле. Ошондуктан Бирбал түндүктөгү салгылашта жеңилип калып, өзү да өлгөн.

Борбордо Бийлик үйү да болгон. Бир жолу Акбар чыгыш бийлөөчүлөрүнүн турпатынан сейрек кездешүүчү мүнөз көрсөтүп, кайсы кудайга ишенүү керектигин билгиси келет. Ал өзү мусулман болуп туруп, Фатехпурсикриге дүйнө жүзүндөгү эң негизги диндердин өкүлдөрүн жыйнайт да, аларды бир-бири менен талаш-тартышка түшүрөт. Бул талаш-тартышка өзү да жигердүү аралашкан. Ушул залда талаш-тартыш үстүндө абдан тоскоолго такалган эки картаң иезуит болгон эле деген сөз бар. Далилдерди туура тартууга келгенде, чыгыш диндеринин союлун согуучулар күчтүүлүгүн көрсөтөт. Мында иезуиттер өздөрүнүн тилектеш христиандарына таянууга чамалары келбей калат. Акбардын аскерине Европанын бир дагы королу каршы тура албайт.

Бул үй азыр жок. Акбар чындыктын христиандарда да, индилерде да, мусулмандарда да, джайнисттерде да, буддисттерде да жок экенине көзү жеткен соң, алиги имаратты жер менен жексен кылууга буйрук берет. Арийне, бул императорду динден караманча баш тартты деген сөз эмес. Ал шарттуу түрдө мусулман калыбын сактап, мечиттерге барып жүргөн. Ишенимден көрө саясий аракетке окшош. Ал такай акылгөйлөрдүн кеңешине кулак салып, «Кудайлардын ишеними» аттуу эмгек жазган досу Абдулла Фазылга ынтаа коет. Бул эмгекте «Эң жогорку акылгөйдүн» аракети көрсөтүлгөн. «Кудайлардын ишениминин» өнө боюна Индиядагы белгилүү диндердин элементтери топтоштурулган. Ал эми, негизги максаты элди бириктирүү болгон. Акбар буга көңүл бурат, бирок, бул жолу да саясат үчүн эле. Бул ишенимдин кийинки жагдайы жана аны дүйнөгө апкелүүчүнүн тагдыры кайгылуу болот. Акбардын мурасчысы Джахангир, эң алды менен, молдолордун талабына багынып, такка отурары менен акылгөйдүн башын алат да, «Кудайлардын ишенимине» тыюу салынат.

Ошентип, кеңеш курууучу үй кыйрады. Аны менен бирге китепкана да жоголот. Балким, бул китепкана аман калган үйлөрдүн бирине жайгашкан чыгар? Императордун китепканасы орто кылымдагы дүйнө жүзүндөгү эң ири китепканалардын бири болгон. Акбардын тушунда анда жыйырма миң томдук китеп болгон. Анын көбү билимге кумар жаш император үчүн атайы көчүрүлүп, жасалгаланган. Анын өзү окуй

билбеген. Атайын дайындалган окугучтар түндүн бир оокумуна чейин алмак-салмак оошо отуруп, даанышмандык үлгүлөрүн не бир мукамга салып окушкан.

Күн кечкирген чак. Биз кайтууга бет алдык. Албан аянт менен андагы аябай тактык менен эптешкен таш тактапар менен дагы жүрүп өтүүгө туура келди. Мына, көз алдыбызда императордун аялынын чакан сарайы. Инди сарайын мусулман сарайынан бир көргөндө ажыратууга болот. Акбар өзүнүн аялдарынын табити боюнча сарай курууга уруксат берген...

Кацгырап жаткан калаа көңүл ренжитет. Ушул жерге кайтадан адамдарды жайгаштырып, анын көчөлөрүнөн солдаттарды, акындарды, улуктарды, бедизчилерди көргүң келет. Акбардын тушундагы эркектердин кийим үлгүсүндө индилердин дхоты менен мусулмандардын чубалжыган кең этек дамбалы, тизесине чейин түшкөн бешманты жуурулушкан. Алардын белинде кылыч, баштарында көп учурда топу болгон. Мусулман аялдары бетине паранжы тартса, инди аялдары жүзүн ачык кармайт. Ал эми малайлар, соодагерлер, башка да каптаган кара букара жарым жартылай жылаңач жүрөт...

Бирок, бул жагдай узакка созулбайт. Он төрт жыл салынган борбор бир эле жылда кацгырап бош калган. Айткандарына караганда, суу сактагычтары тартылып калса керек. Ырас, буга ишене коюу кыйын. Акбардын кол астында билимдүү инженерлер иштеген. Алар үчүн арыктарды узартып, суу көтөргүч дөңгөлөк орнотуу анча кыйын эмес. Баарына Акбардын москоол тартышы себепчи чыгар. Жаш кезиндеги алдастап, изденген кыйкымчыл күп өттү. Калаада кездешүүчү эски достору да сейрек тарткан. Акбардын жашы кыркты алкымдаган. Ал бүткүл Индияны багындырган. Анын өкүмүнө каршы турар жан жок. Такты мурастай турган уулдары болсо өсүп келатат. Алар дегеле көп болгон. Император көз жумса эле так үчүн кан төгүлгөн талаштын чыгышы да ыктымал. Жаштык чактагы кайгылуу таарынычтар да унут болгон. Эми Улуу Моголду эч ким жашыта албайт...

Ал эми калаа өлүү калаага айланган.

ТАЖ-МАХАЛ

Ак дидарлуу керемет

Түрмөнүн терезесинин алдында Индиянын бийлөөчүсү, Улуу Могол Шах-Жахан турат. Анын улуулугунда чек жок, анын ысмы уккандын кутун качырган, көздөрү найзадай өткүр эле.

Түрмөнүн терезесинин алдында абдан алсырап картайган, оорулуу карыя турат. Ал үчүн эмдиги жашоонун эки эле кубанычы бар: бири — кечке алып келинүүчү тамак, экинчиси — таш дубалдын кууш терезеси.

Алакандай түр терезеден керилип жаткан чаңдак талаа да, ибадаткананын алдына отургузулган мөмөлүү бактын дүпүйгөн карааны да, чоподон салынган кыштактын төрт бурчтуу үйлөрү да толук көрүнбөйт. Терезенин таш менен эптешкен заңкайган алкагынан арыта ак булуттай калкып, Шах-Жахандын алда качан өлгөн аялынын мавзолейи Мумтаз-Махал көрүнөт.

Мындан алты жыл мурун Акбардын небереси жана анын саясатын улантуучу Шах-Жахан катуу ооруган. Ошол тапта эле анын уулдарынын кимиси такка отурат деген суроо туулган. Улуу уулу Дара-Шикох атасынын, чоң атасынын жана баба-атасынын мүдөөлөшү болгон. Анын максаты элдин бирдиги, индустар менен достошуу, раджпут жана маратх раджалары менен шериктешүү эле. Мусулман молдолору менен төрөлөрү Улуу Могол сарайындагы бул сыяктуу көпшөктүккө нааразылык билдирип, мусулман динине абдан берилген катаал жана кашкөй үчүнчү уул — Аурангзебтин чач боосун көтөрөт. Аурангзеб агасын жеңип, аскери менен Аграга кирет. Ошол жерден атасынын аман-эсен айыкканын жана такты бошотпой турганын угат.

Атасы эми канча жашар экен? Аурангзеб анын өлүмүн күтө алабы? Бир жолу колго тийген бийликти кайтарып берүү оңойго түшпөйт. Аурангзеб атасын туткунга алууга буйрук берип, сепилге каматат. Шах-Жахан түрмөгө туш болот. Бул 1659-жыл эле...

— Аграга ким барат? Аграга ким барат? Сизби, Аграга баруучу?

Шофер — сикхи эскилиги жеткен «форддор» менен «шевролдордун» жанында туруп топуларын булгалайт.

Мен Аграга бармак элем. Максатым Таж-Махал деген ат менен даңкы көбүрөөк чыккан Мумтаз-Махал мавзолейин көрүү. Шах-Жахандын кайгылуу тагдыры менен анын кашкөй уулу Ауренгзеб жайын ким эле биле берсин, бирок, ошого жараша Таж-Макалды билбей тургандар аз чыгар. Сүрөтчүлөр анын сүрөтүн күндүз да, түнкүсүн айдын жарыгы менен да тарткан, фотографтар алыстан да, жакындан да сүрөткө түшүрүп, пзилдеп, өлчөп, таптиштей жазган. Таж-Макалдын сулуулук тенирине айланганы ушунчалык, көңүлүндү аргасыз күдүк бийлейт.

Делиден баштап Улуу Моголдордун мурунку борбору Аграда турган Таж-Макалга чейин эки жүз чакырым. Мен чөнтөгүмдөн бир рупий алдым. Бул жетмек түгүл ашат. Шофер кичинекей күзгүсүнөн карап чалмасын түзөп койду. Ошондон соң таш жол менен жай айдап, Боштондук аркасына карай бурулду.

Асманга шаңкая көтөрүлгөн, дүйнө жүзүндөгү эң бийик Кутб — минар (куттуу мунара) көз алдыбызда мунарыктап, калаа артыбызда кала берди. Делинин чет жакасындагы чакан үйлөрдүн арасынан суурула чыккан таш жол Индия түздүгүнүн кургак талаасынан сүңгүй түштү. Бул талаада миңдеген жылдар бою цивилизациялар алмашып, мындагы ар бир дөбөчө жүздөгөн жыл мурунку калаалар менен сепилдердин калдыгы экенин билдирет. Дөбөчөлөр катка болуп бүткөн. Мында курулушчулар далай жолу келип, жер менен жексен болгон ибадаткана менен сепилдердин үстүнө экинчисин тургузганы байкалат.

Жер кепелердин түсү төгөрөктөгү түс менен айкалышкан. Мындан миң жыл мурун да ушундай болгон. Тек анда-санда кыштактардын бир беткей сургулт түсүнөн обочолонуп, жаңы мектептер менен ооруканалардын ак үйлөрү көзгө урунат.

Кээде дөбөлөрдүн этеги эсте жок эски заманда тургузулган сепилдер менен жарым жартылай кулаган ибадатканаларга учташып жатат. Кыштак жолго тиреле салынган. Ал эми мындагы көлөкөлөрдү саялап жаткан маймылдарды көрүүгө болот. Алар арыбери өткөн машиналардан алда эмнени күткөнсүп, карап коет. Талаа каңгырап жатат, кыш мезгили.

Тарамданып кетип жаткан жолдорго бурулганыбыз жок. Бул жолдордун ар бир экинчиси сепилге же сарай менен мечитке алып келет. Ал эми бешинчи жол атайын монография жазууга боло турган эсте-

ликтерге келип такалат. Эгер убактың аз болсо, эң кереметин гана тандооң керек.

Агра ойдо жокто башталат. Индиянын ортоң колдой калааларынын бири сыяктуу мында да базарлар, көпөстөр менен акимдердин эки кабаттуу үйлөрү, чет жакаларында жер кепелер, жайнаган дүкөндөр, чаңды буркулдаткан кара шыйрак рикшалар жана токума себептерин көтөргөн жылан арбагычтар аралаша көрүнөт.

Эгер Таж-Макал болбосо, ушундай калаа бир кездери Улуу империянын борбору болгонун алда качан унуткан сыяктуу.

Мына, сепилдин дубалдары. Бул жерде кезинде Шах-Жакан камалган. Ушул туштан Таж-Махал да алыс эмес. Бирок качан мавзолейге келип такалып, бийик арка аркылуу аянтчага жеткенче, анын жакын экенин сезбейсиң.

Аянт толо жыкжыйма машина. Сарайлар менен соодагерлердин колундагы себеттер көз карыктырат. Накта Тажды көрбөй туруп эле, анын открытка түрүндөгү, ар кыл боекко боелгон чакан үлгүсү түрүндөгү, мрамор менен гипстен чегилген, килемге токулган, сыя челек сыяктанган, кагаздан кесилген, кол сандыкка окшогон, ал эмес гүлчө нан түрүндөгү ар түрлүү үлгүсүн сатып алууга болот.

Басымдуу көпчүлүгү индилер болуп эсептелген мындагы туристер колонналуу арка аркылуу өнөргө зыярат кылуу үчүн агылып келип жатат. Кереметти көрөр алдында көңүлдүн жипкиргени бар. Бала кезден сүрөт же фотография аркылуу көз каныктырган дүйнө жүзүнө таанымал эстелик тууралу ар кимдин көкөйүнө орноп калган өзгөрбөс элес болот. Маселен, Пизан мунарасын көрбөсө да, ар кимдин өз түшүнүгүндө Пизан мунарасы бар. Ошол сыяктуу Мисирде болуп көрбөгөндөрдүн өз түшүнүгүндө Мисир пирамидалары болот. Элестин аты элес. Кээде кыялында ажарланып, асемденип кете турганы болот. Ал эми, түп нускасын көргөн кезде, ошол асем элестин тарап кете турган кездери да аз эмес. Чынымды айтсам, мен Мисир пирамидаларын көргөндө, ушундай абалга дуушарландым. Бул пирамидалар менин кыялымдагы көлөмүнөн алда канча чакан болуп көрүнөт. Ал эми Таж-Махал болсо, мен үчүн дегеле сулуулук менен үндөштүктүн үлгүсү сыяктуу элестейт...

Мен инди студенттеринин тобуна кошулуп кызыл

таштуу арканын астынан өттүм. Өттүм да туруп калдым.

Таж-Махалдын фотографиялардагы, сүрөттөрдөгү көрүнүштөрдөн эч кандай айырмачылыгы жок экен. Ошол мунара, ошол күмбөз — ортодогу бирөө чоң, калган төртөө ошонун капталына жармаша жайгашкан. Ошол баягы көргөн көздү кубанткан ак мармар. Так гана фотографияның да, сүрөттүн да колунан келбеген башкы бир касиет бар. Ал канаттуудай жеңилдиги. Көк бетинде күмбөздөр жеңил калкып, анын капталындагы дубалдар кара жерди сыйпап өтүп бара жаткансыйт. Түс тартылган суу жолу мавзолейдин иргесине келип такалат. Ошол суунун бетинде экинчи Таждын көмкөрүлө көрүнгөн элеси бирге калкып бара жаткансыйт. Таж-Махал, чындыгында, сулуулуктун бийиктиги. Мен бир нече мүнөт бою козголбостон, демимди ичиме тарткан калыбымда, жер бетинде теңдеши жок Таж-Махалга карап калыпмын.

Бир жолу менин колума архитектура тарыхы боюнча жазылган окуу китебинин түшкөнү бар. Балким, бир нече студенттин колунан өткөн болуу керек, абдан эскилиги жетиптир. Сүрөттөрдү карап отуруп, мен Таж-Макалга назар салдым. Китептин көп ээлеринин бири, балким, атактуу нерсенин баарын жактырбайт болуш керек, сызгыч салып сүрөттү карындаш менен аркы-терки сызгылап таштаптыр. Арийне, китеп булганган менен сүрөттөгү мавзолейди салуучулардын чеберчилигинде чек жок.

Архитектуралык окуу китептери ката кетирбейт: Таж-Макалды салаарда анын толук бийиктиги мандай бетинин энине тең болгон. Арийне, ар бир капталы жетимиш беш метр болгон, мандай бети ошол бийиктиктин жарымына шайкеш келген чарчылуу үндөштүк так эсептелген. Мындан башка толуп жаткан өлчөгүч сызыктарды жүргүзүүгө болот. Ошонун ар бири Таж-Махалдын ажайып шайкештигин далилдээр эле.

Мен Тажды көргөн чакта геометрияны капарыма да алганым жок. Бул эң алды менен курулушчулардын улуу чеберчилигинен экени бышык. Курулушчулардын чеберчилигинин аркасында көөрман коом Таждын аябагандай күрдөлдүү жана өтө так геометриялык бүтүмдөрдүн шайкештигинен мурун, эң алды менен тек гана сулуулукту түшүндүрөт.

Мен узата созулган көлмөнүн жээги менен басып

келатканымда Таж да заңкая түштү. Эми аны бүтүндөй камтып көрүү мүмкүн эмес эле. Мындан ары жеке-жеке бөлүктөрүн көрө баштайсың: ак мармар менен капталган дубалдардын кээ бир туштары кызыл кумдак менен ачакейленген, ал көп байкалбайт.

Мавзолейдин курчоосунун кире беришинде мага үстүндө ак дхотиси бар узун бойлуу инди жолукту. Ал күн кактап таштагандай аябай арык, аябай мүңдуу эле. Анын мүңдуулугу төгөрөктөгү абыр-дабыр болуп, сүрөт тартып жүргөн студенттердин көңүлдүү тобунун жанында айрыкча айырмаланбайт.

— Салам,— деди ал бир түрлүү салтанаттуу үн менен. Мен ишти ошол замат түшүндүм. Түшүндүм да мындай жерлердеги жол шерик болгусу келгендердин бири экенин билип, анын кызматынан таптакыр кутулгум келди.

— Сиз мавзолейдин ичин көргүңүз келеби? — деп сурады ал.

— Мен мунун ичинде болгон элем,— деп апыртып айттым. — Эмнени карай тургандыгымды билем.

Ак кийген адам муңая жылмайды.

— Сиздин жол шеригиңиз бар беле? — деди ал. — Алар тоту куш сыяктуу эмес. Башка бирөөнүн сөзүн кайталап, маанисине көңүл бура бербейт. Мен болсом хадиммин.

— А, дедим мен жаңы түшүнгөн адамга окшоп. Бирок «хадим» деген сөз эмне экенин дегеле түшүнбөдүм.

— Мен ушул мавзолейди сактоочулардын тукумдарынын урпагымын. Менин чоң атам да, улуу бабам да ушул жерде өмүр сүргөн. Сиз береги кире бериштеги эшиктин маңдайындагы жазуунун маанисин түшүнөсүзбү? Бул сиздин жонуңузга мартабалуу жамынма болууга ылайык гүлдестелер эмеспи. Ушул калыбыңызда император энебиздин бейитине жеткенче, жети эшиктен өтөсүз, ошол чакта көкүрөгүңүздө байырлаган менменсинүүдөн арылып, жети гүлдесте жонуңузду жабат.

— Таж-Махал, Таж-Махал,— деген сөздөр тегеректен жаңыра угулат. Туристтердин таңданган кезеңи ушул сөз түрүндө көрүнүш тапкандай.

— Сөзүмө кулак салыңыз,— деди хадим,— бул Таж-Махал дегенибиз чындык эмес. Таж-Махал жок. Император энебиз муну Мумтаз-Махал деп атаган. Бул анын раозасы. Ар түрлүү маани берүүчү бул

сөз — араб сөзү. Ал эми англичандар болсо, ошол бейитти Таж-Махал деп атаган.

— Балким, сиз бул жердин бир азын көргөп чыгарсыз,— дедим мен ыңгайсыз жагдайда, дегеле сабак окубаганымды сезип койгон мугалимдин алдында тургандай.

— Кыязда менен падышалар Мумтаз-Махалдын хадиминин алдында баш ийишкен. — Ошондой деп ал бир саамга үнсүз турду да, андан ары карай сөзүн чыйрак жалгап кетти: — Мына бул кипаристи көрүп турасызбы? Муну да жакында ойдон чыгарган. Мурун бул жерде чоң чынар терек өсүп турган...

— Кебетеси Тажды... раозаны калкалап көрсөтпөгөн го?

— Андай каңшаардын тараганы ырас,— деди хадим. — Кебетеси, Англиянын зулум акимдери ушундай күнөкөр сөзүнөн кийин, мүрзөлөрүнө бир бирден оонап түшкүсү бардыр. Чоң чынар теректер раозаны калкалаганы чын, бирок коргоп да туруучу эле. Себеби раозанын тегерегине жел тийбегендиктен абасы нымдуу болгон. Ал эми мармар дубал урай баштады...

— Сиз жол шериксизби? — деп сурады толмоч келген кыска шымчан европалык. Артында жан алы калбай жагынып, түрлүү түстүү калпак кийип, гүл кармаган кемпири бар.

— Мен хадиммин,— деп жооп берди менин шеригим.

— Ички жайды көрсөтсөңүз экен. Мунун өзү канча турат?

— Менин эмгегимди өздөрүңүздөр баалайсыздар,— деп хадим катаал жооп берди да, мага баш ийкеп туристтердин алдына түштү. Бул көрүнүшкө туристтер да маани берди. Үн-сөзсүз кире беришке беттешти.

Мен четирээк чыгып, калкадагы көлөкөгө барып турдум. Алгачкы гүлдесте менин жонумду жаап, көкүрөктөгү менменсинүүнү сүйлөткөндөй болду.

Мумтаз — Махалдын (мындан ары Таж деп атоого кудуретим жетпейт) ички көрүнүшү сыртындагыдай салтанаттуу эмес. Мага аденинен баштап дубалдары менен кемерлерине чейин килем тагылгандай таасир берет. Мумтаз — Махалдын башкы залында өзгөчө салтанат менен жасалгаланган алдамчы мүрзө турт. Мумтаз — Махал менен Шах-Жахан коюл-

ган кош мүрзө мавзолейдин эң астыңкы кабатына жайгашкан. Бул кош мүрзө баштан аяк асыл таштар менен көркөмдөлгөн. Кыялга бергисиз бактын бутактары гүл ачып, ажайып оюлар көмкөрүлүп тургандай. Мындагы жагымдуу ак түстүү мармар мавзолейди каптаган мармар сыяктуу болоор болбос кызгылт, көгүш жана жашыл шоола чачат. Имараттын өнө боюндагы лазур таш Шри Ланкадан* жана Памирден, көк таш Кытайдан, мөлтүр таш Ирандан апкелинип, жыйырма миң жумушчу, сүрөтчүлөр менен бедизчилер Мумтаз — Махалды дүйнөгө апкелүү үчүн он сегиз жыл бою эмгек кылган.

Биз «Таж-Махал» дегенде тек гана мавзолейдин турпатын элестетип калбайбыз. Бул албан комплекстин борбору гана. Ошол комплекстин курамына ушул мавзолейдин тууру да, бурчтарындагы бир биринен айырмаланбаган төрт мунара да, ошондой эле, Таж менен мунаралардын сыртындагы мечит менен кызыл таштан согулган жабык галереяны кошо көтөрүп турган албан туур да камтылат. Бул курулуштар өз алдынча асем, бирок, архитектор бул имараттарга ак мармар эмес, кызыл таш тандаган. Андагы ою бул курулуштар мавзолейди калкалабай, тескерисинче анын актыгы менен жеңилдигин таасирлүү көрсөтүүгө тийиш эле. Комплекстин курамына чоң бакча менен фонтандуу көлмө да кирет. Булар мавзолейге ар тараптан караганда айрыкча көрк берет. Бул жерде жанагы хадим айткан даректар жок, бирок ошого жараша мындагы кипаристер көз алдыңдагы имараттын бейит экенин унуттургансыйт.

Мумтаз — Махалдын курулушу мамлекеттик мааниси бар окуяга айланган. Улуу Моголдордун архивиндеги даректер мунун кандай жүзөгө ашканын элестетүүгө толук мүмкүндүк берет.

Мумтаз-Махал 1629-жылы он төртүнчү баласын төрөп жатканда дүйнөдөн кайткан. Кайгыга баткан Шах-Жахан акылдашуу үчүн чыгыш ааламындагы эң атактуу сөөлөтчүлөрдү чакырат. Жарчылар коңшу өлкөлөргө кабар салып ушул кеңешмеге атактуу чеберлердин катышуусу жөнүндөгү буйрукту кабарлайт. Шахтын кабарчылары Шираз менен Бухарадагы, Самарканд менен Багдаддагы, Шам (Дамаск) ме-

* Шри-Ланка-Цейлон аралынын эзелки аталышы, ал мындан бир нече жыл мурун өзүнө кайтарылган, азыр бул аралдагы республиканын аталышы.

нен Стамбулдагы үйлөрдүн дарбазасын кагат. Кабарчылардын дагы бир бөлүгү Азиядагы бардык атактуу имараттардын долбоору менен сүрөтүн Аграга, жеткизет (санжырада дал ушундай жазылган).

Акыры, кеңешме башталды. Талкулоонун жүрүшүндө, толуп жаткан үлгүлөр талдоого түшүп, жүздөгөн долбоорлор кабыл алынбай калат. Императордун каалоосу жер бетинде теңдеши жок жана теңдеши болбой турган имарат тургузуу эле. Акырында, Устад-Иса деп аталган инди сөөлөтчүсүнүн долбооруна токтошот. Мунун сунуш кылган долбоору башка чеберлерге да, императорго да жагат. Шах-Жахан келечектеги мавзолейдин долбоорун Жыгачтан жасап көрсөтүүгө буйрук берет. Бул долбоор бекитилгенден кийин гана курулуш ишине даярдык башталат.

Чеберлер келечектеги күмбөздөрдүн долбоорун сызат, акимдер жумушчуларды жыйнайт. Раджпутандын таш казмасынан эң асем мармар аралана баштайт. Башкы бедизчилер Дели менен Кандагардан келет, сөөлөтчүлөр Хан Руми Стамбулдан жана Шарип Самарканддан келип, күмбөздү тургузууга башчылык кылат. Буларга Лахордон келген чеберлер жардамдашат. Оюу-өрнөктөрдү бухаралык жана делилик чеберлер жүргүзөт. Бакчачылар Бенгалиядан, арип жазгычтар менен сүрөтчүлөр Шамдан, Багдад менен Ширазден келет. Башкы сүрөтчү, долбоордун автору жергиликтүү чебер Устад-Иса болот.

Ушул келтирилген тизмеге карап эл, эмнеге Мумтаз-Махалдын өнө боюнда ошол кездеги чыгыштагы сөөлөт өнөрүнүн эң жакшы нускаларынын жууруулушканын байкоого болот. Ар бири өз мечиттери менен, мунаралары менен, мавзолейлери менен, сарайлары менен даңкы чыккан Бухара, Шам, Самарканд, Багдад, Шираз сыяктуу калаалардын чеберлери өздөрү менен бирге мол тажрыйба ала келген. Мумтаз — Махалдын кандайча индилик үлгүдөгү кайталанбас имарат болуп чыкканы да түшүнүктүү. Себеби, башкы сөөлөтчүдөн баштап сүрөтчүлөрдүн, оймочулардын, жумушчулардын басымдуу көпчүлүгү индинин өз чеберлери эле. Курулуш ишинин өлчөмү дүйнөлүк болгону менен болумушу индилик болуп калган.

Калыбы, курулушчулардын ичинде мавзолейдин өмүр ырына арналган курулуш экенин аз эле адам билген болуш керек. Мындагы бакчанын ичинен кадимкидей күлкүнүн угулуп турганы да тегин эмес.

Мавзолей бүткөн кезде, муну көргөн император дал ушундай кылып, өз башына имарат тургузгусу келет. Тек айырмачылыгы ал имарат кара мармардан салынууга тийиш эле. Балким, мындай мавзолей дүйнөгө келип, бой көтөргөндө, чынында эле, ажайып көрүнүш болоор беле, ким билсин. Бирок, экинчи Таж жок. Ансыз да казына байлык бөксөрүп, дыйкандар жакырланып, акимдер менен молдолор күнкүлдөй баштаган. Эл ичинде согуш коркунучу бышып жетилип, анын акыры Шах-Жахан үчүн зор кайгы болуп тынган. Кара Таж тууралу аңгеме дидарында жок кереметтин бири болуп кала берди.

Жылнамачылардын айтымында, император өлөөр алдында өзүн түрмөнүн терезесинин алдына алып келүүнү өтүнөт. Ошол жерде «түбөлүк чексиз уйкуга бой таштайт».

...Күн кечкиргенде, Делиге кайтаар алдында мен дагы бир жолу Таждын алдындагы аянтка келдим. Дарбазанын оозунда соодагерлер жаккан чырактар жылтырайт. Күндүзгүдөй али да арка асты менен адамдар агылып өтүп жатат. Ай жарыгынын нуруна малынган мавзолей күндүзгү көрүнүшүнөн алда канча артык, керемет дүйнөдөй болуп көрүнөт. Кара жердин төшүнөн калкый көтөрүлгөн жепжеңил көгүлтүр күмбөздөргө көк асмандын жылдыздары жаркырап үңүлүп тургансыйт.

АНУРАДХАПУРА

Шрипада тоосундагы таң шооласы

Жол жүрүү жети түндө башталды. Чай плантациясынын арасына түшкөн жалгыз аяк даңгыр жол тарамдала созулуп жатат. Төмөнтөн жогору карай жантая түшкөн жолдон бет алды пальма тизмеги менен учташат. Жол боюндагы колонналарга, даректарга, аскаларга шамдар илинген. Алардын алсыз жарыгы алыстан көрүнгөн жылдыздай жылтырап, бийик серенин жонунан аша бере көздөн далдоо болот.

Төгөрөк жымжырт тынчтыкка бөлөнгөн, тек гана миңдеген жылаңаяктуулардын таман изинен көтөрүлгөн ак тыбыт чаң көтөрүлөт.

Төмөн жактан тынчтыктын ыркын бузган ачуу кыйкырык угулду:

— Садху? Саа-дху! С-аа-а!

— Са-са-... деп төмөнтөн коштогон добуш эшитилди.

— Са-а! — деген добуш эми бир жолу жогортон төмөн карай жаңырды.

Жалгыз аяк жол акырындык менен тарыла берет. Эки капталды ит тумшугу өтпөгөн калың чытырман кыса түшкөнсүйт. Каршы алдында таш тепкичтер, анын бир жак капталы жалама аска, терең жар. Кийинки жагы жалгыз аяк жолго жогорулай өскөн калың дарак менен чырмоок. Бул туштагы жолдун таманы каракочкулданып, акырындык менен абасы нымдуу, үп куушка киргендей сезимде болосуң. Эгер сейрек да болсо жылтыраган шам болбосо же тоол кылуучулардын колунда кармаган чыректары болбосо, кандайдыр бир чет-чеги жок үңкүрдүн ичинде адашып жүргөндөй абалда болосуң.

Адамдардын тизмеги байма-бай созула түшөт. Бул жолдун үстүндө карыялар көп. Аларды алысын-алысын дем алдырып, колтуктап келе жаткан кишилер бар. Кээ бир туштарда козголуш токтоп калат. Анын себеби жол боюндагы толуп жаткан чайхананын же дем алуу орундарынын бири дагы учурады деген сөз.

Бирок, убакыт тар. Таң куланөөк тартканча, чокунун башына жетүүгө үлгүрүү керек.

Бир жерлерде таш тепкичтердин жаңыдан төшөлгөнү байкалат. Арийне, тоол кылуучулар жакында гана ушул жар-кыяны төтөлөп жол салган. Эгер жаза тайып бул жерде тез болуп туруучу таш көчкүнү баштатса, мына бул адамдар терең жардын курманы болмок. Мындай чактарда куйканды куруштурган ачуу добуш бир нече мүнөт бойду катырып таштагандай абалда болосуң.

Чыгыш көк жээк кылая баштады. Ошол таң шооласынын алдына тагылган албан пардадай болуп, Шрипада тоолорунун кыркалары көрүнөт. Тоол кылуучулар ошол тоого бет алган. Шамдын жарыгы барган сайын саргыч тартып, нуру жая баштайт. Эми дагы бир жүз кадамдан кийин чокунун башына чыгасың.

Тоонун кылда чокусу — жалпак аянтча. Анын жоон ортосунда терендиги эки метрдей узунураак келген оюктар бар. Бул «Будданын изи». Күн чыга тоо башындагы аянтчага миндеген адам жыйналат. Акырындык менен ийин тирешкен адамдарды кан-

дайдыр бир толкундоо сезими бийлейт. Мындай чакта алар ошол үч миң метр бийиктиктеги сөөктөн өткөн шамалды да, катаал жолдон кажыган абалын да эстебейт.

Кез-кезде ошол бийик чокуну жаңырткан коңгуроолордун үнү эшитилет. Бул кечигип жеткен тоого кылуучулардын келгенин билдирген белги.

Таң аппак болуп атат, айланаңдагы адамдардын коңурунан келген өңү даана байкалып, чокунун башындагы аппак булуттар көзгө түшө баштайт.

Капыстан ойдо жокто жондон жарк этип күндүн алтын шооласы адамдардын бетин чарпыйт. Адатта, экватор тушундагы күндүн козголушу чапчаң болгондуктан, күндүн көзү заматта серпиле көтөрүлүүгө үлгүрөт.

Элдин баарынан күткөнү ушул мезгил. Кандайчадыр эми кайра күн чыкпайт деп ишенгендей элдин баары чыккан күнгө айран калып, күүлдөй толкуп кое берет. Ошол кезде жүздөгөн добуш даңаза сөздөрүн жаңыртат: — Садху! Садху! Сааа!!

Ошол кезде тоого кылуучулардын жүзү тоо чокусунун көлөкөсү көрүнгөн тушка бурулат. Бул кандайдыр бир каракочкул шоңшогой зат сыяктуу созула козголот.

Чокунун башындагы бейпил тынчтыкты бузуп, дуба окуган кечилдин добушу угулат. Бул жерге техниканын жеткенине көп деле болгон жок, бирок добуш күчөткүчтүн жетээри менен туруп калганы чын. Кечилдин жоон добуш менен айткан ар бир сөзүн миңдеген добуш кайталоо менен болот.

— Мен уурулук жасабаймын...

Эл тизелеп олтурат.

— Мен тирүү жанды өлтүрбөймүн...

Эл маңдайын таш тактага тийгизет.

— Мен жалган айтпаймын...

Андан ары кечил дубасын окууну уланта түшөт: «...чексиз даанышмандыктын ээси Ланканы аман сактоо үчүн ушул жерге үч жолу келген. Ошондуктан, чындыктын шооласына бөлөнгөн бул өңүр зыярат кылуучулардын даңкына ээ болгон».

Махавамсадагы ланкилик санжырада ушундай жазылган.

Шри Ланка аралына Будда үч жолу келген. Ошонун ар биринде ал токтогон орундарда кийин ибадатканалар салынган. Эң акыркы жолу аралга келгенде,

ал Шрипада тоосунун башына таманын тийгизип, өзүнүн изин калтырган. Ошондон бери бул жерде тоо кылуучулардын катары үзүлгөн эмес. Алар май айынын толукшуган чагындагы майрамда ушул жерден таң шооласын тосуп алып, бийик чокунун көлөкөсүн көрүү үчүн ашыгып келишет.

Шрипада чокусу, кээде аны Адамдын чокусу деп атайт, ошол аралдын так ортосунан сүйрүлөнө көтөрүлгөн. Андан ары калың адырлуу тизмек созула жалгашып, жыш чыккан чай плантациялары менен, кыштактар менен толуп жаткан мунара, ибадатканалар менен жалгашып кетет.

Шри Ланка Индиянын үзүлүп түшкөн бир тамчы мөлтүр суусу сыяктуу. Болбосо ушул өлкө менен анын чыгышын бөлүп турган көпүрө сыяктуу. Бул өлкө Индиядан көп үлгү алган. Анын мадэнияты, идеологиясы менен дини Индиянын таасири менен өркүндөп өскөн.

Индияда буддизм биздин доорубузга чейин 600—500 жыл мурун пайда болгон. Анын негизин салуучу Индия мамлекетин бийлөөчүлөрүнүн биринин баласы Гаутама — Будда деп эсептелинет. Анын илими адамдардын жүрөгүнө адилдик менен чындыкты уялатат деп ишенген.

Ошол кезде Индияда бел алган дин өзүнүн аябай күрдөөлдүү талап-табиттери менен карапайым адамдарга түшүнүксүздөй болгон. Асыресе, толуп жаткан варналарга бөлүнө турганы же кудайдын алдында да адамдардын тендигинин ар кыл болушу көпчүлүктүн көңүлүнө жага бербейт. Ошондон да болуу керек, кадам сайын албан түрлүү секталар пайда болуп, анын башчылары өздөрүнчө тендикти туу туткан. Бул тушта көзсүз тоо кылуучулук өрүш алган... Ошондой секталардын бири алгачкы кезде буддизм болгон. Мунун да тагдыры белгилүү даражада христиан динининн тагдырына окшош. Бул экөө тең эзилгендерге таянып, экөө тең элге жакшы жагдай жасамак болгон: Гаутама тарыхы адамбы же Христос сыяктуу пайгамбардын жыйнакталган бейнесиби, ал жагы белгисиз. Көптөгөн окумуштуулар күнү бүгүнкүгө чейин Будданы турмушта болгон адам деп эсептешет. Анын илими ошол кездеги Индияда пайда болгон башка диндерге караганда жолу болгон. Бирок, көп убакта насыйкатчысы менен бирге унут болгон.

Буддизм бардык адамдарды туулган күнүнөн баштап тең укуктуу деп жарыялаган. Толуп жаткан салт-санаалар менен жогорку абыз-брахмандарга каршы чыккан мындай илим өзүнө көптөгөн жактоочуларды табат. Буддизмди колдоочулардын ичинде княздар менен падышалар да болгон. Он чакты жылдын ичинде буддизм Индияга кеңири тарайт.

Буддизмге жан-каны менен берилгендердин ичинде биздин доорго чейинки III кылымда өмүр сүргөн Инди падышасы Ашока болгон. Будисттер аны олуя санайт. Анын тушунда буддалык ибадатканалар тургузулуучу адат кеңири жайылып, өмүр салты менен динге ишенүүчүлөрдүн салт-санаасы калыпташса керек. Ошондой эле көптөгөн өлкөлөргө буддизмди насыйкаттоочу адамдар жибериле баштаган.

Ошондой адамдардын бири Шири Ланкага да келген. Тарыхый даректер менен шайкеш келбеген аңыздарга караганда, эң алгачкылардан болуп Ашоканын уулу Махинда келген. Бул ысым санскрит тилинде Махендра деп аталат.

Махавамса жылнамасындагы аңызга караганда, Махинда ушу жердеги Михинтале деп аталган жерде, токой ичинде Шри-Ланканын аң уулап жүргөн падышасы Деканампиятиссуга кездешет. Падыша жолоочуну мейманга чакырат. Ал эми, ал Деканампиятиссуну опоной эле будда динине каратат.

Махинда Михинталеге көчүп келет. Ал үңкүрдө турактайт. Ал эми падыша ошол дубанага акыл сурап келип турган. Падыша бир нече ибадаткана менен монастрларды салдырат. Бир күнү Махинда өлгөндө анын бейитинин башына өлкөдөгү эң бийик дагоба тургузат. Анын айланасына Анурадхапура калаасы канат жаят.

Кийин Анурадхапура Чыгыш калааларынын эң ирилеринин бирине айланып, бир нече кылымдар бою гүлдөп өскөн. Качан борборду башка конушка ооштурган кезде тургундары бириндеп, бул калаа Шри Ланкада буддалык эстеликтер жыйналган эң бир касиеттүү жерге айланат. Бул жерге жыл сайын аралдын ар кайсы түпкүрүнөн жана башка да будда дининдеги өлкөлөрдөн зыярат кылуучулар агылып келип жатат. Анурадхапурада көптөгөн эстеликтер ошол калыбында сакталган. Ал эми урай баштагандарын жыл сайын калыбына келтирилип турат.

Борбор Шри Ланкага оошуп, тукумдар өзгөрүп,

баскынчылардын бири келип, бири кетип жатканы менен эки миң жылдан ашык убакыттын кучагында мындагы дин өзгөргөн эмес. Мындан эки миң жыл мурункудай эле мындагы үстөмдүк кылуучу идеология — буддизм. Сингалдар арасында мусулман дини да, христиан дини да тамыр жая алган эмес. Мунун бир сыры ажайып эстеликтер галереясынын дүйнөгө келиши менен байланыштуу. Ал эстеликтердин көбү мындан бир нече кылым мурун салынган. Бирок күнү кечээ гана дүйнөгө келгендей камкордуктун чордонунда.

Ушул жерден, тагыраак айтсак, Шри Ланкадан далай жолу Түштүк-Чыгыш Азиядагы кедергиси кеткен буддизмди кайтадан калыбына келтирүү үчүн атайы адамдар жиберилип турган. Алар өздөрү менен бирге будда диний пир туткандарга арналган касиеттүү китепти ала кетип турган.

Анурадхапура Махавамса тукумундагы падышалардын борбору болгон. Эгер Махинда биздин доорго чейинки III кылымда пайда болсо, Анурадхапура өзүнүн өмүр сүрүшүн борбор катарында VIII кылымда токтоткон. Башкача айтканда, дүйнө жүзүндөгү борбордук калаалардын баарынан жашы узак болуп миң жыл борбордук өмүр кечти деген сөз. Кээ бир окумуштуулардын айтымында, анда кемелине келген чагында үч миллиондон ашык тургун болгон.

Анурадхапурадагы эң байыркы эстеликтердин биби — Тухупарама дагобасы болуп эсептелинет. Буддисттердин далили боюнча, бул ошол Ашоканын кезинде эле салынган. Калыбы, Махинда Индиядан будданын акырегин талап кылып, аны эң бир ылайыктуу жерге көмүүнү кажеттеген кезен болсо керек.

Индиянын ступасы жана Бирманын пагодасы сыяктуу дагоба да адегенде мололук үлгүнү негиз кылгансыйт. Эң алгачкы дагобалар менен ступалар төгөрөк салынып, кээде дөбөлөргө жана коргондорго окшош болуп турат. Кийин коргондор өсө түшүп, ар бир кошумча салынган бөлүктөрү белгилүү бир маанинге ээ болуп отурган. Бара-бара Бирма менен Таиланддагы мунаралар асем үлгү менен сүйрүлөнө салына баштайт.

Адатта Дагоба — коргондордун ичинде мүрзөдөн башка бөлмөлөр жок. Демек, мындай бир салт калыпташкан: эгер Будданын дагоба бейити болсо, милдеттүү түрдө анын жалган салынган кошумча

мүрзөлөрү болууга тийиш. Ошондуктан, буддалык өлкөлөрдүн кез келген өңүрүндөгү чоң-кичине мунаралардын баары накта бейитке окшош.

Мунун акыры Будданы бир нече бөлүккө бөлүүгө алып келген. Маселен, Бирмадагы Шведагон мунарасында аңыз боюнча Будданын сегиз тал чачы көмүлгөн. Дагы бир тиши Кытайда болуш керек. Ал эми Тхупарамда акыреги көмүлгөн имиш. Ушундайча аңыз улана берет. Эгер бүгүнкү күндө Будданын канча омурткасы, тиши менен манчасы дүйнө жүзүнүн ар кайсы аймагында көмүлгөнүн санай турган болсок, анда Будданын буту-колу менен тиши адамга таандык өлчөмдөн алда канча көп болуп чыгар эле.

Будданын сөөгүнө байланыштуу канча бир эл аралык доо-дооматтар болгон. Мындай доо-дооматтар көп учурда, Будда согушту каалабаса да, согуш аркылуу чечилип турган. Бирманын королу Анируда Тароп княздыгына Будданын ыйык тишин алуу үчүн бир нече жолу согуш ачкан. Ушул жагдайды жөнгө салуу үчүн ланкиялыктар бирмалыктарга Будданын тишин сый тартат. Бирок кийин бул тиштин чыныгы эмес, жасалма экени, накта тишин өзүнө калтыргаңы аныкталат.

Тхупарама дагобасы Анурадхапурадагы эң чоң дагоба эмес. Бирок бул дагобаны элдин баары эң сулуу имарат деп эсептейт. Ырас, азыркы көрүнүшү эң алгачкы калыбынан башкача. Себеби, бул имаратка XII кылымда реставрация жасалган.

Башка дагобалар сыяктуу бул да үч бөлүктөн турат: жарым жартылай төгөрөк түрүндөгү пайдубалы, анын үстүнө салынган төрт бурчтуу таш дубал (мында өлүк менен эң ыйык заттар сакталат) жана шоңшогой төбөсү. Бийиктиги жыйырма метрдей болгон имараттын төгөрөгү таш колонналар курчалган. Калыбы, бул колонналар мурда дагобанын чыгып турган кемелерине таяныч болсо керек.

Шри Ланканын тарыхында аралдын элин түштүк инди тайпаларынан азаттыкка чыгырган жана Анурадхапура курулушунун негизин салган падыша Дуттхагамани болгон. Бул падыша такка отурган соң бир нече жолку жортуулдардан кийин буддалык эстеликтерди тургузууга киришет. Ал Миришавети дагобасын салдырат жана Руанвелисея дагобасынын курулушун баштайт. Бирок, акыркы курулуш бүтө

электе, падыша дүйнөдөн кайтат. Бул курулушту падышанын иниси аяктайт.

Руанвелисея аябагандай албан: анын диаметри жүз метрге жакын, бийиктиги алтымыш метр. Демек, жарым жартылай төгөрөктүү ак туур үстүндө ал түпсүз көк асман менен айкалышканда көргөн көзгө ажайып таасир берет.

Дагы бир топ жыл өткөндө, эр жүрөк Дуттхагаманинин жээни Анурадхапуранын, түндүк чет-жакасынан Абхаягири (Джетована) дагобасынын курулушун салууну баштайт.

Кубаттуу өлкөнүн падышасына ылайык мүнөзүн көрсөткөн падыша, өзүнүн күч-кубатына өзгөчө ишеним менен карап отуруп, дүйнө жүзүндөгү эң албан дагоба тургузууга бел байлайт. Кез келген дагобанын пайдубалы таштан же кирпичтен салынат... Ланкиялык падыша болсо, пайдубалды күмүш, жез, кварц, чопо кабаттарын кезек-кезек төшөө аркылуу салууга буйрук берет.

Дагобанын ыйык заттар коюлган бөлмөсүндө мындай сөздөр оюлган: «Бул жерде эч нерсе токтобойт — гүлдөр соолубайт, жыпар жыт тарабайт, чырактар өчпөйт».

Курулуш бүтө электе, падыша дүйнөдөн кайтат. Бирок анын балдары жумушту уланта берет. Курулушка он миндеген кулдарды айдап апкелишип, аралдын тургундарына бөтөнчө салыктар салынат. Ал эмес, дагобанын курулушу бүткөндөн кийин да, бул жерге курулушчулар кайта-кайта айланып келип турган. Маселен, арадан үч жүз жыл өткөн соң Гаджабаху I падыша дагобанын жарым жартылай төгөрөктүү пайдубалын бир кабат кирпич менен каптоого буйрук берет.

Англиялык изилдөөчү Теннентанын айтымында «ушул курулушка кеткен материалдардан ар бирининн бет мандайы 20 фут болгон 8000 үй тургузууга болор эле. Мындай үйлөр ар бири бир миль болгон отуз көчө курар эле. Натыйжада, көлөмү Ковентри менен барабар калаа дүйнөгө келмек».

Өзүнүн көлөмү жагынан Абхаягиридеги дагоба Хеопс пирамидасынан алда канча чоң. Пайдубалынан баштап эң башына чейин дагобанын бийиктиги жүз элүү метр. Анын диаметри жүз жыйырма метр.

Дагоба менен бир мезгилде Жез сарай салынган. Мунун көрүнүшү бөтөнчөлүгү менен таң калтырат.

Калаанын ичинде дагобалардын арасында даректар өсүп турат. Бул даректарды жакын келип карасаңыз таш колонналар. Бардык колоннанын бийиктиги бир-келки — төрт метрден. Алардын саны бир миң алты жүз даана, арийне, кырк колоннадан коюлган кырк катар. Жез сарайдан калган калдык ошол гана. Кезинде бул колонналар күмүш менен бастырылып, анын чатыры жез каңылтыр менен капталган. Сарайдын аталышы да ошондон.

Бул — албан монастырдын калдыгы?

Жез сарай тууралу Махавамса санжырасында мындай дейт: «Мунун кемери асыл таштар менен жана алтын менен жасалгаланган. Анын жүз миң бөлмөсү болгон, ар биринин терезеси көз сыяктуу жаркырап турат».

Кандай деген менен, ланкиялыктар үчүн эң ыйык жер Анурадхапурадагы дагобалар эмес. Канчалык мактаган менен, мындагы сарайлар менен монастрлар да эмес. Мындагы эң ыйык жер бо-бодхи-баньян дарагы. Аныз боюнча ушул даректын саясында Будда ойго чөмүп отурат экен. Анурадхапурадагы дарак тууралу орто кылымдагы санжыраларда жазылган жана эң алгачкы Европа саякатчылары жазып кеткен. Бул дарак ошол кезде эле аябай көөнө болгон. Балким, анын жашы менен калифорниялык токойлор гана тең деше алар.

Анурадхапура кулаган соң, Шри Ланкада кыйын күндөр башталды. Индиянын түштүгүнөн басып кирген жоо кыйратып, тыптыйпыл кылат. Борбор башка жерге — Полоннарувага көчүрүлөт. Бул борбор да Анурадхапура сыяктуу өзүнүн үйлөрү менен, дагобалары менен, монастырлары менен даңкы чыккан. Асыресе, мындагы айкелдер менен бедер-сүрөттөрдүн даңкы айрыкча. Мында аскага чегилген он беш метрлик Будда бар. Бирок Шри Ланкага Мадха падыша баштаган Түштүк Индия армиясы басып кирген соң, XII кылымда Полоннарува да кулайт.

«Бул Мадха куюн сыяктуу,— деп жазылган санжырада,— өзүнүн аскерин Ланка аралына үйүрө киргизип, кандайдыр бир токойду чарпыган өрттөй каптайт... Ал да эчтеме эмес эле, баарынан да аралдагы королдук менен динди кыйратып кеткенин кантесиң».

Сингалдыктар чегинип отуруп, аралдын түпкүрүндөгү сепилге барып тыгылган. Бул жерге эң

ыйык мүлк катарында Будданын тиши апкелинет. Ал Канди кыштагындагы атайын салынган чакан ибадатканага тыгылат. Мындан кийин португалдыктар менен голландыктар келет..

Бирок Шри Ланка тургундары канчалык согуш зулматын баштан кечсе да, колониялык эзүүнү тартса да өздөрүнүн улуттук салтына, маданиятына, ишенимине деген адалдыгын жоготпогон. Мындан миндеген жыл мурункудай эле сингалдыктар өздөрүнүн чоң майрамдарында толуп жаткан ибадатканалар, дагобалар сыяктуу буддалык өнөрдүн эстеликтерине тоон кылып отурган. Мурун мындай дагобаларга жөө келишкен. Азыр бул тартип таасын сактала бербейт. Бул күнкү адамдардын убактысы тар, бир нече күн жүрүп жеткен Анурадхапура дагобасына экинин бири жөө келе бербейт.

Майрам күндөрү Коломбадан Анурадхапурага тартылган жолдун үстү машиналарга толуп кетет. Жол боюна дем алып, тамак ичүүгө боло турган толуп жаткан аялдама орундар салынган. Мындагы дем алыш менен тамак бекер: жергиликтүү тургундар ушул күнгө атайын боорсок бышырып, күрүч басат. Бул салт Анурадхапурага тоон кылуучу ары кыйын, ары жолу алыс болгон байыркы кезден сакталып келатат.

Май айынын толукшуган кези — Весак майрамында кыштактагы ар бир үйдүн маңдайына желекче тагылып, кечкисин май шам жагылат. Ал эми калаанын көчөлөрүнө туурасынан шамдан төгөрөк кармалып, асем жасалгаланган аркалар тартылат.

Бул салт байыркы аралдын бардык аймагында сакталган.

Бирок тоон кылуучулардын көп бөлүгү Шрипада тоосуна бет алат. Кечкисин мончоктой тизилген шам жанат да, тоого чыгуу башталат. Түн кыска. Таң атканча тоо башына чыгып, албан дагобалар салынган өлкөнүн чыккан күнүн каршы алуу керек.

СИГИРИЯ

Жыйырма бир сулуу

Бул китепте сөз болгон ааламдын кереметтери элдердин мурасы, ошондуктан аларга бардык эл ээ. Инди элинин мурасы — Аджанта фрескалары, кытай

элинин — Дуньхуан фрескалары, ланка элинин — Сигирия фескалары. Ошондой деген менен...

Дуньхуан фрескалары менен Аджанта фрескалары кылымдар бою жасалган. Бул сүрөттөр белгилүү бир кыска мөөнөттүн гана эстелиги эмес, булар кылымдарга созулган живопись өнөрүнүн мектеби. Ошол өнөр өлкө ичиндеги руханий жаңырууларга такай демилгечи болгон. Аджанта фрескалары канчалык асем болгону менен, анын да өз мыйзам ченемдүүлүгү бар. Балким, мындай өнөр Аджантада дүйнөгө келбесе, башка бир ибадатканада буддалык апсананы түшүндүргөн ушуга окшош өнөр дүйнөгө келмек. Ангкордогу бедер-сүрөттөр сыяктуу ушул фрескалардын башталышында не бир чеберлердин колтамгасы жатат. Бирок жаңы мектептин негизин салган устаттардын колтамгасы өзүнөн кийин пайда болгон шакирттери менен туурамчыларынын тополоңунда калгансыйт. Ар бир салттуу үлгүнү кыйратуучулар жаңылыктын жаратуучулары да болгон.

Бирок башкача жагдайдын болушу да мүмкүн. Кээ бир дааналардын алды-арты караансыз, өкчө басар шакирттери болбойт.

Ал эми эгер мындай сүрөтчүлөр бир нече жүздөгөн жылдар мурун Азияда эмгек өтөп, анын колунан чыккан өнөр туундуларына ысмы тиркелбеген болсо, биз аларды эч качан билмек эмеспиз.

Мунун мисалы, катарында, Шри Ланканын как ортосундагы аскадагы сепилдин фрескаларын, арийне Сигирия фрескаларын айтууга болот.

Сигириянын тарыхы ары кайгылуу, ары купуя. Мындай фрескалар дүйнөгө келүү үчүн, эң алды менен, козголончул падышанын, багы тайган падышанын дүйнөгө келиши кажет эле.

Окуянын болгон мезгили — V кылым, болгон жери — Шри Ланка.

«Эзелки заманда бир падыша болгон. Анын эки падышайымы болуптур...» — деп башталат Сигирия ацызы. Аңыздын аты ацыз, бирок, бул ацызда чындык да басымдуулук кылат.

«..Ошону менен анын эки падышайымы болгон. Анын бири ажайып сулуу экен. Бирок чыккан теги начар болгон окшобойбу. Бирок падыша аны айрыкча жакшы көрөт. Экинчиси, ак сөөк тектен чыкканы менен сертирээк болуптур. Падышаны бул аял жакшы көрөт экен. Падышанын эки уулу болгон. Сулуу

падышайымдын улуу да сулуу жаратылыптыр, бирок, ары кекчил, ары зулум экен. Ал эми, сертирек падышайымдын баласы да серт, бирок акылдуу да, мээримдүү да болгон экен. Ошондой эле падышанын айрыкча сулуу кызы да болот. Падыша аны көзүнүн карегиндей аздектейт.

Кызы бой тарткан соң, падыша аны королдук атчан аскердин кол башчысына кошот. Бирок падышанын кызы бактылуу боло албайт. Анын кайын эжеси албуут болуп чыгат. Келинине тынчтык бербейт. Бул жагдай падышага да жетет. Чындыгын айтуу керек, падышанын көнүлү түшсө, андан ашкан мээримдүү адам болбойт экен. Бирок ал ачууланган кезде жер бетинен андан да каардуу адамды табуу кыйынга түшөт эмеспи.

Ошону менен падыша кызынын жагдайы жаман экенин билет. Билет да, ачууланат. Ал кызынын аппак этине түшкөн камчынын изин көрүп, аны азапка салган немени тирүүлөй отко жагууга буйрук берет. Ал аткарылат.

Падышалык атчан аскердин кол башчысы ары сулуу, ары зулум уулунун досу болот. Ичине кек сактаган кол башчы падышанын уулун үгүттөп, атасына каршы коюуну нээт кылат. Ошентип, падышанын уулу атасын өлтүрүп, такты ээлеп, атасынын сөөгүн сепилдин дубалына коет. Жаңы падыша муну менен эле тынып калбайт, эми өзүнүн кичүү инисинин башын жуткусу келет. Бирок алигиде айткандай, кичүү иниси өтө акылдуу болгон. Ал канкордун кара ниетин сезери менен эле өлкөдөн качып кетет.

Жаңы падыша бактысыз болот. Анткени, ал кичүү инисинин кек кайтарарын, падышаны өлтүргөндүгү үчүн элдин нааразы болорун ойлоп коркот. Ушундай жагдайдан кийин, падыша байтак талаанын ортосунан адам аягы жетпеген бийик асканы табат. Төгөрөгүн калың чытырман баскан ошол аскага өзүнүн жаңы борбору — Сигирия калаасын салдырат. Буга эч кимдин аягы жетпейт, анын үстүнө өзгөчө ыкма менен салынганы бир укмуш, тим эле эки-үч солдат бүтүндөй бир аскерди бөгөй алар эле.

Падыша бул аскада он сегиз жыл туруп, ошол жерден Шри Ланканы аралык жерден башкарып турган. Ал аябай шан-шөкөттүү тиричилик өткөрүп, өзүнүн ичиндеги ит жыгылыш түшкөн абийри менен

коркконун унутуу үчүн убактысынын көбүн тамаша-сайран менен өткөргөн.

Күндөрдүн биринде, кароолчулар деңиз жактан калың аскердин келе жатканын кабардайт. Ошондо падыша өзүнүн колун жыйнап, жоо менен кенен талаада кездешүү үчүн этектеги аянтка түшүүгө буйрук берет.

Сырттан келген аскерди баштаган кичүү иниси болуп чыгат. Уруш башталып кетет. Аскердик бакыт кичүү инисине карай оойт. Ошондо жеңилерине көзү жеткен падыша жашынууга аракеттенип, жоо аягы жетпеген сепилине кирмекчи болот. Бирок, так акыркы тапта аны абийир оту чарпып, качкын эмес, падыша болуп өлүүгө бел байлайт. Ошол жерде кылычын сууруп алып, өз алкымын өзү шылып жиберет.

Атасынын өчүн алган кичүү иниси мурунку борбор Анурадхапурага келип бийлик курат. Ал эми, атасын өлтүргөн падышанын турагы болгон асканы эл акырындык менен унутуп, ага баштап баруучу жол да көздөн далдоо болот».

Чын-төгүнүн ким билиптир, ушундай окуя болуптур деген сөз бар. Өмүрү кайгы менен аяктаган, табияты өзгөчө, атактуу өзгөрүүлөрдү алып келүүчү Кассапа падыша (478—496) атасын өлтүргөн соң, асканын башына сепил калаа салганы чын. Ошол аскага аарынын уясындай кылып, жашырын үйлөр менен жолдорду салып, ошол жерди өзүнө турак кылган.

496-жылы падышанын кичүү иниси Моналлан Индиядан кайткан соң, так үчүн болгон талашта агасы Кассапаны жеңет.

Сигирия аскасынын калдыгы Шри Ланканын борбору Коломбодон 200 чакырымдай жерде. Бул жерде орто кылымдагы борбор Анурадхапура 70 чакырымдай. Сигирияга баштап келүүчү жолдун эки жагы калың жылгын. Бийиктиги 150 метр болгон асканын канттай аппак кылда башын көрүү үчүн калың жылгынды артка таштап, өтө жакын келүү керек. Чукул бурулушка салынган таштан кажалган тепкичтерге жете бергенде жол чорт үзүлөт. Таштан кажалган тепкичтин түбүндө үч кишинин боюна барабар келген кереметтүү куштун туягы аскадан суурула чыгып турат.

Айланта кеткен таш шатылар узунунан созулган галереяларга жеткенче, бир нече жерден үзүлүп, ай-

ланды курутат. Галереянын бир жак дубалы жалама аска, ал эми экинчи жагы жарташтан оюлган калка. Галерея кандайдыр бир тоо жолу сыяктуу асканы орой салынган. Анын кээ бир жерине Кассапа падышалык курган кезде салынган фрескалар сакталган. Булар галереянын жогору жагында он беш метрдей бийиктиктеги кол жетпес кыйын калкаларга салынган.

Мындай бийик калкаларга бир кездери жыгач шатылар алып барчу. Ал эми, азыр Шри Ланкадагы туристтик башкарманын прогресс мүмкүнчүлүгүн пайдалана билишинин аркасында айланмалуу темир шаты менен көтөрүлүүгө болот. Сактык үчүн бул шаты сым тор менен тордолгон. Ошол бийик калкада аралдын ажайыбы аталган айтылуу Сигирия фрескалары бар.

Мындагы жыйырма бир аялдын турпаты — орто кылымдык Шри Ланкадагы ак сөөктүк сунгат өнөрүнүн бирден бир күбөсү. Балким, мунун орто кылымдагы Азия өнөрүнүн эң айтылуу үлгүсү десе болот.

Сигирия фескаларын кээде Аджантадагы Индия фрескалары менен салыштырат. Арийне, бул анча дурус эмес. Аджантадагы фрескалар канчалык ажайып болсо да, диндин койгон алкагындагы таалим-талаптардын чөйрөсүнөн чыга албайт. Аларда көңүлгө козголон салчу эркиндик жок, ошентсе да, өтө дасыккан чеберлер диний окуяларга өмүр даарытып, белгилүү бир кашан канондор менен күрөшкө түшкөн сыяктанат.

Сигирияда андай эмес. Ушул күнгө чейин бул фрескалардын эмнени чагылдырганы жөнүндө окумуштуулар бир жыйынтыкка келе албай жүрүшөт. Алардын бири көктөн гүл чачкан асман бийчилери— апсарлар десе, кээ бири жамгыр менен чагылгандын кудайлары дейт. Дагы башкалары сөөк коюу расими же Кассапа сарайындагы салтанат, ал эмес анчейин гана көлгө чөмүлүп жүргөн кыздар деген пикирлерди айтышат. Мындай ар түрдүү жоромолдор аргасыздан диний канондордун сактала бербегенин түшүндүрөт. Ал эми, Индия фраскалары болсо, бир да бири буддалык апсанадан тышкары болбогондуктан, аларды окумуштуулар эркин талдап түшүндүрө алат.

Адам боюна тенештирип салынган жыланач аруулар жуп жубу менен менен бейнеленген. Булардын

баарында тең бири коцур өңдүү, экинчиси аппак аруулар. Бул аркылуу сүрөтчү ошол кыздардын бири ак сөөк, экинчиси кызматчысы экенин туюндургусу келген. Кыздардын бейнеси Азиянын сунгат өнөрүндө кездеше бербеген үлгү менен дубалдын бетине эркин жайгашкан. Бул кандайдыр бир жан бүткөндөй, ак буурул туман ичинде кыймылдап жүргөндөй, ар бир бейненин жоон санынан төмөнкү жагы ак булутка же сууга батып тургандай таасир берет. Ооба, чынында эле, тиричилик куруп жүргөндөй. Турмуш менен кыймылды ушунчалык чынчыл шайкештикке бейнелеген башка сүрөтчүнү орто кылым өнөрүнөн кезиктирүү кыйын.

Сулуулуктун үлгүсү кылымдан кылымга алмашканда, бир өлкө менен экинчи өлкөнү салыштырганда гана өзгөрүп кетпейт, ошону менен бирге баш аягы ондогон жылдын тизмегинде да табиттин жаңырып турган кездери болот. Бирок, өзгөчө жаралган өнөр туундулары кез келген моданы, табитти ал эмес кылымдарды басып өткөн кездери болот. Милосскийдин Чолпону, Боттичеллинин Чолпону, Нефертити кандай мезгилде болбосун, кимге болсо да ажайып болуп көрүнөт. Сигирияның кыздары да дал ошондой.

Сүрөтчү сулуулукту тарткысы келген. Ал максаты орундалган да, мезгилдин табит-талабын да жеңген.

Мына, ошондуктан, Сигирияда чеберлер тобу болбогон деп, калыпташкан канондук үлгүдөгү мектептер да болбогон деп ишенимдүү айта алабыз. Бул бир гана чебердин колунан чыккан.

Сикстин капелласын айлап тарткан Микеланджело сыяктуу бул сүрөтчү да калкка шыптын астында бүгүлүп туруп, жыгач шатынын үстүндө жанын чүпүрөккө түйүп, шарттуулук алкагынан чыгуу ниетин жүзөгө ашырган. Кайталанбас ажайыпты дүйнөгө апкелген. Бул сүрөтчү ошол ажайыптарды кандай деп атаганы, падышага кандай деп түшүндүргөнү, сарайдын дарбазасынын маңдайчасына жан бүтүргөн аялдардын ким экени белгисиз. Балким, ал, чынында эле булардын апсарлар же чагылгандын кудайлары экенин айткан чыгар. Бирок, мындай атоолор фресканын болмушун өзгөртө албаптыр. Булар турмуштун өзүндөй чынчыл экендиги ушунчалык дейсиз, бул сүрөттү көргөндө өмүрдүн кыскалыгын ой-

лоп, жашоого кабатыр болбойсуз. Тескерисинче, алар эң бир мерез адамдын өзүн турмушту сүйүүгө жана кубанычка бөлөнүүгө мажбур кылат. Сүрөтчү бардык канондор менен мыйзамдардын таш-талканын чыгарып, өзүнө тааныш күндөлүк турмуштагы эң бир асылкеч аялдарды тарткан. Аларды ичинде бири-бирине окшош өң, ал эмес бири-бирине окшош маңналардын кыймылы менен өндүн кубулушу да кездешпейт. Анын үстүнө кандайдыр бир кереметтүү бий сыяктуу ажайып кыймылдарынан көз алалбайсын.

Мындан бир аз жыл мурун бир акмак Сигирия сулууларын өчүрмөк болот. Качан аны токтотконго чейин, фрескаларга жеткиликтүү бүлгүн келтирүүгө үлгүргөн. Улуу чыгармалар качан да болсо акмактар менен тил табыша алган эмес. Бир саам эске алалыкчы. Рембранттын «Түнкү күзөтү», «Джоканда» бир кездери ушундай акмактын курманы болуп кала жаздабады беле.

Менменсинген падыша алда качан унут болгон. Анын калаасы да кыйрап бүткөн. Бирок фрескалар сакталып калган. Эгер Кассапа падыша өзү салган калаанын бир күнү фрескалар аркылуу аты чыга турганын билсе, бул сүрөттү тарттырар, тарттырбасы арзар эмеспи. Өнөрдүн бийилиги падыша бийлигинен ашып кете тургандыгына падышалар оңой менен макул боло койбойт.

Бирок амал жок. Акбаш тарыхтын узун сапарындагы мындай айкаштарда өнөр дамамат жеңишке жетип турган.

5-бөлүк

ТҮШТҮК ЧЫГЫШ АЗИЯ ЖАНА ЫРААКЫ ЧЫГЫШ



ПАГАН

Беш миң ибадаткана

1975-жылдын жазында Бирма жеринде дагы бир ырайымсыз жер титрөө болду. Мунун салдарынан көөнө Паган калаасы катууу зардап тартты. Ошол кырсык тууралу кезиттерде мурун аты чыкпаган Ананда ибадатканасынын кулаганы, Иравадидеги зыярат жайынын талкалаганы, Бупай пагодасынын зардап тартканы жазылды.

Менин эсиме таң шооласы менен ашташып көк бетине менменсине бой созгон, эң сонун түзүлүштөгү ибадатканалардын турпаты, алардын узун түркүктүү заңгыраган залдары, жепирейген пагодалардын пайдубалындагы чөп шыбыры түштү.

Бара-бара жабыр тарткан ибадатканалар калыбына келтириле баштады, бир нечеси гана кылыбына келтирилди. Ооба, бир нечеси гана, бардыгын эле эмес...

Адамзат маданиятынын ажайып эстеликтеринин бири — Паган. Бирок ал элдин баарына бирдей маалым эмес. Аламдын ажайыптарын насыйкаттоочулар аз эмес, бирок Паганды насыйкаттап, буддачылар айткандай, ийгилик келечектүү келет деген ниет менен элге билгенибизди айтууну жөн көрдүк.

Бирма Кытайдын түштүгүн ала Индиянын чыгыш жагында жатат. Анын өнө боюн түндүгүнөн түштүгүнө карай кубаттуу Иравади өзөнү кесип өтөт. Бул өзөн Тибет тоолорунан башталып, өлкөнүн түндүгүндөгү көгүлтүр адырларды кесип өтүп, кээ бир жерлерде Бирманын какшып жаткан куусак түзөндөрүнө жайыла агып, ошол жерден бир нече тарам-тармактарга бөлүнөт да, Инди мухитине келип куят.

Өлкөнүн жоон ортосундагы куусак алкакта, Иравади өзөнүнүн жакасында ажайып Паган калаасы турат. Анын пайдубалын эң алгач бирмалык тайпа-

лардын салганы анык. Алар мындан миң жыл мурун азыркы Бирма деп аталган өлкөнү туракташкан.

1044-жылы Паган калаасы ошол кездеги Паган падышалыгы деп аталган Бирманын борбору болду. Ошондон эки жүз элүү жыл өткөндө XIII кылымдын аягынан тартып монгол аскерлеринин чыккынчылыгынан мамлекет кулаган кезде, калаа алгач ирет кангырап калат.

Жыгачтан салынган сарайлар менен үйлөр үбөлөнө чирип, көчөлөрдү куусак жерге чыгуучу чөптөр менен кактустар басып кетти. Арыктар менен суу сактагычтар тартылып калды. Бирок калаадагы беш миңдей ибадатканалар менен мунаралар күнү бүгүнкүгө чейин сакталган.

Паган тууралу бирмалыктардан башканын биле бербегени турулуу, бул чөлкөмгө ат арытып келгендер сейрек. Аның бир нече себеби бар. Биринчиден, көп жылдар бою Бирма негизги кан жолдон караманча алыс жатты. Экинчиден, темир жол жетпегендиктен, Паганга бирмалыктардын өздөрү оной менен туяк илдире бербейт. Эң акырында, Бирма отор өлкө болуп турган кезде Паганга айтарлыктай көңүл бөлүнбөдү. Бирма Британиялык Индияның алыстагы ээлиги болгон. Анын үстүнө Индинин дацкы чыккан эстеликтери менен ибадатканалары турганда, караманча четте жаткан Паганга көңүл бөлүнө бербейт.

Бирок Ангкордогу ибадатканаларды адам өтө албас калың жылгын курчагандай же мая пирамидаларын, Хара-Хото менен Хорезм эстеликтерин чөл талаанын куму курчап жаткандай эмес, Пагандын төгөрөгү ачык жатат. Паган мындан 700 жыл мурун Бирманын борбору болуудан калды. Деген менен, өлкө ичиндеги эң бир кымбат жерлердин бири. Күнү бүгүнкүгө чейин бирмалыктардын ар бир экинчи жомогу «Бул окуя Паганда болгон экен» деп башталат.

Европалыктардын ичинде биринчи жолу Паганды көргөн улуу саякатчы Марко Поло. Бирок кээ бир тарыхчылар анын бул жерде болгону жөнүндө сөз кылышат. Чыңгызхандын небереси Кубулайхандын сарайында кызмат өтөгөн Марко Поло өзүнүн китебинде монголдордун Паган калаасына жасаган чабуулун жана ушул калааны сүрөттөп жазган ойлору келтирилген.

Ушундан кийин Европа саякатчылары Паганды кайра көрүшүү үчүн дагы жарым миң жылдай убакыт өттү. Эгер Марко Поло калаанын жандуу тиричилик курган кезин көрсө, англичан Саймос XVIII кылымдын аягынан тарта жансыз абалын айта келип, калаанын өлүү экенин жазган. Ырас, бул кезде Паган калаасы англия туристтери менен ар түрлүү көрүнүштөгү жолоочулардын тоноосуна учурай элек кези эле.

Өткөн кылымдын алгачкы чейрегинде Паган калаасына англиянын вазифачылары, офицерлери, тынчылары, элчилери агылып келе баштайт. Бирманы Англия өзүнө багындырып алгысы келип, англия өкмөтү бул өлкө тууралу даректерди жыйноого айрыкча маани берет. Ишкер адамдар үчүн көөнө мурас менен сулуулук анча кажет болбойт. Ошондуктан, алар Паганды жөн гана сөз арасына кыстарчу. Ал эмес калааны бирмалыктардын салганына күмөн санагандар да болгон. Англичандар, көбүнесе, бирмалыктарды жарым жартылай жапайы калк деп эсептешип, тезирек Европа цивилизациясына аралаштырууну зарыл деп тапкан.

Алгачкы чалгынчылардан кийин, 1885-жылы Бирманы багындырган соң, бул чөлкөмгө окумуштуулар эмес, тоноочулар агылып келе баштайт. Булар топуракка көмүлгөн айкелдерди көтөргөн солдаттар, жакшы сакталгандарын үйлөрүнө ташыган офицерлер менен жалган археологдор болгон. Алар Европа музейлерине Бирмадагы эстеликтердин бүтүндөй дубалдарындагы фрескаларды алып кетүүнү ниет кылган.

Паганга биздин кылымдын баш ченинде гана окумуштуулар ынтаа кое баштайт. Бирма өзүнүн азаттыгын алганга чейин бул чөлкөмгө чанда гана окумуштуулар келген. Ырас, Паган тууралуу тарыхчылар мурун да сөз кылган, бирок бул калаанын сыры чечилбеген сырдуу табышмак калыбында калган.

Азыр Паганда музей ачылган, жыл сайын казма жумуштары менен калыбына келтирүү жумуштары жүргүзүлөт. Мында Бирманын сөөлөтчү, сүрөтчү, тил-адабиятчы, өнөр таануучу студенттери тажрыйбадан өтүүгө агылып келип жатат. Туристтердин агымы да өтө мол. Кыскасы, жыл сайын Пагандын кылымдар бою жашырынып жаткан даңкы өзүнө

кайтып келип, дүйнө жүзүнө кайтадан жайыла баштагансыйт.

...Паганда өткөзгөн эң алгачкы таң менин эсимде калыптыр. Таң жаңы кулан өөктөгөн кез, терезе сыртындагы мөлтүр аба көгүлтүр түс менен тунуп тургандай. Калаанын ортосундагы чакан мейманканын терезесинен Пагандын ибадатканалары даана көрүнөт. Алардын кайсынысы болбосун көгүлтүр түс менен кубулуп, эми гана атып келаткан таң шооласы менен нурлана түшөт. Так жаныбыздан асмандагы ак булуттарга бой созуп, Татбинньюнун бийик мунарасы заңкайып көрүнөт. Анын пайдубалынан баштап эң башына чейин жетимиш метр. Ошол албан имарат көргөн жанга бир түндө эле салынган жомоктогу сарайлар сыяктуу таасир берет. Чынында эле бул имаратты мээримдүү сыйкырчылар тургузуп кеткенсийт.

Бирманын түштүк өңүрдөгү монамалардын жерин Пагандын эң алгачкы падышасы Анируда басып алгандан кийин, өзүнүн жаңы борборуна мамлекеттин чар тарабынан чеберлерди алдыртат. Паган Анируданын ээлигиндеги белгилүү калаалардын баарынан артык болууга тийиш эле. Ошол кезден баштап, Пагандын ар бир падышасы өзүнүн даңкын ашыруу үчүн бир чоң жана чакан ибадатканаларды салдырууну салт кылган. Мындан тышкары акимдер, министрлер, колбашчылар, байлар падышадан кем калышкысы келбей, өз үлүштөрүн кошот.

Ошентип, Паган Азиядагы эң атактуу маданий борборлордун бирине айланат. Мындагы университет дубалдарында алыстагы өлкөлөрдүн студенттери окуган. Мында Ланканын, Тамилдин хамзалары, Тьямтын олуялары, Кытайдын абыздары окуган. Паганда бир нече китепкана болгон. Ак сөөктөргө арналган Пагандагы ушундай китепканалардын бири бүгүнкү күнгө чейин сакталган.

Пагандагы биринчи эң ири курулуш Швезигон пагодасы. Албан пирамида сыяктуу бул имаратты Анируда салдырган. Мындан кийин эң алгачкы ибадатканалар дүйнөгө келе баштады. Пагандагы эң атактуу ибадатканалардын бири XI кылымдын аягында салынган Ананда ибадатканасы. Бир саамга тик дубалдуу, эки кабатуу имаратты элестетиңиз. Анын жылтыр дубалдарынан сейрек да болсо өзгөчө салтанат менен жасалгаланган терезелер көрү-

нөт. Ар бир дубалдын орто чениңен жабык галерея башталат. Ушул галерея менен ибадатканаңын так ортосуна жетүүгө болот. Бул ибадатканаңы крест үлгүсүнө көбүрөөк окшотот. Ибадатканаңын чатыры акырындык менен тепкичтен кичирейип, анын ар бир бурчуна чакан пагодалар, кереметтүү арыстандын айкелдери орнотулган. Эң бийиктеги сүйрүлөнө бүткөн мунараны сикхара деп атайт. Ибадатканаңын бийиктиги алтымыш метр. Сыртынан караганда бул имарат куш канатындай женил көрүнөт.

Ал эми, ички көрүнүшү таптакыр бөлөкчө. Бийик каалгадан кирген кезде ала көлөкө жарыгы бар, узун галереяга туш болосуз. Мында ары тынч, ары коңур салкын. Сизди купияга болгон таңсыктануу бийлейт. Каршы алдыңыздан бирдеме элестегендей болот. Ошол калыбыңызда тегерене бүткөн эки далистен өткөн кезде, алтын менен апталаган, он метрлик Будда айкелинин аяк астында турганыңызды байкайсыз. Айкелдин башы менен тепетең дубалдан болор болбос жарык түшүп турат. Бул Будданы кандайдыр бир сырдуу жылмайып тургандай таасирге бөлөйт. Бул жердеги көрүнүштөрдүн баары адамды эзип-жанчууга, ошол адамдын тагдыр менен кудурети күчтүү кудайынын алдында өзүн бечара сезүүгө мажбурлагансыйт. Туш-тушка тарамдала созулган далистер туурасы тар болгону менен бийиктиги кенен. Тегеректеги оюктарга чакан айкелдер коюлган. Бул жерде баскан ар бир кадамыңыз жаңыргандай угулат.

Анткен менен, ибадатканаңын ичинен сыртына чыгып, күндүн көзүн кайта көрсөңүз болду, жанагы ала көлөкөлүү оор көрүнүштөрдүн баары сээлдеп, ичинде бугуп жаткан катаалдыгы унутулуп калгандай көрүнүшкө күбөө болосуз.

Пагандын башка четинде (ибадатканалар жээктеги түзөңгө чачырай салынган, ошондуктан калаа ондогон чарчы чакырым жерди алып жатат). Ананда ибадатканасы менен бир мезгилде салынган экинчи бир ибадаткана турат.

Бул — моно падышасы Мануханын ибадатканасы. Аны Анорат жортуулу кезинде бирмалыктар басып алган. Моно падышасына Анорат кызматчылары менен казыналарынын бир аз бөлүгүн калтырган. Мануханын өзү урматтуу туткун эсебинде кармалган. Бирок тактан, мекенден, келечектен айрылгандан

кийин, туткундун аты туткун эмеспи. Санжырага караганда, Мануха өзүнүн королдук асыл ташын сатып, анын акчасына ибадаткана тургузган көрүнбөйбү.

Мындай ибадаткана Пагандын башка жеринде кезикпейт. Имарат ар түрдүү ачекейлерден куру, курулушчулар ашыкча жасалганы максат кылбаган сыяктуу. Чарчылана салынган үч үй, ортосунда көлөмдүүсү, эки капталында кичирээктери. Эшиги да чакан. Ибадаткананын ичине кирерде төрт бурчтуу бөлмө алдындан чыгар деп ойлойсуз. Бирок, бул сырткы көрүнүшүнөн туулган алдамчы таасир. Чындыгында, ичине киргенде, көргөн жанды айран калтырган ажайып көрүнүшкө туш келесиз. Ибадаткананын борбордук залын Будданын отурган айкели толтуруп тургандай. Анын башы шыпка тирелсе, чыканагы менен тизеси дубалдарга тийер-тийбес болуп жайгашкан. Башка залдарга өтүү үчүн Будданын тизесине койгон манчаларынын арасындагы өткөөлдөн кысылып-кымырылып аран өтүүгө туура келет. Бийиктиги он метрлик, кең далылуу, багжагай келген Буддага ибадаткана аябай тардык кылып тургансыйт, дубалдар аны кысып, мына-мына эми ошол тар капасты жону менен көтөрүп таштап салчудай таасир берет. Бирок, Будда дегеле кыймылдай турган эмес.

Менин оюмча (мындай ойлой турган жалгыз мен эмес) туткундагы Мануха падыша ибадатканаңы атайын ушундай салдырган. Тар капастагы Будда туткундагы падышанын азап менен өткөн өмүрүнүн айгагы сыяктуу. Мунун өзү ошол байыркы бир мезгилдин кайгы-касиретин, азабы менен тозогун элестетип, албан курулуштун ичиндеги туткундун бейнесин санаага уялатат.

Эки капталдардагы залдарда да ушуга окшош көрүнүштөргө дуушар болобуз. Бул экөөндө тең аркасы менен чыканагы, тизеси менен башы дубалдарга тирелип, боюн жаза албай турган шордууну элестетет. Ал эми, ибадатканаңын сырт жагын айланганда дагы бир жайга капыстан дуушар болосуз. Үч залдын сыртынан созула кеткен жапыс жана узун далис бар. Бул далисте Будда узунунан түшүп, өзүнүн жаны жай тапкан — нирвана калыбында жатат. Ушул тушта дагы бир «тынчтык» менен «рахат» сыяктуу келекени түшүнгөндөй болосуз. Анткени, Будда

өзүнүн түбөлүктүү тар табытында тынчтык тапкан, табыттын капкагы анын башынан бир нече сантиметр жерде жатат.

Манухандын ибадатканасы Паганда жалгыз көрүнөт. Мындагы чон-кичине ибадатканалардын баары Анандага көбүрөөк окшойт. Буга карап Бирма архитектурасынын кандай өнүккөнүн, кандай табиткe дит койгондугун байкоого болот. Кийинки кездин ибадатканалары — жеңил каалгыган асем Годопалин, алп Татбиннью, Хтиломино, Дхаммаязеди курулуштары. Булардын кайсынысы болбосун Анандага караганда жарыгы мол. Далистери кенен. Терезелери чоң. Дем алууга да жеңил. Мында чакан ибадатканалар ондоп саналат. Адатта алар асем фрескалар менен жасалгаланып, эшиктен төргө чейин килем төшөлөт. Фрескалар Будда өмүрүнүн көрүнүштөрүнө арналганы менен, айтар ою Пагандагы адамдар менен үйлөрдүн тиричилик-турмушун айгинелейт. Себеби муну жасаган чеберлер аңыздагы кейипкерлердин үстүнө өздөрүнө тааныш кийимдерди кийгизип, өздөрүнө белгилүү-жайга жайгаштырып, ал эмес минген унааларына чейин ошол кездеги Бирма борборунун көчөлөрүндө жүрүүчү унаа-көлүктөрдүн бейнесин көчүргөн.

Бирма курулушчуларынын эң бир тапкырлыкты тааныткан жаңылыгы арка салуу өнөрү. Орто кылымдагы Индия менен Түштүк-Чыгыш Азиядагы ибадаткана салуу салтында мындай үлгү мурун колдонулган эмес. Бирмалыктар курулуш өнөрүнүн бул усулуна айрыкча маани берип, ары көптөгөн өзгөрүүлөрдү киргизип, байыркы жана орто кылымдагы Чыгыш Азиянын курулуш өнөрүнө өзүмдүк жаңылыкты кошкон.

Паган ибадатканаларынын дагы бир кызыктуу төл касиети жалын түспөл порталдардан көрүнөт. Пагандагы ар бир эшиктин, ар бир терезенин маңдайы кандайдыр бир жалындай алоолоп көздү тарткан асем порталдар менен жасалгаланган. Кээде ушундай жалын бүркөн порталдардан кереметтүү Нага ажыдарынын башы чыгып тургансыйт. Кээ бир окумуштуулардын айтканына караганда, байыркы жыгач ибадатканаларда мындай порталдардын пайда болушу жыгач үйдүн оной өрттөнүп кетишине байланыштуу дейт. Эми бирөөлөрү мурунку кезде ибадатканалардын пальма жалбырагы менен жа-

салгалана турганын айтат. Кандай болгон күндө да, бул порталдардын Паган ибадатканаларына таандык үлгү экенин жазбай таануура болот.

Паганда өзүмдүк төл сөөлөт өнөрүнүн бардык касиетин айгинелей турган бир нече ибадаткана бар. Ошолордун ичинде бирөө гана сырткы белгиси менен назар оодарат. Бул Паган архитекторлору аябай өзгөртүп салган Индиянын Боддхгайе ибадатканасынын көчүрмөсү. Бул ибадаткана Будданын киндик каны тамган ыйык жерде салынган. Паган чебелери өз падышаларынын каражаты менен эскирип бүткөн инди ибадатканасын кайра калыбына келтирүүдөн өткөзүшкөн. Алар кайтып өлкөгө барган соң, Паганга дал ошондой ибадаткана салынган.

Пагандагы будда динине кирбеген ибадатканалардын көрүнүшү да башкача. Пагандык Түштүк-Чыгыш Азияда өтө ири соода жана саясий борбор болгону белгилүү. Ошондуктан, бул жерде ар кайсы элден келген индустардын, отко табынуучулардын, джайнисттердин толуп жаткан туректары болгон. Алар да Паганга өздөрүнүн ибадатканаларын салышкан. Бирок, сөөлөтчүлөрү жергиликтүү бирмалыктар болгондуктан, бул ибадатканалар да Пагандын сөөлөт өнөрүнүн үлгүлөрүн өзүндө жыйнактай билген.

Кандай десек да, мында бир-бирине окшош курулушту табуу кыйын, ар бир ибадаткана өзүнүн кайталанбас көркү менен назар оодарат. Маселен, Нагайон кандайдыр бир тумшугу узун эшкектүү кайыкты элестетсе, Дхамаянджи зацкайган сепил сыяктуу. Ал эми Паятонзу болсо, кандайдыр бир түшүнө гана кирген жеп-жеңил оюнчукка окшош.

Паганда ибадатканалардан башка толуп жаткан пагодалар бар. Мындай пагодалардын арасында сырткы көрүнүшү адамдын боюндай гана чакандарынан баштап, бир нече катарлуу бийиктери да кездешет. Бийик мунаралардын түбүнөн, адатта, майрам күндөрү салтанат-шаңга баткан көпчүлүк чөрүүлөп өткөн.

Калаа алда качан өлгөн. Бирок бул мында адам турбайт деген сөз эмес. Кийинки кезде Пагандын төгөрөгүнө чакан калаачалар менен бир нече кыштак бой көтөргөн. Ибадатканалардын арасы айдоо аянттарына, жайыттарга, бакчаларга, пальма токоюна айланган. Ал эми балдар болсо, миңдеген жылдык

тарыхы бар албан курулуштун түбүндөгү жалгыз аяк жол менен мектептерине барышат. Түйдөктөшкөн кактустардын тосмосунун ары жагында ыкшоо кыймылдаган чамустар оор сокону баео сүйрөп бара жатышат. Ал эми, Иравадинин үстүндө джонкалар менен узун морлуу кемечелер шашылбастан жай каалгып баратат.

Адатта, Паганга, туш болгон жолоочу Годопалин ибадатканасынын тектирлүү бийигине чыгат. Ошол алтымыш метрлик бийиктиктен улуу борборго тандана көз салып, күндүн батар мезгилин күтөт. Ал эми күн болсо, өзөндүн аркы бетиндеги көгүлтүр белестерден ашып барып, артына узунунан келген көгүлтүр көлөкө калтырат. Күн батып кеткенден кийин да, көк жээктин кызыл күүгүмү байыркы калаанын асманын кереметтүү шоолага бөлөп туруп алат.

Бир аздан кийин этектеги кыштактарда алгачкы шамдар жанат. Иттер үрөт, үйлөрдүн биринен үналгынын доошу эшитилет. Ошентип, бейкуттукка бөлөнгөн байыркы калаада акыркы кабар айтыла баштайт.

Ал эми Паган болсо, уйкуга кетет. Ошол кезде бул өлүү калаанын көчөлөрүндө мындан жети жүз жыл мурун өмүр сүргөн падышалардын, акимдер менен сүрөтчүлөрдүн көлөкөлөрү кең аянтка жыйналгандай таасирге бөлөйт. Түн түнөгү өткөн өмүрдүн айгагы сыяктуу.

ШВЕДАГОН

Алтынга баткан пагода

Сөөлөт эстеликтери, адатта, өздөрүнүн эң сонун маанилүүлүгүнүн аркасында нагыз пикирге негиз болуп кээде ошол өлкө тууралуу жалган таасир берген кездери болот. Эгер биз Мисир тууралуу сөз козгой турган болсок, анда биздин оюбузга, сөзсүз, пирамидалар келет. Чөл талаа, пирамидалар, сфинкстер... Бирок, чындык мындан көрө башкачараак. Мисирдин миллиондогон тургундары пирамидаларды эч убакытта көргөн эмес. Анткени, алар дегеле алыста турат. Биз Американы эске алганда, эң алды менен, көккө бой созгон бийик үйлөрдү, булунга

чөмөрө салынган Боштондук айкелин элестетебиз. Бирок, Нью-Йорктун көрүнүшү бүткүл Америка Кошмо Штаттарына таандык көрүнүш эмес. Кээ бир адамдар Россия тууралу ойлогондо, Василий Блаженныйдын ибадатканасын же көп учурда Кремлди элестетет.

Дал ошондой жагдай Бирманын да башынан өткөн, Шведагон алтын пагодасы көргөн адамды айран калтырганы ушунчалык, Бирма тууралу айтылар сөздүн басымдуу көпчүлүгү ошол «алтын пагодалуу өлкө» тууралу болот. Бул айтууда таасирлүү болгону менен, чындыктан алыс жатат. Бул өлкөдө алтын пагода саналуу гана.

Мен Бирманы көп аралаган кишимин, эгер бул өлкөнү «пагодолор өлкөсү» деп атай турган болсок, анын ылайыгы келип калар. Ал эмес, «ак пагодалар өлкөсү» деп атаса ылайыгы бар, себеби, мындагы пагодалардын 99 проценти акталган.

Бирок Шведагондун алтын экени чын. Шведагон баарынан бийик, баарынан шаңдуу, баарынан көрүнүктүү. Ал бийик дөбөнүн башында тургандыктан, Рангундун кез келген чекитинен көзгө көрүнөт. Ал эми бул өлкө тууралу жазылган кез келген китепте, кез келген жарнама шилтемелер менен кез келген фото көргөзмөлөрдө кезигет. Шведагон тек кана Бирма борборунун символу эмес, ал ошону менен бирге бүткүл мамлекеттин да символу.

Анын тарыхы Бирманын тарыхы менен энчилеш. Жана ага канча жыл болгонун кимдин, качан салдырганын эч ким билбейт. Ошого карабастан, ал тууралу толуп жаткан аңыздар бар. Андай аңыздар мына мунусу менен шайкеш келет: мындан эки жарым миң жыл мурун бирмалык Таписса жана Бхалика деп аталган ага-инилүү эки көпөс Индияда болот. Ошол жерде алар каснеттүү бо дарагынын түбүндө отурган Будданы көрөт. Будда аларга өз башынан алып сегиз тал чачын берет. Жана ал чачты Оккале деп аталган көпөстөр калаасында сактоону буйрук кылат. Бул калаа азыркы Рангундун орду.

Ага-инилүү эки жигит шашылыш кайта жолго камданат. Бирок, кайтып келүү оңойго турбайт. Көпөстөр жолдо басып өтө турган мамлекеттердин падышалары Будданын тартуусу тууралу кабарга кулак төшөп, Таписса менен Бхаликанын колундагы ыйык чачты тартып алуу үчүн албан түрлүү аракет-

терди жасайт. Бул чачтын эки талы Аджетталар падышасына тийет, эки талын жыландар падышасы тартып алат. Бул жыландар падышасы адам кейпине келип, ага-инилүү эки жигит түшкөн кемеге кирген.

Ошентип, бир кыйла кыйынчылыкта артта калгандан кийин, төрт тал чач тийиштүү жерине жеткизилген. Будданын сыйы тууралу жаңылыкты Бирманын тургундары эшитери менен, салтанаттуу кубаныч башталат. Ал эмес асман кудайы Сакканын өзү ибадатканын курулушун салууга ылайыктуу жерди тандап берүү үчүн жерге түшөт. Себеби бул жерде ыйык чач сакталууга тийиш эле. Күндөрдүн биринде ылайыктуу орун тандалган соң, Оккалапа атайын салынган пагодага сактоо үчүн ыйык чач салынган сандыкчаны ачат. Ачкан кезде анын ичинде төрт тал эмес, сегиз тал чачтын жатканын көрөт. Ошол кезде сегиз тал чач жети пальма дарагынын бийиктигиндей жерге көтөрүлүп, көз карыктырган нур чачат. Нур чачканы муң экен, дүлөйлөрдүн кулагы угуп, дудуктардын тили чыгып, жердин бетине бермет-шуру жамгырдай жаап кое берет.

Чындыгында, мындан эки жарым миң жыл мурун азыркы Бирма жеринде бирмалыктар болгон эмес. Алар бул элге кийинчерээк келген. Ошондо эле Оккалапа падышасы да болгон эмес. Дал ошол сыяктуу Шведагондун да ушунчалык көөнө болушу арсар.

Бирок биздин заманыбыздын алгачкы кылымдарында азыркы Шведагондун ордунда чакан гана пагоданын турушу абдан ыктымал. Калыбы, 1372-жылы Пегу калаасындагы пагодага келген падышанын имаратты ондоодон өткөзүүгө буйрук бериши толук мүмкүн. Мындан соң Пегунун падышалары, монолары жана Жогорку Бирманын падышалары ардасанда ат башын буруп, пагоданы ондоодон өткөзүп, алтын менен апталоого буйрук берип турган. Ушундай ондоолордун аркасында пагода такай сыртынан каптала кыналган кирпичтердин тааснри менен көлөмү чоңойо берген, XV кылымдын орто ченинде көлөмү азыркысынан кичине болгон.

Бирмадагы пагодалардын сырткы көрүнүшү дөңгөлөктөрдөн каланган балдардын чакан пирамидалары сыяктуу экенин айта кеткен жөн. Жалпы түзүлүшү жагынан булардын кайсынысы болбосун Мисир пирамидаларына окшош же көөнө Мая пи-

рамидаларын эске түшүрөт. Алардын ичинде бөлмөлөр болбойт жана ичине кирүүгө уруксат жок. Тек кана ар бир пагоданын терең түпкүрүнө чакан гана кууштар жасалган. Андай кууштарга олуялардын сөөк күлү коюлган. Өлкөнүн турмушундагы бардык салтанат расимдери, кудайга зыярат кылуу салттары имараттын тегерегинде өтөт.

Шведогон пагодасы акырындык менен чоңоюп бийиктей берип, анын эң башы жүз метрден ашкан. Ошентип, дүйнө жүзүндөгү эң бийик пагодалардын санатына кошулуп, орто кылымда тендеши жок көлөмдүү имараттардын бири болгон. Анын пайдубалынын айланасынын узундугу 460 метр. Пагода ушинтип чоңойгон сайын ага жумшала турган алтындын да өлчөмү чоңойо берген. Адатта, пагодалар алтын менен апталганда алды менен ошол алтын жука каңылтыр түрүнө келтирилген. Бул баалуу темирдин жүздөгөн килограмын ар бир ондоодон өткөн сайын керектеген.

Эми мына, батар күндүн кызыл нурларына чагылышып, сары шоола жарыгы менен көз карыктырган пагода Рангундун үстүндө калкып турган сыяктуу.

Шведагондогу пагодалардын комплекси анын маңдайындагы жүздөгөн метр жерден башталат. Пагоданын жанына жайгашкан чиркөөлөр, зыярат кылуучулардын үйлөрү, саябактар менен бакчалар, чакан пагодалар жана касиеттүү көлмөлөр комплекстин курамындагы бөлүктөр сыяктанат.

...Жол четиндеги таш каашанын аркы жагынан көк кашка тунук суунун айдыңы көрүнөт. Анын жоон ортосунда када үстүнө орнотулган ак пагода турат. Суу айдыңынын бети күзгүдөй жаркырап жатат, бул суу эмес, көк мармар төшөлүп жаткандай таасир берет. Суу сактагычтын бир четинде таш тепкич бар. Ал жерде юбка-лоунжи кийген бала турат. Баланын алдында себет бар. Себет толо жүгөрү көбүгүнөн жасалган шарлар. Эгер сиз сууга түшкүңүз келсе, алиги баладан бир нече шар сатып алууну унутпаңыз. Анткени, анын кереги тиет.

Эгер сууну айдыңына жүгөрү шарын таштай турган болсоңуз, жанагы жаркырап жаткан айдыңдын аяк астынан кубула баштаганын көрөсүз. Суу кандайдыр бир астынан лапылдатып от жаккандай кайнай баштайт. Ошол мезгиле акчыланган айдыңдын сиз ойлогондой тынч, жоош эместигин байкай-

сыз. Бул айдындын ичи балыкка толтура. Узундугу он эки сантиметр келген кичинекей жаянга окшош муруту бар кара көк балыктар суунун бетин каптай умтулганда, айдындын бети кайнап жаткандай таасир берет. Алар жүгөрү шарын талашып, үймөлөктөшкөн додого айланат да, аны бир заматта жок кылат. Кээде кичинекей чабактарды бузуп-жарып өткөн ири балыктардын кара тумшугу суу бетин сызып келип, жүгөрү шарын жеке өзү жалмайт. Ошол кезде айдындын бети кайтадан тынчый калат... Мына суу бетине дагы бир нече шар таштанды. Дагы ар бир шардын айланасы буркулдап кайнап жатат. Ал жерде да кичине балыктарды үркүтө качырган ири балыктардын кара тумшугу көрүнөт. Эгер алигидей жүгөрү шарын же бир үзүм нанды жээке жакын жерге койсоңуз, жанагы бузуп-жарып жүргөн кара тумшуктуу балыктын балык эмес, узундугу бир метрден ашык кары ташбака экенин көрөсүз.

Бул суу айдынынын пайда болгонуна бир топ убакыт болсо керек. Анын таш жээктери абдан эскирип, төшөлгөн такталардын арасындагы жылчыктардан чөп менен бадалдар өсүп чыккан. Бул сыяктуу чакан айдындар ар бир пагоданын тегерегинен кездешет. Алардын кайсынысында болсун жанагыдай балык базарын көрүүгө болот.

Айдындан кийин аянт башталат. Бул аянтта туристтерди алып келген машиналар менен автобустар, велорикшалар толуп турат. Ал эми, толуп жаткан дүкөндөрдө албан түрлүү гүлдөр сатылат, ошол жерде тамактанып алууга да жагдай жасалган.

Пагодага баштап бараткан тепкичтин эки капталында бийиктиги он метрдей келген эки арыстан — чинте турат. Алардын өнө бою аппак, тек кана тумшуктары менен тырмактары боёлгон. Төп-төгөрөк көздөрү алыска үңүлүп турган сыяктуу Алар пагоданы адамдардан коруп турган жок, алардан көрө кандайдыр бир ири нерсеге кадала карагансыйт. Балким накта ажыдарды же зулум дөөнүн келишин күтүп турган чыгар. Жазатайын, чыны менен эле, ажылар менен дөө көрүнө турган болсо, бул арыстандар алардын акесин ошондо таанытат.

Эки арыстандын ортосун жалгаштырган мандайча — портал бар. Анын астынан башталган узун тепкич типтике көтөрүлүп, жогору карай кетет.

Тепкичтин эки капталы толгон соода дүкөндөрү. Ушул жердеги каралжын тепкичтердин далдаасында китептер, майда-бачек оюнчуктар, бамбук таякчасына байланган гүлдөр сатылат. Бул таякчалуу гүлдөрдү Буддага зыярат кылуучулар сатып алат да, Будданын айкелинин этек жагына орнотулган атайын кууштарга сайып кетет.

Жалгыз гана электр шамынын күңүрт жарыгынын астындагы калкада хиромант отурат. Анын жонундагы кенен бычылган ак жамынма кийими төгүлүп аягынан башына чейин түшкөн. Адендеги килемчелердин үстү толгон купуя жазылуу китептер. Хиромант болсо ошол китептерге үңүлгөндөй, теңселе түшүп, чыгыштын бир созулма обонун салып тургансыйт.

Мына, ар түрлүү бой тумар сатуучулар. Алардын үстүнө абдан эскилиги жеткен кабыландын териси керилген. Маралдын жана жапайы чамустун баш сөөктөрү аркайган мүйүздөрү менен ары-бери өткөндөрдү качырып тургансыйт. Ошондой эле толуп жаткан ар түрлүү заттар, чөп-чардын боолору, мончоктор, сөөктөн жасалган кара кочкул сөлөкөттөр сыйкырчы соодагерлердин алды-артында үйүлүп жатат.

Бурч жакта адам денесине татуировка жасай турган чебер бүрүшө түшүп, тыгылып отурат. Анын да алдында татуировканын албан түрлүү үлгүлөрү жайылган. Ал аябай катаал жана сабырлуу. Колунда татуировка жасай турган чакан бургусу бар. Прогресс дегениңиз кол өнөрүнүн ушул бир саласына да кирген.

Азыр калааларда өз денесине татуировка жасаткысы келгендер көп эмес. Бирок мына бул чебердин алдында жаткан албан түрлүү татуировка үлгүлөрү менен анын куралдары көөнө ыкманы алда канча жетилдирип алганын көрсөтөт. Пагодага көтөрүлүп келе жаткан чал-кемпирлердин көпчүлүгү денесине татуировка жасаткан. Күнү бүгүнкүгө чейин кыштактар менен тоолуу райондордо колу-бутуна чиймелүү татуировка жасаткандар көп кездешет.

Тепкич күн тийген аянтчага алып келет. Аянтчанын аркы жагында алтын жалаткан айкел жалтырап көрүнөт. Андан ары көк бетин далдоологон албан пагоданын турпаты көрүнөт.

Пагоданы тектирче курчап, мармар такталар

көмкөрүлгөн. Төрт бурчтана салынган пагоданын кемерине зыярат орундары, чакан ибадатканалар ийин тиреше жайгашкан. Бул болсо пагоданы айлана жүрүүчү жолдун энин он метрдей кылып кысып таштаган. Бул жол менен туристтер менен зыярат кылуучулар өтөт. Алардын бири турмуш тууралу терең ойго чөмүп, мармар такталардын үстүндө отурса, кээ бири колуна гүл менен чырак кармаган калыбында табынып отурат. Ал эми бирөөлөрү кезит окуп же өзөк жалгоо үчүн көлөкөгө ыктаган. Мармар такталардын бетин шылп-шылп баскан жалаң аяктар, күбүрөшө сүйлөшкөн көпчүлүктүн доошу, алыстан талып жеткен коңгуроо үчү, кагаз гүлдөр менен кол чатырлардын шыгырап шуулдаган дабышы пагоданын тегерегине айрыкча салтанаттуу чырай берген. Мындай айрыкча салтанаттуу жагдайга тегеректеги кемерге чейин бой созгон бийик пальмалардын көк жашыл түсү кошулганда боёгу каныкөтөрөк кулпуруп кеткендей болот. Пагоданын актыгы менен алтын ачакейлери, чатырдын кызгылт жана көгүлтүр түсү, айкелдер менен баганалардын (алардын башында пагодаларды кайтарып тургандай колдоруна кылыч кармаган айкелдер турат) албан түрлүү ирең кубулуп, көргөн жанды айран калтырат. Баарынан да кереметтүүсү, көк асманды жону менен көтөрүп тургандай көрүнүүчү Шведагондун бийиктеги созулган эң башы.

Мында келген дыйкандардан баштап, чет өлкөлүк президенттерге чейин пагоданын кемерин айланып өтөт. Бар-жогу жарым эле чакырым жол болсо да, пагода кемерине эки миң жылдык тарых менен байлык жыйнакталган.

Каршы алдыбыздан балаты сыяктанып аздап-аздап сүйрүлөнгөн сегиз чатырлуу тазундаун көрүнөт. Анын этеги ары көлөкөлүү, ары салкын. Тазундаун пагодага аркасын сүйөп турган сыяктуу. Ал эми, алтын буддалар кандайдыр бир келген-кеткен кишилерге көзүн чакырайта түшүп зер салып тургансыйт. Айкелдердин берки жагын гүл салган кумуралар менен түрлүү түстүү чатырлар жарымын далдоолойт. Тектирде мындай тазундаундар ондоп саналат.

Мына, каршы алдыбызда чакан пагода турат. Анын сегиз оюгунда да Будданын отурган айкели, ар бир айкелдин үстүнкү жагында планеталарды,

ошондой эле, аптанын күндөрүн билдирүүчү айбанаттар менен куштардын турпаттары көрүнөт. Мындагы көрүнүштөрдү өз бетинче жоору кыйынга турат. Бирманын салттуу космогониялык түшүнүгү биз билген таанымдан башкачарак. Аларда сегиз планета бар. Жана ошол планеталардын санатына Ай менен Күн да кошулат. Муну ааламдын сегиз жагы жана аптанын сегиз күнү деп эсептейт. Сегизинчи күндү бир аптанын ичине кыйналбай эле киргизип жиберет. Бул болсо сегизинчи планетанын бар экенин актай турган көрүнбөйбү. Сегизинчи күн, адатта, шаршенби күнү күн уясына батканда кийин башталып, бейшенбинин таңы кылайган чакта бүтөт. Бул күндү тумшуксуз пил кейпиндеги Раху бейнелейт. Буга кошумча бул күн түндүк чыгыш жакты билдирип, көзгө көрүнбөгөн планета дегени Ай менен Күндүн тутулган кезиндеги көк бетиндеги көзгө көрүнбөгөн дене болушу керек.

Сегиз планетанын пагодасынан арыраак 1778-жылы куюлган Махаганта коңгуроосу илинүү турат. Бул коңгуроонун салмагы он алты тонна. Анын бийиктиги эки жарым метр. Ал эми капталдарынын калыңдыгы отуз сантиметр. Бул дүйнө жүзүндөгү эң албан жана эң адеми коңгуроолордун бири. Англия-бирмалык согуштун мезгилинде англичандар Рангунду басып алган кезде алар бул коңгуроону Англияга алып кетүү үчүн пагодадан чыгарып, кемеге жүктөйт. Бирок, коңгуроонун салмагынан кеме ооп кетип, коңгуроо сууга батат. Англичандар аны кайта көтөрмөкчү болушат. Бирок бул аракеттеринен эч нерсе чыкпайт. Кийин коңгуроонун бирмалыктардын өздөрү суудан чыгарып, мурунку ордуна кайтадан койгон. Анда-санда мындагылар коңгуроого жакындап келип, үч ирет кагып кетип турган. Бирмалыктардын айтканына ишене турган болсок, коңгуроону үч ирет каккан жандын эң асыл максаты жүзөгө ашат экен.

Анын аркы жагында зор тазундаун заңкая көрүнөт. Ушул бастырманын астындагы залдын чоңдугу ушунчалык, ага бийиктиги он метрлик Будданын отурган айкели эркин сыйган. Ага кошумча ар түрлүү жыйындар менен митингилерди өткөзүүчүлөргө да кенен кесири жайгаша турган орун бар. Мындагы дин күндөлүк тиричилик агымына чыдамкайлык көрсөтөт.

Мына, биз да тектирдин эң четине чыктык. Бул туштагы аянтчанын эки жагына пагодалар жайгашкан. Алар менен жарыша касиеттүү бо дарагы өсүп турат. Ачызга караганда, бул даректар кезегинде көлөкөсүндө отурган Буддага касиет даарыткан болуш керек. Будда ушундай дарактын көлөкөсүндө отуруп, турмуштун маңызын түшүнүп, жашоонун маанисин тууралу илимин жараткан. Ал эми, мына бул даректар 1984-жылы 4-январда — Бирманын боштондук күнүн майрамдаган мааракеге карата отургузулган. Бул жерде Будданын туулган күнүнө байланыштуу салтанаттуу расимдер өткөзүлүп, өкмөт адамдары менен белгилүү бирмалыктар дарактын түбүнө суу куят.

Ушул аянтчадан калаа жакшы көрүнөт. Көз алдыңдагы мунарык туманга оронгон үйлөр, чиркөөлөр менен өзөң айдындары жылтырап назар ооодарат. Мындагы Шведагон тоосунун жантаймалары өлкөнүн тарыхы тууралу сыр катат. Рангунду басып алган англичандар пагодага чабуул койгон кезде курман болгон солдаттардын бейитин ушул жантаймага жайгаштырган. Бирмалыктарды мындан артык кордоону ойлоп табуу мүмкүн эмес. Англичандар оторлук кылган кезде тоонун жантаймасында чериллүү адабаттар, митингилер болуп турган. Ал эми, азыр бул жерде Бирма өкмөтүнүн 1947-жылы өлгөн эң алгачкы министрлери жатат. Ошондой эле, мында Аун Сананын мавзолейи да жайгашкан.

Дал ушул түштө, ачызга караганда, эң көөнө пагода бар. Пагоданын алдында тилек ташы жатат. Эгер сиз ташка эңкейип ичиңизден: «Ушул таш жеңилдей түшүп, менин тилегим жүзөгө ашса экен»,— деп ташты көтөрө турган болсоңуз, сиздин күчүнүз менен кыялыңызга жараша таштын оор же женил экенин билесиз. Ырас, тандоо эркн өзүңүздө. Сиз ташты көтөрөр алдында: «Бул таш мага оор болуп көрүнүп, тилегим орундалса экен» деп айтууга да акыңыз бар.

Кийинки бир тазундаундун алдынан көзүнүн чондугу ар түрлүү Будданын отурган айкелин көрүүгө болот. Айткандарына караганда, бул айкел пагон заманынын улуу окумуштуусу, коргошундан алтынды ажырата алган. Шина Итцаганага орнотулган. Дүйнө жүзүндөгү алхимиктердин кызыкчылыгы бирдей болгон окшойт.

Пагодалар менен тазундаундарда кайыр-садага таштай турган жашиктер бар. Алардын ар биринин жанында Шведагон кеңешинин бир мүчөсү турат. Ал ар бир кайыр-садага берүүчүлөргө алкыш айтат. Капысынан күтүлбөгөн көрүнүшкө дуушар болосуз. Касиеттүү тектирдин эң четинен эч кандай боёлгон ачакейсиз, оюу-бедерсиз, ал эмес, Будданын айкели менен сактоочу-рухтун сүрөтүсүз төрт бурчтуу имарат көрүнөт. Жакындап келгенде, капталынан эшиги ачылып, төмөнтөн көтөрүлгөн бөлмөлүү лифти шыр этип токтой калат. Бийик тоого чыгып-түшүү жеңил болушу үчүн мындан жыйырма жыл мурун ушул лифтини орноткон.

Биздин кайта турган мезгилибиз да келип жетти. Балким, тектир дагы элге толор, ыр ырдап, бий бийлегендердин көңүл сергите турган чоң майрамдарына туш болуунун кезеңи дагы келер. Балким, ушул аймактагы күн батар чактагы купуясы мал кереметтүү көрүнүшкө дагы сонуркоонун кезеги түшөр. Мындай чакта көк бети менен айкалышкан кызгылтым шоола көңүлгө кубаныч нурун сээп, этектеги пагоданын кемери менен агылган миңдеген адамдын колундагы шамдар чачылган жылдыздай көздү арбайт. Ал эми, батар күндүн эң соңку нурларына малынган пагода түпсүз көктүн төшүндө кызыл шоолалуу жалынга оронуп, учуп келе жаткандай таасир берет.

МИНГУН ПАГОДАСЫ

Олуялык

Саат он болгондо эле Иравадинин абасы үп тартып, анын ысыктыгынан өзөн бою мунарыктай түшөт. Бирманын акыркы королунун борбору Мандалайдан чыгып, Иравадини бойлой сүзгөн катердин дырылдаган үнү бозомтук абала тумчугуп, буулуга чыгат. Каршы алдыбыздан узун тумшук каравелла сыяктуу джондун күрөң жел тосмосу күнүрт көрүнүп, карааны жакындайт. Анда-санда артына чиркеген сүйрөтмө-салдын үстүндө күркөсү бар эскирген чакан кемелер узун калакчасы менен сууну шылпылдата уруп өтөт.

Калзаны жандап аккан өзөндүн жайпак жээги-

не күрүч эгилген. Ал эми, өзөндүн төмөнкү куймасынан ары карай жылаңач талаа. Сейрек өскөн бадалдар менен кактус сабагы кум арасынан көзгө түшөт. Көңүл чөгөргөн кацгыраган бир элсиз аймак.

Бир топ убакыттан кийин жердин өңү өзгөрө баштайт. Өзөндүн оң жак капталынан мунарыкта үргүлөгөн өркөчтүү адырлар көрүнөт. Ар бир адырдын чокусунан бирин-серин чакан пагодалар агарат. Бул өңүр анча кубаң эмес. Анда-санда жер жаңгагының, мурч менен жүгөрүнүн айдоолору кемерлене көрүнөт. Чакан кыштактар каз-катар тизилген пальма дарагынын тармал көлөкөсүнө тыгыла түшкөнсүйт. Көк бети чайыттай ачылып, түрмөк булуттар айкын көрүнө баштайт.

Манго даректарынын далдоосунан көрүнүшү башкача бир курулуштун карааны көзгө чалдыгат. Анын берки жагынан көк-жашыл жамынган чакан монастрь, зыярат кылуучулар үчүн тургузулган көлөкөлүү калка, кичинекей пагодалар көрүнөт. Бирок, мунун баары жанагы арытадан көрүнгөн, акырындык менен кичирейген беш кабаттуу албан таш курулуштун жанында оюнчук сыяктуу.

Бул жерде мурун дүйнө жүзүндөгү жан-жаныбарларга арналган айкелдин эң ириси — чинте-арыстандары турган. Ар бир арыстандын бою отуз метр болгон. Алардын бир метрге жакын ак мармар туяктары таш туурга кадалып, дагы бир метрге жакын көздөрү чакчайган калыбында аяк астындагы кыбыраган адамдарга тешиле карап турат. Арыстандар ызалуу кейипте бейнеленген. Себеби, алар дүйнө жүзүндөгү эң ири пагоданы, дүйнө жүзүндөгү эң ири курулушту күзөтүп турууга тийиш эле. Бирок, алар көк жарылган куб сыяктуу кебетеси суук үйдү күзөтөт. Эгер жылнанамалар менен коңшу монастырлардагы кечилдердин аңгемеси болбосо журтчулук Мингун калаасында эмне болбосо, журтчулук Мингун калаасында эмне болгонун билбес эле.

...Бирма королу Бодопая 1782-жылы такка отурду. Анын алдында король болгон Синг кызыл кандуу, женил мүнөз, анан калса ичкиликти өтө жактырган жан эле. Бирок, анын мындай жоругу будда диниие адалдык менен зыярат кылышына, ошентип, бүткүл өлкө ичине пагодалар менен монастырларды салышына кедерги болгон эмес. Ошондон да болуу керек, эл да өз королуна оң чырай менен караган.

Мунун дагы бир себеби, Сингу такка отурган соң, Снам менен болгон узак согушту токтотуп, жоокерлерди үйлөрүнө кайтарат. Ошентип, өлкө ичинде көптөн күткөн бейбитчилик орнойт.

Анын эсесине, сарай кызматкерлери менен акимдерге жакшы болбойт. Алардын көбү королдун кыябын таба албай баштарынан айрылат, ал эми бир азыраагы ошол байкуш туугандарынын тас кейпин кийип калбайын деп коркот.

Акырында, сарайда ага каршы аракет уюштурулат. Сарайдагылар королдун зериккенде саналуу гана жоокерлерди алып сейилдей турганын, апталап борбордон карааны үзүлүп кала турганын жакшы билишет.

Бир жолу Сингу борбордон үч күндүк жердеги Хтихадо пагодасына кетип, көпкө чейин келбей коёт. Бир күнү түн ичинде сарайдын дарбазасына бир топ салт аттуу жакындайт. Топтун алдында королдун киймин кийген адам келетат. Күзөтчүлөр урмат көрсөтүп, жол берип, сарайга киргизет.

Король так турган залга кирип, көзүнө түшкөн тулгасын алып, илеген менен суу апкелүүгө буйрук берет. Шериктеринин бири суу апкелет. Ошол жерде король бетиндеги боёгун жуып таштаганда Паунгтин князы, он сегиз жашар Маун Маун болуп чыга келет. Анын жанындагы шериктери өзү менен шыбагалаш акимдер болгон. Ага каршы аракет абдан ойлонуштурулган эле. Ошол күнү түн ичинде Сингунун эң жакын көмөкчүлөрүнүн башы алынып, салтанаттуу түрдө Маун Маун жаңы король катарында такка олтурат.

Бул жаңылыкты уккан Сингу адегенде чет өлкөгө качмакчы болот. Бирок, анын энеси келип, такты кайтаруу жөнүндө королду үгүттөйт. Кайтаралбаган күндө ошол жолдо шейит болуунун королго ылайык экенин айтат. Бул сунушка Сингу макул болот.

Ал жалгыз өзү, куралсыз, күзөтчүсүз сарайдын дарбазасына келип, найзаларын айкаштыра жол тоскон жоокерлерге:

— Мени кантип тааныбай калдыңар? Мен — ушул сарайдын мыйзамдуу мырзасы Сингумун,— дейт.

Күзөтчүлөр абдыраган калыбында, баштары жерге жеткенче ийилет.

Король сарайга кирет. Ошол жерде ага каршы

аракетке уютку болуп жүргөн мурунку министри капыстан кездешет. Король айкырыкты салып тике умтулат.

— Саткын, мен кайтадан такка отуруу үчүн кайтып келдим!

Ошол кезде сарай ичи абыр-дабыр болуп, дүүлүгүп кетет. Сарайдагылар да мунун эмне менен бүтөрүнө көздөрү жетпей, кай тарабы күчтүү, кай тарабына кошулса чымын жаным аман калат дегендей, абдырай түшөт. Тек ага каршы аракет жасаган министр гана шашпайт. Ал кылычын сууруп алып, королду экиге бөлө чабат.

Бирок, так үчүн болгон талаш муну менен эле бүтпөйт. Жаш Маун Маун бар болгонун козголоңчулардын колундагы куурчак гана болгон. Талапкерлердин ичиндеги күчтүүлөрүнүн бири кез келген чакта андан такты тартып алышы кадиксиз эле. Мындай жагдай Маун Маун такка тургандан кийин үчүнчү күнү эле жүзөгө ашат. Маун Мауңду өлтүргөн Бодопая король болот.

Куурчак — король дарга асылгандан кийин, аны такка отургузуучуларга кезек келет. Андан соң тактан үмүтү барлар жана бардык туугандары менен бирге Сингунун аялы да дарга асылат. Бодопая өзүнөн мурункунун кебетесин кийгиси келбейт.

Ал узак убакыт — отуз жылга жакын падышачылык кылат. Ошол падышалык кылган мезгилдин алгачкы жылдары бүткүл багытын белгилеген кезең болот. Бодопая башы тоголок пенде аттууга ишенбөө үчүн ант берип, бул антына аябагандай бекем турган. Анын ички ой-максаттарына аялы да, уулу да, ага-иниси да кийлигише албаган. Отуз жыл боюнча король бөлмөгө эки түн катары менен түнөп көргөн эмес. Түн киргенде сарайдын толуп жаткан бөлмөлөрүнүн кайсынысында кала турганын жан билбейт.

Бодопая такка отурган соң, бир жыл өткөндөн кийин өлкөнүн борборун жаңы орунга көчүрмөкчү болот. Мунун өзү бүткүл мамлекет үчүн бактысыздыктын башы эле. Жарым миллион калкы бар эски борбордун тургундарын өз эсебинен он чакырым жердеги конушка көчүрүүнү айтпаганда, башка бирмалыктардын бардыгына кошумча салык салынат. Жаңы борбор Амарапутрада жаңыдан салынуучу сарайлар, пагодалар менен монастырлар эски

борбор — Авеге караганда ары бай, ары салтанаттуу болушу керек. Король өзүнүн даңкын түбөлүккө калтырууну каалаган. Буга анын өзүн-өзү кудуретмин деп сезген ашкере эзмелеги себепкер болуп, жашы улгайган сайын мындай сезим өтө күчөйт. Салык менен ашыкча жумуш өлкөнү жакырлантып жиберет. Бирок, ага карабастан ар кайсы жерде жаңы пагодалар тургузулуп жатты. Акырында, Бодопая дүйнөнүн дидарында болуп көрбөгөн бир пагода салууга бел байлайт. Мигун пагодасынын бийиктиги эки жүз метрге жетүүгө тийиш эле. Ал эмес, Хеопс пирамидасы элүү метр жапыз калууга тийиш болгон.

Пагоданы бүткүл өлкө салат. Таунгу Прома, Швебо жана Шан тоолорунан таш менен кирпич жүктөлгөн унаа көлүк миң-миңдеп чубура баштайт. Бардык провинциялардан жыйнап алып келинген бедизчилер күн-түнү кирпич кыноо менен болот. Ушундай ойго келбеген жумуш он үч жылга созулат. Алгачкы жети жылда бул курулушка король тез-тез келип турат. Улуу курулуштун барган сайын көтөрүлгөн ар бир кабатына, андагы уу-дуусу басылбаган кайнаган тиричиликке ырахаттана көз салып олтуруу үчүн король Иравадинин как ортосуна атайын сарай салдырат.

Он үч жылдын ичинде пагоданын үчтөн бири гана салынып бүтөт. Беш дарбазалуу төрт чарчы курулуштун бийиктиги жетимиш метрге жетет. Буга жумшалган кирпич борборго жана бир нече калаага жумшалган кирпичтен көп эле. Пагоданын катарынан отуз метрлик арыстандар да бой көтөрөт.

Ошондо, өлкө ичи оор жумуштан абдан каржалган кезде бир каңшаар тарайт. Аны ким чыгарганын эч ким билбейт. Балким, алыстагы кыштактан, же ошол сарайдын өзүнөн, ал эмес курулуш аянтынан чыккан божомол көрүнбөйбү. Кандай болгондо да журтчулуктун көңүлүн өзүнө бурар олуялык сөз болот. Бир кызыгы, ошол сөздү бир айдын ичинде эле ар бир бирмалык угууга үлгүрөт.

Ал: «Эгер пагода салына турган болсо, улуу өлкө кыйрайт,» — деген жарлык эле.

Ушул олуя сөздүн астарында чындык болот. Өлкөнүн казынасы жакырланып, кору түгөнөт. Милдеттүү эмгек тартиби дыйкандардын күрүч эгип, анын орун жыйналышына кедерги болот. Өлкөнү ачарчы-

лык каптайт... Минте берсе, көп кечикпей мамлекет деп аталган бир туташ турпат кыйрап түшүүгө тийиш... Арийне, анын кандай жүзөгө ашарын — дыйкандар көтөрүлүшү аркылуубу, коншулар менен болгон согушта жеңилүү аркылуубу же сарай ичиндеги төңкөрүш түрүндөбү — аны азырынча эч ким билбейт. Калыбы, канчалык моюнга алгысы келбегени менен, бул жагдайга король да дит коёт. Ошондон он үч жыл бою салынган курулушту токтотуу жөнүндө буйрук берилет.

Артына кирпич үйүндүлөрүн калтырып, кыш кыноочулар кетет. Курулуш аянтында далай жыл өмүрлөрүн өткөзгөн сүрөтчүлөр, айкелчилер менен сөөлөтчүлөр да тарашат, өз алдынча бир калаача сыяктуу көрүнгөн кампалар да, дүкөндөр да жабылат...

1838-жылы Бирмада табийгат апаты болуп, жер титирейт. Эң катуу запкы тарткан курулуш ушул бүтпөй калган пагода эле. Кыясы, курулуштун бүтпөй калышы буга себеп болгон окшойт. Же албан курулуштун долбоорунан жаңылыштык кеткен чыгаар. Жер титирөөдөн как айрылган пагода азыр ортосунан бөлүнгөн бөлкө нан сыяктуу көрүнөт. Апат кезинде албан арстандар да жалп этип кулап, бир метрге жакын тырмактары туш-тушка учуп кеткен.

Тек мезгил менен табигат апатына моюн сунбай турган таш туур үстүндөгү коңгуроо гана. Пагодага атайы куюлган, бийиктиги төрт метрлик, салмагы токсон тонналык бул коңгуроо бирмалык эритүүчүлөрдүн ажайып чеберчилигинин айгине болот. Күнү бүгүнкүгө чейин «жумуш иштеп турган» коңгуроолордун ичиндеги эң ириси ушул. Мындан «Улуу Иван» коңгуроосу гана салмагы менен көлөмү жагынан ашып түшөт. Бирмадагы коңгуроолордун көлөмү пагодага шайкеш куюлган.

Эгер коңгуроого жакындап келип, атайы коюлган токмок менен үч жолу ура турган болсоңуз, ойдогудуз орундалат .

Ошол кезде, миңдеген адамдын өмүрүн өксүтүп тургузулган өзүмчүлдүк эстеликтин үстүнөн күнгүрөнгөн үн каалгый көтөрүлөт...

МАНДАЛАЙ САРАЙЫ

Королдун соңку өрнөгү

Бул Бирмада мурда-кийин салынып көрбөгөн эң асем жана эң чоң сарай болгон. Азыр ал жок. Анын салынганына да көп болбоптур жакында гана кыйраган. Анын тарыхы Бирмадагы эң кайгылуу тарыхтын бири саналат.

...Бирманын падышалары борборлорун бир орундан экинчи орунга ооштуруп отуруун адатка айландырган. Тропикалык Азиянын калаалары түндүккө караганда ылдамыраак өркүндөп, ылдамыраак эскирет. Мындагы үйлөрдүн баары дээрлик камыш менен жыгачтан салынган. Ал эмес, сарайлары да жыгачтан салынат. Тек кана пагодалар менен ибадатканалар кирпич менен таштан салынат. Бул аймакта ондогон жылдардын өтүшү менен эле, калаа белгиленген чек арасынан ашып, төгөрөктөгү адырбелестерге жармашып, баткактарга батып, калаанын ичиндеги көчөлөр менен аянттар аздап-аздап тарыла түшөт. Акыр аягында, калаанын ичинин аяк алып жүрө алгыс тардыгы, көчөлөр менен базарлардагы ыпыр-сыпырдын адам чыдагыс жыты, эскирген үйлөр менен жер кепелердин жан кейиткен кейпи, ошондон кийин, анда-санда бурк эте калчу өрт менен жугуштуу оорулар мындагы калаалардын түбүнө жетип турган.

Бирок, Бирманын падышалары борборду бир орундан экинчи орунга көчүрүүнүн жүрүшүндө анын себебин эч качан тазалык сактоо иши менен байланыштырган эмес. Мындай конуш оодаруу падышанын өзүмчүлдүгүнө, өзүнө чейинкилерден атагын ашыруу ниетине байланыштуу болуп турган.

Бирманын борборлору кылымдар бою Иравади өзөнүнүн ортоңку агымын кыдырып, биресе Пагангa жакындап, биресе Сагайндан тизгин тартып, же бирде Авага конуш оодарып, дагы бирде Амарапурага таман тиреп отурган. Королдук Бирманын акыркы борбору Мандалай болгон. Бул бирмалык калаалардын ичиндеги Европага эң белгилүүсү болот. Ал жөнүндө өткөн кылымдын аягынан баштап далай өлкөдө сөз чыга баштаган. Бул калаага үчүнчү англия-бирма согушунун учурунда англия аскерлери жутуна умтулуп, акырында Бирма өзүнүн

боштондугунан айрылган. Бирма англиянын отору болгон соң, Улуубританияга багынган мамлекеттердин кейпин кийип, Мандалай да унут боло баштаган. Бирок, бул калаа ошол кезде Киплингтин белгилүү ыры аркылуу кайтадан жандана баштаган. Бул ыр «Мандалайга барар жолдо...» деп башталат.

Адатта, Бирманын королдорунун борбору жөнүндө сөз болгондо, чыгышка таандык узак өмүрлүү, ибадатканалары менен мечиттери көз карыктырган, бекем коргондор менен курчалган калаалар элестейт. Ал эми Мандалай болсо, өзүнүн жүз жылдыгын жакында гана тойлоду.

Англия аскери 1852-жылы экинчи жолу Рангунга басып кирет. Ошондон кийин, Бирма королу Паган Миндин аскерин жеңип, Бирманы деңизден бөлүп ташгайт да, өлкөнүн түштүк өңүрүн өзүнө каратат. Мындай жагдайдан кийин мурунку ири держава деп саналган. Бирма бүткүл дүйнөдөн кол үзүп, саналуу гана калган тоолуу өңүрдөгү королдукка айланат. Күнүнүн саналуу болгон себеби, Улуубритания колуна түшкөн ушул жетишкендикке канааттанбайт эле. Алар Бирмага басып кирүүгө мүмкүндүк алары менен эле, изги сунушун алдыга коёт. Буга Бирма королунун англиялык көпөстөргө ыкылас билдирбегени болдубу же Бирма бийлөөчүлөрү акча жөнүндөгү дооматтарда англия фирмалары менен тил табыша албадыбы, же королдун өзүнүн терс, ырайымсыз мүнөзү себепчи болдубу, ал жагын билүү кыйын. Кандай десек да, Улуубритания бөтөн өлкөгө эч качан жөндөн-жөн чабуул жасаган эмес. Алар өздөрүнчө бийик адилеттүүлүктү туу кылып, алсыздар менен эзилгендерге коргон болуп, мейли англиялык көпөс болсун боорукерлик көрсөткөн. Англия ич арадан зор эскадраны жабдап, эрөөл талаада королдун туруктуулук көрсөтүшүн талап кылат.

Бирма жеңилгенден кийин, арадан бир жыл өткөндө Паган Миндин сарайында ага каршы аракет башталат. Ага каршы чыккан козголоңчулар акылдуу жана сабаттуу, ийкемдүү саясат жүргүзгүч ханзада Миндондун тегерегине жыйналат.

Ага каршы чыккандар жеңишке жетет. Анткени, булар тарабына тек ысылатчылар гана эмес, ошону менен бирге королдон көңүлү калган акимдердин бардыгы, согушта жеңилүгө учураган жоокерлер

менен салыктан кабыргасы кайышкан бардык дыйкандар кошулган эле.

Миндон такка отургандан кийин агасынын өмүрүн сактап, ага сарайы менен кызматчыларын калтырат.

Миндондун каалаганы бейбитчилик эле. Анткени, ал өзгө дүйнөдөн кол үзгөн Бирманын дагы бир жолу англичандардын жасаган чабуулуна түтүп бере албай, азаттыктан толук айрыла турганын жакшы билет. Миндон далай жолу элчилерин британиялык Индиядагы вице-королго жумшап, четте калган провинцияларды кайтарууну өтүнгөн. Бирок, ар дайым өтүнүчү орундалган эмес. Арийне, бул жагдай анын түштүк провинцияларды жоготконуна моюн сунгандыгы эмес эле. Миндон өз ичинен Бирмада бүгүнкү күндүн талабына шайкеш келген армия курап, өндүрүштү өнүктүрүп, европалык державалардын ичинен шериктештер тапкан соң, колдон чыккан областтарды кайтарууга болот деп ойлойт. Бирок, ал көз жумганга чейин англичандардын бийлиги астындагы түштүк провинцияларды кайтарган жок. Буга кошо, ошол үмүткө алданган өлкөнүн түштүгүндөгү Пегу, Рангун, Аракан сыяктуу провинцияларга губернатор, сот жана аскер башчы болгусу келген чиновниктер ынгайлуу кезеңди күтүп жатты.

Ошону менен бирге Миндон өзүнүн сарайында христиан вазифачыларын жыйнап, алар адилеттик жолундагы күрөштө таяныч болот деп ойлойт. Король Англиядагы мектептерге өзүнүн уулдарын окууга берген. Алар мектепке калың салт атчандардын курчоосу менен пилге минип келишкен. Көп кечикпей, вазифачылар берүү үчүн эмес, алуу үчүн жаралганын Миндон түшүнөт. Түшүнгөндөн кийин аларга кызыкпай калат.

Амарапура бир нече жыл бою Бирманын борбору болгон кезде, бул калаа турмушундагы эң бир кайгылуу окуя королдун агасына байланыштуу өтөт. Миндон ар дайым борборду жаңы конушка көчүргүсү келип, мындагы элдин жыштыгын шылтоо кылып, мамлекеттин келечеги үчүн Бирмага жаңы борбордун керек экендигин көксөгөн.

Күндөрдүн биринде, аңыздын айтымына караганда, Миндон келечектен аян берген түш көрөт. Түшүндө Иравадинин жээгинен Амарапуранын түн-

дүгүндө көк тиреп турган бийик чокуну көрөт. Түшүнө ишенген Миндон борборду ошол жерге ооштурат.

Борбордун жаңы конушка көчүрүлүшү мындайча жүзөгө ашкан. Алды менен король аттуу-баштуу беш министрден турган комиссия түзөт. Ошол министрлердин башчылыгы менен өлкөнүн белгилүү сөөлөтчүлөрү калаанын башкы долбоорун даярдайт. Бул долбоор боюнча борборлордун салттуу үлгүсү сакталуу менен бирге Бирмадагы мурунку кез келген борбордон ашып түшүүгө тийиш эле.

Калаанын борбору бийик көргөн жана аңгек менен курчалган сарай болууга тийиш. Чарчылана салынган сарайдын ар бир дубалы 6666 кез, бул болжол менен эки чакырым болуу керек. Бир кызыгы бул дубалдар Москвадагы Кремлге аябай окшош болгон. Бийиктиги 10 метрлик дубалдын ар бир 200 метринен кийин көп кабаттуу мунаралар салынып, алардын эң башы алтын менен капталган.

Дубалдын курулушун баштоодон мурун, көөнө салт боюнча мунаранын таман астындагы көңдөйүнө бир нече кулду көмүү кажет болгон. Мунусу жанагы кулдардын руху сарайды коргойт деген ишенимден туулган. Бирок Миндон бул салтка тыюу салат. Кулдарды түрүүлөй көмүүнүн ордуна май куюулган кумураны жагып, мунаранын түбүнө колдоочу рухтардын айкелдери бир чакан күркөлөр тургузулат.

Дубалды куруп жаткан кезде, жумушчулар сарайды тегерете аңгек казат. Эни жүз метрлик бул аңгек кез келген душманга тоскоол боло тургандай эле. Бул аңгектин төрт жеринен дарбазага киргизүүчү ажыратылма көпүрө салынат.

Дубалдар салынып бүткөн соң, аңгекке суу толтурулуп, кремлге Амарапурадагы королдун сарайы бөлчөктөлүп ташыла баштайт. Алтын ачекейлүү колонналар, өрнөктүү чатырлар, королдун тагы тегиз ташылат.

Бирма королунун тагы Европадагы тактардан аябай айырмаланат. Бир саамга айланта салынган тектирчени, тагыраак айтсак, диаметри менен бийиктиги 3 метр болгон ачакейлүү барабанды элестетип көрүңүз. Барабандын капталдарынан оюп жасалган от тилдүү жыгач көрүнөт. Тактын беш метрлик жөлөнгүчү түрлүү түстүү айнектер жана таштар

менен жасалгаланган. Ошол жөлөнгүчтөн эшик чыгат.

Бул такка отуруу үчүн жанагы жөлөнгүчкө чейин тепкич менен көтөрүлүп, жөлөнгүчтөгү эшикти жаба отурууга тийиш. Эгер ушул такта отурган королду бейнелеген көөнө гравюрага назар салсаңыз, башкача ойдо каларыңыз бышык. Себеби, жөлөнгүчү бар барабанга королдун бою шайма-шай келсе, анда эч өзгөчөлүгү болбос эле. Ал эми, чындыгында, кичинекей гана куурчактын беш-алты адам кенен-кесири сыйган орундукта отурганы аргасыз айран калтырат .

Амарапура сарайынан апкелинген бөлчөктөр. Мандалайдагы жаңы курулуштун куралындагы бөлүгү болууга тийиш эле. Бирок, азырынча ага кезек тийбейт.

1857-жылы өзүнүн сарай дөөлөтү менен Мандалайга көчүп келип, убактылуу салынган сарайда турат. Эски борбор королду абдан тажатса керек.

Король келген соң, көп кечикпей, анын артынан сарай тегерегиндегилер, акимдер, соодагерлер жетет. Бир жыл өткөндөн кийин, Амарапуранын жүз миңдеген тургундары конуш оодарышат. Мындайча көчүп-конуу көпчүлүк коомго, асыресе, кедейлер үчүн анча кыйынга түшпөйт. Кураштырмалуу үйдү опоңой бузуп, устундарды чамус чегилген арабага жүктөп, анын үстүнө бамбук менен камыш токумаларын артып алып, жолго чыгуу анча кыйын болбойт. Ырас, көз үйрөнгөн эски журтту, андагы кудук менен бакчаны таштап кетүү оңой да эмес. Бирок, сөзгө калабызбы деген акимдер алды-артына кароого мурчасы болбоду.

Мандалайдын тургун көчөлөрү алдын ала жобого салынгандыктан атайы бөлүнгөн акимдер жаңыдан конуш оодаруучуларга орун белгилеп беришкен. Сарай тегерегине, кремлге баштап келчү көчөлөрдүн боюна, өзөндүн жээгине, эң алды менен, оокатуулар жайгашкан. Ал эми, кедей-кембагалдардын кепе үйлөрү ошондон ары карай башталган. Жаңы калаадагы катаал тартип менен салынган көчөлөргө тез эле үйүр алып кетүү оңойго турбайт. Кармай турган дарак менен бадал болбогондуктан, көчөнүн чаңы буртулдап жатат.

Акырында, күткөн күн келип, расми түрдө борборду Амарапурадан Мандалайга көчүрөт.

«Жалпысынан беш жүздөн ашкан татанабайне, саядо, полунджи сыяктуу чиркөө өкүлдөрү жана буддалык кечилдер колдоруна Гаутама-Будданын айкели менен ыйык китеп питаканы кармаган калыбында салтанаттуу черүүгө чыккан. Чоң айкелдерди текчелерге коюп алган. Ар бир айкелдин үстүнө сегизден, ар бир питаканын үстүнө төрт ак чатыр керилсе, черүүлөй келаткан беш жүз кечилдин ар бири эки чатырдын астында жүрүп отурган. Бул черүүнү король, каныша, жесир каныша тактын мурасчысы, бардык ханзадалар менен министрлер дарбазанын оозунда кабыл алды». Бул окуяны Бирма жылнамасы ушундай сүрөттөйт.

Ошентип, Мандалай борбор болот. Мандалайдын борбору — кремль, ал эми кремлдин борбору бүткүл Түштүк Чыгыш Азиядагы жыгачтан салынган курулуштардын ичиндеги эң атактуу сарай болгон.

Борбор көчкөн соң курулушу аякталган сарайды курчап салынган дубал болгон. Ошондой эле, бийиктиги жети метрлик бекем жыгачтан тургузулган кашаа болгон. Кашаанын курулушу узундугу үч жүз, эни эки жүз метрлик таш туурдун үстүнө салынган. Мындагы үйлөрдүн жалпы саны жүз жыйырма болчу.

Бир көргөндө сарай курулушу аябагандай күрдөлдү болгону менен, чын-чынына келгенде, аябагандай карапайым эле. Сарайды как жарып өткөн тилке бар. Анын чыгыш бөлүгүндө — эркектер, батышында аялдар турган. Мунун эки жагына тең эркин кирүүгө укугу бар адам королдун өзү болгон.

Ошол эки бөлүктүн дал ортосунда «ааламдын киндиги» аталган так залы бар. Королго тиешелүү сегиз так орнотулган бул залдардын ичиндеги эң салтанаттуусу кабылдама залы болгон.

Ошондой тактар орнотулган залдардын кош капталына королдун сакчылары туруучу казармалар салынган. Андан ары казына кампасы, китепкана, канышалар үйү менен толуп жаткан курулуштар жалгашкан. Мунун биринде кайнаган турмуш жүрүп жатса, экинчисинде апталап адам баласы баш бакпайт. Ушул сарай ичинде чоң аткана менен пилдер туруучу орун да бар.

Биз бир саамга сарайдын ичине Бирма ак сөөктөрүн королдун кабыл алган күнүндө кирдик деп

эсептеймин. Мындай жагдай бир жылда үч жолу болуп турган.

...Кенен тепкич менен көтөрүлүп келип, бийик залга киребиз. Бул залдагы алтын менен капталган колонналар үч кабаттуу чатырды тиреп турат. Залдын төрүндө Бирмадагы эң албан королдук так — арстан дагы заңкайып көрүнөт. Арстан дагы азырынча бош, бирок анын кош капталындагы тактар ээсин тапкан. Тактын мурасчысы жанындагы бош такка карай сүйөнө түшүп жайгашкан. Андан ары кандаш ханзадалар менен хан кыздары орун алышкан. Алардын сыртында министрлер менен жогорку акимдердин орундары бар. Кызматы төмөн акимдер менен сарай капталдагы түркүктөрдүн арасын толтурган.

Король келерде музыка ойнолуп, гвардия ноендорунун шарт-шурт баскан аяк дабыштары эшитилет. Музыка аздап-аздап доошун чоңойтуп жакындай түшкөн кезде, залда отургандардын бардыгы эт-бети менен кулап, маңдайын жерге тийгизет. Ошол кезде тактын жөлөнгүчүндөгү эшик өзүнөн-өзү ачылат. Үстүндө асыл таштуу кийими бар алтын туулгалуу король такка алып баруучу тепкич менен жай көтөрүлө баштайт. Оң жагында башкы королайым, сол жагында эң сүйүктүү киши кенже кызы, дегеле Бирмада балдарды айрыкча алпештейт. Аны мартаба көрөт. Ошондон болсо керек, такка король менен бирге балдарын эрчиткен корол-айым да отурат.

Король такка отурат. Ошол кезде колоннанын сыртынан алтын жапкан ак кийими бар сарай брахманы чыгып, королду даңазалаган гимнди созолонуп кое берет... Брахман милдетинен кутулуп чегинген кезде, анын ордун «Королдун сөзүн сүйлөөчү» герольд басат. Ал королдун өлкө үчүн сиңирген эмгегин жана анын улуулугун айтат. Салт ушундай болгону менен, мында отургандардын баары дегеле бул сөзгө кулак какпайт.

Бир тынымдан кийин, алды жакка ханзада чыгып, королго адалдыгын көрсөтүү үчүн тактын алдына таазим кылат. Ошондон кийин ханзада арадагы акимдердин бири аркылуу королго кандай сый-сыпат тартуулай турганын кабардайт... Ага ханзададан кийин инилери, андан ары акимдер, провинция губернаторлору, багынычтуу тайпалардын княздары кезек алат.

Салтанаттуу расимдин мындан аркы жагдайы көп

учурда королдун көңүл маанайына жана ошол күнкү планга байланыштуу.

Мындай расим жыл сайын өткөзүлөт. Анын башталган теги кылымдардын туңгуюгуна кетип жатат. Кандай болгон күндө да, ташка жазылган санжыраларга караганда, мындан 600 жыл мурун өткөн албан так залындагы кабылдоо расими европалык элчилердин өткөн кылымдын аягында көргөн расими менен окшош.

Сарайда жогоруда айтканыбыздай, негизги залдан башка дагы 7 так залы бар. Өрдөк залы деп аталган залдагы так өрдөк көрүнүштө. Мындагы колонналар кызыл түскө боелуп, дубалдарына кызыл килем илинип, аденге кан түстүү кызыл килем төшөлгөн. Үчүнчү бөлүктө пил тагы бар. Мында министрлер кеңеши өтүп, король акимдерди дайындаган. Ошондой эле, мындан ары кызматы мамлекетке керек болбогондорду да ушунда кабардаган. Дагы бир залы кичи так залы деп аталат. Мындагы такты үлүл тагы деп аташкан. Бул залдын дубалдары үлүлдүн кабыкчалары менен жасалгаланып, деңиз көрүнүштөрү тартылган. Мында келгендер сейрек болот. Себеби, бул залдын милдети бирөө гана — король ушул залда туруп өзүнүн мурасчысын жарыялайт. Падышалык кылуунун жүрүшүндө мындай расим кээде бир эле жолу болот.

Мурасчы жарыялоодо Миндонго байланыштуу окуянын акыры кайгылуу бүткөн. Бул англичандардын өкчөлөп жүрүп өлкөнү биротоло багындырышына себеп болгон.

Башка бирма королдору сыяктуу Миндон да өзүнүн падышалык курган кезеңин кылымдар бою калтыруу үчүн курулуш салмакчы болгон. Ошентип, Мандалайга жакын жерде чоң пагоданын кезектеги курулушу башталат. Жумуш жай жүргүзүлөт. Бир жолу, Миндон борбордо жүргөн француз инженерин чакырып алып, пагоданын курулушу качан бүтө тургандыгын сурайт. Инженер чындыкты айтууга тобокел кылган:

— Эгер беш миң адам курулуш жумушун дал азыркыдай жүргүзө турган болсо, анда эми сексен жылдан кийин аяктоого тийиш.

Айткандарына караганда, король адепсиз инженердин же пагоданын долбоорун түзгөндөрдүн башын алдырсамбы деп бир аз ойлонот. Акыр аягында, анын

эч бирөөнү иштебейт, өзүнүн бардык ыклас-ынтаасын калаадан заңкайып көрүнүп турууга тийиш болгон Будданын мармар айкелине оодарат.

Айкелдин жанында күнү-түнү болуу үчүн Миндон ошол тегерекке убактылуу сарай салдырган. Ал эми, Мандалай менен өлкөнү, өзү жок кезде башкаруу үчүн алдын ала дайындалган мураскору, өзүнүн иниси тапшырат. Чындыгын айтканда, Миндон мурасчы дайындоону каалаган эмес. Себеби, так талашууда толуп жаткан королайымдар менен ханзадалар алдын ала белгилүү болгон мурасчы менен тил табышып, мунун өзүн жок кылууну ойлоштура турган кооп бар эле. Анткен менен, Миндондун такка ишенимдүү отурушуна өз кезинде иниси таяныч болгон. Ошондуктан Миндон өзүнүн мураскор балдарынан аттап өтүп, инисин мурасчы кылууга мажбур болот.

Миндондун сыртта болушу Мандалай сарайындагы каршы аракеттин жанданышына өбөлгө түзөт. Бул аракеттин башында атасы менен агасынын көлөкөсүндө болуудан тажаган Миндондун эки чоң уулу турат.

1866-жылдын 18-июнь күнү тактын мурасчысы министрлер менен кеңешмеге чогулушат. Күн тартибинде мамлекеттин кезектеги иши болот. Капыстан «Калаа өрттөнүп жатат!» деген чабармандын ач-айкырыгы эшитилет.

Так залынан мурасчы жүгүрүп чыкканда, каршы алдынан куралдуу адамдардын тобун көрөт. Сарай ичинде куралдуу адамдардын жүрүшү тегин эмес экендиги тез эле белгилүү болот. Тартип боюнча королдун сакчыларынан башка бирда бир адам сарай ичинде жарагы менен жүрбөйт. Бул үчүн бир гана жаза — өлүм жазасын буйрат.

Арадан саналуу минуттар өткөндө тактын мурасчысы өлтүрүлөт. Ал эми, козголоңчулардын бири анын чабылган башын көтөрүп туруп:

— Биз жеңдик! — деп кыйкырат. Сарайдагы министрлер менен ханзадалар да өлтүрүлөт. Мындан ары козголоңчуларга толук жеңишке жетүү алыс эмес эле. Эми калаанын четиндеги сарайга барып, бейкапар отурган Миндондун өзү өлтүрүү керек. Ошол күнү козголоңчулар, чындыгында, калаанын жарымына жакынын өрттөп, чаң-тополоң болуп жаткында, сарай ичиндеги окуядан журтчулук бейкабар эле. Бул болсо козголоңчулардын убактысынча са-

райга кыйынчылыксыз жетишине да себепчи болгон. Аларды жаңы сарайга кирүүчү босогодо министр Кинвун Минджи баштаган күзөтчүлөр каршы алат. Бул министр Бирманын өткөн кылымдагы эң ири саясий ишмери болгон. Кийин Бирманын Европадагы элчиси болуп, Франция менен Россия тарабынан Бирмага урунтуктуу жардам келтирген адам.

Ошондо күзөтчүлөрдү кырып салат. Ал эми, Кинвун оор жараланып эсинен танат. Мунун түрүү калышына себеп болгон ошол эсинен танышы козголоңчулар министрди өлдү деп эсептешкен. Күзөтчүлөр менен козголоңчулардын ортосунда болгон айкаш өткөн бир нече мүнөт королдун тагдырын чечет. Миндон сарайдын сырткы эшигинен качып чыгып, өзүнүн ишенимдүү офицерлери менен бирге калаага бет алат.

Козголоңчулар орду толбос каталык кетиришкен. Мандалайдагы сарайда эч кандай сакчы калтырбаган.

Миндон сарайга биринчи болуп жетет. Туш-туштан сарайдагы толуп жаткан кызматчылар, жоокерлер, акимдер жүгүрүп келет. Миндон санаалуу мүнөттө сарайга коргонууну уюштурууга үлгүрөт. Ошентип, козголоңчулар кайтып келгенде, алардын кечигип калганы белгилүү болот. Козголоңчулардын чабуулуна туруштук берилет. Алар андан ары Иравадиге жетип, андагы кемени басып алып, жолдо карата кыштактарды тоноп отуруп, өзөн менен төмөн качат. Бир нече күн өткөндөн кийин Миндондун ишенимдүү куугунчулары козголоңчуларды Британиялык Бирманын чек арасынан ашырып таштайт. Өлкөнүн түштүк облустары англичандардын кол астында болгон. Козголоңчулар англичандардан саясий паана сурап, ал тилектери кабыл болот. Англичандар үчүн так талашкан адамдарды колунда кармоо ыңгайлуу эле.

Ушул окуядан кийин Миндондун алдын ала мурасчы жарыялоого батылы жеткен эмес. Ошол батылы жетпеген калыбында дүйнөдөн кайткан, Бул болсо Миндон өлөрү менен так талашуунун дүрт эте калышына себеп болгон. Ошондой так талашууда кенже ханзада Тибонун туугандары жеңишке жетет. Ал өзүнүн эркн бош, сарайдагы козголоңчулардын колундагы оюнчук сыяктуу адам болгон.

1885-жылы англичандар Бирмага каршы акыркы

согушту ачканда, Мандалай сарайынын бийлөөчүсү Тибого таалимсиз, катаал деген айыптар тагылат.

Ошентип, сарай тегерегиндеги теректер бой көтөргөнгө үлгүрөбөй андагы толуп жаткан колонналарды чаң басып, алтын кемерлердин өңү өчкөнгө үлгүрбөй сарай каңгырап бош калат. Бирма азаттыгынан айрылат.

Англичандар Иравадини өрдөп отуруп, жакадагы чоң сепилдердин каршылыгын тыптыйпыл кылат. Бирмалыктардын майда-барат мушкатери менен замбиректери англичандардын алыстан атуучу кубаттуу куралына туруштук бере албады.

Коргоосуз калган Мандалайдын тынчтыкка чөккөн чаңдуу көчөлөрү баскынчыларды үн-сөзсүз кабыл алат. Сарайдын дарбазасы ачтарыла ачылат. Англиялык полковник сарайдын кабылдама залына киргенде, жеңилген королдун албан такта отурганын көрөт. Полковник кеп-сөзгө келбестен, ошол жерден эле буйрук берүүгө өтөт.

Ошол күндүн түнүндө эркинен ажыраган Бирма королу Иравади менен төмөн карай жөнөтүлгөн.

Англиялык солдаттар сарайды армансыз тонойт. Сарайдын бир нече бөлүгү кыйратылып, бир аз бөлүгү өрттөлөт. Деген менен, сарай жалпысынан аман калат. Андан ары чаң басып, каңгырап калган сарай өзүнүн ажайып туулгасын жоготпостон, дагы ондогон жыл тургай.

1942-жылы экинчи дүйнөлүк согуштун мезгилинде англиянын бекем базасын Сингапурдун түндүк жагынан айланып өткөн жапон аскерлери Түштүк Бирманы басып кирет. Бир нече апта өткөндө англия аскерлери өлкөнүн түштүк бөлүгүн таштап, Мандалайга кайра чегинет. Алар бул жерге да тыракта албайт. Англичандардын бир аз бөлүгү Индияны паана тутуп, Иравадинин негизги куймасы Чиновинге бет алат.

Бир күндөрү, Мандалайдын тургундары таң эртең менен жарылган бомба менен пулемет доошунан чочуп ойгонот. Калааны бомбалаган жапон авиациясы эле. Өрттөгүч бомбалардын бир нечеси сарайга да түшөт.

Куурап калган жыгачтар бат эле алоолонот. Сарайдын көп кабаттуу төбөсү менен алтын жалаткан колонналары бар так залдары тез эле алоолоп күйүп, от жалыны көк бетин аймайт.

Кечке жуук сарайдын күлү гана калат.

Ушул ажайып имараттын көлөмү бешке-беш метр болгон тик жыгачынан жасалган чакан көчүрмөсү азыр Рангун элдик музейинде сакталуу турат.

АНГКОР

Бул өрөөндө алптар жашаган

Чөл менен кубарган талаанын табигаты кум менен курчалган ибадатканаларды, сепилдерди миндеген жылдар бою сактап келди. Ал эми, тропикалык өңүрлөр менен калың жылгындуу жерлерде таптакыр башкача. Адамдардын үйдөн, калаадан кетиши кайгы, анткени бир жылдан кийин эле бадалдар менен бамбуктун бутактары аянттагы такталарды ыкташтырып, үйлөрдүн дубалдарын чырмоок ороп, төбөлөрүн чөп басып кеткенин көрөсүз. Ал эми, арадан ондогон жылдар өтсө, кубаттуу тамырлардан жарылып кеткен дубалдар омурула кулап, үйдүн төбөсү ортосуна түшүп, тез өскөн чырпыктар басып кетет. Каналдар менен арыктардын көздөн далдоо болушу мындан да ылдам. Чөп чыгып кеткен жолдор да адамдын унут болгон изи сыяктуу көздөн жашырынат.

Ушинтип, Түштүк Бирма менен Тайланддагы, Ченладагы, Тьямпадагы, Фуннандагы мон мамлекеттери изсиз жоголгон. Кезинде, мындагы калаалардын эли жүз миңдеп саналган, ибадатканалары аянт ортосунан заңкайып көрүнчү. Ал эми, алтын менен капталган сарайлардын чатышкан бурулуштары көп бөлмөлөрү менен залдары мезгилге моюн сунбачудай көрүнчү.

Азиядагы эстеликтердин ичинде алган орду өзгөчө экөө бар. Алар Боробудур менен Ангкор. Тек мындан миң жыл мурун Явада салынган сокуга окшош курулуш менен Кампучиянын орто кылымдык борборундагы ибадаткана гана токойдун басып кетишине бой бербей турат. Мындай курулуштарды, чындыгында, улуу сөөлөтчүлөр дүйнөгө апкелсе керек. Ошолордун ичиндеги эң атактуулары Ангкордо эмгек өтөгөн.

Мындан жүз жыл мурун Ангкорду билбегендер

жокко эсе эле. Европа окумуштуулары да, кхмерлердин өздөрү да билбейт. Анткени, калың жылгындын арасында чоочун көздөн далдоо болгон.

Француз натуралисти Анри Муо Кампучиянын алыскы аймактарында саякаттап жүрүп, «жоголгон калаа» тууралу аңызды эшитет. Бул аңыз чыгыш элдеринде көп кездешкен аңгеменин бири болуп элес алынбай калышы кадиксиз эле. Бирок, калаанын так адресин сөз кылган балыкчылар менен аңчылар, көл жээгиндеги кыштак тургундары көп кездеше берет.

Натуралист адегенде ала качма сөз деп маани бербейт. Бир жолу, алигидей аңызды тагдырдын тамашасына дуушар болгон вазифачынын оозунан угат да, жанына бир малчыны ээрчитип алып, калааны издеп чыгат.

Адегенде алар кайык менен сүзөт, андан кийин токой арасындагы тар жалгыз аяк жолго түшөт. Акырында, бир күнү, калың жылгынды серпе кайрып келаткан француз таң калгандан оозу ачылып туруп калат. Ал бүгүнкү күндө бизге Ангкор деген ат менен белгилүү болгон калааны көргөн эле.

Атактуу ибадаткана эң бийик деген даректардын башынан да боюн ашырып, заңкайып турган. Ал эмес, аны ороп калган чырмоок да, дубалды жарып чыккан түйүндүү сөңгөктөр да бийик мунараны далдоолой албаптыр. Кең тектирлүү алды жагы ажайып бедерлүү сүрөттөр менен жасалгаланган. Ал эми, бийчи аялдардын айкелдери калың бутактын арасынан шыкалап тургансыйт. Капкара чатырдын жээгинин астынан куштар учуп чыгат, ал эми, ибадаткананын төбөсүнөн жарканаттардын купуя дабышы эшитилет.

Француз натуралисти калаанын ондон бир бөлүгүн да көрбөйт. Себеби, көчөлөр менен аянттарды аралоо аябагандай кыйынга турат. Бирок, көрүүгө үлгүргөндөрүнүн өзү эле бул жалгандагы эчтемеге окшобостугу, кайталанбастыгы менен ушунчалык анын эсин эңгиретип таштайт. Бул өлкөдөн аттанар алдында ал ушу тегеректеги кыштактын тургундарынан жылгын арасындагы калаа тууралу дарек жыйнайт.

— Муну салган ким? Адамдар калааны эмне үчүн таштап кеткен? Бул качан болгон окуя?

Дыйкандар бар болгону муну айткан:

— Калааны периштелер падышасы Пра-Юна салдырган.

— Бул калааны бир кездери ушул аймакта жашаган алптар салган.

— Бул калаа өзүнөн өзү пайда болгон, себеби мындайды куруу адамдын колунан келбейт.

...802-жылы Индрапуру княздыгына кхмердин ханзадасы келет. Кыязы, ал тегин келбеген болуу керек. Өлкө ичиндеги толуп жаткан майда-барат өзүнчө мамлекеттердин биринде княздыкта туугандары болгон сыяктуу. Же болбосо, бошоп калган тактын бирин элөө үчүн, ханзада куралдуу жоокерлерди ээрчитип келиши мүмкүн. Бир караганда, бул чакан княздыктардагы тукумдардын адаттагыдай так талашууларына окшош. Бул окуянын өтө байыркы убакта болгонуна бир далил, эң бир күчтүү тарыхчынын унута турганына мезгил жеткен сыяктуу.

Ханзада таажыны кийгенден кийин Джаяварман II деп аталган. Княздыктагы бийликтин тизгинин колуна алган соң, ал өзүнүн ээлигин кеңейтүүгө киришет. Коңшу княздыктарды кошуп алган Джаяварман азыркы Ангкордон он беш чакырым жерге борборунун пайдубалын тургуза баштайт. Бул тегерек князды коргонуу шарттарынын ынгайлулуугу менен кызыктырат. Ал жортуулга ушул жерден аттанып отурган. Бир нече жыл өткөндөн кийин, эмне экени белгисиз, Джаяварман тандаган ордунан айнып калат. Ал ошол тегеректен бир нече чакырым узап барып, жаңы калаага конуш тандайт. Бирок, князга бул орун да жакпайт. Ошондо, ал Пхном-Кулек тоосуна чыгып, өзүн тирүү кудай деп жарыялоого абыздарды мажбур кылат.

Анын мурасчыларынын бири Яшоварман I падыша бийлигин бекемдөөгө, ал эмес кудайдын амири менен теңештирүүгө айрыкча күч жумшайт. Мындай ишти тек гана абыздарга таянуу менен жүзөгө ашырууга болот. Ошентип, падыша ондогон монастырларды салдырып, ар түрлүү динге арналган ибадатканалар тургузулат. Акырында, чынын айтканда, тирүү кудайга ылайык жаңы борбордук курулушун баштайт. Борборду Яшодхапура деп атайт.

Кхмер толуп жаткан каналдарды казып, чоң суу сактагычтарды жасап, калаага жол салат. Калааны жан-жагынан бийик дубалдар менен курчаган, анын орду он алты чарчы километр жерди камтыйт. Ушул чөйрөдөн сегиз жүз көлмө менен суу сактагычтардын орду табылган.

Калаага кең канаттуу төрт таш жол келет. Жолдун кош капталына калаа тургундарынын үйлөрү менен акимдердин сарайлары жайгашкан. Ал эми, калаанын жоон ортосунда жолдордун кесилише турган дөбө башына Пхнал Банхенчтин ибадатканасы салынган. Падышалыктагы байлар да падышадан калышпоого тырышып, арадан ондогон жыл өткөндө, дөбөнүн тегереги ибадатканалар менен көркөмдөлөт.

Яшоварман өлгөн соң, узак убакытка дейре уруу аралык талаш-тартыш менен өкмөт бийлиги үчүн күрөш башталат. Талапкерлердин баары Яшовармандын борборун үлгү тутуп, өз борборлорун салууга киришет. Ангкор жыйырма жыл бою каңгырап бош калат. Кийин, жазууга караганда, жаңы падыша «ыйык Яшодхапуру калаасын калыбына келтирип, алтын менен капталган үйлөр салдырып, асыл таштар менен жасалгаланган сарайлар тургузуп, калааны теңдеши жок сулуулукка бөлөйт...»

Ангкордогу белгилүү ибадатканалардын бир нечеси ошол кезде салынат. Ошолордун ичинде, чакан болгону менен, сөөлөт өнөрүнүн чокусу деп саналган Бантеай Срей ибадатканасы да бой көтөрөт. Бирок, Ангкордогу эң ири ибадаткана арадан жүз жыл өткөн соң, Ангкор империясынын гүлдөп өскөн кезинде салынган.

Эгер Ангкор (кыргыз тилинде жөн гана «калаа» деген манини берет) курулушу алгачкы падышалардын тушунда салынып бүткөн болсо, анда археологдордун назарын оодарган, антпесе кара букараны анча таңдандыра койбогон калың жылгындын арасына жоголгон калаалардын бири гана болуп калар эле.

Бирок 1113-жылы такта Сурьяварман II отурду. Ал тууралу мындай деп жазылган: «Ал али окуусун бүтүрө элек бала кезинде эле падышалык урматты көрүүнү көксөгөн. Бирок, ал кезде эки өкүмдарга көз каранды эле. Сурьяварман такка отурган кезде, бийликке талапкер үч адамдын талаш-тартышынын салдарынан Ангкор мамлекетинин алсырап бүткөн чагы болгон. Ошол талапкерлердин эң кичүүсү Сурьяварман эле. Атаандаштарын жеңип чыккан Сурьяварман чиркөөлөргө мол сыйлыкты тартуулайт. «Ал,— дейт башка жазмада,— курмандыкты мол чалып, абыздарга чүмбөттүү замбил менен чоң желпигичти, чымын өлтүрүүчү шапалакты, таажыны, биле-

риктерди, шакектер менен токумаларды аябай тартуулайт. Ар кайсы ибадатканаларга толуп жаткан жасалгалар, жер, кулдар менен үйүр-үйүр мал бөлүштүрөт...»

Ошондон кийин Сурьяварман да накта падышага ылайык кылык көрсөтүп, аскер жыйнайт да, коңшуларын басып алууга киришет. Ал эми, коңшулары Ангкордун кол астында болгонго өкүнбөйт. Вьетнамга аттандырылган аскер таш-талкан болуп жеңилип, кайтып келет. Келерки жылы жети жүз кемеден турган флот да кайтып келүүгө мажбур болот. Ошондо Сурьяварман коңшу жаткан Тьямпа мамлекети менен биригет. Бирок, чечүүчү майданда тьямпалыктар жоо жакка өтүп кетет да, падыша качууга аргасыз болот. Падыша алдамчы шериктештеринен кек алууга бел байлайт. Бел байлайт да, жортуулга чыгып, алардын борборлорун басып алат. Бул кезде түштүктө жүргөн тьямдар күтүлбөгөн каршылыкты гана көрсөтпөстөн, ошону менен бирге Сурьявармандын аскердик кошундарын бир-бирден кыйратып, акырында армиянын таш-талканын чыгарат!

Жоокердик даңкка бөлөнө албаган падыша эми ички жумушка аралашат. Ал кудай — падышага деген зыяратты күчөтүп, ошол ниет менен дүйнө жүзүндөгү эң ири диний курулуш — Ангкор-Ватты салдырат. Ооба, Ангкор-Ват кез келген европалык чиркөөдөн, кез келген мусулман мечитинен, зиккураттардан, пагодалар менен пирамидалардан чоң. Ага кошо бекемдиги ушунчалык, күнү бүгүнкүгө чейин толук сакталган.

Бул ибадаткананын он үч метрлик туур үстүндө турган бийиктиги 65 метрлик зыярат оруну десе да болчудай. Булардын астында бир гектар жерди алып жаткан дагы бир туур бар. Алардын төрт бурчунда төрт мунара бар, аралары борбордук ибадаткана аркылуу жалгашкан. Мунун баары дарбазасы бар кош кабат дубал менен, чакан мунаралар менен жана тепкичтер менен курчалган. Демек, Ангкор-Ваттын жалпы көлөмү бир чарчы чакырым.

Ангкор-Ваттын мунарасын түшүндүрүп айтуу мүмкүн эмес, себеби аалам архитектурасында мындай үлгү жок. Балким, анын көрүнүшү этегинен кыркылган жүгөрүгө же аябаган зор буудай машагына окшош болот. Мурун анын сырты алтын менен капталган. Ал эми, бедерлүү сүрөттөрү албан түстө боел-

гон. Ибадатканаңын тегереги эки жүз метрлик аңгек менен курчалгандыктан, сырттан караганда ошол аңгектин дал ортосуна бүткөн албан гүл сыяктуу таасир берет...

Ангкор-Ваттын авторунун (балким, бир нече автор чыгар) ысмы эч бир жазууда сакталган эмес. Бул ибадатканаңы дүйнөгө алып келген адамды атак-даңкын түбөлүк калтырууга дит койгон деп айта албайбыз. Ошол тарыхый каталык, калыбы, түзөтүүсүз калган болот. Өзүмчүл Сурьяварман II өзүнө чейинки падышалар менен императорлор сыяктуу тарыхтын мөрөйүнө жетип такка кадыр-колкосу жок ээ болот. Ал эми, чындыгында Ангкор-Ватты дүйнөгө апкелген адамдын ким экенин эч ким билбейт. Мындан сегиз жүз жыл мурун да билбеген болуш керек. Мамлекеттик өкмөт ага маани берген эмес. Анын үстүнө маани берүү деген эч кимдин капарына да келген эмес. Себеби, кудай-падыша жер жүзүндө, кала берсе мамлекет чөйрөсүндө жалгыз гана. Демек, ибадатканаңы салуучу тек ошол гана экенине, тек ошонун гана ийгилиги экенине эч ким шектенбеген.

Жалпы эле, архитекторлордун тарыхта жолу боло бербеген. Ал эмес, алардын ысмы ташка чегилип, китепчеге жазылып, эмгек акы төлөө тизмесине тиркелсе да, имарат авторлугун бийлөөчүлөр энчилеп алышкан. Пирамидаларды же Таж-Махалды кимдердин дүйнөгө апкелгенин экинин бири биле бербейт, ал эми, Хеопс менен Шах-Жахан элге белгилүү. Мындай кыянатчылдык, өкүнүчкө жараша, биздин күндөргө чейин демейдегидей көрүнүш болуп келди. Маселен, айкелчилер айкелдин тууруна, жазуучулар китептин сыртына өз ысымдарын жазса, сөөлөтчүлөр өздөрү дүйнөгө апкелген үйдүн дубалдарына аты-жөнүн жазуу салтта жок. Ырас, Эйфель сыяктуу туташ аталыштын ээленип калышы ар кимдин маңдайына жазылбаган. Мындай көрүнүштөр аябагандай сейрек...

Кереметтүү жомок сыяктуу үч жалбырактуу өсүмдүк Ангкор мунарасы менен бой талашып көтөрүлө берет. Эгер жанына барсаңыз борбордук мунара менен анын кош босогосу айкын көрүнөт. Жолдун капталынан Нага таш ажыдарынын мойну сороет. Алар бир кездеги аңгектеги сууга карап турса керек. Казкатар тизилген баганалардын ортосу менен жүрүп отурсаңыз, кире турган ооздун салтанаттуу маңдайчасын көрөсүз.

Ибадатканага жетчү жол узак. Сиз терең ангектен өтүп, кире турган ооздун мандайчасынын алдына баш бакканыңызда сарайдын сырткы көрүнүшүн көрөсүз. Андан өтүп, арканы артка таштаган кезде, ибадаткананын өзүнө баштаган кең тепкич менен көтөрүлөсүз. Кудуреттүү бир күч боюңузду бийлеп алат. Кандай убакта да, адамдардын түшүнүк-таанымында кудайга байланыштуу теңештирүү таппаган дармансыздык байкалып турбаган. Ангкордо падыша расми түрдө кудайга теңештирилет да, ибадаткана ошонун үйү делинген. Мында падышанын өзү эмес, кудайга тектеш руху гана турактайт экен дейт.

Аскердик кагылыштарда далай ирет сокку жеген Сурьяварман эми мамлекеттин бар кубатын өзүнүн кудуретин даңазалоого жумшайт. Ал кичинекей ибадатканаңы өз боюна тарсынтат. Адатта, карапайым ибадатканалар жаңы пайда болгон диндердин калтырган белгиси. Мындай диндер мамлекет ишине эркин аралаша албагандыктан, өкмөт тарабынан колдоо алууга үлгүрбөйт.

Чыгыш ибадатканаларынын көрүнүшү, негизинен, тоого окшош болот. Бул биринчиден, ыйык Меру тоосунун (чыгыш ааламындагы Олимп) ыкыбалына байланыштуу болсо, экинчиден, Европага караганда Чыгышта тоого байланыштуу апсананын таасир-ыкыбалынын күчтүүлүгүнөн болот. Тоо — күч менен кудуреттин символу. Ошондуктан орто кылым ибадатканалары, беш күмбөздүү Ангкор-Ват инди тоолоруна окшош.

Сурьяварман ибадатканаңын ичине Вишна кудайынын айкелин койдурат. Вишнанын бет түзүлүшү Сурьявармандын өзүн окшош болгон. Бул Ангкордун салты. Падышалар өздөрүн тек кана кудай тендешпис деп эсептеп коюшпаган, ошону менен бирге өз кейпинин ибадатканага көчүрүлүшүн каалаган.

Ибадаткана менен аның тегереги Ангкордогу иштелген иштин бир бөлүгү гана. Мындан сегиз жүз жыл мурун алакандай Кампучия жерине канчалаган идректүүлөрдүн топтолгону айран калтырат. Байыркы сүрөтчүлөрдүн ибадатканаларды, айкелдерди жана бедер-бейнелерди жасалгалагандыгында чек жок.

Асыресе, бедер-бейнелер айрыкча таасирге бөлөйт. Бедер-бейнелердеги түстүн кубула шайкеш келиши, турмуш чындыгын таасын берип, даана түшүрүшү

Ангкордо болгон кимдин болбосун эле назарын оодарат.

Бул бедерлүү сүрөттөр тек кана мифологиялык көрүнүштөр эмес, ошону менен бирге Сурьявармандын падышалык курган кездеги тарыхый окуялар. Асыресе, согуш көрүнүштөрү таасирлүү. Мына, кхмер аскерлери буктурмада туруп токой ичиндеги тамдарга чабуул жасаган кезең. Чытырман арасында өмүр менен өлүм беттешип, кырчылдашып жатат. Төмөндө деңиз үстүндөгү уруш. Согуш кемелери ажыдаар баштуу узун моюндары менен кагылышып, сууга кулаган жоокерлер жан талашат. Алардын биринин артынан крокодил өңүп келатат. Мына, жоокердин буттарын капшыра тиштеген чагы. Кийинки көрүнүш тям чабуулунун мизин кайтарууга арналган. Кутурган пилдер жан талаша кармашкан жоокерлерди таптап келатат. Куралын жоготкондор душмандын кекиртегине жармашып жатат... Мына, Сурьявармандын өзү. Ал так үстүндө, падыша чатырынын саясында отурат. Тегерегинде желпигич кармаган кызматчылар, министрлер котолоп, бийлөөчүнүн терең маанилүү акылман сөзүн уюп тыңшап калгандай.

Кыязы, Сурьявармандын тушунда жагдай айтарлыктай болбогон сыяктуу. Мындагы сарай кызматкерлери, сүрөтчүлөр менен жазуу жумушун жүргүзүүчүлөр падышаны дамамат даңазалоого куштар. Ал тек гана «падышалар ичиндеги эң атактуусу» болуп кана койбой, ал эмес, «илимдин бардык тармагында да, спорттун ар кыл түрүндө да, бий менен ырчылык өнөрүндө да алдына киши салбай, кандайдыр бир ошонун бардыгын өзү ойлоп тапкандай үлгү көрсөткөн». Муну көргөн кудайдын өзү айран калып: «Эмне үчүн гана бул падышаны өзүм менен тектеш кылып жаратып, өзүмө атаандаш кылдым?» — деп күйүнгөн экен дейт.

Падышаны чектен чыгара мактоо тек кана байыркы Кампучияда эле болгон эмес. Анткен менен, мындай курулай мактоонун акыры жакшылыкка алпарбай турганы белгилүү эмеспи. Сурьявармандын мактанчаактыгынан урпактары азап тартты. Араб саякатчысынын жазмасында, байыркы Кампучиянын жагдайына байланыштуу бир хикая бар. Ол хикая Сурьявармандын урпактарынын башынан өткөргөн мезгилди элестетет.

Сурьявармандан көп мурда Кампучия тагына (ал

кезде бул өлкө Ченлой деп аталган) ары жаш, ары өжөр жигит отурат. Тегерегиндегилер анын эч кимге моюн бербес түркөйлүгүнө көнүшөт. Бир жолу падыша:

— Менин бир тилегим бар! — дейт.

— Оо, падыша, ал эмне тилек?

— Менин алдыма Ява падышасынын башы салынган табак тартылса! — дейт падыша.

Күндөрдүн биринде, падышанын бул сөзү Ява бийлөөчүсүнүн кулагына жетет. Кулагына жетери менен миң кемени жабдып, булунду кесип өтөт. Ошол калыбында борбордун дубалдарына жетип, жаш падышанын аскерин оп-оңой талкалап, падышанын өзүн туткунга алат. Ошондон кийин мындай дейт:

— Сен табакка тартылган менин башымды көргүң келген эле. Жакшы. Эгер сен буга кошо менин өлкөмдү басып алгың келгенде, калааларымды өрттөп, элимди кулдандырууну каалаганында, анда ошол оюнду өз башыңа келтирмекмин. Бирок, сен биринчи тилек менен гана чектелдиң. Ошондуктан, мен да сенин табакка тартылган башыңды канагат кылам. Өлкөңө тийишпеймин. Ал эми, министрлеринен өтүнөрүм, мындан кийин сөзүндө тура ала турган так ээсин шайлашсын.

Ал ушул айткандарын орундайт.

Сурьявармандын ордун баскан падыша өз жолу менен жүрө билүүнү мурас кылган. Кийин ал өлгөндөн кийин тямдар кхмерлердин өктөм империясын талкалап, борборун басып алат. Өлкө ичи каршылык көрсөтө албайт. Себеби, согушка карата салынган салыктар менен албан курулуш журтчулукту мүнкүрөтүп бүткөн. Кыштактар каңгырап, бирөөлөр аскерге алынса, бирөөлөр милдеттүү жумуштун жетегине кетет. Акырында, өлкө ичинде дүр этип дыйкандар көтөрүлүшү башталат. Ошондуктан тямдардын жортуулу бүгүлүп турган тирөөчтү жалп эткизе кулаткан акыркы түрткү эле.

Ырас, бул жагдай катуу соккудай тийгени менен, мамлекеттин кайта жаралуусуна себепчи болгон. Борбору жоо колуна түшүп, тургундары кулдуктун камытын кийип, Ангкор-Ваттын алтын кабыгы сыйрылып алынган кезде, душмандан жеңилсе да баш ийбеген кхмерлер Джаяварман VII тегерегине баш кошот. Бул Кампучия тарыхындагы эң бир кызыктуу инсан болгон.

Кезинде, ал өзүнө тиешелүү тактан өз эркы менен баш тартып, борбордон кетип калган. Мындай мүнөздүн падыша аттууда боло бербестиги бышык. Ал эми, анын тактан баш тартышын ырастаган далилдер бар.

Бирок, өлкө башына күн тууган кезде, Джаяварман чачылган аскердин башын кошуп, дыйкандар кошунун курайт да, баскынчыларга каршы күрөшкө чыгат. 1181-жылы ал тямдарга кыйраткыч сокку берип, бүткүл флотун сууга батырып, падышасын өлтүрөт.

Ошол жылы Джаяварман такка отурат. Ал өлкөсүн аман сактап калыш үчүн эрдикке тете иш иштейт. Жаңы каналдарды каздырып, суу сактагычтар менен жолдорду салдырат. Чек араны бекитип, чиновниктер арасына жаңы тартип орнотот. Жазмаларга караганда, ал жүз бейтапкана салдырган. Джаяварман душмандар кыйратып кеткен Ангкорду калыбына келтирет. Сыртынан кубаттуу коргон соктурат. Ошол кезден баштап, калаанын ошол бөлүгү Ангкор-Том — «Бекинген калаа» деп аталат.

Калаанын дубалынын узундугу отуз чакырым болгон, калындыгы сегиз метрлик таштан каланган, чарчы көрүнүштөгү коргону күнү бүгүнкүгө дейре сакталган. Анын сыртында эки жүз метрлик ангек бар. Анда каптап жүргөн крокодилдер калаанын биринчи катардагы коргоочусу сыяктуу. Дарбазага баштап келүүчү көпүрөнүн эни он беш метр болгон. Анын эки жагында элүү төрттөн алп дөөлөр ийин тирешип, колдоруна өтө узун Нага жыландарын кармап турган. Ангкор-Том өзүнүн көлөмү жагынан орто кылымдагы Европанын кез келген калаасынан чоң болгон.

Калаанын так ортосунда бой түзөгөн ибадатканага, сарайларга жана тизилген пилдердин айтылуу сабына кошо Кампучияда жаңы үлгү менен салынган Байон ибадатканасы бой көтөргөн. Кийин, мындай ибадатканалар мамлекеттин башка жерлеринде да салына баштайт.

Джаявармандын буйругу менен салынган башка да курулуштар сыяктуу Байон ибадатканасы да бардык карама-каршылыктары менен, окшош көрүнүштөрү менен айран калтырат. Ал бейтапканалар менен жетимдер үйүн салдыруу менен кошо, өз аскерин дагы жортуулга жиберүү үчүн дыйкандарды сүлүктөй соро билген. Ал үчүн бир аз букарачыл бүтүмү

бар, элге түшүнүктүү буддизмди орнотуп, падыша — кудайга зыярат кылуучу расмин сактайт.

Байон ибадатканасы — Ангкордогу маанилүү курулуштардын акыркысы. Анын күрдөөлдүү көрүнүшү, түнөргөн туулгасы, алп турпаты империянын эң акыркы туяк серпиши эле.

Ага киргизе салынган элүү мунара бар. Ар бир мунаранын төрт тарабына ботхисатва Локешваранын кейпи чагылдырылган. Эки жүз кебете купуя жылмайып, калаага карап турат. Эгер, аңыз менен санжырага ишене турган болсок, бардыгы тең агактуу Ангкордун акыркы сөөлөтчүсү Джаявармандын өз бейнеси көрүнөт.

Джаяварман узак жашап, токсон жашында дүйнөдөн кайткан. Ал мурасчыларына кең жана кубаттуу империя калтырат. Бирок, ар бир мурасчысынан кийин, империянын чек арасы тарыла түшүп, акырындык менен алсырай берген. Акырында, 1431-жылы, сиамдыктардын бир чабуулунан кийин калаа толуп, Ангкордун тургундары тентип кетет.

Бирок, качан көпүрөнүн тегерегиндеги такталарды чөп тешип чыгып, көлмөлөр менен арыктарды балыр басканча, унутта калган крокодилдер жакага чыгып, каңгыраган калаанын көчөлөрүндө кырылганча бул жерден адамдар арылган эмес. Кийин бирди-жарым крокодилдер тегеректеги токой арасындагы жылгаларга жетип, эс жыйып, андагы балыкчылар менен аңчылардын үрөйүн учурган.

Акыры калың жылгын калааны биротоло курчап, ага баштап баруучу жол да унут болот. Падыша — кудайга зыярат кылуу да жайына калат. Акырында, ошол чөйрөдөгү кыштак тургундары жылгын кезип жүрүп соройгон мунараларды көрө калса, муну салган адам эмес, рух деп ишене турган болгон. Же, өзүнөн-өзү пайда болгон деп ойлогон.

Ал эми калаа өлүмгө бой сунбайт. Анын ибадатканалары бамбук тамырларын кийип серпип, ташгарды ыкташтырып, каршылык көрсөтөт. Бул күрөш узакка созулган. Акыры, жеңиш калаанын энчисинде калган.

Калаа былк этпей күтөт. Адегенде Ангкор тууралу дарек аңыз болуп жетет. Бирок, ар бир өлкөнүн тарыхчыларынын ондогон жылдар бою изилдеген эмгеги аркасында аябай мол даректин жыйналганы үшүнчалык, азыр биз тек гана кайсы падышанын качан

бийлик куруп, кимдер менен согушканын эле билбестен, ошону менен бирге, кандай кийингенин да, эмнеге ишенгенин да, ага баш ийүүчүлөрдүн эмне тууралу ойлогонун да жакшы билебиз.

БОРОБУДУР

Кудайдын көзү үчүн

Индонезиянын Джокьякарта калаасынан кырк чакырым жердеги күрүч талаанын чарчылана бүткөн танабынан ары, тоо кыркаларынын арасында, жайпак төбөлүү чокунун башынан өркөч сыяктанып Боробудур карыя көрүнөт.

Боробудур эчтемеге окшобойт. Балким, тепкичтүү пирамидага окшош десек болот. Бирок, андай үстүрт салыштыруу менен Боробудурдун нагыз турпатын элестетүү мүмкүн эмес. Анын көрүнүшүндө индилик сөөлөттүн кээ бир белгилери бар. Ошондой эле Түштүк-Чыгыш-Азиянын эң көөнө мамлекеттеринин бири — Фунандагы ибадатканалардын бөлүктөрүн окшотууга болот. Бирок, кандай десек да, Боробудур Индонезиянын Ява аралында жаратылган аалам ажайыбынын накта өзү. Мындай кереметтин башка жерде туулушу мүмкүн эмес. Боробудурдун Ява тегерегиндеги табигат менен, көгүлтүр тоолор менен, күрүч аянттары менен төп келгендигин айтпа, дүйнө жаралгандан бери ушундай турган сыяктуу.

Эгер сиз Владимирде болуп, анда Нерлидеги Покров чиркөөсүнүн ак чайыт дубалдарынын Клязьма өзөнүнүн мөлтүрөп аккан айдыңына шоола түшүргөнүн көрсөңүз, балким, табигат менен адам колунан чыккан эстеликтин канчалык үндөштүгүнө айран калар элеңиз. Ырас, дүйнөдө табигатка окшош жаралган не бир сонун имараттар бар. Маселен, Таж-Махал тек кана асман менен тил табышкан. Анын тегерегине дарак отургузуп, суу айдыңын жасаганы менен андай салтанатка муктаж болуп турган Таж-Махал эмес. Жапониядагы ибадаткана аттуунун баары табигаттын бир бөлүгү сыяктуу. Белгилүү даражада, Мисир пирамидалары да төгөрөгүнүн бир бөлүгүндөй болуп көрүнөт. Себеби, ушундай пирамиданы бийик тоонун арасына же биздеги токойлордун ортосуна тургузуп көрүңүзчү, азыркыдай таасир бере коюушу

арсар. Мындй бир мыйзамдуулукту байкоого болот: табигаты албан түрлүү болгон сайын имараттардын көрүнүшү кубула түшөт. Тактайдай жазы чөлдөр, кумдун катаал көрүнүшү же асканын салкын сүрү пирамидалар сыяктуу, Вавилон сыяктуу карапайым жана заңкайган имараттарды дүйнөгө апкелген.

Ява тоолорунун тизиле бүткөн кыркалуу жолдору Боробудурдун азыркыдай болуп салынышына себепчи болгон.

Боробудур буддачылыктын Явада үстөмдүк куруп турган кезиндеги тууру, зыярат орду болгон. Мындай зыярат туурунун көрүнүшү аябай күрдөөлдүү болот. Ал эми, башталган теги коргондуу бейиттер менен байланышып жатат. Анын ичине кирүүгө болбойт. Ошондуктан ибадаткана дештин деле кереги жок. Бир кызыгы, мындай курулуштар жер бетинин ар кайсы өңүрүндө бир мезгилде пайда боло баштаган. Биздин эрабыздан далай кылым мурун салынган алп имараттарды Мисирден, Индиядан, биздин заманыбыздын чегиндеги Шри Ланкадан, Латын Америкасынан, Жакынкы Чыгыштан (Вавилон зиккураты) көрүүгө болот.

Боробудур да Хеопс пирамидасы сыяктуу ар бир капталы жүз жыйырма метр болуп, чарчылана бүткөн. Бирок, Боробудурдун башына чыгуу үчүн бир нече чакырым жол жүрүп, чыдамкайлыкты көрсөтүүгө туура келет. Аны башына чыгара турган жол ар бир кемерди айлана көтөрүлүп отурат. Ошого карабастан, Боробудурдун пайдубалынан эң башына чейинки бийиктиги кырк эле метр.

Биз биринчи тектирге көтөрүлдүк. Курчалган узун далистин бир жагы бедер — сүрөттөр да, экинчи жагы бийик келген ачакейлүү калка. Бурулушу жок дубалды бойлоп жүз жыйырма метр жүрөсүз. Бирок зериктирбейт. Бедер-сүрөттөр кадам сайын жаңы көрүнүштөрү менен алдыңан тосуп отурат. Бир мезгилде дубал түгөнөт. Ошол жерде бурулуш бар. Бурулуштан ары дагы жүз жыйырма метрлик сүрөт-саңжыра башталат... Анан кийинки тектирге көтөрүлөсүз. Ар бир кемер мурункусуна караганда саал кичирээк.

Биз алтынчы тектирди айланып өттүк. Далис аяктады. Алдыбызда дагы үч тектир бар. Эгер артта калган алты тектир төрт бурчтуу болсо, үстүнкү үчөө тегерек бүткөн. Ар биринде тор чыгырыктуу таш

«коңгуроо» — дагобалар бар. Ар бир дагобанын ичине Будданын таш айкели камалган. Ушул имараттын үстүнө көтөрүлгөнчө, мындай дагобалардын жетимиш экисин кездештиресиз. Индонезиялыктардын ишеними боюнча, дагобалардын ичине кол сүңгүтүп, айкелди кармаган жандын ой-тилеги орундалат көрүнөт.

Мына, биз имараттын жайпак төбөсүнө чыктык. Көк сенир тоолор өтө жакын тургандай. Көз алдындагы этекте жапжашыл пальманын тармал башы менен анын көлөкөсүнө тыгылган оюнчук сыяктуу үйлөр көрүнөт. Жогорудан караганда этек алыстап кеткендей таасир берет. Ал эми, этектен караса, Боробудурдун башы дал азыркыдай алыс болуп көрүнбөйт. Бийик курулуштардын ушундай көрүнмөй адаты.

Боробудурдун даңкын чыгарган бедер-сүрөттөр салынган төмөнкү алты тектир. Мындагы бедер-сүрөттөрдүн жалпы узундугу эки чакырымдай. Бийиктиги үч метр. Боробудурдун бедер-сүрөттөрү дегенибиз алты миң чарчы метр ташка чегилген айкелдер.

Боробудурдун бедер-сүрөттөрү темасы жагынан Гаутама-Будданын өмүрүнө арналган. Бирок, айкелчилер Түндүк Индиядагы Будданын кандай өмүр сүргөнүн, кандай кийим кийгенин, замандаштары менен жердештеринин кандай болгонун билбейт. Ошондуктан, бедер-сүрөттөрдө инди падышасынын тегерегиндегилердин ордуна явалык акимдерди, дыйкандар менен калаа тургундарын чагылдырган. Диний тарых бул жерде кенири тараган. Өзүнүн көркөмдүк маанисин жагынан Боробудурдун бедер-сүрөттөрү тарыхтын эң сонун окуу китеби сыяктуу. Ошол кездеги явалыктардын турмушун оңой эле толук элестетүүгө болот... Сапка тизилип, черүү тарткан аскерлер, деңиз үстүн тилгилеген көп жел тосмолуу кемелер, жер айдаган дыйкандар, сотко бийлигин жүргүзгөн кыязлар...

Бирок, мунун баары качан болгон?

...XVI кылымдын башында татуу татымалдардын изине түшкөн португалдык конкистадорлор Явага келген.

Арадан жүз жылдан ашык убакыт өткөндө португалдык солдаттарды голландар менен англичандар алмаштырат. Арал үчүн болгон согушта голландыктар женишке жетет. Акырындык менен алар сооданы эле кадыр тутпай, жээкке сепилдерди сала баштайт,

Ошондон кийин бүткүл өлкөнү бийлей ала турганын сезет. Акыры, ошондой болору төгүнбү?! Ява султандары менен княздыктары биринен сала бири жоюла баштайт. Акырында, нидерландиялык Индиянын бир бөлүгү болуп чыга келет.

Боробудур жүздөгөн жылдар бою табышмактуу калыбында көздөн да, көңүлдөн да четте калып келген... Таш тактадардын калың кабатын талдын тамырлары менен бадал басат. Аздап-аздап Боробудур адам колунан чыккан имараттан көрө, бийик дөбөгө окшой берет.

Голландия окумуштуулары Боробудурга өткөн кылымдын аягынан баштап назар оодара баштаган. Бирок, алар мындай имаратты артта калган явалыктардын мурасы деп ойлошпойт. Демек, сырттан бирөө келип Боробудурду салып берген дешет. Алардын ким болушу мүмкүн? Кыязы, индиялыктар болушу керек, себеби буддачылык Индиядан келген эмеспи. Кийин, ар кандай жагдайга карата индиялыктар Яваны таштоого мажбур болгон, бийлик жүргүзгөнүн токтотуп, акырында явалыктар кайтадан күйпүл тиричиликке көчкөн. Бул теория «таза» калыбында тарыхчылардын колу накта даректерге жеткенче жашап турду. Индонезиянын X кылымга чейинки жагдайы, ислам дини пайда болгонго чейинки тарыхы кийин белгилүү болот.

Тарыхчылар кытай санжырасын изилдеп отуруп, VII кылымдын ортосунда Кытайга Шилифоши (Шривиджайя) мамлекетинен элчи келгенин билет. Бул мамлекеттин борборунда миңден ашык буддалык кечил болгон. Кытай даректери менен индонезиялык жазмаларды салыштырганда, Шривиджайя мамлекети адегенде Суматра аралында болгону, кийин Ява сыяктуу бир нече аралды басып алганы айтылат.

Шривиджайя ошол кездеги азиялык мамлекеттердин эң ириси болгон. Анын бийлөөчүлөрү Шайлендралар өз бийлигин бүткүл Индонезияга, Малайзияга, ал эмес Тайланддын бир бөлүгүнө чейин жүргүзгөн.

Шривиджайя Кытай, Индия менен соода жана дипломатиялык карым-катнашта болгон. Анын кемелери Инди мухитин кесип өтүп, Тынч мухитке чыккан. Шривиджайялыктар ошол кездеги эң мыкты деңизчилер болгон.

Азыр Боробудурдун кандай пайда болгон тарыхы

белгилүү. Ал VIII кылымдын жетимишинчи жылдарында салынган. Буддачылык Шайлендра бийлеген Матарам мамлекетиндеги Борбордук Явада VIII кылымда пайда болуп, жүз жылдай өмүр сүргөн. Андан кийин зыярат кылуучулардын саны азайып, касиеттүү жерлер аздап-аздап сейректеп, акырында Боробудур да унутулат.

Борбодурдун сырлары али толук ачылып бүткөн жок. Анын эң ажайыптуусу «онунчу тектирдин» сырлары. Боробудурдун пайдубалынын астында да бедерлүү сүрөттөрдүн бар экендиги капысынан белгилүү болгон. Жердин астында да бир жарым миң чарчы метрлик өтө баалуу бедер-сүрөттөр көмүлүп жаткан.

Адегенде мунун сыры ибадаткананын миңдеген жылдар бою жерге батып баратканынан болуш керек деп эсептешкен. Эгер андай болсо, ошол бедер-сүрөттөрдүн бетин такта таш менен ким, качан жапкан?

Кээ бир окумуштуулардын айтымында төмөнкү кабаттагы бедер-сүрөттөр э дүйнө тууралу болгондуктан, адам көзүнө көрүнүүгө тийиш эмес. Албан көлөмдөгү жумуш адамдардан атайын далдоолонуп, ал эми анын эң сонун көрүнүшүн кудурети күчтүү кудай гана тансыктоого тийиш. Мындай пикирди колдоочулар Боробудурдун курулушу өзүнүн долбоору боюнча үстүнөн карооо негизделген дейт. Анын тектирлери жапыс. Ошондуктан бардык көрк-келбети үстүнөн караганда ачылат. Бирок, Шривиджайянын түшунда вертолеттун да, жомоктогу Рух кушунун болбогону белгилүү. Учун жүрүү асман перзенттеринин мандайына гана жазылган.

Мындан көрө башкача бир болжол чындыкка жакын болушу керек.

Маселе мында, төмөнкү тектирлерге караганда жогорудагы тектирлерге салынган бедер-сүрөттөр толук аякталган. Ал эмес, кээ бир ыктуу жерлерине чеберлердин жазуулары түшкөн. Ал эми, төмөнкү тектирдеги жумуш бүткөнгө үлгүрбөй, ойдо жоктон үзүлгөн. Анын үстүнө төмөнкү тектирдин өз мүмкүнчүлүктөрү болгон. Эгер Явадагы башка ибадатканаларга салыштырып карасак, Боробудурдан алда канча бийиктери кездешет. Демек, азыркы Боробудурдун долбоорунда өзгөчөлүк бар.

Курулуштун жүрүшүндө албан ибадатканаңы

жумшак топурактын көтөрө албай турганы белгилүү болот. Түп тамырынан долбоорду өзгөртүүгө туура келет. Зыярат орду жапыс жасалат. Ал эми, төмөнкү кабаттарындагы бүтпөгөн бедер-сүрөттөрдү таш такталар менен жабат. Бул болсо кийинки кездери жайылып кеткен учуртма сөздөргө тээк болот.

Ушул пикирди далилдегендей Боробудурдун бүгүнкү абалы да көмөктөшкөнсүйт. Биринчи жолу аны ушул кылымдын баш ченинде Голландия окумуштуулары тазалап, калыбына келтирет. Ал эми, жыйырманчы жылдары төмөнкү кабаттагы бедер-сүрөттөрдүн бетиндеги таш такталар алынат. Бирок, мындай калыбына келтирүү жаңы коркунучту туудурат. Тазалап, аарчылган кезде такталардын жиги сөгүлөт да, тропикалык нөшөрдүн суусу ибадатканаңы төмөн карай жылдырат. Борбудурдун этегиндеги таш алкакты калыбына келтирүүчүлөр, анын практикалык маанисинин баарын эске алган эмес. Азыр жогорку кабаттардын салмагына жанчылган төмөнкү кабат ордунан жылмышып, аябай кыйшайган. Анын жер титирөө мезгилинде Боробудурдун түндүк жана батыш канаты чөгө түшкөн.

1970-жылы Индонезия археологдорунун демилгеси менен Боробудурду калыбына келтирүү боюнча комиссия түзүлөт. Эстеликти изилдеген адистердин тыянагына караганда, убактылуу чаралар бул эстеликти мезгилсиз жок болуудан сактоого тийиш. Ошондуктан азыр жаңы долбоор жасалып жатат. Бул долбоор боюнча дөбөнүн башынан Боробудур толук алынат да, темир бетон менен капталат. Анын үстүнөн ибадаткана кайтадан кураштырылууга тийиш. Ушул иштин жүрүшүндө дагы бир маселе кошо чечилүүгө тийиш. Ал төмөнкү аарчылган кабатты жана таш алкакты кандайча сактап калуу керек деген маселе болот. Ошого байланыштуу, таш алкакты төмөнкү кабаттан үч метрге жылдыруу жөнүндө чечим кабыл алынып отурат. Ошондо төмөнкү бедер-сүрөттөрдү көрүүгө мүмкүндүк берүүчү далис пайда болот.

Ошону менен бирге, Боробудурду ажыраткан кезде, анын купуясы ачылууга тийиш. Көптөгөн пагодалар менен туур таштарда болуучу касиеттүү кампа мында да болууга тийиш. Эгер бар болсо, анда эмне коюлганы аныкталат.

Кээде Боробудурдун үстүнөн каттамдагы самолет-

төр учуп өтөт. Ошондо, ибадатканалын ушунчалык тактык менен курулган көрүнүшүнө айран калган жүргүнчүлөр, өздөрүнүн кудай менен барабар экенин капарларына да албайт.

ДУНЬХУАН

Миң будданын үңкүрү

Дуньхуан тарыхынын Түркиядагы Гореме тарыхына окшош жагы бар. Ырас, Горемедеги үңкүрлөр мейкин талааны алып жатат. Ал эми, Дуньхуан үңкүрлөрү бийик жарлардан оюлган. Гореме үңкүрлөрүн көптөгөн адамдар туруктаса Дуньхуанда бир аз бөлүгү гана тургун үй катарында пайдаланган. Түркиядагы Горемени билгендер аз. Дуньхуан тууралу ондогон китептер жазылып, толуп жаткан сүрөттөр менен изилдөөлөр чыгарылды. Кезинде Кытай Эл Республикасында ушул үңкүрлөрдү изилдей турган институт ачылган. Гореме да, Дуньхуан да жүздөгөн жылдарга созулган эмгектин жемиши. Экөөндө тең, мезгили жагынан да, баалулугу жагынан да баа жетпес ажайып фрескалар сакталган.

Кытайдан чыгуучу Улуу жибек жолу Дуньхуанга келгенде экиге айрылат. Анын бири түндүк-батышты бет алып, Гоби чөлү аркылуу Турфан менен Персияга жетет. Экинчиси, Лобнор чөлүн кесип өтүп Хотанга, андан ары тоодон ашып түшүп Индияга барат.

Бул жерге илгертен эле кербен токтогон. Албан чөлгө туяк илдирбеген кербенчилер Алтын тоодон төгүлүп аккан сууга чаңкаганын кандырып, жүктөрүн бир карап алат. Дал ушул жерге чөл менен тоону басып өтүп, узак жолдун азабын тартып, Памир бийиктеринде аба жетпей кыйналса, этегинен суу ордуна чаң жутуп Марко Поло жеткен.

Байыркы заманда кербен жолдору өлкө менен өлкөнүн арасындагы негизги данакер болгон. Ошолордун ичиндеги эң атактуусу — Улуу жибек жолу. Анын бир учунда Кытай, кийинки учунда Рим жатса, ортосундагы бекеттери Персия, Индия, Аравия, Сирия болгон.

Жол жүргөн адамдар жай отургандарга караганда жаңылыкты он эсе көп билет. Жолоочунун кулагы узун, жацылыкка дит коюп, чет элдикти көп тың-

шайт. Кербен жолу менен дин да көчүп жүргөн. Ошондуктан Кытайдын алыскы четинде жаткан аймактагы Дуньхуан калаасы Индияда биздин доорубуздан 500 жыл мурун жаралган буддачылыктын алгачкы мекени болгон. Дал ушул калаа аркылуу бүткүл өлкөгө тараган. Дал ушул жол менен Кытайга христиан дини, манихей дини, Мухаммед илими жеткен.

Биздин заманыбыздын алдындагы кылымда Дуньхуан аркылуу өткөн кербенчи соодагерлердин арасында буддачылык кеңири тараган. Соодагерлер коопту сапарга чыгар алдында жана андан аман-эсен кайтып келген соң кудайга алкыш жаадырып, зыярат кылчу болгон. Себеби аларды аптаптуу чөлдөн аман өткөрүп, каракчылардын чабуулунан аман сактап, чөл менен сууктан коргой турган жалгыз тиреги кудурети күчтүү кудайдын өзү гана болгон.

Буддачылар ушундай көк жайык өрөөнгө өздөрүнүн эң алгачкы зыяратканаларын салып, будданын айкелдерин орноткон. Аптаптуу талаага аттанып бара жаткан кербенчилердин көзүнө чалынган жалгыз нерсе ошол айкелдер гана болгон.

Айкелдерди күн менен шамалдан сактоо керек болгон. Күндөрдүн биринде буддачылардын бири балким, атайы жасалган же Индиядан алып келген Будданын айкелин жашыруу үчүн Дуньхуан калаасынан он эки чакырым жердеги жардан үңкүр оет.

Ушуга карата кытай буддачылары тууралу айтылган аңыз бар. Ошол аңыз боюнча 366-жылы кечил Лс Цунь бир кызык түш көрөт. Түшүндө миң будда жаркыраган булуттун арасынан өрөөндүн четиндеги асканын үстүнө түшкөн экен дейт. Ошондо алиги кечил, аңызга караганда, калаанын тургундарын үңкүр оюу үчүн биринчи үгүттөгөн адам болгон.

Аңыз деген аңыз да, бирок, Дуньхуандагы алгачкы үңкүр ошол кечилдин түшүнө кирбестен оңдогон жыл мурун эле оюлган болуу керек. Ло Цундун түшунда үңкүрлөрдүн тагдырына байланыштуу башка бир окуя болгон. Ал жөнүндө кийинчерээк сөз кылабыз.

Мындагы бийиктиги жетимиш метр болгон жалама аска эки чакырымга созулган. Таштын жумшак кыртыштуулугу, абанын кургактыгы жана жанаша агып жаткан суу зыярат кылуучу үңкүрлөрдүн пайда болушуна аябай ыңгайлуу эле. Адегенде чакан гана

оюк жасалып, ага Будданын айкели коюлган. Ошондон кийин, кечилдердин бири жанынан турак жасаган. Бара-бара Дуньхуанга кечилдөө чогулган сайын буддачылардын арасында үңкүрдүн даңкы арта берет. Анын үстүнө тирүүлүгүн олуялардын аркасы деп билген соодагерлер такыба буддачыларга сый-сыпат жасап, жаңы үңкүрлөрдү оюп берип, айкел орнотушкан.

Акырында, IV кылымдын ортосунда, Ло Цундун тирүү кезинде соодагерлердин бири жаңы үңкүргө сүрөт салдырууну ойлойт. Ошентип, Дуньхуанда эң алгачкы буддалык ибадаткана пайда болот. Окумуштуулардын болжолунда, ушул күнгө чейин сакталган эң алгачкы ибадаткана ошол кезде салынган.

Ибадаткана тууралу каңшаар соодагерлер арасында тез тарайт. Көп кечикпей Дуньхуан калаасына сүрөтчүлөр керек боло баштайт. Ошентип, сүрөтчүлөр алыстагы Ланьчжоудан, Турфандан, Үрүмчүдөн ж. б. жерлерден агылып келип жатты.

Туш-туштан келген чеберлер аскадан чарчы оюктарды жасап, ага оймолуу сүрөттөрдү салып, дубалдарга айкелдерди коет. Ибадаткана бүткөн кезде кичине гана эшик калтырып, башка жерин түбөлүк бекитишкен. Мындан ары кечилдердин жыты буркураган чырагданы гана дубал менен шыпты ыштай турган болгон. Арадан миңдеген жылдар, андан да көп мезгил өтсө да фрескалар күн көзүн көргөн эмес. Бул болсо боектун эч жоголбой сакталышына себепчи болгон.

Дуньхуан ибадатканалары адамдардын кудайга жасаган тартуусу. Аларга карап туруп, мындан бир жарым миң жыл мурун эмгектенген сүрөтчүлөрдүн кайгы-черин элестетүү кыйын эмес.

Айларга созулган эмгек артта калды. Далай жылкы окуп-чокуп, ойлонуп-изденип жасаган фрескалары мындан мурунку адам колунан чыккан мурастын баарынан ашып түшөт. Бүткөн сүрөткө сүрөтчү акыркы жолу көз жүгүртөт. Ал эми, жанында турган таш калоочу ушул туундуларды түбөлүккө беките баштайт. Мына, фескадагы бейпелердин жүзүн эң акыркы жолу күн нуру чарпып өттү. Бүттү. Мындан ары эч ким, эч качан бул сүрөттөрдү күн нуру түшүп турганда көрө албайт. Ал эмес, ар бир боекту, ар бир бөлүктү, андагы көгүлтүр асманды, арык жээгиндеги арууну, анын үстүндөгү кийимдердин кубулуш-

тарына чейин көңүлүндө элестеткени менен сүрөтчүнүн өзү да көрө албайт.

...Көптөгөн ибадатканалардын азыр алдыңкы бети мүлжүлүп кулаган. Ал эми, ибадатканалар аскадагы кууштарга айланган. Күндүн көзү кайтадан түшө баштаган. Сүрөттөр оңо баштаганы менен али да ажайып.

Миңдеген жыл ичинде будда ибадатканаларынын саны мында беш жүздөн ашкан. Беш жүз үңкүр, ар бири фрескаларга, жибекке салган сүрөттөргө, зор көлөмдөгү боелгон айкелдерге толгон... Чөл талаалардын төшүндө жаңы калаалар пайда болуп, аларды кум басканга үлгүргөн. Дың жерге жол салынып, эски жолдорго чөп чыккан. Дуньхуандан тышкаркы аалам да түрлөнүп, түлөгөн. Ал эми, белгисиз сүрөтчүлөр мурункусундай эле үңкүр дубалдарына сүрөт сала берген. Мындагы кечилдер жыпар жыттуу түтүндү соруп, жез табагын даңгыратып коюп, бир мукам обон менен түбөлүк бүтпөгөн зыярат сөздөрүн кайталайт.

Бул үңкүрлөрдүн даңкы бүткүл Кытайга жайылган. Өлкө ичиндеги бардык буддачылар Дуньхуанга келип, ыйык орунга зыярат кылууну өздөрүнүн касиеттүү милдети деп санайт. Буддалык майрамдарда казак, уйгур жана дунгандар мекен кылган Кытайдан, Монголиядан, Тибеттен, батыштагы чөл менен талаалардан он миңдеген диндарлар агылып келип жатат.

Соңку элүү жылдын ичинде бул жердин даңкынын жайылганы ушунчалык, батыш өлкөлөрүнүн туристтери менен саякатчылары келчү болгон. Акырында, бул үңкүрлөр да Чыгыштын мурдатан көрүп келе жатканын көрүп, көптөгөн кол жазма китептеринен (манускрийт), сүрөттөрүнөн айрылып калды. Алар азыр Европа музейлеринде, жеке адамдардын ээлигинде.

Саякатчылар кээде илимий ыклас менен, кол жазма-сүрөттөрдү коргоого дит коет. Кээде каңгыраган үңкүрлөрдөн атын чыгарар, байлык апкелер казыналарды издейт. Дуньхуандагы кечилдерге болор-болбос тыйын-тыпыр берип, толуп жаткан кол жазмалар менен жибекке салынган сүрөттөрдү сырттан келгендер алып кеткен. Синьцзяндагы чөл талаанын ортосунда көөнө фрескалардын бар экендигин немис саякатчысы фон Ле Көк айткан. Жөн эле айтып койбо-

гоп, эгер аны көзү көрсө омуруп алып кете турганын мойнуна алган. Анын бул арманын жүзөгө ашырган Бирмадагы мекендеши Томанн. Ал паган ибадатканасындагы өтө баалуу фрескаларды оюп апкеткен. Мындай тоноочулар Кытайдын Европа державаларына кирептер кезинде расми түрдө аракет кылган. 1900-жылы Англиянын, Германиянын, Россия менен Франциянын аскерлери Бээжиндеги императордун сарайына каптап кирген кезде, Кытайда маданий мурастарды европалыктардан коргоп кала тургандар кемде-кем болгон.

Ырас, бул ыңгайда Дуньхуандын жолу болгонсуйт. 1905-жылы мында фон Ле Коктун келип түшөөрү менен күтүүсүздөн кат алган. Катта Дуньхуандан миң чакырымдай жерде жаткан бош лагерге келүүсүн өтүнгөн. Ле Кок үңкүргө кирүү-кирбөө жөнүндө бир аз ойлонот. Акырында тыйын ыргытып төлгө салат. Ал эми, тыйын болсо кудуреттин буйругу менен үңкүргө барбоо керек дегендей пикирге келет. Ошентип, Ле Кок лагерди бет алат да, Дуньхуан фрескалары аман калат.

1920-жылы бул үңкүрлөр Орто Азиядан качкан орус ак гвардиячыларына бир аз убакыт турак болгон. Ак офицерлердин от жагып кой куйкалаган тиричиликтеринен калган ышталган шыбы күнү бүгүнкүгө чейин сакталган.

Акырында, ак гвардиячылар да Синьцзяндын чексиз талаасына сиңип жоголгон. Согуш өртү чарпыган бул өлкөгө саякатчылар да ат изин салууну сейректетет. Кербенчилер да көрүнбөйт. Негизги Ланьчжоу — Үрүмчү кире жолу Дуньхуандын түндүгүнөн жүз чакырым жерден өтөт. Зыярат кылуучулардын миң-миңдеп чубурган агымы баягында эле басылган. Азыр каңгыраган үңкүрлөр музейге айланган.

Асканын жоон ортосунда этегинен баштап чокусуна чейин жете турган тогуз кабаттуу баш ибадаткана бар. Анын салынганына көп деле болгон жок. Бул баш ибадаткана болуу менен бирге, Дуньхуандагы аскадан ары оюлуп, ары каланып жасалгандыктан назар оодарат. Сырткы көрүнүшү кабат-кабат болуп бүткөн козу карын сыяктанат. Ибадаткананын өнө бою алтымыш метрлик аскадан оюп түшүрүлгөн, отурган Будда кейпинде. Ал Дуньхуандагы эң көөнө айкел эмес, мындан эки кылымдай мурун гана жасалган. Ошого жараша тек гана Кытайдагы эмес бүт-

күл Азиядагы эң ири айкелдердин бири. Айкелдин алдында жыпар жыттуу түтүн булаган жапыс орундуктар бар. Ал эми, ибадаткананын албан дубалдары фрескалар менен жасалгаланган. Айкелдин жан жагында оюктар бар, аларга даражасы төмөн кудайлардын айкелдери коюлган.

Дуньхуандын үңкүрлөрү илгерки буддачылыктын эстелиги гана эмес. Ошону менен бирге, ошол көөнө замандан жеткен Кытай өнөрүнүн эң толук монографиясы сыяктанат. Тек гана Кытай эмес, бул сыяктуу бир миң беш жүз жылдык өнөр санжырасын дүйнө жүзүнөн кездештирүү кыйын.

Эң байыркы фрескалар түштүк канаттагы жыйырма эки үңкүрдө сакталган. Мындагы үңкүрлөр анча чоң эмес. Алар Түндүк Вэй (386—534) бийик катарынын кезинде пайда болгон. Фрескалар жакшы сакталган, боектору аябагандай ачык, ары таза. Мында колдонулган негизги боектун түсү жашыл, көк, көгүлтүр, кара жана ак. Фрескалар көп учурда кочкул кызыл түстүү келет. Сүрөттөрү жөнөкөй, сөлөкөттөр ырааттуу салынган. Айкелдери адаттагыдан көлөмдүү сыяктанат, анткени тегерегине он-жыйырма сантиметрлик оюктар түшүп, алардын ар бирине боелгон сөлөкөттөр коюлган. Үңкүрлөрдүн шыбында «бактылуу жан» тартылган. Жан аттуулар шоолалуу булуттардын үстүндө ырахаттана жылмайып олтурат. Ал эми, назик кийимдерин бейиштин айдарым жели желпийт.

Эң байыркы жыйырма эки үңкүрдүн ичинде Вэй кезегиндеги өнөрдүн басымдуу көпчүлүгү сакталган. Булардын баары тек гана буддачылыкты изилдөөчү адистердин назарын гана оодарбайт. Алардын тарыхчылар үчүн да мааниси зор. Мунун жаркын мисалы катарында VI кылымдын биринчи жарымына таандык 285 үңкүрдү сөз кылууга болот. Анын шыбына каракчылар менен согушуп жаткан көп бейнелүү албан сүрөт тартылган. Тегерегине добул соктурган азгырыктар чагылгандуу от ойнотуп, соот кийген каракчыларды курчап келатат. Ар бир адамдын, ар бир аттын кайталанбас кейпи табылган. Ал эмес чебер тартылганын мындан бил, байыркы фреска экенине ишенүүнүн өзү кыйын. Билбеген адам бүгүнкү бир таланттуу замандашыбыздын азили деп кабыл алчудай. Ушул сүрөттө калаа да, анын үрөйү учкан тургундары да, мына бул шумдукту кожоюнуна айтуу

үчүн эшик алдына чыккан кызматчы да, каланын дармансыз коргоочулары да кайдыгер калтырбайт.

Вэй заманынын үңкүрлөрүнөн кийин Суй (589—618) менен Тан (618—907) бийлик катары кезиндеги үңкүрлөр башталат. Бул үч жүз жылдык кытай өнөрүнүн, үңкүрлүү калаасынын гүлдөп өскөн кези. Императорлордон колдоо алган буддачылыктын жүздөгөн кечилдери көк жайыкты ээн эркин жайлаган. Суй бийлик катарынын үңкүрлөрү — сексен жети, Тан доорунун үңкүрлөрү — жүз жетимиш жети.

Бул кездин үңкүр ибадатканалары бири-бирине окшош. Бир үлгүнү бекем сактаган. Алты-сегиз чарчы метрлик чакан бөлмөнүн төр жагында бир топ бодхисатванын түрлүү түстүү айкелдери турат. Көптөгөн айкелдер грек жана парсы маданиятынын таасири менен жасалган. Улуу жибек жолу белсемдүүлүктү тааныткан. Мындайча айтканда Түндүк Индия менен Персиянын эллинделген мамлекеттери Кытай маданиятына асыресе, Кытайдын батыш чек арасына сыртган таасир эткен.

Үңкүрдүн каптал дубалдарына Гаутама-Будданын турмушунан көрүнүштөр тартылган. Анда «Батыштагы бейиштин» тургундары күзгүдөй көлдүн жээгиндеги сөөлөттүү сарайында рахат кечип жүргөн кези чагылдырылган. Үңкүрдө портреттер көп. Булар, ушул үңкүрдү жасоого каражат бөлгөндөрдүн сүрөтү. Алар да олуялар менен асманды туракгагандардын ортосунан орун алган.

Каражат тартуулаган чөнтөгү калыңдар өз кызматчыларынын ортосунда керсээ басып жүрөт. Кийимдери жарашыктуу, өздөрүнө болгон ишенимдери мол. Сүрөтчүлөр каражат тартуулагандардын, алардын үй блүөсүнүн тилин табууга дит койгон. Ошонун аркасында, мындан бир жарым миң жыл мурунку кытай аялдарынын ай чырайлуу көрк келбетин биле алабыз. Сулуу аялдары ары назик, ары субагай бойлуу, ары сымбаттуу болуу керек. Қымча белдүү узун көйнөктөрүнүн этеги жер чийип, чачы желкесине жарашыктүү түйүлгөн.

Фрескалар менен айкелдердин мазмуну акырындык менен батыл боло түшкөн. Сүрөтчүлөр аздап-аздан үйрөнчүктүү көрүнүштөр менен Будданын «тиричилигин» тартуу менен канагаттанышкан эмес. Бул кездеги сунгат өнөрүнүн үлгүсү катарында ыктуу жерден оюлган 220-үңкүрдү атоого болот. Анын фрес-

калары салынгандан жүз жыл өткөндөн кийин бир жолу белгисиз бир буддачыга жакпай калат. Ошол кездин үлгүсү өзгөргөнбү, же бир башка сүрөтчүгө туш болгонбу, айтор мурунку фрескалардын үстүнөн жаңы фрескаларды салдырган. Бул жагдай мындан жыйырма жыл мурун үңкүрдөгү фресканын чети кетилгенде белгилүү болот. Кабыктанып түшкөн бөлүктүн астынан Таңдын алгачкы кезиндеги фреска көрүнгөн.

Ошол кезде ушул миң будда үңкүрлөрүндөгүдөй сунгат өнөрү дүйнө жүзүндө болгон эмес деп батыл айтууга болот. Рим кулап, анын салты унут болгон. Аджанта менен Паган катаал мыйзамдын бийлигинде эле. Ал эми, Дуньхуанда сүрөтчүлөрдүн дараметин сынашкан. Ошондон да болуу керек, бир үңкүрдөн соң кийинки үңкүрдө дүйнөгө келген жаңылыктарды көргөндө арага миң жылды салып кайтадан ачкандай болосуз. Мына келечектүү бейнелер, сүрөттөрдүн бетинде турмуш байырлап, ак карлуу тоодон агып түшкөн өзөндүн суусу аралаган даректар менен, такыба жолоочу түнөөчү үйү менен, бет алдындагы тоонун түбүндө кылыч чабышкан жоокерлер менен тиричилик илеби келгенсийт. Лотос гүлдүү тактын тегерегинде тобурашкан топ менен кызматчылар жыйналып жаткансыйт...

Анан күтпөгөн жерден тамам болуп жүз жыл бою үңкүр салынбайт, эски үңкүрлөр ондолбойт. Кудуреттүү Тибет өлкөнүн батышын басып алат. Үңкүрлөр да, алардын бай каражат берүүчүлөрү да унут болот. Көрбөн жолдору кангырап калат.

Мурунку кылымдарда гүлдөп өскөн өнөр IX кылымга дейре өнүгүп келип, биротоло токтойт. Бир кызыгы, эми фрескаларды кергичтеги жибекке көчүрүү адатка айланат. Сүрөтчүлөр кең арымда кыймылдоочу өткүрлүктү унутуп, жибекти чукулоо менен өмүрүн өткөзөт. Өнөр акырындык менен бузулуп, алдыңкы үлгүнүн курчоосуна чырмалып, өнөгөлүү чеберлердин тартиби менен чектелип калат. Сун (960—1279) бийлик катарынан жүз үңкүр калган. Ошолордун ичинде назар оодара тургандары саналуу эле. Кандайчадыр бардык үңкүрдүн сүрөтү бир адамдын колунан чыккансыйт. Мурунку үлгүнү кынтыксыз аткаруунун мындан өткөн көңүл чөгөрөр мисалын кезиктирүү кыйын.

Тан фрескалары менен андан кийинки доордун

изин үңкүрлөрдүн ичиндеги кабаттала салынган сүрөттөрдөн айкын көрүүгө болот. Кабыктанып түшүп жаткан сүрөттөрдүн астында андан эки жүз, үч жүз жыл мурунку сүрөттөр бар, төмөнкү кабаттын өмүрү узак. Бул да бир кездеги орустун диний сунгатынын кейпин кийген. Алардын жаш кезинде, чабыттуу кезинде, айтаары бар кезинде, теңдеши жок мурастар дүйнөгө келген. Дүйнөгө апкелүүчү Рублевдор, Дионисилер болгон. Ошондон чиркөөлөр сенек тартипке көчүп сүрөтчүлөрдү кысмакка алган кезде икондордун суру кача баштаган. Ал эми, сүрөтчүлөр жүрөк каалоосун сыртка чыгаруу үчүн ак сөөктөрдүн сунгатына дит кое баштаган.

Дуньхуан үңкүрлөрү биздин учурубуздагы кызыктуу бир жаңылыктын күбөсү. Ал жаңылыктын фрескалар менен айкелдерге тикеден-тике байланышы жок, ошондуктан үңкүр тууралу сөз болгондо эске алына бербейт.

Өткөн кылымдын аягынан тартып будда кечилдеринин бири үңкүрлөрдү калыбына келтирүүгө бел байлайт. Арийне, кечил аткарар жумушунун көлөмүн толук элестете алган эмес. Бирок, айтканынан кайтпаган өжөрлүгү бир башына жетишерлик болгон окшойт. Ал бир нече жыл бою Қытайдын калааларын кесип ошол жыргал иш үчүн каражат жыйнайт. 1900-жылы кечил Дуньхуанга келип, ишке киришет.

Үңкүрлөрдүн биринде шыбак урап түшөт. Кечил аны кырып алып кайта шыбамакчы болот. Ошол кезде шыбактын ары жагынан кирпич менен бүтөп таштаган эшик көрүнөт. Эшиктин ары жагындагы чакан бөлмө толгон кол жазма болуп чыгат.

Кечил кол жазмага анчалык маани бербейт. Болоор-болбос гана бөлүгүн коншу монастырга алып келет. Бул кол жазманын ал жерде да кереги жок болуп чыгат. Кол жазмалардын эскирип, бүткөнүн айтпа, көбүн ачып окуунун өзү кыйынга турат.

Қийин, арадан жети жыл өткөн соң Англия саякатчысы Стайн үңкүрлөрдү изилдеп жүрүп, кол жазмасы бар бөлмөнү табат да, кол жазмалардын азыраагын карап чыгат. Ал ошол кол жазмалардын, кем дегенде, XI кылымдан аркы учурдан жеткенин ажыратат. Қалыбы, чаң тополондуу кезеңдердин биринде Дуньхуан китепканасына коркунуч түшкөн кезде будда кечилдеринин бири каткан болуш керек. Мында, Чыгыштын ондогон тилинде жазылган баа жеткис

миндеген эмгектер эң сонун сакталган. Кезинде Дуньхуан Орто Азиядан, Кытайдан, Индиядан келүүчү кербендердин өргүй турган жери болгон эмеспи. Ал эми, ашууларды ашып, чөлдөрдү басып жеткен китептер окумуштуу кечилдердин жыргалына айланган.

Дуньхуан казынасына окумуштуулар ынтаа менен дит коет. Алардын ичиндеги эң бир маанилүүсү IX кылымда кытай тилине оодарылган Индияның «Алмаз сутра» (диний осуят) аттуу китеби болгон. Бул ором бир-бирине желимделген алты кагаздан турат. Ошондой эле, отурган Будданын сүрөтү бөлөк кагазга салынган. Эң акырында бул оромду «дүйнөдөн кайткан ата-энесин түбөлүк эсте калтыру үчүн» 868-жыл Ван Чи деген чебердин жасаганы жазылган.

Кагаз оромунун баалуулугу анын мазмунунда же Будданын сүрөтүндө эмес. «Алмаз сутранын» мындан да көөнө нускалары бар. Ал эми, ошол бөлмөдөгү ондогон сүрөт да оромдогу сүрөттөрдөн кем калышпайт. Бул оромдун баалуулугу дүйнө жүзүндөгү эң алгачкы басмадан чыккан китеп болушунда турат.

Чебер Ван Чи алты жыгач тактага иероглифтердин күзгүдөй тегиз бейнесин түшүргөн. Ошондон кийин боек жаап, үстүнөн кагаз салып баскан. Бул окуя мындан бир миң бир жүз жыл мурун, Гутенбергдин алгачкы китебинен алты жүз жыл мурун, 868-жылы болгон.

КЫТАЙ СЕПИЛИ

Эң албан керемет

«...Аскердик-инженердик илимди бүтүндөй жараксыз кылганына карабастан, бул курулуш аябагандай зор жана бекем. Анын мунаралары менен дарбазаларынын акыл менен салынганы ушунчалык, сепилди алуу үчүн чабуул жасаган азыркы кездин өтө куралданган армиясына болор-болбос каршылык көрсөтүүлөр болсо, ошол коргондун түбүндө тосулуп калар эле»,— деген экен өткөн кылымдын экинчи жарымында англиялык генерал Вилсон. Генерал эсептөөнүн адамы болот. Ал ошол кезде эле архитектуралык эстелик катарында машуур болгон. Улуу кытай коргонуна тек кана аскердик-инженерлик курулуш деп караган.

Генерал коргөндөн кийин коргонго чабуул жасоо үчүн канча солдаттын кажет боло тургандыгын эсептеген, ошондон кийин ал солдаттарды жарылган снаряддар менен атылган октун арасынан элестеткен...

Белгилүү бир мыйзам ченемдүүлүк бар: мамлекет күчтүү болуп турган кезде ашуу бербес чептин кереги жок. Коңшулардын чабуул жасоого батылы жетпейт. Ал эми, мамлекет алсыраган кезде эч кандай сепил паана боло албайт. Мындайда коргоочулар канчалык эр жүрөк болсо да, кору мол, кудугу терең болсо да, ай өтөөр, жыл өтөөр, ошондон кийин алсыздыктын салдарынан саткынчылык башталат. Сепилдин алды казылып, жарылуулар болот. Акыры, ишенген коргону жалп этип кулайт. Кезинде Батыйдын эпкини Рязанды кулатты, Вавилон менен Иерихон да кулады, ошондой эле өз милдетин Мажино менен Зигфрид сепилдери да актай алган эмес. Азербайжанда, Чукуюрт кыштагынын жанында жалама асканын кемеринде эски сепилдин үйүндүсү бар. Мындан бир аз жыл мурун жергиликтүү бир мугалим аяк баспас бийиктеги сепилге алып бара турган жолду издейт. Арадан үч жыл өткөндө гана ал биринчи аянтчага араң жетет. Анда чачылып жаткан чатыр карапалары, айнек билериктердин бөлүкчөлөрү жана чопо кумуралардын сыныктары болот. Бул жерге жергиликтүү княздар Сасаниддер жашырынган. Бирок, кутула албаган...

Улуу кытай сепили — кытай императорлорунун жомоктогудай байлыгына, менменсинүүсү менен күчкубатына айгак болгон, кытай чеберлеринин ажайып эмгекчилдиги менен чыдамкайлыгын айгинелейт, ошону менен далайдын өмүрүн өксүтсө да, шарапаты тийбеген кайгынын эстелиги.

Көөнө заман менен орто кылымдарда Түндүк жана Батыш Кытайды багынбаган көчмөндөр мекен кылган. Кытай империясы күчөгөн кездеринде көчмөндөрдүн конушун басып алып, тургундарын өзүнө каратканы. Бирок, бийлик катарынын алы кетип, Кытай өз ара каршылашкан аймактарга бөлүнгөн кезде, какаганга муштаган дегендей, дыйкандар көтөрүлүшү чамгарактын чайкаган түшта дүйнөнүн келме кезек экени белгилүү болот. Түндүгү менен батышындагы көчмөндөр ички аймактарга бойлоп кирип, туткундар менен малды айдап кетип турган. Ал эмес, кээде борборду басып алып, такка өз адамдарын отургузат.

Ошонун натыйжасында монгол жана маньчжур бийлик катарынын пайдубалы тургузулган. Ал эми, Кытай болсо койнуна кирген жеңермандарды майдай эритип, өзүнүн маданияты менен динине моюн сундуруп, арадан ондогон жылдар өткөндө азаттык алып чыга келет. Себеби, бир кездеги баскынчылардын урпактары экенин такта отургандын өзү да унутканга үлгүрөт.

Кандай деген менен, талаа менен чөлгө чек аралаш аймактар үчүн көчмөндөр бейбит кезде эле коркунуч туудуруп турган. Чжоулар, асыресе, гундар кез-кезде чек аралык аймактарды жайпап кетет. Биздин доорубуздан мың жыл мурун эле чжоу уруулары Инь мамлекетин талкалап, чхоунун көсөмдөрү Кытай өкмөтүн колуна алат да, өз бийлик катарынын негизин салат. Согушчул падышалыктын тушунда кытайдын чек аралык аймактарындагы княздар менен губернаторлор көчмөндөрдүн чыккынчылыгына тоскоол коюуга умтулат. Бирок, ээн жаткан чек арага коргон болорлук аскер топтой албайт.

Көчмөндөрдүн калаага чабуул жасабай тургандыгы белгилүү. Алардын өздөрүндө калаа болбойт, согушту, негизинен, ат үстүндө жүргүзгөн. Ал эми, сепилдерди басып алуу ыкмасын, кийин, урпактары Азия, орус жана Европа княздыктарын, мамлекеттерин басып алуу үчүн батышка аттанган кезде үйрөнгөн.

Кытай мамлекетинин бийлөөчүлөрү бул коргонду биздин доорубузга чейинки IV—III кылымдарда көчмөндөрдүн Кытайга кирүүчү көнүмүш ашуулары менен жолдоруна сала баштаган. Бул коргондор, тагыраак айтсак, аябагандай зор топурак үйүндүлөрү адегенде ондогон чакырымга созулган.

Мындай үйүндүлөрдүн көчмөндөргө тоскоол болушу толук ыктымал. Бирок, ушул тушта, арадан далай кылым өткөн соң, англия генералы айткан сөздү эске алуунун ылайыгы келип турат. Канча зор болгону менен алгачкы үйүндүлөрдүн пааналыгы аз экени бештен белгилүү эле. Себеби, мынча албан сепилди күзөтө турган жоокерлерди кармоо оңой эмес. Өз ара кырчылдашкан кытай бийлөөчүлөрүнүн батыш чек арага моюн бурууга чамасы келбейт. Сепилдин дагы бир осол жери, аны оп-оңой айланып өтүүгө болот.

Биздин заманыбыздын IV кылымында өз ара ти-

решкен падышалыктардын арасында Цинь мамлекети айырмаланат. Падышалык боюн ылдам көтөрөт. Өлкөнүн мындай жагдайы, эң алды менен, мамлекетти аскердик тартипке багындырып, кайта жаңырткан министр Шан Яндын ысмы менен байланыштуу. Ар бир беш үй бүлө «у» болуп бириксе, ар бир он үй бүлө «ши» болуп биригет. Мындай бөлүктөрдүн өз кыйынчылыгы болгон. Эгер белгилүү бир бөлүктүн ичинен бир адам жаза басса, баары бирдей жооптуу болгон. Демек, мамлекет бир кылмыштуулук үчүн бир нече адамга айып сала алган. Мындай жагдайдын Улуу кытай коргонуна тикелей катышы болгон.

Бир нече согуштан кийин биздин заманыбызга чейин 318-жылы Цинь бийлөөчү гундардын мамлекети менен шериктештерин жеңет. Жылнамага караганда, Чжао падышалыгы гана каршылык көрсөтүп келген. Чжаонын аскерин буга чейин жеңилип көрбөгөн генерал Линь Бо башкарат. Коалиция талкаланган соң арадан жетимиш жыл өткөндө, эми тоскоол болор эч ким жок деп көңүл жайлаган Цинь аскерине каршы Линь Бо бириккен жарым миллион аскери менен аттанат. Эки жактын аскери Чжао падышалыгына караштуу чек аралык калаада кездешет. Бир нече апта бою Циндерде эч кандай аракет болбойт. Линь Бону ачык аянттагы казатка чыгармак болгон талаптарынан эч нерсе чыкпайт. Генерал чабуулга чыгар ыңгайлуу кезди күтөт да, ишенимдүү сепилдин ичинде тымтырс жата берет.

Ошондон циндер айла-амалды өзгөртөт. Аскердик күчтүн алы келбеген жерге саткынчылыктын дарманы жетүүгө тийиш. Циндер Чжао падышасынын сарай кызматкерлери менен акимдерине кенен-кесир сыйлык жасап, акча чачат. Сыйлык менен акчага белчесинен баткандар генералды падышага жамандап, коркконунан коргонго тыгылып отурат деген кабаарларатат. Акыры, сарайдагылардын бузук сөзүнө ишенген падыша кол башчыны ооштуруп, ордуна батыл аракетти сүйгөн жаш генералды коет. Жаш генерал тез эле көзгө көрүнө койгусу келип, аскерди уруш аянтына чыгарган кезде, ошол замат курчоого алынат. Чжао аскери курчоодо туруп кырк күн согушат. Жоокерлер бир нече жолу курчоону бузуп чыкмакчы болот. Бирок, өлкө ичиндеги он беш жаштан ашкан эркек аттууну майданга тарткан циндердин падышасы көптүгү менен утат. Акыры жеңилип кал-

ган Чжао армиясы туткунга алынат, бир азы кырылат, ал эми бир бөлүгүн кулдукка салат. Бул окуянын да Улуу кытай коргонуна тикелей катышы болгон.

Биздин доорубузга чейинки 246-жылы Цинь державасынын тагына Чжэн отурат. Ал да жаш мамлекеттин күчүнө күч кошуп, арадан бир нече жыл өткөндө Кытайдагы көз каранды эмес княздыктарды багындырат да, өзүн «Циндин биринчи императорумун» деп жарыялайт. Ошентип, тарыхка өзүнүн падышалык ысымы менен — Цинь Шихуанди болуп кирет.

Ал албай кайраттуу жана даңкка кумар жан болгон. Анын түшүндө албан курулуш иштери жүргүзүлөт. Ырас, Цинь Шихуанди салдырган курулуштар бүгүнкү күнгө жетпеди. Анткени менен, император сарайынын экинчи кабатындагы залга он миң адам сыя турганы, ошондой эле ошол залдын төмөнкү кабатынын бийиктиги ушунчалык, мындагы туу илинген шыргыйдын бийиктиги элүү кар болгон.

Цинь Шихуанди көзүнүн тирүүсүндө өзүнө бийиктиги беш жүз кар, айланасы беш миң кар келген мавзолей салдырганга үлгүргөн. Мавзолейдин шыбына жылдыздар ааламы салынып, адени менен аккан сымап өзөнү сымап деңизине куюп жаткан.

Мындай курулушка аябагандай мол жумушчу күчү керек. Бул маселени да Цинь Шихуанди өзүнө мүнөздүү арым менен оппоной чече салган. Эгер бул окуянын мындан эки миң жыл мурун болгонун элестете турган болсок, курулушка байланыштуу ачеме арасында келтирилген астрономиялык цифралар аргасыз айран калтырат.

Мавзолей курулушуна жети жүз миң адам катышкан. Сарайдын, суу түтүктөрүнүн жана Улуу сепилдин курулушунда миллиондогон адам болгон. Мынчалык адамды жыйноого (жүз миңдеген туткундарды айтпаганда) императордун мамлекети «у» жана «ши» бөлүктөрүнө бөлүү мүмкүндүк берген. Эгер бир адам жаза басса, он үй-бүлө кулдукка алынат. Ошол он үй-бүлө Цинь Шихуандинин улуу курулушуна жөнөтүлөт.

Ал эми, курулуштун башында адамдардын жан терин чыгарган. Мавзолей, сарай, каналдар, асыресе, Улуу кытай коргону тагыраак айтканда, адамдардын сөөгү менен тургузулган. Күн сайын миңдеген, он миңдеген адам өлсө, алардын орду жаңылар менен толуктанып турган. Ушул ыңгайда, императордун

Коргондун кулай баштаган туштарында али да мунаралар кездешет. Кытай тарыхчыларынын айтымында, бир кездери мунаралардын саны алтымыш миң болуптур. Азыркы саны жыйырма миң болсо, ошонун өзү эле таң калтырбай койбойт.

Коргондун курулушуна жет жүз миллион адам-сааттын кеткени, жүз сексен миллион чарчы метр топурак менен алтымыш миллион чарчы метр таш менен кирпичтин жумшалганы эсептеп чыгарылган. Мында өлгөн жумушчулардын саны жүз миңдеп саналары белгилүү. Мындай көлөмдүү жумуш Мисир фараондорунун бирөөнүн да түшүнө кирбеген.

Мындан миң жыл мурункудай эле азыр да Кытайды аралап өткөн коргон жолунда кездешкен тоолордон ашып түшүп, чөл талааларды кесип өтүп, калааларга жанаша созулуп жатат. Ары айран калтырар, ары кайгыга батырар коргон ушул. Дүйнө жүзүндөгү эң улуу бул эстелик бүтүндөй бир элдин сан кылымдык эмгеги. Ошону менен пайдасы жок кайран эмгек экенин билип туруп, токтотууга эч кимдин дарманы жеткен эмес жана токтоткусу келген эмес. Бул — адам турмушундагы касирет-кайгынын эстелиги болгон коргон.

ТОДАЙДЗИ

Жыгач, коло жана таш

Элдердин маданияты милдеттүү түрдө бири менен бири учташып жатат, «тажрыйба алмашат», бир-бирине кошулуп кетет. Архитектура менен өнөрдү дүйнө жүзүнө тараткан көпөстөр менен зыярат кылуучулар, окумал кечилдер менен качкын жоокерлер... Баскынчылар болсо, өздөрү менен бирге сулуулуктун үлгүсүн алып келип, өз кудайларына арнап, ачык аянттарга ибадаткана салууга жеңилгендерди мажбурлашкан. Жортуулдан кайткан падышалардын кул айдап кайта турганы белгилүү. Алардын ичиндеги эң баалуулары, ар качан да, окумуштуулар менен сүрөтчүлөр. Сүрөтчүлөр кулдукта жүрүп да ишин уланта берет. Алардын колу тийген ибадатканалар менен сарайлар түрлөнүп чыга келет. Таасир этүү ар качан да эки жактуу болот. Убакыт өтө: сырттан кирген жаңылык эл тажрыйбасын байытып отуруп, ошол арада сиңишип кетет. Бирок төл маданиятты эч убакта айырбаштай албайт.

баласы атасынын катаалдыгын мурас кылса да, анын кайратын мурас кыла албай, ошонун салдарынан курман болгонун айта кеткен жөн. Цинь империясы жарым кылым гана өмүр сүрүп кулайт да, өз чаңына өзү көмүлдү. Цинь Шихуанди дүйнө жүзүндөгү эң атактуу аскердик-инженерлик курулуш — Улуу кытай коргонунун негизин салганга үлгүрдү. Бирок, гундарга тоскоол болот деген үмүт акталган жок. Анын тескерисинче, курулуштун жүрүшүндө чыгаша болгон адам саны менен бир дагы согуш курмандары теңеше албайт.

Адегенде Улуу кытай коргону мурунку губернаторлор менен княздар салдырган топурак үйүндүлөрүн бириктирди. Ага кошумча бир нече мунара салынды. Көптөгөн чакырымдарга созулган бул курулуш Ички кытай коргону деп аталды.

Бийлик катары кулаган соң курулуш иши убактылуу токтойт. Ошондон кийинки императордун тушунда, көчмөндөрдүн коргонду түштүгүнөн да, түндүгүнөн да айланып өтө бере тургандыгы белгилүү болгондо курулуштун иши кайра башталат.

Мин жылдын ичинде сепилдин курулушу тармактала жетилип, күрдөөлдөнө түшөт. Биз сөз кылуучу азыркы Ички кытай коргону XVI кылымдын ортосунда, Мин бийлик катарынын тушунда аякталган.

Кытайда өкмөт башына күчтүү бийлик катары келе калса болду, курулуш ишине жүз миңдеген адам агыла баштайт. Ошондон кийин, бардык провинциялардан тартылган дыйкандар жана кулдар ачкачылык менен оорудан жапатырмак кырылат.

Ал эми, бийлик катары алмашкан аралыкта коргон менен эч кимдин иши болбойт. Бул коргонду VII кылымда Алтай түрктөрү да, XIII кылымда монголдор да басып өткөн. Ал эми, 1449-жылы монголдун ойрот тайпасынын көсөмү Эсен коргондон өтүп, Бээжиндин дубалына ат башын тиреген.

Соңку согуштан кийин Мин бийлик катары коргондун курулушун аяктоого белсене киришет. Императорлор коргонду көчмөндөр айланып өтө албай тургандай канчалык узун кылса, ошончолук Кытай коопсуз болот деп ойлогон.

Акыр аягында, коргон үзүлбөй созулуп отуруп, эки миң жети жүз чакырымга жетет. Ал эми, ийрилген-кайрылганын кошуп эсептегенде жалпы узундугу алты миң чакырымга жетти.

Бир кездери Кытай менен Жапонияда буддачылык аркылуу будда ибадатканаларынын ички түзүлүшү жөнүндө түшүнүк пайда болгон. Кытайдын тоок кылуучулары Индияда болуп, инди көпөстөрү Асман асты өлкөсүнүн чыгыш чебине чейин келип кайтат. Бирок, архитектура менен өнөргө байланыштуу буддалык билим кытай жана жапон жерин байырлаган соң, бул жерде өзүнүн адепки касиетинен кетип, таза индилик көрүнүшүнөн айрыла баштаганы түшүнүксүз. Ошентип, Будда илими дүйнөгө келбестен, көп мурун пайда болгон жапон маданиятынын нугуна куюлат.

Түпкү теги бейит коргондорунан башталган Индиянын зыярат курулуштары чыгышка жылган сайын Ланканын жарым төгөрөк күмбөзү менен Бирманын шоқшогой дөбөсүнө, Тайдын кемерлүү курулушу менен Кытайдын, Жапониянын көп кабаттуу пагода — мунараларына тартыла берет. Акыр аягында, Кытайдан Бирмага кайтып келип, мында Индия үлгүсүндөгү пагода менен катар турат. Арийне, сырты көрүнүштөрү менен аткарар милдеттерине өзгөрүү кирет. Мурун таштан согулса, эми жыгачтан салынып, ички калканынын астында ибадатканадагыдай буддалардын айкелдери турат.

Жыгач. Ошол курулуш материалы Түштүк, Түштүк-Чыгыш Азия менен Ыраакы Чыгыштын арасындагы архитектуралык айырмачылыкка себепчи болгон, Ырас, Кытайда, Жапонияда да таштан согулган үйлөр, ибадатканалар менен сепилдер аз эмес. Бирок, Жапония ибадатканасын бир саамга элестете турган болсок, калыпташкан салттын бадырайып турганын байкоого болот эле. Жыгач баганалар, жука дубалдар менен кайкая бүткөн карапа чатырлар, андан ары ошол үлгүдө аздап-аздап кичирейе кабатташкан чатырлар төл салттын үлгүсү. Ушунун баарын элестете отуруп, милдеттүү түрдө тегерегин таш менен жээктелген, эңгилчек баскан, даректары ийилген бакчаны көз алдыңызга келтиресиз. Мындай орундар, бир караганда ээсиз жаткандай болуп көрүнгөнү менен, таасын ойлоштурулуп жасалат.

Эгер Индия архитектурасы аска менен үңкүрдөн жаралып, ал касиетин далай кылымдар бою сактап келсе, Жапония архитектурасы — элдик архитектура, токойго, токойлуу талаа менен дениз шамалынын өтмөсүнө салынат.

Көп кечикпей, императордун буйругу менен Буддага коргон боло турган ибадаткананын курулушу башталып кетет.

Коло кудайдын үйү атанган Тодайдзи курулушу Наранын үстүндө дагы алты жыл бою жүргүзүлөт. Акыры, ибадаткана аяктайт. Анын бийиктиги кырк сегиз, узуну менен эни элүү метр. Эгер азыркы өлчөм менен эсептей турган болсок ибадаткананын бийиктиги он алты кабат үйгө тең. Анын аянты эки жарым миң чарчы метр. Ал эми, курулуш ишине бир тоголок таш колдонулган эмес.

Императордун оюу боюнча, ибадаткана менен айкел жаңы диндин кудурет күчүнө айгак болуп, Нарадагы падышалыгына түбөлүктүү даңк алып келүүгө тийиш эле...

Бирок, андай эчтеме болгон жок. Бийлик катарынын өмүрү узакка созулбайт. Ибадаткана менен айкел да көпкө чыдабайт. Асыресе, ибадатканаңы таң калаарлык жана кайгылуу тагдыр күтүп турган. Ал эки жолу өрттөлүп, экөөндө тең күл арасынан кайра бой көтөрөт.

Жапон феодалдары VIII кылымдын аягынан баштап күчтөнө түшөт. Алар акырындык менен императордун бийлигин чектеп, акырында, жок кылып тыңган. Бийлик катарынын акыркы императорлору Фудзивар уруусунан чыккан феодалдардын урматтуу туткуну болгон. Ал эми борбор Нара калаасынан Киотага (ал кезде Хэйан-ке деп аталган) көчүрүлөт. Мында:ı кийин да ибадатканалар салынып айкелдер куюлган.

...Тодайдзи ибадатканасы эски калаанын ортосунан ары карапайым, ары асем калыбында бой көтөрүп турат. Ал күндүз да, кечкисин да, таң алдында да эң сонун. Анткен менен, Наранын эң бир кулпура турган кези 15 январда, Вакакуса тоосун өрттөө фестивалы өтө турган чак.

Бул тоо, тагыраак айтсак, бийиктиги жарым чакырымдай болгон дөбө калаанын ортосунан өркөчтөнө көтөрүлгөн. Анда бак-дарак жок, тек гана кыркаларында чөп уюлгуп, калың өсөт. Мына, ушул өсүмдүктү жүздөгөн жылдан бери карай январь айында абыздар келип өрттөп турат. Тоо кыркалары кызыл жалын отко оронгондо ибадаткананын сөлөкөтү карая көрүнүп, көк бетинде от ойноткон ракеталар менен бирге ажайып болуп көрүнөт.

5-бөлүк

Түштүк Чыгыш Азия жана Ыраакы Чыгыш

Паган. Беш миң ибадаткана 265
Шведагон. Алтынга баткан пагода 274
Мингун пагодасы. Олуялык 283
Мандалай сарайы. Королдун соңку өрнөгү 289
Ангкор. Бул өрөөндө алптар жашаган 300
Боробудур. Кудайдын көзү үчүн 311
Дуньхуан. Миң будданын үңкүрү 317
Қытай сепили. Эң аблан керемет 326
Тодайдзи. Жыгач, коло жана таш 333

Научно-популярное издание

Можейко
Игорь Всеволодович

7 и 37 ЧУДЕС

Переводчик Турсуналиев Зарылбек
Фрунзе, издательство «Кыргызстан»

На киргизском языке

Жалпыга түшүнүктүү илимий басылма

Можейко
Игорь Всеволодович

ААЛАМДЫН 7 ЖАНА 37 КЕРЕМЕТИ

Которгон Турсуналиев Зарылбек

Редактору А. *Жунушов*
Көркөм редактору Ч. *Абдраимов*
Техн. редактору Ж. *Искакова*
Корректору М. *Кожалиева*

ИБ № 4943

Терүүгө 30. 06. 90. Басууга 30. 10. 90 кол коюлду. Басмаканалык № 2 кагаз. Адабий арипи, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 84×108$^{1}/_{32}$. 10,5 басма табак, 17,64 шарттуу басма табак, 18,115 учеттук басма табак. Тиражы 10 000. Заказ № 151. Баасы 70 т.

Элдердин Достугу ордендүү «Кыргызстан» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

МАЗМУНУ

Кириш сөз 3

1-бөлүк

Алгачкы жети керемет

Биринчи керемет. Египет пирамидалары 12
Экинчи керемет. Вавилондун асма багы 16
Үчүнчү керемет. Эфес артемидасынын ибадатканасы . . 20
Төртүнчү керемет. Галикарнас мавзолейи 27
Бешинчи керемет. Родос алпы 32
Алтынчы керемет. Александрия маягы 34
Жетинчи керемет. Олимпиядагы Зевстин айкели 37

2-бөлүк

Жакынкы Чыгыш жана Орто Азия

Вавилон зиккураты. Мунара болгонбу? 42
Бехистун жазуусу. Эртенкисин ойлогон падыша 50
Персеполь. Колонналар токою 58
Баальбек. Фантастикалык тактала 64
Пальмира. Алдастаган аймак 74
Нимруд-даг. Төрт кудай жана Антиох 83
Петра. Моисейдин кызгылт шаары 94
Хадрамаут. Көк мелжиген шаарлар 102
Гореме өрөөнү. Каподокия үңкүрлөрү 110
Шахи-Зинда. «Акыйкатта, биздин жайыбыз ишибизден таанылат» 116
Улукбек обсерваториясы. Жан алгычтар менен жаратуучулар 122
Хива. Музейдин көчөлөрү менен миналары 134

3-бөлүк

Африка.

Тасили фрескалары. Күнөкөрдүн аты — Сахара 144
Карнак. Мин жылдык мурас 152
Абу-Симбел. Кайра жаралган ажайып 161
Тимгад. Римдин үлгүлүү калаасы 170
Мероэ. Эритүү мештеринин күлү 176
Аксум. Жан уялары 182
Лалибела жана Кайласанатх. Окшошпогон эгиздер . . . 189
Зимбобве. Сулайман падышанын кенчи 198
Ифе менен Бенин. Коло менен чопо 206

4-бөлүк

Индия менен Шри Ланка

Чандрагуптер колонналары. Дагы эле жат келгиндерби? . 216
Канарактагы ибадаткана. Кара зыяраткана 222
Фатехпурсикри. Козголончунун калаасы 233
Таж-Махал. Ак дидарлуу керемет 241
Анурадхапура. Шрипада тоосундагы таң шооласы . . . 249
Сигирия. Жыйырма бир сулуу 258